

# ҮНҮ КАТКАН УЛАР

РИЗВАН ИСМАИЛОВА

С кырг
И87

Ризван ИСМАИЛОВА

# ҮНҮ КАТКАН УЛАР

***Көркөм-даректүү баян***

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 484635

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

«Турар»
Бишкек 2021

УДК 821.51-3
ББК 84 (5 Кир) - 44
И 87

**Исмаилова Ризван.**
И 87 **Үнү каткан Улар:** *Көркөм-даректүү баян.*
– Б.: Турар, 2021. – 488 б.

ISBN 978-9967-35-067-0

Китеп улуттук поэзиянын өнүгүшүнө эбегейсиз салым кошкон отчул акын **Жолон Мамытов**дун өмүр-тагдырына арналат. Чейрек кылымга жетпеген жашоосунун ачуу-таттуусу, нукура, таза ырлар жаратуунун түйшүгү, акын деген туптуу атка, түпкүлүктүү атакка жетүүнүн азабы менен жыргалы жөнүндө сөз болот. Өмүр көчүндөгү айрым бир насиптеш, сапарлаш, тагдырлаш, замандаш, кесиптеш болгондордун бейнеси, эң башкысы Мамытовдун поэзия мектебинен тизгин тартышкан устаттыктын орду менен окуучулук-шакирттик вазыйпанын башкы талабы талданат.

УДК 821.51-3
ББК 84 (5 Кир) - 44

ISBN 978-9967-35-067-0
© Исмаилова Р., 2021

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ

## Алмакан сулуу

Байыркы Ош шаарынын түштүгүндө Ак-Буура дарыясынын боюнан орун алган айылдын эмне үчүн Төлөйкөн деп аталып калганын азыркы муун жакшы биле бербейт. Көзү өтүп кеткен аксакалдардын, санжырачылардын айтымына караганда, илгери-илгери бир чоң казатта жеңилген тарап ачууга алдырып, салтта жок жосунду жасап ханды өлтүрүп коюшат. Салт боюнча хандын көзүн тазалаган оор күнөө. Ат көтөргүс күнөө кылгандар айыбынын кунун төлөп беришет. Кун төлөгөн элди башкарган Төлөйкөн деген кишинин ысымы менен туулган айылы аталып калган деген кеп бар.

Төлөйкөн жердин аты гана эмес, чоң уруунун да аты. Муңгуш уруусунан Төлөйкөн, Жоош, Жылкелди, Тээке, Жапалак, Кодогочун, Маңгыт, Эркекашка, Соколок, Сарылар, Көкжатык, Сарай таркаган. Түпкү теги кыргыздын оң уруусунун балдары Наалы, Тагай, Адигине, Муңгуш төрт бир туугандын бири Муңгуштан таркагандар.

Эли дыйканчылыкка маш, жери сууга бай Төлөйкөндө жарык дүйнөгө келген, ыр менен кошо жаралгандай ырдын күчү, ырдын руху, ырдын кудурети менен адамдын жан дүйнөсүн агартып өткөн, ырдан дүйнө куруп кеткен улуттук поэзиянын кайталангыс алпы Жолон Мамытовдун ата-теги жөнүндө азыноолак айтып кетсек ашыктык кылбас.

Илгертен эле элибизде жети атасын билүү бала үчүн парыз. Төлөйкөндөн Алеке, Алекеден Майна, Майнадан Райымкул, Райымкулдан Каримкул, Каримкулдан Жолболду, Жолболдудан Жанбото, Мамат; Жанботодон Айтназар, Айтназардан Мамыт, Мамыттан үч уул: Кудайберди, Райымберди, Жолон.

Апасы Алмакан тектүү жердин кызы эле. Атасы Мати бардар жашаган оокатына тың киши. Төлөйкөн Ош шаарына ирегелеш болгондуктан, соодагерчиликти кесип тутуп, бери жагы Анжыян, Кокон, Самаркан; нары жагы Кашкар, Турпан; андан ары Индостан, Багдадга чейин каттап турган соодагер болчу. Буту-колу кыска, кодоо бойлуу болгону менен кыймылы чапсаң, эки жакка чыгып эл көрүп, жер көрүп бышкан киши, Фергана өрөөнүндөгү аты чыккан соодагер, кербенчилер менен мамилеси мыкты кадырлуу киши болгон. Алыш-беришке так, кайсы учурда болбосун ажат ачканга маш, сөзгө уста, колу ачык кишинин кадыры менменсингендердин анча-мынчасынан өйдө турганы анык. Кашкарга каттап, аялдардын шуру-тагынчактарын: алтын, күмүш, бермет, акак сындуу кымбат баалуу таштарды; үлпүлдөгөн жибек-шайы, хан атлес, түр-түр маталарды алып келип, Фергана – Оштун базарын кызыткандардын бири болгон, мата тандоо жагынан көздүү атыккан. Аптанын эки-үч күнү үйүндө боло калса тынып отурбай, эшик-элигине эгин-тегин эккен. Маалында чөлдүк кыргыздар деле көк-сөк менен иши жок, жайында жер которуп жайлоолоп, кар түшкөндө өөнгө карай жылып келишчү.

Мати аксакалдын дагы бир кумары бар. Жума, ишемби, жекшемби күндөрү таң атып-атпай мал базардагы соодага аралашып, сатарман менен алармандын илебизине күбө туруп кол алыштыра, алакан силкилдете далдалчылык кылган. Базарга барып малын пулдагысы келгендердин көпчүлүгү Матини бир-эки күн мурда алдырып, төрт туягынын баасын бычтырып

базарга алып барышат. Бирөөгө жаман сөзү жок, кайыр-мазирден[1] качпаган Матинин мартабасын ашырган кемпири Нарбүнүн колу гүл, элде жок чебер болгон. Сонодой созулган жубайы акырын басып, асте сүйлөгөн, эркекке тике карабаган, адеби башкача жан эле. Ой-боюнан, акыл-ажарынан пири жанып турган ургаачыга суктанган дымактуу эркектердин: «Кысталак, катындан жолу болгон экен!..» – деп, ичинен тымызын өрттөнгөнү көп болуптур...Нарбү тал көчөттөй бой керип күзгүгө каранып калган маалында «күйөөгө бериңиз» деп жуучулар келгенде Матини: «Бою пас экен» – деп чанат. Тил билги энеси кызынын жоон санынан чымчып туруп: «Кеп бойдо эмес, теректей бой берип темселеп жүргүчө, теменедей акылы менен сени кор кылбайт!..» – дейт. Ошол-ошол болду. Акылдуу жан кийин-соңгу күйөөсүнүн бою жөнүндө ооз ачпаптыр.

Алар эки уул, эки кыздуу болушат: Үсөн менен Дубана, тун кызы Токто, кенжеси Алмакан. Кыздарын үйдөн карыш жылдырбай, керели-кечке кеште сайдырып, өз өнөрүнө үйрөткөн Нарбү алар бой тартканда төркүнүнөн алыс кетиргиси келбейт. Алмакан он бешке чыкканда нооча бой, бетинин агы-агына, кызылы-кызылына чыгып, олоң чачтуу, кынтыксыз сулуу болуп жетилет. Алыс-жакындан жуучу түшкөн Алмакандын кардары көбөйүп, көз артып шыпшынгандардан, сөз айттыргандардан жаш кыз кысынып, көчө-көйгө чыга албай калат. Узун, шыңга, басталүү[2] боюна чүпүрөктүн түрү кылданбай-ылганбай жарашып, аз- маз тармалданган катуу, коюу, жоон чачынан көйнөгүнүн желкеси бат сүзүлөт. Сүткө чайыгандай аппак жүзүнө бакырайган жоодур кареги жарашып, кирпиги матташкан оттуу көзүн тик багып карагандар аз. Куюлушкан кырдач мурдунун жанында билинер-билинбес меңи ай жүздүү чырайын ого бетер ачат. Балакат кезинен апасы кула-

[1] *Кайыр-мазир* – кайыр садага.

[2] *Басталүү* – олбурлуу, кең далылуу.

гына куя берген «Кызга кырк жерден тыюусунан» токтоо өскөн, сулуулардын салты боюнча салабат, кербез күткөн Алмаканга анча-мынча адамдын даай албаганы бир калыптагы сырдуу мүнөзү, токтоолугунан эле.

Апасы Нарбү кызынын көңүлүн сурап-нетпей, өздөрү турган коргондон эки-үч үй нары жашаган бир тууган тагасы Даниярдын уулуна Алмакан он алты жашка чыга элегинде күйөөгө берет. Көз жашын мөндүрдөй төгүп, көшөгөнүн артында илгеркилердин салтын бузбай, сулуу кыз отуруп калат. «Таш түшкөн жеринде оор» болуп каларына ыкыбалы келишпей калганыбы, же тагдырынын жазмышыбы, жыл айланбай бала кезинде өпкөдөн кагынып калган күйөөсүнүн көзү өтүп кетет. Алмакан не кыз кылыгынын, не келин кезегинин кызыгын көрбөй атасынын төрүндө отуруп калат.

Көп узабай атасы Мати да сопсоо жүрүп бутунан тайдыбы, же билинбеген дарты[1] чалдыбы, күндөрдүн бир күнүндө кара таандар каркылдаган кечки маалда даарат алганы баратып, чалынып түшөт. Ошол жылы кыш эрте түшүп, кара суук калчылдатып, эртели-кеч чыкыроон аяздын каары катуу келгендей. Арыктарда муз каймактап, суунун үнү угулбайт. Ошентип, чилдеге жакын Мати ноокастап калды. «Сол жагым тырышып жатат» – деп, амиркен[2] маасысына коңултак бутун илип алып эшикке чыгып, кайра кирип тынчы жок чал төшөк жазданбай ойдолоктойт.

– Алмакандын атасы, бир нерсе жесеңиз, кубат болот?.. – деп, чебелектеген Нарбү ысык оокатын чалынын алдына жайнатты. Жумшак, жугумдуу деп сары майга унду куурул, атала бышырып берди. Тамакка табити пастаганын көрүп, чалы жакшы көргөн жештүү, ичегидей былпылдаган пөшкөл[3] жасады. Эки жакка каттап, суукка урунуп калганбы, тердеп отурса тырыш-

[1] *Дарты* – оорусу.
[2] *Амиркен* – маасы, жумшак териден бут кийим.
[3] *Пөшкөл* – челпек, камыры жука, каймак сүйкөп бышырылган болкулдак кушкер азык.

каны жазылаар деген ойдо тамынын так ортосуна тереңде жер каздырып, үстүнө аш тактанын калыңдыгына барабар кара жыгачтын дүмүрүнөн кестирип жаап, сандал жасаткан. Үйдөгү очокко ит мурун, долононун жоон бутагын, дүмүрүн салдырып, көбүнчө өрүк отун жактырат. Өл[1] өрүк отун кызыганда чатырап-дуулдап күйөт, чогуу таптуу, көпкө чейин ысыкты кармайт. Кыздары сандалга бутун салып алып саймасы менен күн кечкиртсе, Нарбү келди-кеттиге деп, маканын унунан загыра нан жасайт. Алаканга толчудай зубаланы[2] чегип, томпойгон-томпойгон камырды ныгырып, четин борсойтуп калың, ортосун жукартып, кызыган казанга толтуруп бир-бирден жабыштырып, нан тоборсугандан кийин очоктогу чокту чогултуп үйүп, казанды көмкөрүп коёт. Алеки-саатта мурду-башы борпоё кызарган нандар даяр болот. Мындай нан сыркоо күйөөсүн сурап кирген коңшу-колоңго, келди-кеттиге дасторконго коюлат. Көбүнчө каткан-кутканы мал-кел тейлеп, эшиктин ишин кылган мандикери Акмат жетимден ашпайт. Колу чарт-чарт жарылып, кыйма-чийме кесилген, кийиминин тамтыгы калбай тытылган, териси өмүрү суу көрбөгөндөн кат-кат кир-чаңдан жыгачтай катып, тарамыштай түйүлгөн баланын тамактанганы өзүнчө.

Өздөрүнчө отурганда элдин көзүнөн бекитип, эшик-эликти саксактап, эл-журттагы ачарчылыктан сестенгендей, үн-сөзсүз отуруп, тегирменге тартылган буудайдын унунан чекит басып бышырган, бетине сейдана себилген кыпкызыл тандыр нандарды жешет.

Мати бирдемени сезгенби, кыздарын сырттагы далиске чыгарып жиберип, уулу Дубананы чакыртты. Дартын деле унутуп калгандай чөк түшө отура калып, көздөрү жайнап, белиндеги эки-үч курду шашпай чечти. Кат-каттап шайыдан тигилген саймалуу чаарчыларды[3]

---

[1] *Өл* – суулуу, нымдуу версе.
[2] *Зубала* – камырдын бир үзүмү.
[3] *Чаарчы* – кездемеден жасалган бел кур.

кошоктоп байлаганына караганда эмне бардыгын боолгоп болбойт.

– Белимдеги кызылды мен айткандай кылып бекем кат! Заман оңбой калды бейм? Орус деген байлардын мал-мүлкүн тартып алып, өзүн кулакка тартат деген гап[1] жүрөт шаарда. Өзүм уктум. Кийин-соң эл тынчыса бала-чакага кереги тиер, – деди. Эки кочуштай жаркырак сары теңгелерди уучтап, ары-бери салаалап, өзүнө өзү корстон боло бир демге баарын унутуп, карыя магдырай түштү.Таң калып карап турган эне-баланын көздөрү чанагынан чачырай түштү. Чал мурдатан чогултуп жүргөн теңгелерди сылап-сыйпап, күбүрөп бирден санап, көзү кыялбай жатып тулупту алдырып акырын салды. Моокуму кандыбы, бир топтон кийин кемпири менен баласынын кулагынын түбүнө шыбырай сүйлөп, кантип бекитүүнүн жол-жобосун түшүндүрдү: «Эч ким билбесин, эч ким көрбөсүн, кыздарга да ооз ачпагыла! Түндү шерик кылып ал!..» – деген сөзүн кайра-кайра кайталады. Мындайды күтпөгөн Дубана апкаарып, өзүнөн өзү калтырак басты. Бу кызылдар өзүмөбү?.. Чын элеби?! Алдастаган эме нымшып тердеп, кайра калчылдап үшүп да кетти. Бир башына ушунча дүнүйө асмандан жаагандай, күтүүсүз келген бактысына ишене албай турду. Жүрөгү кубанычтан жарылып кетчүдөй лакылдап, дүйнөнү мүрүсү менен тиреп тургандай чатырады.

...Оо, түндүн бир оокумунда, эл кызуу уйкуга киргенде тоңгон жерди казам деп, алка-шалка тердеп, бир-эки күрөк топурак чыгарып, кимдендир кызгангандай «көрүп калбадыбы» деген шексинүүдөн утуру эки жагын элеңдей каранып,таң супа салгыча бакандан белги коюп, сөкүн (оро) казуу менен алек болду. Эртеси так ошол маалда айыл тынчып, «шырп» эткен дабыш даана угулган өлүк түндө тулупту катып келди.

Коңшулар бири-биринен бир-эки чакырым алыс. Кыш кыроодо ал-жай сурап, каттаган кишинин караа-

[1] *Гап* – кеп, сөз.

ны аз. Атасы менен отурганда кыздар «чук» этпейт, сайма сайып, ар кимиси ой-санаасы менен алек.

Чал кечээгидей эмес. Таң аткыча онтоп чабалактап, ары-бери оодарыла кара жанын уучтап чыкты. Ар кимди айтып жөөлүп, кайра тынчып таң атаарга жакын тил-оодон калды. Чалына чилээсин[1] окутайын деген ойдо Наргүл айылдын наркы башындагы молдого чоң баласын жөнөттү. Бир ныптасы кыймылдабай калганын сезип, Матинин жүрөгү «шуу» дей түштү. Кайраттуу неме өзүн колго алып, алдастап коркконун балдарына билдирбегенге аракет кылды. Колу-бутун укалап, боюн түздөп, чалкасынан жаткырганда алсыз дем алганы араң сезилди. А-а, өмүр деген кечээги көргөн кайраттан, кечээгидей кубаттан ныпым жок...Кемпири ылымык аталаны оозуна тутту эле, бир ууртам оокаттын өткөн-өтпөгөнү билинбеди. Бир маалда чал чукур дем чыгаргандай алдыга умтулду да, көтөргөн башы шалак эте колу-бутун созгон бойдон жан берди.

– Ий, катыгүн, алдырып жибердикпи!.. – деп бакырган Нарбү чалынын башын кармаган тейде өпкө-өпкөсүнө батпай солкулдады.

–Атама имне болду, апа?! – Уулу тил-оодон калган, сулк жаткан атасын кучактай жыгылды.

– Ээсине бердик, балам... О-о, Аллахым, кайсы күнгө калтырдың мени?!

Кайра боюн токтотуп, акылын пештеген Нарбү балдарына «үн чыгарбагыла» деп ишарат кылды. Кыймылы ого бетер тездей түшкөнсүдү. Үйүндөгүлөрдү чыгарып жиберип, бөздү жылуу сууга малып, чалынын колтук-кончосун, бутунун манжасын аарчып, алаасын жууп, үстүндөгүсүн чечип алып, сурптан тигилген дамбалын, жегдесин[2] жаңыраагына алмаштырды. Утуру-утуру келме келтирип, каш-кирпигин сылап, сөөктүн буту-колун түздөп, ээгин бекем таңды.

[1] *Чилээсин* – молдолор окуйт.

[2] *Жегде* – эркектин жакасыз, көкүрөгү ачык көйнөгү.

Мындайда адам өзүн жоготуп койчу эле, Нарбүдө кайрат кайдан пайда болду? Акыретке моюн сунган жакын кишисинин акыркы даярдыгын өзү жасап, эркек балдарын да аралаштырбай, сөөктүн тазалыгы үчүн өзү гана жооптуу экенин сезди. Кенедей кезинде баш кошкон өмүрлүк шеригинен айрылуунун ачуу чындыгы көкүрөгүн тепчип, тулку-турпатын, боюбашын сайгылап, буулуккан муңдан чыдамы кетип үнүнүн барынча чаңырып-чаңырып ыйлады. Молдо кеч калганын жүрөгү сезгендей, эшегин тездетмекке камчысын басып-басып ызы-чуу түшкөн үйдү көздөй келатты...

Төлөйкөн түп көтөрүлө келип, айылга жакын шаардык өзбек ашыналары, алыс-жакын авлати[1] менен тажыясын каада-салтында өткөрдү. Матинин үйүнүн алдына алты канат боз үй тигилди. Сөөктүн мартабасын ашырмакка, Мати байдын кандай адам болгонун жар салдырыш үчүн оозунда сөзү барлары кошуп ырдасын дешти уруу аксакалдары. Салт боюнча жек-жаатына караштуу бүт кыз-кыркынын, келин-кесегин чогултуп, аялдар кыбыланы тиктеп ыйлап отурушкан эле.

Алмакандын көкүрөгүнө тынчтык бербеген ой бирде канат байлап, бирде сыныккансып, эзгилеп жиберди. Бир туруп айтсамбы-айтпасамбы деп ыргылжың болсо, бир туруп: «Атама кошпогондо кимге кошом?! Атам кандай адам эле?...» деген ойдон, атасынын дарегине айтылган мактоолордон эрдемсинип кетет. Көөдөнү көлкүп, оозуна сала берген ырды авазына[2] окшоштура албай, муңкантып муңайткан кайгылуу каадасына келтире албай жатты. Кошоктун кошоктой болушу үчүн кайгынын ачуу даамынан да, акыйкат өлүм ак экени, кимди болсо да баш ийдирери жанына батты. Ошол нерсе ээ-жаа бербей алдыга жүткүнтүп, ыр сымал саптары ачыкка атырылып, ызы-чуунун ба-

[1] *Авлати* – тууган-уругу.

[2] *Аваз* – уккулуктуу үн, сукташуу.

саңдашын күтүп, өз пайитин[1] табалбай жатты. Нарбү ыйдан жашы кургагандай, жеңеси үйрөткөн кошокту түзүк эле созолонтуп баратып, эки-үч сабын кайра-кайра кайрып, калганын эстей албай дудаланып калат. Сөзгө чоркоктугун, эс тутумунун чабалдыгын сезип, өзүнөн өзү уялып, кысынып кымтынганын башкалар да туюшту. Чала кошокчу атыккан жеңеси ошол ыңгайсыздыкты, демдене албай жаткан аза ыйын билдирбеске эл угуп бүткөн, эл ичинде айтылуу саптарды жаадырганы менен ага алымсынгандар байкалбайт.

Боз үйдүн ичине аял аттуулар батпай, жашыраактары босогодо туруп, «кимиси кандай кошот» деген ойдо угуп эле эмес, «кимисинин дареметти кандай» дегендей, Нарбүнү кыздары менен сындан өткөрүп жатышты. Жардап тургандардын ичинен жашы улгайган жоон-жолпу кемпир кошокко ичи чыкпагандай түз эле айтты:

– Ээ, ботом, эки кызынан үн чыкпайт да?! Тилдерин жутуп алганбы?!

– Улуп-уңшубай, атаңарды кошуп ыйлагыла! – деди экинчи үн.

Ошону эле күтүп тургансып, Матинин жакын эжелеринин бири, көрүнгөнгө киришип «кара жаак» атыккан Моймол кемпир кыбыланы карап, үңүлдөп ыйлап отурган эки кызга буйруй сүйлөдү:

– И-ии, атаңардын бай болгону жалганбы?! Бай атам деп кош! Жетим-жесирге каралашкан жакшылыгын кош! Эл бөз кийсе, силерди кытайдын шайысы менен түрлөнтүп, Никалайдин тикме машинесин безентип, чебер атыктырганын кош! Үңүлдөп ыйлаганды мен маңгал[2] деле билем! – деп зекигенде, бирде экиде өлүм - житимге аралашып кошок айтпаган Алмакандын жүрөгү туйлап, жарылып кеткенсиди.

Кайгыга кайышкан көкүрөгүндөгү ыр сымал саптар арсарланып, сыртка атып чыга албай жаткан. Бир

[1] *Пайитин* – учурун.

[2] *Маңгал* – кежир, башы айланган (катуу).

маалда аа деп ооз ачканда биринчи мертебе сөз тизмеги өзүнөн өзү оролуп, өзүнөн өзү куюлуп келди. Адегенде үнү калтырап пас чыкты, бара-бара чыйралып, кубаттангансып оболоп кетти.

Бектер бир келет бел ашып,
Бедерлүү тону жарашып.
Бек уулундай бай атам,
Кайдадыр кетти адашып.
Оо-уу-о-уу-ех...

Кандар бир келет кыр ашып,
Калтарлуу тону жарашып.
Кан уулундай бай атам,
Кайдадыр кетти адашып.
Оо-уу-о-уу-ех...

Заңкылдаган үнү ачык, бийик чыгып, эки-үч аттамдан ары угулбаган апасынын кошогун басып, бүт коргондун ичин муңкантып ээлеп алды. Тургани турган ордунда муюп укту. Пөстөктүн[1] тешигиндей жыртык көзүн чылпак басып, бели бүкүрөйүп, колундагы таягын күндөп-түндөп медер туткан карылардын зээни ушунчалык кейидиби, араңдан-зорго сыгып алгансыган чолок көз жаш айласыздан ыргып жаткансыды... Карысын деле, жашын деле бүт ыйлатты Алмакандын кошогу... Оо, жарыктык пендең деген минтип күнү бүтүп, суусу түгөнгөндө бир күн баарын жыйыштырып, кой-турга келбей оо дүйнө аттанып кете берери насиби экен да деген ойго муюп, нары жакка барсакелбес түбөлүктүү сапарга кете турган сөөккө боор ооруп, «бир күнү мен да ушунун ордуна болом» деген калетсиз ойдон жашып турушту...

Ашыктуу жилик мүлжүттүң,
Аргымак аттай жүгүрттүң.
Айлансам атам күйөрүм,

[1] *Пөстөк* – жүндүү териден жасалган талпак.

Күйбөй бир кантип жүрөйүн.
Оо-уу-о-уу-ех...

Томуктуу жилик мүлжүттүң,
Тобурчак аттай жүгүрттүң.
Кагылсам атам күйөрүм,
Күйбөй бир кантип жүрөйүн.
Оо-уу-о-уу-ех...

Алтындан камар[1] бел көркүң,
Айлансам атам эл көркүм,
Күмүштөн камар бел көркүң,
Күйөрүм атам эл көркүм.
Оо-уу-о, уу-ех...

Так ошол маалда коргондун жыгачтан жасалган дарбазасынан беш-алты атчан жакындап келатты. Тулкусу чымкый кара, эки таноосунун ортосунда үч-төрт манжачалык кашкасы бар карагерди булкунтуп, эң алдыда келаткан кишинин ким экенин тааный коюп, тажыя башкаргандардын бирөөсү чебелектей түштү.

– Абдырайым бек келатат! Атын алгыла!

Сөөктү майрам сууга алып бүтүшкөн эле. Жаназасын түшүргөнгө каз-катар эркектер тизилип, котологон көпчүлүктүн алды-арты билинбейт. Баары тымтырс боло, шашкан көздөр көчө тарапты жалт карады. Эки жигит топтон суурулуп атчандарды көздөй басты. Элдин аягынан дагы бирөө аларга кошулду.

Суусар тебетейди баса кийген, түлкү ичигин топчуланбай эки өңүрүн бош коё берген, кең көкүрөгүн дагдайтып жерди ныгыра баскан даражалуу киши колундагы камчысын бооруна алып, ар жактан эле өкүрүп кирди.

– Бооруман айрылдым! Боорум-ой... боорум о-ой!...

Аны коштоп, артындагылар үн чыгарышканда, боз үйдүн керегесине туштай эки тарапта кыркалекей ти-

[1] *Камар* – кемер, кур.

зилип турушкан Мати чалдын авлатиндагилер белгисиз күчтөн жандана түшкөндөй, мартабалуу коноктор-го ызаат көрсөткөндөй катуу өкүрүштү.

Алайдын Абдырайым беги Матиге кайдан жүрүп боор боло калды а? Кексе кишилердин башы ушуга маң... А-а!.. шыпылдаган соодагер Кашкардан кызыл дүр-дүйнө тартып жүргөндө, Оштун тегерегиндеги аты чыккан бай-бийлер менен ымалашып, жакшы-жамандыгына катышы барлыгын, бу кадыр-көңүл эзелкиден «бардыкы барман менен, жоктуку арман менен» экенин билишпейби эмне?..

Салт-санаанын каадасы менен көңүл айтылгандан кийин, боз үй ичиндеги мукамдуу авазы көңүлдү дирт эттирген келиндин үнү бура бастырбай, бек ошердеги саман-пакалдын үстүнө салынган шалчага малдаш уруп отура калды. Жанындагылар да ооз ачпай бекти туурап, ал кандай отурса дал ошондой чөк түшүштү.

Нарбүнүн жеңеси ызааттуу кишинин отурганын көрө коюп, жанындагыларды тынчтантмакка шыбырай, Алмаканды «үнүңдү катуураак чыгар» дегендей нукуду. Эми Алмакандын үнү кысылбай эркинирээк, арымдуураак чыкты. Башында айткан кошогун кайталап, муундарын куюлуштура дааналап, ар бир сабына басым жасап, кыябын келиштирип созолонтту. Атасынын чоң соодагер болгонун, булгаары өтүк кийип жаш мырзалардай жүргөнүн, кытайдын жибеги менен кыз-кыркынын түрлөнткөнүн бир айтып, мусапыр менен карыпка кайрымдуу болгонун эки айтып, ошондой кишинин мүңкүп-мүдүрүлбөй кандайча жан таслим болгонун мындайча ырга кошту.

Кадамалуу[1] камчыңды,
Кара ат басып сындырды.
Кайрыларым атамды,
Кара жер алып тындырды.
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!..

[1] *Кадамалуу* – боору мыс же күмүш менен кооздолгон камчы.

Долонодон камчыңды,
Тору ат басып сындырды.
Толгонорум атамды,
Кара жер алып тындырды.
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!..

Көкүрөктөн атылып чыккан муңду токтотуп калар ким бар? Алмаканга эч ким тыюу сала албады. Бирде жымжырттыктын теребелди муюткаңыбы, бирде багы келишпегени аз келгенсип, эми минтип кадырлуу атасынан айрылган сулуунун кошогун эл адеп угуп аткан эле. Ошондон кийин Алмакан кошокчу атыгып кетти.

– Мати бекер өлбөптүр! Салдай болуп, жер өбөктөп өкүргөн эки уулун айт! Алмакан сулуунун оозу толгон кошогун айт! Арман дүйнө ай...Баралына келгенде кызы жаагын жанган кошокчу болот,– деп кемпирлер бири-биринен өтүп шыпшынып, Алмакандын дагы бир өнөрүнө тан беришти.

Матинин көзү өткөндөн кийин Нарбү көбүрөөк тун кызыныкында башпаананалап, бала-бакырасына каралашып калды. Тун кызы Токтонун үйү деле алыс эмес, беш-алты чакырым үй нарыраакта. Алмакан агасы Дубананын колунда жүрүп калды. Эрмеги: айыл-ападагылардын кийим-кечесин тигип, түндүн бир оокумуна чейин Николайдын тикме машинесин тындырбай узанат. Жакын-алыстагы чебер деп уккандын баары кийимесин ага тиктиртип, жыртык-тешигин жаматтырып алат. Ал маалда жоктун жону катуу дегизген, курсак нанга тойбогон жокчулуктун айынан элдин алды дегендин анча-мынчасынын аш-тойго кие турган сый чапаны болбосо, өңчөй аялдар, кыз-келиндер пес сурптан[1], бөздөн көйнөк кийишкен.

Бир күнү ыраң-башы жакшына, баскан-турганы жеңил, чыканактай сулууча келин дарыянын наркы

[1] *Пес сурп* – чыбырала кездеме.

өйүздөгү Озгурдан түйүнчөгүн колтугуна кысып, шыпылдап кирип келди. Түйүндөгү кулпурган кундуздун териси менен эндей кара манат, ичилигине деген кара сатини дагы бар кымбат баалуу матаны көрүп, Алмакан чочуп кетет.

– Кимдики бу?

– Кыз, бу бир аттуу-баштуу бай акемдики,сиз аны таанибайсыз. Сиздин колуңуздан тебетей кийсем деген ниети бар. Мээнетиңизди мойнума алам, – деди жанагы келин эбиреп-жебиреп.

– Жашы нечеде? – Тиги келин так жашын билбесе деле болжолдоп айтты: – Алтымыш бешпи, алтымышпы...

Наати[1] биринчи жолу мындай кымбат баалуу буюмду жасарын ойлоп Алмакан бир эсе толкунданса, кайра «бузуп аламбы» деп чочулаган арасат оюн айттыра койбой, тиги келин баланча күнгө даяр болсун деп басып кетти. Алмакан үч күндүн ичинде кыруусун кундуздан кыюулап, төбөсүн төгөрөтө кырдап, үстү кара манаттан тебетей тигет. Көргөндүн баары таңданып-тамшанат. Тебетейдин даңазасы үйдөн-үйгө жетип, колунан көөрү төгүлгөн чебердин аты ооздон түшпөй калды.

Төлөйкөндүн өрүлгөн эки чачтай чубалжыган кошмок суусу бар. Бири айтылуу – Ак-Буура, экинчиси – Кайырма. Жаз алды кирген буурадай чамынып, айбат-сүрү жүрөктү «болк» эттирсе, суусу тартылганда тынчып, уялчаак кыздай ийменип, өзүнүн шары өзүнө жутулуп, коймаарек тартып турган Кайырма бирде толуп, бирде тартылып, таканчыгы бардай нугун жоготпойт. Майда куму, одур-будур шагылы, түр-түспөлү ар башка, поруму ар нерсени элестеткен сыйкырдуу, канча кылымдын тамырын тарткан табышмактуу таштары аны түбөлүк сактап келаткандай. Дарыянын баш-аягын кулач жеткис чоң-чоң сүрөт таштар табияттын ар кандай соккусунан коргоп тургандай. А-а, ке-

[1] *Наати* – дегеле, эзели (бир сөз менен айтканда, дегинкиси).

зегинде Кайырма кандай эле! «Кайырмадан,– дечү илгерки төлөйкөндүктөр, – атчан киши өтө алчу эмес! Дайранын мелмилдеген көк кашка суусу оолукканда аркы-терки чамынып, өйүз-бүйүздү жеп, кашатты бузуп, үйлөргө чейин кирип чаң салып, Ак-Буурага ата-андашкандай тизгин талашып калчу! Азыркылар муну кайдан билсин?..»

Жанаша аккан эки суунун өйүз-бүйүзүндөгү, коюн-колтугундагы жердин көркүн өрүктөр гүлдөгөндө көрүң! Төлөйкөндүн ичи өрүкзар, өрүктүн кыл-кылы, шабдалынын түрү, анан калса тарбайган-тартайган тыт көчөттөрү менен карагачтары... Эрте бышкан ак, кызыл, сары өрүктүн даамы ооздо калат, өзүнөн өзү сөөгү ажырап кете турган жарма өрүктүн ар кыл назик гүлдөрү биринен бири өтүп чакчайып бажыраят. Бири гүлүн төккөндө, экинчиси гүл ачып кулпурат. Жаз келгенде айылдын ажарын ачкан, көркүнө көрк кошуп кулпурган өрүкзарды алыстан карасаң ак шоокумга оронуп, арууланып калгандай сезилет. Так ошол маалда көк чыгып, жаздын дене-бойду жибиткен аптабынан жер тоборсуп, эгин-тегинге камынып калышат.

Алмакандын акеси Дубана кетмен менен короосунан кык чыгарып жатканда, азоо атын жулкунтуп бейтааныш бирөө кирип келди. Күржүйгөн сөөк-саактуу, бойлуу, тегерек бети куюлуп түшчүдөй саландаган эткээл немениин түтөгөн кашынын астында жымыйган көзүнөн заарбы, кекпи учкундап, текебердүү. Дубана анын кийген кийиминен Абдырайым корбашынын дал өзү экенин айттырбай тааныды. Анын үстүнө эл ичи тынч эмес. Ош тараптан жүрөк үшүн алган шүйкүм кабарлар тараган. Байлар менен колунда мал-мүлкү бар кыйындардын баары басмачы болуп кеткендей. Большевиктер жаңы заман орнотот имиш. Бай, кедей деп бөлүнбөйт экен, малдарын орто колхозго кошкон, жарды-жалчынын көз жашын аарчыган [illegible] болот дейт. Байлар ыктыяры менен байлыгын Совет өкмөтүнө тапшырба-

атындагы Ош облус. китепкана ИНВ № 484635

са, кулакка айдалат же түрмөгө камалат деген кептер айыл аралап жүргөнүнө кыйла болгон. Аттуу-баштуу бай-бийлердин бир тобу басмачылыкка өтүп, тоо-ташка бекинип, кол курап кызылдар менен кармашат. «Кимиси жеңээр экен?» – деп, сарсанаа болуп кимисине жан тартаарын билбей дендароо болгондору көп.

– Ассаломму алейкум!

– Алейки салам... – деп ийилип учурашып, Дубана бектин атын алганы шыпылдай басты.

Өрүктүн түбүндөгү чакан чарпаядагы калың салынган төшөктүн үстүнө отургузуп, аялынын атынан айтып, эки-үч ирет үн салды. Анысы үйүндө жокпу, дасторкон жайганга Алмаканды чакырды. Сөөрүнүн[1] үстүнө салынган шалчага төгүлгөн өрүктүн гүлдөрүн күрөктөй чоң колу менен малдаш урунган тизесин көздөй шилегилеп отурган корбашы кебин ток этер жеринен баштады.

– Бу атаң менен мунасабыз[2] жакшы болгон. Атаң ыраматылык тил билги киши эле! Атаңды тартсаң тилимди алаарсың деп айтканым бу, тууган-уругуңдан же каралашып жүргөн жетимдерден тирикараак, тыңырагынан беш-алтыны көндүрүп бересиң. Ат-күл азыгын өзүм берем. Ошону масилеттешейин деп келдим. Угушума караганда кары-жашка тилиң өтөт, паркың бар экен деги!.. – деп сүйлөп атып, үйдөн чыгып келаткан жапжаш жубанды көрүп тык токтоп калды. Үстүндө көйкөлгөн узун көйнөк, башына ак элечек оронуп, белине бел болуп куюлушкан чыптамачан, маңкайган сулуу Алмакан үйдөн чыга келип, «келиңиз» деп учурашкан тариздe ыйбаа кыла жүгүнүп, баш ийкеди. «Мурда эмне көрбөдүм?! Чүрөктөй сулууну менден озунуп алган ким болду экен?!» – деп, бир саамдан кийин ортодогу тынчтыкты бузуп, корбашы кайра үн катты.

– Бу кимдин жубаны?

---

[1] *Сөөрү* – чарпая.

[2] *Мунаса* – ынтымакка келүү, түшүнүү менен мамиле кылуу.

– Ии... Былтыр эринин көзү өтүп кетти. Бечара, жаш эле... баягычы... – деп сөздөн чалынган Дубананын ичи тарып атканын биле койгонсуп, оозунан кебин жулуп ала койду.

– Укканым бар. Түзүк, түзүк... – деп очоктун боюнда от жагып отурган келинди бек астейдил акмалап карады. Кара көөгө ышталган көрөнү отко коюп, Алмакан ичегисине шыбактын куурайын тутандырык кылып көңдөн калап, улуулата от жагып, заматта чай кайнатты. Меймандын алдына дасторкон жайып атып, капилеттен баягы өзү тиккен кундуз тебетейге көзү түштү да, жүрөгү алкымына тыгылып калгансыды. Ичи-койнун, бою-башын мупмуздак бирдеме жалмап өткөнсүп, денесин майда калтырак басты. Нарыдан бери чай кайнады, дасторконго ар кыл даамдардан коюп, жыла басып үйгө киргиче шашты. Корбашы жубандын нарыдан берки чапсаң кыймыл-аракетин көз жебесинен кыя өткөрбөй, өзүнчө шыпшынып, бекер келбегенине ичинен кудуңдап отурду.

Күтүүсүз кирип келген корбашыны көргөндө «шуу» этип, жүрөгү бирдемени сезгендей, дүкүлдөп сокконунан өзүн араң карманган Дубана анын атайын келген жайын алдыртан сезип-туюп, башы маң катып, дендароо тартып отура берди. Бир-эки пияла чай ичкиче баш-аягы жок, аркы-беркини сүйлөшүмүш этти да, жаш жигиттей атына «шып» ыргып минип, корбашы жолго чыкты.

Шайманы оогон немече жүк алдында бүк түшүп отурган Алмакандын кулагына баягыда келген шыпылдак келиндин сөзү кайра-кайра жаңырып туруп алды.

Мати мал базардан ээрчитип келген жетим бала эрезеге жетип калган. Ар кимге колун сунуп тилемчилик менен жан баккан, тил-оозу жок эрбейген кара бала эле. Соодагер чал боору ачып, мал-калды[1] караса деле бир курсагы тоёр, жакшы болсо өз баламдай болуп кетер деген ойдо алып келген.

---

[1] *Мал-кал* – мал-жан.

Акмат ушу үйгө келгени эч өзгөрбөдү. Аңкоо чалыш жүзүнөн, дендароодой мереэдигинен ичи-сыртын түшүнүп болбойт. Айтканды айткандай «лам» дебестен жасайт, сүйлөп, же балага окшоп шоктонуп, күлүп-жайнап кишинин мээримин тартпайт. Ошогобу, чал-кемпир, кыздары деле мандикердин бар- жогун таназар алышпайт. Жайында эски шалчаны жазданып сөөрүдө, кышкысын малга кошулуп, чаркардын[1] бурчунда самандын же чөп-чардын үстүнө жатып уктайт. «Кысталак, адам кебетеси эле болбосо, айдаган мал сыңары!..» – деп калчу чал тан бергенин жашырбай.

Нарбү бу бала келгенден бети-колун суута жуунта албай тили тешилди. Имерилип, боор бербеген баланын болгону ушул экен деп түңүлүп, аны өз оюна коюшкан. Бала чоңойгон сайын Оштун базары көзүнөн учуп туруп алды. Тилемчи кезиндеги элес-булас элестер кол булгалап азгырып, ээн- эркин жүргөнү көкүрөгүн эзип кусалантты, кандай болбосун качып кетүүнүн амалында жүрдү. Бирок колу-бутун тушагандай, бир нерсе кармап турду. Анан кайсы бир күнү үйдүн терезесин акмалап, жылт-жулт теңгелерди санап, маашырлана карап отурган чалды көрүп калды. Жүрөгү жагымдуу бирдемеден элеп-желеп боло туйлады. Өзүн коёрго жер таппай, ошол түнү кирпик каккан жок. Ары оодарылып, бери оодарылып, жанагы көзү көргөн теңгелер дитинен чыкпайт. Эси-дарты чалдын көз кызарткан кызылында! Аңдып жатып тулуптун ээси кызыл дүйнөсүн каерге бекитип, кайсы маалда алып санап, кайра ордуна койгонун даана билди.

Мати оо дүйнө узаардан бир-эки күн мурда Акмат үйдөгү «шырп» эткендин баарын туюп-билип жаткан. Түн ичинде Дубана бак арасындагы тоң тиштеген жерди кантип казганын, эки жагын элеңдей коркуп каранганын, каерге жашырганын мал чаркардын үкүнүн көзүндөй тешигинен аңдып турган эле. Түндөсү ба-

[1] *Чаркар* – мал камаган тосмо.

тыл казып алайын десе, Дубананын көзү чак, кулагы сак. Мурдагыдай тоого каттап, эки-үч күндөп жоголчу адаты жок. Күнүгө бир маал түндөсү сыртка чыгып, мал-калына көз салымыш этип, калп жөтөлүп, эки жагын саксактап көздөн өткөрөт.Таң атпай, даарат алганы абдестесин көтөрүп, кашаанын четирээгиндеги ажатканаы көздөй баратып, Дубана үн салды:

– Акмат, тур! Бүгүн экөөбүз бир жакка барабыз. Тезинен өзөк жалгап ал, жол алыс! – Мандикер үндөбөдү. Самандан башын көтөрүп, бир топтон бери түнү уктай албай кыйналганынан көңүлү кирдеп, уйку-соонун арасында кеңгиреп[1] турду.

– Каякка? – Мандикердин биринчи суроосу ушул болсо керек. Кагып койгондой буту шилтенбей, Дубанадан жооп күттү.

– Сени корбашыга жигит кылып берем! Абдырайымга жагып калыпсың! – деп тамашалады.

– Барбайм!

Колу-буту тарбайып, мойну жоонoюп, таноолору барбайып, бою узаргандан узарган, бала кезиндегидей эле жылдызы жок өспүрүм өктөм айтты. Дубананын желкеси тырышып, ачуусун жылоолой кесе айтты:

– Куп барасың! Эртең эле корбашы үйүмдү чаап, оокат-аштын таш-талканын чыгарып кетет. Жакшылыкча барып кызмат кылсаң, өзүм кабар алып турам!

Дубана ичинен коркту. Көз алдына атты чаап, качып бараткан Акматтын айбаттуу элеси келе калды. Анысын билдирбегенге тырышып, өзү таргыл бозго минип, бир аз аксаган кула бээнин кунанынын чылбырын колуна алды.

Арадан беш-алты күн өтпөй бейтааныш, чоочун киши келди. Корбашы Алмаканга жуучу жиберет. Дубананын кабагы чытылып, аялы экөө үйгө кирип-чыгып бирдемени ачык айталбай күдүңдөшүп, бири-бирине сөздөрү жакпай калды. Абдырайым корбашынын

[1] *Кеңгиреп* – башы айланып, оюу тумандап.

дардисар[1] көпөлөк көңүл зөөкүрлүгүн, көзүнө жакшы көрүнгөн сулуу кыз-келин көрсө этектеп, зордоп тартып алаарын уккан. Эми ага барса карындашынын эртеңки күнү не болот деп кабыргасы кайышып, катуу толгонду. «Атаңдын көрү, мурдунун жыты бардай шимшилеген ит! Буга Алмакандын кабарын ким жеткирди экен? Савит өкматинан коркуп, айылга келе албай, тоо-ташта жортуп жүрбөйт беле? Бу кандай ачыкка чыгып, тартынбай келип калды? Кабарын айтып, төртүнчүлөргө карматып берсемби?» – деп ойлонуп, бушайман болгон Дубана жуучуга астейдил түшүндүрүп:

– Корбашы убара болбосун бурадар, карындашымдын сөз алышып койгон кишиси бар. Энемдин акыбалы оорлоп, төшөк жазданып, илең-салаң болгонунан кызын азырынча чыгара албайт, – деди.

Жуучу тоого куру ооз кетти.

Абалап үргөн иттердин үнү ажылдаганы күчөп, айылдан обочороок үйлөргө жакындаганда үзүлүп-үзүлүп барып токтоду. Төрт караан эл каттаган жолдон эмес, айылдын бир тарабындагы дөңдөн ылдыйкы кашаттагы шилби, бадалдарды пааналап жүрүп отуруп Дубананыкына жетишти.

Түн жарымынан ооп, уюгандай сулк көөшүйт. Асман түнөрүңкү, жылт эткен жарыгы жок. Үй тараптан «шырп» эткен дабыш билинбейт. Келаткандардын бирөө караңгы түндүн койнунан суурулуп чыгып, коргондун этегиндеги дөңдүн ылдыйына үзүнүп келип, таанып-таанып-таанабастан үрүмүш болгон итке ышкырып чакырды. Көп жыл бою өзү менен малканада жатып, жытыгышып калган кара ит куйругун шыйпаңдатып, ээсине чуркап келди да, чөчөйө отурган немeнин колу-башын шимшилеп жалады. Көптөн бери жүрөгүн өйүткөн иштин оңунан чыкканына сүйүнгөн караан колундагы шапалактай сулп этти ыргытканда, ит ошону күтүп тургандай «шып» илип ала коюп, көздөн далдоо жерге жөнөдү.

[1] *Дардисар* – арасат кыялдуу, эки ортодо калуу.

Алдындагы караан артындагыларга «баскыла» дегендей ишара берди. Ордун так билгенинен буйдалбай, бак арасындагы бакандан белги коюлган жерди адашпай тапты. Тоодон чыкканда эле көкүрөгүн куушурулта бийлеген коркунуч балалыгы калган үйгө жеткенде жоголуп, ичтен кекенген, муштумдай түйүлгөн ызанын өчү бийлеп алды. Мати соодагер баласына бекиттирген кызылдын аалами[1], кызыл пулдун азгырыгы аны ушу үйдөн бир кадам ары бастырбай канча кыйнады? Көзүнүн карасы куюлуп түшчүдөй болуп, канча түн күзөттү? Малайлыктан эптеп качып кетем, олжом колго тийсе менден бай киши жок деген таттуу үмүтүн кечиктирип, эртең-бүрсүгүнкүгө калтырып, пайитин таппай жүргөндө чалдын уулу корбашыга алып барып бергени жетимге оор тийген. Тилеги таш-талкан болгонсуп, көздөгөнүнө жете албаганына ичи күйүп ызаланды. Анан кез-кез жетимди баласынтып аяп, боор тартып жүргөн Махмуд деген корбашынын жигитине сырынын четин чыгарды. Ал көпкө ойлонуп, өзүнүн колунан эч нерсе келбей турганына көзү жетип, паңсатка өтө берилгенин далилдемекке баланын сөзүнө ишенип-ишенбей айтып, тобокелге салды. Корбашы муну угаары менен көздөрү жайнап, ичинен «жым» этти. Дубананын өткөндөгү жообун эстеп, тарамыштай түйүлүп жүргөн. Кудай берет деген ушу! Башына бакыт кушу өзү келип конгондой терисине батпай сүйүндү, чырагына май тамганына толкуду. Соодагер чалдан калган дүйнө каякта десе! Атаңдынгөрү, бу деген насип! Насиптен качып болобу! Эмнеге Дубана дымактуу жүрөт десе! Атасынан калган кызыл оолуктуруп жүргөн турбайбы!.. Шашпа-а, Дубана!.. Бек ичинен кекенип, кызыл дүйнөнү ээсинен кызганып кеткен эле.

Экөө бышылдап, алка-шалка тер басып, жерди казып кириште. Кара ит шыйпаңдап, ээсине эркелеп айланчыктайт. Малкананын айванына[2] байланган уйлар-

[1] *Кызылдын аалами* – күмүш же алтындын ызаасы.
[2] *Айван* – малкананын алдындагы ачык бөлүгү.

дын кепшеп, туруп-туруп оор дем алганынан башка эч нерсе угулбайт.Түн баягыдан да коюулана түшкөндөй, бак ичиндеги эрбең-сербең караандар оңойчулук менен көзгө илешпейт. Бир убакта күрөктүн учу бирдемеге тийгендей болду. Үчөө жанталаша жата калып, топуракты туш келди шилегилеп, кубанычтан эңги-деңги боло, жан эти менен бирдей жез кумураны сууруп чыгып, заматта көздөн кайым болушту.

Ак-Бууранын аркы өйүзүндөгү Гүлү кемпирдин жалгыз уулунан башка эч кимиси жок эле. Өзү айткандай «эрин эрте эле жеп алган» кемпирдин не каралашары, не багар-көрөрү жок оокаты илең-салаң болгондуктан, эр жетип келаткан уулу байдын эшигинде мандикер жүрүп, эптеп тиричилик кылышат.

Жигит эртели-кеч байдын атын сугарганы суута апкелип, дарыянын наркы өйүзүнөн теңтуш кыздары менен койкоё басып суута келген Алмаканды көрүп көңүлү удургуйт. Жаз алды сайдагы талдар бүчүр байлап, кыздын майда өрүлгөн чачындай саамайы суута тийип, тумсак көк бариги бөртүп чыгып келаткандагы маалда биринчи жолу аркы өйүздөн анысы, берки өйүздөн мунусу сүйлөшүп алгандай көзү көзүнө чагылышып, астыртан кыйлага тиктеше калышкан. Жигиттин өткүр көз карашынын жалыны сулуунун тулкусун каптагандай болду. Каректердин сырдуу жебесинен кимиси кандай абалда калды экен... Алмакандын көңүлү дегдеп, мурун-соң кабылбаган калтыс абалынан өзүн коёрго жер таппай калган. Жигиттин турган-турпаты, келишимдүү келбети көзүндө сүрөт болуп калды. Сай тарапка басканда эле опол көз карап тургандай ашыгат, сынап тургандай кымырыла кысылат, жакшы сөз айтчудай аптыгат. Талдын далдоосуна бекинип ат сугарганы келген тааныш караанды издейт. Өзүнчө келгенден коркот, жанына курбусун алып сууну шылтоолоп жөнөйт. Мындайда жүрөк кургур сезгич, мындайда дегдеген жүрөк кургур алдай албайт...

Жазда кирген Ак-Бууранын шарынан кыйкырсаң да эчтеме угулбайт. Таштан-ташка урунуп-беринген агымынын толкундары жаалданып, күркүрөп-күүлдөп добушу бир укмуш, өзүнө шимирип кулагың тунат, мындайда дудук бол, же дүлөй бол, болбосо айлаң жок. Суу киргенде Ак-Буура сүрдүү дагы, айбаттуу дагы. Ак жалдуу толкундар ашыгып-чамынып, оп тартып алчудай албууттанган суунун жанында өзүңдү кумурскадай эле сезесиң. Ак-Буура кээ күндөрү гана тынчып, чарчагандай мемиреп сулк агат. Жигитке канат бүткөнсүп, жүрөгү элеп-желеп, эки көзү Дубананын коргону тарапта. Айылга аты чыккан Алмакан сулуунун үйү ушул тушта деп кеп кылышканын кулагы чалган. Түшүндө көргөнсүп, түшү эмес эле өңүндө көзмө-көз сүйлөшүп, сулуу жүрөгүнө чок таштап койбодубу... Ишин арыдан-бери чампалап бүткөргөнчө шашканы шашкан, дарыяга азгырылып, байланып калганын кантесиң. Жигитти кыз жөнүндөгү аңыз дагы, айылдагы «ал ашык, бул ашык» деген кептер да кызыктырбай көңүлүнө мөөр басканы менен көзмө-көз сүйлөшсөм деген тилеги тынчытпады.

Алмакан оюндагысын Теңирим угуп жөнөткөндөй белгисиз ааламдан издегени жерден табылып, көңүлү уйгу-туйгу ойдон бир шексинип, кайра ширин кыялына балкып жүрдү. Атын билбеген жигитке атап дасормол (кол жоолук) токуп, четин кештелеп, жоогазындын сүрөтүн тартып, Күн түспөл сайма сайды. Эл катары жарды болмоктон ким болсо да кедейликти намыс көрбөй, бар-жогуна, ач-тогуна каниет кылып, көңүлү түшкөн кишиси менен бирге болууну самады. Кыз кезинин кызыгын көрсөтпөй, насипсиз тагдырга зордоп башын байлаган өз энесине көңүлү ооруганын да жашыра албады. Анан ортагы[1] Тургунга көңүлүнө бүлүк салган жигит жөнүндө сыр кылып айтып калчу.

Дубанадан качып, анын карааны көрүнсө жоон талдардын далдоосуна жашырынып келген ортагы

[1] *Ортак* – курбу, курдаш.

экөөнүн челек көтөрүп, сууну шылтоолошуп баягы атын сугарган жигитти издеп жүргөн күндөр билинбей өттү. Жигиттин эки көзү Ак-Буура жакта калат. Атын жууп-тарап, ары-бери бастырымыш болгону менен, кош кареги сууга келген келиндерде, алардын кай тараптан чыгышын күтүп жүрүп санаасы тынбайт. Арзыганы Алмаканды күндө көрүү кайдан? Кээ-кээде ашыгынан адашкан күкүктөй болуп безеленген, кайрыгын кайра-кайра шаңшып жаткандай жигитке сулуусу бир көрүнүп, зарыктырып көпкө жок болот.

Кыялында далай ирет ашыгына батынып сүйлөгөнү менен алыстан карааны көрүнгөндө тилин жутуп алгандай майда калтырактан апкаарып, баданин[1] баскан нымшыган терден өзүн коёрго жер таппай, жанынан маңкайып өткөн сулууга кысынып, бир ооз сөз айта албайт. Оюнда Алмаканды Тургундан бөлүп алып сүйлөшкүсү келди. Эки ортак киндиги туташкан немелердей бирге басышат, биринен бири бир карыш узабайт. Алардын көөдөндү көзөп, жаныңды жыргалга бөлөгөн шыңгыр күлкүсүн бууркан-шаркан аккан суунун шоокуму бирде жаңырып, бирде жапырып, бирде угузуп, бирде угузбай, ак жалдуу толкундары менен кошо агызып жөнөйт. Ошол күлкүнүн керемети кулакка сиңип калгандай кез-кез дарыянын боюнан, жардын башынан, бадалдуу коктулардан угулуп, жылаажын үндүн азгырыгында жигит мас болуп жүрдү.

Жигиттин энеси: «Кызды өз төркүнүмдөн эле таап берем, атаң болбосо мендей жесирге ким эле: «Кызымды ала кой» – деп ынасын? Өзүмө окшогон бирөө-жарым кызын чоңойтуп жаткандыр, тууган-уругумдан эле сага ылайыгын караштырам...» – деп жүргөн күндөрдүн биринде жигит атагы аңыз болгон сулууга болгон сүйүү дартинин[2] чекесин чыгарды.

[1] *Бадани* – денеси, бүткөн бою.

[2] *Дарти* – оорусу же ички муңу, сыры.

* * *

Арадан эки-үч ай өтпөй, Дубананыкына корбашынын алиги жуучусу кайра келди. Бул жолу ал көпкө олтурбады. Үйгө да кирбей, чайга да күтпөй, эшиктеги сөөрүгө көчүк баса, Абдырайымдын буйругун угузуп кетти.

– Алмакан сулуу жарды-жалчынын теңи эмес, – деди корбашы. Күйөөлөп берсе, жакшылыкча берсин дейт. Болбосо, тууган-уругун бирден союп, таш-талканын чыгарып, кызды уурдап алдыртам, сөзүм эки болгон күнү Абдырайымды өлгөн экен деп билсин деди корбашы! – деп, жуучу озуйпасынын калетсиз экенине айласыз баш ийгендей, айтарымды айттым деди да, жүрүп кетти.

Жүрөктүн үшүн алган кабарды уккан Дубананын жек-жааты бүт чогулуп: «Алмаканды берип кутулбасаң, бектен кутулушуң кыйын. Тагдыр бешенеси ушул болсо, кандай айла кылабыз?» – дешип, бир бүтүмгө келишет. Корбашынын шаштырганына «лам» деп ооз ачалбай, Дубана кургурдун заманы тарып, кошунанын келин-кесегине, кыз-кыркынына жеңил-желпи кызга сеп жасаттыра баштайт. Тамак-ашка отура калганда карындашын тиктей албай, көзүн ала качат.

* * *

Ак-Бууранын наркы өйүзүндөгү Гүлү кемпирдин чалынын авлатинан да эки аял жуучулукка келди. Дубанадан ыйбаа кылып, аркы-берки сөздөн чаргытып: «Жалгыз жетимдин багы ачылып калгысы бардыр, «Кызга бергис жубан бар» деген, тууганчылыгыбыз деги бар...» – дешип чөк түшүп, отуруп калышат.

Дубананын ныгыра-ныгыра сүйлөгөн, сөз билги аялы кептин чоо-жайын бөлөккө буруп, минтип сурады:

– Кызыбыз мурда энебиздин тагасына келин болгонун уккан эмессиздерби дейм да?

– Билебиз, укканыбыз бар.

Жубан алган деп, кийин соң теңтуштарынын алдында сөзгө сөлпүк, кепке кемтик болуп жүргүчө, айдай кыз алып бергиле эжекелер. Жакшы тилегиңерге шүгүрчүлүк, не мындайды салт көтөрбөйт! – деп, жуучуларды жолго салат. Эки ооз сөз айылдын ар тарабына таруудай чачылып, уу-дуу кептин сели каптады.

Корбашы болжошкон күнгө жеткирбей, төрт түлүктөн тогуз кара, нан, кант-шириндиктер менен кымбат баалуу мата салынган тогуз себет[1], алтын теңгесин уучтатып, келиндин калыңын бердиртет. Эки катынга коштуруп, үч-төрт жигитине кайтартып, түн ичинде шек-шыбыртын билдирбегиле деп катуу буйруп, Алмаканды төркүнүнөн көчүртүп кетет.

Жердин жети түбүнө барды дейби, ким билсин? Атчандар эки күн жол жүрүп чарчап-чаалыгып, көз жашын мөндүрдөй төккөн келиндин алын сураган жан болбой, Папандын Бука деген жайлоосуна барышат. Ошондо басмачылар качып-тозуп, алыскы-алыскы жайлоолорду мекендеп калышкан кез экен. Чокусунан мөңгүсү шаңкайып, учтугуй аскалары көк мелжиген, чар тарабы бийик тоолор менен курчалган чылгый жапжашыл коктунун койнундагы ажайып кооз өрөөн Алмакандын дилине жакты. Жел менен желпилдей соккон тумсак абанын каңылжарды как жарган тазалыгы, ичи-койнуңа имериле калган аруулугу көңүлүнө сыйбайт. Башка түшкөндү көтөрбөскө чарасы жок тагдыры аны ошердин жашоосуна көндүрдү.

Күн алыс кызылдардан коркуп, орун которо бергенден айласы куруп, жаңы келген келинге мурдагыдай үзүлүп түшө албай, сулуулугуна өңгөчү өмөктөй, тамакайы так болгон кечээги Абдырайымдан элес жок. Төртүнчүлөрдүн отряды басмачыларды бирден терип, көзүн тазалап келатат экен деген каңшаардан тынч

[1] *Себет* – чийден же майда бутактан (ноодадан) токулуп жасалган идиш.

отура албай ойдолоктоп, эки көзү менен кулагы шырт эткен дабышка сак тургандан башка аргасы калбады.

Каз-катар тизилген корбашынын катындарынын боз үйлөрү жаңы келинге ушунчалык суук көрүнөт. Эси - дарты өрөөндөгү өөндө, туулуп-өскөн айылында, оорукчал апасында калган келинди кимсиң деген жан болбойт. Үч-төрт катынына өз-өзүнчө үй тиктирип, катар отургузган корбашынын да шаштысы кетип кабагы ачылбайт, эртели-кеч жигиттерин жиберип душмандарынын шек-шыбышынан дерек алдырат. Кээде өзү атына минип алып, тээ чокудагы кароол дөбөгө чыгып дүрбү тартат. Заман мурдагыдай эмес. Ош жактан, чөл тараптан Совет бийлиги орноп, кызылдардын жеңип, жаңы заман келатканы жөнүндө ар кандай сөздөр тоо-ташты аралап, үй тиричилигинен колу бошобогон катындардын да кулагына жеткенсийт. Кебетеси мурункудай эмес чабармандар кабар жеткире электе аялдар үрпөйгөн тооктой үйлөрүнө кире качышат.

Бир күнү Абдырайымды карагери ала качып, үзөңгүгө буту илээшип чыкпай, бир кыйла сүйрөлүп барып, долононун жыш жерине жеткенде тык токтойт. Кудай бетин көрсөтпөсүн, катындары биринен бири озуп чуркап барып, бети-башы канга боёлгон бектин үстүнө баары үйрүлүп түшүп, жигиттери колмо-кол көтөрүп, боз үйгө жеткиришет. Бектин жаратын таңып, капилет кокустук жаңы келген келиндин аягынан, бу жакшылыктын белгиси эмес дешип, Алмаканды көзүнүн түбү менен теше тиктей жек көрүп карашат. Алмакан кайгыдан кан жутуп, көз жашы салаалап, боз үйгө камалып отуруп калат. Кызарган өңү саргайып кабагы ачылбай, корбашыга токолдукка келгенден бери эч кимден жакшы сөз укпаган келиндин заманасы куурулуп, бу тирүүлөй тозоктон кантип кутулуунун жолун сойлой баштайт.

Эки көзүн карагерден албайт. Жанагы жаман окуядан кийин кызматчылар атты тушап коюшту. Мурда

ээн-эркин жүрүп, төрт туягы менен ааламды кезип жүргөндөй маңкайып, жылтыраган жал-куйругу менен тулкусуна көз арттыртып, шамалга жалын таратып, көкүрөк сырын ачкан жаныбар кишенделгенде ушунчалык азынап, турган ордун астын-үстүн кылып жиберчүдөй жер чапчыганын айт.

Алмакан канткен менен бир тобокелге салып, качуунун амалын ойлоп жүргөн күндөрдүн биринде, келгенине бир айга жетпей айылынан «апасы пастап[1] калды» деген кабар келет. Жүрөгү бир жамандыкты сезгендей болуп, бир жигиттин коштоосунда бала салып койгон тору бээге минип алып, Төлөйкөндү көздөй жол тартат. Кенжесинин келээр кабарына илинип, каргадай карааныna көзү чачырап, кемпирдин жаны араң чыккан экен.

Апасынын көзүн көрбөй, дидарына тойбой калган Алмакандан армандуу жан болбоптур ошондо. Керээзин укпай каңырыгы түтөп, көз мээрине балалык көкүрөгү тойбой, жарыкчылыктан тапкан мээнет-санаты менен копо агартып уул бакканына, кызартып кыз тапканына ыраазылык сезимин укпай, «кош, апаке» дегенге жарабаганына ичи күйүп-өрттөнүп, жер кучактап чыңырып- чыңырып, ботодой боздоп эстен танат.

Бир оокумда көзүн ачып, энесинин жаназасы окулуп, жыгач табытка салып жатканын көзү чалат да, шамалдай ыргып туруп, сары кыжымы жабылган табытка бой таштайт. Катындар каруусунан каппыра мыжыгып, эки жактан жөөлөп, сөөк дарбазадан чыкканга дейре кармап отуруп: «Сабыр кыл каралдым, апаңа айтаарың жок беле, кулагы сен тарапта калып кетип баратса керек…» дегенде өзүн токтотуп, көйнөк-көлөчүн эми көргөндөй сыйпалап, акылын пештеп[2] туруп кайгы менен муңдан кайышкан, ар-

[1] *Пастап* – ахыбалы начар.

[2] *Пештеп* – оюн иретке келтирүү.

ман менен күйүттөн куйкаланган кошоктун обонун созолонтот.

Сүтүккөн түбү сүт татыйт,
Сүттү бир сүткө куяйын.
Сүттөн бир ширин сөздөрүң,
Эми кимден угайын?
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!..

Балдыркан түбү бал татыйт,
Балды бир балга куяйын.
Балдан бир ширин сөздөрүң,
Эми кимден угайын?
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!..

Эркек аттуунун баары жай башына кетти. Өңчөй аялдар боз үйдөн сыртка чыгып, тегерете орнотулган жыгачтан жасалган орундуктарга көчүк басып, Алмакан кошокчунун ырына кулак төшөп, демин ичине катып, айласыз сызылып аккан көз жашын аарчыганга чамасы келбей, этек-жеңи менен калкалап, буулуккан ыйдан мүрүлөрү алмак-салмак өйдө -ылдый серпилип турду.

Шакек бир колун жойбогон,
Самаган ишин койбогон,
Оймок бир колун жойбогон,
Ойлогон ишин койбогон,
Ак болот ийне саптаган,
Ак добар[1] көрпө каптаган.
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!

Көк болот ийне саптаган,
Көк добар көрпө каптаган.
Көк добар көрпө жүк көркү,

---

[1] *Добар* (товар) – жибек кездеме.

Кагылсам апам үй көркүм.
Ак добар көрпө үй көркү,
Айлансам апам үй көркүм.
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!

Таң атардын боз салкын,
Түштү бекен бетиңе?
Боз топурак катуу жер,
Өттү бекен этиңе?
Күн чыгардын боз салкын,
Түштү бекен бетиңе?
Кара бир жердин катыгы,
Өттү бекен этиңе?
Кагылсам апам күйөрүм,
Күйбөй бир кантип жүрөйүн?
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!

Алмакан көпкө кошту. Апасынын беш көкүл кыздарын жанына отургузуп сайма сайдырган, оймо ойдурган уздугун, ченеми жок чеберчилигин кошту. Жайчылар мүрзөдөн келип, салттагы өкүрүктү коё берерде муңдуу ажайып үн бу дүйнөнүн көңүлүн өзүнө буруп, жан аттуунун баарын арбап алгандай, ошол үндүн таасиринен чыга албай эркектер да чөк түшүп, отура калып угушту. Энесинин элде жок уз болгону жалганбы деп эл муюп угуп, сөздүн кудуретине тан беришти.

Эне-бала эки уз, эки чебер эми минтип ажалдын айынан бири-бирине жетпей, мурдагыдай саймага оюн кештелеп сайбай, арманын бир айтып түгөтпөйт, миң айтып түгөтсө гана?..

Апасынын үчүлүгүнөн кийин Алмаканды баягы коштоп келген жигит тоого алып кетти. Өңү кара, сурданган, чанагынан чыкчудай көзү чакчая тиктеген жигитке эч ким каяша айталбады. Алмакан үйдөн кошогун созуп кандай чыкса, караанын көрүнбөй калгыча

тууғандары ошондой үн-сөзү жок узатышты. Жайлоого келишкенде корбашынын шаштысы кетип калган экен. Байбиченин боз үйүнүн жанында жакын санаалаштары топурап турушат.

Алмакан өөнгө кеткенде, Совет өкмөтүнө жардам берген төртүнчүлөрдүн башчысы «силерди жараштырабыз» деп корбашыга киши жиберет. Аты сүйрөп кетип жаракат алган Абдырайым көпкө ойлонуп элүү-алтымышка чамалаган жигиттери да күндөн күнгө азайып, күч-алдан тайып бара тканына көзү жетип, тобокелге бел байлайт да, ортомчулардын чакырган жерине барууга аргасыз болот. Бети-башы тытылган, колу-буту кыймылдатса жан чыдатпаган оорудан жаны кашайып турганда, ылдыйкы коктунун оозуна болжошкон жерге жетейин дегенде, кай тараптан чыкканы белгисиз желдей сызган октон көкүрөк тушун кармаган бойдон жыгылат. Бекти эптеп турган конушка алып келишет. Дем алышы оорлоп, тирүү менен өлүктүн ортосунда жаткан Абдырайым бектин саналуу убактысы калганда, мурунку катындарынын көңүлүнө көк таштай тийген Алмакан келип калбаспы.

Байбиченин чыңырып ыйлаган үнүнөн конуштагылар корбашынын жан таслим болгонун сезишти. Эки тоонун ортосундагы жайыгыраак коктунун ичи ызы-чуудан бир көтөрүлүп кайра тынчып, корбашынын сөөгүн жерге берүү зыйнатына даярдык башталды. Бийликти байбичеси колго алган шекил. Улагада кысынып-кыпчылып отурган Алмаканга карап:

– Сени кыйын кошокчу дешет? Бектин көңүлүн азгырып, колуна кондурган тоту куштай койкондоп доорун сүрдүң эле. Эми, бекке кошуп ырда! Аянбай ырда, кандай кошокчу экениңди буердегилер да билсин,– деп буйруду. Апасынын куйүтүнөн өзүнө келе албай, эми минтип тагдыры тайып арсар ойдон башы айланып, не кыларын билбей нес болуп отурган келиндин үстүнө муздак суу куйгандай селт эте, ордунан козголуп кый-

лага чейин сөзүн таба албай бушайман жейт. Берки катындары да анын оозун карап отургандай жаалап жиберишти.

– Ий, имне оозуңа талкан салып алгансыңбы?

– Имине, бектин койнунда кутуруп жүрө берем дедиң беле?!

– Ушу келгенде жамандыктын баары башталды!

– Келиндин аягынан дейт, сулуусунган немеге имерилип, өйдөгө кете албады бегибиз...

Катындар биринен бири өтүп, заар тилин чача баштаганда, Алмакандын оозуна мындай саптар келе калбаспы:

Ат башында тизгин бек,
Ажалы жеткен биздин бек.
Күмүш жүгөн тизгин бек,
Күнү бүткөн биздин бек.
Арам өлгүр күрөң ат
Колуңдан чыгып кеттиби?
Адамды көрсө шок эле,
Алдыңдан чыгарың жок беле?
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!

Кара сакал оруска
Казат кылам дедиңби?
Карып жаның тозоктон
Азат кылам дедиңби?
Арам өлгүр күрөң ат
Алты чакса туз артып,
Арткы мойнуң кызартып,
Аттарчыга жолуккур
Жети чакса туз артып,
Желке мойнуң кызартып,
Соодагерге жолуккур.
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!

Эрте менен кайнаган,
Чайым элең бекзаадам.
Эртеден бери сүйлөшкөн,
Пайым элең бекзаадам
Кою бир келет түз менен,
Козусу келет из менен.
Кокуюң тартып жүргүчө,
Кошо эле кетпей сиз менен.
Оо-уу, оо-уу, өх- өх!

Армандуу Алмакандын айтканына муюп, ишенген тоосу кулаган бектин жесирлери жашка муунуп калгандай кыйлага солкулдап барып, буулуккан үндү коштой, жоктогон кошогун созушту. Сөөктү каерге алпарып коюшканын сураган жан болбоду.

Мурда убадалашкандай Алмакан Төлөйкөнгө коштоп барган бектин жигитине бир ууч сөлкөбайды карматты да, өзү түнү менен кирпик какпай таңдын атышын күтүп жатты. Эртеси таң заардан ээр-токуму даяр, азатка чыккан карагерди минди да, желдей сызган бойдон коктудан атып чыкты.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

## Берикбай жамакчы

Алмакан Төлөйкөнгө келип агасынын үйүндө жүрүп калганда, солкулдаган басталуу бой, ак жуумалданган жүзүнөн нур тамып, токмоктой өрүлгөн калың чачы этегине өбөктөгөн жаш жубандын сулуулугун айтып түгөтө албаган аңыз кептер жүрөт. Айыл аксакалдары ортого түшүп, жубанды Өмаров Ражабалиге алып беришет. Ражабалинин биринчи турмушунан Тургунбай деген чыйрак, өткүр, билимдүү баласы айылдагы биринчи мектепти куруп, сабатсыздыкты жоюп бала окутуп, директорлуктан райондун билим берүү бөлүмүнүн башчылыгына көтөрүлөт. Тургунбай 1930-жылдары айылдагы биринчи мектептин пайдубалын өзү көтөрөт, сайдан талдарды кесип мүрүсүнө көтөрүп чыгып, кышын куюп, талдын ноодасын дубалга таканчык кылдырып тургузуп, пешкарысын[1] да дасыккан усталардай жасаганын айылындагылар көпкө айтып жүрүштү. Айылдан чыккан активист, партиянын мүчөсү, жаңы турмуштун, жаңы замандын алгачкы карлыгачы Тургунбайдын ысмы Төлөйкөн айылындагы чоң көчөнүн бирине коюлган. Алмакан Ражабалиден Турат аттуу уул, Эрке деген кыздуу болот.

Ражабали эл башчысы катары каерден кароосуз калган жетим балдарды көрсө, атына учкаштырып үйүнө алып келип багып алган колу ачык, март, адамгер-

[1] *Пешкарысы* – үйдүн түркүгү.

чиликтүү, боорукер болуптур. Кыз бала болсо үйдүн казан-аягына каралашып, уул болсо эшик-элигиндеги иштерди, мал-калын карашкан. Эгер бири-бирине көңүлү келип калса үйлөндүрүп, кыз баланын энчисин кошо берген. Эки балалуу болгондон кийин Ражабали ааламдан өтүп кетет, Алмакан дагы тул калат. Айыл-апа, алыс-жакынга гана эмес, районго, облуска аты белгилүү, кадыр-барктуу улуунун кадырын бийик коюп, жети-сегиз жылдай бош жүрөт. Колун сурап келгендерге: «Эч кимге турмушка чыкпайм», – деп жооп берет. Эл деген эл да. Илгери жакшы кыз же жакшы жубан бөтөн жерге кетпей өзүбүздө эле калсын деген көз караш күч болгон. Ражабалинин жесирине алдыртан тузак коюп көз арткандар, сөз ыргыткандар, тамакайы так болгондор азайбайт. Сезимде ар барбы дегендей, жаш жигиттер да ашкере сулууга ашык болгонун жашырышпайт. Алмакан ошол маалда түнү менен Николайдын тикме машинасын тыкылдатып тындырбай, пес сурптан, бөздөн кийим-кече тигип, айыл-апаны кийиндирип, кем-карчын түгөлдөп, жыртык-тешигин жамаачылап турган. Аттуу-баштуулардын зыйнатына алдыртып, кошок коштурушкан. Өзү да жөн сүйлөбөй какшыктап, бирөөлөргө ат коюп, куйкум сөзгө жакын жаны ар кимдин кыял-жоругун туурап күлдүрчү экен.

Ражабалинин жесирине тымызын тузак тарткандардын арасындагы бир окуя элдин эсинде калды. Алмаканга туугандык жайы бар бою кодо[1], арык болгону менен бирөө менен урушса чапкенедей жабышып алып шаштысын кетирген Абдилла менен сөөк-саактуу, бою шыңга, палван мүнөз Райим экөө астыртан тайлашып, кез келген жерден жөөлөшө кетип, бири-бирине кастарын тигип калышат. Күндөрдүн биринде жолдон оро-пара кезигишкен экөө адатынча чукулдашып, айтыша кетишет. Абдилла «уруумун жесирин эч кимге бербейм деп көгөрсө, Райим «сулуунун теңи менмин»

[1] *Кодо* – кыска бойлуу.

деп тайлашып отуруп, бой-башына карабай кармаша калышат. Экөөнү эки жакка ажыраткандар суй жыгылып, тим коюшат. Чоң эле кишилердин көйнөк, дамбалы сала-сала тытылып-айрылып кеткиче муштасшат. Биринин мурдун бири жанчып таштайт. Абдилланын мурду ошо мушташтан маңка болуп, киңкилдеп сүйлөп калган экен.

1937–38-жылдары тууган-уругу бүт масилетке[1] чогулуп, Алмаканды Мамытка алып берели деп сүйлөшүшөт. Ошол кезде чоң кызматта иштеген айылдын кадырманы Тургунбайдын достору, айыл аксакалдары чогулуп: «Жакшы аял жатка кетпесин. Апаң али жаш, Мамытка тийсин», – деп алдына барышат. Ары ойлонуп, бери ойлонуп атып Тургунбай араң макул болгон экен. Ата салтын улап, Алмакан жетим-жесирди көп багыптыр. Өзү да койкоюп баскан, сөөлөттүү аялзаты эле. Башындагы жоолугу менен көйнөгүн бир түс кездемеден тигип, мейманга же базар-учарга барганда сөз-сүз башын жууп, аттын кылы сымал кайраттуу чачын экиге өрүп таштап койчу. Чачы узун, катуу, жоон болгондуктан көйнөгүнүн желкеси тез эле сүзүлүп кетип, мүрүсүн эки-үч кабаттап тигип кийчү дешет. Алмакан Мамытка турмушка чыккандан кийин көпкө чейин балалуу болбой жүрүшөт, Ражабалиден тууган кызы Эркени Мамыттын уулу Кудайбердиге күйөөгө берет. Курган Алмакан көпкө дейре төрөбөй жүрүп, бакшы бүбүлөргө Таштандын кызы Султанхан экөө тынбай каттап, Кудайдан тиленди. Бакшы сарсанаадан жүдөп жүргөн Алмакандын бой-башын кылдат карап, тамырын тартат, бүркүттүн этин жедирет да, этек-жеңин ысырыктап: «Сенин күмөнүң бар, эркек төрөйсүң. Калта какты кийинки бала кыйын болот дешет. Өмүрүн берсин!» – деп алкап бата берип, жолго салат.

Согуш жылдары айылды тердеме кесел (тиф оорусу) каптайт, күнүгө эки-үч кишинин сөөгүн жерге бери-

[1] *Масилет* – кеңешүү.

шет. Күнү кечке колхоздо иштесе бир сындырым арпанын унунан жасалган нан тиет. Жолондун аталаш агасы Кудайберди Төлөйкөн районунун Бирлешкен (мурдагы аталышы) кыштагындагы мектепте иштеп жүргөн убагы. 1940–1941-жылдары Совет өкмөтү жалпыга милдеттүү жети жылдык билим берүү мыйзамын турмушка ашырууга белсенип киришкен кез. Батышта кан күйгөн согуш жүрүп, аскерге жарактуулар фронтко агылып жөнөп жатышканына карабастан, мектептерде окуу токтогон эмес. Кийим-кече өтө тартыш. Колунда бар дегендерде мода болгон шалвар, бутунда спорт бут кийимге окшогон чыпта, «балетка» деген китеп торбосу, үстүнө купайке, башына шапке кийишчү. Колунда жогу жылаңаяк-жылаңбаш, таардан согулган кийим кийген. Мектепте балдар азоттун сары кагазына окшогон кагазга жазган. Мугалимге карточка менен айына 10 кг ун берген. Ош шаарындагы азыркы облустук профсоюздар кошуну турган имараттын ордунда эки кабаттуу гастроном болоор эле. Кезек менен бир адамга 2 кг камыр берет. Отун терип, тандырга (о-о, буудайдын уну каякта?) арпанын унунан нан жапкан күн кадимкидей майрам эле.

1943-жылдын эрте жазында атасы Мамыт Айтназаров согушка аттанат, ал мезгилде 44 жашта болгон. Ошол жылдын декабрь айынын башында 20 жаштагы атасынын биринчи аялынан аталаш агасы Кудайберди Мамытов кетет. Ал Орел шаарындагы Брянский токоюнда душманга каршы согушка катышып, оң бутунан жаракат алат. Атасы Смоленкидеги согушка кирип баратканын катында айтат. Кисловодск шаарындагы Пятигорск госпиталында оор жарадар болуп жатып, Нижний Тагилде госпиталга түшкөн атасына кат жазат. Бирок өлүү-тирүүсү белгисиз, жакшы да, жаман да кабар келбейт.

Жолондун атасынын биринчи аялынан агасы Райымберди Маметов (метрика жазганда туура эмес

жазылып калган дешет) 1944-жылы март айында 18 жашында согушка кетет. Улуу Жеңиштин салтанатын Прагада майрамдоого катышат. Ал жерден Жакынкы Чыгыштагы Япон согушуна барып, 1950-жылы мекенине кайтып келет.

Райымберди армияда жети жыл кызмат өтөйт, бадырайтып сулуу жазганы, документтерди иреттүү, тыкан даярдаганы үчүн «писар» болгон. Көпкө күттүрүп келген инисине Кудайберди айтат:

– Атамдан бир үй, бир уй калды. Сен кайсынысын аласың?

– Мага үйдүн да, уйдун да кереги жок, Якутту алып берсең болду...

Агай окуткан мектепте узун бойлуу, агы ак, кызылы кызылдай ажарлуу, өңдүү-түстүү, көзү кооз гүлдүү чай пияладай чачыраган төлөйкөндүк Акбийдин сулуу кызын бет алдына келтирет да, мыйыгынан жылмайып макул болгондой, башын билинер-билинбес ийкегилейт...

* * *

1940–1950-жылдардагы Төлөйкөн айылын элестетүү азыркы урпактарга кыйынга турбайт. Ар жерге иретсиз салынган сокмо дубалдан соройгон жепирейген жер тамдар улам ичкерилей бергениңизде суюлуп отурат. Көчө аты болбосо эле, кадам баскан сайын тизеге дейре чаңызгыган жолдон ары-бери өткөндөрдүн аягы тыйылбайт. Ортодогу жол боюнда коңшу-колоңу чачкын жашаган жер тамдардан эч бир айырмаланбаган дубалы саман аралаш паксадан[1] урулган пешайвандуу[2] үйдө Мамыттын уулу Жолон туулат.

**«Уруум Муңгуш, уругум Төлөйкөн. Жердин аты да Төлөйкөн. Ош шаарынын Чыгыш-Түштүк тарабында**

[1] *Пакса* – ылай менен кат-кат болуп урулган дубал.

[2] *Пешайвандуу* – үйдүн алдындагы ачык бөлүгү.

**Ак-Бууранын жээгине жакын жайланышкан кыштак. 1940-жылы туулганым так, бирок кайсы числодо экени так эмес. Паспортума биринчи апрель деп өзүм жаздырып алганмын. Эч ким ишенбейт да, куттуктабайт да, ал гана эмес, ал күндүн кандай өтүп кеткенин өзүм да сезбей калам. Апамын айтуусуна караганда жамгыр жаап жаткан күнү төрөлүпмүн... Атымды «Жолой» деп К. Жантөшевдин «Каныбек» деген романын окуп жаткан агам Райымберди койдурган экен, өзү айтып калат. 1-класска окууга барганда эле Жолон болуп жазылган. Эмне үчүн экенин билбейм».** *(Ж.Мамытовдун жеке архивиндеги «Адам буту алгач Айга жеткен замандын күбөсүмүн» деген күндөлүгүнөн).*

Жолон эки жашка чыкканда атасы согушка кетет. Жолон бир эне, бир атадан жалгыз бала. Атасы Мамыт сөзгө уста, куйкум сүйлөгөн акылдуу киши болгон дешет айылдаштары. Жолондун чоң атасын Айтназар какшык, атасын Мамыт какшык деп коюшчу экен. Айыл кыдырып жүрүп бозо ичип, бир кыйла кызып калган Мамыт атасы Айтназарга барат.

– Ассалоому алейкум! – деп салам айтса, Айтназар кекээрленгендей «дагы ичипсин» дегенсип, алик албай коёт, бир азга артына барып кайра келген Мамыт:

– Здраствуйте! – деп учурашчу дешет атасын күлдүрүп.

Жолондун тамашакөйлүгү ошол аталарынан калган өнөрү.

**«Төлөйкөндөгү Алооке (биздин туугандарды ошентип коюшат). Айтназардын Мамыты менин атам. Өз атам ачык-айрым, бир ишти колуна алса майын чыгара иштеген, бозо уулап бир жүрүп калса далайга жүрө берген адам экен. Атамы билбейм. 1942 -жылы согушка кетип, ошол бойдон дайынсыз. Үмүт деген кыйын экен го. Кокус келип калса деген ой дале башымдан**

**жылт этип кетпейт. Тирүү болсо азыр 74кө чыккан болор эле. Атам кетер жылы пахта кырманында илме таразага көйнөгүмдөн илип тартып көрсө 13 кг чыгыпмын (Муну да Райымберди акем айтат). Азыр 78 килограммын. Тууганыбыз Момуштан 12 кг. арыкмын.**

**Апам Алмакан Төлөйкөндөгү Мати дегендин кызы. Таятабыз мен төрөлө электен сансыз жылдар мурда эле каза болуптур. Агам Турат менен энелеш экем. Апам ал экөөбүздү апамын сөзү менен айтканда «эки жетимди» чоңойтом деп жүрүп карыды байкушум. Бул дүйнөдө эненин карызынан кутулуунун айласы болбойт окшойт...»** *(Акындын автобиографиялык баяндамасынан.)*

Эркек аттуунун бүт баары согушка кеткен ачарчылык маал. Нан жок. Айылда өңчөй чал-кемпир, бала-бакыра, катын-калач, кыз-келиндер калып, колхоздун ишине аялдар менен тирикараак жаш балдар иштеген кез. 1943-жылдын алашалбырт маалында Айтназаров Мамыт аскерге чакырылат. Мамыт узун бойлуу, чапжаак, кыйгач мурун, кең көкүрөк, өңү кара торуланган, баскан-турганы жеңил, азилкеч киши. Жөн сүйлөбөй какшыктап сөз менен атышса, оңойго өнөгүн бербеген кежир неме. Айылдашы Үсөнбай экөө фронтко бирге жөнөмөк болушат. Ана-мына жөнөйбүз деп турганда аскерге чакырылган күнү Мамыт:

– Жүр, Үсөнбай, согушка кете электе эстеликке сүрөткө түшүп коёлу. Бар болобузбу, жок болобузбу? – дейт шумданып.

– Койчу, кийин тозокко түшөбүз. Мусулманчылыкта сүрөткө түшпөйт дейт. Үсөнбай макул болбойт. Үсөнбай бою кодоо, шыргыйдай арык, чыканактай кичине киши болчу.

– Сен окопту кичине казсаң эле бекинип аласың. Мен сөтөйүп качан казып болом аа? – дегенде, узатып келгендердин баары күлүп жиберишет. Берикбай Мамытты Ошко чейин узатып келип, үйүнө айтып кетет.

Жолондун апасы Алмакан жер жарып, каш карайгыча талаада жүрөт. Эмгек акысына курсагын эптеп тойгузуп, калган-катканын койнуна катып балдарына алып келет. «Бардыгы фронт үчүн, бардыгы жеңиш үчүн!» деген ураан мыйзамдан да катуу эле. Колхоздон биртке уурдалган даны үчүн соттолуп-суралбай туруп, түрмөгө кесилип кеткен кыйын кезең. Элдин жүрөгүнүн үшүн алган тартиптенби, жеңиш үчүн тикеден-тик турган жоопкерчиликтенби, айтор, уурулук, тоноо, колхоздун мүлкүнө кол салуу өлүм менен барабардай туюлган. Кол арага жарагандардын баары талаада иштеп жүргөн маал. Үйдө калган үч-төрт жашар Жолонду ээрчитип, он үч - он төрт жашар чамасындагы Тураттын күндүзгү эрмеги, иши шоро[1] чогултмай. Апасы иштен келгенде шорону кууруп, тамак жасап берчү. Үйдөгү өңү ала уйду баккан да ушу балдары. Арык-шактан чөп-чарды кыбырап жулуп келип, уйду кечке карашат.

Эшик алдындагы колхоздун буудайы сары тал болуп калган маал болчу. Көк шородон көңүлү көк таштай калган Турат апасы келсе буудайдын унунан бирдеме бышырып берсе деген балалык кыялына алданып, кекиртекке келе калган кычкыл сары суу менен таттуу даамга азгырылган шилекейин кошо жутуп, апасына айтпай, көк баш дандан биртке тергени Жолонду ээрчитип алат. Буудай аралап жүрүшсө колхоздун кароолчусу Абдыракман келип калбаспы.

–Эй, темселегендер, имне кылып жүрөсүңөр?! – деди ачууланган кароолчу. Турат коркуп кетип көздөрүн алаңдатып, титиреп колундагы челекти көрсөтөт. Балдарды буудай уурдаганы келиптир деп түшүнгөн Абдыракман кой-айга келбей, Тураттын колу-бутун байлап, орто арыкка таштап кетет. Тили эми чулдурап чыккан Жолон көздөрүн бакырайтып, үйүн көздөй там-туң басып жөнөйт. Зиректигинен апасын ээрчитип жол көрсөтүп, агасы байланган жерге апкелет. Көргөн көзүнө ишенбеген эне кургур зарлап:

[1] *Шоро* – сабагы катуу отоо чөп.

– Үмүтүң үзүлгүр, үмүтүң соолугур ылайым!.. Жакшылык көрбөй кал! Жаш балдардын жүрөгү түшөт дебей кылганын көр?! Өлүгүңдү көрөйүн, эки дүйнө оңбогур!.. – деп каргап-шилеп, Жолонду бооруна кысып алган бойдон көпкө боздоп ыйлады.

Жолон кичинекейинде толмочунан келген, көзү бакырайган, бир жерде тынч тура албаган шок, беттегенин бербеген өжөр бала эле. Аш-паш дегиче эле бирдемени чукулап, жулкуп, бузуп-чачып, балдар менен мушташып, заматта ыз-тыз түшүрүп жиберет.

Бирде тил албай «дат» дедирткен Жолонду Турат ачуусу менен бетине бир-эки тартып жибергенде мурдунан кан атып кетти. Чочуп кеткен агасы жумшара түшүп:

– Эңкей, эңкейсең?! Мурдуң канап кетти. Бол эми! – деп чебелектейт. Жолон ого бетер көгөрүп, башын кайкайтып, мурдун көтөрүп алат. Агасы жалынып, алдап-соолап жалбарса деле кан токтогуча ордунан козголбой коёт.

– Шашпа, сениби! Апама айтам! – дейт Турат башкарам деген ою ишке ашпай калганына ызаланып. Турат жети жылдыкты бүтүрүп, тың окуганынан мугалимдикке алты айлык курстан окуп келип, Төлөйкөндөгү беш жылдык мектепте иштеп калат. Жолон жети жашында мектепке барат. Зээндүүлүгүнөн ошол маалда эле тамгаларды кураштырып, эжелеп окуганды үйрөнүп алган. Куйма кулак, укканын дароо эсинде сактап калган артыкчылыгы менен оозго алынат. Бирок шоктугу жагынан алдына киши салдырбаганы чатагыраак эле. Биринчи-экинчи классында агасы мугалим болгон үчүн көзөмөл,тыйып-тескөө ага жумшагырак болгонунан, эч нерсени капарына илип койбой өрттөй жанып, шамалдай шуулдап турчу.

– Өзүңүздүн үкаңызди урушпайсызбы?! Биз шоктонсок урушасыз аа-а? – дешип арызданышса, Жолон окуган класстын балдарынын көзүнчө Турат Жолон-

дун делдейген кулагынан чоюмуш болуп, опузалап коёт. Тултуюп, кабагын чытыган баланын жини келип, «сени апама айтам» деген кыязда үйүнө апасына жетери менен арызданат:

– Апа, апа-а!

– Ии-и?

– Турат акем кулагыман чоюп, соройтуп койду караң? Эми кулагым делдең кулак болуп калат! – деп, ансыз деле жазы кулактарын делдейтип, шумданып алчу. Кечки тамакка эми эле отурганда же уй сааган маалга жакындаганда көк чыбыгын сүйрөп, эшиктен жулкунуп кирген айылдаш аялдын, кошуна- колоңдун добушу короону заңк эттирет.

– Э-э, Алмакан, деги Жолонду тыясыңбы? Балам менен мушташып, бети-башын көгөртүп салыптыр дегенде эле баягы эле кер-мур айтышуу башталат. Ким баштаган, кимиси айыптуу деп териштирип, эки аялдын алым-сабагы башталды дегиче тамдын артында жашырынып турган «күнөөкөр» дароо буйт берип, көздөн кайым болот.

1943-жылы Жолондун бейкапар балалык өмүрүндө элес-булас калганы менен согуш азабы, таасири, каңшаары балапан жүрөгүнө муз болуп тоңуп калганын унутуп болобу? Кыйынчылык желкеден ныгырып, колдо барын фронтко жөнөтүп турган элди буудайдын даны эмес, машак терген үчүн үч айга каматып турган жылдардын элеси акындын «Кырман» деген ырынын идеясын түзөт. Ошо кезде кырманда кызыл кайтарып жүргөн аяш аталары «эч кимге көрүнбөй шактын арасы менен кел, буудай беребиз» дешет. Барса, «ырдап берчи» деп калышат.

**Кырман десе:**
**Тоодой кызыл, кызыл-тазыл көйнөк кийген,**
**ары-бери зуулдаган машиналар,**

**«Волга» минген башкармалар көрүнбөй,**
**Кырк үчүнчү жылдын күзү элестейт.**
**Ортосунда жалгыз мылтык,**
**Эки картаң абышка**
**Тегеренип жүрүшөт,**
**Топудай үймөк буудайды.**
**Чакырышып чалдар мени жанына,**
**«Ырдап берчи, уулум» –**
**дешет дирилдеген үн менен.**

Делдеңдеп чуркап, аптыгып келген жаш бала агасынын кулагына эңкейе калып, секин шыбырайт: «Аяш атамдар бир пияла буудай берди!» – деп чөнтөгүндөгү буудайдын данын этият кочуштап пиялага салып, кудуңдаган бойдон кайра сыртка жөнөйт. Акындын «Кырман» деген ырынын жазылыш тарыхы ушундай. Ал ырын 7-класста окуп жүргөндө мектептин дубал гезитине «1943-жылдын поэмасы» деп, чыгарган дешет агалары. Жолондун ыр жазууга болгон шыгы мектеп партасынан өзөк алып, дубал гезиттен башталган.

Жолондун ырга, сөзгө шыктуулугун айылындагылар билип калышты. Бир укканы кулагында калып эсинен чыгарбаган, тартынып-кысынбаган, «чү» деген жерден такылдап ырдап жиберген баланы базар-учардан келаткандар, ары-бери өткөндөр эрмектеп: «Жолон, ырдап койчу?» – деп базарлыгынан таштай кетишет. Ачарчылык, жокчулук деген менен элдин ынтымагы өзүнчө кут болгон. Азыркыдай көпчүлүгүбүздөгү «өзүмө эле болсо» деген ой элде жок эле. Кез-кез базар-учардан келаткандар туш келген үйгө чогула калып, коңшу-колоңдор бар тапканын ортого салып, ичип-жеп туруп кетишчү.

Айылга аты чыккан Берикбай деген кишинин ылым санап, Алмакандыкына көп келгени бекеринен эмес. Карылыкка моюн бергиси келбеген Берикбайдын ал-

тымышка жакындап калган убагы. Орто бойлуу, чокчо сакал, жалпак бет, аксаргыл бул кишинин Мамыттардын уругуна тууғандык жагы да бар. Жолдон жөн кетпей Жолонду ырдатып, сүйлөтүп, өзү да жамактатып ырдап, анысын балага кайра-кайра айттырып, кулагына кумдай куюп, эринбей эрмектейт. Зирек баланы жанындай жакшы көрүп, мээримин төгөт, элирткен көңүл кушун бөлүшөт. **«Берикбай аттуу кошокчу-жамакчы абабыз менин бир укканда эле жаттап алууга жөндөмдүүлүгүмдү билип калып, алты-жети жашыман эле жанына алып жүрүп, аш-тойго барса эшекке учкаштырып алчу экен. Молдо-кожону жакшы көрбөгөн адам эле дешет. Мен аларын элес-булас гана билем.. Поэзияга болгон шыгым маркум Берикбай абамдан уламбы деп ойлоном...»** *(Ж. Мамытовдун күндөлүгүнөн.)*

Күндөрдүн бириндe кулпу салынбаган үйгө ууру кирип, кимдир бирөө Алмакандын ичигин уурдап кетет. Арадан көп өтпөй, уурунун дареги билинип калбаспы. Кыраакы Берикбай кимдин алганын билип калып, жамактап ырга кошуп жиберет да, жамагын Жолонго үйрөтүп коёт. Жолон жүгүрүп жолго чыгып, кайра үйгө чуркап кирип, төрт сап жамакты тынымсыз ырдай берет. Бул ырды өз кулагы менен уккусу келгендердин ышкысы кызып, Мамыттын тестиер баласын көрүнгөн жерден кармап алып: «Ии, Жолон, үйүңө ууру киргенин ырдап берчи?» – дешет. Ал бир мертебе да тайсалдап, же «жок» дебептир.

Эшигиң алды катар тал,
Катар тал болбой, тыт болсун.
Алмакандын ичиги,
Ачаканга кут болсун! –

деп, акырында шумданып койчу. Ачакан кемпирдин уулу уурдап барып, энесине ичик кийгизип койгонун

кошуналары баамдап калышкан экен. Мындай жаңылык жерде жатмакпы?

Айылда бабалап сүйлөгөн Машрап деген кишинин эки аялы болуп, алардын чатагы жөнүндөгү аңыз кептин аягы тыйылбай, ооздон түшпөй жүргөнү жүргөн маалда укканын уккандай, көргөнүн көргөндөй жамактатып ырдаганга маш Берикбай ошо Машраптын аялдары жөнүндө ыр токуйт. Бабалаган Машрап Жолондун жакын тагаларынан болгон.

Эсиң курган Машрап,
Эки аялды албай кал,
Бул экөөнүн эмгегине калбай кал,
Алимбайдын үйүнө
Караңгыда барбай кал.

Чоң аялы кууп барып,
Чокмор менен
Чоюлуп туруп салыптыр,
Бабалаган Машрап,
Бакырганын кантейин,
Маразык аке жүгүр деп,
Чакырганын кантейин.

Муну бала Жолон сураган кишиге айта берип, айылдагыларга желдей тарап кетти.

– Биздин го өсөрүбүз калбады. Куда кааласа, бу балаң кыйын адам болот. Бир айтты дээрсиң. Акын болобу деп боолгойм, жакшы окуткула, чоңойсо бир адам болот го деген Берикбай бир курдай батасын берип, эшегине минип, жолго чыкты. Алмакан сөзмөр тууганынын кебине ичи жылып, элдин баласындай эле баласына, жанда жок тентегине жамакчы чалдын батасы кабыл болушун Кудайдан тилеп калды...

Жолон экинчи класста окуп калган кез. Бою мектепке бара электе дадил эле. Кийин биринчи класска барганда, кыдыйган бою пас, өзү теңдүү балдардын эң кичинеси болуп калды. Дагы кыбырап жөн турбайт. Сабак маалында кыздардын чачын тартып тийишет. Анда катылгандын катыгын берейин деп, айыпкерди издешсе, эчтеме көрбөгөндөй, эчтеме билбегендей момурайып отуруп калат, бирдемени чукулап, бузуп-жарып жаны тынбайт. Көбүнчө сүрөт тартканды жакшы көрөт. Жанындагылардын сүрөтүн тартып, салам-дубайы менен кагазга ороп, оро-парада отурган баланын бутуна ыргытып коёт. Бутунун алдына топ этип томолонуп түшкөн кагазды алмакчы болгон бала сабактан алагды болгонун байкаган мугалим:

– Кагазды ким ыргытты? – деп зиркилдейт. Жооп жок. Момурайган көздөр ансайын момураят. Агай доскага бурулганда, класстын бир бурчунан аяк бурчуна тоголоктолгон кагаз дагы учуп түшөт.

– Мамытов, жаның тынабы?! – деп, агайдын ою бөлүнөт, сөзү бөлүнөт. Сабак билбейсиң деп шылтоолоп урушайын десе сабакта такылдап жооп берген класстын мыкты окуган окуучусун же урушарын, же урарын билбей, мугалимдин эси эки.

Кыш чыкыроон. Тишиң тишке тийбеген суук. Эки күн мурда кар лапылдап тынбай жаап, тизеден ашырып таштаган. Жепирейген мектептин үңкүрдүн оозу сымалданган терезесинен Айтназар агай сыртты карап турган. Класста санпом (тазалык) кыз дикилдеп, балдардын колун алдыга сундуртуп, тазалыгын текшерип жүрөт. Класском Жолондун колу кир экен. Тазалыктын жини келди. Өзү класском болсо, колун таза жууп келбесе, муну көргөн башка балдар кантет? Эмне кылыш керек? Чакылдаган кыз мунун айласын тез эле тапты.

– Жолон, колуң кир, чык эшикке! Тазалап кел! – деп, эшикке чыгарып ийди.

Тазалык Ирсалатка кыйын болсоң баш бербей моюн толгоп көр. Мектептин тартиби ушундай. Жолон мектептин короосундагы күрөлгөн карга ыкшап, колу кызарып бышарып кеткиче жууду. Ирсалат салтанаттуу түрдө Жолонду ээрчитип, киминердин колуңар кир болсо, класскомдой кылып карга жуудурам дегендей, класска кайра алып кирди. Ошондо баланын адилеттикке ийилгенине, айыбын мойнуна ала билгенине агайы тан берген. Ирсалат класста жакшы окуганынан баары аны укчу. Жетишпеген балдардын сабагына жардамдашкан Жолон экөө эле. Ошондонбу, экөөнү бириктирип тил табыштырып, бири-биринен ыйбаа кылып сыйлашканы мектеп партасынан башталган. Билгендерин өз ара сурап, тактап турушат. Ошондо эле классташ тазалык кызды «Иричка» деп эркелетип чакырчу. Жолондун көңүлү жакын бирге окуп, бирге чоңойгон классташы Ирсалат Абдимиталипова акын окуган мектепте кадырлуу, билимдүү, сыйлуу эжекелердин бири, химия-биология мугалими болду. Акындын өмүрүнүн акырына чейин бир кездеги тазалык кыз менен болгон нукура классташтык, достук мамилеси үзүлгөн эмес.

...Түшкө чейин окуп, түштөн кийин ала уйга чырмоок жулуп, чөп ташып, көбүнчө мектеп балдарынын эгесине салынган машакты терген күндөр да өттү. Машак аз терилсе нан аз, көп терилсе чоңураак нан берилет. Тартип ушундай. Ошентип, болочок акындын жылаңаяк таманына тикен кирген чортаман издери талаада калды...

Өмүрдү бир мүнөт токтотуп калаар болсоң гана? Жолон чоңоюп, класстан класска жакшы окуп, мектептин дубал гезитин чыгарып, кадимкидей түйшүк тартып жүрдү. Анын классташтары жөнүндө жазган макаласы «Пионер гезитине» чыккан дейт Ирсалат Абдимиталипова. Анын өзгөчө жакын көргөн акындары Мукай Элебаев менен Жусуп Турусбеков болгон. Алар

жөнүндө агасынан такып көп сурачу, кийин өзү китепти шар окуп калганда Мукайдын «Зарыгам» деген ырын таап алып, жатка айтып жүрдү. Ким ыр билет десе, Жолон ыргып туруп, «Зарыгамды» шыр айтып берет.

Жолон теңтуш балдарын таң калтырып, Лев Толстойдун «Согуш жана тынчтык» деген китебин окуп чыгат. Китепкөйлүгү жанда жок эле. Кимдин үйүнө барса китеп издейт. Ал маалда айылда сабаттуу адамдар аз. Китеп өтө барктуу. Китеп окуган андан бетер билерман. Мектептин директору Айтназар агай менен жарышып окуйт. Ал дагы кайсы китепти окуса, Жолонду сүйүндүрмөккө ала келет. Экөө отуруп алып талкуулашат, талашат, тактташат. Мындайда Жолондун чечекейи чеч боло түшөт. Кичине колу бош боло түштү дегиче, китепке кадала үңүлөт. Андайда ааламды сел алса да, капарына эч нерсе илинбей, китепке жан-оту менен аралашып кетет.

Жаз алды огороддун таш-кесегин терип, эгин эгүүгө эскирген кыкты, уйдун көңүн огородго таштаган кез. Замбарга[1] кыкты салып, Кудайберди экөөлөп көтөрүп баратышса, Жолон чочугандай:

–Токтоп туруң, мага бир идея келип калды! – деди.

–Идеяны кийин айтасың, маканы сээп коёлу! Анан... – Агасы баланы ынандырмакка олуттуу айтты.

–Маканы сепкенде эртең эле тооктор жеп кетет! А менин ырларымды тооктор жей албайт! – деп, калем-кагазын алганы үйүн көздөй чуркап кирип кетти.

Ошентип, Жолондун ыр жазганы башталат. Кудайбердиден айбыгып, төгүлө албай турбайбы. Башка бирөө болгондо, шарт эле ырын окумак. Ал жүрөктөн чыккан саптарын эч кимден кызганган эмес. Жазып бүтөрү менен кудуңдап, кайра-кайра кайталап, кечин-

[1] *Замбар* – замбил, ташууга ылайыкталган жыгачтан, туникеден жасалган жүк ташыгыч буюм.

де балдарга окуп бермекке күндүн отурушун зарыгып күткөн.

Жолон тоого чыкканды жакшы көрөт. Тоого шагырап беш-алтоосу чогуу барат. Бирге ойноп, бирге өскөн төлөйкөндүк ошондогу көк мурундар беттегенин бербеген көктүгү, бирдемени ойлоп тапкычтыгы, оголе кыялкеч дүйнөсү, бири-бирине жан күйгүзгөн жапакечтиги менен жакын эле. Тентек Жолон, момурайган Сайдулла, өжөр Момуш, өткүр Токтогул, акыйлашкан, жоош сымал Ашир, Абдилла, Берди сыяктуу классташтар басса-турса чогуу жүрүшөт.

Булардын турмушта алган орду да өзүнчө. Бардыгы өмүр бою абройлуу кызматтарды аркалаган Төлөйкөнгө белгилүү адамдар. Ирсалат Абдимиталипова – ардагер мугалим, айылындагы согуштан кайтпай калган белгисиз жоокерлерге арнап эстелик койдурган, айылдын ардактуу атуулу. Сайдулла Анаркулов – облустук саламаттыкты сактоо башкармасынын башкы хирургу, Токтогул Аматов – Оштогу ат майданынын башкы зоотехниги, Момуш Жумабеков – облустук айыл чарба башкармасынын жооптуу кызматкери, Абдилла Эргешов – милициянын капитаны, Берди Абдуллаев – облустук балдардын учук ооруларына каршы диспансеринде рентгенолог болуп эмгектенишип, эс алууга чыгышкан (айрымдарынын көзү өтүп кетти).

Өздөрүнүн катарынан бейсаат, бейубак ажал алып кеткен досу, акын Жолон жөнүндө сөз болгондо, бир саамга тунжурап, ойго чөмүлүп же толкуп, анан көптөн соң төгүлүп, сөз кылышты. Чыныгы адам, чыныгы акын менен катарлаш өсүп, сырдашып, жамандыкжакшылыкта бири-бирине арка-бел болгон өтмүшүн Жолонсуз эскерүү буларга да оор. Достуктун данакери, көпүрөсү катары досторунун терең урматтоосуна ээ боло алган Жолон ар дайым эстеринде. Балалыгынын урунттуу учурларын изилдеп отуруп, булардын бейнесинин сүртүмдөрүсүз Жолондун балалыгы кунарсыз,

ажарсыз болорун сезип-туйдум. Абдан ынтымактуу, жарты нанды бөлө жешкен, бири-бирисиз күн өтпөчүдөй сезилген ынтымак достордон болушканы билинип турат. Бала чагы өткөнүнө карабай, ким эмне иш кылса, эмне болбосун Жолон баш-көз болгонун, топ башы катары бардыгынын башын бириктирип, катташтырып келгенин өзгөчө адамгерчилиги дешет.

Мектепти жакшы бүтүргөндөр педагогикалык училищадан окуп келип, мектепте мугалим болуп иштегендер арбын. Окутуучулардын жетишпегенинен көбүнчө борбордон агай-эжекелер келип иштөөчү.

Өрүк тегиз гүлдөп, айыл апапакай үлбүрөк, буурул таңдай көңүл кушун көтөргөн аруулуктан кулпуруп турган. Ак шооладан аруу жамынгансып, жаз толукшуп турган маал. Бир күнү педучилищаны бүтүрүп келип, кыргыз тили жана адабиятынан окуткан Канат агай кыргыз тил сабагында доскада сүйлөмгө талдоо жүргүзүп, түшүндүрүп жаткан. «Сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карата бөлүнүшү» деген теманы жеткиликтүү түшүндүрө албай, агай ой келди алмаштырып, чайналып чакай берди. Муну байкап отурган Жолон чыдай албай:

– Агай, мисалыңызда жөнөкөй сүйлөм менен татаал сүйлөмдү алмаштырып койдуңуз го? – деп, тууралап койсо агай оңдомуш болуп кайра адашып, буйдамалайт. Анан катасын бетине айтып, темага аралашып кеткен Жолонго:

– Сен окутасыңбы же мен окутайынбы, Мамытов?! – деди жаш жигит бетинен заары чыгып.

– Эрежеси боюнча айтып жатпаймынбы катаңызды? – деп, кызаңдай түшкөн бала доскага чуркап чыгат өзүнүн тууралыгын далилдемекке.

– Чыгып кет, эшикке! – мугалим сөөмөйү менен эшикти көрсөттү.

– Эмнеге чыгышым керек?! – бала буйруктун себебин сурады.

– Чык дегенде чыкпайсыңбы?! – Каяшага чыдамы кеткен агай баланы желкеден алды. Бала ордунан козголуп да койбой, камырабай отура берди. Агайдын каары кайнап кетти, катасын зордук менен жеңгиси келдиби, жини менен тайманбаган балага сес көрсөтмөккө партаны кошо сүдүрөсө да козголбоду. Класста адилетсиздик өкүм сүргөнүн көрүп турушкан классташтары таймашууга бел байлаган балага астыртан жан тарта карап турушту. Жетинчи класстын окуучусу менен болгон бул окуя анык-төгүнү териштирилбестен директорго жеткени менен чындык бала тарапта кала берди.

Орус тили жана адабиятынын мугалими Энгельс Зульфибаев деген агай сабагын ушундай кызыктуу, көзгө элестете тамшантып, отургандарды өзүнө азгырып, көзгө көрүнбөгөн желе сымал байлап алып окутат. Класстын биримдигин сактап, ар кандай иш-чараларды заматта уюштура койгонго да кыйын агай. Орус тил ийриминде Пушкин, Лермонтов, Есениндин ырларын жаттатып, поэмаларынан үзүндү айттырат. Жолонду өзгөчө жакшы көрөт, анткени зирек бала орус тилинен тың билет эле. Болочок акындын дүйнөлүк адабиятка шыр кирип кетишине орус тили аркылуу жардамдашкан ушул агайы болду. Качан көрсөң балдар менен аралашып жүргөн бала пейил агай окуучусу менен өмүр бою сыймыктанып жүрдү.

Бир болуп көчө менен чурулдашып,
Өтүшөт экен жылдар зырылдашып.
Пахтага алып барчу Энгель агай,
Балдарды тизип алып, ыр ырдатып.

Көзү тостойгон Жолон баштаган жоон топ: Токтогул, Сайдулла, Момуш, Ашир, Абдилла, Берди дагы-дагы бир тобу мектепти сагалап турушса, эки колун чөнтөгүнө салган класском бир маалда «таптым» деп

кыйкырып, үйүн көздөй сызып кетти. Артынан беркилер жарыша чурулдап чуркашты. Үйүнүн жанына жеткенде Жолон:

– Силер бир паска ойноп тургула. Мен азыр чыгам! – деп кирип кетет.

Үйүнө кирип, муштумдай картөшкөнү тегерете кесип алып, анан сыя менен четине тегерете мектептин дарегин кылдаттык менен жазып, кагазга басып койду эле,мөөр болду да калды. Жолон бала кезинен шурудай тизмектештирип сулуу жаза турган. Бир кагазга тил кат жазып, ага директордун колун коюп, мөөрдү басып, сыя кургаган соң чөнтөккө жымырып койду. Көчөгө чыгып балдарга «кеттик» деди. Анын дагы бирдемени ойлоп тапканына корстон болгон балдар ызылдап-чуркурашып мектепке барганда кароолдун жанына Жолон келип:

– Аке, мына уруксат алып келдик! – деп бир барак кагазды сунду. Кароолчу карап көрүп ишенди. Кудуңдаган балдар чуркаган бойдон класска кирип кетишти. Эки-үч күн тымпыйышып, жөн эле кирип жатышкан.

– Эмне эле түштөн кийин мектепте ызы-чуу боло берет? – деп директор Абжапар агай кароолчудан сурайт.

– Өзүңүз уруксат берген экенсиз го?.. – кароолчу мөөр басылган бир барак кагазды көрсөтөт. Директор таң кала карап: «Мен кол койгон эмесмин» – деп баш чайкайт. «Атаңдын оозунурайын, жубарымбектер!» – деп кароолчу балдарды көргөн жерден сөгүп-тилдеп, көпкө чейин мектепке жолотпой кууп жүрдү.

Ак-Буурадан кайырмак менен балык кармап келип, эшигинин алдына көлмөчөлөрдү жасап, ага суу куюп, балыктарды салып коёт. Эң жакшы көргөн адаты, эрмеги. Эшикке келген кишини деле элес албай кудуңдап, бирдемелерди сүйлөп, балыгы менен алек боло берет. Бир күнү айбандагы сөөрүдө эс алып отурган

агасы баланын ойногонуна кызыга карап туруп сурап калды:

– Окууну бүткөндө ким болгуң келет?

– Журналистикага тапшырсамбы деп жүрөм... – бала саамга кыялдангандай ушинтти.

– Койчу ошо жазганды! – Агасы эми эле өз оюн айтайын, кеңешин берейин деп турганда тамаркадан тезек көтөрүп келаткан апасы угуп-укпай:

– Ии-имне, жуналис-с-с деген кызы бар бекен? – деп калды. Жолон агасы экөө каткыра күлүп, журналисттик кесип жөнүндө апасына шашпай түшүндүрүп беришти.

Ара-чолодо кашаң эшегин кыдыңдата минип, Берикбай келет. Ак саргыл сербейген сакалын уучтай сылаганды адатка айландырган жамакчы бир укканын жатка айткан Жолонду өзүнө имерип эрмектейт. Алмакандын короосунун жанына токтоп, ичкериде бирөө-жарым барбы дегендей, саамга туруп үн салды:

– Жолон көрүнбөйт го?

– Ойноп кеткенби, ушерде эле бутка чалышып жүргөн... – Апасы Берикбайдан ыйбаа кыла жооп узатты.

Берикбай Берикбай атыкканы жашоого бала пейил менен келип, бала пейили менен кетиптир. Анын ыйман-ыскатын жеп, эзели жалган айтпаганы, кара кылды как жарган калыстыгы, көргөн-билгенин жамактатып жамы журтка алынганы, улуу-кичүүгө бирдей, тегиз мамилесин төлөйкөндүк карыялар айтышат. Берикбай Маматов Төлөйкөн айылынан чыккан жамакчы, аш-тойлордо оозунан ыр төгүлүп, терс көрүнүштөрдү тайманбай бетке айткан, жамакчы-куудул да болгон.

Берикбайдын кошунасы Осмон чал карыганда кор болду. Оо-о! Осмон палван деп атагы Анжыян, Кокон, Маргаланга жетип, атынан ат үркүп турганда, бул үйдөн киши аягы үзүлчү эмес. Палвандын салабаттуу денеси боюна токтобой, эки жеринен колтук ылдый,

анан белинен жогору жагын кошоктоп, чарчы байланып алчу экен. Көчө менен бир болуп келатканын көргөндөр савлатинанби[1], же сүрүнөнбү бөжүрөп, ыйба кылышчу дешет. Жаш чагында иниси экөөлөп жазга маал эки өгүздү кошуп, жер айдап жатышса жаш ноода өгүз чарчап, кайсактап баспай коёт. Жерге өбөктөгөн жаныбарды бутунан тартып тургузам деп палван өгүздүн бутун жулуп алыптыр. Жерим айдалбай калды деп кейиген инисинин көңүлүн көтөрүп:

– Кейибе, сага айдашып берсем болобу? – деп, Осмон палван моюнтурукту мойнуна салып, экинчи өгүз менен кошо жер айдашкан экен. Көргөндөр муну канчага чейин аңыз кылышпады дейсиз.

Осмон палван өмүрү өткөнчө балалуу болбоду. Карыганда каруусунан тайып, таяк таянып калганда палван ысык тамак-аштан кыйналат. Көчө-көйдүн ызы-чуусун эрмектеп, жалгыз бой карыя керели-кечке үйүнүн алдындагы жолго карап отуруп калат.

Таң заарынан күндүн көзү көрүнө электе Максыттын кыз-келиндери жасан-түзөн болуп, балдардын карын чачын кырктырып келели деп, Ошко Сулайман такка жөнөп калышат. Ыз-тыз түшө чурулдаган балдарын ээрчитип, жолго чыгышканын көргөн Берикбай аларга суроо салды:

– Каякка жөнөдүңөр, байдын кыз-келиндери?

– Такка барып, зыярат кылалы дедик эле, аба.

– Так алдыңарда турбайбы?.. – деп, жол четинде отурган Осмон чалды көрсөтүп, Берикбай сөзүн улады. – Арчадай болгон чал отурса, токсондон ашкан, каякка барасыңар? Аксакалдын алдына келип, коюңарды союп, батасын алгыла да?!

Кыз-келиндер Берикбайдын кебинен кыя өтпөй «тык» токтошуп, Осмон карыянын үйүндө каада-салтты, ырым-жырымды түгөл жасап, батасын алышат. Ошондон кийин айылдагылар түлө өткөрсө жакшылык-

[1] *Савлаттуу* – келбеттүү.

ка чабылган устуканды биринчи Осмонго ооз тийгизип, алыс-жакынкы сапарга жол тартса да, чалга келип батасын ала турган болушту.

Ушу айылда кызык. Төө эмес, тоок жоголсо да тез таркайт, тез угулат. Аш-паш дегиче эки ооз сөз төртөө болуп, айыл аралап жөнөйт. Айылдагылар айтмакчы, бир күнү тоок пок чокуй электе Мамыркардын балдары кошуналардын тоок коночосуна баш багып, ызычуу түшүп калышты. Эмне балакет болду? Ким билсин? Аа-а, жо-ок, тоок жоголду! Мамыркардын көзүрү, чакчаңдап-тастаңдап мекияндар турмак, короздорго күн бербеген тополоңчу кызыл корозу жок.

Айылдын аяк-башына дейре тоок коночолордон тинтип, издеп таба алышпады. Бул сөз Берикбайга жетет. Коңшусу, анысынан да туугандык жагы бар Мамыркар эмнегедир Берикбайды кыртышы сүйбөй турган. Жамакчынын бетке чабарлыгын, тайманбай түз сүйлөгөнүн жактырбай, өзүнчө күңкүлдөп калчу. Азан чакыргандагы аты Мамыр, кулагы жакшы укпайт, келиң-туруң менен иши жок болгондуктан, Мамыркар (кар-кереӊ) атыккан. Сыкса кан чыкпаган, тапканын сары майдай саргайтып, эч кимге эч нерсе бербеген, анча-мынчага эрибей турган, аласа-бересеге бышык, сараңдыгынан айылындагылардан кыйла бардар жашайт. Тегирменчи Мамыркардын тоогу жоголуп, жылдызы түшүп, сөгүнүп-кагынып жүргөнүн көргөн Берикбай тим турбай жамактайт:

Пайшамба күнү тоголбу?  
Жума күнү  
Мамыркардын тоогу жоголду.  
Озгурга кабар жеттиби?  
Молдо Осмонго туттуруп,  
Ормонов кармап кеттиби?  
Эчки - койдун шыйрагы,  
Төлөнбай деген чыйрагы,

Бул алып кетти тоокту,
Бул албаса, ким алды?
От жакса казанда аш,
Карим чөкүр палаң баш[1],
Закускөгө керек деп,
Бул алдыбы тоокту?
Бул албаса ким алды?
Бейбаш балдар шум алды,
Жоголгон тооктун таажысы,
Саргалчанын ажысы,
Мындан дагы күмөн бар.
Уурдалган тоок тептиби?
Закүнчүлөр келди деп,
Зампред Абдимиталип,
Кармап кеттиби?
Же дүйнөпараз[2] бала эле,
Таштанов алып кеттиби?

Жамакчынын ыры айылга желдей тарап, ооздон-оозго алынып кетет. «Пятилетка» колхозунун башкармасы Мамыр Гаипов, орун басары Абдимиталип Жунусов дагы башка атка минерлердин кулагына жамак ыр жетип, булар да жөн калбай күмөндүү болуп калышканына жандары ачып, айыптууну издөөгө түгөл киришет. Бирөөнүн короосуна кол салганы үчүн айылдын терсаяктары теске салынат. Анан бозодон ичи курулдап ачышкан бозокорлор корозду союп жеп алышканы ачыкка чыгат.

Берикбай дээринде мал-дүйнөгө көз артпаган, оозунда куюлушкан сөзү менен акты ак, караны кара деп айткан даана киши. Анын бар тапканы дасторконунда, көчөдөн нары-бери өткөндү бир чайнек чайы болсо да чакыра берген ашмар киши. Бир адаты өмүрү өткөнчө калбады. Чайды өзү кайнатып, кызарган чокко коюп,

[1] *Чөкүр палаң баш* – чөкүш баш.
[2] *Дүйнөпараз* – дүйнөкор.

кыпкызыл демдеп ичет. Отту алоолонтуп улуу жагып, көрөдөгү суу таза шарактап төгүлүп кайнагыча, жалынга кол тийгизбей, аташкүрөк[1] менен чокту бери тартып акырын чыгарып, кайсы бир жылы Мати аксакалдан сатып алган калемпир гүлдүү, кытайдын фарфорунан поруму жакшына жасалган чайнегине чайын демдеп, анан чайдын даамынан ырахат алып шашпай ичет эле.

Күн бешимден оогондо, очоктун боюнда үңкүйүп отурган Берикбайдын бир билгени барбы?

– Оттон даримданып[2] жатабы, мусурманым? Очоктун ичине түшө калчудай чокчоюп отурганын көр... – деп, эки-үч там нарыда турган Алмакан кобурап калат. Берикбай болсо, оттун табына караганча, эртеңкиси-би-өткөндөгүсүбү, же азыр эле оозуна келе калган ыр саптарын жамап, тизмектелген ыр түрмөктөрү, өзүнөн өзү куюлушкан жамактар менен ойго төнүп отурар эле...

Айылдагылардын Берикбайды жакшы көрүшкөнү – айылдагы кыңыр-кылтың ишти тескери баскан кишини элге ашкере кылганы; жаман көрүшкөнү – күнөөкөрдүн айыбы ачылып ортого алынып, элге угулуп калганы; айбыкканы – кайталабаска аракеттенишкени. Ал көргөнүн көргөндөй, укканын уккандай ырга салды дегиче күлкүнүн карды жарылып кетет бейм. Жамакчы чал күндүзү эшегин минип алып, кыңылдап ырдап айыл кыдырып жөнөйт да, анан баратып көзүнө чалдыккан кимдир бирөөнүн кемтигин, жаман кылыгын көрсө көз жуумп өтө албайт.

Кеч күздө жер тоңгоктоп, түш чендей жибий түшкөндө Сатиге жакшы бир ой келди. Ылайдан гувала[3] жасап, кыдырата тизип кургатып, үйгө урунмуш болот. Гуваладан там сала турган жалкоо Сати ишин эми эле

[1] *Аташкүрөк* – кыпчуур (от жакканда чокту же күйгөн отунду кыпчый турган темир буюм).

[2] *Даримданып* – ырымдануу, дабаалануу.

[3] *Гувала* – ылайдан жасалган кам кыш.

баштаганда токсон түштү. Оо, даңгаса[1] Сатинин жалкоолугу ай! Ашыкча жалкоо да! Анда тамдын башын шыйпырлаганды ким билиптир? Сати тамынын үстүнөн тамчы акса да кенебей, уйкудан көзү ачылбай, чай пияла, аш пиялаларын дагы аккан тамчыга кыдырата тизип коюп жата берген эме.Эрингенинен эч тургусу жок, курсагы ачкан үчүн эле өйдө турбаса, зерикkeninен кезерип ачка калган күндөрү деле болот. Токсон түшкөндө гувала жасаган жалгыз Сати жалкоо эле.

– Эки-үч күндөн кийин суук түшөт бейм? Токсондун түшөөр маалы боло элекпи? – айылдагылар атайын Берикбайга кеп кылып калат, анда ал кебелип койбой:

– Э-э-к, Сати тынч эле го?! Ошо кыймылдаса билинет да! – дейт.

Айыл активдеринин Берикбайды көргөндө боюн түздөнө калып чочулап, тайсалдап турар жөнү бар эле. Колунда жок кедей-кембагалдар баш көтөрүп, артелге биригип, бийликке келгендеги бадырак шайлоону жамактап ырдаган Берикбай эмес беле?

Жогору жакта Эмил бар,
Ылдый жакта Шерим бар.
Бадырак шайлоо болгондо,
Шер акам туруп зор болду.
Бозо сатар Шериңер,
Болуш болду деп угам.

Баарынын кечээгисин жамакка кошуп, чоң болгондон кийин элдин муң-зарын угуп, улуу-кичүүгө тең болгула деп, ар бирине пейил-куюна жараша чукугандай сөз тапканын айылдаштары көпкө чейин айтып жүрүштү.

Жашы өйдөлөгөн сайын жалгыз бой Берикбайга таң атышы, күн батышы кыйын болду. Көзүн ирмесе не куш уйкуга алдырганы, не түмөн-түркүн ой-санаага

[1] *Даңгаса* – жалкоо, бекерчи.

термелгени билинбей, үйүндө көп жатчу эмес. Адатта эшекчен, же жөө-жалаң бараткан Берикбайдын караанын айылдын ар кайсы жеринен көрсө болор эле. Жамакчынын жаны тынбайт дешет айылдыктар.

Кымгуут кез. Үймө-үй терилип, эркек аттуу, жада калса эми эр жетип келаткан боз балдар да биринен кийин бири согушка аттанышты. Согуш эмне экенин билбей, эртең эле эрдик жасап жиберчүдөй шаңырандап мурду тердеп, аскерге баратканына, эр жеткенине адырандаган жаш жигиттердин ошондогу кубанычын жакшылыкка жоругандан башка не айла, не чара бар? Колхоздо белдүү эркектердин жоктугунан ууру-кески көбөйүп, аскерге деп бир баштан дан жыйнап, аны сары майдай сактаган, кан майданга каткан буудайга көз артып, суук колун салган учурлар көп болгон.Түн катып уурулук кылгандар эки жактан келмек беле? Эл менен аралашып, күндүзү сулуу чымчыктай көз көрсөтүмүш болуп, түнкүсүн жортуулга чыккан айылдын эле эки буттуу «бөрүлөрү» болчу. Эл ачарчылыктын оор азабын тартып, балдар терген биртике машакты катып, анда-санда бир-эки жолу буудай унунан нан жешпесе, Куданын жараткан күнүндө ченеми менен берилген арпанын нанын өрүк как менен кошо жеп, жан сакташкан.

Уурунун жолун тоспосо, колхоздун буудайына жорткону аз келгендей, айыл аралаганы жанга тийди деп, Берикбай буларды да жөн койбоду.

Айтыкандын жегени,
Торумкайдын буудайы.
Айтыкан башым дегенде
Токтор ууру Кудайы.

Мойдун чыкты шайланып,
Ууру бычак байланып,
Соёрго малды таба албай,
«Пятилетканы»айланып.

Арзыкандын үйүнө,
Түнү келип кириптир.
Ак кийизин алыптыр,
Кара-Сууга барыптыр.

Элге Берикбайдын жамагы жагып, оозмо-ооз жатталып, чоң-кичиненин эрмегине айланганданбы, ууру-нун аягы кыйлага чейин тыйылган дешет. Согуштун азабын, кээрин, мээнетин кыз-кыркын менен келин-кесек, аялдар менен жаш балдар, кемпир-чалдар куп тартты. Эптеп курсак тойсо, кара жаным аман калса болгону деп, эл бар тапканын фронтко жөнөтүп турушту. Колхоздун буудайын эгип, оруп-жыйнап, сокого бастырып, кызыл данды кампага өткөрмөйүн үй бетин көрүшпөйт эле.

1943-жылдын жазы өзгөчө оор болду, жерге тап кирейин деп калганда жут башталып, мал-салды мындай кой, адамдын жашоосу бар-жоктун ортосунда калгансыды... Айылды тердеме кесел басып, жаман оорунун кесепети айылдагыларды куушуруп, безилдетип койду. Күнүнө эки-үч адамды жерге көмгөн күндөрдүн бети курусунчу! Айылдагы мурда жамандыкка чыккан өкүрүк менен ыйдын күчү кеткендей, ыйдын ордун шыбыраган үндөр алмаштырып калды. Адам ыйга да тоёт окшойт... ыйдан да тажайт окшойт...ыйдан эч нерсе таба албасын билип, өз кайгысы менен мелтиреп тиктешип, сустайып үнсүз ыйлап, муңун ичине жутуп, тагдырына салганы менен ыйсыз жаакташат окшойт...

* * *

Жер кетмендеп келаткан эки аял өздөрүнчө сүйлөшүп келатышты.

– Каракожо аксакалдын бечара жаңы келини чөгүп, жүдөп кетти.

– Кантсин, күйөөсү менен бир ай жашады же жашабады. Сагынып куурады бейм?

– Коё турбай эрте берип коюшпадыбы шордууну... Жаш неме илип алганбы, арыктап эле баратат.

Согушка баламы алаарын билгенимде, келинди албайт элем. Бу секелектин убалы немиске тийсин деп кайнатасы санын чапкылап жүрбөйбү.

Кечкурун ээрчите кел. Бир отуруп, муңду жазалы.., – деп, Алмакан үйүн көздөй басты.

Кечки серүүндөгү желаргы Алмакан сызгырган сары майдын жытын айдактап, айыл аралап жөнөдү. «Курган бир этек жетимдеринин бешенеси тердеп, оңуп калышат экен...» – деп Берикбай кампадан алган эки ууч өрүктүн кагын алып барса, Алмакандын үйү толо катындар отуруптур. Бозого кызып алышкан окшойт. Дуулдап беттери тамылжыйт. Алмакандын кучагындагы үчкө толо элек Жолон уйкуда. Салынган дасторкондо челеги менен бозо, арпанын унунан беш-алты сындырымдай нан, ар-ар жерде томолонуп өрүк как жатат.

Биртке май сызгырдым эле.Ошондон ооз тийгизейин деп, катындар чогула калдык эле... – деп Алмакан актангандай, Берикбайга төрдөн орун көргөздү.

Беймарал өзүңөр отургула!

Жамакчы карыя чөнтөгүндөгү409 кактарды дасторконго таштап, сыртка чыкканча шашты.

– Алмакан жеңе, ырдачы!

– Ырдайын...

– Өзүңүздүкүн ырдаң!

Шарактаган катындардын дене-бою жазылып, өздөрүнөн башка эркек аттуунун жоктугунан эркин сезип, бейжайлана элирген делөөрүткөн көңүл түпкүрүндөгү сөздөр чыга баштаганда, көпчүлүккө тааныш обон канат байлагансыды.

Ак шумкар кушту сен салдың,
Анын боосун мен чалдым,
Сен аскерге кеткенде,
Алдырап ыйлап мен калдым...

Баятан бери катындардын оозун тиктеп отурган Жазгүлдүн жан дүйнөсүндөгү көптөн бери бугуп жаткан сагынычы, кусалыгы канчалык тиштенип, өзүн кармангынына карабай, мууну-жүүнүн бошотуп, көөдөнүнөн атып чыкты. Жаш келин билдирбеске тырышып, анан солкулдап ыйлап кирди. Үнү чыкпаганы менен карегинен төгүлгөн мончоктой тамчылар жүзүнөн төгүлө берди. Эшикке чыгып кеткиси келди, бирок пайитин таппай, ордунан турганга кудурети жетпей жатты.

Көк шумкар кушту сен салдың,
Анын боосун мен чалдым.
Сен аскерге кеткенде,
Солкулдап ыйлап мен калдым.

Алмакандын авазы бир башкача! Кимдин жүрөгүнө болбосун жетет! Шаңкылдап бийик, коңур үнүнөн назиктик, сагыныч, кусалык менен муңайымдыктан башка көкүрөктө катылган сырын айта албагансыган бир сыр жатат. Ошо жерде уй мүйүз тарта отурган келин-кыздардын бардыгында айтылбаган ошол сыр бардай сезилчү...

Келгенден ооз ачпай, арык, ичке манжаларын кармалап отурган Сантанын жапжаш келини эчкирип ыйлап жиберди. Баары жалт карап, бирок эч ким эч нерсе айтпады. Жаш келиндин көз жашына улап ыйлагысы келген көздөрдүн муңу тамакайга тыгылып, бери көздөй чыга албай тургансыды. Анын буулуккан үнүнөн жанын кыйнаган кайгы-капанын, сагыныч менен кусалыктын, өкүнүч менен кубанычтын тору тытылып кеткенсиди...

Күндөрдүн биринде жаш келин талаадан нормасын бүтүрө албай кечирээк келатса, атасына теӊ чамалаш Байыш төкөр дарактын далдоосунан чыга калды да, жаш келинди өзүнө имере тартып, эриндерин кычкыл жыттанган шалпык оозу менен соруп, көкүрөгүн

мыжый кармалаганда жүрөгү оозуна тыгылды. Ары түртүп жиберейин десе, алы жетсечи... Денесин калтырак басып, коркконунан тыбырчылаган жүрөгү бутуна түшүп кеткенсиди. Бакырайын десе, колу менен оозун басып алган төкөрдүн кучагынан суурулуп чыга албай жанталашат. Күчүнүн жетишинче шалпыкты түртүп жиберип, чуркап баратып бирдемеге чалынып жыгылып түштү. Оюнда артынан кууп келатабы деп, жерди өбөктөп чуркап туруп барып, араң боюн түздөдү. Кимдир бирөө көрүп койгондой ошондон бери жанына тынчтык жок. Эки бети албырып, уятынан өзүн коёрго жер таппайт, ичкени ирим, жегени желим. Же бирөөгө айта алсачы. Кайнатасы менен кайненесинин кулагына жетсе эмне дешет? Төкөрдүн арбактай болгон сөлөкөтү көз алдынан кетпей уйкусу качып, түшүнөн чочуп ойгончу болду.

Алмаканга келген катындар бир топко чейин шарактап отурушту. Баары муңга, бир арманга айланган, аскерге кеткен жарларын сагынган, жоктоого толгон ырларды ырдашты. Анткен менен ашыктык ырлары баарын басып кетти окшойт... Алардын ырдаганын угуп олтурган Берикбай: «Ушунусу түзүк, ушунусу түзүк...» – деп кобурап, бирарда боло калчу келин-кесектин отурушуна изги тиледи.

Совет кезинде кызыл ишембилик майрамдагыдай чоң салтанат менен өтө турган. Таң атпай патефондон Мыскал Өмүркановanын тоо булагындай шаңкылдаган авазы айыл аралап, элдин деминенби, же бир сезим кытыгылаган шерденүүнүн илебиненби, айылдыктар өзүнөн өзү сапка тизилгендей биримдикте чыгышат эле. Айыл активдери ары чапкылап, бери чапкылап, жасала турган иштерге баш-көз болушарын баары билет. Бүтпөгөн жумуш атмай ишембиликте бүткөрүлөт. Ошентсе да кексе карылар жамакчыга тийишип тамашалашат:

– Ушу өнөрүңдү чоңдорго бир көрсөтчү? Активдерди ырыңа кошуп, иштетип берчи, Лениндин өзү иштеген экен ишембиликте! – деп.

Тамаша чынга айланып, бир койго мелдешип, кол алышат. Эл жамакчыны жардап, тегеректеп турушат. Берикбай «аа-а» деп ооз ачканда эле оозуна сала бердиби, активдерди карап, жамагын баштады.

Башкармасы Мамыр,
Андава тартат деп уктум.
Замиститeл Абдимиталип,
Замбар көтөрөт деп уктум,
Химизатор Исраили,
Ылай кылат деп уктум.
Бухгалтери Муктарбек,
Мык кагат деп уктум,
Ат багары Матмуса,
Көң тазалайт деп уктум,
Кампачы болсо Карысы,
Бешилигин көтөрүп,
Саманчы болду деп уктум.

Жамакчынын куйкумун укканда жардап тургандар дуулдата кол чаап, кубаттап кетишет. Башкарма баш болгон активдер куюлуштура сөз тапкан жамакчыга каяша айта албай, колхоздун мал фермасын шыбаганга жапырт ишке киришет. Эки колхоздун элинин алдында Берикбай ошондо чоң аброй алган экен.

Анын жанына жакын санаганы Жолон бала. Экөө ерикпейт. Каякка барса эшегине баланы учкаштырып алат. Жамактап ырдаганын балага үйрөтүп, кайра угат. Берикбайга баланын чоң кишидей зээни, бакырайган көздөрүнүн кунттугу жагат. Куйма кулактыгынан кайра-кайра кайталап айткандан кыйналбайт дагы, тартынбайт дагы. Өгүнкү бир тойдо кызыл ишембиликтеги ырын ырдап берип катырбадыбы! Буюрса, эр тууганын тартса, сөздү өнөр туткан адам болоор. Өзүнүн балдарынын ичинен сөзгө жакын, сөз кадырла-

ган, сөз бакканы чыгаар бекен? Таң ай!.. Азыр байкалбайт деле. Ошон үчүн Жолонго жан тартып жанынан чыгарбай, имерчиктеп турганы турган.

Сөздүн деле пири болот дешет. Ал Кудайдан берилген шыбага сыяктуу, кемде-кем кишиге берилет деп, сөзмөр тууганынын айтканы эсинде. Кээде өзүнөн өзү эргип, оозуна таруудай төгүлгөн саптардан аптыгып толкунданып, кээсин эсине тутуп, кай бирин унутуп калган кездери көп болот. Аттиң, ай!.. Кат тааныса кана?.. Отуруп алып жаза бермек, жаза бермек... ойдогусун кагазга түшүрүп койсо гана? Жолонго окшогон зирек балдарга билгенин четинен үйрөтө бермек!.. Жамакчы сабатсыздыгына жаны ачып, азыркы балдар кичине кезинен кат тааныгандарына жетине албай кетчү.

Бердибайдын паксадан урулган, ылай шыбагы эскирген тамынын жанындагы картайган кайрагач жыгачты атасы, чоң атасы көргөн. Кыздары буюрган жерине кетишип, эркек балдары ата конушун оңдоп, өмүр көчүн улайт. Анын урпактары жамакчынын санатын сактап калаар бекен? Азбы-көппү, жакшыбы-жаманбы жамактары эл арасындагы кыңыр, былгытма, тескери иштердин бетин ачат эле. Койнунда котур ташы барлары, бирөөнүн акысын жегенге көнгөнү, уурулук менен күн көргөнү, байлыгына чиренгени карапайым адамдарды буту менен көрсөтүп көпкөндө, же жетим-жесирди карабай амалкөйлүк менен амалпараздыктан семиргендер Берикбайдын атын укканда зыркырап турат. «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» дегендей, тилинин азабын көп тартканы менен дилиндегисинен кайтпады, адилеттигинен жанбады. Карт кайрагачтын түбүндө отуруп, жамакчы ушинтип ой чубайт эле.

Чай кайнаткан көрөсүн таза чайкап, отко асып, очокко улуулата от жагып, көчөдө чикилдек ойноп жүрүшкөн балдардан сурайт:

– Мамыттын делдең кулагы каякта жүрөт?

– О-о, Жолон делдең кулак! Быякка кел! Аваң чакырып ата-ат! – деп өзү курдай балдар биринен бири оозуп чуркайт. Арык, бою узун, кулагын делдейтип, мурдун тырыштырган Жолон Берикбайдын жанына шыпылдап жетип келет. Быйыл биринчиге бара турган баланы жанына отургузуп, чапанынын бир өңүтүнө ороп, оттун боюнда божурашат.

– Чоңойсоң ким болосуң?

– Ыйдайм, ы-ыйчы болом!.. – Жолон «р»тамгасына тили келбей, окугучакты тилин чайнап, үйрөнө албай жүрдү.

–Түзүк, түзүк!.. Айткандарымды эсиңе тутуп жүр. Берикбай авам ушинтип ырдайт эле деп айтаарсың?..

Кээде жомок айтып, түн кирип, көз байлангыча кобурашып отура беришет. Очоктун оту өчмөйүн, Берикбай козголуп койбойт. Тээ бир оокумда көзү ургүлөп, уйкуга азгырылып кеткен баланы акырын үйүнө көтөрүп келип, төшөгүнө жаткырып кетет.

Алоолонуп күйгөн от көрсөм
Алоолонуп кетет жүрөгүм.

От – жашоого жаңыдан көз ачкан балага ымыркай кезден тааныш болду. Авасы Берикбай менен очоктун боюнда отуруп жомок укту, ыр укту. Жамакчынын баласынтпай жасаган тең ата мамилесинен жашоого, табиятка, адамдарга мамилеси эрте калыптанды. Оттун табын, демин карап отуруп, баланын элестөөсү, фантазиясы, эске тутуусу, кыялдары, ой жоруусу, ой чабыттары эрте ойгонду, чыйралды, чабыттады.

От – болочок акындын дүйнө туюмун, көркөм табитин, кыял чабытын кеңейтип, сезимин ойготту. От –акындын бүт тулку-боюна, кан-тамырына сиңип калгандай, ыр саптарынын ар биринен оттун табы, илеби, жылуулугу, жарыгы туюлат. Очоктогу оттон тутандырык алып, поэзия ордосуна дуулдата жагып, өмүрү өткөнчө жүрөк отуна сыйынып, таазим кылган. Бала ке-

зиндеги очоктун оту менен жүрөк отунун кудуретинен оттуу ырлары, оттуу поэзиясы жаралгандай Жолон...

От темасы, анын табияты, жаратылышы жана адам турмушундагы орду, пайдасы жөнүндө адамзат мифологиялык доордон эле ой жүгүрткөн, аны жашоонун, тирүүлүктүн символу катары, дүйнөнү дүйнө кылып кармап турган табигый негизги стихиялардын бири катары кабылдашкан, же дагы оттун ээси Күн, чагылган ж.б. дешкен.

Оомал- төкмөл дүйнөдө,
Оту бар жерде түн болбойт.
Оту өчкөндүн үйүндө,
Ооз ачкан менен үн болбойт, –

деп алп акын, ойчул Барпы ырдагандай, оттун жашоого жан киргизген касиетин канча айтсаң да түгөнбөйт. Же болбосо оттун ээси башка тирүү зат болот: Күндөн, Айдан, чагылган ж.б. алышат.

Ал эми грек мифологиясында Олимптеги Кудайлар жашырып, адам баласына бергиси келбей, күндөп-түндөп саксактап кайтарган отту Иопет титандын уулу Промотей уурдап, пендезатка алып келип берет. Аны Гермес жана Гефест Кудайлар улуу тоонун бийик чокусундагы аскага чынжыр менен байлап, аёосуз соттошкондо: «Оттун ээлтеден жаратылыштагы табияты өчпөс болот, бирөө алса эле азайып, же өчүп калбайт. Ошон үчүн Кудайлар жүрөгүңөрдү кең кылып, адамдарга жакшылык кылгыла» – деп айтканы эске түшөт. Ошентип, кыйынчылык менен гуманист-титан Промотей отту уурдап келип, пендезаттын өмүрүн улантканы грек мифологиясында да бар. От темасы дүйнө адабияты менен маданиятында түрдүү жанрда белгилүү. Алардын арасында XX кылымда жашап өткөн акын Жолон Мамытов адамдардын жүрөгүндө түнөгөн, жан дүйнөсүн жаркыткан, дуулдаган оттой жарык поэзиясын калтырып кетти. Акын өзгөчө кайрыктары менен оттой ысык, оттун энергетикасын боюна сиңирген от-

туу ырларды жаратты. Ошондуктан көркөм сөздү өнөр тутуп кадырлаган окурман журту оту өчпөгөн поэзия табына ар дайым тартылып турары шексиз.

Эл тынса да, Жусуп чал тынбайт. Кышын-жазын шаар менен кыштактын жолун таптайт. Куржун артынган Жусупту бүгүн шаардан көрсөң, эртең тоодон жолуктурасың. Сооданын ышкысына куп берилген неме. Оштон туз, керосин, бөз алып тоого жөнөйт. Тоолуктардын арпа, буудайына алмаштырып, айылдагыларга сатып соодагерчилик кылат. Той-топурга, жамандык-жакшылыкка пулдан калам деп барбайт. Анын өлүм-житимге сейрек каттап, катардан калып бараткан байкаган Берикбай мындай деп ырга салды.

Азаматым Жусуп чал,
Тоого дайым каттайсың,
Тоолуктун жонун таптайсың.
Тоодон алган арпаңды,
Ошко арзан сатпайсың.
Аялыңдын койнуна,
Айында келип жатпайсың.

Жамакчы бир-эки курдай жолдо келаткан Жусупту көрүп, ушинтип жамактатып ырдап жибергенде, ал кокуйлайт:

–Дамыла, койдук эми, койдук! Кулдугум бар, ырыңызга кошпой эле коюң?..

–Нас берип параласам ырдабай калат дебе. Илгеркилер айткан экен: «Элден кетсең кийиксиң, эл менен жүрсөң бийиксиң» демекчи, элден чыкпа! – деп жолуна түшөт.

Күндөрдүн биринде Берикбай менен Мамыркар кыжылдашып, ал тургай жакалашып, кыйла нары сүр, бери сүр болушту. Оңойлук менен ачууга алдырбаган жамакчынын жаалына таң калышкан адамдар заматта тегирмендин жанына топтоло калышты. Чатак эмнеден чыкты? Мамыркар тегирменчи тегирмендин пырына бо-

зала чаң болгон турпаты менен ачуусунан титиреңдеп, жамакчыга тап берем деп жулкунат. Арачыга түшкөндөргө моюн бербеген тегирменчи Берикбайды ашата сөгүп, жулкунуп-булкунуп жини кайнап жатты.

– Аралашып имне таптың, энеңди?! Алдаймынбы, алданамбы менин ишим! Эмне, сен тегирменди айлантышып койдуңбу?.. Кызыл тилиңден башка эмнең бар сенин?!

– Нысабы жок, кысталак! Баласынтып, болушары жок деп, жетимди алдаганың эмнең? Беш колун оозуна тыккан сендей ач көз ааламда барбы?! Берикбай алты-жети жашар чамасындагы кара тоголок баланын колундагы түйүнчөктү тургандарга көрсөтүп:

– Бир чакса арпа унду 150 сомго сатканын карабайсыңарбы?! Элдин ачкалыгынан байып кетейин дедиңби, ноомарт?!

– Мээнет меники! Сага окшоп, ар жерде көчө-көйдө тилимен чаңызгып жүргөн жокмун! Мээнет кылып атам, иштеп атам! Тегирмен токтосунчу, үч колхоздун эли ачка калат! – деп, тегирменчи ого бетер бакылдады. Көрсө, Берикбай Жолонду алдына өңөрсө, артына учкаштырып жүргөн Кожону алдаган экен Мамыркар тегирменчи.

Берикбай кара тоголок, шыргыйдай арык баланы колунан жетелеп, элдин көзүнчө эсептешип үйүнө кетет. Кийин Мамыркарды текшерип, кап-кап буудайларын активдер бекиткен жеринен таап чыгышат. Эл ачка, курсагы нанга тойбой жатса, «Казанчынын өз эрки, кайдан кулак чыгарса» дегенчелик кылып, тегирменчи ар кимден галаны[1] каалашынча кочуштап отуруп, ороосун толтуруп алган экен. Мамыркар напсисин агызып не тапты дегендерге Берикбай минтип жооп бериптир.

Мамыркардан не калды?
Ортосу сынган таш калды.

[1] *Гала* – дан, тегирмендин акысы.

Көтөрүм малы ач калды,
Көөлөнбөй сабиз жаш алды.

...Эл ичи күдүң-күдүң кеп. Эки катындын башы бириксе, бетин аткып жосунсуз жорукту кеп кылып түгөтө албай жатышты.

– Аа-ий, бетим ий! Эми чопчоң эле немелер сүйүштүк-күйүштүк деп, көчөгө чыгып кеткени эмнеси?!

– Имнесин айтасың? Эркектин го бетинде түгү бар, беркинин элирип, он сегиздегидей өзүн токтото албаганын кара?!

– Тиги пилмдегидей болуп, эч кимди көзгө илбей калган дейт го?

– Бетимдин беш териси ий!..

Айылдагылардын чоң-кичинеси эрмектеген окуяны көргөнү-көрбөгөнү деле көбүртүп-жабыртып, шумдуктуу бирдеме айыл аралап жүргөндөй этият шыбырашып, ушак-айыңдын казаны боткодой кыжылдап, кайнап тынчыбады.

Муну жамакчы жөн коймокпу? Сөздөн өтөөр эмне бар? Сөздүн кудуретинен курч не айла бар? Эл оозу менен кулагына жетсе жоругунан уялып, бетин чүркөлөп калар, экинчи мындай кылыктарын кайталап кылбастыр деген ойдо Берикбай минтип ырга кошот:

Толгон бир кези ашыкжан
Жүрүшөт бейм баштадан.
Атчан келип жөн эле,
Айгыр бээдей жытташкан.
Шумдугуң кур, адамдын
Тек кетирбей кадамын,
Кетти ичине бадалдын.

Экөөнүн ийрисин ийиктей ийлеп, мунусуна дагы улап, бир каптай жамактатып ыр чыгарат. Сакалдуу башы менен айтканы болбос, болду-болбоду куйма ку-

лак Жолонду таап, кулагына куюп коёюн ошол ырдасын дейт.

Жолон эшекчен абышканын жанына жакын туруп, колун серепчилеп жанагы ырын шыр айтып калчу.

Бул жамакты Жолон кичине балакайында ырдап жүргөн эле. Бирок бир күнү...Теңтушу Токтогул экөө Озгурдан машак терип келатышса, эки абышка токтотуп алып сурап калышты:

– Жолон, баягы ырыңды ырдачы?

– Кайсы? – бала каадалуу кишиче сурайт.

– Баягылардын кылыгы жөнүндө...

– Як!.. – бала бир саамга токтоп туруп айтты.

– Башкасын ырдайынчы?..

– Майлиң, майлиң..Башкасын ырда.

Таңды кеч ойлоп талыгам,
Талыкшып жаным зарыгам.
Амалым жок, кол кыска,
Ойлонуп жатып зарыгам

Бала башка ырларын ырдап берди.

– Ии-й, бала эсине кирип, кадыресе киши болуптур! Бар бол, өнөрүң өссүн! – деп, осол суроосуна өздөрү мыш болгондой, эки чал бири-бирине мыйыгынан карап, тестиерди алкап жолун улашты...

Берикбай жамакчы ошол кездеги коомдогу терс көрүнүштөрдүн чекесине чыккан чыйкан сымал терс көрүнүш, адепсиз кыял-жорук, адамгерчиликсиз мамилени жамактатып ырга кошуп, өзү да ырдап, бала Жолонго да айттырган. Андан колхоздун активисттери, ушакчы, куйту, жалкоо, ууру-кески, жаман ойлуу адамдар чочулап коркушкан. Берикбай тайманбай бетке айтып, жамак болсо да сөздүн энергетикасы менен таасир эткен. Ал кезде сөздүн күчү, кудурети, таасири бар эле. Коомчулукту Берикбай жамакчы, Тургунбай активист өңдүү адамдар теске салып турушкан. Жа-

макчынын айылдын а-бу башынан тыйылбаган кадамы адамдардын аң-сезимине кыттай уюп, бирде театрдын, бирде кинонун, бирде мектептин ролун аткарып турчу.

Берикбай Маматовдун боору бүтүн эмес эле. Аданбай, Нажимидин, Абдыкадыр деген уулдары, Кадича, Карамат, Минавар деген кыздары бар. Абдыкадыры согушка кетип, бир-эки кат жазды: «Белоруссияга кетип жатабыз. Нан жок. Токойдон бака, жылан жеп, жан сактаган күндөр болду. Согуш дегениң айтып бүткүс апаат экен. Бир бүдүр мака, бир кишиден өйдө...» Ошол акыркы каты болду. Атасы, бир тууугандары үмүт үзбөй, күтүп жүрүштү. Анын артында бир кызы калды. Аданбайы да согушка барып, жарадар болуп кайтты. Берикбаев Аданбай өмүрү өткөнчө почтада иштеди, ал минтип эскерип калаар эле... «Согуштун жүзү курусун! Кан күйгөн согуш талаасында ок жеп, ичегилерим жерге чачылып калганда, колум менен топтоп ичиме салганымды бир билем. Кан көп жоготуп, эстен танып калганымда госпиталга жеткиришкен экен». Согуш жылдарында бир үй-бүлөдөн атасы, баласы, агасы-иниси дегендей, жакын тууган-уругунан биринин артынан бири кетип, келбегенинен келгени аз, саналуу эле.

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

## Эстейм, жууп салганын сүрөтүңдү...

Сабактан келери менен кайдадыр жылт койгон баланын атынан чакырган эненин үнү көпкө барып басылды.

– О-о, Жолон у-у!.. Жоло-он!..

Чарчады. Чакырып чарчайт. Өзү айтмакчы, үнү бүткүчө чакырса келбеген селсаягын издеп, көк чыбыгын сүйрөп жөнөйт. Бир болсо чаркарда жөргөмүш желе торлогон бурчка бекинип, китеп окуп отурат, болбосо балдар менен талаалап кеткен окшойт?

Апасынын ачуусу чындап келгенде, колуна чыбык кармайт. Чаркардын артынан бирөө чуркагандай болду.

– О-о, делдең кулак бекинбе дейм! Каякка качасың?!

– Кулк-кулк, кулк-к-к. Үндүктүн үнүн туураган бала чаркардын артындагы үйүлгөн кашекке далдаа бекинет.

– У-у, бейтаасир! Бас биякка, индушка болбогонуң эле калды. Катындар карап турушат көчөдө! Аппак таэжемкине айылчылайбыз. Табагымды түйүп, ана келет, мына келет деп акыйдым! Балдардын окуудан келгени качан?

– Кулк-кулк, кулк-к-к. Эки канатын жазып, үрпөйгөн үндүктүн корозуна окшошкусу келген бала чыбыктан коргологонсуп качып-тийип, ойкуштап апасынын жинине тиет. Бала кез-кезде ушинтет. Бу кылыгы апа-

сына ат койгону. Үндүктүн текебер, чукчуңдаган бир корозу ушинтип кулжуңдап, коночодогуларга күн бербейт.

– Осолум и-ий!.. кылыгын мунун!

– Аппак тажеңем дебей эле атынан айтпайсызбы?

– Тергейм да...

– Кара кемпирди аппак деп тергегениңиз шылдың го? Ушул айылдагыларга ат койбогон бирөө-жарымыңыз жок!

– Ии, мектебиңдеги гезитке ошентип жаз!

– Берикбай авама ыр чыгартып, «Ат койгонго уста кемпир» деген темада жазып койсок, сизди бүт айыл окуйт!

Алмакан «тык» эте сумсайып, тырчыя түшкөнүн билдирбей көйнөгүн оторуп, шаша-буша жолго чыгып атып жумуштарды дайындады:

– Мал-койду Кайырмага алпарып сугар. Байланган кочкорлорду көккө айдап, бир пас колу - бутун жаздырып кел. Анан...

Китеп баштыгын каткан жерден алып келип, сөөрүгө ыргыткан бала тапшырманын калганын ортодон чыга калып, өзү улайт.

–Анан итке атала бышыр! Торпокко сүт бериш керек. Есть товарищь капитан! Честь бердик! Дагы- дагы, командирдин кандай буйругу бар?

Бала бирдемени эстегендей, кыялындагы нерсесинин кези келгендей, апасынын тезирээк кетишин каалап турду.

– Дейдиленип көчөгө чыкпа! Кандуу Кайырмадан этият бол!..

Ой-тобо-о! Азыр Кайырманын түбү-ордун табыш кыйын. Бир кездеги албуут дарыянын эстелиги сыңар азыр бир чөмүч суу агат. Бир боодой арыктын изи калган. 1940–50-жылдары Кайырманын суусу жүрөктүн үшүн алып турчу экен. Жаз-жайын ысыктан мөңгүлөр ийгенде, Олокондун башы карарганда суу батпай,

ашып-ташып эле жатчу. Жака-белин анча бийик эмес кадимки боз жарлар курчап, жарга жармашып өскөн карагат, суу жээгиндеги жапайы бүлдүркөндөр жер жайнайт. Булар бышканда балдар кете албай имерилип, ызы-чууга жакын жер эле. Кокус бирөө-жарымы сууга түшүп чөгүп кетпесин деп чочулаган Алмакандын энелик жүрөгү үйдө отургузбайт. Калп эле огородун коруган немедей балдарды кулактап турат.

Алмакан Кайырманы жакшы көрчү. Тээ жаштык кезинин элеси, туңгуюк купуя сезимдери ачылып-чачылбай калганы үчүн жакын эле. Аа, кайран жаштык! Суунун ээ-жаа бербеген толкундарындай бир оолуктуруп, бир күйүктүрүп, канча ойго салдың! Кечки бешим намазын окуп, апасы бир маал суу менен сүйлөшүп жатканын баласы көп жолу байкады.

– Биздин суунун өмүрү узарып, чөлдү сугара баштаганы ырас болбодубу, – дечү Алмакан. Аягы Араванга жетип, Төө-Моюнга чейин барат Төлөйкөндүн суусу деп, чалдар кеп кылып калышат.

Кээде Кайырма буулугуп-туталанып, ээликкен буурадай буркан-шаркан түшүп акчу. Суунун ийримине атын тарттырып жиберген Жуманын окуясынан бери канча мезгил, канча жылдар өттү! Көрсө, жыл сүрүлүп отуруп, мезгил мыйзамындагысын жасайт тура. Суу дагы агып жүрүп арып - соолуп, карыйт экен да...

Кыркынчы жылкылардын мектепке баргандарынын арасындагы кыздар эки класста болгону жети-сегиз чактыдай бар. Бешинчи класска чейин сен көр, мен көр ынтымактуу келишти. Тазалык кыз Ирсалаттын жакшы окуп, тыкылдап класс башкарганы эле болбосо, калган кыздардын бар-жогу билинбей жоош, тынч, уяң чоңоюшту. Мектеп формасы деген болбогон. Чачын экиден өрүп таштап, чыттан, штапил көйнөктү өзбекче тиктирип кийип, үстүнөн баркыттан чапан же чийбаркыт кемзир[1], башына саймаланган топу кийишет эле.

[1] *Кемзир* – кемзел, чыптама.

Кыздар мектептен чыгары менен үрккөн улактардай бири-бирине ыкташып, дөңдө тийишебиз деп аңдыган балдардан кантип качып өтүүнүн амалын таппай эле бөжүрөшөт. Класстын эки атаманы: Токтогул менен Момушту ээрчиткен Жолон эле. Артынан убай-чубай бүт класстын балдары Жолондор каякка барышса, кошо дүрбөшөт. Алар сабактан чыгып талаалап кетишсе кыздар жыргап, беймарал божурашып үйлөрүнө келишет.

Жолон жолдо келаткан кыздардын чачынан тартып, сүдүрөп тийишип, ыйлаткан бойдон тыз коёт.

– Өлүңө отурайын, арбак, делдең кулак, агайга айтам!.. – деп, безеленген, ызаланган кыздардын айласын эч ким таба албайт.

Анын көңүлүнө классындагы бир кыз жагат эле. Анысын эч кимге айта элек. Эмнегедир көчөдөн көрүп калса, мектептен кезиктирсе, денесине ток ургандай «тык» этип токтоп калат, буттары шалдырай түшөт. Кыз муну эч байкабайт. Мектептеги кыздардын бирөөсүнүн дагы көзүнө окшобогон, мөлтүрөп бышкан карагаттай тунук көзү, үйүрүнөн адашкан эликтин чаарчыгындай серең-серең эте элеңдей түшкөнү, наздуу жамалы, мамыктай жумшак, желдей назик көз карашы жагат. Кыз орто бойлуу, аппак жүздүү, көздөрү мойжолжуп сулуу! Оор басырыктуу, адептүү, ушунчалык уялчаак, ийменип тарткынчыктап турат. Ошо сулуу кызга гана такыр даай алчу эмес! Кыздар менен келатса алапайын таппай, чымындап чуркап кеткеничи...

Балдар бирин бири кыздарга таңып, кээлери кат жазып, оргуштаган көзү ачыла элек сезим ышкысына түшала баштаган кездин өзү сонун эле!

Желпилдеген жоолугуңду бир байлам,
Кыз кезиңди кызыл-тазыл кир жайган,
Мышыгыңды терезеден кетпеген,
Апакеңди ак чач болуп улгайган.

Сулуу кыз сабактан ортозаар билет. Мугалим кызды доскага чакырганда, же тургузуп сабак сураганда Жолондун шаштысы кетип, кайсалаңдап калат. Көзүн ала качып, партага башын тыгып, кыз менен көздөшүп калуудан коркот. Кыздын жооп беришин, мугалим менен класстагылар ал жөнүндө жакшы айтышын каалай берет. Билбей калса шыбырап, же китепти көргөзүп, жардамдашкысы келгени менен класстагылардан тартынат. Класстагылар кимдин кимге тартылаарын, ылым санаарын билсе деле алардын алдында өзүнүн «айыбын» ачкысы келбейт эле. Кыз жөнүндө көп ойлонот. Кыялында катар басып, сырдашат. Анын элеси таптакыр көңүлүнөн кетпей койгонун, эмнеге арбап алганын айткысы келет. Бирок эч кимге айта албайт. Досу Токтогулга чачы узун, кызыл жүздүү, созулган кыз жагат. Досу ал кызга арнап ыр жазат. Ыбырайым узун бойлуу, үнү ичке, сары кызга имерчиктейт. Ошо кызга кат жазып берчи деп жабышканына көп болду. Дагы бирөөгө дагы бирөө жагат...

Кыздын топусундагы аземделип сайылган саймасы кыздар менен чогуу келатканда карегине биринчи урунат да, көзүн ала качат. Башка кыздардын бирөөндө да андай топу жок. Кыздын апасы айылга аты чыккан чебер, колу усулдуу аял. Айылдагы аялдар кыздын апасынын кол өнөрүнүн аземине суктанып кеп кылышканын көп уккан. Апасы эле ал аялга сынтагып, кем-мүчүлүшүн айтпаса, айылындагылар мактап эле турат. Апасына анча-мынча киши жакпайт, ар кимге ат коюп сынтагып, көңүлүнө жакпаса бетине айткандан тартпайт.

Кызга көптөн бери сезими жөнүндө айткысы келет. Аны күндө көрүүгө мажбурлаган, кыздын ажарына арбалган керемет сезими жөнүндө билдиргиси келет. Саймалуу топусу, кымча белдүү кемзири жагаарын, уялчаак, наздуу көздөрүнө суктанаарын айткысы келет... Ага арнап ыр жазарын, ырын чогуу окуйлу деп сурангысы келет...Ошондогу абалы, ошондогу сезим

күүсү кийин акынга түбөлүк азык болуп, мындай саптардын жараларын тартынчаак, уялчаак адатынан жазбаган кыз сезди бекен?

Көңүл бийлеп, тиктей калсам көзүңдү,
Көрдүм андан көзүм толо өзүмдү.
Сен кайтаарда булак суусун чакалап,
Мен алдыңан торой чыкчу кезимди.

Кыздын үйү айылдан төмөнүрөөк, четирээкте. Аты – Турнайым. Жибектей созулган назик кыз болчу. Курбулары үйүнө кирип кеткенде ал жалгыз өзү кетет. Эки жакты карабай, тез-тез арымдайт. Артынан бирөө кууп келаткансып, үйүнө жеткенде чуркап кирип кетет. Ошол бойдон же суута чыкканда, же мал айдап келатканда бададан көрбөсө, такыр көрө албайт. Үйүндө отуруп, сайма сайгандан башка кылаар иши жокпу? Коңшу кыздарга кошулуп ойнобойт. Жүк жыйылган бурчка катып койгондой такыр көрүнбөйт. Кыз мектепке келбей калган күн Жолон үчүн азап эле. Күн өтпөйт, же көңүлү тынчыбай, ойдолоктоп кыжалаттанат.

Күндөрдүн биринде Жолон классындагылардан биринчи чыгып, китеп баштыгын талдын коңулуна катты да, кыздын үйү тараптагы дөңгө кароолчулукка келди. Бир топтон кийин тыпылдап тез-тез басып келаткан кызга жалооруй карап, жолунан тосту.

– Тур..на..айым.. – Баланын үнү калтырап, кайра оңолду. – Экскурсияга Даңгеге барасыңбы?

– Апам жөнөтпөйт.

– Кыздар, балдар чогуу барышат да? Чогуу классыбыз менен десеңчи?

– Кыздардын жүрөгүн алып бүтпөдүңбү тийише берип, тийишпе да?..

– Сен барсаң тийишпейм!

Кыз баланы жалдыратып жоопсуз калтырып, үйүн көздөй чуркады.

Кыздын айтканы абдан ойлонтту. Огарыктын кырындагы дүркүрөп өскөн калың чымга чалкасынан түшүп алып, экинчи эч кимге тийишпей, эч бир кызга сөз айтпай адептүү, тартиптүү болгонго өзүнө сөз берди. Көңүлүнө тынчтык бербей, бүт жан дүйнөсүнө бүлүк салган сезимдин себепкери жалгыз ушул кыз экенин моюнга алды. Ал үчүн баарына даяр эле. Караанын бир көрүп, анын жылмайганын же жагымдуу маанай менен караганын көрсө болду. Ошол кыз үчүн арналган сезим, ошол кыз үчүн болгон ички уйгу-туйгу, кубаныч менен кабатырлануу ага ыр жаздырып жатпайбы... Кыз жөнүндөгү баш-аягы жок кыялдар, таттуу тилектер ага канат бүтүртпөдүбү? Аны көрүүгө болгон ышкыдан, анын караанына зар болгон күтүүдөн, сезимин айта албай, сүйгөнүн билдиргенге пайтин таппаган кыйналуудан, жаш талапкердин жүрөгүн алоолонткон ышкыдан кийинчерээк акындын атактуу эки ыры «Издейм сени» жана «Кусалык» деген шедеврлеринин жаралышына түрткү болгон таланттын алгачкы үрөнү кыртыштан көз жарып чыкпадыбы... Балалыктагы көкүрөктүн тереңине катылган ууз сезимдин дартынан, мезгилдер из калтырган азабынан түбөлүктүүлүктүн тизмесине кирген айрым өтө кымбат, баасыз, көөнөрбөс, уюткулуу сүйүү лирикасы улуттук поэзиянын туу чокусун багындырды.

* * *

Чүкүрүнүн боткогу бышканда Даңгеге барабыз деп балдар оолугуп жүрүшөт.

Даңге – Ак-Бууранын башы. Эки тарабы жалама асканы аралап аккан дарыя. Даңгеге жеткенде суунун агымы бөгөгөн сулк асканын урандысына чалынгандай сынып, кишенделгендей туюлат. Кампага камалгандай суу чамынып, өжөрдүк менен алдындагы тоскоолдукка айбат көрсөтө салгылашып, ак жалдуу толкундар ээ-жаа бербей, айбаттуу үн салат. Күркүрөгөн суунун

шоокумунан не үн, не эч нерсе угулбай кулак тунат. Дарыяны кептеген урандынын-бурчтуу аска таштын аркы башынан суу сүзүлүп, кысылып, чубалып араң өтөт. Аркыраган суу шундай тоскоолдуктан эбегейсиз күч менен араң өтсө, арыраакта ар жерге чачыраган чоң-чоң аска таштардын бөгөтү кайрадан күтүп турат. Так ушул Даңгеде Ак-Буура чабылып- чачылып, суусу таптаза бышканда ылдыйкы айылды көздөй шашылып жөнөйт!..

Жакыповдун классы экскурсияга ушуерге келгенде, түш оой баштаган. Балдардын алды жашыл адырга жутулуп кетти. Кээси ак чөптөрдүн арасында козу карындар жайнаган коктуда жүрүшөт. Ар ким өзүнүн көңүлүнө жакканы менен ээрчишип алган.

Утуру-утуру жал-жал карап, көзү менен издегени саймалуу топучан кыз. Анын гиларстай мөлтүрөгөн кара көздөрүнө тигилип, назик оозунан сөз уккусу келет. Тоонун гүлдөрүн ал үчүн тергиси келет. Кыялында ээликтирип эреркеткен сезимин бөлүшкүсү келет. Кыздын көңүл бурганы, жылмайганы, жөн эле карагагы жагарын билдиргиси келет.

Ансайын кыз андан алыстап, такыр көрүнгүсү жок. Таспиеттеп өргөн эки чачын жаздын желаргысына сеңселтип, адатынча уялчаак, корунчаактыгынан жанындагы кызга ыктайт да турат, эч нерсени сезбегендей, ал үчүн кыйналган, азап чеккен Жолонду капарына да албагансып түр көрсөтөт.

Кыз менен жалгыздап сүйлөшө албасына көзү жеткен Жолон баарынын көңүлүн өзүнө бура турган идея ойлоп тапты. Чоң таштын сыйда бетине так жол тарапты караган жагына ташты чегип, өз атын бадырайтып жазды. Колу талып, бутунун учу менен таканчыктап турганына карабай, эки сааттай убараланды. «Жолон Мамытов. 1952-жыл» деген жазуу кашкайып, заматта ошол жердин, таштын, суунун кала берсе чөп-чардын ээсине айланып калгансыды. Жан дүйнөсүнө тынчтык

бербеген күч, тулку боюна сыйбаган энергия, балапан кезден түбөлүктүүлүккө болгон умтулуу, түбөлүктүүлүктүн сокур күчү баланы ушинтип жаздырган бейм?..

Бир оокумда күн бешимден ооп, тээ жогорку Даңге тараптан убай-чубай келаткан классташтарын көрүп, дердеңдеп сүйүнүп, өзүнүн идеясына мактангысы келди. Алдыда бир топ кыз оюн салып келатышат. Ушунча кыйынчылык менен жазылган таштагы табылга ага ысык көрүнүп, жакын сезилип, кыздарга көрсөтөйүн деген ойдо өзүнүн үлбүрөгөн ашыгы Тургунайым көрсө деген ниетте алардын алдынан тосо утурлай басты.

– Кызда-а-ар! Жүгүрдүк!.. Делдең кулак Жолон келатат! Качкыла! Кач-кы-ла-а! – деп, кыйкырып айгай салган Минавардын артынан кыздар топурашып куюндай тызылдап, туш-тушка качып кетишти. Баланын шаабайы сууп, шылкыйып турду...

* * *

Балага түшүнүп болбой калды. Эки-үч күндөн бери жанын коёрго жер таппайт. Үйгө утуру-утуру кирип чыгат. Кайра чаркарга чабат. Бирдемесин жоготкондой же издеп жарытпайт. Кез-кез башын кашып, тунжурап туруп калат. Шоктугу суу сепкендей өчтү. Кокус кагаз-калемин көтөрүп чыкса көпкө жоголуп кетет. Кайра келип, жанагинтип изденген, акмалаган, түйшөлгөн түрүнөн жазыла албайт. Кексе энеси аны байкап сурады:

–Үйдө эле имерилип калдың? Имне болду? Бир балээ жоготтуңбу?

–Шык-к... – таңдайын шык коюп, баласы үнчукпайт.

Мындан эки-үч күн мурда Жакыпов агай комсомолго өтө тургандардын сүрөтүн топтогон. Жолон жакшы окуган үчүн классынан биринчи өткөн.

Мугалимдердин бөлмөсүнөн бор алайын деп кирсе, агайдын тааныш дептери стол үстүндө жатыптыр. Эмнегедир жүрөгү «болк» дей түштү. Тургунайым сүрөтүн агайга кантип тапшырганын, тымпыйып барып партасына кайра отурганын, агайы көк түстүү калың дептерине салганына чейин карап турган.

Эки жагын абайлап карап, дептерди ача койсо мөлтүрөп кыз карап турат! Сүрөттү шып ала коюп, шымынын чөнтөгүнө салды да, жүгүргөн бойдон сыртка атып чыкты. Ошол күнү шыбы төбөгө урунчудай жапыз, жепирейген эски мектепке батпай жүрдү...

Бирөө көрсө эле алып коё тургансып, сүрөттү бекитe албай убара. Үйгө кирип-чыгып тынчый албаганы да ошодон. Чаркарга бекитейин десе ылайыктуу орун табылбайт. Келемиш кыркып кетеби деп коркот. Алаканына салып алып, утур-утур карап коёт. Кол жеткистей ыйык, түшүнүп болбогон бир нерсе көкүрөгүнө сыйбайт... Кыялында сүрөт менен сүйлөшөт...

Ошентип, сүрөттү үч-төрт күн шымынын чөнтөгүнө салып жүрдү. Жеңеси жума сайын баланын кийимин жууй турганы эсине түшүп, кокус жуулуп калганын элестетип, ичи ачышып кетти, тызылдай түштү. Ишемби күнү мектептен келери менен үйдүн артындагы калың бактан шактуу ат кулакты таап, чоң жалбырагын үзүп алып сүрөттү ороп, сөңгөктүн түбүнө бекитип койду. Кечке маал күн бузулуп, жамгыр себелеп- себелеп жаап, бара-бара нөшөргө айланды да, жазгы жамгырдын албуут кыялы тутуп, жер жети тойгуча жаай берди, жаай берди...

Эртеси жекшемби мектепке барышпайт эмеспи. Жолон сүрөттү ойлоп, түнү менен уктай албай ары оодарылып, бери оодарылып түйшөлдү. Бакка чыккандан караңгыда коркот, анан апасынан коркот.

Акыры таң атты. Жамгырдын токтоор түрү байкалбайт. Асман түнөрүп, эшик алдында тозгун суу толуп кетиптир. Шымынын багалегин көтөрүп, сыр каткан

аткулакка келсе, сүрөт эзилип, тытылып, не кыздын, не кагаздын түсү билинбейт...Ыйлагысы келип ыйлай албай, кеткиси келип кете албай, аткулакка байланып, суу болгон жалбырагын кармаган бойдон бала көпкө турду.

Оо, алтыным, эсен-соо жүрөсүңбү,
Өткөндөрдү көңүлгө түйөсүңбү?
Жалбырактын алдына катсам жамгыр,
Эстейм жууп салганын сүрөтүңдү.

Сүйөм десем капыстан жолдон эле,
Ыйлап ийдиң шолоктоп шондо неге,
Бул окуя, бул иштер көп жыл мурун,
Жетинчи «Б» класста болгон эле.

Эл ичинде кеңири таралып, ооздон түшпөй ырдалып жүргөн «Бул окуя 5 «б» класста болгон эле» деген Жолон Мамытовдун атактуу ырынын таржымалы ушундай, урматтуу окурман. Бул ырга таланттуу обончу жана аткаруучу Абдыманап Төрөбеков обон чыгарган. Бирок ырдын темасы эмне себептен «7 «б» класста эмес, «5 «б» класста» деп, ырдалып жүргөнү түшүнүксүз...

# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

## Ай чүмкөнгөн Чулдук

1950–60-жылдары Төлөйкөн айылы жалпы жонунан Төлөйкөн колхозу деп аталганы менен экиге бөлүнгөн. Эски мечиттен Кара-Сымакка (ат майдан) чейин «Кызыл-Пахтачы», мечиттен ылдыйкы санаторияга чейин «Пятилетка» колхозу болгон. Айылдын эли Карим кашкарчынын үйүн бузуп, В.Маяковский атындагы мектепти курушат. Азыркы Геологдор шаарчасына жакын Дөң деген мааледеги «Пятилетка» орто мектеби да толук эмес болчу.

Жолон жетинчи классты бүтүп, жаңы окуу жылы башталганда агасы Кудайберди колунан жетелеп, Оштогу Уркуя Салиева атындагы кыргыз кыздар орто мектебине алып барат.1956-жылы Ош шаарында биринчи кыргыз кыздар жатак-мектеби ачылган эле. Анда көбүнчө алыскы тоолуу аймактардагы малчы чабандардын кыздары окушкан. Көп жыл ар кайсы мектепте директор болуп иштеген Кудайбердини тажрыйбалуу педагог катары сыйлап, эч ким анын сөзүн эки кылчу эмес. Акырын сүйлөп жай түшүндүргөн, өмүрүндө үнүн көтөрүп сүйлөбөгөн, жумшак мүнөзүнө карабай сүрдүү көрүнгөн агайдын сөзү каерде болбосун өтүмдүү эле. Кайсы жерде мектептин иши жүрүшпөй калса, райондук билим берүү бөлүмү ошол жерге Кудайберди Мамытовду жетекчи кылып жиберип турган.

Мектепте жакшы окуган, чыгармачылыкка кызыгып жүргөн окуучулардын адабий ийриминдеги ырлар мектептин дубал гезитине чыгып турчу. Жолондун дагы ыр жазуу жолундагы алгачкы кадамы катары мектептин гезитине ырлары жарыяланат. Аталаш бир тууганы, Кудайбердинин иниси Райымберди облустук «Ленин жолу» басмасында гезит чыгаруучу жана сүрөт кабарчысы болуп иштечү.

Күндөрдүн биринде ал инисинин ыр жазып жүргөнүнө кызыгып: «Эгерде ырларың жакшы болсо, биздин гезитке чыгарса болот»,– деп Жолонду шыктандырып коёт. Муну уккан баланын уйкусу качат. Эмнеден баштоону билбей, башы катат. Ар кайсы ойдун учун акмалап көрөт. Жазат, кайра өчүрөт, же башына түзүк ой келбей, саптарын уйкаштыра албай чайналат. Түн бир оокумга чейин уктабай, өзүнчө кудурап басып жүрөт. Мындайда мүйүз сындуу сыйдаң мистей сыя челектин сыясы түгөнөт деген этияттагандык да унутулат. Анан уйкашы жипке тизилген шурудай тегиз болсо эле жакшы ыр деп ойлойт.

Совет мезгилинде бала бакчадан баштап, мектеп, мекеме-ишканаларда, жалпы эле совет жергесинде 23-февраль – Советтик Армиянын күнү менен 7-ноябрь – Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши чоң даярдык менен майрамдалат болчу. СССРдин борбору Москвадагы Кызыл Аянттан баштап, бардык шаарларда парад уюштурулуп, жер-жерлерлерде майрамдык маанай өкүм сүрүп, кубанычка-шаңга бөлөнгөн. Улуу-кичүү, жаш-кары дебей майрамга деп, жакшы кийимин кийип, бири-бирине куттук айтып, белек берип, буюм ыроологон адат болчу.

Адаттагыдай эле мектепте 23-февралга карата даярдык башталды. Декломациялар окуучуларга бөлүнүп, чакан инсценировкалар даярдалып жатканда балага бир ой келип аябай кубанды. Ал эми Совет армиясын чын дилинен сүйгөнүн айтып, армиянын эрдигин

мактангысы келди. Эки-үч күн түйшөлүп, басса-турса көңүлүнөн кетпеген саптарды кагазга түшүрөт. Окуп, оңдоп, качан көңүлүнө төп келгенин сезгенде редакцияга алып барды. Ошентип, Жолондун алгачкы ыры «Айтабыз алкыш биз сага» деген ат менен «Ленин жолу» гезитинин №39-санына, 1954-жылдын 24-февралында жарыкка чыкты. Келиңиз, алгачкы дебютту окуп көрөлү.

Азаптан элин куткарган,
Советтик баатыр армия.
Талкалап дайым душманды,
Жеткирди таалай калкыма.
Дүйнөдө даңкы угулуп,
Белгилүү болду жалпыга.

Партия таптап үйрөткөн,
Жеңишке алга дайыма.
Барабыз даңктуу жол менен
Коммунизм таңына.
Урматтап майрам күнүңдү,
Айтабыз алкыш биз сага.

Мектеп окуучусунун партиянын саясаты менен кабары жок болушу мүмкүн. Баланын биринчи басма сөздөгү ырына кол тийбей басылып чыккан деп айтуу да кыйын. Гезиттин талабына ылайыктап жазылганы деле байкалып турат. Бирок ыр жазууга далалат кылган, акын болууну ичинен кыялданып, канткенде акын болом деп ой толгогон өспүрүм үчүн бул дебют чексиз кубаныч эле.

Бала кезден башкалардын ырын жаттап айтууга машыккан, куйма кулак бала эми өзүнчө жазууга көнүгүүлөр жасап, жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген, адабиятка чакырган жарыктын шооласын сезип-сезбей, түшүнүп-түшүнбөй боолголоп, алга умтулган поэ-

зия айдыңындагы «балалыгы» ушинтип башталды. Анын кубанычында чек жок эле. Болгондо да ошол кездин көзү менен караганда, партиялык абройлуу гезитке ырынын чыгышы жөн эле окуя эмес эле.

Өкмөт жылда күзүндөсү колхоздун пахтасы ачылары менен мектепти жаап, Учар айылына окуучуларды пахта теримге айдайт. Ал маалда пахта талаасына апакай, үлбүрөк нурлар бөпөлөп, бажырайган кебездин учу-кыйырсыз керилген толкунунда капитан корабль айдап бараткандай сезимдер келчү. Пахтаны жакшы терет. Нормасын ашыра аткарып, колу бошой түшсө шоктонот, бирөөгө тийиштик кылгандын амалын ойлойт, деги жаны тынчыбайт. Мойнуна илген этегин чечип таштап, дайыма жанында ала жүрчү калем сабы менен бир барак кагазына чиймелеп, пахта жөнүндө ыр жазды.

Жолондун алгачкы ыр жазуу аракети өзү кырдуу поэзия ышкыбоздору сымал окуган-уккан ырлардын, китептердин таасиринен чыга албаганын, айрыкча уйкаштыгына маани берип, ыр жаратуунун азабы менен түйшүгүнөн али кабарсыз экенин айгинелейт. Жогоруда аты аталган облустук гезитке 1960-жылы 7-октябрда «Ак пахта» деген ыры жарыкка чыгат. Келиңиз, жаш калемгер кандай ыр жазганын чогуу окуйлу.

Сулуулугун жашырышып аптапта,
суу сурашып, бариктериң баш катса,
Көңүл кейип булак суудан кулак суу,
көгөрсүн деп мага бургам ак пахта.

Ашык болуп кызыл, сары гүлүңө,
Акыл жумшап азык чачкан түбүңө.
Косектериң алтын болуп күбүлдү,
Багынгансып менин ысык сүйүүмө.

Жаш бала табиятка болгон сүйүүсүн элдик мотивде баяндаганы менен предметке болгон көз карашын, оюн өз алдынча туюндура алган. Биринчи ырындагыдай курулай шаңдануу жок, пахтанын маңызына кирүүгө астейдил аракети байкалат. Адегенде эле жакшы ыр жаратуу жаш калемгер үчүн оңой-олтоң эмес. Так ошол гезиттин бетине ыр жазууга талапкер беш көкүл кыз Меңди Мамазаированын «Токтой турчу бир азга...» деген ыры чыгат. Жолон өзүнүн, башка калемдештеринин ырларын кайта-кайта окуп, көңүлү канаттуу кубанычтан делөөрүп, шаттанып аткан...

Мектепте окуткан мугалимдердин, чогуу жүргөн курдаш-досторунун жаш жигитке мамилеси астейдил сыйга өттү. Айыл-ападагылардын, жакындарынын, тааныштарынын сыйын сезип, Жолон колуна тийген адабий китептерди биринин артынан бирин тынбай окуй турган болду. М.Горькийдин «Эне», Л. Толстойдун «Согуш жана тынчтык» романын окуп алып, анын таасиринен көпкө чейин чыга албай эпизоддорун айтып, классташтары менен ой бөлүшкөндү жактырчу.

Кышында айылдан шаарга каттап окуу машакаттуу. Жол тайгак, унаа деген жокко эсе. Жаңы-Арыктын суусу тоңуп, аяздын ийне менен аземдеп сайгансыган ууз саймалары түрлөнөт. А чатырлардан шиш муздар салаңдап, ана-мына башка түшчүдөй сестентет. Жолон менен Токтогул бадыраң туздаган бочкенин капкагын бутуна (каяктагы коньки?) байлап алып, муз үстүндө зымырап жүрүштү. Жолон балдардан өзгөчөлөнүп тургандыы жактырчу, таза чийбаркыттан тыкан кыргызча тон, кара сурптан шалбар кийип, бутунда керзовый өтүгү бар. Колдо тигилген «балеткасын» (сумканы) да башкача асынат.

Жайкы каникулда балдар Даңге менен Чулдукка барганды самап, ага атайын даярдык көрүшчү. Балка, теше, кайырмак, узун аркан жип, эки-үч күндүк тамак-ашын камдап алып, кээде эшекчен, көбүнчө жөө

жөнөшөт да, эшиктерин агытып жиберип, өздөрү кубалашып кетет. Токтогул, Момуш, Ашир, Абдилла, Сайдулла, Убайдулла жана башка жоон топ классташ достордун топ башы Жолон. Дайыма жол баштаган, бир нерсени ойлоп тапкан, күтүлбөгөн жоруктардын ээси да ошол.

Оо-уу, Төлөйкөндүн баш тарабындагы эки зоонун тирелген боюндагы Даңгенин коздугун айтып жеткирүү мүмкүн эмес! Көз менен көрүш керек. Бутуңуз менен басып баратып, ажайып сулуулуктун көздөн далдоо жерде жаралганына шүгүр дейсиз. Жарык менен көлөкө жүз көрүшкөндөй биринен бири озунуп, бетме-бет заңкайып турган эки асканын учтары бет келишкенде, бозомук көлөкө коюуланат, Күндүн көзү бакырайганда теребел сүткө чайгандай агарат. Көк менен көз тайгылткан сулуулукка сугуңуз артат. Суунун айга кирингендей тунуктугу, асмандан нур жаагандай жылтылдап-жымыңдап акканычы! Тоонун коңулунан эптеп өтүп, кыр-кырдан аскасы аркайган зоонун ичи менен сууну бойлоп, бара бересиз..

Тири укмуштай сулуулукка арбалып отуруп, канча жүргөнүңдү билбей каласың. Чалкыган жапжашыл төрдөн адамдын изин табыш кыйын. Айрыкча жай айында бу керемет төрдүн ажарына мас болосуң. Даңгенин коздугун эми жомоктогудай көрүнүш, жомоктогу сюжет алмаштыргансыйт. Төрт тарабы зоо, этеги майда бадалдуу, өйдөрөөгү жапалак арчага жыш, жонун чытырман карагайлар каптап, чокусу арсак-терсек аскадан көзү-башы көрүнбөгөн керемет капчыгайдын ичин Чулдук деп коюшат. Бир карасаң алп денелүү баатыр менен анын жулкунган аргымагын; бир карасаң ак сакалдуу абышка менен анын жерге маталган таягын; бир туруп күлүктөрдүн ай чапчыган жүрүшүн; жоодон жарадар болгон жоокерлердин жүзүн, турган-турпатын, жарадар ээсин ээрге артынып кишенеген атты, кыскасы, аркайган аска-зоолордо эзелки жоокер

элдин турмушунун эстелик элестери катып калгандай. Аска-зоолорго, тоолорго тартылган сүрөттөр турмак, кала берсе кулап баратып ара жолдо чалынып калган үйдөй-үйдөй чоң таштар да адамча сүйлөп тургансыйт. Карагайдын ичине кирсең ийненин көзүндөй жарыкка зар болосуң. Мындай керемет жердин азгырыгы эмнеде экенин аңдабаган өспүрүмдөр оюнга кызыгат. Ак кайың менен арчалардын аралы өзүнчө бөлүнүп, ак жоолук байланган орус кызындай сеңселген ак кайыңдар койкоюп тизилгенин айтыңыз! Коён, түлкү, кекилик, көгүчкөндөр бутка илешчүдөй болуп, адамдан коркуп койбойт.

Тоого чыккан балдар казан асып, кургак чырпыктан от жагып, артынан дүмүрлөрдү калап, тамак бышырышат. Даамын айт! Ак-Бууранын мөңгүдөн куралганыбы, башат тарабы болгон үчүнбү, же жердин кереметиби, айтор, эмне бышырып жесең да даамы таңдайды тамшандырган касиети бар. Балдар картошканы чокко көөмп, балык шорпо жасап ичишет. Дарыядан балык кармаган баланын оюнундай эле кеп: көйнөгүн же пальтосун чече салып, суудан килтейген балыктарды оңой эле тутуп алышат. Кээде зоонун чокусунан беш атар мылтыгын көтөргөн бирин-экин мергенчи көзгө чалдыкпаса, кишинин карааны көрүнбөйт.

Жолондун кубанычы койнуна батпай, тоонун ой-кырына чарчагыча чуркап барып, чалкасынан жатып, көпкө чейин ордунан турбайт. Жан дүйнөсүнө жандуу, кинодогудай элестер ушунчалык жагат, карап отургандан тажабайт, ошол элестерди көкүрөгүнө катып алып, уктаарга жакын көз алдынан кайра өткөрөт. Кыялында ошол элестер менен жашайт, аралашат, баарлашат, каалаcа кыялында ушул көрүнүштүн каарманына айланат. «Манас», «Курманбек», «Эр Төштүк», «Олжобай менен Кишимжандагы» окуялар жанына тынчтык бербей, эпостогу баатырлардын образдары менен коюн-колтук алышкан манасчыдай эргип, эрдем-

сип, түпсүз ширин кыялдары менен алышат. Үйдөй чоң таштарга, асканын бооруна балка теше, мык менен атайы (Жолон Мамытов 1952-ж., Жолон Мамытов 1954-ж., Жолон Мамытов 1957-ж.) атын чегип жазгандары али күнчө сакталуу.

Өспүрүмдөр куушуп ойноп баратып, Дүмпүлдөккө кантип кирип барганын сезбей калышат.Чулдуктун кооздугунун бир этеги ушу жерге кокустан түшүп калгандай сезилчү. Жапайы бадалдар, шилби, жылгын, четин, долоно менен жер-жемиштин түрү жайнап, суунун өйүз-бүйүзү ажайып кооз, анткени жыбыраган кызыл карагат да жыш өсөт.

Биринчи китеби жарыкка чыкпай жатып, Москвадагы М. Горький атындагы адабият институтуна ырларын жибергенде, кабыл алуу комиссиясынын мүчөсү, белгилүү орус акыны Александр Межиров Жолондун кол жазмаларын окуп отуруп, жаш таланттын ырларына өзгөчө маани берип, толкунданып мындай деп жазат: **«Я невольно вернулся к началу рукописи, чтобы еще раз вздохнуть в себя эту свежесть, и только тогда до моего сознания дошло напечатанное на заглавном листе незнакомое имя Жолон... Рядом, в той же папке, лежали обычные атрибуты современной жизни-анкета, автобиография. Однако характер мышления иной-поэтический.**

**«Сын киргиза Мамыта-Жолон» – совсем ещё молодой человек но так как поэтом он родился, не будем называть его молодым поэтом. Долгие годы созревали в нем стихи, в младенчестве, и раннем детстве- бессловесно, а позже воплащаясь в слова. В этих словах отложились красота его родной киргизской земли, свет первой люби, тени войны, материнское благословение, неомраченная вера в возможность всеобщего блага. Стихи Жолона Мамытова одухотворены стремительным движенением, музыкальностью, ярко метафорическим, в то же время масштабным миросозерцанием».**

*(Межиров А. Пусть вечно будет ясная погода, «Литературная Россия», 1972. №5, 28 января, стр.13)*

Москвадагы «Литературная Россия» жумалыгына А. Межировдун «Пусть вечно будет ясная погода» деп, ак жол каалап, баш сөзү менен Жолон Мамытовдун «Приглашение к надежде», «Голоса мёртвых», «Романтика» деген үч ыры сүрөтү менен басылып чыгат. Таланттуу акын Мара Гриезандын орусча котормосунда акындын ырлары эркин, элестүү, жагымдуу угулат. Мына, өзүңүз күбө болуңуз.

Бир үңкүр бар тоолордун арасында,
жомоктогу сулуулар жолугушат.
Жайлоо жакта ат чабым тегиздик бар,
жомоктогу баатырлар жолугушат.

*1.В пещерах среди гор моих высоких,*
*красавицы встречаются из сказок.*
*В долинах среди гор моих высоких,*
*наездники встречаются из сказок.*

Бир суу агат тоолордун ичи менен,
жез кемпирлер жээгинде чач тарашат.
Бир ашуу бар тоолордун өркөчүндө,
жомоктогу желмаян аттар ашат.

*2.На берегу реки сидят старухи,*
*невиданные сказочные духи,*
*и косы над зеркальными волнами,*
*расчесывают медными когтями.*

Чулдукка түшүү жеңил, өйдөдөн ылдыйды көздөй зуулдап жөнөйсүң. Кайра чыкканда асканы балка, теше менен койгулап, бутка таканчык жасап, жөрмөлөп араң чыгасың. Ойноок балдарга мындан өткөн жыргал

жоктой. Тоонун таза абасына көңүлү сергип, ырдап, ышкырып оңуп калышат.Тоодогу борчук таштардын арасында жылдыздай жаркырап, көз кызарткан желеги, түсү, көркөмү, аурасы сейрек түр-түспөлү түрдүү гүлдөр болор эле. Оңойчулук менен кол жетпесине көзү жеткен балдар кемерлерин бири-бирине улаштырып, аны белине бекем байлап алып, кыйынчылык менен теришет. Ар кимиси көңүлүнөн түнөк алган кызга ошо терген гүлдөрүн берүүнү тилек кылат...

Класссташы Муктар эткээл, болпойгон семиз бала, кичине басса эле демигип калат. Балдар ээрчитпейбиз деп канча жолу айтышканы менен көзү жалдырап турса басып кете алышпады. Муктар өргө чыгып бараткан-да эси ооп калса болобу. Убайдулла орус тилин жакшы билген үчүн «орус» деп коюшат классташтары: «Сенин орустардан тагаларың бар» – деп чычалатышат.

– Эй, орус, Токтогул экөөң Муктардын бутунан кармагыла, биз башынан көтөрүп алып чыгабыз! – деди балдардын командири Жолон. Муктардын колу-бутунан сүйрөп, жаналакетке түшүп тердеп-тепчип араңдан-зорго өргө чыгарышты. Балдардын алка-шалка тердеген көйнөктөрү сыкма суу, баштарынан буу чыгып боргулданганы эстеринен чыкпай калыптыр. Окуунун акыркы жылы болгондуктан, эч кимиси мындан ары Муктар менен келбейбиз деп айта алышкан жок.

## Озгурлук кыз

Көптү көргөн аксакалдардын айтымында мындан канча жылдар, мүмкүн бир-эки кылым мурдараак Ак-Буура киргенде буурадай булкунуп-жулкунуп, айбатынан ашыкча чамынып-күркүрөп, жээгинен ашыпташып жүрөктүн үшүн алып турчу экен. Ак-Бууранын жээктери бүлдүркөн, карагат, кожогат, андан башка жапайы мөмө-чөмөгө,түркүн гүлдөргө толо, ал тургай

чытырман токойдо түркүн жаныбарлар жашачу экен. Анан кийинчерээк эле ушу жердин тургундары улуу сууну башатынан ажыратып, Кайырма, Увам, Кожо-Арык дарыясына тиричилик үчүн бөлүп коюшуптур. Ошко жеткенде, шаарды аралап агып баратканда кулачы кыскарып, тартылып-тайыздап отуруп, шаардын ичинде Ак-Бууранын кичине бир салаасы гана сыр бербей агат...

Мурда Төлөйкөндүн батыш тарабында Сатыбай менен Матрай деген эки бир тууган жашап, мал-кели көбөйүп, төрт туягы короосуна батпай байышат. Малы кошуналардын эгин-тегинине түшө берип, майкандап бүттү деп кыжылдашып, уруш-жаңжал көбөйүп баратканда Сатыбай:

– Ээ, туугандар, кичине сабыр кылгыла! Күз келгенде Ак-Бууранын суусу тартылат, ошондо дарыянын наркы жээгиндеги анавы күңгөйдөгү Коңур-Жазга көчүп кетебиз, – деп, коңшулардын өпкөсүн басат. Айткандай, Ак-Бууранын үнү басаңдап, суусу кашкайып калганда, эки бир тууган мал-келин дүргүтүп айдап өтө баштаганда дайра кадимкидей ылайланып, бозала болгон дешет. Ошентип, бир тууган ага-ини өйүздөгү жашыл чөлкөмгө көчүп барышат. Күңгөй деген атына жараша, Күн нуруна армансыз бөлөнгөн аймактын адам буту тие элек жапайы жашоосунун кези окшойт.

Сатыбай аксакалдын байбичеси Өрдөк, токолу Шагдам экөө эки жерге боз үй көтөрүп, керилген кең жайыттын бир тарабын, Матрай бала-чакасы менен экинчи тарабын ээлеп калышат. Сатыбайдын Кадыр, Кадырдан Суран менен Тургун; Матрайдын Мурсултан, Акмат, Марипат деген уул-кыздары болот. Алардан таркагандар: Бегалы, Мырзалы, Ырысбек, Козубай дегендердин бала-чакасы, кыскасы, ал жерде тогуз-он үлө жашайт.

Аталган аймактын рельефи да таң каларлык. Айылдын үстүндө кумсарган сырдуу боз адырлар, адырдын

этеги Кожо-Арык. Суусунун бир жери шар, бир жери жай, бала-чаканы агызган кадимки жүрөктү опкоолжуткан агын суу. Жээктери кумай келип, бадал, жапайы тал, тикендүү жийделер жыш. Жазында алардын түбүндө көк жашыл майсалар, түркүн майда гүлдөр өсөт. Кичинекей чөлкөм акырындап мөмө-чөмөлөрү төгүлгөн, жер-жемиши жайнаган айылга айланат. Айыл менен жети жылдык мектептин ортосу андан да кызык, сырдуу. Ал жерде касиеттүү, ыйык делген Жан-Булак, Чоң-Булак жана Кичине-Булак деп атагы аңыз болгон, секелектин күлкүсүндөй тунук кашка булактар бар эле. Бала-бакыра мектепке баратып да, келатып да жата калып жутчу. Азыр алардын бири жок. Шаар такымдап басып отуруп, акыры булактарды да жутуп тынды.

Ошол 1940–50-жылдары озгурдук балдар сырдуу үч булакты аралап өткөн жол менен айылга алгач курулган Озгурдун жети жылдык жепирейген мектебине окууга барышат эле. Ал мектеп тамга таанытып, ааламга көз ачтырган бирден бир билимдин башаты болгон. Жолдун эки тарабы жыш камыш дагы, анан кайра жылга, дөңсөөлөр башталат. Адам бою көрүнбөгөн шуулдаган камыштардын арасынан кулагын делдейткен коён, жапайы өрдөктөр, нарыраактагы Увам дайрасынан жапайы тооктордун (тумак тигилет) үнү угулат. Жан-Булак малга жакшы жайыт. А бирок үстү жагындагы сырдуу үңкүрдөн балдар коркуп-үркүп араң өтүшөт.Үңкүрдүн жанына келгенде ансыз деле адам бою көрүнүп-көрүнбөгөн түнт, чытырман жолдо эгер жалгыз болсоң элеңдеп, бөжүрөп араң келатсаң үңүрөйгөн үңкүрдүн оозунан бирөө чыга калчудай денеңди майда калтырак басат. Балдар көпчүлүк болгондо коркушпайт.

Кожо-Арык өйдөлөгөн сайын мектепке жакындай берер жагындагы жээгинде бапыйып жыш өскөн

тал-теректер, бирине бирин чырмалышкан тикендер, бадалдар каптап жатчу. Айтса, Кожо-Арыктын жээгиндеги жапайы тикендүү жийделер гүлдөгөн мезгилде ушул аймакты үр кыздын жытындай жан жыргаткан, каңылжаарды жарган жийде бурактын иси өрөпкүтөт.Таңычы! Торгойдун безелене сайраганы, күкүктүн көңүл удургуткан авазы, сүтак менен чымчыктардын добушу кошул-ташыл боло, көңүлдү кумарлуу кусалык кытыгылайт. Чокусу арсак-терсектүү коктулар менен боз адырлардын этегин кыпкызыл дасмалга ороп таштагандай кызгалдактар жайнайт, ылдыйраактагы көк жайыктын төшүн сыягүл менен гүлкайыр, топчугүлдөй түркүн гүлдөр ээлеп, жашыл аалам дүркүрөйт.

Кадырдан Тургун аттуу кызына чоң өрүкзар бак калат. Ошол өрүкзарда Тургун менен күйөөсү Мамазаир экөөнүн орозгери өткөн. Алардын улам туулган балдары чарчай берип, тутунуп калганы: Саткын, Жума, Меңди, Дыйкан жана Султан бешөө калат. Балдардын улуусу Саткын деген кызы турмушка чыгып кетет. Согуштан кийин багып алган Нооман аттуу эркек бала болуп, алты бала болот. Ошентип, эжеси эрте турмуш куруп кеткен үчүн төрт эркектин ичинде Меңди жалгыз кыз болуп чоңоёт.

Бул айылдын, айрыкча Мамазаир менен Тургундун өрүкзарынын таңы ажайып атчу. Эрте менен ойгонгондо жайнаган өрүктүн бутак-шагында сайраган парандалардын[1] үндөрүнөн кайсынысы экенин билип болбойт. Бүт Төлөйкөндүн канаттуулары ушуерге топтолуп алгандай куштар сайрап турган керемет бак эле.

Баса, Төлөйкөн деген чоң уруунун Алоокесинен Жолондун ата-теги, Майнадан Меңдинин ата журту тараган. Экөөнүн тууганчылык жайы да бар. Меңдинин апасы Тургундун Ражабали деген авасына, Жолондун

[1] *Паранда* – куш.

апасы Алмакан жаш кезинде экинчи жолу турмушка чыккан. Алмаканды өмүрү өткөнчө Тургун «жеңе» дегени ошондон. Наркы өйүз, берки өйүздөгүлөр дешип той-топурда, жакшылык-жамандыкта катташып турушат.

Озгурлук кыз 4-класста окуп жатканда, берки өйүздөгү мектеп окуучулары концерт коюп барышат. Төмөнкү класстын кичинекей кыздарына орун жетпей, жерге отуруп алып тамаша көрүшөт. Жолон башына тумак, чапанын тескери кийип алып, Шаршендин ролун аткарат. «Шаршен, Шаршен болгону, Шаршен атка конгомун!» – деп, куудулдун кылык-жоругун туурап, шумданып окуучуларды аябай күлдүргөн. Экинчиси, ошол маалда мода болуп кеткен «Господин 420» деген комедияны ойноп берет. Озгурлук окуучулар Жолонду наркы өйүздүн баласы турбайбы деп калышат.

Күндөрдүн биринде озгурлук кыз Меңди кызыктай түш көрөт. Чочуп ойгонсо тердеп-тепчип, демигип алыптыр. Чоң-Булактагы үңкүрдүн жанында демейдегидей эле кыздар, балдар бир топ болуп, мектепке бараткан болот. Бир маалда алды жактан кыйкырык ызы-чуу салып атчандар келатыптыр. «Эй-дай, эй-даай!» деген үндөн аалам жаңырып тургансыйт. Атчандардын эң алдында колуна комуз кармаган акын булбулдай шаңшып ырдап келаткан болот.

–Токтогул! Токтогул ырчы! – деген үн Меңди кыздын кулагына угулат, элдин баары ошо кишиге карап калышат. Токтогул кичинекей тыпыйган тетик кызга – Меңдиге саамга көз токтото карап, колундагы комузун карматат. Кыз комузду кучактаган боюнча селейип туруп калат, эмне кыларды билбейт. Бирдеме дегиси келет, үнү чыкпайт. Дуулдап келген атчандар алдыдагы жанагы ырдаган кишини жандаган боюнча алдыга карай кетишет. Атчандардын дүбүртүнөн жого-

ру көтөрүлгөн коюу чаң күнгө чагылып, артында уюлгуп калат берет.

Кыздын жүрөгү опкоолжуп, көргөн түшүн атасына айтса: «Аа-а, жакшы-жакшы, кызым,Токтогулдай акын болот экенсиң», – деди. Апасына айтты эле: «И-й, жакшы түш экен», – деп койду.Ушул түш көп жылдар бою Мендинин көңүлүнөн кетпей, чыгармачылык толгоо тарткан кезде эсине түшө берчү. Ата-энеси ошондо ырымдап кан чыгарып, түлөө өткөрүп, жакшылыктын жолуна деп атап коюшса,балким Токтогул атанын арбагы колдоп, зоболосу дагы башкача болмокпу?..

Жаздын ала-шалбырт жамгыры менен боз тумандан кол үзгөндөй. Өрүктөр гүл ачып, ааламды шаңга бөлөй бажырайган, айрымдары эми эле бөртүп, кечкилери бутак- боорунан ак тамчы сымал бир сызык гунчасын томпойто баштаган маал. Үйүндөгүлөрдүн баары тойго кетишкен. Кичинекей Менди шоктугунан дарак-ташты койбой үзүп-жулкуп, былтыркы чымчыктардын уясын сайгылап, этек-жеңин түрүп алып, суу жайылган өрүк бакты аралап чуркап бараткан. Эки үй нары Акмат аваларынын багы андан да кызык. Капыстан эле алдынан жашыл көйнөкчөн, маңдайында көкүлү бар, ат минген өспүрүм чыга калат:

– Эй, кыз, атың ким?

– Айтпайм!

– Эй, кыз, токто! Апаң барбы?

– Ишиң эмне?

– Айтпасаң, атаң менен апаң наркы өйүздөгү Алмакандын үйүнө тойго барсын. Айтып койгун!

– Айтпайм! – деп кыз качып кетет.

Кызга чабарман баланын буйра сүйлөгөнү жаккан эмес, андан калса өзүнөн эки-үч жаш эле улуураактай.

## Эскерүү

...Кийин Жолонду ар кандай кырдаалда көрүп калчумун. Окууну бүтүп, Фрунзеге жогорку окуу жайына окууга кетиптир деп уктум. Мен жетинчи классты бүтүп, Оштогу кыргыз кыздар орто мектебине окуганы келдим. Тогузунчу класстын башында «Ленин жолу» гезитине Мекен, китеп, мектеп, айыл жөнүндөгү ыр сымалдарым чыгып жүрдү.

Күндөрдүн биринде облустук гезитке көрүнүктүү акын Сооронбай Жусуевдин баш сөзү менен «Ак жолуң ачылсын» деген темада бир бетке Жолондун ырлары чыгыптыр. Окуп алып аябай суктандым. Ырлары мазмундуу, тили жатык, жагымдуу, бир чети анын чоңоюп калганын көргөнүмдү элестеттим. Анын ыр жаза турганын ошондо билдим,ыр ушундай жазылат турбайбы деп калдым. Газетаны көпкө сактап, эстегенде улам окуйм.

Менин бир тууганым, Жума акем Жолон менен чогуу окуган. Онду бүтүп, Жума армияга кызмат кылганга кеткен эле. Бир күнү Жолондон Жума акеңиздин адресин берип коюңузчу деген мазмундагы кат келди. Эч нерсени ойлобой, адатымча кыртышым сүйбөй, анын ыр жазып жүргөнүн урматтаганым деле эсимен чыгып, теңсинбей ал «сиз» десе, мен «сен» деп, «керек болсо өзүң таап ал, акемин адресин бербейм» деп жооп жаздым. Ошондон кийин көпкө кат жазбай калган. Кийин сенин мүнөзүңдүн катуу экенин биринчи жазган катыңдан эле билгем деп, көпкө чейин эстеп айтып жүрдү. Каап, ошол каттар сакталбай калганын карасаң.

Тогузунчу классты бүтүп, жайкы каникулга чыккан маал эле. Балеткамды көтөрүп, шаардагы облустук гезиттин редакциясына барганы даярданып жатканымда узун бойлуу, келбеттүү, зыңкыйган эки жигит биздикине келди. Экөө биринен бири өтүп келишимдүү экен.

Апамдар менен жылуу учурашып калышты. «Кокуй, өйүздөгү туугандарым келген турбайбы!» – деп апам бүлүнүп жүрөт. Мен кыз адеби, салты боюнча сыртыман сыр бербей, учурашкандын белгиси катары «кимсиңер» дегендей, башымды ийкеп койдум. Такымыма жеткен узун чачымды эки бөлүп өрүп, артыма таштап койгом, чоң кыз болдум деген ички дымак күчтүү, сездирбемиш этем.

Жайдын башталышы эле. Өрүк, алма гүлдөп, айлана-тегерегибизди ак шоокум, ак нур каптап кеткендей, ажайып сулуулук маңкайып турган кез. Апам менен эжем эшиктин алдына тегерете гүл эгишет болчу. Гүлдүн жытына табияттын жапжашыл көктөмүнүн бир башкача, наристенин жытындай тумсак жыты аралашып, делебе козгойт.

Экөө мылтык асынып алыптыр, кептер атабыз деп. Биздин үйдүн тегереги адыр, тоо-таштуу дөбөлөр эмеспи. Мен иштерим менен көчөгө чыгып кеттим. Ал кезде гезиттин башкы редактору Мырзалы Аматов болчу. Жазуучу Шабданбай Абдыраманов болсо жаш калемгерлерге жакшы көңүл буруп, акыл-насаатын айтып, жакшы деген чыгармаларын гезитке жарыялап, көмөгүн аябайт эле. Ал киши да газетада иштечү. Гезитке ырларымы, жазган макаламды тапшырып, эки сааттан кийин келсем деле жанагы жигиттер кетпептир.

Апам күйпөлөктөп, жашыл бакка шырдак, ала кийизин жая салып, жаңыраак жер төшөгүн жаздап, жөлөнгүчүн коюп, «туугандарым келсе» деп кубанып, тамагын жайнатып коноктоп жүрөт. Бир маалда очоктогу палоосу бышкан шекилдүү, мени чакырып калды:

– Меңди, акелериңдин колуна суу куй! – деп. Мен шып качып, үйгө кирип кеттим. Эшикке чыкпай уялып, тамак ичкенге барбай бекинип отурам. Биздин үйдүн жол жакта терезеси бар эле. Бир маалда Жолон терезеге баш багып:

– «Мендирман» деген китептин ичин кара!.. – деди да нарыга басып кетти. Көрсө, мен келгичекти китеп текчемдегилерди бүт карап көрүшкөн экен. Үйдүн текчесине чоң кылып «Адабият бурчу» деп жазып, Пушкиндин сүрөтүн илип, окуган китептеримдин баарын тизип койгомун. Ыр жазган чакмак дептерлерим бар эле. Ошонун бир барагына мага арнаган эки куплет ырын жазып, аягына: «Сенин Жолонуң» – деп жазып коюптур.

Жүрөгүм бир башкача дүкүлдөп согуп, жагымдуу сезимдин кучагында балкып же кубанарымды, же жактырбаганымды билбей, дендароо тартып көпкө турдум. Жигиттерди көрүп ээ-жаа бербеген кыялдарым үчүн уялам. Төрт эркек баланын арасында эрке өскөн, балалыгыман эс тартканга чейин шоктонуп, жулунуп-алынып жүргөн тентек кызга бул сезимдер тааныш эмес эле. Адатта урушкан кыздар-балдар менен мушташып, тепкилешип, катылгандын катыгын берип, асылгандын айыбын ачып, өнөгүн жедирбеген кыз ошондон кийин токтолуп, майиндеп калгансыдым. Жигит көңүл буруп, кичине чоңоюп калганга, эркек баладай даң-дуң болуп атыраңдап жүрө бербей акырын басып, астейдил сүйлөгөн бийкечке айландым. Жолонду биринчи көргөндө эле мени менен чогуу окуган балдарга таптакыр окшобогон адебине баам салдым. Анын өзгөчө сырдуу, жагымдуу мамилесинен бактылуу сезимдин кучагында балкып, табышмактуу дүйнөгө кабылдым. Жолон менен биринчи жолу бетме-бет жолугушкан күнүбүз ошентип сырдуу сезимге жетеледи.

Алар жөн келбептир, бири-биринен жашырып айтпай, кептер атабыз деп шылтоолоп, кыз көргөнү келишкен экен. Абдибаит деген Жолондон эки жаш улуу жигит эле. Экөөндө тең мага деген жылуу сезимдери бар экени кийин билинди.

* * *

Кыздар орто мектебинде тартип аябай катуу эле. Бизди жөн эле монастрдагыдай кармашат. Мектепте көчүп окуйт элек, адабият, география, математика, физика сабактары боюнча кабинеттери өзүнчө болгондуктан, бирөө-жарым мага кат жазса дароо танаписте жан-алым калбай катты булгалап кыйкырам:

–Эй, кыздар, мага паланча-түкүнчө бала сүйүү катын жазыптыр! Мажнундун катын кимге окуп берейин?– деп, кат жазгандын шорун курутат элем, анын сезими менен ойноп жатканымды таназар албай. Ошентип, бой тартып келатканда кыялыман чочулаппы, же билбейм, бирин-серин эле балдар кат жазды.

Көптөн кийин Жолондон дагы бир-эки жолу кат алдым. Бети-башым албырып, көкүрөгүм туңгуюк сезимге элеп-желеп боло толкуп, бирөө карап тургансып уялганымды айт! Катты бекитип алып, кайра-кайра окуйм. Эч кимге айта албай, ичинен тынган көлдөй мелтиреп калдым.

Оштогу редакциянын жанындагы «Көк-Терек» башкы почтасынын имараты биз үчүн ынак жерге айланды, «довостребование» аркылуу кат алышып турмай болдук. Ал маалдагы каттар башкача болоор эле. Бири-бирибизге сүйөм, күйөм дегенди айта албай, жымыйып ичке катып, адабият менен маданияттагы жаңылыктарды жазып, Жолонго ыр болмуштарымды жиберем. Ал сезимге толгон ырларын жазат, майрамдарда открытка келет. Ошол кездеги кыздардын адебине ылайык кимден кат алсак да эч кимге көрсөтпөй, эч кимге окутпай, элге жарыя кылат деп коркуп, жалгыздап окуйт элек. Ата-эненин жана мектептин катуу тарбиясынан улам, алар сызган чектен чыкпайт элек. Мектептин таалими кыздарды катуу кармап, катуу көзөмөлдөйт эле. Бир жумада почтага эки-үч жолу барам. Кат албай калган күндөрү маанайым түшүп, бирдемесин жоготкон неме-

дей кайсалактайм, оюм уйгу-туйгу болот. Бойго жетип уяң тартып, жигит менен сөз алыша баштаганданбы, токтолуп калгансыдым. Онунчу класста жазында Жолон мени биринчи жолу жолугууга чакырды. Тим эле баспай эле учуп жүргөнсүйм! Сыртыман оор басырыктуудай, тымпыйып көрүнгөнсүгөнүм менен кубанычымын чеги жок! Жүрөгүм элеп-желеп алып учуп, кайсы көйнөгүмдү кийсем?.. Чачымды бирби же экиге өрөмбү?.. Бутумачы?.. – деп толкунданып, кайра-кайра күзгүгө каранып, Жолонго жаккан сүйкүмдүү, сулуу Меңди болгум келет...

Жолдо ээрчишип баратабыз. Унчукпайбыз. Анын көзүнө тике карай албай сүрдөйм, бирдеме айтайын десем аптыгып сөз таппайм. Жолон студент экенине карабай тартынып, аны да майда калтырак басканын астыртан туям. Көзүбүз чагылыша түшсө кызыл чок кармагандай калтаарып, каректерибизди ала качып, көзүбүздү башка жакка буруп кетебиз. Басып баратып мага атактуу акын С. Эралиевдин «Ак Мөөр» деген китебин белек кылды. Мен болсо китепти окугам деп айта албадым. Эмнеге анттим, билбейм?.. Окуп чыкканымы айтсам сөзүбүз токтоп калабы дедимби? Ал кезде сүйлөшмөк турсун, катар баскандын өзү өзгөчө окуя болчу.

Кыз-жигиттей мамилебизден улам, ал өз сезимине менден кандай жооп болоруна кызыгып, бир катында «жооп бергин» деп ачык сурады. Ага жооп айта албадым, жооп бербедим. Себеби мага өзүмүн максаттарым кызык, ой-тилегим баалуу болчу. Ал студент болсо, мен окуучу болсом, анда кандай? Жок, мен да университетке өтөм, студент болом, анан жигит менен сүйлөшкөнгө макулмун деп ойлодум. Оо-о, ал кезде студент болуш чоң нерсе эле! Жоопту кечиктиргеним ушундан болчу.

* * *

Эки жаштын ортосундагы ысык сезим ынак тартып, бүчүр байлап келатканда ойдо жок окуя болду. Эч кимдин оюна келбеген, түшүнө да кирбеген жагымсыз окуя алардын тунук, ымыркай махабатына доо кетире жаздады.

Мектептеги салтанаттуу бүтүрүү кечеси улан-кыздарды толкундатканы, турмуштун жаңы жолуна узатуу жөрөлгөсү кимдин эсинде болбосун? Түркүн түстүү жазгы гүлдөргө толгон мектептин залы. Музыка жаңырып ырдап-бийлеп, ширин тамактарды жеп, лимонад ичип, бири-бирин кыя албай турган бүтүрүүчүлөрдүн көзүндө күн ойнойт. Ошол күндүн эртеси жакшы эле тааныш Айчүрөк деген эжеси келип:

– Назипа эжең сени тез келсин деп чакырып жатат, ооруп калыптыр... – деди.

Назипа Исакова кудачасы, бир тууган эжесинин кайын синдиси, пединституттун биринчи курсунда окуйт. Ушул орто мектепти (Оштогу Уркуя Салиева атындагы кыздар-жатак мектебин) бир жыл мурда бүтүрүп кеткен эле. Оюнда эч нерсе жок ал кыздын үйүнө келсе ийрейип жаны ооруп, кыйналып жаткандай түр көрсөткөн Назипа:

–Келгениң жакшы болбодубу. Бүгүн атама барып айтып кой, ооруканага жатам...– деди ыйламсырап. Кызык, кичинекей столго нан, конфет, печенье, лимонад коюлган. Меңди ага маани деле берген жок. Кетейин деп турса кудачасы бир ыстакан киселди колуна кармата койду, «мынаны ичип ал» деп. Киселди ичкен Меңди отурган жеринен турайын десе болбой көзү коюуланып кирпиги чапталгандай, көшүлүп эле уйку тартып баратканын сезди. Колунда «Звезда» деген саатын карап шашып коёт, эжекеси саат онго келип кал, бүтүрүүчүлөрдүн аттестатын жазыш деп айткан эле. Ошого аябай шашып аткан. Бирок алы куругандай,

ордунан тура албай уйкунун кучагына жыгылганын сезбей калды.

Оштогу пединституттун студенттери кыздар орто мектебине практикага келгенде ошолордун арасында бир жигит Меңдини көрүп жактырып калат. Коридорго чыкса деле, жатакананын жанынанбы, мектептин короосунда жүрсө деле кайдан-жайдан пайда болот да, сүйүп калганын айтып, артынан ээрчийт. Кат жазат, каты жоопсуз калса да болбой эле кыздын артынан түшкөнүн койбойт. Кыз анын сезимине маани бербейт. Оюнда Фрунзеге окууга тапшырам деген тилеги менен учуп жүргөн кези.

Машинада бараткандай... Кулагы тунуп, уйку-соонун арасында өңгүл-дөңгүл жолдо опоң-сопоңдогонун сезгендей болду.Каякка,эмнеге баратышат такыр түшүнбөдү. Уйкудан көзү ачылбайт.

Түн бир оокумда райондун борбору Дароот-Коргонго жеткенин (Дароот-Коргон – Чон-Алай районунун борбору, аны биринчи угушу) жанындагы сүйлөшүп жаткандардын сөзүнөн улам билди. Аркыраган шамал ичи койнуңду тытмалап жиберчүдөй аянычтуу озондойт, чар тарап капкараңгы. Жер тамдардан чыккан бүлбүлдөгөн жарыктын шооласы билинип-билинбейт. Меңдини алып качкан студенттин ата-энеси жайлоодо болгондуктан, тууганынын үйүнө алып барышты. Башы эңгиреп, кулагы тунган кызды ой-боюна койбой жулкулдатып сүйрөп, эшиктен түртүп киргизгенде кыз таптакыр чоочун жерге келгенин билди. Жаш кыз эмне айла кыларын билбей ыйлап, асканын туңгуюк ооруна кептелген чаарчыктай элеңдейт. Эшикте узун, колдо шырылган кара чапан кийген кишилер, аңдын терисин белине байлаган кемпирлер, бир топ эле адамдар жүрөт.

Чыңыртып үйгө алып кирип, астана аттабай тырмышып турган кызды түртүп, эки колунан сүйрөп, артындагылар жабышып жабалактап атып төркү бөлмөгө алып киришти. Секелек кыз чучуктай чыңырды:

– Эмнеге алып келдиңер?!

– Келин болуп келдиң!

– Жок, мен окуйм, окуйм, окушум керек!.. Артка алып кеткиле дейм!.. Бул жерде калбайм! – кыз озондоп ыйлап кирди.

Өмүрүндө кызды кантип ала качканды укпаган-көрбөгөн, зордуктап үйгө отургузганды элестете албаган эне сүтү оозунан кете элек кыз туш келгенин тепкилеп, аймалап-жулмалап башына оромолду салдырбай койду. Таандай ызылдаган катындардын, келин-кесектин шайын кетирди. Эми алар алдаганга, сооротконго өтүштү.

– Кыз барар жерине ушинтип ыйлап барат, айланайын...

– Мени деле сага окшоп, качырып алган.

– Эрге тийбегенде эмне?! Кыз барар жерине ыйлап барат! Салт ушундай!

– Эрге тийбейм! Силерди сотко берем, милицияга берем! Ушул кылганыңарга кийин өкүнөсүңөр! – Так секирген кыз эч кимге моюн бербей тепкилеп, колдон суудай куюлуп, эч кимге баш бербей койду.

Бир маалда бала көтөргөн аял кирди. Астанадан бери котологон аялдарды ары-бери сүрүп, кыздын жанын келди да:

– Кыздар орто мектебинен келсе, Дүйшөкандын кыздарынан го? – деди. Эч ким жооп берген жок.

– Өзүң каалап келдиңби?

– Жок, жок!.. Күйөөгө тийбейм! Оюмда да жок!.. Мен окуйм, окууга барышым керек! Зордоп алып келишти!.. – деп Меңди безилдеди.

Жанагы аял кызга боор ачып, почтага барат да, кыздар орто мектебинин директору Дүйшөкан Ниязбаевага телефон чалат. Алар классташ эле. Райондун борборундагы почта түндүн бир оокумуна чейин иштейт болчу. Ызырынган долу шамал светти өчүрдү. Кудай

жалгап, жанагы аял Дүйшөканга кабар жеткиргенге үлгүрдү.

Караңгыга чулганган айыл. Бак-дарагы, тал-терeги бирин-серин.

Эртеси мектептин директору Дүйшөкан Ниязбаева дароо Оштун милициясына арыз жазып кирсе, эч ким анчалык маани деле бербей: «Эжеке, азыр кыздарды ала качып кетти деп арызданышат, барсаң салт ушундай экен деп бөөдө убара кылат. Эмне кыласыз? Бара бериңиз», – дешет. Сабыры сууган Дүйшөкан Ниязбаева түз эле партиянын шаардык комитетине кирип барды. Колуна фотоальбомду көтөрүп алган. Альбомдун биринчи бетинде директордун, анан жаш кыздын чоң портрети бар. Муну окууну бүтүп бараткан окуучусу кружокко катышып үйрөнгөн, «Смена» фотоаппараты менен тарткан сүрөттөр.

– Мынабу кыз менин эң мыкты окуган, активист кызым эле.. – деп ыйлап жиберет сүрөттү көрсөтүп. Андагылар чочуп кетишет.

– Эмне болду, тирүүбү деги?

– Тирүүсү го, тирүү...

– Анан эмне?

Дүйшөкан эжей-агайлардын сүрөтүнүн түбүнө ар бирине арнап, бир куплет ыр жазган кыз жөнүндө күйүп-бышып түшүндүрөт.

– Ал окуй турган кыз, жалаң бешке окуган отличник кыз! Аны зордоп ала качып кетишиптир! Жардам бербесеңер болбойт!.. Ушундай тырнактай кызды талаага кантип таштап коёбуз? – дейт. Ошол кезде Кудай жалгап, жаш кыздарды ала качууга тыюу салган, анан да ошол ишти уюштургандарды «уюшулган топ» деп жоопко тартуу тууралуу токтом чыккан эле.

Мектептин директору мыкты окуган, коомдук иштерге активдүү катышкан, ыр жазган, адабиятка шыктуу окуучусун жакшы билчү. Малчы-чабандардын слётунда болобу, же даталуу күндөргө карата өткөрүл-

гөн салтанаттуу жыйындардабы, Дүйшөкан Ниязбаева чыгып сүйлөп, андан кийин окуучусу Меңди Мамазаирова ыр окуп, экөө президиумда катар отуруп калышчу.

Бир убакта тополоң болуп жаткан үйгө Роза Пратова кирип келсе болобу! Ал дагы ошол мектепти бир жыл мурда бүтүп кеткен, мыкты окуганы үчүн бири-бирине жакын эле. Кош бойлуу экен. Меңди Розаны мектептен жакшы тааныйт, Калмамат деген жигити келип, экөө жетелешип алып жолугушууга барганын эчен ирет көргөн. Кээде алардын ортосунда балмуздак жеп эркелеп да жүргөн. Калмамат менен Роза турмуш кургандан кийин, Дароот-Коргондо совхоздо директор болуп иштеген агасы карындашы менен күйөө баласын жанына алып келип алган болчу. Кыздар сүйлөшүп, катташып эле жүрүшчү. Роза почтада иштейт экен, кыздар орто мектебинде окуган кызды ала качып келиптир, чучуктай чыңырып ыйлап жатат, бечара дегенди угуп, жөн отура албаптыр.

Роза киргенде ошердеги катындар кайсалактап, чай теребиз деп калышты, канткен менен бир тууган агасы директор болгонунан айбыгышты белем. Роза шарт ордунан туруп эле кызды жетелеп, ушунчалык тездик менен эшикке атып чыгышты. Эч кимиси «кой-ай» дегенге батынбады дагы, үлгүрбөдү дагы. Анын үстүнө жердин жети түбүнө, бейтааныш айылга келген кыздын көздөй тааныш чыгат деп ким ойлосун?

Роза Меңдини үйүнө алып келип, Калмаматка баарын айтканда ал кыздын түрүн көрүп дароо түшүнөт. Эшикти бекем жаап чай-нанды, жегенге бирдемелерди алып келип, челекти бурчка коюп катуу эскертти: «Үйдөн эч жакка чыкпагыла! Эшикти да эч кимге ачпагыла! Мени сотко кетти дегиле!» Бир кезде эшикте ызы-чуу түшкөн айылдагылар таш-кесектер менен терезени, эшикти ургулап киришти. Эшикти тынымсыз тепкилегенинен качырап, айнектин темир тосмолору

бар үчүн кире алышкан жок. Камалып отургандардын жүрөгү түшүп, кокус эшикти сындырып киришсе кантебиз деп коркуп, алкымдары оозуна тыгылды. Көпкө чейин чаң-тополоң, ызы-чуу токтобой, дагы терезенин түбүнө келип жаалданган үндөр:

– Эй, Оштун жалаптары, чыккыла! Жаныңды суурup алам! – деп, үзүлүп-үзүлүп барып токтоду. Курбулар ал түнү кирпик какпай, экинчи түндүн таңын атырышты. Таң атканда түндөгүдөй анчалык коркпой калышты. Кош бойлуу келинге ушунчалык азаптын кереги бар беле? Секелек кыз аны кайдан түшүнсүн, бирдеме «кыйч», «тарс» эткенде эле эжесине барып чап жабышат. Бир маалда:

– Эшикти ачкыла! Милиция келди! – деген эркектин үнү угулду. Экөө ишенбей, тутканын ылдыйындагы бармак башындай көзөнөктөн караса, милиция кийимчендин фуфайкасынын этегинен пистолети көрүндү. Эки тараптан: бирөө Ош шаарынан, экинчиси жергиликтүү райондун кызматкерлери келген экен. Калмамат органга барса эч кимиси кенебей: «Кыздар ушинтип эле эрге тиет, эмнеге милицияга келдиң? Кыларга ишиң жокпу?» – дешип, какшап айтса да келбей коюшуптур. Ошол жерден салып-уруп Ошко жөнөгөн экен. Директор Дүйшөкан Ниязбаева менен Калмамат шофердун сураныччы бир чыгып, Оштун милициясынан кошо келиптир. Кыз ушунчалык жүрөгү түшө коркконунан, Оштон келген милициянын дагы, жергиликтүү милициянын да машинасына түшүүдөн чочулаганда:

– Мен өзүм жеткирип барам, балдызымды! – деген Калмамат кызды бийик, борттуу машинасына отургузаарда машинага салып кеткенге да мүмкүнчүлүк бербей котологон эл дүргүйт. Эки жактан келген милицияны анча тогото беришпеди айылдын эли. Өңчөй кара чапан кийген, кара сакалчан эркектер тегеректеп, машинанын алдында кала турганына да кайыл болушуп жүткүнүшөт, сөгүнүшөт. Оштон келген эки милиция

сес көрсөтө, колдоруна пистолеттерин алып, көрүнөө кармалап коюшат. Акыры машиналар ордунан козголуп жүрө баштаганда артынан сөгүнгөн, кыйкырган үндөр менен кошо таш-кесектер ыргып, дабырап атты машинанын үстү. Чоң эле кишилер колуна тийген нерселер менен ыргытышып, кадимкидей таш бараңга алып башташты. Айрымдарды машинанын алдын тороп алып жүргүзбөйүн дейт, милиция асманга карап ок чыгармакчы болсо туш-тарапка басып кетишет. Бели бүкчүйгөн кемпирлер каргап-шилеп, кумсаңдап атышты.

– Өлүгүңдү көрөйүн, өсүп-өнө турган неме эмес го! Биздин баланы уят кылып!..

– Ошону айтсаң! Тастайган бейбаш неме экен! Кетсе кетсинчи, мындайды ким көрүптүр!

– Окуйм деп... Тай-туйлап такка чыгабы?!

– Шордуу баланын энеси жайлоодо. Эми өкүматтын тузагына илинет да курган бала...

Көрсө,ошо кезге чейин Чоң-Алай районунун тарыхында ала качып келген кызды эч ким алып кете албаптыр. Кайсы уруунун баласы үйлөнсө тууган-уруугу топтолушуп, алды -артына түшүп, кызды керек болсо күч колдонуп алып калганды эрдик, ошол уруунун намысы катары көрүшкөн. Уруубузга көлөкө түшүрдү, балабызды чанып кетип калды деп, күйүккөндөрү ошондон. Кантип анан чымчыктай кыз бир айылды маскара кылып,отурбай кетип калат дешип намысташышат. Бул дагы тагдыр болсо керек. Акжолтой Роза Пратова күйөөсү Калмамат экөө кызга периште болуп бардык жамандыктан сактап калып атпайбы.

Кыздын көздөрү шишип,илебине тегерете учук чыгып,ирeңи быштактай саргайган, чачы сапсайып, түртсөң жыгылчудай. Калмамат көздөрүнөн чаары чыгып, жаалы кайнап, машинаны аңды-дөңдү карабай айдап жөнөдү. Артынан милициянын машинасы ээрчиди. Анын биринде жолу болбогон, кыз качырам деген

кемтаалай студент бала бар эле, аны Оштун милициясы бир машинасына салып алган. Көздөрү алайып, шаабайы сууган жигит тополоңдо эмне болуп кеткенине түшүнбөгөндөй, ээрчиткен жакка басат.

Сары-Ташка (Алай району) жеткенде, күн ылдыйлап батканы калган. Машиналар милициянын үйүнө келип токтоду. Ал жердеги милициянын аялы да кыздар орто мектебин бүтүргөн экен, эки күндө түш көргөндөй элейген кызды аяп, ыйлап да алыптыр. Ошо жерге konуп, эртеси эртелеп Ошко жол тарталы деп турушканда кара борттуу машине менен жык кыздын тууган-уругу жете келишти. Сурап-сурап, Меккени таалтыр дегендей, жолдуката издеп, булардын жолуна түшүп келишкен экен. Жүздөрү ачуулуу, «же өлтүрүп, же өлүп келебиз» дешип, келтек, балта, теше, сом темирлер, кош ооз унай мылтыктарын бүт камдап алышыптыр. Кабинада жаны ачыган, ою он талаага бөлүнгөн санаалуу апасы отуруптур. Тургун кызын көрө коюп:

– Айланайын чырагым, чымындай жаның аманбы?! – деп, кабинадан ыргып түштү. Кызын бооруна бекем кучактап, эне-бала кыйлага шолоктоп турушту.

Бир убакта кыздын жездеси жанагы студентти:

– Энеңди урайын! Ушу кыз ала качкан сенсиңби?! – деп, муштуму менен бир сокту эле, анын оозу-мурду канжалап кетти. Милициялар арачалап, араң басышты.

Ошко түн бир оокумунда жетип келишти. Тургун кызын кыздар орто мектебине, эжекеси директор Дүйшөкан Ниязбаеванын колуна тапшырайын деп алып барды, ошондо эне менен эжекеси кучакташып көрүшүп, ыйлагандарын көрүп ал... Тургун кызын ушул жерде калтырды.

– Кой, кызым, сен үйгө барбай эле ушерде калгын. Абысын-ажындарым, жеңелериң, башкасы деле: «Башыңа оромол түштүбү? Эмне болду анан?» – деп

такып сурап, көңүлүңдү кыраа кылышат. Айылдын катындары ушакты жакшы көрөт эмеспи.

– Мен жибербей калайын! – деген эжекеси кызды алып калып, жатаканадагы окууга, үйүнө кетелек интернаттын кыздарына кошту. Жатаканадагы кыздар бат эле топтолуп келип, Меңдини аяп, бир чети ойго келбес окуя болуп кеткенине таңданышып чачы-башын оңдоп, жырткычтын оозунан жулуп алган паранданын баласындай боору ооруп, жан тарта эт-бетинен түшө калчудай жабалакташты. Бири чайын, бири нанын, бири тамагын апкелип, жеп-ичкин деп көзүнүн агы менен тең айланышты. Эки-үч күн жатаканада эс алгандан кийин өзүнө келген кызга кечээги азабы түш сыяктуу сезилди.

Мектептин директору кызды ээрчитип, «Ленин жолу» газетасынын редакциясына келди. Анда башкы редактор Мырзалы Аматов менен жаш кыз ыр, макала көтөрүп барса колдоо көсөтүп турчу жазуучу Шабданбай Абдырамановдор бар эле. Алар кабатырланып отурушкан.

– Мына кызыбыз, аман-эсен келди! Бул кызыбыз окуй турган кыз. Эң жакшы баалар менен бүтүрдү, келечегинен үмүтүбүз чоң,—деди Ниязбаева.

– Кел, кызым. Эчтеке эмес, жазган ырларыңды дайыма жөнөтүп турасың, билебиз, – деди жазуучу. Эң жаман жери – ак көйнөк, кара шымчан, ак куба жүзү ансайын кубарып, алагай көзүн ирмеп-ирмеп, наркы столдо бирдеме жазып отурган Жолондун бары баарынан азап болду. Кыздын жүрөгү кабынан атып чыкчудай тыбырчылап, өзүн ыңгайсыз сезип, апкаарый түшкөн демин араң басты. Ыңгайсыздыкты сезген Жолон сыртка чыгып кетти. Кийин ушул окуяны эстегенде айтып калар эле: «Ишим жок болсо деле, сен жүргөнсүп шаарга, редакцияга акмалап барып жүрдүм», – деп.

Ушул жагымсыз окуядан кийин Фрунзеге барып, Меңди КМУнун кыргыз тили жана адабияты бөлүмүнө кирүү сынактарын тапшырат. Алигүнчө алыс-жуук чыгып көрбөгөн кыз үйүн сагынып, Ошко, айылына баса берет. Ал кездеги абитуриенттер баёо эле. Окууга өткөн-өтпөгөнүн анык билген да жок. Жакшы бааларды алганына ишендиби?

Ошол кездеги тобу менен кыз ала качууга каршы Өкмөттүн атайын токтомунун чыгышы окуяны тыкыр иликтетип, айыптуулар жазага тартылмайын жөн койбосу белгилүү болду. Кыз бир нече жолу сот отурумдарына барып, көрсөтмө берип жүрдү. Бул окуя тууралуу гезиттерге макала чыгып, кыз качырууга болгон коомчулуктун тескери пикири да кыйла көңүлүн жубатты. Өзүн коомдогу эски салтка каршы күрөшкөн каарман катары да тааныта алды. Канчалаган кыздар ала качуунун курмандыгына айланды экен? Кыздар өмүрү бир көрбөгөн жигитке күйөөгө чыгып, «таш түшкөн жеринде оор» деген терс адатка баш ийип, айласыз жашоого мажбур болушкан. Көпчүлүгүнүн тагдыры талкаланып, керт башынын эркиндиги, теңдиги үчүн күрөштө чабалдыгын, алсыздыгын көрсөткөн. Кыргыз кыздары тандоосуна жараша турмуш курууга укуктуу деген мыйзамга жол ачкандардын бири катары, Меңди өзү курдуу кыз-келиндерге үлгү болду. Төрт эркек баланын ичинде бой жеткен эрке кыз көк бет, көксөгөнүн бербеген, багынуу дегенди билбеген, келечекте акын болом деп талпынган билимдүү бийкеч мындайга баш ийип отуруп бермек эмес. Кыздын мүнөзүнө андай мажирөөлүк жат болчу. Алып качкан жигиттерге арачы болгон кудачасы Назипа Исакованы атасы улакка чапчу күлүк атын сатып араң куткарып алыптыр. Айчүрөк эмне болгону белгисиз. Кызга сыртынан ашык болуп ала качкан чоң-алайлык студент да жазасыз калган жок.

* * *

**Саламатсыңбы Меңди! Экзамендерди ийгиликтүү тапшырып жатасыңбы? Сенин 26.07.60 жазган катыңды азыр алып окудум. Эмнегедир эки ооз эле сөз жазыпсың. Ушул катты аларың менен кайсы окуу жайына тапшырганыңды, экзамендериң кандай, эмне жаңылыктар бар, бардыгын жазгын. Бирин-серин майда ырларды жазып жатам, эмнегедир талапка ылайык келбегендерин. Саат 6да келсем Кара-Суага кеткен экенсиң. Жөнөткөнү бараар элем, бирок менден башкалары деле жетишер дедим. Экзамендериңди ийгиликтүү тапшырышыңды жана азырынча мен үчүн белгисиз ВУЗдун 1-курсунун студенткасы болуп калышыңды чын жүрөктөн тилеймин. Төмөндө кийинки кездерде жазган ырлардан:**

*Көбүн көрүп сыры терең күндөрдүн,*
*Сен турмуштун туура жагын үйрөндүң.*
*Азаптарга кабылса да алтын баш,*
*Актай алдың ишеничин сүйгөндүн.*

*Тарбиялап мектеп-билим бешигиң,*
*Жеңип чыктың эскиликтин кесирин.*
*Айыптуудай актыгыңды жашырып,*
*Анан менден сен сурадың кечирим...*

*(Жолондун Меңдиге жазган каты. 1.08.60)*

## Эскерүү

Фрунзеге 30-августта кайра учтум. Окууга өттүмбү-өтпөдүбү деп, университеттин жанындагы тактайчага барып, биринчи кулагандардын тизмесин карасам – жокмун. Анан өткөндөрдүн тизмесин караганда

жашыл сыя менен сызылган аты-жөнүмдү окуп алып кубанганымды айтпа! Ким белгиледи экен деп коём.

1-сентябрь. Университеттин экинчи кабатындагы жадыбалды карап, аудиторияларды издейбиз. Анан... алысыраакта жылмайып Жолон карап туруптур. Эмне дээримди билбей, бир тиктеп эле көзүмдү ала качтым. Ал учурашып, мага эки калың дептер менен кымбат баадагы кытайдын калем сабын карматып: «Биринчи курстун студенти болушуң менен куттуктайм!» – деди. Экөөбүз бир топко чейин үн-сөзү жок ээрчишип коридордо бастык.

Фрунзедеги КМУнун кыргыз тили жана адабияты факультетинин биринчи курсунда окуп аткам. Биздин Салиевадан бүткөн классташ, же тааныш кыздар мединститутка, политехке, физкультурныйга тапшырып окуп атышкан. Алар мени жатаканасына мейманга чакырып жүрүштү. Мен да бир күнү аларды сыйлап коёюн деп, төрт кызды жатаканага чакырдым. Бөлкөнанды кесип, кантты тарелкага салып, биринчи картошка куурудум, акырында этти майда туурап, колдо кесме жасадым. Ашканага, бөлмөгө ары-бери чуркап, аларды коноктоп жүрсөм утуру-утуру эле мени карашат. Түшүнбөдүм. Эмнеге мынчалык көңүл коюп карап жатышканына таңмын.

–Меңди айтсаң, эмнеге токтолдуң?

–Эмне болуптур? – дедим түшүнбөй. Алардын таң калганы: мектепте балдар-кыздар менен мушташып, тепкилешип, Озгурда коньки, чана, ланги тээп, жыландын куйругунан кармап алып, кыздарды кубалаган, эркек баладай өзүн башкача сезген, эркеталтаң кыздын ушунчалык өзгөргөнүнө, токтолгонуна таңданып, түшүнө албай турушуптур.

Кийин абысыным, ыраматылык Сардал жеңем ошо күндөрдү эскерип айтып берген.

ды көтөрүп чыгып көмкөрөсүнөн жатыптыр. Чайга чакырсам «мага тийбегиле» деп турбай койду. Ошону менен бир жарым сутка тамак да ичпей, эч ким менен сүйлөшпөй, уктаган кишидей былк этпей жатты деп абысынымын айтканы эсимде.

Кийин Жолон: «Катуу уктап, бир жарым суткада ойгонгомун, «летаргический сонго» түшүп кала жаздагам» дечү.

Ошол кезде ала качып кеткен кызды кайра алып келүү сейрек көрүнүш болчу. Эшик аттап калды, башына жоолук байланды, кары-картаңдардын, кадырлуу адамдардын назарынан калды деген түшүнүк катуу эле. Бирөөнүн астанасын аттаган кыздын бактылуу болушу күмөн деген ойду жууп да кетире албайт элең.

# БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

## Башаттагы алгачкы чыйырлар же жаш калемгердин манифести

Орто мектепти бардык сабактан жакшы билген, бирок өтө шок балдардай эле ың-жыңсыз бүтүрдүм. Айыл чарба институту. Анан райондук мал дарылоо пунктунун ветврачы, үч жыл бою совхоздун башкы ветврачы, жарым жыл комсомолдук кызмат,эки жыл ветврач-ихтиопатолог, б.а., балык доктур, бир жарым жыл радиожурналист. Булар менин 29 жашка чыкканга чейинки өмүрүм». *(Жолон Мамытов үй архиви.Адам алгач Айга жеткен замандын күбөсүмүн. №2 күндөлүк, Жолон Мамыт уулунун Москва дептери» 20-сентябрь, 1969.)*

Онунчу класcты бүтүргөн жылдын жай айында Кудайберди аке Жолонду Фрунзеге окууга алып барат. Ал кезде самолёт асманда бир жарым саат уччу. 1956–57-жылдар оор, кыйынчылык жылдар эле.Элдин турмушу өп-чап. Жол тизеге чейин чаң, таштак. Эл эптеп шам чырак менен оокат кылат. Тиричилиги алды дегендин бир саан ую боло турган, андай киши сүт, каймагы менен балдарын тойгузуп, өзүнөн ашса коңшу-колоңду чакырып ооз тийгизет. Маканын унунан томпойтуп-томпойтуп загара нан жабышат. Көбүнчө жерине мака айдашат. Алтымышынчы жылдар-

дан кийин Оштун айлана-тегерегиндеги кыргыздар жашылчаларды: картошка, помидор, капуста, шалгам, түрп ж.б. эге башташты.

Адабиятты жакшы көргөнүнөн университетке тапшырганы барышса конкурс менен кабыл алынып, норма толуп калыптыр. Андан мединститутка барып, коридордогу адамдын скелетин, ичеги-кардын көрүп эле, Жолондун маанайы түшүп: «Аке, жүрүңүз буерден тез кетеличи!..» – деп шаштырат. Акыры ылайыктуу окуу жайын издеп, К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтуна келишет да, ветеринардык факультетине сынак тапшырып, өтүп кетет. Окуудан өтүп айылына келсе, эки айдын ичинде бою кыйла өсүп, шыңга тартып калыптыр. Көргөндөр таанбай калышат. Жолон студент кезинде борбордогу адабий иш-чараларга катышып, акын-жазуучулардын чөйрөсүнө жакындашат. Борбордогу гезит-журналдардын редакциясына барып туруш, адабий-маданий очоктун турмушуна кеңири аралашып калышы көбүрөөк окуп-үйрөнгөнүнө шарт түзүп берди.

Студенттик кезинде жакын досу Токтогул Аматов, Сайдулла Анаркуловдор менен шаардагы жер үйлөрдүн биринде батирде (Сельская-5) жашашчу. Отуруп алып, ыр, аңгеме жазып, анысын биринчи кошо жашаган балдарга окуп берет. Токтогул да поэзияга жакын, ыр жазып, басма сөзгө чыгып жүргөн.

Жолон Фрунзеде жогорку окуу жайда окуп жатканда согуштан кийинки эл чарбасы калыбына келтирилип, илим менен техникада, адабият менен маданиятта өсүп-өнүгүүнүн жаңы этаптары көзгө көрүнүп калган маал эле. Жаш акынга улуттук адабияттан сырткары дүйнөлүк классиктердин чыгармачылыгы менен таанышууга кенен мүмкүнчүлүк түзүлөт. Элеттик балдар экинчиби-үчүнчүбү курска өтүп шаарга көнүп, шаарды сүйүп, өздөрүн шаардыктардай сезип калышкан маал. Токтогул бир күнү китепкандан Расул Гамзатовдун ыр-

лар жыйнагын алып келип, уктап жаткан Жолондун алдына ыргытып коёт. Ал дароо ордунан ыргып туруп, китепти кармалап көрүп: «Асмандан түштүбү?» – деп аябай сүйүнөт.

Түнү менен окуп чыгып, кайра досуна берет. Ал бир китепти баштаса, баш көтөрбөй окуп чыгып, ойлорун бөлүшкөндү жактырат эле. Ошол кезде поэзия жаратуунун үйрөнчүк жеке «өнөрканасында» түйшүктөнүп, поэтикалык табиятын, өзгөчөлүгүн аныктап алууну максат кылып, изденүү процессинде жүргөн. Бирок адабий камылгасына канааттанбай жүргөнүн бала кезден бирге өскөн классташы, айыл чарба институтунда бирге окуган досу Т.Аматов минтип эскерет.

**«Бир жолу чогуу баратсак, Дзержинский көчөсүндөгү Жоомарт Бөкөнбаевдин эстелигинин тушунда эмнегедир биринчи жолу көргөндөй таңыркап тиктеп туруп калды да, мындай деди:**

**Тармал чач байкем Жоомартым,**
**Жашыман сендей жол тарттым.**
**Жакындап сага барамбы,**
**Же, Жоке, жолдо сылтып каламбы?**

Ошол саптар эртеңки күндөн үмүткөр, өзүнө ишеним байлаган, өзүнө чечим чыгарган акыркы саптар болгонсуду...Мен анын поэзияга болгон ынтызарлыгына алгач түшүнгөн күнүм эле. Ошондон кийин ал бир топ ырларды жазды.

**Билбейм, кимге барып жолукту экен, ырларын көтөрүп алып, «Ленинчил жаш» газетасынын редакциясына кеткен. Ал жерден капаланып келди. Ырларын бир сыйра окуп чыкты да, отуруп калды. Мен андан эмне болгонун сураганга дитим барбады, анын мүнөзүн билгендиктен. Анан ырларын колуна алып, айрып салып жерге бир чапты да: «Болду эми! Менден акын чыкпайт. Акын жок болду, төрөлбөй туруп!»**

**деп, отуруп калды».** *(Аматов Т. «Жолонду сагындым» // Доор унц. 1996, янв.)*

Ошондо жаш талапкер кимден эмне деген катуу сын укканы бизге белгисиз. Балким, туура эле пикир айтылгандыр, балким, поэзиядан алыс бирөөнүн көржемесин эшиткендир. Бирок ал «баары бир акын болом» деген үмүтүнөн кол үзгөн жок. Кан-жаны менен кошо бүткөн талант көрөңгөсү тынчын алып, кайра эле ыр жаздырып калемин кармата берди. Жалаң эле көңүлүн кайт кылган ачуу сөз укпаган чыгар, жылуу пикирлер да болгондур? Өзүнө болгон ишеними, намысы, өжөрлүгү кайратын курчутуп, окутуп да, изденүүгө түрткү болду. Жолон адабият жөнүндө дагы кененирээк ойлоп, көбүрөөк билүү түйшүгүнө чечкиндүү кадам таштайт. Эми ал мурдагыдай көңүлкоштукка, илең-салаң жалкоолукка жол бербей калды. Кез-кезде республикалык «Ленинчил жаш», «Кыргызстан маданияты» газеталары менен «Ала-Тоо» журналынын беттерине ырлары жарыялана баштады.

* * *

Ата-энелеринин мамилеси качырып барган жерге Меңди отурбай келгенден кийин башкача болуп калганы баары бир билинди. Меңдинин апасы Тургундун каталл, бир сүйлөгөн мүнөзү бар. Жолондор жактан сөз укканбы, айтор, Меңди окуудан келгенде: «Фрунзеде Жолон менен сүйлөшпөйм деп убадаңды бер!» – деп убадасын алат. Биринчи курсту бүтүп, кубанып келген студентка убадасын берет, апасынын мүнөзүн жакшы билет эмеспи. Кайра экинчи курска кайтканда Жолонго жолукканда болгон окуяны айтып берип, жолугуудан баш тартат да, жазган каттарымды, сүрөттөрүмдү бер дейт. Өзү Жолондун сүрөттөрүн, каттарын камдап алгандыктан кайтарып берет. Жолон да баарын алып келип берем деп убада кылат. Бирок ошол бойдон эки

ай келбей коёт. Ошол эки ай Мендн үчүн азапка айланат. Көңүлү жигитке берилгенин аны көрбөй калган учурда катуу сезет. Жаңы жыл кирип келет. Төлөйкөндүк студенттер Жаңы жыл тоскону чогулушат. Жолон менен Меңди студенттер арасында бири-бирин көрүшөт. Жолукканда Жолондун чачы өсүп, эки жаагы шимирилип, бетинин чүкөсү чыгып жүдөгөндөй көрүнөт. Сары санаа ой жигиттин жүзүнө из калтырганы байкалды. Меңди да санаа, убайымда жүргөн эле. Азган Жолондун көзү ансайын алайып, ирени саргайып, балбылдаган көз нуру абалкысындай эмес. Экөө көрүшүп калганда чындап бири-биринин санаасын, сезимин түшүнгөндөй болушту. Жаңы жылдык кечеден соң университеттин биринчи кабатындагы уячадан Меңди кат алат. Жолондон экен! Эки куплеттей ыр. Шашып окуйт.

*Кетесиңби? Жүрөгүмдөн? Жакшы бар,*
*Мезгил бизди билиндирбей жат кылар.*
*Кээде гана чөлдөн көргөн курмадай,*
*Сени эстесем, көңүлүмдө жаз турар...*

Меңдинин көздөрүнөн мөлтүлдөгөн жаштар кулайт. Солкулдап ыйлаган кыздын сезимдерин сегиз сап бүлбүлдөп араң жанган үмүттүн чырагына май тамгандай эреркетти.Университетте, же дагы башка окуу жайларда окуган ашык болгон жигиттердин каттары, сөздөрү, киного, театрга чакырганы, зар какшагандары кыжырын гана келтирчү.

Жолон 5-курсту бүтүп, бир күнү Меңдини атайы издеп келет. Экөө университеттин алдындагы бакчанын скамейкасында жолугушат. Жигит жакын келип колунан кармаса, оозунан ичимдиктин жыты келет. «Бул эмнеси? Ичип алганы эмнеси?» – деп таң калат Меңди. Анда студенттер ичишчү эмес. Өзүнөн алыстап, кетенчиктеген кыздан тартынып, колуна бир барак берет да,

туруп кетип калат. Университеттин алдындагы лампочканын жарыгына салып окуса, муногу ыр саптары экен.

*Мени таштап кайда кеттиң бактым сен.*
*Карыш чыкпай, жашаар элем жаныңда.*
*Кайсы күнү өчөөрүмдү так билсем...*

**«Кийин Жолон айтып калчу, ошондо институтту бүттүк деп ичип деле алган элем. Колуңду кармап, бетиңден сүйүп койгонго дааган эмес экемин деп алигече өкүнөм дечү. Анысына экөөбүз күлүп, жыргап калчубуз».**

Жолон Ошко кетет. Бирок аты-жөнүн жазбай тынымсыз ырларын салып турат. Меңди 3-курсту бүтүп келгенде, ата-энеси Ленинграддан бүтүп келген жигитке кудалап коюшат. Меңди болсо жашоосун Жолонсуз элестете албайт. Болду эми, жакшы окуп, аспирантурага барам деп максат коёт. Жолондун бир тууган бөлөсү, Ражапов Кожоназар Меңдинин курсташы, бир группада окушат. Ошол жигит аркылуу Жолон экөө бири-бири тууралуу кабар алып турган.

Кыз ата-энесине катуу таарынып, алдыда эки жума каникул бардыгына карабай, Фрунзеге учуп кетет. Ошо маалда Алайда жайлоодогу малдан (башкы ветврач эмеспи) кабар алып жүргөн Жолон Меңдиге жолугуп калармын деп Ошко келет. Демейдегидей почтампка келсе кабар жок. Меңди болсо Жолондон 4-курс болушуң менен деген катты, открытканы алган эле. Айылга барып кызды сураштырса кечээ күнү Фрунзеге учуп кетип калган болот. Жолукпай калганына санаага баткан Жолон дүкөндөн чакмак сызыктуу он эки барактуу дептерди сатып алып, тоодогу жумушуна кайтып келет. Алайдын Кабылан-Көлүнө иштери менен барганча, алаксыйын деп ыр жазат, сууга түшөт.

Ошондо Меңдисиз жашоо кызыксыз, супсак, маанисиз экенине көзү жетет.

*Көз тие элек көркөмүңөн сүрдөймүн,*
*Көрбөй туруп кирпигимди ирмеймин.*
*Билем Күндүн чыгыш жактан чыгарын,*
*Сенин кайдан чыгарыңды билбеймин.*

Жолондун кыялындагы, жүрөгүндөгү сүйүүгө, кусага толгон издөө ырлары жарала баштайт. Ошол күздө Фрунзеден университеттин филфагын Ош шаарынын жанындагы Калинин колхозуна пахтага алып келишет. Аны Кожоназардан уккан Жолон тынымсыз Калинин колхозу жакка каттай баштайт, күнүгө бөлөсүнө барган киши болуп, пахта терип жүргөн Меңдини көрүү үчүн...

## Эскерүү

Айылга келсем эле ар жактан жуучулар келе баштайт. Мен: «Өлсөм да аныңызга барбайм!» – деймин. Ошондой күндөрдүн биринде апам мага тике карап туруп:

– Жолонуң Гагарин болуп кетсе да бербейм! – деди. Жолон экөөбүз ата-энелерибиз каршы болгонуна карабай баш кошууну чечтик. Бири-бирибизсиз жашай албаганыбызга көзүбүз жетти. Экөөбүз макулдашып, Оштогу досторунун жардамы менен, көңүлү жакын курдашыбыз Сабыралы Кулуевдин үйүнө эки машина болуп кирип бардык. Өзбектин бир бөлмө, бир далисинде ижарада турушат экен. Күн мурунтан даярданышып, Сабыралынын аялы жана бейиши болгур Майрам таэжем апакай жоолугун камдап, сары майын белендеп, келин келдинин ырым-жырымынын баарын жасап тосуп алды. Жаш экенбиз да!.. Класс-

таш курбум, тууганым Бурма Козубаева, Жолондун бөлөсү Кожоназар Ражапов, классташ досу Токтогул Аматов жана дагы калган достор бизге тойчук уюштуруша коюшуптур. «Жаштык – мастык» дегендей биздин үйлөнүү тоюбуз эстен чыгып эле, кызыл вино менен шампан каныбызда дүргүтүп, таң атканча бийлеп, ырдап чыктык. Жолон улам жалдырап, мен кайда барсам артыман ээрчип, көзүн алайтып жүрдү. Экөөбүзгө жалгыз болгонго мүмкүнчүлүк жок, бир бөлмө, бир далис... Далисте тамак-аш бышып, чайлар шарактап кайнап, жаштыгы жанып турган он бештейибиз чакан бөлмөнү башыбызга көтөрдүк. Сабыралынын наристе кыздары Гүлбара менен Аида деле кошо бийлеп, чуркап, кубанышып, эмне болуп жатканын түшүнүп-түшүнбөй жыргашат.

Жолон экөөбүз ушунчалык бактылуу элек! Кез-кезде кол кармашып, элге кошулуп бийлеп коёбуз. Салтты бекем кармаган нарк бар эле, мени Жолонго жакындатпай бийлеп жүргөн Токтогул досу болду. Биздин баш кошуубузга чоң өбөлгө түзүп, жардамын аябаган жан досу... Баса, ошол күнү Токтогул бир бөтөлкө бөдөнөнүн сүтүн жанына салып алып, машинасын айдап, Жолондун кичи агасына барып жолугат. Машинасына киргизип:

– Турат аке, сизге жолукканы атайы келдим. Айта турган сөзүм бар, – дейт да жанагы шишедегини экиге бөлүп,чоң ыстакандарга куят.–Алыңыз дагы,эч нерсе сурабаңыз! – Экөө ыстакандагыны алып жиберишет. Эми айт, жумушуңду? – дейт агасы. – Жолон бүгүн үйлөнүп атат... –Кимге?! Каерде?! – дейт кайнагам. Токтогул өйүз жакты жаңсап: – Мамазаир акенин кызына, Меңдиге, – деп оозунан сөзү түшкөн кайнагамы түртүп түшүрүп,машинаны чымын-куюн айдап качып кетип калат. Акебиз оозуна бир сөз кирбей кала берет. Аны биз кайдан билели? Тоюбуз түшүп, эки жак келишкен соң Токтогул өзү айтып берди. Көрсө, ал

Жолон экөөнүн планы экен. Бул, 1963-жылдын 27-октябры эле. Ошентип, таң аппак атканча тойлоп, суй жыгылгыча бийледик. Кубанычыбыз койнубузга батпай тарака-турак болуп чарчаганда жеткен жерге баш коюп, көзүбүз илинген эле. Анан эле эшик такылдап калды. Эшикти ачсак Жолондун бир тууган эжеси, эки агасы, калганы эсимде жок, бирин-экин аялдар кирип келишти. Баарыбыз ордубуздан туруп, тизилип калгандай болдук.

– Бул эмне кылганыңар, акылсыздар? Издебеген жерибиз калган жок.. – деди эжеси.

– Ноокатка кеткендер келише элек. Катта-Талдыкка үч бардык!..– деди, агаларынын бири. Бизде сөз жок. – Майли, – деди эжеси, – кечинде келебиз. Даяр болгула! – Ушинтип айтып ээрчишип чыгып кетишти. Сомодой үч агасы туруп, бир тууган эжеси туруп, бөтөн бирөөнүкүндө үйлөнөт деген эмне?! Алар үчүн бул өтө чоң намыс эле. Эң чоң агасы орто мектептин директору, калгандары да бала-чакалуу, орун-очоктуу, колунда бар кишилер болчу. Жолон өзү да бир чоң совхоздун башкы ветврачы болсо...

Кудалашкандан кийин кайын журтум алыс-жакын туугандарга, айылга той кылып беришти. Ошентип, ак тоюбуз болуп, никебиз да кыйылды. Ата-энемин алдына барып макулдашып, жайында той алып келмей болуп көңүлдөрү тынып кайтышат.

* * *

**«Мен Алайга барып келдим. Алай эң улуу карама-каршылыктардын өлкөсү, бир мисал: «Катынарт» деген белде тескей жагы 1,5–2 метрге жете турган күрткү кар, ал эми жолдун күңгөйүндө жаз-байчечекей, сары гүлдөр гүлдөп турат. Бул эки мезгилдин арасы 10 гана метр. «Алай сүрөттөрү» деген бир нерсе жазсамбы деген ойдомун,бирок билбейм кандай болорун. «Кызыл өлүм», «Кызыл таң» деген ат менен тери-**

**лип редакцияда жатат, ыңгайы келсе эле басышат го. Май айында «Көл художник», «Сага», «Жол жомогу» үчөө тең «Жаңы ырлар» деп, «Ленин жолуна» чыкты. Жолдоштордон кызык пикирлерди уктум, бирөөсү бул мещандык дегенге чейин барды.**

**Ойлоно берип башым чатырап ооруп кеткен кездерде бир аз ичип коём, көңүлдү көтөрүп. Прозага кызыккансыйм, бирок колумдан эчтеке келгидей эмес. Өзүңдүн эле турмушуңду, айлана-чөйрөңдү байкап жүрсөң, ошонун өзү эле укмуш китептей экен, кээде ушундай бир чаташкан ахвалда каласың, анан ал түйүн чечилип жеңилдей түшкөнсүйсүң. Чамасы экөөбүздүн тоюбуз августта болчудай, сен келгенде».** *(Жолондун Меңдиге жазган каты. 10.02.1964)*

Окууну бүтүп келгенден кийин Катта-Тал совхозундагы асыл тукум кой чарбасында ветеринар врач болуп иштеп жүрдү. Совхоздо тыным жок эле. Айрыкча кой төлдөгөн маалда керели-кечке тууттун артында жүрүп, суй жыгылат. Кечинде жатарга жакын маалда чарчап-чаалыгып турганына карабастан, малдарды инфекциялык илдеттерден сактоо, койлордун өпкөсүнүн ылаңдары, ичеги-карын илдеттери, стационар-изоляторду кантип куруу керек, анын экономикалык жактан пайдалуулугу канчалык деген темада макалаларды жазып, биринин артынан бирин гезиттерге жиберет. Макалалары «Адистин кеңеши», «Саанчыларга кеңеш» деген рубриканын алдында жарыяланып турат. Башкы ветеринардык врач Жолондун «Кыш мезгилинде коомдук малдарды ветеринардык жактан тейлөө», «Чарбаларда стационар-изоляторлорду түзөлү!», «Желин ооруларынан сактануу үчүн кантип алдын алуу керек» жана дагы «Малдын авитаминоз оорусу» сыяктуу бир катар макалалары жөнөкөй, жатык тилде түшүнүктүү жазылган. Желинде көп жолуга турган илдет – желин бездеринин сезгенүүсү жөнүндө жазганда илимий

терминдерди азыраак пайдаланып, жалпы окурмандар үчүн жатык тилде, элпек сүйлөмдөр менен жазып, ырааттуу түшүндүргөн.

Күндөрдүн биринде Токтогул экөө чай ичип отурганда Жолон столду бир муштап, ордунан атып турду: «Эсимен чыгып калганын кара! Колумду жуубаптырмын! – деди, шаабайы суугандай шалдырап. Көрсө, алыскы кыштоодогу чабандын короосунан кутурган бир койду дарылаганы эсине түшөт да, иш менен алаксып жүрүп, аны унутуп калганын үйүнө келгенде эстеп жатпайбы. Бетиндеги тытмаланган жерин кармалап алганын ойлоп, кутурмага каршы вакцинаны киндигине сайып, өзүнө өзү 40 жолу укол жасады. Деги чабандардын үйлөрүнө барганда, ой-боюна койбой чайга чакырышат. Чай ичкенче аны-муну сүйлөшүп отургандан кийин мал догдурдун көмөгүнө, кеңешине ыраазы болгон чабандар сыйлаганга өтүшөт. Ичинде кири жок ак көңүл, берээге эч нерсе таппай калган, күйпөлөктөгөн кишилердин көңүлүнөн өтө албай, бир ыстакан ачууну алып жибергенден кийин ичинен өзүн жаман сезип,ушинтип ичип кара курсактын камын көрүп жүрө берсем, максатыма жетпей калам деп кыжаалат болот. Ошондой алагүү болгон кээ күндөрү шарт ордунан туруп басып кетип, эртеси жолукканда сүйлөшпөй кабак чытыгандарын көрүп, көбү айласын таппай калат болчу.

Адам көңүлү гүл эмеспи. Ал маалда орто мектепти бүтөрү менен колхоз-совхоздо малчы-саанчы болуп калтөө мекенчиликтин белгиси, чыныгы эли-жерин сүйгөн жаштар ушундай кадамга барат деген партиянын эмгекке шыктандырган чакырыгы күчтүү эле. Жаш кайыңдай сеңселген арык, беш көкүл кыздар атты такымдап, кой артынан жүргөнүн көргөн болочок акын толук кыздарга арнап, «Чабан кыз» деген ырын жазат.

*Дал ушул кыз, эмгек терин төккөн кыз,*
*Эрикпеген эл ичинде өктөм кыз.*
*Ашыгындай ак бетинен ар убак,*
*Ала-Тоонун эрке жели өпкөн кыз.*

Үйүндөгүлөр анын жакшы, майлуу-сүттүү, аброй-луу кызматын эмнеге таштап койгонуна түшүнө албай, апасы кыйлага чейин жемелеп жүрдү. «Ботом, мындай ишти адамдар издеп таппай жүрсө, мунун баш тартканы эмнеси? Жеп-ичкени кең-кесири,каякка барса чабандар сыйлап турса, мингенге унаасы турса, даяр ырыскыга түкүргөндөй болбойбу?» – деп сүйлөнүп калчу.

Жолон көңүлүндө поэзия айдыңына алып бара турган жолду издеп таппай, өзүнө өзү канааттанбай жүргөнүн сезген-билген жан жок...

**«Түшүнүксүз...Бүгүн кечке эле үйдөн чыкпай отура бердим. Бир нерсе жазгым келди, жаза албадым. Сага кат жазууга кириштим. Ден соолугуң начар болуп коштошконуң көңүлүмдөн кетпей, ичим ачышат... Неге чогуу боло албайбыз, же мен сенин жаныңда, же сен менин жанымда болсоңчу! Мүмкүн, сенден кат келгендир,мен ошол бойдон шаарга бара элекмин. Кыйынчылык болуп жатканын сезип эле турам, такыр аз акча менен калган элең. Көңүлүңө катуу тийчү сөздөрдү айтканыма ушунчалык катуу өкүнөм, ыйлагым келет. Адам экенбиз да, белгилүү бир учурда белгилүү бир ой күтүп, кайсы бир нерселер акылды бийлеп, настроениени түзөт тура. Ошого жараша өзүнүн сөздөрү, кылык-жоруктары туулат экен. Эгер жанаша турган адыр, же жанаша өскөн дарак, же жанаша жаткан таш болгондо, жанаша экенибизди сезүүгө да кудуретибиз жетпесе керек эле.**

**Менин сага барып келгеним бир көргөн түштөй эле болуп калды. Кандай нерселерди талкууладык, кайсы**

проблемаларды чечүүнү максат кылып койдук, ачык эмес, баары аралашкан, чатышкан бойдон мээмде турат. Ойлоном: биринчи өзүм жөнүндө. Мен киммин? Мага окшогон сансыз адамдардын биримин. Эмнем кем? Баары эле нормалдуу сезилгенсийт, киерге кийим, иштээрге ишим, ден соолук бар. Эмнем артык? Жашоодогу максатым эмне? – Мага турмушта адам болуп жашоо мүмкүнчүлүгү берилген үчүн жашап жүрөм. Максат кылып поэзияда ийгиликке жетишүүнү койгонмун. Максатым канчалык өлчөмдө ишке ашты? – Ишке аша элек. Алгачкы кадамдар жасалууда. Качан ишке ашат? –Келечек көрсөтөт.

Сен жөнүндө: окуп жатасың, максатың – жогорку билим алуу. Марсияна...Түшүнүп жатасыңбы? Мен азыр сен жөнүндө өзүмдүн ойлорумду баяндап берем, мүмкүн, мындан кийин эч качан минтип айтпастырмын, себеби ар учурдун өзүнчө ойлору бар дебедикпи! Ойду абсалют катары кароо мүмкүн эместир.

Башка кыздарга салыштырам, өзүңдүн эле жолдошторуңа. Аларга окшошсуң, ошол эле убакыттын ичинде такыр айырмаланып турасың. Окшоштугуң: өз жынысыңа тиешелүү болгон закондорго баш ийгениң, же аны колдонгонуң. Айырмаң: ойлоруң, дүйнөгө көз карашың, экөөбүз баш кошконго чейинки турмуш. Жок!Мен өзүмдү жана сени сүйлөмгө айландырып талдоо жүргүзүп жаткан жокмун, ушул учурдагы оюмду баяндап отурам. Сени ошол дүйнөдөгү сансыз кыздардын ичинен жактырам, сүйөм, жүрөгүмө ушунчалык жакынсың. Сени дагы терең түшүнгүм келет, сени менен акыл-эстүү, жагымдуу турмуш кургум келет. Эмнегедир башка үй-бүлөлөргө суктана албайм (м:сенин көп эле подругаларыңды тааныйм го). Алардын алдында духовный жактан жогору тургансыйбыз. Мүмкүн, мен жаңылышармын, эгоизмге берилип кетсем керек... кетчүдиктир, бирок ошондой сезим. Бул боюнча сенин да жеке оюң бар болуу керек.

**Суроо: Экөөбүздүн ортобузда да айтылбаган, жашырын нерселер болуусу мүмкүнбү?Такыр айтылбай калчуулар да барбы? Же акырындап жарыкка чыгабы? Алар убагында биздин мамилелерге өз таасирин тийгизе алабы (оң же терс)?**

**Мен келечек жөнүндө эчтеке билбегениме ушунчалык кээде нааразы болуп кетем, мүмкүн, жашоо ошонусу менен кызыктыр. Бирок келечек жөнүндө каалаганча үмүттөнө алам. А биз бардык шарттарды, мүмкүнчүлүктү, кезиге турган кыйындыктарды эсепке алып туруп, келечек жөнүндө так эмес болсо да планыбыз болушу керек. Учкул убакыт токтоо билбей зыпылдайт. Анын канатына жармашкан биздин өмүрлөр, 3 миллиард адамдын өмүрү, планеттин өмүрү».**

*(Жолондун Меңдиге жазган каты. 1964-ж.9-май, кечки саат 11.25)*

1965–1966-жылдары Жолон Фрунзеде Кыргызстан ЛКЖС БКда инструктор болуп иштеди. Ал кезде партиянын мүчөсүнө болгон ишеним, сый-урмат да бөлөкчө. Келечекте өсүүнү каалагандар, партиянын резервинде турган кадрлар, карьера жасагандар комсомолдук, андан кийин партиялык кызматтарды аркалап, ылдыйдан жогору карай кадрларды тепкич аркылуу өстүрүү партиянын талабы болгон. Ош шаарынын ЛКЖС комитети жаш кадрды чоң ишеним менен борборго жиберет. Ал жерде да күндөлүк кагаз иштери, тынымсыз чогулуш, пленумдарга даярдануу менен бир жылдын кандай өткөнү байкалбайт.

**«Кечээ кечинде үйгө бардым. Эми тамак ичип бүтүшүп, жатканга камынып калышкан экен. Бир топко сүйлөшүп отурдук. Апам экөөбүздүн үйүбүзгө кенен кылып төшөк салып берди. Көпкө уктабай, көп нерселер жөнүндө ойлонуп жаттым.**

*Биз келебиз дүнүйөгө бир ирет,*
*Күндөр, күндөр булут өңдүү сүрүлөт.*
*Азоо жүрөк сокпой калган минутта,*
*Ким канча жыл жашаганы билинет.*

*Жыпар гүлүм, жаркын мүнөз жаз айым,*
*тиричиликтин шаттык менен азабын,*
*тең сүрүшүп өзүң менен турмушка*
*узак, узак келет дуулап жашагым*

**дегендей кыялдарга чөктүм. Адабият жагынан анчалык ийгилик жок болуп жатат, китеп окуудамын. Ушул кат менен дагы бир жаңы ыр жөнөттүм, окуп көрөрсүң, антип жазуудан да эмнегедир тажай баштадым».** *(Жолондун Меңдиге жазган каты. 23.12.1963)*

## Ленинград таасирлери

Жолон Фрунзеде комсомолдун борбордук аппаратында иштеп турган кезинде шаардагы эски батирде жашап кыйналышат. Ошол жылдары каатчылыктын каппшабы күчөгөн, Хрущевдин СССРди башкарып турган кези эле. Бир кварталга үч кило ун берген тартыштык, кендирди кескен жокчулук жүдөтүп ийгенде, Ошко көчүп келүүгө аргасыз болушат.

1966-жылы Жолон Мамытов Ош облустук ветеринардык лабораторияга бөлүм башчы болуп дайындалат. Совхоздо иштеп жүрүп мал чарбачылыгы боюнча такшалган адис облус боюнча милдетти жеңил тартып кетет. Ал гезит-журналдарга адистиги боюнча макала-кеңештерди жазып, шаарга канатташ турган райондордун: Кара-Суудагы «Эмгек майданы», Өзгөндөгү «Октябрь туусу», Фрунзе районундагы «Ильич нуру» деген жана башка райондук гезиттерге жаңы жазган ырларын жиберип, күжүрмөн иштейт. Ал тартынуу, тайсалдоо дегенди билбейт эле. Чечкиндүүлүгүн көр-

сөтүп, адамдар менен тез тил табышып, жөнөкөй, ишенимдүү мамиле түзгөнгө жетишчү. Бир курдай ветеринардык лабораториянын башчысы Полутарский: «Сен ыр жазып жүрөсүң, ихтиологдордун алты айлык курсуна Ленинградга барып окуп кел.Чыгармачыл адамга эл таанып, жер көргөндүн пайдасы чоң» – деп Ленинградга окууга жиберет.

**«Эми менден сурачу болсоңор тынч-аман окуумду улантуудамын. Бул жерде күн бир аз жылый баштады, жаздын белгилери келе баштады. Майрамды парад көрүп өткөрдүк. Күндө 6–8 саат лекция гана жадатып жатат. Баягы эле квартирадабыз. Бир болсо башка квартирага 20-майдан кийин кетебиз.Себеби мага тынчтык керек, ал жер анча тынч эмес. Эгер көчө турган болсок, сага жаңы адрести телеграф аркылуу жазып жиберем. Эгин-тегинди болсо кыйналып-кысталып эгип жаткандырсыңар. Апамын эч жери оорубай эле жүрөбү? Санаторияда врачтар болсо сүйлөшүп туруп текшертсең да жакшы болот эле. Буту, көкүрөгү ооручу эле... Өзүң врачка көрүндүңбү? Айылда болгон бардык жаңылыктарды жаз. Бул жерде майда-чүйдө жакшы буюмдар абдан көп экен. Бирок дүкөндөрдү жакшылап кыдыра элекмин. Наркы үйдүн айбаны, агыл коркунучтуу эле, түркүктөрү араң эле чирип турат, мал байлабагыла, балдарды ал жерге ойнотпогула. Мен барганда ачып туруп, кайра жабабыз.**

## Штаттарга
## Уолт Уитмен

*Штаттардын ар бирине, айтамын мен ар*
*бир шаарга андагы:*
*«Көп учурда каршылык кыл, аз учурда ийгин баш»*
*Билбей туруп, макул десең түбөлүк кул болгонуң.*
*Ал кулдуктан улут дагы, штат дагы, калаа*

*дагы эркиндикке*
*кайта албайт.*
*Кайсы бир ырчы кызга*
*Алгын, мына белегимди.*
*Сактаганмын кол башчыга, баатырга же ораторго,*
*Чындык ишке, улуу ойго, өсүү менен*
*азаттыкка кызмат кылган,*
*көз ирмебей деспоттордун бетин ачкан,*
*жүрөгүнө токтоо билбес жалын жаккан адамга.*
*Бирок көрдүм, менин көптөн сактап жүргөн*
*белегим, ошолордун ар бирине аталгандай,*
*ыйгарылды сага гана».*
*(Ж.Мамытовдун Меңдиге жазган каты. 1966. 3-май)*

Акын дүйнөлүк адабияттын алптарын которууга окуп, иштеп жүргөн кезинде эле киришкен. Бул котормо кийинчерээк басма сөзгө чыкканда ар кандай пикирлер болгонуна карабай,өзүн жакшы котормочу катары тааныта алды.

Ленинградга (революциядан мурдагы жана азыркы аты: Санкт-Петербург, дагы бир аты – Петербург) ихтиопатологдордун (балык изилдөөчүлөр) курсуна окууга жиберилгени Жолондун өмүрүндөгү ооматтуу окуялардын бири болгон. Ал Россиянын бир кездеги жүрөгү болгон Ленинград шаарын биринчи көргөндөгү таасирлерин сөз менен айтып түгөтө албайт. Жолон Падыша Пётр I бир кездеги сормо саз жерди тарыхый чоң шаарга айландырганын көрүп суктанды. Дүйнөлүк мааниси бар тарыхый окуялардын ээси болгон кубаттуу державанын баштапкы борборунда улуу мамлекет башчылары жана маданият, адабият, илим-билим, искусствонун корифейлери жашап өткөнү өзгөчө таасир калтырган. Даңазалуу шаардын ажары арбап, кыдырган сайын жаңы көрүнүштөрү, ажайып кооздугу менен таңдантты. Нева дарыясынын мелмилдеген эрте-кечки көрүнүшү, ээ-жаа бербеген толкундары, анда-

гы көпүрөлөр: Литейный, Дворцовый, Троицкий жана дагы баарынан бийик жана узун, бир убакта ачылып, кайра жабылган Александр Невский көпүрөсүнүн көркөмү көз кубандырат. Питердин атактуу ак таңдары жөнүндө акындар ырларын жазып бүтпөй келет. Күндүзү-түнкүсүн деле ак жарык, ак нур, ак шоола каптаган буурул таңдуу ажайып түндөр акындын жан дүйнөсүн балкытты.

Бир кезде падыша Пётр I Франциядагы Король Людовик XIV салдырган ак сарайды көргөндөн кийин ошого архитектуралык ансамбли жагынан абдан окшош, легендарлуу Эрмитажды курдурган. Эрмитаждагы акыл-эсти таңдандырган экспонаттарды, шедеврлер менен классикалык эмгектердин түп нускасын, көчүрмөсүн кунт коюп карап чыкканга бир жумадай убакыт керек.Айрыкча орустун улуу классиктери: Пушкин, Лермонтов, Некрасов Достоевский, Гоголь, Тургеневдин орус сүрөтчүлөрүнүн кыл каleминен жаралган чебер тартылган портреттерине тамшанат. Окуудан чыгары менен шаардын тарыхый жерлерин кыдырганга ашыгат.

Аны Петербургдагы 1941–1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштун азаптуу күндөрүнөн калган жандуу эстеликтер, айрыкча 26 гектар аянттагы блокада мезгилинде ачарчылыктан, согуштан курман болгон жарым миллион эркек-аял, кары-картаңдар менен балдардын, советтик армиянын жоокерлеринин сөөгү коюлган Пискарёв көрүстөнү өзгөчө таасирлентет. Муун-жүнү бошоп, мындай алаамат каргашага ичинен каргыш айтып, сай-сөөктү сыздаткан саптарды жаратат.

*Билем, курбум, өлүмгө ыр сыйбастыгын,*
*Багынбастыгын үйкаштыкка кайгылар.*
*Бирок бүгүн, ызаланган акындык үнүм менен*
*Күүлдөгөн заманага кайрылам:*

*Эй, заман, бакта турган жигит-кызга тийген аткан огуң.*
*Жоокердин жүрөгүнө баткан огуң.*
*Аял менен эркектердин көөдөндөрүн тыткан огуң,*
*Бөбөктү жер астына каткан огуң.*
*Жооп бер!*

Мындай апааттын себепкери адам баласы экенин, алмустактан келаткан ак менен каранын кармашындай, бийлик, мансап, байлык, диктатордуктун кумарынан чыга албаган канкор фашизмдин айынан Жер шары жабыркап, аёосуз кан төгүлгөн кыргынды жектеп, согуштун азабын тарткан муундун өкүлү катары (атасы, абалары согуштан кайткан эмес) жүрөгү тилинип, жаны кашайганда мындайча каршылыгын, каяшасын билдирет.

*Адам күнү так ушинтип түгөнөр,*
*болгон болсо, бул жашоону койгула;*
*Адам көчү уланбасын*
*Күйөөлөр,*
*жатпагыла жубайлардын койнуна!*

Сезгич, сезимтал, боорукер, жапакеч жүрөктүн айласы кеткендеги өкүмү эмеспи бул...

Ленинграддагы (Санкт-Петербург) эсте калган күндөрү болочок акынга цивилизацияга эртерээк жеткен мамлекеттеги чоң шаарлардын турмушу, жашоо образы менен СССРдин курамындагы Кыргызстандын экономикалык абалын, искусстводогу жетишкендигин, маданий баалуулуктарын салыштырып ой жүгүртүүгө, сынчыл мамиле жасоого түрткү болгонун белгилөөгө тийишпиз. Ошол күндөрдүн таасири менен мазмундуу, сабаттуу, көркөмдүгү жагынан көңүлдү өзүнө шарт бурган ондогон ырларды жазган.

Жаңы алкактар акындын калыптанышына өзөктүү өбөлгөлөрдү жаратты. Акын классиктердин чыгар-

мачыл тажрыйбасын окуп-үйрөнүп, улуттук адабияттын жөрөлгөлүү салттарын өздөштүрүүнү уланта берди. Поэзияга жоопкерчиликтүү чыгармачыл мамиле бекемделип жатты.

* * *

**1968-жылы** Жолон Оштогу биринчи ачылган радиоуктуруу комитетине ишке кирет. Анын үнү өзгөчө – тембри, дикциясы айтайын деген ойдун табиятына,психологиясы маанайына жараша өзгөрүп турчу. Коңур үнүнүн энергетикасында эркиндик, жашоого болгон кумар, сүйүү бар эле. Үнүнүн мыктылыгынан ал Ош радиоуктуруусунда эркектерден биринчи диктор болгон.

Радиоуктуруу комитети Сулайман тоонун түбүндөгү үч-төрт кабинети бар эски имаратта жайгашкан эле. Терезеден тоонун ар кайсы мезгилдеги табышмактуу көрүнүшү кучагын жаят: Сулайман тоо жазды тоскондо ак, сары түстүү байчечекейлер коңулунан көзүн жылтыратып баш багып, о-у, өзгөчө бадамдар гүлдөгөндө! Тою түшкөн кыздай жүзү албырып, делбиреген кыпкызыл кызгалдактар майдын ортосунда термелип турганычы!

Тоонун сулуулугу азгырып да, калдайган караанны эртеңки күнгө, келечек максатка телерадиожурналист Жолонду сүрөп, камчылап да тургансыйт. Аурасы, кез-кезде жортуп келген сыдырым жумшак жели анын демине дем, күчүнө күч кошкондой туюлат. Иштеп жатканда да терезеден тоону тиктеп кыялданып, басып-турганда улам-улам карап энергия алган акындын шаар менен айылынын ортосунда аптыгып-ашыгып бараткан кадамы эки жылдай тыйылган жок. Башкы редактору, орун басары да өзү, диктору да өзү, кыскасы, чоң жоопкерчиликти артынып алып, тынымсыз изденип иштеген кези эле.

Жолондун көңүлү бир аз болсо тынчыгансып, канткен менен адабий чөйрөгө жакын келгенине ка-

ниеттенип жүрдү. Акын-жазуучулар менен жолугушуп, сүйлөшүп турганга, чыгармачылык жөнүндө ой бөлүшкөнгө не жетсин! Адабият айдыныңдагы досторунун көпчүлүгү: Сабыралы, Кармышак, Курбаналы, Абдимитал шаарда туруушат. Жазуучулар союзунун мүчөлөрү квартал сайын борбордон райондорго барып, «Жазуучу жана айыл турмушу» деген рубриканын астында көчмө кеңешмелерди өткөрүшөт. Жолон ошол кезде атагы таш жарган, көрүнүктүү акын-жазуучулар: Сооронбай Жусуев, Темиркул Үмөталиев, Төлөгөн Касымбековдорду Ошко чакырып, радиого маек уюштуруп, алардын чыгармалары жөнүндө баарлашкандан кийин айылы Төлөйкөнгө алып барып сыйлайт. Кыргыз журтуна аты таанымал акын-жазуучуларга ырларын окуп бергенде, алар сага колдоо керек экен, Жазуучулар союзуна мүчөлүккө кабыл алыш керек деп кетишет. Алар менен жолугушкан күндөрүн руханий азыктануунун шыбагасы деп караган.

**«Анын күндөлүк кызматтагы турпаты-мамилеси ырга, мүлдө поэзияга арналгандай сезилчү. Күндө, күн алыс жаңы ырлары менен келчү. Жаңы ырларынын бышкан, же али өзү быша элек деген кайрыктарында күүлөнүп жүрчү. Кызматка эртелеп келип, машинкада ыр жазып жаткан болот, анан аны алат да өзүнө жарашкан дикция менен толкунданып окуп берет. Окуп бербейт, ырдап айтып берет».** *(«Эспандердей өскүм келет асмандап!...» А. Камалов, Ж. Мамытовдун чыгармачылыгы жөнүндө Ош телевидениесине даярдаган материалынын тексти. «Ата уулу элдин эсинде...» (эскерүү), 1989, 26-февраль, «Керме-Тоо» көрсөтүүсүндө, «15»)*

Зооветеринар радионун түйшүгүнө баш-оту менен берилип кетти. Ноокаттык Мырзаш Аширбеков деген жазуучу, өзбек гезитинде иштеген акын-жазуу-

чу, котормочу Турсунбай Адашбаев, айрыкча жаш акын-жазуучуларга атадай камкордук көргөн, кеп-кеңеш берген, адабият майданында жетерлик тажрыйбасы бар талантту жазуучу Шабданбай Абдырамановдун таасири, чыгармачылыгы жөнүндө пикир алмашуулары жагымдуу болду. Ш.Абдыраманов радиоуктуруу бөлүмдү кеңейтем деп аябай чуркады. Ал гана эмес, өзүнчө журнал ачабыз деген ою да көпчүлүккө жаккан эле. Бирок жогору жактагылар: «Ош бөлүнүп кетесиңерби?» – деп уруксат бербей коёт.

Күндөрдүн биринде А.Камалов, Т.Мамеев – үчөө жумуш боюнча караханиддер мезгилиндеги Өзгөн мунарасына барып, анын жанындагы күмбөздөргө маркумдарга атап куран окугандан кийин Жолон: «Булар да бизди угат, тыңшайт», – деп, олбурлуу турпаты далдайып, эки бутун керип алып, шартылдап ырын окуп кирди:

*Ала-Тоо чындыктын мекени десеңер,*
*Ордуңардан тургула,*
*Отургула.*

Т.Мамеевдин ырлары мыкты, өзү да талантту адамдар менен баарлашканды жакшы көргөн адаты бар. Журналист А. Камаловду райондук гезиттен облустук гезитке телефон аркылуу чакыртышкан. «Ленин жолу» гезитинин башкы редактору А. Ажибеков пединституттагы жаш акындардын ар бири жөнүндө сын жазып, гезитке ырлары, балдар үчүн аңгемелери чыгып, күндөлүк макалаларын жазып жүргөн. Иш сапары аяктап, Ошко кайтып келишкенде, Жолон Абдиталдан минтип сурады:

– Сенин таянган кыртышың эмне?
– Кайсы кыртыш жөнүндө?
– Адабияттагы.
– М-м..

– Сен кыртышты бөлүп албайсыңбы? Али көрсөң поэзияда, али көрсөң сынчысың, али көрсөң прозадасың, бир карасаң балдар адабиятындасың, журналистикадасың. Деги сен кайсы кыртышка таянып тура аласың?

– Эмне экен? Кайсы жанрда кандай иштегенимди мезгил көрсөтөт, – деп, Абдимитал кызаңдай түштү. Экөө бир топко чейин талашып-тартышты. Абдимитал ызаланып, бир эле мезгилде акын, жазуучу, сынчы, котормочу жана чыгаан адабиятчы болгон Мухтар Ауэзов жөнүндө айткысы келди. Бирок өзүн улуу инсанга теңегиси келгенин жашырып, ичинен анын не сынчы, не гезитчи, не жазуучу болушуң керек дегени туура деген бүтүмгө ынангандай унчукпай калды. Анан калса Жолондун:

– Адабият түбөлүктүү болгондон кийин бир жанрды алып кетиш керек, – деп кесе айтканы да ойго салып койду. Айтса-айтпаса улуттук адабиятта үч-төрт жанрдын көркүн чыгарып, майын калпып, талантынын көп кырдуулугун тааныткан калемгерлер бар. Ал эми ар кайсы тоонун чөбүн эңсеген эчкидей, ар түрдүү жанрда чала-чарпыт, тийип-качып, ортозаар чыгармасы менен мезгил чаңында калгандар толтура. Ачуу чындыкты айткандан ооз күйбөйт. Ак ырдын атасы катары таанылган Рамис Рыскуловдун «поэзия жазыш үчүн прозаны окуйм» деп таамай айтканы, ыр менен кара сөздүн айырмасы чоң болгону менен көркөмдүк барк-насилин, баасын өлчөй келгенде бирдей талап коюлбайт эмеспи.

* * *

Акырындап чыгармачылык өргө карай умтулуп, өз жолун, өз үнүн табууга болгон Жолондун аракети окурмандардын көңүлүн өзүнө буруп, келечегинен үмүттөндүрүп жатты. Буга «Сапарың ачылсын» («Ленин жолу», 1960-ж. 24-декабрь), «Жаш калемгерлер

бурчуна»(«Ленинчил жаш» 1962-ж. 19.12) аттуу макалаларында белгилүү акын Сооронбай Жусуевдин ага ак жол каалап, келечегинен үмүттөндүргөнүн айтканы күбө.

Бир жолу Ф.М. Достоевскийдин «Преступление и наказание» деген романын окуп чыгып, досу Токтогул экөө аябай талдашат. Романдагы башкы каарман Раскольниковдун намысына, абийирине чыдабай, өзүнүн кылмышы жөнүндө айтып бергенине туталанып: «Ушундай да болобу?» – деп каңырыгы түтөп,пайызга акча берип,сүткорлук менен байыган кемпирди аяп, же турмуштагы мындай тири укмуш окуялардын чыгыш себептерин таппай жатканына, сезбей атканына өкүнгөн. Ошол китепти эки сыйра кайра-кайра окуп чыгат.

Студент кез. Жайкы каникулга келгенде Жолон менен Токтогул ээрчишип алып, Чаар-Айгыр деген жерге барышты. Он гектардай жердин кооздугу ченемсиз, туш-тарабы жапжашыл, майда бадалдар менен чычырканак каптаган аймактын ортосунда каректин нурундай жылтырап, көгүлтүр көл жатат. Көк менен көл сулуулук марафонуна жарышып чыккандай,асмандын ыраңы менен жердеги суунун көгүлтүр түсү арбашып, айкалышып мамыр-жумур боло оголе жупталышып көркөмдүү. Бир маалда Жолон Токтогулга карап:

–Сен тескей менен жүргүн,мен күнгөй менен басам,анан тээ аяктагы (колун жаңсап) аскадагы арчанын жанынан жолугушабыз! – деп, жүгүргөн бойдон күңгөй тарапка бет алат. Асканын этегиндеги арчага Токтогул биринчи келип караса досу көрүнбөйт. Жапжашыл бутак-шагын жайып, жайкалган арчанын жашы кыйлага баргандай. Ээн жерде эркин өскөнү, аймакка ээлик кылганы байкалат. Кыйла убакыт өткөндөн кийин Жолон куюндай чуркап келип, төбөсү көккө жеткендей секирип-секирип алып, досун кучактап көтөрүп, кубанычын бөлүшөт: «Мен быштым!

Эми акын болом!» – дейт. Ошондо төмөнкү ырын өзүнө таандык уккулуктуу дикция, кубаттуу тембри менен коңур үнүнүн болушунча бийик чыгарып, толкунданып окуйт.

*Картаны шилтешет кылычтай, шамдагай,*
*картаны чабышат аргымак чапкандай.*
*Королдор, валеттер, ондуктар күркүрөйт,*
*чагылган чартылдап жаткандай.*

*Турмушта мен дагы түбөлүк кумарпоз,*
*Тагдырга кайырмак таштаймын,*
*Ар таңда утам деп, утам деп ишенип,*
*Ырдагы күнүмдү баштаймын.*

Кийинчерээк анын калеминен жаралган «Менин доорум», «Ата журт» («Ленинчил жаш» 1968-ж. 04.08.), «Дүрт этет сезим оттору»(«Ленинчил жаш» 1969-ж. 13.12.) сыяктуу бир топ ырлары мезгил талабына үндөшүп, окурмандын эстетикалык табитине, рухий талабына жооп бергени талашсыз. Ар бир ырында доорго, өмүрдүн маңызына карата салмактуу ойлорун, пикирлерин көркөм деңгээлде ортого салууга, окурмандар менен бөлүшүүгө, аларды ойго чакырууга аракеттенген.

Белгилүү сынчы Кадыркул Даутов мындай деген: «Албетте, акындын баары эле сөзсүз түрдө гений же улуу боло бербейт. Бирок ар кандай ыр жазууну кесип туткан адам искусство деңгээлинде поэзия жаратууга сөзсүз милдеттүү, адабиятка аралашуунун башка максаты жок» (Даутов К. Ырдын өмүрү. Фрунзе: Кыргызстан, 1970-жыл, 50-бет). 1960-жылдары кыргыз поэзиясында оозго алына баштаган муундун өкүлдөрү кимдер эле жана алардын чыгармачылыгынын идеялык, эстетикалык-көркөмдүк ачылышы барбы, болсо кандай сапаттык белгилери менен өзгөчөлөнөт деген мыйзамдуу суроо туулат.

Алтымышынчы жылдардагы улуттук адабияттын табылгасы – боордош элдердин адабий тажрыйбасы кыргыз поэзиясына бир катар жаңылыктарды алып келгени болду. Мурда жок бирин-сериндеп көрүнө калчу ак ыр, верлибр пайда болот. Анын баштоочусу жана жаңычыл табылгалары менен кыргыз поэзиясына өзүнчө бир жаңы белгилерди көбүрөөк киргизип, айрыкча форма жагынан системалуу түрдө иштеген акындар Рамис Рыскулов менен Сүйүнбай Эралиев болгону жалпыбызга маалым. Ак ыр менен верлибр мурдагыдай жерүүгө анча тушукпай, көркөм адабияттын өнүгүүсүндөгү агым катары милдеттерди аткара баштайт. Изденүү аракетинен жаралган поэтикалык табылгалар ошол кездеги кыргыз поэзиясынын айрым принциптерине айланды. Ал эми жалпы поэзиядагы көп кырдуу ички карама-каршылыгы менен айырмаланган татаал процесстин стилдик-жанрдык, идеялык көркөм табылгалары: С.Эралиев, Р.Рыскулов, С.Жусуев, Б.Сарногоев, О.Султанов, Т.Кожомбердиев, М.Абылкасымова, Ж.Садыков, К.Урманбетов, Ж.Мамытовдун чыгармачылыгы менен аныкталып турганы маалым.

Мында ак ыр, верлибр табиятына кирип келаткандар тууралуу гана айтылган жок. Салттык ыр формасында эле жазып, профессионал поэзиянын сабат деңгээлин көтөрүп, маани-мазмунун тереңдеткен, көркөм туюнтуу каражаттарын жаңылоо багытында активдүү изденген акындар да болду. Жалпысынан айтканда, кыргыз адабиятынын 60-жылдардагы өзгөчөлүгү: азыркыны (современность) кабылдоонун курчушу, өзүн өзү таанып анализдөөгө умтулуу, интеллектуалдык-философиялык башталыштын тереңдеши, лирика менен эпиканын айкалышуусун бекемдөөгө умтулуу катары кароого болот.

Ж. Мамытовдун чыгармачылыкка жоопкерчилик менен мамиле кыла башташына 60–70-жылдардын аралыгында адабиятка коюлчу талап, чен-өлчөмдөрдүн

жогорулашы да белгилүү өлчөмдө түрткү берген. Анткени улуттук адабиятыбыз бул мезгилде жанрдык, стилдик-тематикалык жагынан кыйла байып калган эле. Адабияттын эстетикалык-идеялык проблемаларын, түрдүү жанрлардын түрлөрүнүн өнүгүү өзгөчөлүгүн изилдөөдө, салттуу (традиция) жана жаңычыл (новатордук) адабий агымдардын пайда болуусу менен совет адабиятынын улуттук жана интернационалдык диалектикасындагы көркөм өнүгүүнүн этаптык учурун изилдеген бир топ бараандуу эмгектер жазылган. Сүйүнбай Эралиевдин: «Чыгармачылык баарыдан мурда изденүү, биринчи кезекте өз жаныңды эч бир чала койбой аңтарып-тинтүү, кандай болсо да жаңыга жол ачууга умтулуу. Бирок чыныгы изденүү сенин чыдамыңды сынаган тозоктуу жумуш. Керек болсо ал сени оңой эле үзүм нансыз калтырып коёт» (Эралиев С. «Сага айткан сыр» // Ала-Тоо. – 1991 №9–10. 135-б.) – деп таамай айтканы бекеринен эместир. Анткени поэзия бул жөн эле өзүн өзү же бирөөлөрдү алаксытуу эмес, ал дүйнө таануунун куралы. Терең турмуштук маани камтуу, салмактуу мазмунга ээ болуу анын фундаменти болуп саналат.

«Мен поэзиянын негизине мазмун коюуга аракеттенем» – деп жазган Сергей Есенин. Ар бир ыр чындыктын өзүнчө бир бөлүкчөсү,чындыктын өзүнчө бир үзүмү. Демек,Жолон Мамытов дүйнөнү көркөм кабылдоонун, таанып-билүүнүн ары татаал, ары сырдуу, ары карама-каршылыктуу жана кызыктуу шыбагасына оңой-олтоң эле жете койгон жок.

# АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

## Окутуучулары жана устаттары (Адабияттагы кумирлери)

Төлөйкөндөгү Жолон окуган Маяковксий атындагы (биринчи мектеби) мектептин пайдубалы качан курулганы эч кимге белгисиз. Аксакалдар мурда Карим Кашкарчынын үйү болгон дешет. Жепирейген төрт бөлмөлүү, дубалдары жапыз там 40-жылдардан бери канча жаңыланып кеңейтилгенине карабастан, жылда жаңы окуу жылына карата көчкөн жерин жамап-түздөгөнгө карабай, «эскини эптегенче эс кетет» абалында. Биздин муун үчүн эски мектеп учкан уябыз,куттуу жай. Жолонду окутуп билимге кандырган, чыныгы поэзия дүйнөсүнө аралашканга чейинки балалык, өспүрүм чагы өткөн, алгачкы ырларын жаза албай жүргөндөгү мектеп. Мектеп турат, акын жок. Илгерки агай-эжекелердин дагы көзү өтүп кеткен. Акындын жүрөгү толтосун жарып чыкчудай шок кезиндеги, оштонуп ойноп турган балалыгы калган мектеп. Кире бериштеги кууш чакан коридордун оң капталында Маяковскийдин сүрөтү илинип турат. Жолондун пири ушул Маяковский болгон. Өткүр көзү менен теше тиктеген Маяковскийдин каршысында Жолон турат. Көзүнөн заарбы, кекпи, же өжөрлүкпү, өткүрлүкпү жанган Маяковский (ал анткени революциянын акыны) менен топук жүздүү, жашоону, тирүүлүктү жанындай сүйгөн Жолондун ой-

луу, акылдуу көздөрү тиктешип турат. Аттиң десең, түркүк болоор эч нерсең жок, түбү тешик дүйнө ай!.. Поэзиянын алптары эми минтип сүрөт болуп кадалат. Өмүр бою сыйлап өткөн акын менен сүрөтү эрте эле катарлашып калаарын Жолон сезди бекен?..

**«24 жашымда өзүбүздүн айылдын кызы,университеттин 4-курсунун студенткасы Меңди Мамазаировага үйлөндүм. Ал абдан татаал тарых...Бул жылдардын ичинде Меңди менин эң биринчи окуучум, эң жакын жардамчым, асыл махабатым болуп бере алды.Эки уулдуу болдук.Биринчисинин аты – Маяк. Мен Владимир Маяковскийди жакшы көргөнүмдөн (Меңди да жакшы көрөт,ага мисал менин «Жүзүнчү жолкуда» ырым) тун уулубузду Маяк деп атадык. Ал азыр бешке толоюн деп калды. Мүнөзү назик, сезгич бала. Экинчи уулубуз – Улан. Ал мага куюп койгондой окшош, шок. Эр жүрөк болуугa тийиш.** *(Ж. Мамытовдун күндөлүгүнөн)*

Жигитти эки нерсе кыйнап жүрдү. Бирөө – поэзиянын түйшүгү, экинчиси – сезим оту. Өзүнүн айылынан кызды жактырып калганы менен, жүрөгүнө тынчтык бербеген сезимин ага билдирүү азап болду. Эбин таап айтсам дегенде эки көзү төрт. Жүрөк отуна, дартына, азабына дабаа болуп, алтургай сүйүүсүн билдирген күнгө да себепчи Маяковский болду.

*Бүркөө болучу бүт теребел көңүлсүз,*
*Ошол күнү үйдө жатып көңүл суз.*
*Эс алганы чыккан элем бульварга,*
*Сүюк көгүш плащ кийип келатыпсың*
*бир маалда...*
*Анан, мезгил жылбай токтоп калды түк:*
*Күн да, түн да нерсе болуп бир бүтүн.*
*Турпатымды жанып өттү зор толкун*
*Санаа толгон көңүлүмдү мөңкүтүп.*

*Чартылдадым кургак арча куйгөнсүп,*
*Чоң кызыл чок жүрөгүмдө жүргөнсүп.*
*Сени көрүп турмуш экранынан*
*чоочун шаардан таанышымды көргөнсүп,*
*алдың тосуп чуркап кетерде*
*араңдан зорго кармадым өзүмдү.*
*Жүзүнчү ирет сага кезиксем,*
*жүз жолу тең укмуштуудай сезимдер...*

Жаш акынга эки толкун бирдей келди, эки дүйнөнүн: сүйүү менен поэзиянын азабы менен куурал ы акынга куп эле түйшүк тарттырды.Экөөнү бири-биринен ажыратса кантет? Же сезимди, же акындыкка болгон кумардын бирин кармаса? Жок, болбойт! Ага көңүлү түтпөдү. Орустун улуу акынына болгон урматынын себеби: анын поэзиясындагы бар же жок деген чечкиндүүлүк, октой атырылган күчтүү сезимдердин гаммасы, чагылгандын отундай күйүп-жанып кетчүдөй болгон ойлордун, туюмдардын динамикасы, дайыма алдыда жаңырып турган рупордой күчкө ээлик, ыр саптарынын жаңычылдыгы, салттык формага каяша айта алган төңкөрүшчүл духуна байланыштуу болчу.

*Айта аламбы жүзүнчү жолкуда,*
*сүйүүмдү*
*ичке каткан тыным тим?*
*Жүзүнчү жолкуда,*
*айтууга тийишмин!*
*Айттым.*
*Унчукпадың...*
*Узатып бардым.*
*Жарык, таза бөлмөңдө отурдук жалгыз*
*альбомуңду кароодомун*
*сүрөттөргө тигилип ар бир.*
*Анда:*
*Маяковский – Политехникалык музейде.*

*Маяковский – Крымда, кечеде.*
*Маяковский – капкачан күз айда.*
*Маяковский – бараткан көчөдө.*
*Маяковский – кичине кезинде.*
*Маяковский – чоңойгон кезинде.*
*Жүзүнчү ирет сага кезиксем,*
*Жүз жолу тең... укмуштуудай сезимдер.*
*Сен*
*ажарлана, толкундана сүйлөдүң.*
*Көздөрүңдөн учкундар жылт дей түштү.*
*Анан акырын:*
*– Менин сүйгөнүм Владимир Маяковский! – дедиң*
*Шарт бурулуп этажерканы тиктейм,*
*Маяковский, Маяковский.*
*Рамкадагы сүрөткө тигилем,*
*Маяковский...*
*Мейкиндиктин турам ичинде,*
*Маяковскийлер бардык тарабым.*
*Бир сага, бир айланама,*
*кайра сага, кайра айланама карадым.*
*Мен кайдамын?!*
*Өзүмдөн башка эч кайда жокмун.*
*Сенин жүрөгүңдө да,*
*альбомуңда да,*
*китептериңдин арасында да жокмун.*
*Мен...*
*мен*
*өзүмдөн башка*
*эч кайда жокмун!*

Ошол мезгилде өзүнүн устатына ушунчалык берилип, бүт чыгармаларын окуп көрүп, тамырын тартып, анын жаратмандык стилине кызыгып жүргөн. Жактырган кызы да Маяковскийди жакшы көрөрүн билгени менен, кумири менен теңтайлашуу, атаандаштык

каяктан? Ушул ырынын эң акыркы **«өзүмдөн башка эч кайда жокмун!»** деген саптары изденип, алга талпынган жаш акындын ошондогусуна канааттанбаганын, ыр талаанын татаал жолун ташыркабай басканга болгон дилгирликти, өзүн өзү ачууга, таанууга болгон куштарлыкты билдирет. Сүйүүнүн жалыны каптап турганына карабай, жеке сезимин эмес, акындыктын азабын жеңеби, устаты жеткен бийиктикке жете алабы, устатындай кадыр-барктуу, поэзия кумирине айлана аламбы деген ички көксөө туюлат.

**«Поэзиябы? Бул мен үчүн биринчи планга чыкпай калды. Мен үчүн мага белгисиз бир нерсени билип алчудай боло берген сезим бардык жанрды алмаштыргансыйт. Ал ырбы, ыр түрүндөгү драмабы, аңгемеби... билбейм. Биринчи планда мага идея керек. Идея гана көркөм чыгармага айлана алат. Тескерисинче, болууга тийиш эмес.**

**Турмушум али ага толук жооп бере албайт. Тарбиям да. Өзүмө өзүм каршы туруудан продукция жасагым келет. Бул алсыздын иши. Же болбосо, көп жумушчу иштетип, аз айлык акы төлөгөн ишкананын директору сыяктуу сезем өзүмдү. Бул сезим да кээде эле ойго келе калат».** *(Ж. Мамытовдун жеке архивинен)*

Идея демекчи, идеянын пайдубалын, кирпичин, ага керектелүүчү бардык заттарды туюндурган сөзгө Жолон өзгөчө маани берген. Ага сөз,сөз тизмектери капыстан өзү келчү. Не бир укмуш салмактуу сөздөр «тык» эте ой менен чагылыша калганда, акын аны кармап калууга далбастайт. Өзү жазгандай, сөз жүрөгүн табууга, аны этектеп, жетектеп калууга күн кезген, түн кезген.

**«ЫҢГАЙЛАШУУ... Бул улуу оору. Ушундан өзүмдү сактап калсам болгону. Биздин турмушка тиешелүү болгон көп эле жаман адаттарга алдана койбосмун.**

**Бирок акылдуу болом деп ыңгайлаша берүү акынды толук жеп-жутуп коюшу ыктымал.**

**Айтса, машинкам жок. Таптакыр сынып калган. Бир колум сынгандай эле болду. Таза көнгөн элем. Өзүм жинденип, талкалап койгонума ичим ачышат.**

**ТУРУКТУУЛУК... Жок, калыптанып бүтө электмин. Мүнөз, кыял-жорук, адаттар, адеп-ахлагымда адамгерчиликке мүнөздүү сапаттар гана калыш керек. Акын өз сөзүнө, принцибине турганда, андагы эрктик касиеттер чыңалат».**

Жолон күндөлүгүнө ички дүйнөсүнүн ар кыл абалдарын, маанайын, ыр жаратуудагы түйшүгүн жазып жүргөн. Ыр жазган адамдын өзү кандай болуш керек деген соболдун түйүнүн жандырган. Жазган ыры укмуш, жөн эле акылыңды толтуруп, учуп кеткидей алдыга шыктандырган, бирок жазганы менен турмуштагы орду, мүнөз-кыялы, кулк-адеби, жасаган иштери таптакыр дал келбеген калемгерлер да бар эмеспи. Алардын теңирден тескери аракетин көргөндө жакаңды уучтайсың. Андайлар толуп жатпайбы. Ал акын атка татыктуу болгондор, калем сабы менен ак нан таап, калем сабы менен дүйнөнү өзгөрткүсү келген таланттар биринчи өздөрү башкаларга үлгү, жол көрсөткөн маяк болушу керек деп эсептеген. Акын айылындагы бирөөнүн багындагы алма, өрүгүнө кол салган, же тооктун тукумун уурдаган жаш балдарга: «Тооктун тукумун уурдабагыла, кийин энесин уурдай турган болосуңар», – дечү экен.

**«...Анан абдан кем убакта жарык элестейт. Ушунчалык жарык, түнөргөн түндө чагылган ойноп өткөндөй...Денең, сезимиң жибий түшөт. Капыстан табылган кен сыяктуу жүрөгүңдө сүйүү, жактыруу бар экенин байкай түшөсүң. Бул добул сыяктуу өтөт. Кайра тынч күндөр башталат. Эч бир кызыгы жок, бир үндүү монотондуу күндөр. Эх, ээет ал монотондуулук! Бир окуя-**

**лар болуп кетсе, бакыт же кайгы келип удургутуп жиберсе деп, ичиңден тилейсиң, өзүң аны сезбей...»**

Акын иштеп жатканда, ырдагы ойдун маңызын түюндурган сөздөргө маани берип, изденген. Сөздүн ар кандай варианттарына: синоним, антоним, метафораларына, көркөм сөз айкашына басым жасаган. Күндөлүктөрүнөн ырларына жасалган эксперименттерди жолуктурууга болот: бир кубулуштун ар түрдүү,ар кыл убактагы кыймыл-аракетин көздөн өткөрүп, анын реалдуулук менен жуурулушун карап, ойдун сыйымдуулугуна, тексттеги ордуна, маанисине жана угумуна, кабылданышына көңүл бурган.

*Чагылгандын каткырыгы.*
*Чагылгандын күлкүсү,*
*Чагылгандын чартылдашы,*
*Чагылгандын соймоңдошу.*
*Чагылгандын тийиши,*

* * *

*Оттуктан чагылган,*
*Чартылдыйт чагылган.*
*Күзгүдөн чагылган,*
*Соймоңдойт чагылган.*

*Ааламды аткылап,*
*Чагылган каткырат.*
*Биз билбес доорлордун,*
*Эшигин каккылап.*

*Жок анда чакамак,*
*Чаалыгып какамак.*
*Каткырат чагылган,*
*Каткырат ха-халап.*

Адабиятчылар, адабий сынчылар айтып, жазып жүрүшкөн мамытовдук эмоция, мамытовдук менчик үн, мамытовдук натура, мамытовдук стиль кантип калыптанган?

Жолон өзү «окутуучум жана устатым» деп эсептеген Владимир Маяковскийге кайрыла өтпөсөк болбойт.

**«Ал эми өзүнүн калемгерлик жолун алтымышынчы жылдардын орто ченинен баштаган менин муунума Владимир Маяковский революцияга, партияга, гуманизмге кызмат кылуунун эң бийик үлгүсү катары, окутуучу жана устат, шык генератору, поэтикалык демди, эмоцияны, келечектин окурмандарына сарамжал берип турган эбегейсиз трансформатор катары таасир этип, биздин жүрөктөргө ак кызмат кылуунун үрөнүн сээп, алоолонгон отун жагып койду».** *(Мамытов Ж. Күндөлүктөн // Ала-Тоо. – 1990. №4.–74-б.)*

Чынында эле акын айткандай, В. Маяковский кубаттуу чыгармачылыгы менен жашаган мезгилине гана эмес, келечек доорлорго да көпүрө салган, бекем байланыш түзгөн.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин В. Маяковскийдин чыгармачылыгынын тематикалык жана идеялык диапазону, жанрдык-стилдик палитрасы, көркөм сүрөттөө чеберчилиги ошол жаңы доордун табият талабына жараша жаңыланып чыккан. Анын саясий лирикасы жаңы коомдук шартка, массалык аудиторияга ого бетер жакындашып, марш, буйрук, ода жөнүндө, аудитория менен оозеки маектешип аткандай интонацияга өткөн. Буга акындын ушул маанидеги «Искусство армиясы боюнча буйрук», «Биздин марш», «Сол марш», «Революцияга ода» деген ырлары мисал. Ушуга окшогон көптөгөн чыгармалары аркылуу Маяковский жаңы турмуш, жаңы замандын катышуучулары, тактап айтканда, куруучулары менен тикеден-тике баарлашууну көздөгөн. Акындын өзүнүн белгилүү макаласынын аталышын бир аз өзгөртүп айтсак, ал: «Ыр

жаратуу – турмушту жаратуу» – деп айткан. Кыскасы, социалисттик идеология менен партиянын саясатына ылайыкталып, В.И. Лениндин «Искусствонун башкы милдети – элге жакын болуу» дегени чоң акындын поэзиясында ырасталган. Биздин айрым адабиятчылар, сынчылар Ленинди, коммунисттик партияны, коммунисттик идеологияны ырдаган, жактаган чыгармалар ошол мезгил менен кошо кетти, ошол доор менен кошо көмүлдү деп айтып жүрүшпөйбү. Бирок совет мамлекетинин бир кылымга жакын жашап турганын, анын дүйнөлүк саясый аренадагы орду менен ролун эч качан танууга болбойт. 1917-жылы болгон социалисттик революция адамзаттын тарыхындагы улуу бурулуш болгону ырас.

Дагестандын даңазалуу акыны Расул Гамзатов мындай деген: «Ушул тапта Маяковскийдин мезгили өттү деп ойлогондор терең жаңылышат. Маяковский болгон, бүгүн да катарда, эртең да болот. Анын ырларынын таасирдүү күчү күн санап өсүүдө. Алар күн санап терең мааниге жана добушка ээ болуп жатышат. Биздин поэзиябыз Маяковскийдин поэзиясы менен алдыга кетет». *(Гамзатов Р. Маяковский жөнүндө // Ала-Тоо.-1983.-№7.-17б.)*

В.Маяковскийдин чыгармалары кыргыз окурмандарына элибиздин жана алгачкы акын-жазуучуларыбыздын сабаты кечирээк ачылганына, орус тилин өздөштүрүүсү кийинчерээк башталганына жана жетишпегендигине байланыштуу, көбүнчө кыйыр түрдө тили тектеш татар жана казак адабияты аркылуу жетип турган.

Улуу акындын поэзиясы боордош совет элдеринин поэзиясына, анын ичинде кыргыз поэзиясына да таасирин тийгизген. Аалы Токомбаев, Мукай Элебаев, Жусуп Турусбеков баш болгон кыргыз акындары революциянын акынынан таалим-тарбия алышкан. Кыргыз акындары тарабынан Маяковскийге арналып ондогон

чыгармалар жазылган. Мисал катарында, кыргыздын таланттуу акыны Мидин Алыбаевдин «Маяковскийге отчёт» деген поэмасын алсак жетиштүү. Кыргызстанда улуу акындын китептери 13 жолу жарык көргөн. Аны адегенде Темиркул Үмөталиев, Узакбай Абдукаимов, Абдырасул Токтомушев сыяктуу акын-жазуучулар которушкан. Соңку жылдарда бул тизмени Керез Ырсалиев, Сооронбай Жусуев, Жолдошбай Абдыкалыков, Аман Токтогулов, Нурпаис Жаркынбаев жана башкалар дагы узартышты. А бирок котормонун сапат деңгээли кандай эле?

Улуттук адабиятыбыздын тарыхый өсүп-өнүгүшүнүн объективдүү жана субъективдүү шарт-жагдайына жараша В.Маяковскийди кудум орусчасындай «сүйлөтүү» азырынча эч кимдин колунан келе элек. Муну белгилүү сынчы жана адабиятчы Салижан Жигитовдун акыйкат пикири да жакшы ырастайт: «Бирок кыргыз тилинде аны куду орусчасындай сүйлөтүү өтө тозок, а түгүл, азырынча мүмкүн да эмес. Себеп дегенде, функциялык стилдери алда качан эле тарамдалып калган, өнүп-өөрчүгөн тилде жазган акын. Анын үстүнө анын акындык почерки да өтө колориттүү, кайталангыс, татаал. Ал эми кыргыз адабий тили болсо жаш, анда ар кыл стилдер калыптана элек, шаардык речь жок эсе...Ушулардын баары Маяковскийди кыргызча кыйкыртып ырдатууга жолтоо кылат». *(Жигитов С. Маяковскийдин шарапаты. // Ала-Тоо. – 1983.-№7.-21б.)*

Маяковскийди накта кыргызча сүйлөтүүгө карата айткан С. Жигитовдун реалдуу көз карашы жөндүү, ал эми белгилүү адабиятчы жана сынчы Качкынбай Артыкбаевдин: «Революциячыл доордун жалындуу үнүн, бийик добушун билдирүү үчүн мурдагы музыкага ылайык иштелип келген ырлардын ыргагы назик, шурудай тизилген, бир түрдүү түрмөктөрдү эмнегедир жетиңкиребей жаткандыгы, ал кезде ачык сези-

лип тургандыктан, акындарыбыз ырдын ораторлорчо бийик үн менен ар бир сөзүнө, ар бир сабына илептүү дем берип окуй турган эркин формасын колдонууну, ошол форманы өздөштүрүүнү туура көрүштү. Мына бул аракеттин ишке ашышына Маяковскийдин үлгү көрсөткүч поэтикалык тажрыйбасы өзүнүн ак кызматын аткарды!» деген пикирине ынанып-ынанбоонун себептери кайсылар? *(Артыкбаев К. Маяковскийдин кыргыз поэзиясындагы эстетикалык сабагы. // Ала-Тоо.-1983.-№7.-134-б.)*

**«Мен акынмын, ошону менен кызыктуумун»** – орустун улуу акыны Владимир Владимировичтин ушул фразасына бүткүл өмүрү шайкеш келгенин тарых тастыктап койду. Атасы орус-казак, энеси украинка, Грузиянын Кутаиси губерниясындагы Багдад айылында туулуп, өспүрүм кези Москва шаарында өткөн В. Маяковскийдин адабияттагы жолу шыр, ачык болбогонун изилдөөчүлөр айтып келишет. Ал оголе узун бою, көзү чанагынан чыгып кетчүдөй качыра тиктегени, сүрдүү жүзү, бетке чаап сүйлөгөн мүнөзү, ыр жазам деп бөлмөгө кирип албай, каерде баратса да кудуранып, оюна келе калган саптардан ыр жаратуу түйшүгүнүн өзгөчөлүгү, төкмөлөр сыяктуу дароо эле саптарды шыр жамактай билген таланты менен таанылган.

Анын алгачкы ырлары угармандары тарабынан кабыл алынган эмес, атайын сүйлөшүп алгандай, ал ырын окуп жатканда ордуларынан туруп кетишкен. Анткени ал футуризмдин талапкери, жактоочусу катары поэзиянын салттык формаларынан айырмаланып, ырга жаңы форма, жаңы калып, жаңы түзүлүш алып келгендердин өкүлү болчу. Акын жаңы сөздөрдү ойлоп тапкан, көчө сөзүнүн (вульгарный) лексикасын, профессионалдык жаргондорду, документ, жарнак (афиша) жана көрнөктөрдүн (плакат) тилин колдонгон, анын ийкемдүүлүгүн арттырган.

## Маяковскийдин музасы.
## Лилия Бриктин эскерүүсү

Анын ырларынын тематикасы жеке өзүнүн кайгы-капалуу сезимдеринин негизин түзөт. Ырлары жандуу, турмуштун кайсы бир көрүнүш фактысынан алынганынан, кайгы же кубаныч менен окулат. Бөлмөдө башкалар ырдап-бийлеп, оюн-зooктон чардап жатканда, роялдын үстүнө кагазын коюп алып, обочодо өзүнчө кобурап, кудуранып (калтектин жибин колго түргөндө, чыңалган сайын үн чыгаргандай...), андан да ишенимдүүрөөк дабыштан кийин колуна калемин алып, кагазга чиймелейт. Көңүлү келсе дароо окуп бергенге шашат. Жаңы жазган ырындагы окуянын же кейипкердин образын ушунчалык элестүү, так, сүрөттөгүдөй көз алдыңа келтирип, ирониялык маанайдагы куйкум, ачуу жана таамай тапкан поэтикалык строфасы менен угарманын магниттей тартып алат.

Күндөрдүн биринде көлдүн четиндеги пляжда басып жүргөнбүз. Жээкте адамдар аз экен. Өзү менен өзү сүйлөшкөнсүп эч жакка, эч кимге көңүл бурбай, ыр дүйнөсүнүн толгоосунда жаңы жазыла турган ой-чабыт түйшүгү менен алпурушуп баратканда тамекиси түгөнүп калды. Кимден күйгүзүп алсам дедиби, туш келген бир дыйканга жүткүнсө, ал коркуп кетип качып жөнөдү. Владимир ага карабай артынан кууп баратат. Анын делбе болгон кишидей колдорун жаңсап, шалактап, кобурап сүйлөнгөнү дыйканды чочуттушу окшойт.

Кээде тамекисин тарткан бойдон телмирет, кээде жаш баладай таштан-ташка секирип, көбүнчө акылдан эңги-деңги делбе (лунатик) болгон кишидей эндиреп кадалып, чоң, узун буттарын эки жакка керип таштап, олбурлуу денеси далдайып күңгүрөнгөнү күңгүрөнгөн... Ал так ушундай абалда күнүгө беш сааттай

ушинтип басып-туруп «Он үчүнчү апостол» деген поэмасын жараткан.

Маяковский өзүн тыкан, таза алып жүргөн, убакытка өтө так болгон, уюштуруу иштеринде майда нерселерге, маанисиз делинген деталдарга да көңүл бурган. Ал сүрөт тартканды аябай жакшы көргөн,өмүрүнүн акырына чейин ушул хоббисин таштаган эмес. Адамдардын мамилесиндеги эки жүздүүлүк, кошоматчылык менен калп айтканды, көңүлкоштукту, кечигүүнү, убадага турбаганды, ишти чала бүтүргөндү жактырган эмес. Адабий чөйрөгө аралашып, аты жаңыдан чыга баштаганда, өзүнүн колу жукалыгына, өп-чап турмушуна карабастан жеке стилин, имиджин таанытканга куштарлыгы күч болгон.

**«Менин эч качан костюмдарым болгон эмес. Эскилиги жеткен, кийиле берип чоюлуп, өңү бозоргон эки блузам бар эле. Эжемин сары түстүү лентасынан кесип алып, ошону мойнума байладым. Кебетем өзгөрүлө түшкөнсүдү... Демек, көзгө дароо уруна турган жана жарашык берген – бул галстук. Аны чоңойтуп, чойсоң кебетең андан да жакшырат. Галстуктун көлөмү ченелүү эмеспи. Мен галстуктан көйнөк, көйнөктөн галстук жасадым, эми көз караштардын өзгөргөнүн айтпа...»**

* * *

Жогоруда аты аталган авторлордун (котормочулар) Маяковскийге кайрылышы, улуу акынды сүйүп окуп, кызыгып, таасирленүүсүнөн эле болбостон, өзүнүн табиятына ылайыгы келсе-келбесе деле буйрук-тапшырмалар боюнча маарекеге карата же башка бир иш-чарага байланыштуу которушканын тануудa болбойт. Муну акындын чыгармаларын кыргызча сүйлөтүүгө активдүү катышкан Жолон Мамытовдун төмөнкү сөзү ырастайт: **«1977-жылы «Ала-Тоо» журналы Кыргызстан Жазуучулар союзунун котормо секциясы менен**

**бирдикте улуу акындын «Советтик паспорт жөнүндө ыр» аттуу чыгармасын которууга конкурс жарыялап, эң мыкты деген 5 котормо журналга басылды».** Ушерге бир ойду кыстара кеткенибиз ашыкча эмес деп ойлойм. Анткени советтик доордогу акын-жазуучуларды мамлекет өзү камкордукка алган. Китебин басмадан акысыз чыгарган, гезит-журналга чыккан ыр, кара сөз, драма, котормосуна, кыскасын айтканда, басма сөздө жарык көргөн бардык материалдарына калем акы (гонорар) алышкан. Мунун өзү алардын талыкпай иштөөсүнө, атаандаштыкка, ар кайсы жанрларда иштеп, каламин сынаганга жана мыкты чыгармалардын жазылышына өбөлгө болгон. Акын-жазуучуларга көрүлгөн материалдык жана моралдык камкордук, мамлекет тарабынан колдоп, сүрөө, гонорардын чоң суммада төлөнүшү котормого болгон кызыгууну күчөткөн.

Жолон Маяковскийдин ырлары менен мектепте окуп жүргөндө таанышкандыгын, кийин жогорку окуу жайынан билим алып, ыр түйшүгүн тартып жүргөндө кызыгуусу күч алганын классташы Токтогул Аматов мындайча эскерет: **«Ал дөңсө жерге чыгып алып шашкалактап, буттарын эки жакка тартайта таштап (устатынын ыр окуп жаткандагы турпатын туурап жатпайбы), ыр окуй баштады:**

*Комуздар шартылдап чертилсин,*
*Сан үмүт жатпасын сандыкта.*
*Жалганга падыша болгончо,*
*Кул болуп өт улуу чындыкка.*

**Бул ыр Жокемдин акындык манифести катары сезилчү мага, дагы деле ошол пикирдемин. Мына ошол күн Жолон Мамытовдун акын болуп төрөлгөн күнү болду.**

**Жолондун поэтикалык паузасы бекеринен болгон жок. Ошол мезгилде кайра-кайра Маяковскийди «талкалап» окуду (котормолору кийин которулган). Бир нече жолу Достоевскийди, Мопассан, Пастернакты окуп чыкты».** *(Аматов Т. Доор үнү. // 1996.-11-янв.)*

Владимир Маяковский өзүнүн поэзиясын, анын күчүн билген акын. Ал ыры менен Октябрь революциясынын жеңишине салым кошуп, коммунизм үчүн күрөшүүгө боло тургандыгын жүрөгү менен туйган акын. Кан-жанын революциянын, Лениндин, ал түзгөн большевиктер партиясынын ишине арнаган акын. Ж. Мамытов Маяковскийдин жаңычыл, көтөрүшчүл, төңкөрүшчүл, көтөрүңкү пафостуу, динамикалуу маанайдагы поэзиясына таасирленип, анын курч, элестүү чыгармаларынын сабындагы отту, демди жакшы көргөн.

**«Фининспектор менен поэзия жаатында маек»** деген ырын В. Маяковский 1926-жылы жазган. Акын-жазуучулар, чыгармачыл адамдар жөнөкөй жумушчулар сыяктуу эле эмгек акысынын жарымын салыкка төлөш керек деген мыйзамга каршы чыккан. Жазуучулардын эмгегин кара жумуш жасаган жумушчуларга теңегендигине каршы протест жасаган, поэтикалык эмгек башка жумуштай эле өтө оор, машакатуу, буга адамдын акыл эмгеги, чыгармачылык изденүүсү, энергиясы сарпталат, бирок ага кеткен чыгымды эсептегенге болбойт, өлчөнбөйт деген тыянакты айткан. Поэманын акырында лирикалык каарман: **«Эгер акындын эмгегин оңой десең, өзүң дагы бир ыр жазып башта»** – деп фининспекторго кайрылат.

В. Маяковскийдин революциядан кийинки чыгармачылыгына тереңдик, салмактуулук, масштабдуулук жана көркөм туюндуруунун көп кырдуулугу, алкактуулугу мүнөздүү. Так ушул аныктамага Ж.Мамы-

тов которгон «Фининспектор менен поэзия жаатында маек» деген ырынан туя алабыз.

**Сөз кумары**
**тартат мени**
**аязда да аптапта**
**зор сапарга.**
**А турмушум**
**авансага, карызга**
**баткан жедеп гражданин**
**Мен зуулдаймын максатка.**
**Поэзия –бул зымыроо**
**билбестерге барышка,**
**Алыш үчүн грамм радий**
**жыл бою кен казат.**
**Поэзия –**
**чындай келсе**
**андан ашкан чоң азап**
**Бир сөз издеп**
**көз чендебес**
**сөз катмарын оодарып,**
**Акындарың каржалышат**
**алдан таят**
**өңү азат.**

*(В.Маяковский. «Фининспектор менен поэзия жаатында маек» Которгон Ж. Мамытов // Ала-Тоо. –1983.-№7)*

Ж.Мамытовдун орус поэзиясынын феномени Владимир Маяковскийдин жекече поэтикалык кредосуна уютулушу, «кыргыз Маяковскийин» жарата албаса да, жеке өзүнө таандык «мамытовдук эмоция», «мамытовдук үн», «мамытовдук натурага» ээ ырлары бар акын катары адамдардын жүрөгүнөн түнөк тапты. В.Маяковскийдин поэзиясында лирика менен публицистика шырелишкен, уйкаштыгында өзгөчө бир шаңдуулук, кеңдик жана революциялык дух мүнөздүү. Ошондуктан

анын чыгармалары өз дооруна жакшы кызмат өтөгөн. Анын чыгармачылыгына таасирленген Жолон Мамытовдун өмүр, өлүм, согуш жана тынчтык, ак ниеттүүлүк жана таш боордук өңдүү темада жазган чыгармаларында атуулдук-саясий лирика басымдуулук кылат.

*Бүгүнкү жалындуу*
*өмүрдүн отторун*
*Жапжарык боюнча*
*алгыла өчүрбөй.*
*Ашкыла кылымды,*
*болбосун токтолуу,*
*Тыныгуу билбеген*
*кыргыздын көчүндөй...*

Ар бир эле акындын табияты жана табити (экөө эки башка түшүнүк) мокоп, маанайы түшүп, илхамы, сөз кумары качып турганда «оттук» издегендей, чыйралтып, ыкшоолуктан алып чыга турган кумирине, насаатчы, кеңешчисине кайрылат. Анын сыңарындай, Жолон Мамытов: **«Мен өзүмдүн баш-аягы 15 жылдай убакытты камтыган жекече чыгармачылыгымда Владимир Маяковскийдин жагымдуу таасирин арбын эле туйдум. Акындын «Чоор-кырарка» аттуу поэмасын 1971-жылы которуп, 1977-жылы «Ала-Тоо» журналына жарыяладым. Өткөн жылы анын «Фининспектор менен поэзия жаатында маек» аттуу көлөмдүү ырын котордум. Маяковскийди ар бир жолу окусам, же которсом жаңыланып, чыйралып, чарктальп, демденип калам, максат абдан алыс, өтө узак экендигин улам даана жана күчтүү сезе берем. Ар убак сезимим мокоп, жүрөктөгү от алоолонбой, ындыным өчө баштаганда поэзиянын бул атомдук реакторунан жаңы заряд алууга шашам».** *(Мамытов Ж. Күндөлүктөн. «Ала-Тоо». – 1990. №4. – 75 б.)*

7-майда Казань шаарында жарык дүйнөгө келген. Атасы агроном, энеси айылдык мектепте мугалим болгон. Көп балалуу үй-бүлөнүн тун уулу. Атасы Алексей менчик чарбасында иштеп, эгиндин түшүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жер иштетүүнүн жаңы ыкмаларын колдонгон, аларды башкаларга үйрөткөн, аары чарбасы боюнча лекция окуган. Ал өтө окумал киши болгондуктан, «Нива» журналына жазылып, көптөгөн көркөм китептерди көргөн жеринен сатып алчу экен. Үйүндөгү орус классиктеринин чыгармалары жыйылган шкафтагы китептерди Николай кичине кезинен окуп, окугандарын айылдагы балдарга айтып берген. Алгач адабияттын эшигин аттаганда орустун белгилүү акын-жазуучулары жана үй-бүлөлүк китепканадагы көркөм китептер аркылуу поэзия дүйнөсүн таанығандыгынан улам, өзүнүн биринчи окутуучусу жана насаатчысы катары өз атасын эсептеген. Атасын ээрчип таза абада, табият койнунда көп жүргөн, талаада өсүмдүктөрдү кантип өстүрөт, сугарат, азыктандырат, кыскасы, анын жаратылыш менен ынак мамилеси бала кезинен башталат. Бала он үчкө чыкканда атасы Уржум уездиндеги Сернур (азыркы Марий Эл Республикасы) айылынан жаңы иш таап, көчүп келишет.

**«Менин эстен кеткис, көкүрөктө сакталып калган табият жөнүндөгү көз карашымын калыптанышы ушул жерлер менен тыгыз байланышкан. Алыстан токойдогу жүрөк кылдарын козгогон булбулдун үнү, күндүн кызарып батып бараткандагы ажайып көрүнүшү, өсүмдүктөр дүйнөсүнүн тумсак, таза жана табигый сулуулугу көз алдымда...»**

1938-жылы акын-философтордун тилектештиги (ОБЭРИУ) кружогун түзгөнү үчүн «революцияга каршы уюштурулду» деген жалаа менен Заболоцкий беш жылга сүргүнгө айдалат. Анын ырлары басылып жаткан жеринен алынып ташталат, окууга, жайылтууга тыюу салынат. Карагандыда сүргүндө жүрүп, орус

элинин атактуу чыгармасын «Игордун кошуну жөнүндө сөздү» илгерки орус тилинен оодарат.

Акындын «Менин камалышымдын тарыхы» деген китебинен түрмөдөгү азаптуу күндөрү, ой-толгоолору, дүйнөгө көз карашы,поэзиядагы түйшүгү тууралуу чыгармаларын үй-бүлөсүнө,балдарына жазган каттары, керээзи жөнүндө жазылганын окурмандар жакшы билишет. **Н.А.Заболоцкий өзү тууралуу: «Окуган адамдын алдында энеден туулгандай ачык акынмын»** деген.

Ыр жазуудагы акындын жеке өзүнө таандык ички сырларын бөлүшүп мындай деген: «Ыр саптары мени сырткы дүйнөнү кылдат байкоого үйрөттү, мендеги ынтызарлыкты ойготту, ошол көрүнүштү пластикалуу чагылдырууда жөндөмүмдү ачты». 1931-жылы ал ОБЭРИУТту таштап, орус жана совет окумуштуусу, космосту багындыруунун философиялык маселелерин чечкен, эзотерикалык багыттагы улуу ойчул Константин Эдуардович Циалковский менен кат жазыша баштайт. Эч бир жерден окуп билим албай, өз алдынча окуган, табигый шык-жөндөмү жана таң каларлык талантынын кудурети менен космонавтика илиминин теориялык жоболорун иштеп чыккан окумуштуу менен акынды байланыштырган нерселер кайсы эле? Н. Заболоцкий катында: «Сиздин жер, адамзат, өсүмдүктөр жана жан-жаныбарлар дүйнөсүнүн келечеги жөнүндөгү ойлоруңуз мени абдан толкундантты. Алар мага абдан жакын, андыктан жарык көрө элек поэма жана ырларымда колумдан келишинче чечмелегенге аракеттендим» деген.

«Биздин үй-бүлөдө Н.Заболоцкий өтө жогору баалангандыктан, мен Заболоцкийдин культунда тарбияланганмын (атам «Молодой Заболоцкий» деген эскерүү китептин автору), ошол себептүү Жолондун ушул акынга болгон кызыгуусун ойготууга аракеттенчүмүн» – деп эскерет москвалык жакын досу, көрүнүктүү акын жана котормочу Михаил Синельников. *(Синельников М. // – Ала-Тоо.-1996.-165–166-бб.)*

Табият менен адамдын органикалык жана руханий биримдигин, жан дүйнөдөгү талант, көрөңгө, шык шыбагасынын ойгонушуна, акыл-парасатынын өсүшүнө ичкериден да, сырттан да эбейгейсиз таасир эткен жашыл ааламдын, курчап турган жаратылыштын жардамын айтып түгөтө алабызбы? Албетте, ойчул акындын лирикасын которуу, кыргызча сүйлөтүүгө кызыккандар келечекте чыгарына ишенип, акындын «Метаморфозы» деген ырын түп нускасында окуп көрүүнү туура таптык.

Как мир меняется! И как я сам меняюсь!
Лишь именем одним я называюсь,
На самом деле то, что именуют мной,
Не я один. Нас много. Я — живой
Чтоб кровь моя остынуть не успела,
Я умирал не раз. О, сколько мертвых тел
Я отделил от собственного тела!
И если б только разум мой прозрел
И в землю устремил пронзительное око,
Он увидал бы там, среди могил, глубоко
Лежащего меня. Он показал бы мне
Меня, колеблемого на морской волне,
Меня, летящего по ветру в край незримый,
Мой бедный прах, когда-то так любимый.
А я все жив! Все чище и полней
Объемлет дух скопленье чудных тварей.
Жива природа. Жив среди камней
И злак живой и мертвый мой гербарий.
Звено в звено и форма в форму. Мир
Во всей его живой архитектуре —
Орган поющий, море труб, клавир,
Не умирающий ни в радости, ни в буре.
Как все меняется! Что было раньше птицей,
Теперь лежит написанной страницей:
Мысль некогда была простым цветком,
Поэма шествовала медленным быком,

А то, что было мною, то, быть может,
Опять растет и мир растений множит.
Вот так, с трудом пытаясь развивать
Как бы клубок какой-то сложной пряжи,
Вдруг и увидишь то, что должно называть
Бессмертием. О, суеверья наши!

1962-жылы акындын көзү өткөндөн кийин Москвадагы «Советский писатель» басмасынан жарык көргөн «Тандалмалар» аттуу бир томдугуна жазган баш сөзүндө белгилүү советтик жазуучу, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Лениндик сыйлыктын лауреаты Н. Тихонов: «Жер менен адамдарды, жер үстүндөгү бардык тартипти ырааттуу, улуу түзүп-куруучунун дүйнөсү – мына ушул дүйнө Заболоцкийдин чыгармаларына кирип, анын зор темасы болуп калган» – деп белгилеген. *(Заболоцкий Н.Избранное. – М.,1960.-С.3–8)*

Жолон Мамытовду өзгөчө Н.Заболоцкийдин поэзиясынын өзөгүн түзүп турган табигат, аалам жөнүндөгү ырлары менен катарда атуулдук, коомдук-психологиялык, инсандык адеп-ахлак маселелерин камтыган философиялык чыгармалары айрыкча таасирленткен. Белгилүү орус акыны Е.Винокуров айткандай, Николай Заболоцкийдин ыр саптары: «Коздобой, кыйкырбай, кургагыраак сыяктанган даана акылдын сөз менен беттешкени...» *(Винокуров Е. Н. Заболоцкий // Винокуров Е. Поэзия и мысль. – М., 1966. -с 77–78)* акындын ыр куруу чеберчилигинен сабак алган.

*Кеч иңирге кезек берип, караңгы*
*Каптаганда жер тулкусун калдайтып,*
*Эбегейсиз кыймыл күткөн ааламды*
*Мен маш болуп тиктеймин да жарданып.*

*Ойлойм тынбай: бул жылдыздуу алыстын*
*Бизге жыңсыз бир жайында бар ушу*

*Бак да, түн да, иңир дагы, жарык күн,*
*Жердегидей тиричүлүктүн жарышы.*

*Ал тараптык акын, балким, багында*
*Ойго тунар ичке катып арманды*
*Мен моминтип улгайыңкы чагымда*
*Кыял менен анын тынчын алганды.*

Н.Заболоцкийдин «Кеч иңирге кезек берип» деген ырын Ж. Мамытов которгон.

Н.Заболоцкий өзүнүн поэзияга ойду так, көркөм, кайталангыс образдар менен бере алганын мындай билдирет: «Көркөм сүрөттөөнүн жаңы каражаттарын табуу бул чынында жакшы жөрөлгө, керек нерсе, бирок көркөм өнөрдү кыймылдатып турган башкы нерсе – ойду унутуп калууга болобу? Жок, болбойт. Ойсуз кургак формализмге түшүп кетүү оңой». *(Заболоцкий Н. Избранное. – М.: Худож. лит., 1972.-с.30)*

Н.Заболоцкийдин өмүрүнүн акыркы жылында жазылган ири чыгармасы: «Рубруктун Монголго сапары» аттуу поэмасын Жолон которууга белсенет. *(Заболоцкий Н.«Рубруктун Монголго сапары1». Баш сөзүн жазган жана орус тилине которгон Ж.Мамытов // Ала-Тоо. –1991. -№9–10. -274–278-бб.)* «Кийинчерээк Заболоцкийдин «Рубрук Монголияда» поэмасы Жолондун которомосунда кыргыз тилинде жарык көрүп, адабий окуяга айланды. Албетте, котормонун реалдуу экендигине Жолон экөөбүз анча деле ишене берчү эмеспиз, дегеле поэзиянын толук «которумдуулугуна» бир акылдуу киши ишене алабы?.. Асыресе, котормочу өзүнүн жаңы чыгармасын жараткан сымал болот. Ошол котормочу акын болсо гана. Ошондо котормо түп нусканын көчүрмөсү эмес, бир маданияттын экинчи маданиятка кайтарган жообу сымал кабыл алынат. Ооба, берилген суроону кайталоо эмес, ага жооп берүү аракети болуп саналат. Алар бир аскадан чыккан гар-

мониялуу үнгө жооп берген мейкиндиктин жаңырыгы сымал» *(Синельников М. // -Ала-Тоо. – 1996.-166-б.).*

Н.Заболоцкийдин поэзиясынын нарк-баасы мезгил өткөн сайын тереңдеп, деңиздин түбүндөгү акак таштай жылтырап, көз кызартып азгырат, окуган сайын маани-маңызы коюуланып, кулпуруп, салааланып, түрлөнүп, мезгил менен такымдаша, алдыда озуп баратканы жашыруун эмес. Аз жазса да саз жазган «поэзиянын агроному» калтырган мурасты келечек муундар баалап алаарында шек жок.

## Алыкул Осмонов

Ж.Мамытовдун Алыкулга арнап жазган ыры, улуу акынга багышталган ырлардан кескин айырмаланат.

*Капырай, тоого батпай, көлгө батпай,*
*тынчтанбай, бир орунда уктап жатпай*
*бул адам неге өзүнчө албууттанат*
*байгеде байлап койгон тулпар аттай.*

Жолон Алыкулдун поэзиясынын баасы бийик экенин баса белгилейт. Кыргызда атам замандан бери тулпарды айрыкча баалап асыраган, Алыкулдун образын символикалуу ай чапчыган күлүккө теңеп, өлбөстүктүн добулбасын кагып жашай берерине ынандырат.

А. Осмоновдун чыгармачылыгы кыргыз поэзиясынын бир этабын түзүп, өсүп-өнүгүү тенденциясын аныктап, жаңы табылгалары менен улуттук адабияттын өсүп-өнүгүшүнө зор таасир тийгизгени белгилүү. Бул ырында устатынын поэзиясын: **«Мээсинде чарт дей түшкөн улуу ойлор, же аны Кудай кылып баратабы?»** – деп даңазалайт. А.Осмонов кыргыз поэзиясын профессионалдык деңгээлге көтөрүп, көөнөрбөс адабий мурасы менен кыргыз акындарына улуу устат, насаатчы болгон, боло бермекчи. Жолон өзү айткандай, Алыкул-

дун мектебинен поэзияга болгон мамилени, жоопкерчиликти туйду да, өзүнүн акын катары канчалык даремети бар экендигин билдирмекке бел байлады. **«Мен дүйнө өзгөрүп кетсин деп жазбайм. Андай болбойт да. Өзгөрүлбөс дүйнөдөгү өзгөрүлмө ойдун маани-жайына жетсем ээ... Же тескерисинче:**

*«Бир тынымга калгым келет тиктешип,*
*Тук өзгөрбөс түбөлүктүн ой менен.*
*Ошол ойдун терезесин шарт ачып,*
*ар жагына ургум келет боюмду*
*Баскым келет кайталангыс сапарда*
**Тапкым келет кайталангыс жолумду».**

*(Акындын үй архиви. Мен акын болгум келет. Досуна жазган каты)* (Баса белгилеген – Р.И.)

Бул –поэзия дүйнөсүнө аралашкан белгилүүбү же белгисизби, ар бир калемгердин аруу тилеги, алдыга койгон асыл максаты. Ошол тилекке ким кандайча жетет? Кеп ошондо. Кыргыз поэзиясында Алыкулдун чыгармаларына таасирленбеген, тамшанып, суктанып, ал эмес Алыкулдай болгусу келип, тамакайы так болбогон акынды табуу кыйын. Маселен, таланттуу акын Табылды Мукановдун «Көкөмерен» («Темир канат» альманахы, Фрунзе, «Кыргызстан», 1975, 98-бет) аттуу ырында:

Өзүңдөй саймедиреп өмүр бою
Аксам ээ кыргызымдын жүрөгүндө... –

десе, акын Жайлообек Бекниязов «Караңгы түн жамгыр урат чабылган» (Кышкы токой. Фрунзе, «Мектеп» 1973,26-бет) деген ырында мындай дейт:

А мен качан өткүн болуп төгүлөм,
Асман жердин эркесиндей туюлуп.

Тилегин ушинтип билдирген акынды белгилүү сынчы К. Даутов эскирген поэтикалык ойдун улам кайталана беришин, штамп-вариацияларга айлантып са-

лышканын «Ырдын өмүрү» (Даутов К. Ырдын өмүрү. – Фрунзе: Кыргызстан,1977.-23-б.) деген китебинде таамай айткан. К.Даутов Ж. Мамытовдун «Отту сүйөм» ыр жыйнагындагы төмөнкү саптарды кошкон.

*Тиктесем түн ичинде көлдү кырдан,*
*Ай анда көпүрө салат аппак нурдан.*
*Мен качан оттуу ырдан көпүрө салам,*
*Элдердин жүрөгүнө өтө турган...*

«Байкалып жаткандыр, эгерде жогорку эки автордо «ырым» – чыгармам» деген сөз бир аз өтмө мааниде «менин өзүм» деген сөзгө далдаланып, подтекст менен айтылса, Жолон Мамытовдо түз эле анын, поэзиянын өз атынан башталат. Бирок бул жагдай чыгарманын мазмуну менен автор айтайын деген негизги ойго эч кандай олуттуу айырмачылык киргизбейт» ( К.Даутовдун жогорудагы китебинде.-23-б.) деген пикири жөндүү болгон.

А бирок жаш акын сөзүндө туруп, максатына жете алды. Чыгармачылык түйшүк, толгонуу, умтулуу, изденүү ага утуш алып келди. Ж. Мамытов оттуу поэзиясы менен башкалардан айырмаланары, отту сүйгөндүгү нукура табиятынан экендиги, ошол «оттуу» ырларынын табынан анын «кайталангыс жолу» айгинелери маалым. Кыргыз поэзиясынын классиги А. Осмоновго арнаган «Алыкул», «Акын көлдүн жээгинде» деген ырларында минтип айтат:

Тоолорду, Ата Журтту, тууган жерди,
**Сүйүүдөн тагдырына коюп белги**
**ойлойбу ысытсам деп ысыгына**
**айткыс кеп, айткыс узак мейкиндери.**
«Алыкул»
**Олтурду акын күндүн тиктеп кызылын,**
**Ойдон иргеп бул жашоонун кызыгын.**
**Окуганда от көрүнүп турсун деп**
**Ырларына кошуп жатты ысыгын.**
«Акын көлдүн жээгинде» (Баса белгилеген – Р.И.)

Чынгыз Айтматов В.Коркин менен маегинде: «Дыйкан болочок түшүмдүн камын көрүп жатып, сокосу менен «ойлонот». Багбан адамдарга жемиш берүүчү келечектеги багы менен «ойлонот» дегендей (Айтматов Ч. В соавторстве с землею и водою... – Фрунзе: Кыргызстан,1978.-с.379.), Жолон дүйнөнү от аркылуу кабылдарын, ойлорун, сезимдерин «оттун тили» аркылуу туюндурарын Ф.М. Достоевскийдин «Поэзия – ар кандай таланттын ички оту» деген сөзүн ырастайт. Жолон бала чагынан эле отко жакын болгонун жакын тууган-дары айтышат. Айылдагы аш-тойлордо от жакканды, алоолонгон оттун боюнда отурганды жактырган. Авасы Берикбай экөө очоктун боюнда көпкө кобурашып отурушканын экинчи бөлүмдө айтып өтпөдүкпү. Болочок акын өзү отту улуу жагып, анын кызыл жалынындагы көз ирмемдеги кубулушка: жалындап-жалбырттап, же тескерисинче быкшып, түтөгөн көрүнүшүнө арбалып, оттун стихиясынан өзүн издеп, оттун ичине түшүп кетчүдөй жакындап, ага тартылып, андан ой, күч-кубат, энергия, илхам алып, ыр дүйнөсүнүн түйшүгүнө ишенимдүү жетеленгенине кантип кубанбасын?

От – жашоонун символу, тирүүлүктүн белгиси, дүйнөнү дүйнө кылып турган стихиялардын бири. Бул темага Жолон Мамытов эле биринчи жолу кайрылып жаткан жок. Таланттуу акын Турар Кожомбердиевдин «Оту өчпөгөн коломто» деген ыр жыйнагынын аты эле көп нерсени айтып турат. Оттун табияты, жаратылышы туурасында Чыгыш элдеринде мифологиялык доордон бери эле ой жүгүртүп келишкен. Ал эми кыргыз элинин даанышман акыны Барпынын «От» деген чоң санатында оттун глобалдуу философиялык-эстетикалык мааниси, Аалам алкагында жана адам тиричилигинде аткарган милдети: «Кароомат ойлор көккө учуп, келгендей болду табыма» – деп, бийик эргүү менен ырдалган. «Алоосунан ыр курап» – деп, төгүлүп абдан кеңири айткан.

От менен жашоо куралат,
Оту жок жашоо кубарат.
От менен дүйнө уланат,
Оту жок дүйнө куланат.
От менен сүйүү төрөлөт,
Оту жок сүйүү тез өлөт

(Барпы.1-т.-Бишкек: Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы ред., 1994.-41-б.), – деп, анын жашоого жан киргизип турган өзөк экендигине ушундайча баа берген.

Бул чоң чыгарма чоң сөз кылууга арзыйт. Азырынча аны бизден башта кененирээк, ыр саптарынын ар биринин кан тамыры, ар бир клеткасына чейин изилдеп, талдап-анализдеп сын электен, таразадан өткөргөн барпычы Кадыркул Даутовдун эмгегине шилтеме берүү менен чектеле туралы. (Даутов К. Таланттар жана тагдырлар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1988.-41–44-бб.)

Байыркы Грециянын улуу драматург-трагиги Эсхилдин Олимптеги отту саксактап, эч кимге бергиси келбей, катуу кайтарган Кудайлардан өтө кыйынчылык менен кара жанын тобокелге салып уурдап келип, пенделерге берген Прометей жөнүндөгү чыгармасы эсиңиздедир. Улуу көркөм сөз чебери Эсхил Прометей тууралуу атактуу трилогиясында эзүүгө, басынтууга, ар тараптуу эксплуатациялоого Кудайларга каршы күрөшкөн гуманист, титан Прометейдин монументалдуу образы жөнүндө социализм идеясынын негиздөөчүлөрүнүн бири Карл Маркс докторлук диссертациясынын кириш сөзүндө минтип жазган: «Прометей – самый благородный святой и мученик в философском календаре». (Цит по кн: Дератани Н.Ф., Тимофеева Н.А. Хрестоматия античной литературе.т.1. – М.:Просвещение,1965.-с.26)

Жолон Мамытовдун поэтикалык дүйнөсүнүн ички уюткусун, көркөм ой-кыялынын өнүм-өзгөрүш ыраатын тиреп турган ички түркүктөрүнүн бири – от тема-

сын бир нече катмарга жиктеп, анын философиялык маанисин табууга аздыр-көптүр аракет жасаган философия илимдеринин доктору, профессор Жамгырбек Бөкөшовдун: «От – акындын чыгармачыл принциби, көркөм ойлоосунун жол-жобосу. Ал от жөнүндө гана ырдабайт, оттун ырын ырдайт, от тууралуу гана ой жүгүртпөйт, от аркылуу ой жүгүртөт. Байыркы грек философу Гераклит: «Дүйнө оттон турат, оттон башталып, от менен бүтөт» – десе, Жолон Мамытов дүйнөнүн элесин «оттон» түзөт. «Ал поэзиядагы Гераклит» – деп, берген баасына толук кошулууга болот. (Бөкөшев Ж. «Оттун ыры жана ырдын оту» // Ала-Тоо,-1990.-№4.)

Ж.Мамытовду отту сүйгөн, «от жүрөк» акын деп атоого, ырларынын өзөгүн түзгөн «отчул» поэзиясы себеп болгонун, алгачкы ыр жыйнагынын өзүндө «от» деген сөздү ой-туюмун чагылдыруунун символу катары чебер, кылдат, ийкемдүү колдонгонун билебиз.

Чыныгы акын өзүнүн айлана-чөйрөсүнө, ак-карага, өйдө-ылдыйга кош көңүл карай албайт. «Эгер дүйнөдөн жарака кетсе, ал акындын жүрөгү аркылуу өтөт» (Г. Гейне). Акын баарына жандуу реакция жасайт. Ошол үчүн ой-сезими кирген суудай күр-шар түшүп, оттой жанып турат. Мындан көңүл күүсүн аныктаган белгилер: чечкиндүүлүк, максатына карай тынымсыз умтулуу,баш-оту менен берилгендик, чымыркануп изденүү, «бар же жок кылууга» куштарлык сезилет.

**Мен окуп, мен Ильичке сыйынгандай**
**Сыйынам мына буга эрежедей.**
**Кубаттуу акыл толо бөлмөлөргө**
**Жалындуу ырлар керек терезедей.**
(Баса белгилеген – Р.И.)

Куплетти акыркы саптардан бөлүп окуу кыйындай, алар бирин бири толуктап, образдуулукка, чулу ойлорго кыналып турат. Акындык таза жүрөк, таасын көз караш, мамытовдук менчик эмоция бирин бири

коштоп, толуктап жатат. Ыймандай сырын жарыя айтуудан тартынбаган чечкиндүүлүк бар.

**Өзүң үчүн отко түшсүн алтын баш**
**Сенсиз мага бакыт супсак, таалай аз.**
Сен деп чыксын жаз коштогон каткырык
Сен деп аксын кыш жандаган тамчы жаш.

*(«Ата журт» Баса белгилеген – Р.И.)*

Мындан даана патриот, атуулдук милдетти бийик сезген акын экендигин апачык баамдап турабыз. Акын отту сүйүү менен бирге жашоонун өсүп-өнүгүү касиетин да сүйөт. Өчпөс оттой адамдардын жүрөгүндө ыр саптары жанып турат.

**«Жолон Мамытов жана анын курагындагылар үчүн дүйнөдөн өтө эрте кеткен «кыргыздын эң мыкты акыны» (Жолондун айтуусу боюнча) Алыкул Осмоновдун официалдуу сын тарабынан бааланбай, ал тургай айтылбай жүрүшү өтө оор болгон. Алыкул жөнүндө айтып, анын поэзиясындагы которуп берүүгө мүмкүн болбогон мазмунду түшүндүрүүгө аракет кылчу, бир эле учурда элдик жана жаңычыл поэзиянын белгилерин камтыган лириканын маңызын сөз менен жеткирүүгө далалаттанчу. Улуу акын бир күн бою өзүнүн ата-энесинин үйүндө конокто болгонун сыймыктануу менен эскерчү...**

**Алыкул үчүн болгон күрөш он жылдар бою созулду жана Жолон бул улуу акын адабияттан өз ордун алышына чоң салым кошкондордун бири болуп калды. Мен кыргыз досума Алыкулдун кыргыз жүрөгүндө калган поэзиясы,кыргыз поэтикалык тили жөнүндөгү бул аңгемелери үчүн чексиз ыраазымын. Ошол маектер акыры барып, мени бир күнү ушундай оор ишти мойнунга алып, Алыкул Осмоновдун ырларын которо баштоого түрттү, бирок тилекке каршы, ал иш «Мой Алыкул» деген бардыгы бирдей деңгээлде болбогон котормолор жыйнагын чыгаруу менен аяктады. Ошентсе**

**да, мен бул жыйнакта аз болсо да айрым бир ийгиликтүү котормолор бар деп үмүттөнөм. Акын-котормочу кандай күчтүү болсо дагы башка тилден улуу акынды которуп жатып, анын бир нече ырларын, поэмасын гана ийгиликтүү которбосо, аны түп нускасындай деңгээлге эч качан жеткире албайт».** *(Синельников М. // -Ала-Тоо.-1996.-165-б.)*

Досу М. Синельников айткандай, Алыкулдун 35 жылдык кыска өмүрүнүн өкүнүчү менен арманын көзү барда да, көзү өткөндөн кийин да ким туйду, ким анын мурастарына жан күйгүздү? Жаш кезинен жетим калып, ата-эненин мээримин көрбөй, Токмоктогу балдар үйүндө тарбияланган, орус улутундагы тарбиячысы Груня Савельеванын энелик сезиминин жылуулугун гана алган Алыкулдун адабиятка болгон шыгын, тубаса талантын өстүрүүгө өзүнөн башка эч ким жардамга келбеди, өзүнөн башка камкор колун сунган кишилер болбоду. Бала кезинде ачка калып, жаштайынан жабышкан оорунун азабынан өзү да чүнчүп, арып-азып, тынымсыз жөтөлгөнүнө корунуп, элден обочолонуп жашады. Идиш-аягын дайыма өзү менен кошо алып жүргөнү – башкаларга жукпасын деген ою, адамды артыкча баалаган адамгерчилиги эмеспи. Анын түнт, ойчул жашоо образы ошол кездеги адабий майданда аты дүңгүрөп турган акын-жазуучулардын жанына жолотподу. Эмне себептен «Таңдагы ырлар», «Жылдыздуу жаштык» жана «Чолпонстан» деген ыр жыйнактарын жок кылууга мажбур болду? Адабиятчылар акынды өзүнө шылтап, «жармач ырларга жыш, колго алгыс китептер болчу» деген тыянактын канчалык чындыгы бар? Орус жана дүйнөлүк адабиятта акын-жазуучулардын өмүр тагдырын жазганда, чыгармачылыгына түрткү берген факторлорго, ар бир окуяга, фактыларга, майда деталдарга, реалдуу күбөлөргө айрыкча маани беришет. Тастыкталбаган, урду-сокту оозеки жомокко окшош «болсо керек», «ошондой болушу мүмкүн»

сыяктуу күмөндүү божомолдорго ишенишпейт, орун да беришпейт. Акындын өмүр-тагдыры жөнүндө Кыргыз эл жазуучусу Кеңеш Жусуповдун «Ыр сабындагы өмүр» аттуу чыгармасы кандай сүймөнчүк менен окулуп, тарыхый окуяга айланып кеткенсиди...Болбосом, кыргыз поэзиясына төңкөрүш жасаган, кыргыз поэзиясында өзүнчө «кайра жаралуу» этабындагы жаратманды, миңдеген окурмандардын сүйүүсүнө, сый-урматына, жүздөгөн жаш калемгерлердин устатына айланган акындын турмушу аңызга айланып кетпейт беле? Анын баскан-турганынан тартып, ар бир жаңы жазылган ырларынын таржымалы, айрыкча акыл-эсти «селт» эттирген, чагылгандай чартылдап тийген, баш-аягы сулп философиялык жана көркөм-эстетикалык ойлорго сугарылган чыгармаларынын жазылыш тарыхы легендага айланбайт беле... Ошол кезде деле адабиятта «өңдү көрүп, жүз таят» болгон тааныш-билиштиктин, кошоматчылардын күнү тууп, адамга анчейин жугуму жоктор эшиктин сыртында калган. Алыкул поэзияга башын сайып, тирүүлүктөгү пенделиктин бардык жорук-жосундарына, оош-кыйышына чыдап жүрүп, бир гана тилек менен күн кечиргенин төрт сап ыры эле айтып турат:

Мен уялам, мына мындан уялам:
Көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам.
Колун кезеп, жолуң болгур дегенсийт,
Жер шарынан күлүк учкан заманам.

Алыкул канча ооруп, жаны кыйналып, өзү менен өзү күрөшүп жүрүп, өзүн жеңип-жеңилип отуруп, кыргыз адабиятынын калыптануу-өнүгүү мезилдеринде эч кимдин оюна келбеген, эч ким чыйыр салбаган, эч ким даап, колго албаган ыр түзүлүшүнүн ичек-чабактарына жүргүзгөн адабий эксперименттери ийгиликтүү, сыктанарлык даражада чыкты. Осмоновдук стилди таанытып, форма, мазмун, көркөм тилдин поэтикалык каражаттарын эле байытып өнүктүрбөстөн, мурун-соң

кезикпеген жаңылык алып келди, кыргыз ырларын ошол кездин көзү менен караганда эки-үч эсе жогорку баскычка көтөрдү. Ал жасалма жактоо, мактоо өзүнүн имиджи менен эмес, таланты менен таанылды, таланты менен башкаларды эсептешүүгө аргасыз кылды.

Алыкулдун кыска өмүрүндөгү жеке жашоосу оор жана кайгылуу болду. Жалындап сүйгөн кызы Айдайга жетпей калганы, алган жары Зейнеп менен келише албаганы, жападан-жалгыз кубанычы, бул өмүрдөн тапкан бактысы – кызы Жыпардын 15 күндүк ымыркайында бөбөк кезинде чарчап калышы, өнөкөт оорусунун күчөшү, анын кийинки тагдырына чоң залакасын тийгизди. Бирок акын тагдырынын оор сыноосуна оңойлук менен сынбай, эки жуманын ичинде сүйүүнүн күйүтүнөн, сүйүүнүн кусалыгынан, сүйүүнүн кудуретти менен Шота Руставеллинин «Жолборс терисин жамынган баатырын» которуп таштады. Мындай эрдик ар кимдин колунан эле келе бербейт эмеспи. Ал жеке тагдырынын оор кайгысын поэзиянын сыйкыр күчү, чымыркanган эмгеги менен жеңди, дүйнөлүк адабияттын шедервлери Н. Ганжевинин «Хосров-Ширин» поэмасын, У. Шекспирдин «Он экинчи түн» комедиясын, «Отелло» трагедиясын, А.С. Пушкиндин «Евгений Онегин» романын которуп, И. А.Крыловдун тамсилдерин, орус акындары К.Чуковский менен С.Маршактын ырларын кыргызча сүйлөттү.

Элдик оозеки чыгармалардын, фольклордук сюжеттердин негизинде иштеп чыккан «Толубай сынчы», «Чептен эрдин күчү бек», «Мырза уул, «Карагул» жана башка поэмаларынын көркөмдүк касиети, ойду туюнтуудагы ыкмасынын ийкемдүүлүгү, мазмун менен маңызды ширелиштирген табылгаларынын жаңычылдыгы окуган сайын ажары ачылган, окуган сайын тамшандырган кудуретин айтып түгөтө албай келишет. Жолон Мамытовду дал ушул акындын мыкты делген махабат, Ата Журт, пейзаждык лири-

касын, «Жеңишбек», «Майдын түнү», «Ким болду экен», «Менин энем» деген чыгармаларын орус жана башка тилдерге которуп, Алыкулду ааламга таанытксысы келе берчү. Ж. Мамытов Кыргызстан Жазуучулар союзунун төрагасынын орун басары жана катчысы болуп иштеп турганда, Алыкулдун поэзиясынын экинчи өмүрүнө аябай тынчсызданып, анын чыгармаларын башка тилдерге котортууга аябай ынтызарланып, бир нече котормочуга сунуштаганын жогоруда айтып өттүк. Акындын Алыкулдун ийгилигин, жетишкендигин жана бийиктигин Жолон жалпы кыргыз поэзиясыныкы деп билчү. Анын ырлары орус тилине которулуп, 1950-жылы Москвадан жарыкка чыккан «Мой дом» деген китебине Сталиндик сыйлыктын (ошол учурдагы мамлекеттик сыйлык) берилбей калышына да күйүп-бышканы бекеринен эмес. Ошондо республикалык басма сөздө, жазуучулардын семинар-кеңешмесинде, публикада акындын чыгармаларын мактап-жактап колдоп-кубаттагандар, тамшангандар көп болгону менен, (Фрунзедеги, Москвадагы) Жазуучулар союзунун кийгилишүүсүбү, же башка себептерден улам берилбегени түшүнүксүз бойдон калган.

**«Мен тубдиспансерде иштечүмүн, Жолон аке дайыма ошерге келип, коюу, жыш, калың бактагы картайган, жүдөгөн бак-дарактарды аралап, көпкө басып жүрчү. Дайыма бир нерсени ойлоп, бир нерсени кудуранып, өзү менен өзү сүйлөшүп жаткандай туюла берчү...**

**Кайсы бир күнү айылыбызда той болуп калды. Санжыра менен Үркүнбайдын тоюнда Жолон аке казанды өзү башкарып, жанындагы эки жардамчысы менен от жагып, шорпосун бышырып, элди тейлеп жүрдү. Тойго келгендер, ошерде аралашып, кызмат кылып жүргөн жердештери ыр окуусун сураныштты, Жолон аке адатынча боюн түздөп, көкүрөгүн керип, коңур үнү менен «Отту сүйөм» деген жыйнагынан ырларын окуп бер-**

**ди. Мен акындын «Ойлой берем», «Ата Журт», «Сенин кайдан чыгарыңды билбеймин», «Өзүм шаштым бекен же...» жана «Айылым» (бул ыры китебинде жок) деген ырларына обон чыгардым.**

**Экөөбүз сүйлөшүп туруп калдык.**

**– Абдыкулан, Алыкулдун «Музыка» деген ырына жазган обонуңду «Маяк» программасынан Москвадан угуп алып, ушунчалык кубандым. Кандай баары жагы төп келген чыгарма! Ыры менен музыкасы окшошкон эгиз козудай, тексти менен музыкасы бири-бирине ширелишип укулуктуу, мазмундуулугун айт!**

**– Ыракмат, Жолон аке! – дедим мен сүйүнүп.**

**Жолон аке менен байланышыбыз үзүлгөн жок. Ырларын салып жиберчү, мен ага обон чыгарып, музыканын ыргагы менен тексти дал келбей калса, текстке салыштырып оңдоп жиберчү. Мен ошол кездеги чыгаан композитор Сатылган Осмонов менен Төлөйкөнгө келишкенде, атайын мени чакыртып тааныштырган. Мен чыгарган обондорумдун нотасын алып, жакын досу С. Осмоновго, Султангазы Алкожоев деген композиторго ойнотуп алып, укканды жакшы көрчү экен. Анткени мен ноталарды катка жазып жиберчүмүн, экөөбүз тынбай жазышат элек.**

*(Машаев Абдыкуландын эскерүүсү. -1996.-12-янв.)*

**«Абдыкулан! Чыгармачылык түйшүк эмне экенин билип жүргөндүрсүң, чыгармачылыкка эсиңе түшкөндө гана кайрылуу, негизги өмүрлүк иш катары тутпоо, эч качан ийгилик алып келбейт. Жүрүп-жүрүп калып каласың, ошондон сактан... Сатылганга айтып коём өтүнчүңдү. Ошондой эле Төлөйкөн тууралуу ыр жазып берем, ыңгайы келгенде...»** *(Жолондун каты)*

Төлөйкөндүк таланттуу обончу, шыктуу музыкант Абдыкулан Машаевдин эскерүүсүндө байкалгандай, акын туулуп-өскөн айылынан чыккан таланттар менен байланышы бекем болгон. Алар жөнүндө дайыма су-

рап, ырларын гезит-журналдарга чыгартып, кеп-кеңешин айтып, чыгармачылыгына көз сала жүргөн.

Жолон Мамытов өзүнүн окутуучусу жана устатым деп эсептеген, сыймык менен атын атаган кыргыз поэзиясынын корифейи Алыкул Осмоновго болгон урматы, чыгармачылыгына болгон чексиз сүйүүсү көзү өткөнчө өчпөгөнүн анын жеке архивиндеги башка материалдарынан да байкоого болот.

# ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

## Сагынганда жетпесе,
## саргайып кетсин ушул кат...

Башка элдерде эпистолярдык жанрдын бир бутагы – кат жазуу маданияты абдан өнүккөн. Учурда илимий-техникалык прогресстин айынан азыркы муун кол менен жазылган каттарды окубай калды. Дүйнөлүк адабиятта мамлекеттик улуу ишмерлер, кол башчылар, даанышман окумуштуулар, акын-жазуучулардын ж.б. корифейлердин бир чоң чыгармага тете купуя сезим-туйгуларын чагылдырган каттары калган. Мисалы үчүн, Наполеондун Жозефинага жазган каттары өзүнчө эле роман. АКШнын экс-президенти Линкольн уулуна жазган тарыхта калган укмуштай каттары калган. Ал эми кыргыз адабиятындагы көрүнүктүү илимпоз-педагог С.Байгазиевдин айылдык мугалимге, шакиртине жазган каттарынын мазмуну сергек, жөнөкөй сүйлөмдөргө камтылган ойдун уюткусун эстесеңиз, сүйүү каттары жөнүндө азырынча ооз ачпай туралы дегим келди.

Жолон аты таанылганга чейин эле досторy, класс-таштары, жакын санаалаштары менен кат жазышып турган. Кат – адамдын жан дүйнөсүнүн сыры. Андай сырды адам көрүнгөнгө эле айта бербейт. Адам кат жазып жаткан мезгилде кандай абалда болсо: психологиялык толгонуусун, ойлорун, көз карашын, мамилесин, башкача айтканда, кайгы-касиретин же кубанычын

сырдашына жашырбай жазат. Кат ушунусу менен баалуу. Эч кимге айта албаган сырлар төгүлүп, аялуу сезимдер ушунчалык ишеним жана берилүү менен жазылат. Адатта мындай сырдашуу бир дем менен ак баракка түшөт. Каттын касиети ошол ирмемдеги обону кезген жан дүйнөнүн көркөм чагылышы. Бул ирмем купуя баарлашкан эки адамдын ортосунда сактала турган сырдана мамиле.

Жолон замандаштары менен байма-бай кат жазыша баштаганда жигиттик куракта эле. Ал турмуштун ак-карасына согула элек кезинде өзүнүн теңтуштары, көбүнесе адабиятка аралаша баштаган жаш таланттар, калемгерлер, жалпак тил менен айтканда, чымыны барлар менен ой бөлүшкөн жана өзү да кызыкдар болгон. Акын жакын санаалаш кишисине жаңы жазган ырларын кошо жиберүүнү адатка айлантткан. Анын биринчи окурмандары өзүнүн тегерегиндеги жакын адамдар болгон. Орбита сыяктуу айланасындагы жакын санаалаштарынын башын бириктирип, ар бирине көңүл буруп, алардын көңүлүн алып турган. Жаңы жазылган ырларына пикир уккусу келгени, сын угууну каалаганы байкалат. Эмесе, конкреттүү мисалдардан жүйө келтирели.

Биринчилерден болуп Жолон Мамытовдун поэзиядагы тушоосун кескен, ага ак жол каалап, келечекте чоң акын болорунан күмөн санабаган Кыргыз эл акыны **Сооронбай Жусуев** болгонун айтып өткөнбүз. Экөөнүн өмүр көчүндөгү байланышы, ага-инилик мамилеси үзгүлтүксүз уланып, С. Жусуев такшалган акын, устат катары Жолонго көбүрөөк кам көргөнү, ырларын басылмаларга сунуштап, жаш таланттын тиричилигине аз да болсо жөлөк болот деген агадил мамилеси байкалат.

**«Жолон! Сенин каттарыңа мен жооп бере албадым. Себеби убакыт жок. Москвага барып бирдеме жазымыш болуп, 25-октябрда гана кайтып келдим. Мага**

**жиберген ырларыңдын ичинен майда ырларың дурус экен. Сен ушул кат барары менен жаңы жазган ырларыңдан бир нечени жибере көр. «Ленинчил жашка» жарыялоого аракет кылабыз. Себеби 3–4-декабрь күндөрү Фрунзеде Жазуучулар союзунун жаштарга арналган пленуму өтмөй болду. Пленумга Ош областынан 8 киши келет. Сени да алардын арасына жаздыртымыш болдум. Даярдана бер, келүүгө тийишсиң. Бул жөнүндө ал жердеги Таш, Исраил, Ысмайылдар менен кабардаша жүр. Ысык саламым менен Сооронбай».** *(С. Жусуевдин жазган каты. 3-ноябрь, 1962-жыл.)*

Мурдагы муун кийинки муунга кам көргөнү, алардын чыгармачылыгына түрткү берген жардамы, колдоосу, эң башкысы ишеними сезилет. Алтымышынчы жылдары поэзиянын мыкты өкүлдөрүн Теңир өзү атайын жараткандай эле суурулуп чыгышпадыбы. Аларды марага салып, жарыштан иргеп алгандай идея, форма, мазмун, стиль жагынан биринен бири озуп, биринен өтүп бири таңыркатып, биринен өтүп бири сонуркатып, төрт тарабы төп келген мыкты чыгармаларды жараткан акындарды бекеринен «алтымышынчы жылкылар» деген эмес.

Ошол кездеги адабий процесстин активдүүлүгү, атаандаштыктын күч алышы, котормо жанрынын болуп көрбөгөндөй өсүшү, кайсы жанрда болбосун жаңычылдыкка умтулуу болуп, анын натыйжасында, адабиятта жаңы алкактар, жаңы бийиктиктер, жаңы тенденциялар жаралган. Улуттук адабиятта эптемей, «сырты жылтырак, ичи калтырак» формалдуулукка жана ыр кураштыруунун шаблондуу ыкмаларына каршы күрөш күчөгөн. Өзүн өзү жерип, ичинен тазаланып, ичинен арууланууга болгон күч-аракеттер жемишин берген. Келечегинен көптү үмүттөндүргөн чыгармачыл жаштарды Москвадагы адабият институтуна жөнөтүп, окутуу маселеси да көңүлдүн борборунда болгон.

«Жолон! Сенин пленумдан кийинки жазган катыңды алганмын.Чоло жоктугунан сага жооп бере албай жүрдүм. Сенин «Бүчүрүңдү» окуп чыктым. Бул бойдон жыйнак кылып чыгарса боло бере турган. Бирок менимче, сен бул катты алган соң Ошко баргандан кийинки ырларыңдын ичинен көңүлгө төп келгендерин иргеп алып, 2 нуска машинкага бастырып туруп, мага жиберсең жакшы болор эле. Ал ырларды да бул жыйнакка кошсок, жыйнак толугураак болот. Сен жаңы ырларды мага жибергенде, мен аны эскилерине кошкондон кийин поэзия секциясына сунуш кылам да, бир топ акындар окуп чыгат. Андан кийин басмага сунуш кылабыз.

Пленум сенин чыгармачылыгың үчүн жакшы таасир берген экен. Анысы дурус.

Эгер сен быйыл күздө Москвадагы биз окуган Адабият институтуна барып окусаң кантет эле? Анын бир жаман жери жогорку билимдүү болсоң да, кайра биринчи курстан алат. Окуп жүрүп картайып кетип, турмуштун жыргалчылыгын качан көрөм деп ойлоорсуң. Мен деле ал институтту 31 жашымда бүттүм. Эгер андан билим алсаң адабиятка чоң даярдык менен кирип, бүткүл өмүрүңдү арнай алар элең. Бул азырынча мендеги ой. Аны өзүң ойлонуп, өзүң менен өзүң кеңешип көр...

Колуңду кысып агаң, Сооронбай». *(Сооронбай Жусуевдин жазган каты.11-февраль, 1963-жыл.)*

## Доско кат

«Саламатсыңбы кымбаттуу досум, Жолон!

Эми өзүм болсом кадимкидеймин. Окуулар жакшы. ГОСту берип жатабыз. Экзамендерди ийгиликтүү бүтсөм, мен дагы бир жактуу болуп калам го. Анан киришем да. Иштердин алдында бир айча бош болобуз, болгон-солгонун териштирип, «эмне дейсиздер» деп, алып барам го. Аз болуп калар бекен?

**Сенин ырларыңды Оштун газеталарынан окуп калам. Абдан жагат. Деги, чынын айтыш керек, сенин ырларың менен жүрөгүмдүн толкундоосуна далай жолу жолугам. Укпаган ырларыңды сагындым! Кат жазбай бараткаyыбыздан мамилебиз алыстагандай болуп баратнансыйт. Жолдошчулук бир гана адабиятта барбы?.. Катты үзүшпөйлү. Мен бияктагы редакцияларга капа болгонсуп калдым (балдар редакциясына). 4–5 ырдан алып калышып, планга киргизишип, кайта алып ташташат. Алар өздөрүнүн шартынын кожоюну дечи! Эмгектенген адам баарын жеңет.**

**Орозбай байкең жакшы жүрөт. О, ал «Манастын» чокусунан кирди. Ийгилиги көп. Фрунзе шаары болсо, жаздын жытына магдырап, жаштардын улам койнуна сиңип бараткансыйт. Эх, беш жыл, биз дагы кетебиз. Айылда кандай гана нерселер күтүп турат болду экен? Эң негизгиси кайда болсоң да,жүрөгүңдүн назик лирикалык күүсү өчпөсүн. Жолон кат жазып тур. Иштериңе чоң ийгилик тилеп, досуң Каныбек.**

*(Каныбектин Жолонго жазган каты. 28-февраль, 1963-жыл.)*

Бул кат жогорку окуу жайын бүтүүнүн алдында турган студенттин, кийин улуттук адабияттагы белдүү, чыгармачыл чөйрөгө аттын кашкасындай таанылган сынчылардын бири **Каныбек Эдилбаевдин** каты. Ал кезде ыр жазуунун түйшүгүн тартып, жакшы ыр жазсам дегенде ак эткенден так эткен, көкүрөгүндө эмне болсо аны ырга айлантып, ыр ааламына баш бакканына ишенип-ишенбей, өзүнө сын көз менен караган жаш калемгердин сыры. Жаш калемгер жеке турмушундагы (тамашага салып, эмнеге колоктоп, эмдигиче бойдок, бирөөнү жактырып же жактырбай жүргөндөн алыс экенин ырында айтып жатпайбы), кыз жандоо ырахатына карабай, китебимди чыгарсам деп жүр-

гөн тилегин, алдына койгон максатын ачыктап отурат. Азыркыдай чампалап жаза салып, каалаган басмаканасынан чыгартыш кайда ал мезгилде? Кандай калемгер болгонуна карабай, анын ырларын окуп-талдап, редакторлордун колунан өтүп, гезит-журналда таанымал акын-жазуучунун пикири айтылып, чыгармага баа берилгенде, жыйындарда сөз болгондон кийин гана басмага кезекке коюлган. Эгер редколлегиянын мүчөлөрүнөн кимдир бирөөгө жакпай калса, бул да өзүнчө түйшүк, көйгөй эле.

**«Өзүңдүн чыгармачылык ийгилиң кандай? Оо, сендеги жаңы форманы өзүңө сиңире баштагансың го. Ээ, эртеби-кечби биздин жаштар ошол жолго түшмөк болчу. Таскактуу жүрүшүң менен кете бер!**

*Миң кабат сырларымды айтып келем*
*Өзгөрбөс жүрөктөгү жамалыңа.*
*Ишенбей бир күн өлүп каларыма*
*Ишенип сени издеп табарыма.*

Бах! Кандай жүрөктү козгогон саптар. Деги сенде ушундай саптар көп болсо керек.Эринбесең ырлардан жазып тур. Мен экзамендин убагы болуп, эч нерсе жазбай жатам. Экзаменге деле карабай, атаганат, оргуштап турса кана! Сага кат жазардын алдында мобул ыр жаралган болчу.

*О, курбум ушул сенден суранарым:*
*Ажал жетип, бошоңдоп баратса алым.*
*Мен жыргабас, кайратыңды айтканыңча*
*музыка кой!*
*музыка кой,*
*музыка кой!*
*Көшүлүп уйку менен кетсин жаным.*

Дос, келечектеги биздин аяш жөнүндө кам көрүп жатасыңбы? Же дагы эле күңгүрөнүп жүрөсүңбү?..

*А мен: Айылдан катын аламбы*
*Аз калды күнүм саналуу.*
*Томсоруп кете берет бейм*
*Токсонго бөлүп санаамды.*

*Окуп беш жыл мен кызсыз*
*Ойлосом эми өлүкмүн.*
*Сооронуп күндүк турмушка*
*Солдоюп жүрө берипмин* – болуп жатам. Кээде тамаша аралаш:

*Эл айтсын: күн күлөлүк, түн күлөлүк*
*Канткенде койнума шаттык салам*
*Касиетим болбосо эгер бир бүлөлүк – деп, коём.*

**Эми менин сүйлөчү сөздөрүм ушул, катты мурунку адреске жибере бер. Саламым менен деп, досуң Каныбек.** *(Каныбектин Жолонго жазган каты. 21-март, 1963-жыл.)*

Каттын ээси досу менен ырларынын эртеңи жөнүндө толгонуп, түйшөлгөнүн бекеринен жазган жок. Байкоодо жаш акындардын чыгармаларын жарыкка чыгарганда адамдык факторлор: редактордун, Жазуучулар союзунун мүчөлөрүнүн мамилеси роль ойногону сезилип турат. Жаш калемгердин жазгандарынан Алыкул акындын таасири сезилет. Музыкага болгон кусалык, талап, музыканын илхам чакырган сыйкырына баш ийгендей экилене: «Музыка кой! Көшүлүп уйку менен кетсин жаным» деген жаштыкка мүнөздүү эмоционалдуулук басымдуулук кылат.

Тагдырлар жөн жерден кездешпейт, тагдырлар ойдо жок жерден кесилишпейт дешет эмеспи. Анын сыңарындай, улуттук адабияттагы белдүү сынчылардын бири Каныбек Эдилбаевдин досу Жолон менен болгон

мамилесинен агартуу майданына аралашканга чейинки өмүр жолунан айрым фрагменттерди өзүнөн уктуңуз. Ал эми ушул темага чекит коёрдон мурда сынчынын бизге жеткен үчүнчү катына да баам таштап көрсөк. Учурда ыр жазууну оңой-олтоң иш катары көргөндөр, уйкашса эле ыр деп өпкөсүн колуна кармап алгандар үчүн аз да болсо сабакпы дейсиң. Эч ким акын болуп туулбайт деген аксиомага ынанбагандар четтен табылат.

**«Экөөбүз кат жазыша келгенде эле иштерибиздин ийгилигин, көңүлдөрүбүздүн белгилүү бир чендеги ырахаттануусун каалап, туудуруп мамиле кылышканыбыз кандайдыр бир адат болуп калгансыдыбы?!**

**Сенин ийгиликтериңе абдан кубанычтуумун! «Ленинчил жаштагы» студенттик мезгилге арнап жазган ырыңды окудум. Эң жакшы. Чын эле кезегинде бир нанды бөлүп жеп жатпайбызбы?.. Ак-Бууранын жаралышы терең личный психологиялык мүнөздө жазылган жүрөктү тызылдаткан ыр. Мындай жүрүшүң мага жагат. Ал эми мага ошол жетишпей калгандай.**

*Менин жакшы көңүл жыргоом – кайгыруу,*
*Бакыт тоосун издеп түнөк, жай кылуу.*
*Алдас уруп тоодо түшкөн суу сымал,*
*Адашкансып жүрөм таппай айылымы.*

*Кызык өмүр толкунуна оролуп,*
*Кыйын экен жүрөк отун жандыруу.*
*Кусалыктан бук боломун мен ага,*
*Турса дагы каалаганым бардыгы –*

сыяктуу болуп кетет. Мен дагы ырлар жаздым, бирок көп эмес. Эстеген убакта эле жазып калгандай туюлат. Жазган ырларымдын ичинен:

**Жаралсам да эчак**

*Мен жаралган кылымдардын биринде,*
*Жаралган деп турасыңбы бүгүн же?*
*Жок, жок, жатам өзүм дагы жаңылып,*
*Жаралганмын дүйнө көркүн сагынып,*
*Түк чеги жок ой-жылдардын түбүндө.*
*(Ыр кыскартылды. – Р.И.)*

**Жашартсын өмүрдү**

*Корообузда жемиш багы жайнаган,*
*Шагын ийип мөмөлөрүн байлаган.*
*Жыпарына өмүрүмдү жашартып,*
*Кумарланып келе берем кайрадан.*
*(Эки куплеттин биринчиси гана келтирилди – Р.И.)*

**Ал эми балдар үчүн жазылган ырларды бир сыйра берип чыктым. «Кыргызстан пионери» газетасында жакынкы сандарына кур дегенде эле эки-үч ыр чыгыш керек. «Жаш ленинчиден» жообун ала элекмин. Ал дагы үмүттөндүргөн. Мен дагы иш оңтоюнан болуп калса, кеткиче жыйнакка топтоп берсемби деп жатам.**

**Сен дагы ырларыңдан көп-көп жазып тур. Мен да жалгызмын. Ырларымды окуп берер киши жок (сөз өзүбүздүн институтубуздан дечи...)**

**Кош, кайыр досуң Каныбек.** *(Каныбектин Жолонго жазган каты.11-ноябрь 1963-жыл.)*

Жаш калемгерлердин бири-бирине таасирленүүсү, билип-билбей туруп тууращы, мазмундук жактан окшош ырларды жаратышы мыйзамченемдүү көрүнүш. Өзүнүн стилин, жолун таап кеткичекти түйшүктүн тумандуу түндөрүн, күндөрүн баштан өткөрүү керек. Ал – калетсиз буйрук.Алардын каттарында чын жүрөктөн жазылган ойлор, ыр түйшүгүн тарткандагы абалы,

жакшы ыр жазуунун машакаты менен кубанычы кошо жүрөт. Тымызын атаандашуу, тымызын таасирленүү, ким эмне менен алектенип жатканына кызыгуу, бири-бирине дем-күч, шыкак берүү аракети да жок эмес.

## Сүйөркул Тургунбаевдин эскерүүсү

Жолон экөөбүз алгачкы ирет 1964-жылдын күзүндө Ош шаарында тааныштык.Ал Фрунзедеги айыл чарба институтун бүтүп барып, Ош областынын Кара-Суу районунун Катта-Талдык совхозунда мал доктур болуп иштеп турган кези экен. Мен болсо, ошол жылы Кыргызстан мамлекеттик университетинин филология факультетин жаңы эле бүтүрүп, Алай районуна мугалим болуп барганмын. Иштеген мектебим Гүлчөдөн кырк километрдей өйдөдөгү Бүлөлү орто мектеби эле. Бул жерде орус тил, адабияты менен чет тилди (немец тилин) окутчу бир дагы мугалим жок экен. Ошондуктан мен бешинчи класстан онунучу класска чейинкилерге ушул предметтерден сабак бере баштагам. Себеби бул айылда электр жарыгы жок болгондуктан, келген орус мугалимдер бир жума туруп эле кетип калышчу экен. Анткени асфальт жол менен электр жарыгы жок жерде орус менен еврей калкы жалынсаң да турбайт эмеспи.

Ошентип, мен кыргыз тили жана адабияты боюнча адис деп эсептелгеним менен, бул жерде орус филологиясы менен чет тилди окутушка мажбур болдум. Эки ай иштегенден кийин Ош шаарына бир айлык орус тил мугалимдеринин семинарына квалификациямды жогорулатып келүүгө жиберишти. Ошто ошо кезде мени менен бирге окушкан Кармышак Ташбаев, Абдимитал Камалов, Алымкан Дегенбаева деген акындар областык «Ленин жолу» гезитинин редакциясында жана китепканада иштеп жүрүшкөн. Алар менен бат-бат жолугушуп турчумун. «Сүйөркул Тургунбаев деген акын

Ошто жүрүптүр» деген кабарды Жолон ушул жолдошторумдан угат. Анан алардан мени менен тааныштырууну өтүнүп, бир күнү белгилүү бир саатта désinstiтуттун алдынан жолугушууну болжолдошот.

Белгиленген күнү биз пединституттун жанынан тааныштык. Бир топ жолдоштор чогуу болду. Жолон жылаңбаш, узун көгүлтүр боз плащ кийип жүргөнү эсимде. Мелди Мамазаирова да жанында экен. Алардын турмуш куруп, бирге жашап калганына аз эле убакыт болгон. Жолон менин ырларымды абдан куштар болуп окуй турганын, таанышканыбызга курсант экенин билдирди. Мүмкүн болсо, 7-ноябрь майрамын ушул Ош шаарында чогуу өткөрсөк деген өтүнүчтү айтты. Мен макул болдум. Алтынчы ноябрь күнү ушул пединституттун алдынан жолугушуу бүтүмүнө келип, тарап кеттик.

Фрунзеде калган аялым Күлүшкан ошол кезде Ошко келди. Анын сегиз айлык боюнда бар болчу. Кийин декабрь айында Ошто Эркингүл деген кыздуу болдук.

7-ноябрь майрамын Жолондун айылы болгон Төлөйкөн тараптагы бир ээн үйдө бир топ жолдоштор менен чогуу өткөрдүк. Таң атканча уктабай, бийлеп-ырдап, сыр чечиштик. Келинчектерибиз да чогуу болду. Ушундан кийин Ошко келген сайын Жолон менен батбат жолугушуп турдум.

Кийинки жылы Фрунзеге кайтып, илимдер академиясына кызматка өттүм. Жолон экөөбүз кат аркылуу кабарлашып турдук. Борборго келгенде ал мага сөзсүз жолукмайын кетчү эмес. Фрунзеде биз көрүнгөн орустун квартираларында темселеп көчүп жүрдүк. Кайда көчсөк да, Жолон биздин үйдү эптеп таап келчү. Турмуш, адабият, коом тууралуу көп сырдашып, чери жазылганда кайтаар эле. «Сени менен таанышпасам, Ысмайыл, Осмонжандардын деңгээлинде кала бермек экем, Сүкө. Сенден кийин мен поэзия деген керемет дүйнөнүн сырларына таң калып, таптакыр башкача

көз карашка өттүм» – деп көп айтты. Көрсө, биз таанышкандан кийин мурунку ырларынын көбүн өрттөп жиберген экен.

Университетти бүтүргөндөн кийин Алай районунда жана Кызыл-Кыя шаарындагы мектептерде мугалим болуп иштеп жүргөн азыркы чоң акындардын бири, досу Сүйөркул Тургунбаевдин **1966-жылдын 27-майында** жазган катын барактап көрөлү.

**«Салам Жоке! Сенин поэзияңдын мазмунун анча-мынча түшүндүм окшойт. Катыра бер! Анан калса сен абдан тез ойлонуп, тез иштейт окшойсуң. А мен бир топ кашаңмын.Кээде ойлонуп жүрүп, айлар эмес жылдарды өткөрүп жиберем. Кээде бир жыл бою жазганым 15–20га араң жетет. Ошентип чыгармачылыкка мен слишком этият жана сараңмын. Сен кеткенден бери эки же үч ыр жаздым. Алар деле ыр дей турган ыр эмес. Бир сумасброд, абсурд. Жарытпайт. Сага окутууга да батына албайм. Билбейм, бир мас кылып туруп эле... Баса Евтушенконун «Библиотека поэта» аттуу бюллетень («Огонёк» №5) жаңы ырларын окудум. Жеткен пессимист болуп кетиптир. Омор Хаямдын идеяларын кайталайт. Мен анын «Адамдар» деген ырын которуп көрдүм.**

Өтүп жатат, кетип жатат адамдар,
өтүп жатат кайран өмүр сабылып,
Түбөлүккө кайтпас болуп, агылып
Так ушундай кайтпастыкты көргөндө
кыйкыргым келет чаңырып,
о, дүйнө кандай куурал ай,
боздогуң келет буурадай!

**Ж.б. яркий вызов, отчаянный крик! Төлөгөн мага сен жөнүндө айтты. Сен ага кат жазыпсың. Экөөбүз тең сенде чоң дух бар экендигин сөз кылдык (катыңды**

**мага көрсөткөн жок). Эгер мен редактор болсом мына ушундай балдарды акын кылат элем деди ал. Анан бу жерде бир жаңылык: Октябрга чейин адабий газета чыкканы жатат. 16 бет болуп жумасына бир чыгат экен. Бул албетте жакшы. ЦКдан чечилди дешет. Редактору ким болору белгисиз. Азырынча биринчи кандидатура К.Маликов имиш деп айтып жүрүшөт.Вообще бу деле халтурщиктердин колунда калат окшойт. Эмнеси болсо дагы чыга берсинчи. Сени Эркин сурады. Мен Ленинградда окуп жүргөнүңдү айттым (адресиңди сураган жок).**

**Мен дале ишсизмин. Курсактын камын көрүп басып жүрөм. Турмушту жек көрбө, багынба дейсиң. Ал өзүн өзү жек көрдүрүп жатса кантейин... Вообще аябай эзилип кеттим. Сага суктанам. Шаардан чыккым келет, сен окшоп бөтөн жерлерде, алыс жактарда майда машакаттардан оолак, дүйнө кыдырып жүргүм келет. Айла жок. Саргайып, зар болом. Жаман костюмдун ичинде күндөн-күнгө кичирейем. Же менин табиятым ушундайбы, ким билет. Саламым менен, Т. С.»**

Сүйөркул Тургунбаев улуттук адабиятта поэзиясындагы ойчулдугу, турмушту, жашоону, өмүрдү «жүрөктүн акылы» менен аңдаган философиялык көз карашы, өзгөчө салыштыруулар менен афоризмдерге бай ыр саптары, мазмундуу, салмактуу жана терең ойлордон куралган чыгармалары менен таанылып калган көрүнүктүү акын. С.Тургунбаевдин «Салам, сага жаш өмүр» («Кыргызстан», 1967), «Бизде баары сүйлөйт» («Мектеп», 1968), «Кечки троллейбус» («Мектеп», 1969), «Жаш адамдын дүйнөсү», «Жарыктын ыры»(«Кыргызстан», 1979), «Эки аска» (1982) ж.б.бир нече жыйнактары жана котормолору белгилүү. Анын орус жана дүйнөлүк адабияттан айрыкча, монголдордун элдик поэзиясындагы «Араттар ырын» ушунчалык эргүү, берилүү менен жогорку даражадагы көркөмдүк-

тө, көчмөндөр колоритине басым жасап, элпек жана жагымдуу тил менен которгону адабий коомчулукка белгилүү. Анын котормолору чыгармачылыгындагы акындык дареметинин негизги этабы катары каралары анык.

Каттар чын дилден чыккан ойдун туундусу. Адамдын чын көңүлдөн толгонуусу. Каттарда калемгерлердин абалы чагылдырылып, ыр жаратуунун кыйынчылыгы, түйшүгү, максатыма жетемби-жетпеймби деген эртеңки күнгө санааркоосу көрүнөт. Аларды ыр жаратуунун түйшүгү бириктиргени менен ар кимдин өзүнө таандык стилин иштеп чыгуудагы карама-каршылыктарды жерүү, таналбастык, көралбастык болгонун да жашырууга болбойт. Атаандаштык так ушул сыяктуу критерийлер менен ченелген.

## Меңдиге кат

Акын сүйүүгө ондогон жакшы ырларды арнаган. Алар түрдүү шарт, түрдүү кырдаалдарда жазылган, ошол өзү башынан өткөргөн, өзү сезип-туюп көкүрөгүндөгү абалын ырга айлантканда жандуу туйгулар алоолоп же тынып, сезимдин сөзүнө, дабышына, тынымына, илебине жана ритмине айланган. Сезимдинаристе тазалагын, таттуу шарабын, ачуу азабын күүгө салган. Биз канча айткан менен жугумсуз, андан көрө акындын каттарына кезек берели.

**«Бул жерде азыр көп каар жаады, абдан суук, суук-тан корккон адам жылуу үйдө кыялданып эле отура берчү күн болуп жатат. Бая өзүң менен телефондон сүйлөшкөн күндөн бери тынымсыз талаадамын. Түндө бир туут койго дежурствого кеткен элем, эми келдим. Чынын айтсам кээде кат жазганга да ыңгайлуу учур болбой калат.**

Эми баштап келгенде, бирөө чакырып кетип (чабан), эки күн башка фермада жүрдүм. Мына бүгүн кечинде талаадан келсем, сенин 3-январда жазган катың келиптир, ошондой эле Дыйкандан да кат келиптир. Катыңды окуп чыктым, кайра дагы окудум. Анан олтуруп алып «Өзүмдүн жана замандаштарымдын портреттери» деген поэма баштадым, эгер улантсам кызык жазылыш керек!

Меңди! Ырас экөөбүздүн ортобузда чыныгы чоң сөз боло элек, бирок болушу керек, мезгил ошону талап кылууда. Биз турмушка ыңгайланышабызбы, же турмушту ыңгайлаштырабызбы? Сөзсүз экинчиси деп айтаар элем. Бирок антүүгө экөөбүздүн күчүбүз жетеби? Көп жылдар бою сараң сактаган сүйүүбүз, билимибиз, кай бирөөлөр айтып жүргөн шыгыбыз, ички дүйнөбүздүн запасы жетеби?

Ойлонолу. Ойлонууга мен макулмун. Сен каникулга келгениңде сүйлөшөбүз. Макулбу? Ага чейин көп ойлорду кайра карап чыгууга туура келет. Анан «коркунучтуураак» деген сөзүң мени абдан ойго салды, албетте, түшүнөм, экөөбүз ачык-айкын сүйлөшүүгө үйрөнсөк кандай сонун болор эле...

Менимче, эки тараптан тең кандайдыр бир негизги нерселер жөнүндө ачык пикир алмашуу болбой жаткансыйт, албетте, аралык күнөөлүүдүр. Бирок чогуу жашаган 30 күнүбүздү мисалга алсам жаңылышпайм го. Кандай аз сүйлөшкөнбүз ошол күндөрдө. Азырынча менин айтаарым, сен кандай болгондо да окууга тийишсиң, а мен болсо эртедир-кечтир бул кызматтан которулам, бирок азыр эмес. Азыр бошотушпайт, ал мен үчүн белгилүү нерсе.

Көңүлүңдү чөктүрбө, орустар айткандай жизнерадостный болуш керек, менин бүгүнкү поэмамдын бир жеринде минтип айтылат.

*Бирок*
*билбегем, бакыт болуп соккон жел,*
*бир мезгилде кайгы болуп согорун,*
*мөгдүрөсөм мен кайгыга жеңдирип,*
*Мээнетинен, азабынан белди ийип*
*ушунча кең Жер шаарынын бетинде*
*Эртең мага тик турууга орун жок!*

Экзамендериңди ийгиликтүү тапшыр. Менден тааныштарга, досторго салам айтып кой. Жолугушаар күндү күтөм. Ысык саламым менен Жолон. (14-январь. 1963-ж.)

**«Сенин 28.02.64 жазган катыңды алдым. Абдан кызык кат... Практика ийгиликтүүбү? Мен болсо баягы өзүң көргөндөй элемин. Иш анчалык жаман эмес. Кечээ жаш акындарды радиодон уктуруу үчүн магнитофонго жаздырып алды Исраил аке, ал азыр Ош областы боюнча радиовещаниенин заведующийи болуп иштейт. Дагы бир жаңылык, 29-февралда Майрам кыз төрөдү. Мамытов Рыспекке жолуктум. Силердин (кайнатамдардын) үйгө бардыңбы десем, базар күнү болдум дейт, баары тынч-аман жатышат дейт.**

**Мен баягы «Кызыл өлүм» деген поэмамды кайрадан оңдоп чыктым, чамасы «Ленин жолуна» басылат го. Кечинде Кудайберген Жуманазаров, Сабыралы болуп Сабыралылардын үйүндө өзүбүздүн ырларды талкууладык, анын «Махабат мунарасы» деген поэмасын окуп чыктык, сонун жазылган. Жалпы эле адабият жөнүндө сүйлөшүп, вино ичишти, мен 12-февралдан бери даже пиво да ичпей койгом, бирок ичпеген да жаман экен. Айлана-чөйрөдө сени түшүнө турган адамдардын бардыгы кандай бакыт! Баягы аңгемени бир аз уланттым, эгер жаза албасам сага предлагать этем, мүмкүн, сенин колуңдан келер! Ал менин турмушумдагы 7 күндүк байкоолордон түзүлгөн эле. Негиз-**

**ги сөз достор жөнүндө кетмекчи, кээ бир достор турмушта гана дос болуп, адамды өлүм коркунучу тороп турган кезде көңүл көтөрүүгө да жарабай калгандыгы тууралуу, адамдагы ишеним баарынан күчтүү экенин жазгым келген эле. Кийинки күндөрү көлөмдүү ырлар жазууга аракеттенип жүрөм. Юстинас Марцинкявичустун «Публицистикалык поэмасынан» «Күн» деген разделин которуп сага жөнөтмөкмүн.**

**Бүгүн үйгө баратам, кабар алып бир көрүнүп коёюн деп. Эртең кайра совхозго кетем. Меңди, апамды Баш-Булакка алпарып алсам дедим эле, кандай дейсиң? Токтогулду айттым, эгер кааласаң биз менен жаша, мүмкүнчүлүгүң болсо аялыңды алып келип бөлүнүп ал деп. Азырынча үчөөбүз элебиз. Почтада олтуруп жаздым, актай барак жок, ушуга жаздым, кечирип коёрсуң. Саламатта, окууңдун ийгиликтүү болушун тилеп, ысык саламым менен Жолон». (5-март, 1964-ж.)**

Акында бир мезгилде сүйүү менен поэзиянын машакаты тынчын алып кыйнап, азап тарттырып жүрдү. Эки тизгинди бир мезгилде колго алып, эриш-аркак тартып кетүүгө эрктик сапаттары жетишээрлик беле? Негизги иши болгонуна карабай, эки дүйнөнүн, эки жээктин азгырыгы кандай экенин сүйүп көргөндөр, сүйүүнүн азабын тарткандар жана жакшы ыр жазууга далалат кылган аракетчил, шыктуулар жакшы билет. Ат үстүнөн, эптеп-септеп кол учунан мамиле кылгандар, ооз жүзүндө айтуудан кыйналбагандар муну түшүнбөйт, сезбейт.

**«Жазган катыңды алдым. Ден соолугуңдун жакшы экендиги, практикаңдын ийгиликтүү өтүп жаткандыгы мени абдан кубандырат. Мен үчүн арналган бардык ысык сезимдериң үчүн чоң ыракмат! Өз кезегинде менден эң ысык салам менен тунук сезимдерди кабыл ал. Сенин катыңды алганыма мына бүгүн экинчи күн.**

мурдараак бир кат жазган элем, алгандырсың? Эки күндөн бери ар түркүн ойлорго орток болдум, өзүмчө белгилүү бир тыянакка келүүгө умтулдум... Баары бир аздыр-көптүр философствовать этүүгө туура келет.

Мен өзүмө өзүм наараазы болдум, себеби сен экөөбүздүн ортобузда аялы менен күйөөсүнүн ортосундагы ачык айрымдык такыр жок экен. Ал эми менин турмушумда мындай бир окуя болуп өттү. Мени менен чогуу жүргөн жолдош Н. экөөбүз анын үйүндө тамак, чай ичип, ага кошуп бир бөтөлкө вино ичтик. Аялы жакшы неме. Балдары да бар. Түн. Сыртка чыксак бир мугалим аял бар болучу, ал ошол аял менен мурдатан тааныштык жайы болсо керек, экөө ээрчишип кетишти... Калганы сага белгилүү да. Менин жолдошум Нди аялы үйүндө күтүп олтурат, а мугалиманын күйөөсү түнкүсүн трактор айдаганы кетиптир. Кандай гана өкүнүчтүү!

Ошондо мен өзүм жана сен жөнүндө ойлондум. Сен үчүн менин кандай жүргөнүм белгисиз болгондой эле, мен үчүн да сенин кандай жүргөнүң белгисиз. Кандайдыр бир күчтүү бүдөмүк сезимге-ишенимге баш ийип гана жашап жүрөм. А бирок мен эркекмин да. Ошенткен менен ушул убакытка чейин сенин алдыңда ак экенимди далилдөө үчүн бардык шартка унчукпастан көнөөр элем! Түшүнөм. Ушунчалык кыйын мезгилдер болот. Олку-солкулук деңгээлге чейин жетесиң, а бирок чыккынчылык үчүн жаралганымда өз билгенимди иштетээр элем. Сен мени туура түшүнгүн! Жогорку окуядан улам менин оюмду ар кыл ойлор уялап, делебемди козгоп, ушул сөздөрдү жазууга мажбурлады. Ал гана эмес, ушул убакытка чейин экөөбүз бири-бирибизди кийимдин сыртынан гана билерибиз эсиме келди. Улам жаңы нерселер ойго түшүүдө. Кыязы, бул узун кат болот го. Анда мен биздин турмушубуздун келечегинин кандай болорлугун каалаган ойлорумду аянбай эле жазайын.

**Өлөрүмө кандай ишенсем, акын болоруума ишенген дал ошондой сезим менен жашагым келет! Акыркы мүмкүнчүлүккө чейин күрөшүүгө миң мертебе даярмын. Бул максатка жетиш үчүн өзүмдү канча болсо да иштете алам! Бардык ашыкча, керексиз жыргалдардан баш тартып, бардык керектүү, сөзсүз керек нерселерге өзүмдү мажбурлай алам. Мен мурда адамдагы мынчалык күч барлыгын байкай алган эмес экенмин. Ишенесиңби? Эгер дүйнөдө сен болбосоң, мен аялдан да баш тартат элем! Жок! Бул ооз көптүлүк, мактанчаактык эмес, мен келечекте жасоочу нерсе, иш план. Менин энем, тууган-уругум, жолдошторум жана сен барсың!**

**Мен кайсы бир периоддо кандайдыр бир чечим кабыл алып, ырдын артында жүргөнүмдө наразы боло тургандыгыңарга ишенгенсийм...**

*Өмүр баасы ырдын баасынан,*
*алда канча арзан өңдөнөт.*

**Ал келечектин иши.Азыр так айтам дегендик, пайгамбарлыктын туусуна баш ийип калгандык болор эле. Бирок элестетип көрүүгө болот. Жалгыз өзүм жөнүндө сөз козгоп, өзүмдү рекламалайын деген оюмдан алысмын. Сенин окуң, ишиң, мамилең, мүнөзүң жана эң негизгиси мага болгон сүйүүң менин турмушумдун, өмүрүмдүн экинчи мазмуну экенин түшүнөм, тескерисинче, мен да сага ошондой эле таасир келтирүүм тийиш. Демек, кандайдыр бир өлчөмдө экөөбүз бир адамбыз. Экөөбүздүн жалпы сүйүүбүз, жалпы максатыбыз, жалпы тилегибиз, жалпы досторубуз, жалпы көз караштарыбыз бар. Кайсы жерден бири-бирибизден башка ой, максат, үмүт, кыял күткөн болсок, мүмкүн болушунча жалпылоого умтулушубуз зарыл. Менимче, бардык жогоруда айтылгандардын тескериси – биздин жалпы душманыбыз болуусу ыктымал.**

**Ал эми сен болсо, мүмкүн болушунча ал жөнүндө сүйлөбөөгө, ойлобоого, мага да эч нерсе жөнүндө шек билгизбөөгө тырышасың!**

**Ал эми мен болсо сенден суроодон батына бербейм, натыйжасы жакшы болбоосун түшүнүшүбүз керек. Бул маселеде июнь-июлда күн кандай ачык-айрым болсо, дал ошондой болушуңду миң кайталап тилээр элем. Ал эми сенин окууң жөнүндө: мүмкүн болушунча аборт деген сөз биздин турмушубуздан орун албаса. Экөөбүздүн сүйүүбүздөн жаралган биринчи ымыркайыбыз ааламга келсин, сүйүүдө андан ашкан кандай бакыт болушу мүмкүн!**

**Сен академический отпуск алып айылга келсең, келерки жылдан баштап кайра окууну улантсаң болот менимче. Балким, ага чейин дагы көп нерселерди ойлой аларбыз. Вообще, Майрам эжелерге акыл салып көр, алар да башынан көптү өткөрүп калышпадыбы! Мен үчүн сенин бир жылга окуудан калганың анчалык чоң жоготуу болуп сезилбейт. Биз адистикке, илимге качан болсо экзамен тапшырууга жарайбыз. Ал эми адамгерчилик, идеалдар, турмуш, поэзия – мына буларга экзамен тапшырып, диплом ала алабызбы? Сөз мына ушунда жатат. Эң көп сөздөр жазгансыдым. Окуп көр, ойлон. Анан жообун жаз. Майрамда бара албасам керек, себеби ага каражат керек болот. Ысык саламым менен Жолон. (23-октябрь, 1964-ж.)**

Мени изилдөөчү катары бир нерсе абдан кызыктырат. Бардык эле жакшы акындар өздөрү жазгандай, өздөрүнүн жакшы ойлору айтып тургандай, реалдуу турмушта да жакшы адамдарбы? Же жазган башка, турмуш башка деп, чыныгы адамдык жүзүн, кыял-жоругун,кулк-мүнөзүн жанынан тааныганда иренжиген сезимди кайда катабыз? Андайлар толуп жатат, атактуу аттуу-баштуулардын арасында мамлекеттик сый-ургаалдарды калтырбай алгандардын ичинен чет-

тен табылат. Жазганы менен турмуштагы жашоо образы төп келген акын-жазуучулардын баш сабында кимдер турарын эл билет. Анткени эл баарына тараза.

**«Меңди! Жүрөктө каткан эң көп тилектер менен үмүттөрдү, кыялдар менен ойлорду, каалоолор менен сезимдерди бири-бирибизге али айтып бүтө элекпиз. Алардын түгөнүүсү үчүн эң көп убакыт, экөөбүздүн өмүрүбүз да аздык кылышы ыктымал. Ал үчүн бизде азыр кенен убакыт, шарт жок. Жылына үч-төрт жолу чогуу болсок, сагыныч менен кусалыкты гана жазышууга убакыт берилген болот. Баш кошконубузга эки жылга жакындап калды, жакында жарык дүйнөгө сүйүүбүздүн күбөсү – тун бөбөгүбүз төрөлөт. Карачы! Мезгил кандай тез жылат да, бизди кандай бактыга дуушар кылганы турат.**

**Биз эң бир жакын, эң бир ынак, эң бир ысык досторбуз. Бири-бирибизди сыйлоо, бири-бирибиз үчүн аянбоо, бири-бирибизди сагынуу, бири-бирибизге ишенүү – мына булардын баарысы бизди улам жакшы нерселерге, жарык нерселерге түртөт да, биздин бактыбызды арттырат. Биз чыныгы жолдоштор катары бири-бирибиз жөнүндө камкор болуп, кемчиликтер болсо жашырбай жакшы сөздөр менен бетке айтышабыз. Демек, бирөөбүздүн ийгилигибиз экинчибиздики сыяктанып, барибиздин башыбызга түшкөн кайгы экинчибиздин башыбызга түшкөндөй түнөрөбүз. Бирок мунун баарын жакшы, жыргалдуу жашоону эңсеген, же ошого жетишүү үчүн аракеттенген карапайым үй-бүлөнүн көз карашы, күч-аракети десек туура болбой калмак. Турмушта дүйнөгө болгон көз караштар беттешет. Мисалга, мен сараңдык менен марттыкты алайын. Марттык сараңдыктан жогору турган касиет болгону менен ченемдүүлүктөн төмөн турат го деп ойлойм. Биз, адамдар, өзүбүздү турмуштун эталону (чени) сыяктуу сезебиз да, башкаларды ошол ченге**

салып ченейбиз. Ошондуктан көп каталар кетиребиз, көп нерселерге туура эмес көз караште болобуз, көп маселелерди туура эмес чечип алабыз.

Кээде бул жашоонун өзү мааниси жоктой, убактылуу нерсе катары сезилет, ошондо мен Омар Хаямдын төмөндөгү ырын дайым эсиме сала берем:

«Нас движет и корысть, и жадность в бреном теле,
Но за ушедщими и мы уйдём отселе.
Приходим сколько раз и столько раз уходим,
Но никогда, увы, достичь не можем цели».

Мен чоң адабият жөнүндө ойлочу элем, ошол ойдун артынан көп жылдан бери карай ээрчип келе жатамын. Аракетим текке кетип жаткандай... Аликүнгөче көзгө көрүнөрлүк эчтемем жок. Эч ким менин бул дүйнөдө бар экендигимди, ырларды жанымдай жакшы көрүп жалындай жарык ырлар жазууга умтулуп жүргөнүмдү да билбейт. Мен али эч кимди өз ырымдын эрки менен кубанычка бөлөй элекмин. Үй -бүлөнү, сени али адамдык зор сый менен сыйлоого жетише албаганымдай эле, поэзияда эң бир чабалдыкты сезем. Бул эмне? Чөгүүбү? Чегинүүбү?

Жок! Бул күчтүү болууга умтулган алсыз адамдын монологу. Стефан Цвейгдин легендаларын окуган белең, ошондо Вират деген бир адамдын тагдыры жазылган. Ошону окусаң, эң көп ой жүгүртүүлөргө дуушар болосуң. Менин азыркы зор тилегим, сен аман-эсен төрөп, институтту ийгиликтүү бүтүрүп алсаң, балалык аралашкан жалгыздык, бойдоктук турмуштан биротоло четтеп, акыл-эстүү, токтоо жашоого көчүү. Мүмкүн, көп учурларда алсыз адамдын оюнан эки адамдын ою күчтүүлүк кылып жүрбөсүн. Бул кат сен үчүн азыраак түшүнүксүздөй сезилер, анысы чын. Мен айтайын деген ойлорумду чачкын, бүдөмүк айтып алганымды байкап койдум. Өзүм мында болгон менен бардык

**болгон ысык сезимдерим, үмүтүм, тилегим, ой-санаам өзүң менен. Саламат бол. ( 25-март, 1965-ж.)**

## Издейм сени

Акындын «Издейм сени» деген кыргыз журтчулугуна кеңири белгилүү ыры бар. Ал ырга чейрек кылымдан ашыгыраак мурда таланттуу обончу Рыспай Абдыкадыров мыкты обон чыгарып, азыркыга чейин ооздон түшпөй үзүлтүксүз ырдалууда. Мезгил сынына да жакшы туруштук берди, жыл өткөн сайын мааниси тереңдеп, көп кырлары ачылып келаткансыйт...Аны дүйнө эли ырдай баштады, Американын кайсы бир штатында жашаган негр жигит ушунчалык берилип, кумарланып ырдаганын сыналгыдан көрдүм. Окурман сынынан, мезгилдин таразасынан да өткөн чыгарма. Анда ал кайсы сапат белгилери менен маани-мазмунун эскиртпей, узун өмүр сүрүп жашап келатат болду экен? Же жалаң гана жакшы обонго салынып калганы үчүн ушундай жагымдуу, ушундай таасирдүү, жүрөктүн кылдарын дирилдеткени үчүн жандуу жашап калдыбы? Ырды толук бойдон окуп көрбөсөк, андагы жандуу образдарды, ырдын тексти менен обондун гармониясындагы көркөм сүрөттөрдү көз алдыга келтирүү кыйын.

*Издейм сени арасынан элдердин,*
*бактарынан бардык кооз жерлердин.*
***Сен ааламга издетүүгө жаралсаң,***
***Мен ааламга издөө үчүн келгенмин.***

*Акпы, көкпү же сарыбы жоолугуң,*
*жоолугуңдун түсүн билбей оорудум.*
*Күзгө калган жалбырактын өңүндөй,*
*ажарынан азууда ден соолугум.*

*Тиктейм сени тизмегинен элдердин,*
*гүлзарынан Күндөй кооз жерлердин.*
***Сен ааламга кыйноо үчүн жаралсаң,***
***Мен түбөлүк кыйналууга келгенмин.***

*Кызыл бекен, пушту бекен көйнөгүң,*
*мынча оңой алоолонтуп ойнодуң.*
***Мүмкүн ошол зор бактынын өзүдүр,***
***Өмүр бою бир көрүнбөй койгонуң...***

*(Баса белгилеген – Р.И.)*

Бул – жүрөктүн назик илебинен адам көңүлүн куштай көкөлөтүп, бирде таңкы желаргыдай жумшак желпилдеп, бирде ээ-жаа бербеген толкун сымалданган көп кайрыктуу, көп алкактуу ажайып ыр. Өзү мейкин күүгө ылайык болгондуктанбы, обону табиятына бап келип, ийгиликтүү чыкканын укканыңда көкүрөктүн тереңинен сызылган назик сезимдердин гаммасына кабыласың. Муну абстракттуу сөз менен айтып жеткирүү кыйын. А текст өзү жөнөкөй. Анда эч кандай мурда колдонулбай жүргөн өзгөчө жаңы сөз деле, сөз айкашы деле, чоң салыштыруулар, кооз эпитеттер да катышпайт. Жолон Мамытовдун акындык табиятынын өзүнчөлүгү – ырына жасалма мамиле кылып, калп айта албагандыгы. Болгонун болгондой, жөнөкөй жана элестүү сөздөр менен туюнтканы сезилип турат. Биринчи куплетинде лирикалык «мендин» арзуусу айтылат.

*Издейм сени арасынан элдердин,*
*бактарынан бардык кооз жерлердин.*

Кыялы алып учуп, арзуусу театрдан, же бульвардан, же көчөдөн жолугуп каламбы деп дегдегени, күндө жолугат деп жолуга албай, кезиксе деп кезиге албай... Ичинен сызып, бирок эңсөөсүнөн кайтпай: «Сен ааламга издетүүгө жаралсаң, мен ааламга издөө үчүн

келгенмин» – деп жар салат. Акындын кыялындагы асылзаада эртеби-кечпи баары бир аны жолуктуруш керек. Анын аты, өзү окурманга белгисиз. Эгерде ал конкрет кимдир бирөө болгондо, балким, акын анын өзүн, көзүн (жалжалым, ардагым деген толтура) сүрөттөмөк. Элесин көз алдыга келтирмек. Экинчи куплетинин биринчи сабында «сен» дегендин ордуна предметти атайт.

*Акпы, көкпү же сарыбы жоолугуң,*
*жоолугуңдун түсүн билбей оорудум.*

Акын бул саптарында заттын аныктоочун, тагыраак айтканда, жоолуктун түсүн табышмактатып, купуя сезим арзуусун ого бетер күчөтөт, ого бетер тереңдетет. Кыргыз аялзатынын бир аземи жоолук эмеспи. Бул жалпылаштырылган символикалык туюнтма болуп калган, ошол артыкчылыгы менен элдик мүнөзгө ээ. Териштире келсең деле көп маанини билдирет. Түштүк жергесинде айрыкча бул салт бекемирээк кармалган. Ошол мезгилде кыздар дээрлик жоолук салынып жүрүшкөн. Жашоодо **«аны»** жана **«өзүн»** издеп жүргөн лирикалык каармандын абалы кейиштүү дагы, кыялындагысына кездеше албай, сезимдин кыйноосунан жанчылып:

**«Күзгө калган жалбырактын өңүндөй,**
**ажарынан азууда ден соолугум»** – деп муңканат.

Издөөнүн үмүтү бирде оттой жанып, бирде өчүп, ошол абалдын тузагынан чыга албаган лирикалык «мен» ырдын үчүнчү куплетинде кайрадан үмүткө жетеленип, үмүткө байланат.

*Тиктейм сени тизмегинен элдердин,*
*гүлзарынан Күндөй кооз жерлердин.*

Акын кыялындагы сүйүүсүн күндөй кооз жерлерден издөөсүн улантат. Сезим дартынан акылынан адашкандар жокпу? Ушундай азабы менен ырахаты, кайгысы менен кубанычы, жүрөк толкуткан деми менен

көөшүн сууткан көңүл арзуу-ышкысына,баарына-баарына кайыл болот.

*Сен ааламга кыйноо үчүн жаралсаң,*
*Мен түбөлүк кыйналууга келгенмин.*

Акырында кайра өлбөс үмүт, өчпөс ишеним менен үн салат. Сезим дирилдеткен кайрыктардын касиети да сүйүүнүн улуулугун, купуялыгын даңазалоодо турат.

Бул ырдагы 1–2-саптын экинчи куплеттин 1–2-сабына маанилеш болгону менен, лирикалык «мен» (акыркы куплетте) арзуусу кандай түстөгү көйнөк менен көңүлгө уяларын билбейт. Кызыл көйнөктүн чоктой кызыл же пушту түсү алоолонгон жүрөктүн отуна түспөлдөшүп, экөө жуурулушуп, бирин бири таба албай калгандагы абалын ырдайт.

*Мүмкүн ошол зор бактынын өзүдүр,*
*Өмүр бою бир көрүнбөй койгонуң...*

Акын ырдын аягын бүтпөгөн ой менен, айтылбай калган ой менен токтотот. Муну кандай жоруса болот?

Сүйүүгө жеткенден жетпей калуунун зардабы күч, азабы күч. Балким, бул азап калемгер атмайдын жан дүйнөсүнө жаңырык, жаңылык алып келер күч белем... Сүйүүнүн ырахатына караганда азабы адамдын көп жакшы жактарын айгинелейт. Азаптын айынан чыйралуу, өзүн колго алуу, өзүнүн ким экенин таанытууга болгон ынтызарлык күчөйт. Алыкул Осмонов сезимден айрылуу азабында Шота Руставеллинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» аттуу махабат жана достук жөнүндөгү улуу дастанын которуп салганы көпчүлүккө маалым. Түп нускасындай көркөм, бийик даражадагы котормо кыргызча жазылгандай эле таасир калтырат, кыргыздын төл чыгармасындай туюлат. Мындай мисалдар адабиятта көп эле кездешет.

Алтымышынчы жылдарда Жолондун «Издейм сени» деген ырына Рыспай Абдыкадыров обон салып ырдап чыккандыгы жалпыга белгилүү. Акындын бул ыры өтө символикалуу. Ал ырында сүйгөнүн эле издебестен, турмуштагы бардык идеалдарын издеп чыккандыгын белгилемекчимин. «Изденүү – анын чыгармачылыгынын кредосу болгон» – деп айткан атактуу акын Омор Султановдун сөзүндө чындыктын үлүшү бар.

Жолон Мамытовдун «Жашоонун тартам кайгы шаттыктарын» деген ыры «Издейм сениге» маанилеш, мазмундаш көп жагынан аны толуктап, байытып, ойдун контрасттуулугун, боёогун арттырып турат.

***Сүйүү да оңой келбейт бул турмушта***
***чарчатат.***
***Көкшүн сууйт чаңкагандан.***
***Жүрөккө чагылгандын ташы тийип,***
***ой кыйрайт тамырынан балталанган.***

Турмуштагы көңүл калуу, боштук, адамдын психологиялык терс абалдарынан арыла албай калган учурларын «жашоонун кайгы-шаттыктарын жүктөгөн эшалон сыяктуу» деп сүрөттөйт. Убакыттын учкулдугу, мезгилдин тездиги узак жолго сапар тартып күүлөнүп алган паровоз сыяктуу зымырап өтө берет. Ошол көзгө илешпеген зымырык сыяктуу убакыт консепти элестүү чагылдырылганы менен эсте калат да:

***Билбейм кайсыл станцияда***
***кай күнү ал жүгүмдөн бошономун, –***

деп, лирикалык чегинүү жасайт. Адамда ушундай абалдын болушу табигый нерсе... Ырдагы ойлор жеткиликтүү иштелген, логикалык жактан ырааттуу,

рифма, муун өлчөмү, сөз айкашы бири-бирине ширелип кеткендиктен, тили жатык, элпек окулат.

Акындын жүрөгүнөн жөнөкөй, таза бойдон жаралган саптар... Анын каттарын жарыялоонун зарылчылыгы болуп, жан дүйнөсүн аралап өткөн назик, купуя, сырдана сезимдерин кантип ырга айландырганына ынандыруу болду. Анткени каттарында кимге болбосун чыгармачылыгы тууралуу ымандай сырын жашырбай айткан, ал процесстин түйшүгүн жаап-жашырган эмес. Акындын сүйүү темасындагы ырларынын өзөгүн тунук сезимге ишеними ээлеп турат.

*Турушат он миң жылдыз мени тиктеп,*
*Мен сенин терезеңдин кароолумун.*
*Жалооруйм* ***сары өзөндүн*** *шары болуп,*
*жамынган күздүн кейпин* ***сары оорумун.***

*Денемди* ***кирпик ийнең*** *тепчип өтүп,*
*ууланды, магдыратты канча жолу.*
*Мен эми* ***сары изиңди*** *сая кууган*
*айыккыс махабаттын алкоголу...*
*(Баса белгилеген – Р.И.)*

Лирикалык «мендин» сары ооруга чалдыктырган махабат дарты бара-бара аны «алкоголго» айлантышы баарына тааныш көрүнүш. Мындагы салыштыруу, болгондо да бири-бирине семантикалык маанилери боюнча байланышсыз сөздөрдү поэтикалык тил менен байланыштырып, «кирпик ийнең», «сен сепилге», «байчечекей дооруна», «кусалык –рак шишиги» деген жаңы өтмө маанидеги сөздөрдү тапты.

«Сөз жүрөгү» деген ыры тагдыры буюктурган акындык өнөрдүн ыймандай сырына арналып жазылган. Сүйүүсүн канча кыйынчылык, азап менен тапты,эми ыр дүйнөсүндөгү ыр саптарынын жүрөгүн таап алууга дилгирликти мындай деп жар салат:

*Назик, сезгич лириканы сүйөмүн,*
*Талаалардан ырлар издеп жүрөмүн.*
*Бул турмуштан сени таап алгандай*
***сөздүн дагы таап алсам жүрөгүн...***
*(Баса белгилеген – Р.И.)*

Ушундай сүйүү сезимдеринин бийиктигин даңазалаган «Сүрөттөр», «Сүрөтүң тим гана алыс тарапка», «Кусалык», «Сенден алыста», «Табышмактуу түтпөстүгүм түтөрүм», «Сүйдүм сени талаа болуп жайылып», «Жүзүнчү жолкуда» деген ырлары бар. Аталган ырларда поэтикалык форма келишимдүү, ой айкын, идеялык-эстетикалык таасирдүүлүгү жогору. Алар мезгил сынынан эбак өтүштү, обон жазылды, эми алдыда да алгы ырлардын катарында кала берээри талашсыз.

## Омор Султановдун каты

Жолон Москвада окуп жатканда, жакын тааныш санаалаштары менен тынымсыз кат жазышып тургаңын айтканбыз. Жолонду кыргыз адабий коомчулугундагы, айрыкча, поэзиядагы жаңылыктар, өзү теңдүү калемдештеринин ийгилиги жана жеке турмушу да кызыктырган. Ал өз доорунун чыгармачыл адамдары менен жакын, жылуу мамиледе болгон. Акындын дагы бир жакын досу, бетке чабар мүнөзү, ачык-айрымдыгы жана жеке ишенимдин бекемдигинен тартынбай оюн так айткан, поэзиядагы «менин» кашкайта көрсөткөн, орошон талант **Омор Султановдун** каттары сакталып калган.

**«Жоке сүйүнчү?! Духтар дүйнөсүндө бир перзент пайда болду. Катта (чоң – Р.И.) дух уулунун атын Жангарач коём дейт. Ургаачы дух Сыргак коём дейт. Ошентип, духтар дүйнөсүндө ары сүр, бери сүр. Эки**

ат тең менин купулума толду. Кыргыздын нагыз аттары. Мен өзүм кызыма кыргыздын атын койбогонума саат сайын бушаймanмын, апсалам кир. Мурун бизге жол көрсөткөн адам жок ойду-келди баса берген турбайбызбы. Эмки жаштар каз-каз тургандан баштап эле адашпасын үчүн биз сөзүбүздү аябашыбыз зарыл экен. Анын үстүнө Байтемировдордон тарбия алган биз шордуулар...

Бүгүн бизде, республикада, коомдук илимдердин, Ленин күнүнө карата конференциясы болду. Философ Асанбек Табалдиев улут жөнүндө укмуш сүйлөдү. Оозеки күйүп туруп сүйлөдү. Теориялык, практикалык жагынан да өтө көңүлгө ынанарлык. Кыскача айтканда, интернационализм дегенге караганда нацияны жогору койду. Лениндин сөзү менен бекемдеди. Улут жөнүндөгү Сталиндин корутундусун Ленин жактырып, өзү редактор болгон журналга баскандыгын баса белгиледи. Улуттардын психологиялык өзгөчөлүгүн дайыма эске алуу менен улуттарды жоюуга аракеттенбестен, алардын ортосундагы достукту чыңоого гана көңүл буруу керек дейт. Мен айтып жеткире албай жатам... Коомдук-илимий жыйналышта кыргыз интеллигенти ушундай сөз козгоп жатса жарылып кете жаздайт экенсиң сүйүнгөндөн.

«Литературная газетадан» өткөн съездде сүйлөнгөн сөздөрдү окуп чыктым. АССРлардан сүйлөгөндөрдүн баары эле наараздай го. Эне тили үчүн күйүп сүйлөгөндөр болуптур. Семен Данилов (Якут), Яков Ругоев (Карельская) ж.б. сүйлөгөн сөздүрүн окугандырсың, окубасаң окуп кой. Семен Чыкемдин бир жаңылып жүргөн жерин туура белгилептир. Чыкең чындыгында кыргыз үчүн күйүп-жанып эле жүрөт. Макала жазганда же трибунага чыкканда кыргыз тилине шек келтирип жибермей жери бар. Мунусу формальноспу же... билбейм. Бирок кыргыздын тагдырын чечүүчүлөрдүн экөөнүн бирөө экени белгилүү эмеспи.

**Баса, бала-чакаңар менен бабырашып оңуп калгандырсың. Аларга жалындуу салам айт. Өөп коюуну да унутпа.**

**Кириш сөздөгү (каттагы) арак маселесин эң туура баамдагансың. Жакында айылга барып, беш күн жүрүп келдим, жаштар оюн дегенди, же китеп окуу дегенди унутуп бараткандай, стаканды гана тиктеп калгандай сезилет. Бул маселе бизде таптакыр жокко эсе болчу. Бирөө жалгыздап сого баштаганын айтты. Бул этапты толук басып өткүчө көп зыянга учурайбыз го.**

**Жоке, «К.пионердегиң» чыга элек экен. Эргешовду Бобулов иштен айдап жатыптыр. Сенин котормоңду менде дейт. Тезирээк чыгарууга ракеттен дедим. «Ленинчил жашка» болсо чыга элек. Сүкөгө айтсам телефон шыңгыратам деген. Жаңы нерсе болсо эле билдирип турам. Токтогул сыйлыгын «Ала-Тоо» журналы жөнүндө бул газетадан окуп ал. Комсомол сыйлыгын болсо Даутянга жазгам: Шамшиев, Токомбаева, Жумабаев Жолдошбай, бир орунду Майрамкан менен Турар талашып турат. Майрамкандын силер жактагы тагдыры чечилгенде анан белгилүү болот.**

**Курбаналы бизге келип, Сүйөркулдун ордуна сүйлөшүп кетти. Конкурска катыша бер дептир. Өтүп калышы ыктымал. Үй-бүлөң менен саламатта болушуңду каалап, Омор.** *(Султанов Омордун каты. 6-апрель, 1970-ж.)*

Жолонду турмуштук жагдайлар кысып, акчанын тартыштыгы, гонорарга жашаган тиричилигинде бир жагынан кыйналганы байкалат.Айылда калган апасы, жаш балалуу аялын, алардын тиричилиги «менсиз» кантет деген кыжаалатчылыгы, санаа тартып түйшөлгөнү сезилет. Гезит-жуналдарга чыккан ырларынын эсебинен күн көрүп, жашоосунун май талкан болбогонуна карабастан, окуп келүүнү туура көргөнү, билим-

ди жогору баалаганы, поэзияга баш-отун байлаганы эмеспи.

**«Москвич-9 Ідегилер» саламатсыңарбы? Жаңы Москвичти этият кылгыла, авария болуп кетип жүрбөсүн. Өзүнүн сигналына караганда, көчөлөрдөн адашып жүрөт имиш ко? Ал заади ошондой кысталак болчу. Кээде «Тимирязовду» таппай калчу эле. Жолон, аны жоготсоң жооп бересиң.**

**Баса, Жолон, Убукеевге телефон чалдым азыр. А. Орозбеков 1937-жылы августта камалыптыр. Иштегенин болсо бала күнүнөн эле баштаган дейт. Акталган жылы XX съезден кийин деди. Жылын так айткан жок. Которо турган бала автор менен байланышы керек эле. Дагы тескери которуп салбасын деп чочулайт. Анын үстүнө котормочунун атын да жазып койбопсуң. Сени таанıбайт экен. Убукеевдин адреси мындай: Фрунзе шаары, Свердлов көчөсү 103, тел: 6-34-94. Байланышып көрсө да болот.**

**Фрунзеде жаңылык деле жок. Санарбек философияга кенже илимий кызматкер болуп өттү. Ордун талашкан адам көп. Алардын Бапаев башчысы (жаңы москвичтин тууганы). Акыркы кабарга караганда Аман болгон имиш деп угам, ага жолуга элекмин. Жаш акындардын фестивалы болгон жок.Абдыкаимовдун юбилейи да өткөн жок. Бизде кар жок. Кээде жылуу боло калат. Туман басып турат.**

**Кадыркулду техникага салыштырганыма капа болбогула. Маяковский техниканы прогресстин чокусу кылып койгону белгилүү эмеспи. Бирок жолдон адашып, буфериңди сындырып келбесең болбойт. Таштан акеңе бардым. 31сом 80 тыйын гонорар чыкты деди. 25 сомун берди. Калганын Абакированын бирөөсү өлдү эле дейби, ошого кармадым деди. Айлыгың болсо 52 сом бирдеке тыйын экен, аны доверенность менен өзүм алдым да, экөөнү 4-декабрь күнү**

**телеграф менен жибердим. Аяшың болсо 45 сом берди, 15 сом сен карыз экенсиң. Аны жөнөкөй почта менен 3-декабрда салгам. Эсеп-кысап ушундай. Радиодо 22 сомчо акчаң бар экен. «Балаң» керек десе, ошол жакка салдырып жиберейин дейм, кандай дейсиң Эйзенхаузер?Баары саламатта. Кошкула көрүшкөнчө. Кат жазып тургула, Омор.** *(Омор Султановдун каты. 9- декабрь, 1969-ж.)*

Каттарда калемгерлердин кличкасы, тамаша иретиндеги псевдоними, өздөрүнчө тар чөйрөдөгү лакап аттары айтылат. Ошол кездеги адабий процесстеги окуя, фактыларга, жыйындардагы маселелерге тике жана кыйыр айтылган сын, көз караш, каяша, жеке ойлорун да окууга болот. Гонорар менен тиричилик кылган таланттардын тиричилик көйгөйү кыйытып айтылганынан улам, калем менен оокат кылгандын жеңил эместиги көрүнүп турат.

**«Меңди, эң алды менен машинканы мактанып алайын, ири тамгаларды койдуруп алып, оңуп калбадымбы! Байкачы, кандай сонун тамгалар. Азыр тынбай жаңы жыйнакты басып жатам. Аз калды. Андан соң либреттого киришем жана үчүнчү жыйнакты даярдай баштайм. Үчүнчү китепке бир топ ырлар, поэма, драма жана котормолор кирмекчи. Кандай дейсиң? Менимче, абдан кызыктуу китеп болот ко деген ойдомун. Катыңды алып окуп абдан көңүлүм толуп, тынчтанып калдым, ошентип эле кат жазып турчу, Кудай узун өмүр бергир.**

**Өткөн базар күнү Подмосковьеге, Электрогорск шаарына барып келдим. Юра, Маралар ошондо эмеспи. Жаңы подстрочниктер жеткирип бердим. Алардын кызы ушунчалык чоңоюп, чала-була сүйлөп, талпынып калыптыр. Маранын жарымынча бар. Колума алып эркелетип, өзүмдүн Айгеримимди эстедим. Кы-**

**зык. Дайыма эле аны ойлой берем. Бажырайып күлүп турганы элестей берет.**

**«Таня» деп аталган чакан поэма жаздым, балдарга ылайыктап. Аны экинчи китепке кошуп жатам, ошондой эле мында жазылган ырлардын көбү кошулду. Эмки жылы чыгып кетсе, бир жагынан моралдык ишеним болсо, экинчи жагынан экономикалык жардам болот. Жок дегенде карыздардан кутулуп, үйдү бүтүрүп алабыз. Мага котормону: баягы колхоздун уставы жөнүндөгү акчасын бербеди. Жакында тийбечүдөй. Өзүмдү өзүм эптейм, силер эле кыйналбасаңар болду эле. Отун, көмүр маселелери кантти. Мектебиңер кыймылдайын дейби?**

**Жаңы жылда бир жарым айга каникул. Эх, ошондо биз экөөбүз олтуруп алып машинке басалы. Ага чейин сен аңгемелериңди так кылып кой. Атпесең урушам! Мындай маселелер үчүн урушса боло берет. А бирок турмуштук майда нерселер үчүн эч качан жаман айтышпайбыз. Апамы эч качан капа кылбайм. Балдарга катуу тийбей, чыдамкайлык менен түшүндүрүп тарбиялайбыз. Антүүгө милдеттүүбүз.**

**Меңди! Сен өзүңдү өзүң басынтпай эми ачыкка чык. Боюңа жакшы кара, колдо барды кийип жасанып,эркин, жадырап-жайнап жүр. Себеби сен ага акылуусуң. Мен болсо баягы болбогон эле жерден шектене берген жапан мүнөздү жеңем, себеби мени кандай сүйөрүңдү, сагынарыңды, сыйларыңды билем. Ал эми чын сүйгөн жүрөк эч качан жаман ишке барбайт. Сен да дайым мага ишеним менен кара, бул дүйнөдө сендей жарды Кудай туш кылганына миң ирет ыраазымын. Мен өзүмдүн турмушумду, чыгармачылыгымды сенден сырткары элестете албаймын.**

*Оң ийнимде конуп турган периштем,*
*сол ийнимде минип турган шайтан бар*
*күбө буга*

*Жылдар учуп баратат*
*сени сүйгөн жол узарып аркамда...*

**Сенин чыгармачылыгың жөнүндө. Азыркы мезгилде басмага чыгып жаткан аңгеме-повесттерди көп оку. Албетте, классиканы да унутуу керек эмес. Сенин абдан сонун эмоцияң, сюжет куруу чеберчилигиң бар. Дайым лирикалык планда кетет. Кенен, алыс ой жүгүртчү мезгили келип калды. Аял киши үчүн 27 жаш аз эмес, акыл-эс токтолгон, турмушка сабырдуу караган убакыт. Демек, азыркы жазгандарың мурдагы аңгемелериңден бир кыйла айырмаланат го деп ойлойм. Эмки жылы көп журнал-газеталарга жазылбасак! Себеби алар бизге нан менен суудай керек да!**

**Майрамга 9 күнгө каникул берди, бирок мен барбайм. Барып кайтышымын өзү эки жүз сом болбосо мага кел. Бул кимге зыян, кайра эле өзүбүзгө. Кудай силерге ден соолук, тынччылык берсе болгону. Шартка жараша иш тутпасак болбойт экен. Дегеле өзүнө тың адамдардын үй-бүлөсү үчүн да жашоо оңой болгудай. Мен бул илимге отуздан ашканда киришүүгө мажбурмун.**

Чыдагын, балам, чыдагын
чыдаган жетет муратка.
Ашыктык отун жага албай
ашыккан калат уятка.

**Балдардын беттеринен өп. Апама ысык салам айтып, каттын мазмуну менен тааныштырып кой. Бардык тууган-уруктарга салам. Якут жеңемдер кантип жатат? Ысык саламым менен Жолон.** *(29-октябрь, 1970-ж.)*

## СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ

### Байрон сымал бир күнү эрте менен эле таанымалга айланды...

Орус жана дүйнөлүк адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармаларын которуп жүргөн жакын досу, акын Сүйөркул Тургунбаев төмөнкүдөй кат жазат:

**«Салам Жоке! Катыңды алдым. Кукең да алган. Ырларың болсо чыкты. Алигече окугандырсың. Окубасаң салып жибердим. Ката басылса, ошол күнү Кукең өзү дежур болгон. Ошондон көр. Уитмендин котормосу мага жаккан жок. Кыргызча, накта кыргызча сүйлөтүш керек эле. Эралиевдики подстрочник болуп калыптыр. Кыргызга Есенинди жеткирүү оңой, Уитменди жеткирүү үч эсе кыйын го. Жаштардын пленуму болуп өткөнсүдү. Былтыркыдан да маанисиз. Баягы белгилүү жел сөздөрдөн башка эчтеме айтылбады. Менин баягы макалам «КМга» болбосо «А.Т.» чыкчу өңдөнүп турат.**

**Өзүбүздүн жеке турмуш накта проза түрүндө өтүп жатат. Жылт эткен поэтикалык учуру жок. Кармышактын китеби чыккан, дурус. Омор уулдуу болду. Атын Саринжи коюптур. Башка маанилүү гап жок.**

**Сени да буерден дурусураак жөнөтө албадык...Башкысы көңүлдү куунак кармап жүрө бер. Ага-буга көп кейиш кылба. Саламым менен Сүйөркул.** *(С. Тургунбаевдин каты 27-ноябрь. 1970-ж.)*

Меңди эки баласы, кайненеси Алмакан менен жаңы алган чекке үй салып, али толук бүтө электе ошо жерде жашап турушту.1968-жылдын аягында Жолон Москвадагы Горький атындагы эки жылдык адабий курска окууга жиберилет. Москва шаарына баргандагы биринчи күндөрдөгү таасирлери көпкө чейин көкүрөгүндө уюп жүрдү. Лекция, семинардык сабактарды ошол кездин мыкты акын-жазуучулары өткөрөт, ар бир акындын чыгармачыл өнөрканасын үйрөнүүгө, жазгандарын окуп үлгүрө албай жүрдү. Жумасына бир күн «чыгармачылык күн» болгондо, антикалык доордун, Чыгыш жана Батыш адабиятынын өкүлдөрүн окуп чыгат. Москвадагы интеллигенттер, адабий чөйрөдөгүлөр айрыкча акын-жазуучулар үчүн касиеттүү жана ыйык жай катары саналган МХАТ, Пушкин, Станиславский, Маяковский атындагы театрларга спектаклдерге барышат.

Адабий курста окуу менен бирге Москвада «Сапарда» (окт., 1969), «Төрттүктөр» (19-январь,1969), «Экинчи арноо» (16-декабрь,1969) сыяктуу бир нече ырларын жазат. Экинчи китебин чыгарууга даярданат. Чоң мектептин сабагынан улам поэзия түйшүгүн тарткан акын ички туйгуларын күндөлүгүнө минтип жазат: **«Чоң поэзия жаратам деп аттанып чыкпадым беле? Кана? Кайда ал чоң поэзия? Деги дайыны билинбейт го. Материя менен антиматериянын менин сезимим чендебеген мейкиндериндеби? Кайда?»** *(Ж.Мамытовдун үй архиви. Адам буту алгач Айга жеткен замандын күбөсүмүн... №2 күндөлүк, Жолон Мамыт уулунун Москва дептери, 1969)*

Ыр жандуу дүйнөсүнөн поэзиянын чоң дүйнөсүнө аралашуу, акыл-сезимге агылып кирген руханий азыктардын ар бирине таңыркоо, суктануу, кайсынысын карманарын билбеген өрөпкүүсү да жок эмес. Орустун атактуу акыны Борис Пастернак:

**Цель творчество – самоотдача**
**А не шумиха, не успех**
**Позорно, нечего не знача**
Быть притчей на устах у всех! –

деп айткандай, жогорку адабий курс акынга эмнелерди берди, кандай таасирде кайтты деген мыйзамдуу суроого өзүнүн сөзүн келтирүү жетиштүү. **«Бул эки жыл менин көзүмдү ачкан зор жылдарым болду. Интуициядан ачыктыкка, даанalыкка жылдым, куру кыйкырыктан сезимге оодум, ыр жазуудагы устаттык менен эксперименттин мезгили болду. Бирок негизги чыгарманы жаза элекмин..** .*(Жогорудагы күндөлүгүнөн)*

Накта поэзияга кандай мамиле болууга тийиш? Мурдагы тапталган чоң жолдон өз чыйырын даанараак, тагыраак бөлүп көрсөтүү максатына жетүү үчүн Чыгыштын улуу акыны Алишер Навоинин мына бул ырын которуп, күндөлүгүнө жазып койгонун окуйбуз.

*Калк өзү ырдап жүргөн ырды кайра,*
*Сунганда ошол бойдон кандай пайда?*

*Күлүктөр өткөн жолду эчак таптап,*
*бастырба аргымакка кайра мактап.*

*Жакшысын элдер терип кеткен жайдан*
*не болмок гүл издөөдөн тапкан пайдаң?*

Бул саптар акынды башкаларды кайталап калуудан качууга, өз чыгармачылыгына сын көз менен кароого, тынымсыз изденүүгө, жаңы сөз айтып, жаңы поэтикалык боёкторду таап чыгууга чакырып турбайбы. Көпчүлүк акындарда кайталанган штамптар, көнүмүш ойлор, окшош салыштыруу, трафарет болуп бүткөн сөз каражаттарынын жана «дежур поэтикалык ойлоонун» туткунунан бошонууга жол ачты.

Мурда тийип-качып кайрылып жүргөн Чыгыштын улуу даанышмандары: Рудаки, Бабурдун рубаилерин,

Хафиздин газалдары (Мамытов Ж. Жаңы котормо ll Кыргызстан маданияты, 1968.-17-июль.-7-б.), немецтин гениалдуу акыны И.В. Гетёнин (Гетё И.В. Тандалган ырлар. -Фрунзе, Кыргызстан,1983, Ж. Мамытов которгон ырлар: Укмуш түн. (6-б.), Алгачкы түн. (8-б.), Эрегиш. (108-б.), Хижра. (112-б.), Хафизге. (140-б.), Арбактын саламы. (198-б.), Сонеттер. (224-б.) ырларын, өзүнүн сүйүктүү устаты Николай Заболоцкийдин, ошондой эле Самед Вургун менен А.А. Феттин чыгармаларын кыргызчага которот. «Акыл оошот, ырыс жугушат» дегендей, алардан таасир алат, ырыскы жугат.

Акындын чыгармачылыгына ичкериден өзөк болуп берген улуттук оозеки жана жазма адабияттын, орус классикасы менен совет адабиятынын таасирине, айрыкча Чыгыш классикасынын сабагынан улам таанымал боёктуу, оригиналдуу махабат ырлары жаралганын дагы баса белгилөөгө тийишпиз. Акын улуттук традициянын рамкасында чектелип калбастан, анын нускалуу салттарын байытууга умтулду, жаңы мазмун, жаңы формаларды иштеп чыгууга астейдил аракеттенди. Баарынан да акындын 1969-жылы чыккан «Отту сүйөм» ырлар жыйнагынын айланасында көп имерчиктеп, али ишенерлик далилдебей туруп эле алдын-ала жогору баалангансып жатты. Ырасында эле чыгарманы дыкат талдап, ар тараптуу анализдеп, жакшы-жаманын ишенимдүү далилдеп берген баа гана чыныгы баа болот.

**«Студенттик өмүр жашасын! Сенин турмушуң турмуш эмей эле бейиш экен, Жолон! Катыңды окуп, мен өзүмчө ичимден кымылдадым. Өзүңдү тим эле серүүндө жүргөндөй сезе бер. Өмүрдүн серүүнү ошол студенттик.Биз болсо, кадимкидей ыпыр-сыпыр, быкы-чыкы турмушка чырмалышып, бозала болуп жүрөбүз. Үй-бүлөнү эстейм депсиң. Эч нерсе эмес, үй-бүлө да бир күнүн көрөт. Баарынан да музыка менен живо-**

**пистен лекция укканыңар сонун, издеп тапкыс нерсе. Кечээ ырларыңды «Ала-Тоого» алып барсам Төкөң жок экен. Сокең да келе элек дешти. Анан Оморго таштадым. Окуп чыгып, редакторго берип кой дедим. Адресиңди да столдоруна жазып калтырдым. Бухгалтерияга справканы бердим. Алар тизмеге белгилеп койду. Ошондуктан эгер башка редакцияларда да бирдемелериң болсо, аларга да өзүң адресиңди билдирип кой. Быякта эч кандай жаңылык жок. Кыргызстандан кабардар болуп тургуң келсе, Ленин китепканасына барып, күндөлүк басылмалар (периодика) залынан Кыргызстандын гезит-журналдарын окуп,айына бир маалымат алып койсоң болот. Саякатка барганда көргөн жерлериң, нерселериң жөнүндө, Москванын ичинде болуп жаткан адабий, маданий ж.б. окуялар жөнүндө кабардар кылып тур. Сенин турмушуң быяктагылар үчүн кызык, Сүйөркул».** *(С. Тургунбаевдин каты. 30-сентябрь 1969-ж.)*

Адабий-көркөм чыгарманын бир түрү – лириканын нукура табияты көп кырдуу. Акындын жашоого, жаратылышка жана коомго болгон көз карашы, ой жүгүртүүсү, ой-толгоосу, жалпылап айтканда, ички сезим кайрыктарын кандайча чагылдырып, кандайча туюнтуп бериш өзгөчөлөктөрү бизди кызыктырат. Негизинен Жолон Мамытовдун ырларын **атуулдук лирика, медитативдүү лирика жана сүйүү лирикасы** деп шарттуу түрдө үч топко бөлүүгө болот.

Ар бир чыныгы сүрөткердин дүйнөнү көрө билүү өзгөчөлүгү болот. Айрымдар алгачкы кадамынан эле жарк этип дароо көзгө урунса, бирөөлөрдө турмуштук тажрыйба, чыгармачылыгы ийге келиши менен айкындалат. Акындын биринчи китеби «Отту сүйөм» деген жыйнагынан ошол өзгөчөлүк ачык байкалган. Жаш акындын өзгөчө ой айтууга жасаган астейдил аракети төмөнкү ырынан даана сезилет.

***Жазбаймын ырларымды көңүл үчүн,***
***мезгилдин жетегине көнүү үчүн.***
***Кубаттуу багыттарга бургум келет,***
***Элдердин, өлкөлөрдүн өнүгүшүн!***

***Андыктан поэзиям сен экөөбүз,***
***улуу, зор сапарларга жөнөшөбүз.***
***Өзүбүз курман болуп жеңиш үчүн,***
***кеткенче жер үстүнөн көлөкөбүз...***

Мында «элдердин, өлкөлөрдүн өнүгүшүн кубаттуу багыттарга буруп жибериш» дүйнөдө бир акындын колунан келе койгонун тарых билбесе да, жаш акындын али романтикалуу кыялдан бошоно электиги байкалат. Анда чоң максатка умтулуу бар, чоң жүк көтөргүсү келет. Поэзияны «жандай көргөн жолдошум» деп, «аны менен улуу сапарга» аттанып жатат. Ал максатын чын ниетинен, дилинен наристенин тазалыгындай тилеги менен айтты. Мындай чечим, поэтикалык ой акындын көкүрөгүндө жедеп бышып, жетилип, эркин жол таап алган учурда гана чыгат эмеспи. Ошол максатына жетүү үчүн:

*Башканы кой, эзбе жанды эми,*
*бакыт кайсы дээрсиң анда эми.*
*Бакыт деген оңой табылбас,*
*чоң бир Максат үчүн жалындап,*
*чоң бир Максат үчүн кан берүү,*
*чоң бир Максат үчүн жан берүү...*

Акын ушинтип, алгач өзүнүн турмуштан алчу ордун, атуулдук жана акындык вазийпасын белгилейт. Бирок ошолор өзүнөн өзү аткарыла койбойт да. Бакытка жетүү оңой эмес. Эртеңки күндүн кандайы, жолу али белгисиз. Бакыт дароо кучак жайып тосуп албайт эмеспи.

*Сапарында түнгө кезигип,*
***Кайгы,Тынчтык, Өкүм сезилип***
*Каргашаны жеңип жолунда,*
***Бакыт келет дайым кечигип...***
*(Баса белгилеген – Р.И.)*

Эбегейсиз маани сыйдырылган бул саптагы бакытка жетүү үчүн көп тоскоолдукту жеңүү керек эле. Албетте, бакытка жетүү кыялдагы гана чечим. Күрөш алдыда.

* * *

«Элеттик ветврач Жолон Мамытов адабиятка кирген жылдар, окурмандын алгачкы сүйүүсүн жеңип алуу жылдары болду. **Ал Байрон сымал бир күнү эртең менен эле таанымал болуп ойгонду.** Биринчи китеби **«Отту сүйөм»**, поэзия сүйүүчүлөр үчүн моокумун кандырган китеп болуп, адабий турмушта чоң окуяга айланды. Көп жылдар өтсө да эскирбегени анын утурумдук эле эмес, түбөлүктүү экенин айгинелеп койду. Кыргыз тилин жакшы билбесем да, мен форма менен мазмундагы жаңылыкты сездим, рецензия жаздым...» *(Синельников М. // -Ала-Тоо.-1996.-164-б.)*

От – бул жашоо, өмүр булагы. Биздин элде мындай кеп бар: «Кардың ачса – от жак, үшүсөң – от жак, зериксең – от жак» деген. От жаксаң, ал алоолонуп күйүп турса, үшүгөнүң билинбей бетиң кызарып, ач-тогуң сезилбей, жүзүңдөн нур таамп, албырып турат. Жашоодо от ушундай касиетке ээ, ал өмүрдү улайт. Ал – тирүүлүктүн символу. Ошон үчүн улгайган адамдар: «Коломтоңдон от өчпөсүн» – деп алкашат, ушундай улуу салттын чордонунда туулуп-өскөн Жолон Мамытов тунгуч ырлар жыйнагын «Отту сүйөм» деп бекеринен атабаса керек.

***Алоолонуп күйгөн от көрсөм,***
***алоолонуп кетет жүрөгүм.***
*Канча оттуу өмүр өткөрсөм,*
*ошончолук отту сүйөмүн.*

*Жолугат деп Күндү жолуман,*
*Өзүм дагы билбей себебин:*
*Алоолонгон максат соңунан*
*алоолонуп күйүп келемин.*
*(Баса белгилеген – Р.И.)*

Бар болгону эки куплет ыр. Мындагы 28 сөздүн үчөө – от, төртөө – алоо, экөө – күйүү, анан бүтүндөй ааламга жарык чачып турган Күндү жолуктуруу, демек, ырдагы 10 сөз от темасына тиешелүү. Акындын дүйнөсү оттой ысып, максаты алоолонуп жанып турат. Ошол жүрөк оту аркылуу гана поэзиянын жүгүн аркалоого бел байлаган.

Орустун белгилүү акыны С. Маршак: «Акында карьера болбойт, анын тагдыры гана болот» дегендей, жан дүйнөсүн ырга арнаган Жолондун тунгуч китеби коомчулуктун кызыгуусун пайда кылат. СССРдин эл артисти, белгилүү актёр, таланттуу сүрөтчү Сүймөнкул Чокморовдун сөздөрү буга күбө: **«Анда баары бар эле: живопистик тунуктук, турмуштук таасирлерге болгон чагылгандай реакция, сезимталдык жана түздүк, өзүнө жана искусствонун күчүнө болгон сокур ишеним...Менимче, мындай касиеттерсиз художникте искусствонун кереметтүү ирмеми болушу мүмкүн эмес...»** *(Чокморов С. Мезгил ырлары // «Кыргызстан маданияты» – 1981.-24 -сентябрь)*

Аба, суу сыяктуу, от дагы тирүүлүктүн, жашоонун бүтпөстүгүн туюнткан символикалуу белги. Оттун образы аркылуу акын өзүнүн дүйнө таанымын сүрөттөө жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп жатпайбы. Жолон Мамытов:

*«Мен кантсем курам, көпүрө оттуу ырдан,*
*Элдердин жүрөгүнө өтө турган»* –

деп тилек кылат. Мындай ачык максат, аруу тилек чыгармачылык жоопкерчилигин сезе билген талантта болушу мүмкүн.

Китепте идеясы ушул ырга эле окшош, акындын поэтикалык ойду берүү ыкмасын, көркөм сөз каражаттарын колдонуу чеберчилигин көрсөткөн, ошонусу менен таасир калтырган «Картаны шилтешет кылычтай, шамдагай» деген дагы бир ыры бар. Анын өзүн окуп көргөн жакшы.

*Картаны шилтешет кылычтай, шамдагай,*
*картаны чабышат аргымак чапкандай.*
*Королдор, валеттер, ондуктар куркурөйт,*
*чагылган чартылдап жаткандай.*

*Сомдуктар шуудурайт, тыйындар шыңгырайт,*
*Колдору титиреп, журөктөр дикилдейт.*
*Гулдуу көйнөктөй көздөр чакчаят.*
*Жыйынтык кутулөт. Жыйынтык кутулбөйт.*

Ырдын биринчи, экинчи куплетинде карта ойногонго азгырылган кумарчынын «аргымак чапкандай» кыймылы, «утамбы же утулуп каламбы» деген (подтексттеги) ою, «колдору титиреп», «жүрөктөр дикилдеген» психологиялык абалынан байкалат. Дал ошол «кумарпоз» сыяктуу жашоодо бар тапканы поэзия болуп, поэзияга түбөлүк азгырылган акындын абалы бул:

*Турмушта мен дагы тубөлук кумарпоз,*
*Тагдырга кайырмак таштаймын.*
*Ар таңда утам деп, утам деп ишенип,*
*Ырдагы кунумду баштаймын.*

Ыр жаратуу оңой эмес. Акындын өзү же лирикалык каарман «ар таңда тагдырына кайырмак таштап жатпайбы». Түйшүктүү күндөрдүн ойлору менен алпурушуп, «бирде бүркүттөй күнгө тик бакса», «бирде таш бакадай кыбырайт». Мында ойдун контрасттуулугу, айкалышы кызык, «ой кербени бараткандай...»

Жок, акын аттанып алган сапарынан кайткысы келбейт:

*Бүт дилим максатка түйүлгөн,*
*Өмүрдөн өкүнбөй өтсөм деп.*
*Ала-Тоо астанаң кайтараар*
*Алты сап ыр таштап кетсем деп.*

Бул ыр жаратуунун саман-топондон кызылды иргеп алгандай машакаттуу түйшүгүнөн, «Ала-Тоо астанасын кайтараар алты сап ыр таштасам» деп, «өлкөлөрдү кубаттуу багыттарга бургусу келген» ишке ашпас кыял дүйнөсүнөн кадимки эле реалдуу турмуш чындыгына түшүп келип, өзүн жупуну кармап турган реалист акындын изденүү иш аракеттери!

«Жолон! Майрамдан мурда жаштардын чыгармалары жөнүндө пленум болуп өткөн эле. Ага Оштон Исраил, Таш, Шабданбай, Кармышактар келген болчу. Алар биздин үйдө да болушуп, көпкө сүйлөшүп отуруп, 3–4 күн жүрүп үйлөрүнө кайтышкан. Бирок алардын бири да сенин оор кайгың жөнүндө – Раимбердинин көз жумушу жөнүндө мага ооз ачкан эмес эле. Эми мына бүгүн 12-ноябрда Алматыга бир айлык окууга (гезитчилердин) бараткан жээним Токтогул Кенжеевден ушул суук кабарды угарым менен сага кат жазып отурам. Раимбердини мен жакшы билем. Бирге иштеп, нечен дежурный болуп газета чыгарышканбыз. Тагдыр ушул экен, кайрат кыл. Артын кайырлуу кылсын! Андан башка айла жок. Бирок анын бала-чакасынын түйшүгү да сенин мойнуңа түшөт го.

Бизде анча деле өзгөрүү жок. Пленумда Эрнис Турсунов бир саатка чейин сүйлөп, биздин кыргыз адабиятында, искусствосунда колго илешерлик эч нерсе жок деген оюн айтты. Андан кийин сүйлөгөндөр аны токмоктошту.

**«Сенин «Мектептеги» китебиңден кабар алып көрсөм, 72-жылда чыгат имиш. Балким, андан ары жылып кетүүгө мүмкүн... «Ала-Тоого» сенин ырларыңды 3–4**

**жылдан бери жарыялабай келатышкандыгы жөнүндө Жунайга айттым. Ал да бирөөлөргө айтат деп ойлойм. Мунун өзү акмактык да! Сен ушинтип окуп жаткан-да бербеген жардамдарын андан ары катып алышсын кийин. Сенин китебиң жөнүндө Санарбек Кармышаковдун пикирин кесип берип жибердим. Ушуну окугандан кийин акылдуураак болуп, ыр жазууну үйрөнөрсүң (тамаша). Бирок дурус айтылган ойлору бар экен.**

**Бүгүн Абдымомунов чогулуш кылды. Жакында 26–27-ноябрь күндөрү Ленин районунун Ракманжан колхозунда Жазуучулар союзунун көчмө пленуму өтөт экен. Ага Ош областынан бир топ алдыңкы дыйкандар катышып, обкомдун бир секретары «Жазуучу жана айыл адамы» деген доклад жасайт экен. Андан кийин жазуучулар топ-топко бөлүнүп, райондорго чыгышып, жолугушуу кечелерин өткөрүшөт экен. Фрунзеден баш-аягы кыркка жакын жазуучулар жөнөгөнү жатабыз. Анан декабрда драматургия жөнүндө дагы бир пленум өткөрүлөт экен. Ошентип съезддин (Жазуучулар союзубуздун) алдында иштиктүүлүгүбүздү көрсөтүшүбүз тийиш экен.**

**Жолон! Бош убактыңдан пайдаланып, маңдай жагыңардагы «Советский писатель» басмасына кирип,андагы менин кол жазмамдын абалы жөнүндө билип, кат жазып жибериүүңдү өтүнөм.**

**Даутов Кадыркулдун абалы жакшыбы? Ага мен жалганчы болдум, эки ыр подсрочниги менен таап жибере албадым. Ага менден ысык салам айтып кой. Сыдыковдун эки макаласы тең чыккан (аларды өзү алгандыр). Ага да салам айтып кой. Өзүмдүн «Чагылган» деген поэмам «Ала-Тоонун» 10на чыкты. 200 сап жакшы ыр «КМ» үчүн, 400 сап «Ала-Тоо» үчүн мага жибер. Мен аракет кылып көрөйүн. Сени урматтаган агаң, Сооронбай».** *(С.Жусуевдин каты, 14-ноябрь 1970-ж.)*

Ж.Мамытов жалаң эле өзү жөнүндө, өз мүдөөсүнө жетүү жөнүндө ойлоп, ошол үчүн гана күрөшүп келатабы? Ал поэзия деген эмне, аны жаратчу акын кандай сапаттарга эгедер болуш керек деген маселени кошо коюп, кароолго алып келет. Поэзияга чын дилинен берилбесе, жалындуу болбосо жазуунун кереги жок – дейт акын:

*Ысмайылдар,*
*Осмонжандар,*
*армиясы жүрөт* ***поэзияда,***
***кумдан, күлдөн***
***курабыз деп,***
***эң бир бийик имарат.***
*Коммунизм*
*жорго сөздү*
*сыйлайт, бирок кыязы*
***жалыны жок***
***умтулууга,***
*эч убакта чыдабайт!*
*(Баса белгилеген – Р.И.)*

Поэзия – бул биринчи иретте адамдын жан дүйнөсү, анын түрдүү абалда сүрөттөлүшү, акыйкатты поэтикалуу көркөмдөп, кагаз бетине түшүрүү. Ал – такай изденүү, өзүн өзү жерүү, тануу, таануу, сөзгө болгон жоопкер мамиле. Акын поэзия тууралуу мындай деген: **«Поэзия – бул элдин эргүүдөгү тарыхы, анын келечек тууралуу үмүттөнүүсүнүн таш күзгүсү болгондуктан, өз боюна эбегейсиз татаалдык, назик сергектик менен мейкиндиктерди сиңирген. Жашоонун, акыл-эс менен ой жүгүртүүнүн бардык этаптары анда реалдуу жана философиялык көз караш менен чагылуусу шарт.** *(Мамытов Ж. «Мендердин» дүйнөсү // «Кыргызстан маданияты».-1976.-10-июнь.)*

Поэзияда Ысмайыл менен Осмонжандар боло келген, азыркы тапта мындайлардын армиясы өзүн өтө

эркин сезип, төргө чыгып кетишкени жалганбы? Уйкашса эле ыр деп, атам замандан бери келаткан жорго темпке салып, куру көкүрөк кагып, кайталанма ойдун тепсендисинде калган канча акын аттуулар жүрөт? Жолон Мамытов ошолорго карата оюн ачык, түз билдирип, поэзиянын тазалыгы үчүн күрөшүүгө даяр экенин жар салды. Ачык айтылган ойду ар ким ар кандай кабылдашты. Баса, ушул жерде адабий сынчы **С. Шатмановдун** айткандарын эске салып кетели: **«Жаш акын Жолон Мамытовдун «Отту сүйөм» жыйнагындагы ырлар негизинен мактоого татыктуу ырлар. Ырас, мүчүлүштүктөр да бар. Мындай мүчүлүштүктөр ар кандай эле биринчи жыйнактарга таандык. Бирок Мамытовдун жеке өзүнө тийиштүү болгон дагы бир кемчилик бардай. Аны алдын-ала эскертип коюуга тийишпиз. Жыйнактагы таттуу ырлардын ар жагынан кандайдыр бир караан көрүнгөнсүйт. Ал караан көйрөңдүктүн көлөкөсүнө окшоп кетет. Акынга көйрөңдүк жарашпайт. Акын мээнеткеч дыйкан.**

*Ысмайылдар, Осмонжандар,*
*армиясы жүрөт поэзияда,*
*кумдан, күлдөн курабыз деп,*
*эң бир бийик имарат.*

**Айталык, алар адабият майданында аралашып жүргөн адамдар болсо, анда алардын адамдык сапатына доо кетпес бекен? Мындай бейчеки сөз «ак боз атын алчылантып отузунчу кылымдарды көздөй зымырылып» бараткан Алыкулдун да оозунан чыкпаса керек эле.** *( Шатманов С. Жаңы үн // Ленинчил жаш.- №7.-16-июнь.-1970 )*

Ал эми поэзиянын негизги талабы – бирөөлөрдү туурабай, жаңыча ой айтуу менен нукура көркөм чеберчилик эмеспи.

Көркөм чеберчилик маселелери жөнүндө адабиятчы жана сынчы **Кадыркул Даутов** мындай деп таамай айт-

кан: «Чыныгы чеберчиликке жетишүү – техницизмдик чеберчиликтен кутулуу, даяр стереотиптүү ойлорду пардаздап жаңы кылып көрсөтүүдөн бошоо, дүйнөнү өз алдынча таанып, өз алдынча айта билүү, китептен келген эмес, а нагыз турмуштан алган таасирлерди кылдаттык менен окуучунун аң-сезимине жеткирүү деген түшүнүк» *(Даутов К. Нукура поэзия болсун десек // «Кыргызстан маданияты .-1969.-20-авг).*

*Мезгилдерди эстейм сени алдаган*
*Тыткам эбак сүрөтүңдү арнаган.*
*Өз ичимден өзүм жектеп өзүмдү,*
*А жарыма тазамын деп карганам.*
*Оо, сырлар көп жүрөктөрдү өйүткөн,*
*Дудук кылып, жер каратып кейиткен.*
*Жоолук булгап, дүйнө бойлоп ат чаппай*
*мээ-түрмөдө жарык көрбөй өлүшкөн*
*Сырлар көп.*

Мындагы чеберчилик биринчи иретте акындын предметке болгон мамилесинен, аны байкоо, таанып-билүү, жан дүйнөсүнө алып кирип, баарын өзү аркылуу өткөргөндөн кийин гана, жазууга аргасыз болуп калган кезде гана кагаз бетине түшүрүп отурганынан көрүнөт.

Акындын жүрөк отунан жаралган поэтикалык лексиконунда от жөнүндөгү ой жоруулар, отко байланыштуу түшүнүктөр абдан көп кездешет.

*От болуп жарык жанып калууну эңсейт,*
*Кайнаган замандардын ортосунда*
*(«Жаштык» 7-бет)*

*Албан-албан ашуу ашып, ат минип,*
*Кышындасы бороон отун үйлөгөн.*
*(«Поэзия дүйнөсүндө сүзүп мен» 14-бет)*

*Селки күткөн сезим оттой жагылат,*
*Эл эртеңин кумарданат, сагынат.*
*(«Улуу күндөр» 35-бет)*
*Ойлойбу ысытсам деп ысыгына*
*Айткыс кеп, айткыс узак мейкиндерди.*
*(«Алыкул» 53–55-беттер)*

Мындан башка дагы «Ойгонуу», «Акындын монологу», «Ырдын тагдыры», «Кайгыны кабагымдан көчүрөмүн», «Буйрук–проподовед» деген ырларындагы поэзияга арналган жан дүйнөсүнүн ыймандай сыры ырдалат.

Жолон Мамытовдун акындык шыгынын ойгонушуна дайыма дем берип, ар качан ырдатып келген күчтөрдүн бири – Ата Журт менен жаратылыш дүйнөсү. Акындын бул жарыкчылыктын ажайып кооздугун, адам сезиминин улуулугун ырдоо ышкысы өзүнүн туулуп-өскөн айылы Төлөйкөндөн башталган.

*Токочуңду кармап жүрүп колума,*
*Жер каптаган жемишиңден жегенде,*
*Анын баары кубат болуп боюма,*
*Үмүт болуп токтоп калган денемде.*

*Менин сага бүт өмүрүм байланып,*
*Төрөлгөндө бешигиңде көшүлгөм.*
*Ойноп жүрүп ой-кырыңды айланып,*
*Мен өзүмдү жыйнап жүрөм өзүңдөн.*
*(«Туулган жерге», 12-бет)*

*«Мен өзүмдү кичинекей Сен сезип,*
*Сени сүйүп тиктей берем эми мен»*
дедирткен туулган жеринин кан-жанына сиңген энелик мээр-шапкыты дем берип, акындык шыгын арттырат. Акын Ата Журтка ылайык ырларды жазууга умтулган. Анткени туулган жердин улуулугу ушунда:

Ата Журт перзентине баарын берет да, керек болсо андан баарын күтүүгө акылуу. Ошол үчүн акындын минтип ырдаганы угумдуу туюлуп, жарашыктуу сезилип турат.

*Өзүң үчүн отко түшсүн алтын баш,*
*Сенсиз мага бакыт супсак, таалай аз.*
*Сен деп чыксын жаз коштогон каткырык,*
*Сен деп аксын кыш жандаган тамчы жаш.*

*(«Ата Журт» 8-бет)*

Жыйнактын 21-бетинде акындын «Көңүл бийлеп тиктей калсам көзүңдү» деген лирикасы бар. Анда турмуш жолуна аттанган жаш адамдын ой-толгоосу, балалык күндөрүнөн калган элестер, жаштыгы өткөн айылын жылуу сезими аркылуу көркөм полотнодой тартып берет. Ырдагы салыштыруу менен троптун түрлөрү ушунчалык ийкемдүү колдонулган үчүн ырдагы прозадай окулат.

*Талааларды бүт кызгалдак сепкендей,*
*аскаларды буура жаңы чөккөндөй,*
*Адырларды мисирейген боз, такыр*
*Ошол жылы абам кийген чепкендей.*

* * *

*Көрдүм шамал түндүктөрдү жулганын,*
*Карышкырлар ээнбаштык кылганын.*
*Илмийген ай он беш күнгө толгондо,*
*Толмоч тартып түнү бою турганын.*

Мында акын табиятты чеберчилик менен чыныгы сүрөтчүдөй элестүү, предметтүү тартат. Ыр ыргагы келишип турат. Бир дем, бир күү менен кеткен үчүн обону оболойт. Ойдун ажарын ачып турган көркөм сөз каражаттары, саптардын ички-сырткы уйкаштыгы, муун өлчөмү менен ширелип калган.

*Күмүш жапкан бешкумпайдын оймосун,*
*Көөдөй кара чайнектердин чоргосун.*
*Улар этин чайнап жатсак күтүрөп,*
*тишке урунган мерген аткан коргошун.*

Окууну бүтүп, келечегине аттанган «мендин» ички кайрыгы, толгонуусу образдуу берилет. Кургак баяндалган жугумсуз куплеттер, жансыз саптар жок. Кичинекей көркөм деталь, штрихтер менен маанилүү ойлорду туюнтуп койгон. Сөздөрдү сарамжалдуу урунуп, мазмундун сыйымдуулугун караган.

Төмөндөгү төрт сапка акын көп ойду батырып, көп элести түшүрүп койгону эле кыйладан кабар берет.

*Мени окууга өттүң, кел деп Ош айтып,*
*Сен ошондо убадаңды бош айтып*
*Сүт ташыган машинанын үстүндө,*
*кеткен күнүм жаштыгыма кош айтып.*

Эр жетип, турмушта жолун табууга умтулган лирикалык каарман «сүт ташыган машина» менен илимдин, техниканын (подтекст) заманына жараша жүрүп жаткан чоң өзгөрүүлөргө аралашып, өз бактысын табууга аттанып кетет.

Акын форманын эмес, баарыдан мурда ойдун тут-куну. Ар кандай ой чыгарма болуп жаралуу маалында өзүнө ылайыктуу «кийими» менен көркөм каражаттардын түрдүү поэтикалык ыкмаларын издейт. Н.А.Добролюбов мындай деген: «Поэзиясында терең ой жатпаган акындар, өзгөчө мааниге ээ боло алышпайт».

*(Добролюбов Н.А. Избранные сочинения. М.–Л.: Гос. изд-во худож.лит., 1948.-с.381–427.)*

Көркөм чыгарма жазууда бардык эле акындар метафоралуу ойлоп, метафоралар менен туюнта беришпейт. Мындай жөндөмдү табият ар кимге эле тартуулабайт.

Кийинки акындардын арасында бул сапат Турар Кожомбердиевде өтө күчтүү болгон. Жолон Мамытов да ушундай энчиге ээ болгон акын.

*Бийик тоолор – бийик менин Мекеним,*
*өзүңөрдө сезим тапкан кечээгим.*
***Ааламдарга сапар тарткан жаштыгым,***
***Кармап алып булуттардын этегин***

*(«Мекеним – тоолор» 15-бет)*

*Ойго салат өткөн өткүн, жааган жаан...*
*Улуулардын ысымдарын санаймын.*
***Чопулдатып жондор булут мамасын***
***Соруп жаткан тараптарга караймын.***

* * *

*Уйкаштардын арасында эндиреп*
*мен өзүмдү кыйнай берем күндө эле.*
***Арманынан, чаңдарынан арылган***
***балкылдаган жубан өңдүү дүйнөдө.***

*(Баса белигилеген – Р.И.)*

Акындын атуулдук аң-сезими, айтайын деген ою чыгарманын башкы идеясын аныктайт эмеспи. Жаш акын биринчи жыйнагында эле өз сөзүн айтууга умтулганы байкалат. Өзүндөй болуу: өз сөзү менен сүйлөө, өз үнүн угузуу, өзүнүн табиятын кандай болсо ошондой көрсөтүү – тубаса акындын белгилери, тубаса акындын сапаттары. Өзгөчөлүк – ыкмалар же татаал ребурс сыяктанган конструкциялар менен жазуу эмес. Өзгөчөлүк – өзүнө чейин башкалар айтпаган жаңы жана күчтүү ойлорду айтып чыгуу. Мыкты акын мыкты ойлорун жөнөкөй, ийкемдүү сөздөр менен эле жеткире алат.

*Жүрөктөгү жарык ойлор жашасын*
*жаман ойлор алсын өлүм жазасын.*

*Жакшы ойлорду минип учсаң турмушта*
*жаман ойдон балдак менен басасың.*

## Москвадан Меңдиге кат

Акын Москвада билим алып жүргөн мезгилде акын үй-бүлөсүн көп ойлойт. Анткени жаш жубайлардын өз ара мамилеси түшүнбөстүккө тушугуп, сагынычтан саргайып, кызганычтын заарын тартканын каттары айтып турат. Эки чыгармачыл адамдын, эки акындын үй-бүлөлүк турмушунда күнүмдүк тиричиликтин этектен тарткан машакаты, түйшүгүнөн жогору турган чыгарма жаратуу, жакшы ыр жазууга далалат күч болгон. Жаш балдары менен айылда калган Меңди мектепте иштеп, үйүнө келсе бүтпөгөн көртириликтин азабынан кыйналган. Үй-бүлөлүк ыйкы-тыйкылык. Кайын журттун пендечиликтен көтөрүлө албаган мамилеси да кедергисин тийгизген. Жаш үй-бүлөнүн ордосуна чок таштагысы келгендер болбой койгон жок.

Акындын көкүрөгүн өйүгөн жеке турмушундагы өйдө-ылдый, ысык-суук өмүрлүк жубайы менен мамилесине шек тийгизбейт деп бекем ишенген.

**«Саламатсыңбы Меңди! Катың мени көп ойлонтту, кайгыртты. Мен жөнүндө ушунчалык пас ойлорго келип жеткениң ыза да кылды. Кеп-сөз жок эле кетем, коём дей бериштин эмне кажаты бар экен сен үчүн деп да ойлодум. Сенин Москвага келгениңдеги менин жүрүш-турушум жөнүндө жазгандарыңдын көбүнүн жөнү болсо, көбүнүн жөнү жок. Андай шатыра-шатман болуп кеткендигимдин себеби неде эле? Сен Макиш экөөң келгениңе сүйүнүп, эркеп, кубанычымды батыра албай ар кимдерди үйгө чакырып сыйлагандарымдын баарысын сен арактын артынан түшүп кеткендик деп кабыл алыпсың көрсө. Ырас, мен идеальный адам эмесмин. Мүнөзүмдө, жүрүш-турушумда**

кемчиликтер арбын. Көбүн байкасам, көбүн учуру өткөндө байкап калам. Үйгө баргандан кийин иш кылбай ойноп кеткенимди эми ойлосом, чын эле акмактык болгон экен. Анан силерди кыйын абалда таштап коюп жүрө беришим өзүм үчүн кыйынга түштү, келгенден бери кыжаалатчылыктан баш көтөрүлбөйт. Карыздарымдан кутулуп алдым: Васяга 100 сомун, Рахат съездге келген экен 50 сомун берип, силерге 50 сом салгам. Калган 50 сом акча менен жашап жатам, стипендияга чейин жетет. Анан 3 айдын акчасын берет 390 сом. Андан 100 сомун Турсунбайга берсем, билет алсам, бир костюм алсам, 150 сом менен үйгө барам го деп жатам. Ошентип, бул татаал ахвалдан чыгып алгыдаймын.

Мени ойлонткон сенин катың, болгон иш болду, боёосу канды, эми сары санаага чөгүп өзүңдү кыйнап, түйшүктүү ойлорго чырмалбай, белди бекем байлап олтура берчи! Балким, бул катымды төрөтканада жатканда алаарсың. Кабар жок болуп, бук болуп бүттүм. Же Момуш, же агалардын бири телефонго заказ бергенге жарап коюшпайт. Баарысына кат жазгам. Сенден суранарым: мага болгон мамилең, сүйүүң мурдагыдай эле таза болуп, кетип калам деген кептин ордуна келечек жөнүндө ойлоп, балдардын, өзүңдүн ден соолугуңду сактап жүр. Ал эми менден көңүлүң ток эле болсун. В конце концов поэзия менен үй-бүлөдөн безип, арак ууп кеткидей акмак эмесмин. Мен тигинтем, минтем деп убада да бербейм, убада менен эмес, азырынча өзүмдүн эркимдин жана акыл-эсимдин буйругу менен жашоого кудуретим жетет. Бир нерсе болсо эле чала бүткөн үй дей бериштин кереги жок. Чала бүткөн үй толук да бүтөт, чала калган поэма улам иштелип мыкты чыгармага айланат, чала көңүл толкуп шаттанчу мезгил да келет, анын баары үчүн сабыр керек. Ал эми кетээрде оозумдан чыккан жаман сөзүм үчүн кечир!

**Убагында айтылганы менен, ал менин көңүлүмө сактап, ушинтсем гана кылаар бекен дегеним эмес, ал ачуу үстүндөгү сандырак кептер. Анын биздин келечек турмушка эч бир калакаты болуугa да тийиш эмес. Эгер ошондой сөздөрдүн баарысын жүрөгүбүзгө жыйып, кек катары сактап жашасак, чогуу турмуш куруунун мааниси жоголот. Андай болуугa тийиш эмес, Меңди. Эрди-катынбыз, көңүлүңдү өйүгөн нерселер болсо жай, жаткан-турганда кеңешип, айтышып чечишүүгө көнсөк дурус болоор эле, сен таарыныч, ый аркылуу, мен какшык, күч аркылуу билдирбей...**

**Апамын алдында да күнөөм көп, айткын, карыганда көп капа боло бербесин, чала нерсе бүтө тургандыгына ишенип жашагыла. Сенин катыңа менин жообум ушул. Мен сени үч балалуу болгондон кийин кетип калсын деп алган эмесмин, өмүрлүк жар болот деп үйлөнгөм, ошондуктан ар бир повод менен эле кетем дей бергениңди сен да кой. Жаңы төрөлгөн наристенин чекесинен өөп кой атасы үчүн, кабар күтө берип, көзүм карыкты. Баарысына салам дубай. Менин зачетторум бүттү, экзамендерге даярданып жатабыз. Окуу жөнүндө күмөн санаган ойлоруң абдан эле наивный, мен аны эффект (тамаша) чегип айтып жүрбөймүнбү? Бирок мен шаарга кетип калган күндөрү ушул бойдон окубай коёюн да дегем. Көрүшкөнчө саламатта бол. Жолон.**

**P.S. «Советтик Кыргызстандагы» Артыкбаевдин сынын окудум. Абдан кыжаалат кылып, жинимди келтирди. Ал сын эмес, жаманатты, саясий айыпкер кылуу. Андан коргонуп алуугa чама бар. Жакында съезд болсо, ошондо көрүшөрбүз...** *(Жолондун каты. Датасы, күнү катта жок)*

Акын жубайынын адабиятка жакын дүйнөсү тиричиликтин айынан чыгармачылыкка чолосу тийбей жатканына кейип-кепчип, кээде өзүн күнөөлүү сезген жагдайлары каттарында ачык айтылат.

«Меңди! Катыңды алдым. Ойлогон оюм чачылып, жүрөгүм титиреди, ыйладым. Эч нерсе көзүмө көрүнбөй, бүгүн эле баарын таштап учуп кетейин дедим. Кайра тооба кылып, кат жазууга кириштим. Тагдырдын алдында тепселип, кыйналып, кайра жанталашып ушу күнгө келип жеттик. Сенин айткандарыңдын жөнү бар. Танбайм. Эмне демекмин? Кордукту арбын тарткан өмүрлөшүм! Сен да тооба кыл. Өзүңдү сакта, бардык быкы-чыкыга, ушак сөзгө, кемсинтүүгө түкүр. Башыңды бийик кармап жүр. Менден кеткен күнөөлөрдүн канчасын кечесин, канчасын коёсуң, аны өзүң чеч. Бирок мага: «Меңди, мени кечир!» – деп айтыш бул минутада сен үчүн тыйынга арзыбаган сөз болсо да кайталайм. Кечир мени, Мең!

Бүтүп барайын, жаңы, эркин, бири-бирибизге канатташ, өзөктөш мамилеге, жашоого өтөлү, калган өмүрдү эң сонун, адам суктанарлык жашоого умтулалы. Менин эң биринчи көргөн камым, сенин ден соолугуң жана чыгармачылык мүмкүндүгүң жөнүндө болсун. Бул үчүн башымды төшөйүн, менин кыйбасым, кымбаттуу жарым. Эгер сен болбосоң, мен акын да болбостур элем, болсом дагы алы менен эле болот белем. Сен, сенин сүйүүң мени кайра жасап, шык, дем, шарт, мүмкүндүк берип, ушу жолго алып чыкпадыбы. Антпесе мен 66-жылы комсомолдон кеткенден кийин эле төмөндөп олтуруп, жок болмокмун, Меңди. Сенин ошол адамдыгың үчүн миң ыракмат! Сени тансам, көзүм аксын! Ишим ирисин, ушуга ишен!!!

Ар кандай ушактардан сен миллион эсе бийик экениңди билбегендерге теңелбе! Дары-дармегиңди убагында ичип, өзүңдү сакта, балдарды сакта. Ал эми экөөбүздүн турмушубузду эч кандай күч буза албайт. Бул турмуш, бул сүйүү отту, чокту кечти го, сыналды го. Оюңа жаман нерселерди алганың үчүн нааразымын. Ишен мага!

**Азыр телефонго чакырам. Кичинекей посылка жөнөтөм. Өтүктү издеп жүрүп, таппай атам, табам, аракет кылам. Көп катуу кыйналсаң, Касиет эжеге түшүндүрүп, бир айлык отпуск алып өйүзгө өтүп эс ал, шаарга, досторго бар Айгерим экөөң. Эшик алдындагы тырнактай жер үчүн да чатакташпагыла, чабылбады, эгилбеди деп. Калса калсын, калбаса мен майда барганда айдатып, бир нерсе сээп коёрбуз. Өзүңү сакта. Сагынып, сагынып Жолонуң.** *(Жолондун каты. 30-март, 1971-ж.)*

* * *

Акын эл-жери, айылдаштары, анын асыл адамдары менен сыймыктанат. Элдин тээ байыркы тарыхы «Өчүн алып, кырып кирген ойроттон, Кылыч шилтеп сезимдерин ойготкон» өңдүү басып өткөн жолу көз алдынан өтөт. Топудай толук элинин элдүүлүгүн сактап келатканын таамай сүрөттөйт.

*Күнүн баштап азоолорду токушкан,*
*тоодо жашап, зор турмушка окушкан.*
*Түнү көктө жылдыз учкан өңдөнүп,*
*аттарынын туягынан от учкан.*

Тоолуктар наркын, каада-салты менен намысын сактап,өзүнө ишеними бек болгон үчүн кайраттуу, эрктүү болгон үчүн алар:

*Миң жылдарга сактагандай Манасын,*
*миң жылдарга журтчулугун сактаган.*

*(«Тоолугум» 11–12-беттер)*

Акындын чыгармачылыгын талдаганда туулуп-өскөн жерин, өмүр жолунан бөлүп кароого болбой тургандай эле Ата Мекенине, элинин кечээгиси менен бүгүнкүсүнө арналып жазылган: «Саякат», «Кышкы кыштак», «Шаар», «Туулган жер жөнүндө ыр»,

«Экөөбүз», «Кызыл өлүм» аттуу ырларына кайрылбай коюуга болбойт.

Ж. Мамытовдун тематикасы ар түрдүү: согуш, тынчтык, мезгил, сүйүү, бакыт, өмүр, өлүм жана поэзия жөнүндө ырдайт. Ал эми анын ата-эне, өзгөчө энеси жөнүндө жазылган лирикасы жыйнактан жыйнакка уланып, улам байып, бул тема бүтүн бир чыгармадай окулат.

Эне жөнүндө ырдабаган акын жокко эсе. Акындын атасы Мамыт 1943-жылы согушка кеткен бойдон кайтпай калганын мурунку бөлүмдөрдө айтканбыз. Баланы багып, өстүрүүнүн оор түйшүгү энесинин башына түшкөн. Ошолорду болочок акын бала кезинен көрүп өскөн. Эненин мээримин, балага болгон сүйүүсүн, анын ыйыктыгын, кымбаттыгын акындар ырдап келген, ырдай да берилет. Бул – түбөлүктүү тема. Ааламда канча адам болсо, ар кимге өз энеси кымбат. Эне бирөө гана. Дүйнөдө канча калемгер болсо, эне жөнүндө ошончо түрдүү ой айтылат. Эне жөнүндө канчалык жазышканына карабастан, акындын ыры туулган жери, тууган эли менен киндиктеш, бир бүтүн темадай ырдалат.

*Эне, сенин жетпей жүрүп баркыңа,*
*Билем анда айрылуу бар экенин.*
*Ак сүтүңдү актадым деп алкына*
*Эми качан туу көтөрүп өтөмүн?!*

Ж.Мамытов –эне жөнүндө көп ойлонуп, көп жазган акындардын бири. Эне ал үчүн азиз башат, жашоонун туткасы. Жыйнактан жыйнакка улантып, кошумчалап, байытып өткөн бул темада энесинин образы жекеликтен жалпылыкка көчүп, кыргыз аялдарынын галлереясын толуктайт.

*«Менин доорум – ойлор Күндү чапчыган,*
*менин доорум – көз ирмебес чакчыгай».*

Мезгил менен, өзү жашаган доор менен үзөңгүлөш болуу, анын ийгилигине сыймыктанып, көйгөйүнө тынчсызданып, кызматы үчүн жанын аябагандык, жогорудагыдай учкул саптардын жаралышын шарттаган. Мындай шаңдуу пафос атуулдук милдетти жогору койгон акындын гана жан дүйнөсүнөн чыгат. Акындык көтөрүңкү эмоция менен жазылган бул ырдын окулуш интонациясы менен ритми да мезгил духуна ылайык келип турат. Адам жана доор – акын ырынын лейтмотивин түзөт.

*Татаал ойлоп,эң бир татаал жашаган,*
*Менин доорум сезгич, сергек жаш адам.*
*Тубасага канааттанбай кылчалык,*
*Бут тулкусун кайра куруп жасаган.*

Илим менен техниканын күн санап жаралган укмуштары, «татаал ойлоп, эң бир татаал жашаган» жаш адамдай өзүн табууга, тулкусун жаңыдан жасап чыгууга, доордун табиятын аңдап-туйганга чакырат. Заман талабына жараша сергек ой жүгүртүп, жоопкерчилик менен мамиле жасоо милдет артат.

*Менин доорум түйүлдүгү эргүүнүн,*
*башталышы зор жаңылык, зор күүнүн.*
*Соолбостон куюп турган булагы*
*Шарактаган кайноо менен оргуунун.*

Бул ырдагы лирикалык «мен» – өз доорунун учкул тездиги менен татаал табиятынан сабак алып, түрдүү реалийлерине баа берүүгө жарап, түркүн импульстарын өзүнө сиңирген «жаш адам» келечекке, «зор жаңылыкка» баштап бара жатат.

Акындын **«Улуу жүрүш»** аттуу ырында кызык ойлор бар. А түгүл программалык маанини камтып тургандай сезилет.

*Өзүмдүн, сенин, анын, баарысынын*
*саптарын калдым жерип,*
*эми жалгыз*
*кетемин.*
*Жетеминби, жетпейминби,*
*дайрадан өтөмүнбү куш өтө алгыс.*
*Тагдыры космонавтын программага*
*байланган.*
*Жерди айланган.*
*Айды айланган.*
*Майдандан кайтып келген миң-миңдерди*
*майрамдан майдандарга кайра кайырам*
*Сөздөрдүн билем күчүн*
*Канжар мизи*
*Кезегинде мокок сөздөн айткан жалгыз*
*Учугу сезим изи эсептердин,*
*өтөмбү дайралардан куш өтө алгыс.*

Адеп поэзиянын калың журт алдындагы милдетин айтып, ага зирек, жоопту мамиле кылууга үндөп, чыгармачылыктын максатын аныктайт.

*Бул менин эң алгачкы булкунуум,*
*Кутулуум.*
*Эрежелер доорун айырам*
*Мажирөө-бүжүрөөдөн кол үзөмүн.*
*Майрамды майдандарга кайра кайырам.*

Ырдан сезилип тургандай, акын өзүнүн поэзияга жасаган принципиалдуу мамилеси жөнүндө айтты. Мында жок жерден эле «антем-минтем», «кыйратам-курам» деп, куру убадаларды тизмектебейт. Тескерисинче, «сезимдерди тизмелөөдөн кетип», «эрежелер доорун айыруу» аракети ошончолук эле оңой иш эместигин моюнга алат. Дал ошол себептен «Дай-

радан өтө аламбы куш өтө алгыс» – деп поэзия сапарынын жеңил эместигине санааркайт. Муну адабиятчы **Санарбек Карымшаков** мындай дейт: «Кайсы традициялуу поэмадан? Штампка айланган нерселерденби же жалпы эле традицияданбы? Подтекстке караганда акын жалпы эле традициядан кетем деп жатат. А түгүл сезимдерди тизмектөөдөн кетем дейт. Бирок акын өзүнүн ийгилиги так ошол традициялуу форманын жаңы мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып, ички сезимин чын жүрөгүнөн таамай айтып бергенинде болуп жатканын сезсе. Традициялуу формадан кеткенде эле жолдо даңгыр, оңой форма жатпагандыгын, баары бир изденүү, түйшүк күтүп тургандыгын унутпаса. Тескерисинче, акындын табиятына эркин ыр формасы жат сыяктуу. Анын ырларында акын жалган пафоско, кургак риторикага түшүп кетет». *(Карымшаков С. Поэтикалык минуталар // «Кыргызстан маданияты»,-1970. -11-нояб.)*

## ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ

### Оңунан чыкпаган эксперимент

**Алып баруучу:** – Жолон Мамытович, бир жолу «ар бир акындын өздүк изденүү таянычы, платформасы болуш керек» деп айтканыңыз эсимде. Азыр болсо поэзиядагы суубас дем тууралуу сөз кылдыңыз. Ушуларды конкреттүү мисалдар менен коштой алаар белеңиз?

**Жолон Мамытов:** – Мен сөздөн ишке өтөйүн деп тургам. Поэзияда таасирленүү деген кызык нерсе бар. Ар бир жаш акын алгачкы жолун баштаганда, сөз жок башка акындарга таасирленет, аларды туурап жазат, ошентип отуруп өз нугун чаап, өз жолуна түшөт. Мисалга, кыргыздын таланттуу акыны Алыкул Осмоновдун чыгармалары менин поэзиямдагы көзүмдү ачты. Бир канча жыл Алыкулду туурап ыр жазып жүрүп, кийин баарын өрттөп салдым. Сүйүнбай Эралиев менен Рамис Рыскуловдун ырлары мени бир топко сүйрөп барды. Дүйнөлүк алптар: Уолт Уитменден, Маяковскийден үйрөндүм, Рилкени, Заболоцкийди сүйүп окудум. Ошолордун баарын туурап жүрүп отурсам ара жолдо каларымды туйдум. Өз жолумду издедим, ырларыма өз оюмду, өз дилимди салсам деп аракеттендим. Сиз акындагы таяныч пункт, платформа жөнүндө айтып кетпедиңизби. Мен «чү» деген жерден эле теректин башын көздөп алыпмын. Бир кезде гипнотикалык поэзия түзөм, сөз күчү менен адамдарды кыймылга келтирем деп аракеттер жасагам. Бирок мунум ишке

ашпаган аракет экенин тез эле түшүндүм. Колум шалдайды. Үмүтсүздүккө баттым. Ошентип жүрүп алгачкы ыр китебим жарык көрдү, мен анда 29 жашта элем. ***(«Узун өмүр ырга болсун, ыр окуган элге болсун»*** *Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты Ж.Мамытовдун чыгармачылыгына арналган телекөрсөтүүнүн сценарийинен. 1987-жыл.)*

Жолон Мамытов чыгармачылыгы калыптана баштаганда башкалардан башкача жазууга, башкача стилди табууга эмне түрткү болду экен? Бала чагынан өз алдынчалыкка умтулганы, бардык нерсеге маани берген зиректигинен, образдуу ой жүгүртө алган табиятынан болуп жүрбөсүн?

## Жеңеси Ражапова Сардалдын эскерүүсү

Мен он алты жашымда Кайырманын боюндагы коргонго келин болуп келдим. Кайненемдин атынан такыр айтчу эмесмин, эшик аттаганда эле «эне» дегем. Анын ыр жазган баласын «жаңкы уул» деп тергейм. Энем колунан баары келген чебер, сөзмөр, сөзгө уста аял эле. Мен биринчи келгендеги сулуулугу, бакырайган чоң сурмалуу көзү, ажарлуу, нурдуу жүзү жашы улгайганда деле ошол бойдон өзгөрбөдү. «Эжем сулуулугун жоготпой карыды» – деп, шыпшынышат эже-сиңдилери. Үй тиричилигине бүйрө, кармаган-тутканы өз ордунда, тыкан, пакиза, оокат-ашка тың. Жыйынып-терингенди, эшигинин алдын таптаза кылып, бүргөн шыпыргы менен жылтыратып шыпырганды жакшы көргөн.

Коргондогулар бүт үймө-үй бозо салышат. Мака, арпа, таруу, буудайдын бозосу деп тергелет.Кийинчерээк турмуш оңолгондо ушинтип тандалды. Кимдикинин даамы жакшы, таза кайнатылган, сүзгөндө да кылдат, кыл-пылы жок, нукуралыгына карап бааланган тымызын ич ара атаандаштык да бар. Жаш, жаңы

сүзүлгөн бозонун талапкери көп, кадыры артык, ал эми үч-төрт күн туруп калган, кырчаңгы, кычкылын бозокорлорго кармата коюшчу. Каерде бозо болсо артынан кууп ичкен бозокорлор үчүн таң атты, кеч кирди, түн караңгы деген сөз болбойбу, билбейм, энем аларды келатат десе, сүзгөн торбо, челек-лаганын жыйыштырып таштап, сопоюп отуруп калчу. Өзүнө теңтуш, көңүлү жакындар менен кыраатын келтирип, узун сөзгө түшүп, бешенеси тердеп-тепчип, ысык тамак менен бозону ичкенди жактырган. Эркектерди качырып сүйлөгөн, каяша айткандын катыгын берген, сөздөн кайтпас болчу. Бирөөгө ат коюп сүйлөгөн кыялы бар эле. (көкбет, итий, чычкак, какмар, чолок, каламиш жана башка көп эле...) Анысы ат койгон адамындагы кемчилигине төп келип калат.

Жаш кезинен жетимдерди көп баккан экен. Багып алган кыздарды үйүндө жүрүп тиричиликке үйрөтүп, уул балдарды чоңойгондо мүнөз-кыялына карап, экөөнү баш коштуруп, оокатын кылып кеткенге жук (үлүш) бөлүп берчү экен. Суунун наркы өйүзүндө Бурма деген өкүл кызы бар эле, эки жетимди үйлөп-жайлап койдук соопчулукка деп калчу.

Мен жаңы келин болуп келгенде элүү жаштагы аял болчу, жаңкы баланы кырк жашында көрсө керек. Жаңкы балага орустун порумунда таардан шым тигип берет, айыл-ападагылардын кийим-кечектерин бүт тигет. Иштерман, колунан да, оозунан да келген, абысын-ажындарынын баарына башчы эле.

Кайырма кандуу суу болчу. Чамынып-айбаттанып, алынып-беринип, күркүрөп акканда аза бойду титиреткен коркунучтуу, сырдуу үн коштоп тургандай сезилет. Жээктен беш-алты кадамдай чимирилген иримге түшүп кетсең болду, суу сазга тартып, жутуп кетет деп коркушат. Кайсы бир жылы Базарбайдын сымбаты келишкен чоң атын куюндаган ирим тартып кетип, ың-жыңсыз таптырбай, кийин сөөгүн ылдыйдан

таап алышкан имиш. Аттар деле тайсалдап, суунун шарынан үркүп безилдейт. Дарыянын тегерегин бүт бойдон жапайы бүлдүркөн каптап кеткен. Жаңкы бала баштаган балдар андатырларды (ондатр) аңдып, ийнине кол салып эле жүрүшчү. Балыктарын айтпайсызбы, кошунабыз кечинде үйүнүн жанындагы сууга чоо салып, эрте менен чоң-чоң балыктарды сүзүп алчу.

Оо, мурдагы жокчулук жондон кайыш тилип турганда, айыл-ападагылар кыз чыгарганда же уул үйлөп, кудага бара рда энемдин чийбаркыт тонун алып кийип кетишет. Чапаны бүт айылды кыдырат, кимге керек болсо, ошого бере берчү. Бирөөдөн кызганып, ичи тардык кылганын билбедим. Эгер Төлөйкөндөн башка жактарга кудалап барышса, амиркани маасысы менен он эки чаралуу жибек оромолун кошо алышчу. Колу ачык, дасторкону жыйылбаган, үйүнө киши-кара келсе барбалаңдап сүйүнгөн, кышка сактаган өрүк кагын, унга салган тоогунун тукумун, текчелерге тизген зимиринка алмасын алдына жайнатып койгон, колу ачык берешен, меймандос эле. Жакшы жашады. Жаңкы акын бала апасына өзгөчө камкор, мээримдүү эле, жерге-сууга койдурбай, causing-тоздурбай, аспиеттеп бакты, 85 жашында томолонду ыраматылык. Ошондо энемдин көзү өткөндө минтип кошконмун.

Музду бир жууруп бүлөгөн,
Мусапырды жөлөгөн.
Карды бир жууруп бүлөгөн,
Карыптарды жөлөгөн.

Чеберлиги ченде жок,
Чечендиги элде жок.
Кызылдан манат эндеген,
Кылымда жубан мен деген.

Карадан манат эндеген
Калкымда жубан мен деген.

Айлансам энем муңдашым,
Муңумду айтаар бир жакшым.

Төргө бир килем таштаган,
Төрөдөй уул баштаган.
Капшытка килем таштаган,
Кара көз келин баштаган.

Үйүбүздүн огородунда сары кокон гиларс, жүзүм, бехи алмалары бар. Бышканда жаш балдар аңдып, кашаттан кире калып, таш менен койгулап же күбүп таштап, бирөө-жарым көрүнсө качып кетишет. Жайында аптаптуу саратан маалында Кайырманын суусу албууттанып, күркүрөп жүрөктүн үшүн алып акчу, оо, илгери убакта. Жаңкы бала жанда жок курч, өткүр эле. Энем жокто Кайырмага секирип, эки жагына каранып алат да: «Суудан корккон адам адамбы? Мен акуламын!» – деп боюн таштап, көпкө сууга чумкуп, кайра чыгып чабак урат. Бир карасаң, дарыянын наркы жээгинде кара бүлдүркөн жеп турган болот. Мен быякта туруп «агызып кетпесе экен» деп безилдейм, суунун айбатынан корком, энем тезирээк келип калса деп санааркайм. Энем барда такыр эч кимди Кайырма сууга жолотчу эмес.

Жаңкы бала кийин Фрунзеге окууга кетти. Каникулга келгенде көк чөптөрдөн кошуп, көк чүчпара, көк самса, көк манты, жаңы каймактан оромо жасап берчүмүн. Анткени мен жасаган тамактарга да ат коюп алган: беш кошкон, жети кошкон, тогуз кошкон, он эки кошкон тамактар деп, алардын курамындагы тузу, суусу, гөшүн[1] кыскасы, ар бир даамды санап бергенди жакшы көрчү. Тамакты жеп бүткөндө кийин, сөзсүз, ыраазычылыгын билдирмей адаты бар эле. Менин кожоюнум жини келет: «Имне эле чөп-чарды аралаштырып жасай бересиң? Башка түзүгүрөөк тамак

[1] *Гөш* – эт.

жаса да!» – деп, урушуп калат. Жаңкы бала жакшы көрөрүн билип, ошого жан тартып, көңүлүн алганга көк чөптөрдөн: ат кулак, беде, мандалак, кийик от, жалбыздардан кошуп түрдүү даамдарды жасагандан тажабайт элем. Кичипейил, жөнөкөй, дайыма ал-абал сурашып, туугандарына боорукер, күйүмдүү мамилеси менен айырмаланып турган.

Жаз алды мотоциклин минип алып, Даңге менен Чулдук капчыгайына достору менен козу карын тергени кетишет. Үстү-башы, бут кийимдери чылгый суу болуп, шөмтүрөп үшүп келишсе да, маанайы ачык, кубанычтан көздөрү жайнап турчу. Козу карынды кууруп же картошкага кошуп дымдап бышырып, ар кандай тамактарды жасап берем.Табиятка ушунчалык жакын, жаратылыш менен ысык ымалалуу болчу.

Анан бир кызык адаты бар эле жаңкы баланын: жакшы көргөн дарагы, чөбү, жакшы көргөн гүлдөрү бар, баарына өзүнчө ат коюп алган, өзүнө менчиктеп алган. Алыстагы карааанды, жанындагы дарактын бутагын, асмандагы калкыган булуттарды ар нерсеге окшоштуруп көрсөтсө, өзү курдуу балдар ишенип, оозун аңырайтып карап калышчу. Жийде бурак гүлдөгөн маалды айрыкча жакшы көргөн, аябай толкунданып, жийденин жытына мас болгон немедей өрөпкүп, жамажайы жайылып, карегинен нур ойноп кетчү. Айылдагы балдарды, досторун чогултуп алып, окуган китептерин, бирөөдөн уккандарын, көбүнчө апыртмаларды айтып берип жатып: «Меникиндей чоң кулак барбы?» – деп делдейген кулагын ансайын чоюп шумданып, балдарды күлдүрөт.

Коргонго кире бериште бир түп жапайы жийде болор эле. Ошонун жанындагы эки метрдей жерди казып, тегерегине тикенди сайып тосуп, башын бириктирип койду. Көлмөгө суу толтуруп, өрдөк бакты. Авамдын баласын (Шанан Кудайбердиев кичине кезинде, жети-сегиз жашта эле): «Сен өрдөккө жооп бересиң» – десе, ал ыйлактап: «Мен энемин кочкорлорун багамбы

же сиздин өрдөгүңүздү караймынбы» – деп, мурдун шуу тартып коёт. Беш-алты күндөн кийин өрдөгүнүн бири жок, эмне болгонун эч ким билбейт. Кийин милийса болгон бала жаңкы баланы урат деп жан-алы калбайт, коркуп бөжүрөп ыйламсырайт. Жаңкы бала иштен келди, бирок урушпады. Кийин чоң кызматтарда иштеп, кыргыздын көрүнүктүү акыны катары атагы дүңгүрөп турса да, жөнөкөйлүгүнөн, ак пейилдүү адамгерчилигинен жазбады. ***(Жеңеси Ражапова Сардалдын эскерүүсүнөн.-1994-жыл, 30-апрель)***

## «Отту сүйөм»

Жолон Мамытов 1968-жылы басмадан чыккан **«Отту сүйөм»** деген тунгуч ыр китеби менен кыргыз совет адабиятынын босогосун ишенимдүү аттап кирген. Бул китеби анын чыгармачылыкка чоң камылга менен кирген, жаңыча ойлогон адабиятта жаңы сөз айта турган жаңычыл, келечеги кең акын экендигин далилдеген болчу.

Акын көркөмдүгү бийик, мазмуну терең турмушту, адам өмүрүн, сүйүүнү, эмгектин улуулугун даңазалаган көптөгөн жакшы ырларды, дастандарды жаратты. Элинин бакты-таалайына жүрөгү жарыла кубанып, анын бүгүнкү тагдырына, келечегине жан-дили менен күйүп-бышкан, эл менен санаалаш, мүдөөлөш, максатташ акын элдин көңүлүндөгү маанилүү ой-пикирлерди чыгармаларында чебердик менен чагылдырган. Бул касиет ага мүнөздүү экендигин бардык чыгармалары ырастап турат.

Биз мындан мурунку бөлүмдө акындын биринчи ырлар жыйнагына айтылган сын пикирлер жөнүндө учкай сөз козгогонбуз. Аны улантуунун кезеги келип турат. Адабиятчы **Санарбек Карымшаков** акындын «Пискарёв мүрзөсүндө» (12-бет), «Ойгонуу» (14-бет), «Учурлар» (61-бет) деген ырларынан мисал келтирет.

*Шок балдарын каргап жаткан аялдарга ээним кейип,*
*чаңдуу жолдо бутумду аяп жалтырата сүртүлгөн*
*тердеп-тепчип ойлуу басып келатсам:*
*Дөңгөчтөй оор муштум тийип оодаргандай эсимди,*
*турмушумду өрдөп кетти жийде бурак.*

Анан мындай жыйынтык сөзүн айтат: «Бул ырда поэтиканын илеби сезилбейт. Карандай кобуроо болуп калган. Анын үстүнө жийде буракттын жыты оор муштумдай тийип, эсти оодарып ойготсо, анда ошонун жийделиги деле курусун... Бул ырда жаман маанидеги интеллектуалдуулук басымдуулук кылгандай» – дейт. *(Карымшаков С. Поэтикалык минуталар // «Кыргызстан маданияты» -1970. -11ноябрь)*

Жийде бурактын жытына элөөрүп, сезими делбеленген лирикалык «мендин» баштапкы эксперименти оңунан чыкпай, (гипнотикалык поэзия жаратууну эңсеген) сынчынын «жаман маанидеги интеллектуалдуулук» деген божомолунда негиз бардай. Бирок жаш акын биринчи жыйнагына экперимент катары жазылган эки-үч ырын кошо бергенинде чечкиндүүлүк, ырдын жаңы стилдерин издегени жана изденүүнүн жаңы алкактары байкалат.

«Акындын табиятына эркин ыр формасы жат» – дейт С. Карымшаков. Кийинчерээк поэзиядагы мындай «жаңычылдыкка» дагы бир көрүнүктүү адабиятчы **Качкынбай Артыкбаев** кайрылып, мындайча түшүндүрмө берип кетет: «Жаңы мазмундун мындай салттуу формада кеңири ачылышы менен бирге, анын өзгөчөлөнгөн башкачараак формада көрүнө баштагандыгы да 60-жылдардагы поэзия үчүн мүнөздүү. Бул баарынан мурда кылымдар бою калыптанган кыргыз поэзиясынын уйкаштык системасын «бузуудан» келип чыккан форманын көрүнүшү эле». *(Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы -Фрунзе: Мектеп, 1982.-220-б.)*

**«Учурлар»**

Поэзияда жаңы мазмун, жаңы форманы издөө мурда иштелип чыккан традициянын негизинде жүрөт. Бул традициялык формага жаңы мүмкүнчүлүк берет, аны байытат, ага мурда болбогон сапатты киргизет. Акындын **«Учурлар»** деген ырын талдап көрүүнүн зарылчылыгы барбы деп ойлойсузбу? Албетте, бар. Андагы ыр саптарында жаш акын жанын үрөп, экспериментке киришип жатса...

*Жашоонун ритми бузулган,*
*Бардык бийик идеяларга түн түшкөн.*
*Адамзаттын үмүттөрү айнектей быркыраган,*
*Эң улуу күчтөр да далбас уруп эс-учун билбей калган.*
*Өмүр-өлүм, кара-ак, күн-түн, сүйүү жана*
*жек көрүү деген түшүнүктөр*
*Көлгө тамган боёктой дайынсыз жоголгон.*
*Ядролук согуштун алгачкы минутасындай*
*Ушул тапта*
*Менин турмушумда чаң-тополоң жана ээндик.*
*Тамактанып жатамынбы,*
*Уулумду эркелетүүдөмүнбү,*
*кызматтабы, же*
*өзүмдү өзүм өлтүрүү жөнүндө ойлонуп*
*отурамынбы.*

Калемин сынап, биринчи жарыкка чыккан ырлар жыйнагын элге сунуп жатканда, жаш акын эч нерседен тайманбай, коркуп-үркпөй эле жаңычылдыкка умтулуп, ыр жаратууда эксперимент жасап жатпайбы. Жогорудагы ыр саптарында жан дүйнөсүндөгү түрдүү абалды айтып, «Өмүр-өлүм, кара-ак, күн-түн, сүйүү жана жек көрүү деген түшүнүктөр, Көлгө тамган боёктой дайынсыз жоголгон» деп, жашоодон чарчаган, көңүлү калган адамдай баарын жерип, танып, жаңыдан жасагысы келген абалын туюнтат.

Ыр жаратуунун жанды кыйнаган машакатынан, башкаларды тууроодон жаа бою качкандан улам ушул саптар жаралгандай. Жаш акын поэзияда өзүнө таандык жол табууда, жаңы ой, жаңы мазмун издеген экспериментаторго айланат.

*Кээде мага мынабу нерсе жетишпей калат:*
*Жалындуулук,*
*Чын дил менен берилгендик –*
*Эл таркап, ээн калган театрдай*
*аңгыраган сезимсиздик мээге толо.*
*Турмуш го. Ким бирөөгө керек болсо,*
*карызга менден алып турса боло!*

Бирок ошо оңунан чыкпай калган эксперимент ыр тизмектеринде баштан-аяк билинип-билинбей,сезилип-сезилбеген күчтүү ыргак, динамикалык силкинүү менен өзүнө тарткан күч бар. Мисалы үчүн, **«Еретик деп жарыялап, төшүмө тактай ил, мага баары бир, ушул минутада мага баары бир...»** – дейт. (Еретик– өзүнүн жеке ою, көз карашы бар атеист). А бирок баары бир, мисал келтирилген жогорудагы чаржайыт ыр саптары поэтикалык аппараттардын жардылыгынан жылаңач, жармач абалда калган.

* * *

«Күндөрдүн биринде Жолон экөөбүз чай ичип, жаңы жарык көргөн китептер жөнүндө ой бөлүшүп отурдук. Союз кезинде динге каршы ачык эле күрөш жүргөн, коммунисттик партиянын мүчөлөрү каалаcа-каалабаса да өздөрүн атеист деп эсептешкен, эсептөөгө аргасыз да болушкан... Өз эркин билдирүүгө катуу тыюу салынган. Андыктан эч кимибиз батынып, дин, бизди жараткан улуу күч – Аллах жөнүндө айта алган эмеспиз. Жашоо-тиричилигибизде ислам динибиздин ибадатта-

рын аткаруу биз үчүн канга, акыл-эске сиңген адат, жол-жобо болгон.

– Сен коммунистсиң... Кудайга ишенесиңби? – десем:

– Сурабагын. Адам баласы бир кудуреттүү, бир ыйык нерсе болбосо, эмне болуп кетээр эле... – деп, көпкө тунжурап, үндөбөй отуруп калды. *(Меңди Мамазаированын эскерүүсүнөн, 1993-жыл, 3-май)*

Акындын **«Учурлар»** деген ырынын 2-бөлүмү таптакыр башкача иштелген. Көңүлү куунак лирикалык «мен» жанагы үмүтсүздүктөн, жалынсыздыктан бошонуп, айлана-тегерегиндеги сулуулукту башкача көз менен кароого өтөт. Зирек, кунттуу бол, жан-жагыңдагы өң-түстөрдү аңдап бил дейт. Жашоодогу ак-каранын айырмасын өзүң гана чечесиң, ага өзүң гана себепкерсиң деген ой бар.

*Ишен жаштык жашоонун чексизине,*
*өмүр деген сызыктын өчкүсүнө.*
*Умтулуусуз адамда күн жоктугун,*
*миң кабылсын замандын көчкүсүнө.*

***Мезгил дүлөй, акыл, сен жарышпагын,***
***Чечкин анын эң сыйкыр алыстарын,***
*Адам менен дүйнөнүн ортосунда*
*бири-бири жаратуу табышмагын.*

*(Баса белгилеген – Р.И.)*

Мезгил – зымырык күч. Өмүр аккан суудай өтө берет, кете берет. Мындагы «мезгил-дүлөй» деген саптагы автордун кургак, жөн салды салыштыруусу мезгил деген категориянын объективдүү жана субъективдүү маани-маңызын чечмелөөдө ашыктык кылгыдай. Акын айтмакчы, жаштыктын жигери менен кандай гана чоң иштерди жасоого болот. «Акыл пештеп жасаган иш-аракетке өбөлгө» дегендей, жети өлчөп, бир кескен жаңылбайт.

Ырдын 3-бөлүмүндө **«оорулуу ойдон»** бошонгон куунак көңүл мындайча сүрөттөлөт: **«Үмүт, тилек, жалындуулук менен ишеним жаз сыяктуу байкатпай бүчүрлөй баштаган»**. Ыр түйшүгүн тарткан ыр ышкыбоздору жүрөктүн дареметине жараша ой айтышат, ой жаратат, ойдун казынасын толтурат деген тыянак келет. Келиңиз, ырдын өзүн окуйлу, балким, сиз талдоочу менен макул болбошуңуз да мүмкүн...

Оорулуу оңоло баштагандай, тунжураган ой
жүгүртүүлөрдөн
кийин алыстан үмүт менен тилекти, жалындуулук
менен ишенимди күтөт адам.
Бул жаз сыяктанып байкалбай бүчүрлөп,
Чоң марштай алыстан акырын угулуп башталат.
бум... дуп, бум... дуп,
Умтулуу коштогон бул дабыш жакындай берет.
бум... дуп, бум... дуп, бум... дуп.
Бул жүрөктүн кагышы
Мындан аркы бийликти жүрөк жүргүзөт
ага даңк!

Ырдын 4-бөлүмүндө табиятынан шыгы менен күчүнө ишенген акын акыл пештеп, акыл таразалап, албуут эмоциясын тизгиндеп жүргөнүнөн кабар берет.

Сүйүүсү серап[1], эргүүлөр мелт-калт толо күндөр...
Сезимдер көптүгүнөн мээ чытырайт
Арыстан менен бетме-бет чыккың келет.
Өзүңдү өзүң ири планда көрө баштайсың.

Ал эми ырдын 6-бөлүмү турган турпаты менен жагымдуу поэтикалык маанай тартуулайт, **«ышкынын алоолонгон илебине, жылытып турар элем түн жагыңды»** деп, өзүн табияттын бир бөлүкчөсү катары сезген лирикалык «мен»: **«Билдирип сүйөрүмдү мен сени, Жер, магдырап уйку-соодо жатканыңда, гүл коюп кетээр элем астанаңа...»** – деп, өзүнчө бир

[1] *Серап* – мол, көп.

жаңыдан пайда болгон планета катары Жер энеге боор толгойт, боор тартат, кучак жазат. Өткүрлүк, курчтук, бар же жок кылууга дилгирлик, турмуштагы терс көрүнүштөргө каршы кызуу кандуулук, максатка умтулуу, кыялкечтик, бүгүнкү күндүн жыргалчылыгына канааттануу, же тануу – булардын баары жаштыкка мүнөздүү сапаттар эмеспи. Жердин улуулугу менен сулуулугуна суктануу, ак менен каранын күрөшүндө – адам бирде жеңип, бирде жеңилип отуруп, максатына жетерин, «жашоо–бул күрөш» деген аксиоманы мыйзам ченемдүүлүк катары караган 7-бөлүм жерге арналган.

Адам дайым ошол карама-каршылыктардын бир
тарабында болот.
Экинчи тарабы менен кандуу казатка чыгат.
Жеңилүүгө же жеңүүгө тийиш!
Менин ордум: Эркиндик, Теңдик, Бакыт, Достук
тарабында.
Булар үчүн күрөшүүгө, өлүүгө болот.
Мага милдет так, менин тарабым!

Ал эми №8-бөлүм **«Буйрук–проподовед»** деп аталат.
Сезимдер зеригүүнү ураткыла,
Булчуңдар чаалыгууну унуткула.
Үмүттөр, курчугула толкундарга,
Чагылган жүрөктөргө жумурткала!

Пафостуу чакырыктар сыяктанып калган. Ураалап ураан чакырып, ыкчам, бат чагылгандай тездикке, эрдикке, баатырдык сапатка үндөгөнсүп кетет. Эгерде ушундай темпте, ыргакта ырлар кулагыңызга жаңырып турса, кандай болорун элестете аласызбы? Ушул ырлардын адамды өзүнө аргасыз тарткан сыйкырдуу күчүнө ишенесизби? Баары окурмандын кабылдоосуна жараша эмеспи. Эксперименттин өзү жакшы нерсе. Мурун-соң бирөө-жарым жасабаган, айтпаган,

көрсөтпөгөн ыкманы иштеп чыгуунун өзү жаңычылдык. Тилекке каршы, ал ойдогудай чыкпаганы менен анын сабагы, анын түрткүсү менен чыгармачылыктагы жаңы баскычтардын жаралганын эстен чыгарууга болбойт. Кемчилик, жаңылыштык, аны өз убагында байкап, оңдоп-түзөп кетүү – келечектеги даңгыр жолдон адашпоонун жакшы ыкмасы. Турмушта да ушундай эмеспи. Күрөшпөгөн кишилер гана адашпайт, жаңылышпайт.

Байкалып жаткандай, жаш акын сөздүн күчүнө, кудуретине өтө ишенген. Ошондон улам сөздүн күчү менен гипноздоого болот, сөздүн күчүнөн адам кыймылын, баскан-турганын башкарууга, акыл-эсин жөндөөгө, ой-кыялын чабыттатып, ой-жүгүртүүсүн өстүрүүгө болот деген кыялкечтиктен улам **гипнотикалык поэзия** жаратам деп ойлогон. Жогорудагы биз атайын кеңири токтолуп өткөн үч ыры тең ошол кыялдан жаралганы байкалып турат. Бирок поэзиянын материалдык каражаттарындагы: муун өлчөмдөрү, ыр саптарынын ички-тышкы уйкаштыгы, көркөм сөз каражаттары, ритмикалык тыкандуулук, рифмалык айкалышуу, ширелүү жана башка бир катар талаптарсыз ойду бышыруу, толук кандуу маңыздуу жеткирүүгө болбой турганына ошол алгачкы ыр китебинен кийин эле автордун көзү толук жеткен.

Жолон Мамытовдун алгачкы акындык дебюту **«Отту сүйөм»** ыр жыйнагынын адабий чөйрөдө, сынчы, адабиятчы, окумуштуулардын макалаларында көбүрөөк сөз болушунун объективдүү себептери төмөнкүчө: Биринчиден, аты-затына жарашкан чыгармалары бар, үнү жетилип калган «от жүрөк» акындын поэзияга келиши. Экинчиден, традициялуу жана эркин формада ийги иштеп, өзүн көрсөтө алышы. Үчүнчүдөн, «эксперимент» жасоого астейдил аракеттениши.

Кыргыз адабиятындагы көрүнүктүү окумуштуулардын бири, академик **Абдыганы Эркебаевдин** мындай

деп айтканы бар: «Жолон Мамытовдун чыгармачылыгын таасын тааныткан мыкты сапат – талантынын күчтүүлүгү, ачык өзгөчөлүгү эле. Менин баамымда ал жанар тоодой бугуп жаткан күчтүү эмоциялардын, албуут стихиянын акыны болчу. Анын атын окурман журтуна, адабият чөйрөсүнө «жарк» эте тааныткан **«Отту сүйөм»** деген алгачкы китеби бекеринен ушинтип аталган эмес. Ооба, Жолон Мамытов отту сүйгөн, жарыкты жактырган акын эле, жалын эле...» *(Эркебаев А. «Ленинчил жаш».1988.-№31.-12-март)*

## ОНУНУЧУ БӨЛҮМ

## Эх, Арбат, Арбат... кыргыздын да өз Арбаты болсо кана?

### Эсендик кат

**Андагы Төлөйкөндүн салкын абасынан дем алып, жыргалдуу турмушта жашап жатышкан жандан артык көргөн апам Алмаканга, агаларым – Кудайбердиге, Раимбердиге, Туратка, Раимжанга, Абдираимге, Абдибаитке, Момушка; эже-жеңелерим – Меңдиге, Султанга, Мейилге, Маякка, Улан-шокко жана бул жерде аты жазылбай калган бардык туугандарга мындагы өлкөбүздүн борбору болгон Москва шаарында өз окуусун улантып, акын болуунун жолун таба албай айласы кетип, үйдү сагынып, жакында барып калам деп күн санап, анткен менен сак-саламат, ойноп-күлүп жүргөн уулуңар Жолон жүрөгүнөн жарып чыккан ысык саламын ушул ак кагаз жана советтик тынбай жүрүп турган почта аркылуу кош колдоп жөнөтөт (залда күлкү). Кандай тынч-аман жатасыңарбы? Эмне жаңылыктар болууда. Кат келбей калганынан улам ушул катты жазып олтурам. Бул катты алгандан төрт-беш күн өтпөй, буюрса барып калармын. Ошондуктан жооп жазып убара болбогула. Тынччылык эле болсо болгону. Бүгүн базар. 3 ыр жаздым. Горькийдин «Жизнь Клима Самгина» деген романын баштадым эле, кызыксыздай. Бан-**

**деролду алган чыгарсыңар. Беш тыйындан болсо да, баарыңарга белек кылгам. Сөз ушул. Экөөбүздүн баш кошконубузга алты жыл болушу, Уландын үч жашка толушу менен куттуктайм! Бардыгыңарга ден соолук, ийгилик тилеп, колуңарды бек кысып, Жоко.** *(Жолондун туугандарына жазган каты. Москва, 20-октябрь. 1969-жыл.)*

Үч баласын сүйгөн жары менен айылга апасына таштап,өзү азилге салып айткандай **«акын болуунун жолун таба албай»** күмөнсүп, бирок алдына койгон максатына жетүү үчүн турмуш жолундагы бардык кыйынчылыкка, тоскоолдуктарга каршы турууга, аны жеңүү үчүн жаңы жолго жалтанбай бет алган жаш акынды Москва шаары кучак жайып тосуп албаганы бештен белгилүү.

Москванын көчөлөрүнүн бири – Арбаттын атагын чыгарган чыгармачыл адамдар болгон. Орус падышачылыгынын учурунда атактуу княздар, кол башчылар, дворяниндер бийликте турганда деле Россиянын ар кайсы губерниясынан, туш-тарабынан агылып келген интеллигенттердин сүйгөн жайына айланган. Эски Арбаттын мынчалык сүйүү менен атак-даңкка бөлөнгөнүнүн себептери эмнеде? Канча мезгил өтсө деле статусу жогорулап, орус интеллигенциясынын ордосу катары белгилүү көчөнүн сыры эмнеде?

Жолон акынды да Арбаттын тарыхы, учурдагы маданий-көркөм чыгармачылык турмушу, орус адабиятынын чыгаан өкүлдөрүнүн басып өткөн жолу, адабий изи, тагдыры кызыктырган. Бош убактарында кыдырып,баш-аягы бир километрден ашыгыраак көчөнүн адамды магниттей тартып турган эмнеси бар деген суроого бизге окшоп жооп издегендир?

Москванын борбордук бөлүгүндөгү административдик округдагы атактуу Арбат дарбазасынан тартып, Смоленск аянтына чейин созулган көчөнүн оң жагынан Серебрянный, Малый, Николопесковский сыяктуу та-

рыхый дагы үч-төрт майда көчөлөргө бөлүнөт. Ал эми көчөнүн сол жагынан Большой Афанасьевский, Староконюшенный, Калошин өңдүү эски аталышын сактап калган кичи көчөлөр бири-бирине уланат, ичкериден байланышат.

Князь Иван IIIнүн доорунда Москвада курулуш иштери кулач жайган. Батыш Европадан келген архитектор-куруучулардын көрсөтмөсү менен шаарды кайра куруу, оңдоп-түзөө жумуштары башталат. Тартипке,иретке салына баштаган шаардын ортосунда атайын ачык аянтча пайда болуп, ошерге ар кандай устаканалар жайгашат. Алар өндүрүшкө чоң салым кошкон. Арбаттын жанындагы Можайский жолунда темир иштеткен, ээр-токум, үзөңгү-кууш жана башка ат-жабдыктарын жасаган усталардын устаканалары орун алат. Алар княздын атканасына керектүү ат жабдыктарды, шаймандарды жасап, камсыздап турушкан. Ошентип отуруп, от менен иштеген темир усталар Конюшенная Слабоданын биринчи тургундары болушат.

Биринчи Арбат (Орбатская, Большая Орбатская түпкү аталышы) көчөсүнүн илгерки аты «Воздвиженка» болгон. 1547-жылы капыстан өрт чыгып, Воздвижение ибадатканасы (храм) күйүп, андан уланган өрт Арбатка жайылат. Бир нече үйлөрдү жалмаган өрт араң өчүрүлөт. Арбат көчөсү жөнүндөгү маалыматтар 1565-жылга таандык. Ошол маалда аталган көчөдө Николай Чудотворецтин «Явленного» чиркөөсү болгон.

Тарыхый маалыматтарга караганда, 1658-жылы падыша Алексей Михайлович Арбатты Смоленский көчөсү деп атоого буйрук чыгарганына карабастан, москвалыктар тарабынан колдоого алынган эмес. XV–XVI кылымдарда көчөдө үйлөр жок эле. Ал жерде жалаң темир усталар узанып отурушкан. 1736-жылы катуу өрт каптап, эски Арбат өрттүн кучагында күлгө айланат. Ошондон кийин шаар бийлиги тарабынан Арбатты кеңейтүү, көчөнү оңдоп-түзөө жөнүндө ата-

йын буйрук чыгат. Мына ошо тарыхый чечимден кийин Арбат Москванын көрүнүктүү көчөсүнө, тагыраак айтканда, аристократтардын көчөсүнө айланат. Арбатка орустун ошол кездеги эң белгилүү, мартабалуу, байлыгы ашып-ташкан дворяндары үй салып жайгашат. Алар Толстой, Ростопчин, Гагарин, Долгорукий, Кропоткиндер ж.б. (ушул тизме дагы уланат) сыяктуу орус тарыхында аты калган ак сөөктөр болгон. Москванын таржымалында болуп көрбөгөн ампир стилиндеги анчалык чоң эмес жыгачтан үйлөр курулган. Алардын айланасын калың бактар курчап турган, бирок дүкөндөр болгон эмес. 1806-жылы Арбатка театр курулат деген сөз жүрөт, бирок эмне себептен курулбай калганы белгисиз.

Атактуу Арбатта орус адабиятынын пайдубалын түптөгөн, дүйнөлүк адабияттын өнүгүшүнө салым кошкон, шедеврлери көркөм адабияттын классикалык үлгүсүнө айланган орустун адабият корифейлери, акын-жазуучулар: А. С. Пушкин, Н.В. Гоголь, Л.Н. Толстой, А. П. Чехов, А. Блок, А. Белый жана башкалар жашаган. Кийинчерээк москвалык ар кайсы интеллигенция өкүлдөрү жашап, дүкөндөр, мейманканалар курула баштаган. 1908-жылы электр трамвайы жүргүзүлгөн.

Арбат 20-кылымдын башындагы белгилүү акын-жазуучулардын сүйгөн жайына айланган. Мисалы үчүн, «Литературный особняк» адабий кружогунда **Сергей Есенин** калеми кургай элек «Пугачёв» деген поэмасын окуп берген.Ал эми «Серебрянный» чолок көчөсүндө атактуу орус композитору **Сергей Рахманинов** жашап, өлбөс-өчпөс чыгармаларын жараткан. Ошол кездин калемгерлеринин башын бириктирген, адабий байланышына көпүрө катары кызмат өтөгөн «Арбатский подвал» кафесиндеги адабий кечелерде **Владимир Маяковский** көнүмүш «сары блузкачан» поэзия күйөрмандарына ыр окуп берген. «Мастфор»

деп аталган театр студиясы бир топ театралдык талантгарды таптап, чыгармачылык чыйырынын башатына негиз салып, тарыхта белгилүү болгон.

## Омор Султановдун каты

«Жоке, саламатсыңбы!

Менин жиберген китептеримди алдыңбы? Даутян кандай жүрөт? Ал китептердин тереңине түшүп кеткен го, кат да жок көптөн бери. Аны орус тилинде сын жазууга үгүттө. Ошону жакшылап өздөштүрүп албаса, биз үчүн (өзүң билесиң) жол туюк экени белгилүү го. Өзүңдүн бүтүшүңө да аз эле калды. Орусча ырлар жарыялоого аракеттен. Досторду (ар улуттан) көбүрөөк тап. Бул жердеги атмосфера барган сайын татаалданып баратат. Бөлүштүрбөй сүйлөгөн бир да адамды көрбөдүм. Улутчулдук эмес, уруучулдук күчөгөнүн карасаң. Мунун баары социализмдин даяр дасторконуна мандаш урунуп олтуруп калганыбыздан го. Бул уруучулдук жаш таланттардын гана трагедиясы эмеспи. Бирок уруучулдукка каршы өлгөнчө күрөшүү керек. Түшүнүктүү жаштар ал тупикке кирбес деп ойлойм.

13-мартта «Кыргызстан маданияты» газетасында талкуу болду. Докладда сындын дымып калганы айтылды. Чыныгы сынчы болуп Даутян (Кадыркул Даутов) чыга келди. Биз ыраазы болуп отурдук. Активдүү кабарчыларга китеп беришти. Алым Токтомушевге «Аскадан үн» тийген экен, акырын отургучтардын алдына ыргытып жиберди. Ана результат. Менин жаман жыйнагым болсо чыкпайт окшойт, түңүлдүм. Ошол жерде иштеген А. Абакировдун жаңжалын Кадыркулга жазгам, сурап алсаң болот. Өзүм ыр жазып деле жыргаткан жокмун. Темамды бекиттирип алгам. Ошону акырын кылдыратып атам. Үй-шарты да келишпейт, кечке иштесем...

**Курбанбай 4–15-марттарда биздин үйдө үй-бүлөсү менен болду. Зулфиянын экзамендерин бүтүрүштү. «Маршагына» договор түзөм деп оолугуп келген экен, оңунан чыкпады. «Мектептеги» китебин 1972-жылга киргизебиз дешиптир. Ал Москвага (Даутян жүргөн жерге) аспирантурага документин тапшырды. Азыр авторефератын жазып жүрөт. Өтсө сентябрдан баштап силерге кошулат ко.**

**Жоке, зарыл нерселер болсо катка жазып тур. Сенин чыгармаң чыккан газета же журнал болсо сөзсүз салып турам. Маскаптагы жаңылыктарды жазып тур.**

**Сүкөң болсо жүрөт. Алар подвалдан 2-этажга көтөрүлүшкөн. Сенин китебиңе эки макала түшүптүр, начар жазылган дейт. Жамандап эмес, сенин духуңду ачып бере албайт экен. Байгажанова менен Ирисов да жазышыптыр, ал да Сүйөркулдун купулуна толбой жүрөт. Аны чыгарганы жатышкан. Токтогул, Ленин комсомолу сыйлыгы дегендер тоскоолдук кылып жатат көрүнөт. Даутянга, Кайырга жана башкаларга салам де»** *(Омор Султановдун Жолонго жазган каты, 18-март, 1970 -жылы, саат: 22.25).*

Кыргыздын чыгаан акыны **Омор Султановдун** Жазуучулар союзундагы аттуу-баштуулардын арасындагы уруучулдук жөнүндө кабыргасы кайышып айтканы жөн жерден эмес. Жердешчилик, уруу-урууга бөлүнүү, трайбализмдин кесепетинен калемгерлердин канчасы жабыр тартып, китептери жарыкка чыкпай, моралдык запкы жегенин калемдештери өздөрү кеп кылып жүрүшөт.

Жолон Мамытов адабият институтунда окуп жүргөндө сабактан колу бошой калса эле, ыр жаратуунун түйшүгүндө болгонун, экинчи ырлар жыйнагын чыгарууга астейдил даярданганын Москвадан жазган каттары күбөлөп турат. Адабияттын теориясын-практикасын, орус жана дүйнөлүк адабияттын шедеврлерин окуп, адабий секцияларда талдоо, анализдөө, пикир

айтуу сабактары канчалык оор, машакаттуу болгонуна карабай, келечектеги жаңы ыр жыйнагынын тагдыры тартып турганынын себеби эмнеден?

**«Айланайын Мендим!**

**Менин кыйынчылыкка жедеп көнгөн, таза ойлуу кичинекей баатырым! Сенин катыңды алып окуп, мен өзүмдү дагы бир жолу ит, акмак экенимди билдим. Мен адам болсом, апам менен эжем экөө менен эчак эле ачык сүйлөшүп, тынчытып коймок элем. Мунун баары келип, алардын түшүнбөстүгү, караңгылыгы, эски тартиптин биздин үй-бүлөдө али күчтүү таасири бардыгы го. Анын ордуна мен алардын көзүнчө сени кемсинтип, баш ийдирип, алар менен компромисске кирип калган экенмин го.**

**Эскилик менен жаңылык жалпы сөз тапкандагы натыйжа сенин башыңа кайгы болуп түшүп жатат. Сен мага көп сөздөр айткың бар эле, бирок мен айтууга мүмкүндүк бербей жүргөм. Сен менин күң катары эсептелген аялым эмес, күчтүү, эрктүү, сезгич индивидумсуң. Мен ошону түшүнгүм келген эмес. Бирок качандыр бир кезде түшүнүшүм керек эле. Эми ошол стадияга жеттим. Биздин мындан аркы турмушубуз: бири-биринин чегарасын, салтын, закондорун сыйлаган эки мамлекеттин жанаша жашоосундай өтүүгө тийиш. Эгер мен өз милдетимди аткарбай сени басмырлап, күч позициясына өтсөм, мени менен достук байланышты үзүүгө толук акың бар жана тескерисинче.**

**А сүйүүчү! Бизде ал жок беле? Чыныгы сүйүү тең укуктуу, эки жаштын бири-бирине болгон эң ыйык сезимдери, таза мамилеси, ак жүрөгү, иш жүзүндө (ар бир майда, күндөлүк кыймылдардан байкалган адамгерчилиги) болгон тыгыз байланышы го. Мен келечектен укмуштуудай зор сүйүүнү күтөм! Куру төш каккым келбейт, сенин сүйүүңө али татыксызмын... Улуу келечек, жакшы күндөр, мен үчүн тарткан кайгыңды бөлүшүүгө уруксат эт! Мени кечир! Сенден**

**суранарым: Турат акем менен уялбай эле ачык сүйлөшүп абалыңды баянда. Мен кат жазсам зор чууга айланбасын дедим. Аз калды, чыда! Бекем кучактап өөп, ысык саламым менен Жолонуң.** *(Жолондун Меңдиге жазган каты, айы-числосу, жылы жазылбаган)*

Башка бүлөнүн турмушу – караңгы токой. Ар бир үй-бүлөнүн өзүнө таандык картинасы, мамилеси, кайын журттун келинге болгон көз карашы, «казан-аяк кагышат» деген түшүнүктүн тегерегиндеги майда-барат окуялар, мүнөздөр, кыял-жоруктар роль ойногонун танып болбойт. Жубайынын чиедей үч бала менен айыл жеринде жашап, көр тиричиликтин бүтпөгөн, кайталанма айлампасында утурумдук оокаттын кем-карчын толуктоого жанталашканы, убайымга түшкөнү сезилет.

Жолон Мамытовдун Москвадагы күндөрү жайбаракат өткөн эмес. Ал жеке чыгармачылыгы менен алпурушуп, жаңы жазган ырларын Кыргызстандагы басылмаларга үзгүлтүксүз жөнөтүп турган.

**«Жолон!**

**Катыңды алдым. Ыракмат! Мен Ташкенден келгенден кийин Москвага барганмын. 18–21-майда сен турган шаарда болдум. Бирок убакыт таап сени менен учураша албадым. Аскер адабияты жөнүндө кеңешмеге катыштым. Тиги жак, бул жакка алпара берип убара кылышты. «Зеленный городокко» да барып, Титов менен жолуктук.**

**Бул жерде өзбек агайындардын декадасы жакшы өттү. Өтө ыраазы кылып узаттык. Башка жаңылыктар деле жок. Азыр бардыгы отпускага кетишет го. Мен июлдун бешинен тартып чыгып, эки жума айылда болуп, анан калган эки жуманы Ысык-Көлдө өткөрсөкпү деп жатабыз. Кандай болот билбейбиз.**

**Сенин китебиңдин чыгып жатышы жакшы экен. Келишим түздүңбү? Түзбөсөң түзүп, тыйынынан алып**

коюш керек. Менин китебим да 4 басма табак «Кыргызстандан» чыгуу керек. Азыр кол жазманы даярдап, өзүм машинкага басып жатам. Ошону тапшырсам отпускага кетем. Сенин китебиң жөнүндө Салибайдын макаласын жибердим. Балким, окуй электирсиң. К. Артыкбаевдин макаласын окугам. Түшүнүктүү да...

Исраилге салам айтып, менин атыман ийгилик тилеп кой. Саламым менен Сооронбай». *(Сооронбай Жусуевдин Жолонго жазган каты, 19-июнь, 1970-жыл)*

«Жолон!

Эки катыңды тең алдым. «КМга» ырларың чыккан экен, ошол күнү сага бирди жөнөткөнмүн. Эми «Ала-Тоо» үчүн ырларыңы жибер. Тобокелге салып көрөлү. Февраль, март айларына жиберип койсоң ажап эмес. Биз Ошко бара элекпиз. Абдумомуновду Т. Усубалиев Ереванга Арменияның 50 жылдык тоюна ээрчитип кеткен. Эртең-бүрсүгүндөн кайтышаар. Ошолорду күтүп жатабыз. Балким, 2–3-декабрда жөнөп калаарбыз.

Ошол көчмө пленумга дубал газета чыгарууну мага тапшырышкан эле. Бир жумадан ашык иштеп, эми эртең дем алыш күнү бүтөм го деп турам. Аябагандай чоң, аябагандай кооз газета болду. Жазуучулар союзунун тарыхында мындай дубал газета чыга электир. Сенин «Ата Журт» деген ырыңды бердик. Сага акча жөнүндө айтып көрөйүн. Регистан келгенде эле ошонун өзү менен сүйлөшкүн. «Мектептеги» жыйнагың жөнүндө мага натуура маалымат беришсе керек. Ылайым, 71-жылда чыксын! Фантастикалык аңгемеңди кайда бересиң? «КМгабы?» Көлөмдүү депсиң. Алар 20 беттен ашыгын чоң көрүшөт. Кадыркулга, Акбарга менден салам айтып кой.

Колуңду бек кысып, Сооронбай». *(Сооронбай Жусуевдин Жолонго жазган каты, 28-ноябрь, 1970-жыл)*

Жолон өзүнө ишенип берилген бардык жооптуу коомдук кызматтарды аркалап, өзүнүн мыкты жак-

тарын көрсөтө алды. Республикабыздын Жазуучулар союзунун жетекчилеринин бири болуп кызмат өтөгөн кезде ишмердиги, мээнеткечтиги менен кимге болбосун, кайсыл маселе болбосун дайыма калыс, адилет, тегиз мамиле жасагандыгы менен адабий коомчулукта кадыр-баркка ээ болгон.

Жолон кыргыз поэзиясынын жанып турган жылдызы эле. Анын ар кыл темадагы ырларын, дастандарын окуганыбызда чыгармачылыктын не бир купуя сырларын кылдаттык менен өздөштүргөнүн көрөбүз.

**«Жолон!**

**Катыңды алдым.**

**Съезд 13–14-майда өтмөй болду. 1-Май майрамынан кийин сага чакыруу телеграмма жиберет. Меңдини алып келе бер, съездге катышканы дурус. Чакыруу билет менен ар ким кире берсе болот. Мен билет алып коёюн. Төлөгөн эч качан убадасына туруп көргөн эмес. Менин ырларымды 4-санга бермек эмес беле, 4-гө К. Маликовдун ырларын бериптир. Ал түшүнүктүү. Демек, ушул учурда Маликов ага пайдалуураак. Менин 500 саптай ырым май айына чыгыптыр. Анда да Артыкбаевдин, Исаковдун өтө эле көп ырларына кошуп беришкен. Демек, ыр чыкты деген аты болот да, калем акыдан жарытпайт.**

**Сенин ырларыңды июнга бер деп кулагынын кужурун алып жатам. «Карап көрөлүдөн» башка ачык убада айта элек. Күндө айта берип, өзүм да чарчадым. «Анын абалын байкагын, окууну бүтүп келгенде материалдык жактан да колдоо керек» деген сөздөрдү көп эле жөнөттүм. Кимдин азыр пайдасы тийсе гана ошого карай мамиле кылат да. Ошентип сенин ырларыңдын июнга чыгышы да күмөн. Мен дагы аракет кылып көрөм...**

**Бизде съездге карай даярдык жүрүп жатат. Абдумомунов өзү гана доклад кылат. Анын доклады үчүн роман-повесттерди окуп, алар жөнүндө пикир жазуу ме-**

**нен алекмин. «Литературный газетада» (28-апрелдеги санда) кыргыз адабиятына арналган бетке менин да макалам чыкмак эле, окуп көрөрсүң. Мен жыйнагыма «Дабан» деген ат коюп, кечээ өндүрүшкө тапшырдым, июль, августта чыгып калар. Маймулидзе кызматтан бошоп, ордуна ким болору белгисиз. Турар болор эле, бирок Аалынын «Мумиясына» редактор болгондон улам саал бети чиркөө болуп турган имиш...**

**Эртең 23-апрелде республикалык партактивдин жыйналышы болот. Ошондон кийин чоң үй биздин съезд жөнүндөгү маселеге чындап киришет го. Съезд жакындаган сайын түрдүү ушактар көбөйүшү табигый маселе. Таштын кызматка которулушу жөнүндө эшите албадым. Ал өзү да келди эле, мага эч нерсе айтпады. Сенин кызматың жөнүндө ойлоно жүрүштү Жунайга айттым, мындан ары дайым эстетип жүрмөкмүн. «Ала-Тоонун» № 3 санына «Түрмөк булуттар» жөнүндө С. Карымшаковдун макаласы чыкты. Поэманы гана толук анализ кыла албаптыр. Окуп көрөрсүң. Кош, жакшы тур!**

**Баягы Регистандан дагы кабар алып көрөсүңбү? Гарольд Габриэльевич – 229-70-25. Китебимди кимге котортмок болду экен? Мен Белоруссиянын съездине барайын деп ниеттендим эле (26-апрелдеги), Шабданбай озуп кетиптир. Ал дагы жакында силерге барып келет. Саламым менен Сооронбай».** *(Сооронбай Жусуевдин Жолонго жазган каты, 22-апрель, 1971-жыл.)*

Жолон чыгармачылык кубаты толуп турган убакта арабыздан кетип, нечен сонун ойлорду кагаз бетине түшүрүүгө үлгүрө албады. Иш столунда «Токтогул Кытайда» (Тегирментидеги токсон күн) деген жарымы гана жазылып бүткөн жаңы пьесасынын кол жазмасы калды. Жолон Мамытов акын жана поэзия жөнүндө мындай ой айткан:

*Күч жок экен поэзиянын күчүндөй,*
*Акын үчүн бул дүйнөдө өлүм жок,*
*Жазган ыры элде калса бүтүндөй.*

«Жолон!

Сенин ырларыңды жана мурдагы, кийинки каттарыңды алдым. Ошко 6-декабрда барып, 13-декабрда кайтып келдик. Ошко барганда эки топко бөлүнүп, эки жакка жөнөдүк. Абдумомунов, Үмөталиев, Мавлянов, Султанов, Урмамбетов, Абдыраманов, Сулайманов жана мен кирген топ Совет, Өзгөн райондоруна жана Сузак районундагы У. Абдукаимов атындагы орто мектепте болдук. Жангазиев, Маликов, Токтомушев, Кожомбердиев, Мияшев,Ташбаев кирген топ Баткен, Лейлек, Ноокат райондорунда болушту.Эң акырында 12-декабрда Ош désинститутунда поэзия кечеси болду. Бир топ жолугушууларда Абдумомунов сен жөнүндө жакшы сөздөрүн айтып жүрдү. Жолугушуулар абдан жакшы өттү. Эми баягы көчмө пленум январдын жыйырмасынан кийин өтмөк болду. Сен бул жерде болсоң, катышып каларсың.

Ырларыңды окуп чыгып, ичинен «Жылдыздан жылдызга бут таштап» жана «Төрттүктөр» деген ырларыңды алып калып, калганын Жунайдын колуна тапшырдым. Жунай окуп чыгып, анан Төлөгөнгө сунуш кылганы туура болот. Ырларыңдын көбү жакшы. Мен алып калган ырларыңдын биринчисинде оюң тумандуу. «Төрттүктөрүңдө» оригинальный ойлор бар, бирок наивный, башта белгилүү ойлор да көп кирип кеткени көрүнүп турат.

«Кеч күздө» деген аңгемеңди «Ленин жолуна» эмес, «Кыргызстан маданиятына» эле берсемби деп турам. «К.Маданиятка» деле ылайыктуу, анын үстүнө алар аңгемеден жутап турушат. «Бир тынымыңды» кайсы газета-журнал болбосун оңой менен чыгара койбос. Аңгеме дурус эле, бирок темасынан чочушат дейм.

Акча жөнүндө бухгалтерге айтсам, бул жылдын акчасы түгөнгөн, бир жылдык мөөнөт менен карызга (возвратная ссуда) 100 сом берип тура алабыз дейт. Балким, өзүң келсең, творческая командировка же

**творческий период деген статьялар менен жаңы жылдын эсебинен эле акча алганың дурус болор дейм. Үйгө эптеп жетсең, кайра Москвага кетерге да акча керек болор сага.**

**Менин китебиме сын чыгыптыр, окуп көр. Макаланын аягындагы «кемчиликтер» бөлүмүнө күлкүм келет.Жылкы кырылып жатканы,табият жакырданып бүлүнгөнүн сынчы билбейт окшойт. «Өзүбүздүн тообузду баалабайбыз» деп, мен тоо эмес, Айтматовду айтканмын. Регистан менен өзүм телефон аркылуу сүйлөшөм.**

**Саламым менен колуңду кысып Сооронбай.** *(Сооронбай Жусуевдин Жолонго жазган каты, 22-декабрь, жылы жазылбаган)*

Ж. Мамытов көзү барында Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты болсо, көзү өткөндөн кийин **«Сепил»** аттуу операнын либреттосу үчүн А. Малдыбаев атындагы сыйлыкка, «Жүз жашка тол, кылым» аттуу ыр китеби үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болду.

**«Бул күндө акын туулуп-өскөн балалык күндөрүн өткөргөн Ош шаарынан алыс эмес, Ак-Бууранын күн чыгыш жагынан Жолон Мамытов атындагы орто мектепти жана анын музейин, Ак-Бууранын күн батыш жагындагы Төлөйкөн айылынан Жолон Мамытов атындагы чоң көчөнү көрөбүз. Мунун бардыгы анын жогорудагы айткан ою ырасталып, элге калтырган ыры да, өзү да өлбөгөндүгүн, тууган эли да атактуу акын уулун, асыл уулун эч качан унутпай тургандыгынын анык далили».** *(Сооронбай Жусуевдин Жолон жөнүндө эскерүүсүнөн. Бишкек, 25-ноябрь, 1994-ж.)*

**«Меңди!**

**Куттуктоо телеграммаңды ошол эле күнү алдым. Чоң ыракмат! Майрам убагында азыраак ичип, азыраак көңүл ачтым. Мына майрамдын эртеси да болду.**

Кайрадан өзүмдүн күндөлүк ишиме kириштим. Либреттону жазып жатам. Бул либреттону баштаганга чейин бир топ либреттолорду окуп чыктым, мен үчүн жаңы болгон бул жанрдын законченемдүүлүктөрүн аз да болсо изилдегенсидим.

Эми ошол тажрыйбаны өз чыгармачылыгымда пайдаланып жатам. Абдан көлөмдүү, 14 беттен турган фантастикалык аңгемени бүттүм. Фантастика менин эң бир сүйгөн жанрым экенин билесиң го. Ал аңгемени Кадыркул окуп чыгып, дурус деген оюн айтты. Бир нускасын кийинки катта сага да жөнөтөм. Жыйнакты сопсонун кылып даярдап, 3-ноябрда эле жөнөтүп жибергем.

Бул чоң иштен кутулуп алганыма өзүмдү кыйла жеңил сезип калдым. Жыйнакка 98 ыр кирди. Менин мында жаңыдан жазган ырларымдын көпчүлүгүн жеп кетти ал жыйнак. Бүгүн 8-ноябрь.Бүрсүгүнү окуу башталат. Дагы бир жарым айдын жүзүндө,жаңы жылдын алдында көрүшүп калабыз. Вильям Сароян деген америкалык жазуучунун «Человеческие комедии» деген китебин жаңы эле окуп бүтүп, анан сага кат жазууга kириштим. Менин каттарымды алып жатсаң керек? Негедир сенден кат жок да, бир кат келген бойдон? Жалкоолук кылып жатасыңбы? Кайырдан кат алдым, Сооронбай акеден куттуктоо телеграмма келди, Эгемберди Эрматов деген баладан открытка алдым. Мени эсине алган ошол төртөөңөр болдуңар, баарыңарга чын жүрөгүмдөн ыракмат айтам.

Апамдын ден соолугу жакшыбы? Дагы орозо кармап жатса керек, картаң адам, кой десең түшүнбөсө кантмек элек, жакшылап карап, тамагын убагында жасап берип тур. Менин кызым Айгерим чоңоюп жатабы? Макиш менен Улан кантип жүрүшөт, аларды азыраак тилдеп, көбүрөөк жакшы сөз айтып үйрөткүлө, алар эң бир маданияттуу, эстүү, жакшы мүнөздүү балдар болуп өсүүгө тийиш, жиниңе көп тийишсе, пси-

**ховать этип кетчи элең, антпе. Азыр алар кичинекей да. Ошондуктан өзүңдү да азаптантып, аларды да капа кылба. Агалар үй-бүлөлөрү менен тынчтыкта турушабы? Аларга кат жазгам,негедир жооп жазышпады. Шанаң ооруканадан чыкканбы? Урмат кантип жатат? Султан ишке киргенби? Өйүздөгүлөр сак-саламатта турушабы? Кыскасы, өзүң билип менден бардык тууган-уруктарга, досторго салам айтып коёрсуң. Жаман деген адамдын да жакшы жакшы жактары бар да, жардам этсе, жакшы шарттарга туш келсе андай адам аздыр-көптүр өзгөрбөй койбойт. Мен айткан иштерди кантип жатасың, аңгемелериңди редакциялоого кирише алдыңбы? Кыскасы, көп-көп нерселер тууралуу кат жаз. Баса, Керимкандан чалды-куйду жазылган бир түшүнүксүз открыткалар менен кат алдым. Бир балээлерди эле айтыптыр... Ойлоп туруп, боорум да ооруп кетти, эптеп бирөөгө турмушка чыгып алып тынчып, өмүр сүрсө жакшы болот эле. Себеби бул оору оюн эмес да, улам күчөп олтурса жакшылыкка алып барбайт. «Меңдиге качан өтүк саласың?» – деп жазыптыр. Сенден укса керек. Айгеримди келин кылып алам дейби, деги ар кыл сөздөр. Майрамыңар кандай өттү? Үйдө болгондурсуң же Момуштардыкында. Албетте, мени эстеп көңүлүң бузулгандыр, эч кимге байкатпай кайгырып да алгандырсың. Канткен менен сен азамат аялсың Меңди.Мен дайым ошого сүйүнөм, Кудай экөөбүздү издеттирбей табыштырып койгонуна. Болуптур, баарыңардын колуңардан кыса кармап, ысык саламым менен силердин Жолон».** *(Жолондун Меңдиге жазган каты. 8-ноябрь, 1970-жыл)*

Биз кайрадан жарыкка чыгары менен окурманды суктантып-тамшанткан, ал эми адабий чөйрөдөгүлөрдүн бүйүрүн кызыткан алгачкы ырлар жыйнагына кайрылабыз. Акындын биринчи жыйнагында көпчүлүк ырлары салттуу эле формада жазылган. Бирок ырларынын ички мазмунунан улам, ошол көндүм

формада эле мамытовдук жаңыча салыштыруулар, ассоциациялар, ойдун тереңдиги, подтекстти билдирүүчү сөз кудуретинин жаңы мүмкүнчүлүктөрү ачылды. Жолон илим менен техника өсүп, дүйнө өзгөрүп, жаратылышка аёосуз мамиленин кесепетинен экосистемадагы дегредациялык абалдын акыры эмне болот деп кабатыр болот.

*Биз миң жылдык, узак жолдуу марштабыз,*
*Укмуш аалам талаасында жарыштабыз.*
*Бүт адамзат жанталашат, ашыгат,*
*Кайда барса карса-курса, тарса-турс.*

* * *

*Архитектор досум мага бакырат:*
*«Кымбат бизге ар бир метр, чакырым.*
*Рельефти эч пайдаланбай бул Ошто,*
*урбанизацияга учурайбыз акыры».*
*(Мамытов Ж. Отту сүйөм. – Фрунзе: Кыргызстан, 1969. -46-б.)*

Азыркы күндө экология проблемасы адамзаттын тынчын алып жатпайбы.Тээ алтымышынчы жылдарда эле жердин рельефин бузбай, экологиянын тазалыгына, табигыйлыгына, мыйзамына (илимий аспектиден мамиле жасалса) маани берүү олуттуу маселе экендигин эскертет. Акын: «Чиеленген бырыш өңдүү колдордо, Жердин шары жолдор менен тордолгон» – деп жаратылышка сарамжал мамиленин зарылдыгын айтат.

*Жакындардан закымданат алыстар,*
*Ойго түшөт: үй,тегирмен, балык, кар.*
*Менин дүйнөм менин үлүл кабыгым,*
*Биздин дүйнө биздин үлүл кабыктар.*

«Менин дүйнөм менин үлүл кабыгым» деген саптагы «менин, биздин дүйнөнү» үлүл кабыкка (литота) салыштыруу менен, ар ким өз кызыкчылыгынан жалпынын кызыкчылыгын жогору койсо деген идея-

ны туюнткан. Адам факторунун маанилүүлүгү жөнүндөгү ойдун подтекстте айтылганын байкоого кантип болбосун. «Түбөлүк муз маселеси жөнүндө кеңешме» ачылыптыр десе, анда муздар эрип кетпегей эле деген скептиктин чочулоосу,чоң маселеден лирикалык «мендин» көйгөйүн чагылдырып бериши орундуу чыккан. Учурда дүйнө жүзүн тынчсыздандырып жаткан Жер бетиндеги климаттын өзгөрүшү, глобалдык жылуулук жана убакыттын кыскарып баратышы жөнүндөгү маселелер адамзатты түйшөлтүүдө. Ырдын акырына автор жеңил юмору менен чекит коёт.

*А мен болсо*
*бир көз караш илебиңден*
*Коргошундай көлкүп гана кала бердим якут кызы*
*кайра качан тоңорумду эч ким билбейт.*
*(Мамытов Ж. Отту сүйөм. – Фрунзе: Кыргызстан, 1969. Биз миң жылдык, узак жолдуу марштабыз.-46-б.)*

Айрым ырларындагы романтикалуу маанай, көркөм ассоциациялуу ой чабыттары турмуш чындыгына негизделгени менен көңүлгө жакын.

***Кармап алсаң балыгы сүйлөп иет,***
*коё бер деп эркиме жигит мени.*
*Атчан өтүп бара жатсаң шагылдардан,*
***салам айтат кайберен бийиктеги.***

***Жылдыз** өсөт кырларга кыркалекей,*
***Жылдыз** минип эр жетет ойноок балдар.*
***Жылдыз** алып келишет кыздарына,*
*Кой тоскону чыгышкан **бойдок** балдар.*
(«Романтика» жогорудагы китептен 10-бет. *Баса белгилеген – Р.И.)*

Ырдагы фантазиянын ажарын табияттын сулуулугуна суктанган, кыялкеч лирикалык «мендин» назик ыргактагы салыштыруусу, көркөм деталдарды ийги

пайдаланып, метафора, эпитет сыяктуу элементтердин ыгын келтирип, кылдат жасалгалоосу ачкан.

*Кыз өңдүү бакыракай коркоктугу,*
***тиктейт эрөөлдөрдүн олпоктору.***
*Шыңгырайт качандыр бир жашап өткөн*
***шыраалжын бийкечтердин мончоктору***

*Тар дүйнө кеткен өңдүү чексиз кеңип,*
*дайрада ат үстүнөн балык эңип.*
*Өзүмдү үйгө кайткан жоокер сезем,*
*кармашта биз беттешкен тарап жеңип.*

*(«Сыдырым эргип соккон айлуу түндө» жогорудагы китептен 39-бет. Баса белгилеген – Р.И.)*

Акындын көркөм ойлоосу романтикалык мүнөзгө жакын болгону менен, ал курулай романтик эмес, өзү айткандай **«тубасага канааттанбай кылчалык, бүт тулкусун кайра жууруп жасаган»** доордун талабына үндөшкөн, алга умтулган оптимисттик маанайы жарык адамдын романтикасы. Жолондун табиятка сүйүүсү, адам факторуна, дүйнөгө көз карашы, мамилеси жана көркөм ойлоосунун чабыттарын чагылдырган «Үмүткө», «Улуу күндөр», «Жер майрамы», «Ушул күндөр», «Кыш багытында», «Үмүткө чакыруу», «Мындай таңды эч качан байкабагам» деген ырлары бар.

**«Меңдушка!**

**Ахвалың кандай? Сенден кат келгенче эле дагы кат жазгым келип кетти. Азыр эле Шанакейге кат жазып бүттүм, сүрөт сураган экен, сага салган сүрөттүн бирөөсүн салып жибердим. Чамасы, үйлөнгөнү жүрөбү дейм да, мага кыйытып жазыптыр, «келиңиз» деп. Ден соолугуң жакшыбы? Дарылануу маселеси кантип жатат? Врачка бардыңбы? Отпуск сурадыңбы? Эмне үчүн «Золотой корень» таасир кылбайт, же үзгүлтүк менен ичип жатасыңбы? Апамын ден соолугу жакшыбы? Анализге мен кеткенден кийин бардыбы? Кант жеп жатабы же жокпу?**

**Айгера чоңоюп жатабы? Ата дегенди үйрөндүбү деги? Көзүн чекчейтип жылып жүрөт дечи бакыракай кызым. Куурчагын ойноп жатабы? Улан уулум жакшы жүрөбү? Аны көп урбай, алдап тарбиялагыла, акыңарды төлөйүн. Макиш сүрөтчү кандай? Жакшы тарткан, жакшы чыккан сүрөттөрүн катып койгула, кийин мен барганда көрөйүн да. Шашпай, ойлонуп тартып үйрөнсүн.**

**Кудайберди акемдер, Якут жеңемдер, Турат акемдер, Момуштар жана калган бардык туугандарга салам. Өйүзгө бардыңбы? Жума акем Фрунзеге кетиптирби? Эл-журтта, газета-журналдарда, шаарда не жаңылыктар болууда?**

**Мен болсо окуп жатам. Баягы турмуш. Үйдү, өзүңөрдү сагынмай. Эркин экөөбүз тамак жасап, үй-бүлө тууpасында сүйлөшүп калабыз. Сага салам айтып кой деп калат. Орчундуу эчтеке жаза албай жүрөм. «Тынч Дондун» төртүнчү китебин окуп жатам. Хикметтин пьесаларын, Межелайтистин «Чыгыш новеллалары» деген китептерди окуп чыктым. Эки жолу киного кирдим. 20-майдан 31-майга дейре 5 зачет, анан 17-июнга чейин 2 экзамен, анан бүтөт экенбиз. Бир жумага Ленинградга алып барат экен да, андан кийин кайыр-кош айтат окшойбуз. Мендеги жаңылыктар ушул Меңдушкам. Эмки жаңылыктарды өзүңдөн күтөм. Ысык саламым менен Жокоң».** *(Жолондун Меңдиге жазган каты. 3-апрель, 1971-жыл)*

Акындын тунгуч жыйнагына дээрлик сыдыргыга салгандай жакшы ырлары топтоштурулган деп айтууга болбойт. Анда эксперименттин деңгээлинде калып калган ырларына жогоруда толук токтолдук. Традициялуу формада жазган айрым ырларында көндүм штамптардан («Айта албай ичте сырымды, алоолой баштайм жаңылап») чыга албай калган жактары да бар. Аларга: «Эсепчинин ыры» (42-бет), «Кышкы кыштак» (27-бет) деген ырларын мисал келтирүүгө болот. Негизинен,

жыйнактын жалпы окурмандар тарабынан жакшы баа алышы – сапаттык өзгөчөлүгүнөн, көркөмдүк жогорку деңгээлинен болду.

Ушул оюбузду бекемдөө үчүн үлкөн адабиятчы, окумуштуу **Осмонакун Ибраимовдун** айтканын сунуштайбыз: «Алтымышынчы жылдардын акырында чыккан Жолон Мамытовдун «Отту сүйөм» жыйнагы, өзүнүн традициялуу ыр формасына карабай, жаңы замандын демдерин боюна сиңирген, мезгил менен мерчемдеш жаралган, кескин индивидуалдуу жыйнак. Ал китеп азыр окуганда да бир гана ырдай-мезгил жөнүндөгү одадай же поэмадай таасир калтырат. Андай ариш-аркак ички биримдик, нукуралык бир акындын өмүр баянында дайыма эле кайталанбайт тура. Бул айтканым, албетте, акын андан кийин тизгин бошотуп, басыгын жайлатты, өйдөлөп өскөн жок дегендик эмес, акын андан кийин да бир катар күчтүү да, терең да чыккан чыгармалар жаратты. Бирок «Отту сүйөмдүн» оттуу илеби алигиче эсте, алигиче кымбат, алигиче жаңы»– деп айтканын келтирсек жетиштүү. *(Ибраимов О. Лирикалык кардиограмма // Ала-Тоо.-1985.-№9.-134-б.)*

**Менин Москвада Нарсулуу Гургубай менен жолугушуум.**

Тагдыр буйруп, 2016-жылдын декабрь айынын 21-числосунда Москвага сапар тарттым. Журналисттик кесибиме байланыштуу миграция темасын иликтөөгө барганым менен, көңүл түпкүрүндө Москвадагы эски Арбатты, Третьяковский көркөм-сүрөт галереясын, Санкт-Петербургдун Эрмитажын көрсөм деген тилегим бар эле. Москвага экинчи ирет барганыма карабай, экономикалык жактан жылдан-жылга өнүгүп-өскөн улуу державанын борборун көрүү кызык да, кумардуу да.

Эски Арбатты Ош мамлекеттик университеттин журналистика бөлүмүн бүтүргөн, жаңычыл поэзиясы

менен окурмандардын сүймөнчүгүнө айланган, пейили кызыктай, бала кыял студентим, жаш акын **Нарсулуу Гургубай кызы** менен чогуу кыдырдык. Жаңы 2017-жылдын 8-январында алдын-ала сүйлөшүп алып кездештик. Нарсулуу миграцияны өз башынан өткөрүп, иштеп жүрүп, М. Горький атындагы адабият институттун эки жылдык курсун бүтүргөн мигрант акын. Көп жылдардан бери Москвада жашап, иштеп, бирок Москвага боорун бербеген, Москвадан жылуулук, мээрим таба албаган миңдеген кыргыз мигранттарынын бири. «Мен бул жерде тура албайм. Булардын шартына көнө албайм. Баарынын эле каш-кабагы бүркөлгөн, бир жакка шашып жүргөндөр...» дегени менен Кыргызстанга да батпай, тагдырынын бекети кайда экенин билбей жүргөнсүйт. Аны адабият институту мыкты акын кылып билим бере албаса да, тырышып-тытынып өзү айтмакчы араң «үч» деген баага бүткөнүнө карабастан, поэзиядан татыктуу,энчилүү ордун таап алганы утуш болду.

«2004-жылы Москвага келгем. Биринчи келгенде катуу өкүнүп жүрдүм. Тил билбейт элем. Бай жердин баласына турмушка чыктым. Сүйүүнүн даамынан азабы күч болду. Жолдошум А. Н. Бакулев атындагы жүрөк-кан тамыр хирургиясы борборунда студент болчу. Ага жардам болсун, окуусун бүтүп алсын деп, туш келген жумуштарды аткардым: пол жуудум, соода борборунда иштедим. Бир жыл жашап, түйүнчөгүмдү түйүп алып, үйдөн чыгып кеттим. Кайсы жерден иш чыкса, баарына кайыл элем, дүкөндө жумушчу, кассир болуп иштедим. 2007-жылы Адабият институтуна тапшырып, окуу жайын 2009-жылы бүттүм. Москвага келгенде бирдеме алып кетишим керек дедим, окууну аябай кыйынчылык менен бүттүм. Менден акын чыкпай калды, жазуучу болом деп тапшыргам. Окуп-иштеп, үйдөгүлөргө жардам бердим. Сиңдилеримдин кантип бойго жеткенин көрбөй калдым. Алар өздөрүн-

чө, бир мен башкамын... Алардын жан дүйнөсүн билбей калыпмын. Мүнөзүм былжыраган кыз элем, катуу, өжөр болуп калдым.

Адабий курста мамиле башкачараак болчу. Башкы нерсе – өзүмө чөйрө таптым. Аз болсо да... Окуй турган нерселер аябай көп экен. Билимсиз экенимди сездим. Көп улуттуу чөйрөдө окудум. Ынтымактуу элек, мен зачет, экзамен тапшырмайын кетишчү эмес. Элдер 10 китеп окуганда, мен бир китеп окуйт элем. Аларды көргөнүмдө дүйнөм кең боло түшөт. Пушкин менен Лермонтовду эсептебегенде, Булгаков, Чехов, Альберт Камю (француз) Ремарх, Давлатовду аз окусаң да, жыйынтыгы маанилүү. Адабият жөнүндө китептер ушунчалык көп, алардын баарын окуп үлгүрө албайсың. Адабият институтун бүткөндө (өзүмдөн улам...), өзүңдүн билимсиз экениңди сезесиң... Өзүңдү жокко чыгара берет экенсиң, өзүңө (планканы) талапты жогору коюп каласың.Чоң максатым бар эле.Адабияттан сабак берем деп ойлочумун. Мен билбеген нерсе көп болуп калды. Кыргызстандагы бир мектепте адабияттан сабак берсем деп кыялдана берем. Колледжге пара менен ишке алабыз дешти, келе бердим ушинтип Москвага...»

Нарсулуу поэзияда өз киндигин өзү кескен, ыр жазуунун өзүнө таандык жолун, усулун, ыкмасын, эң башкысы – стилин тапкан акын. Ырлары жеңил окулганы менен эске тутууга, ой жүгүртүүгө, талдап окуганга татаал. Анын: «Эжеке отуз үч жашымда 33 гана ыр жаздым» – деп айтканына анчалык маани берген эмесмин. Кийин «Алыстагы ак жарык» (Бишкек, «Улуу тоолор», 2016) деген экинчи китебин окугандан кийин ырга өтө сараң, этият мамилесин сездим. Ырларын окуган сайын андагы саптар колуңдан жетелеп алып, ой артынан ойдун өрүшүн кеңейтип, ойдун жолун узартып, ой көлүнө тартып отурушу менен кызыктуу эле. Жарык – акын кыздын бүтүндөй поэтикалуу

ыр дүйнөсүн ээлеп, кыйналып-кысталса да, чарчап-чаалыкса да, кубанып-кайгырса да этегине эрмешип, жакасына жармашкан кыйынчылыкты басып өтүүдө колуна кол, бутуна бут болгон үмүт-тилектеринин чордону, кыял-максатынын өмүр көчүндөгү тумары сыяктуу сезилди. «Алыстагы ак жарык» деп аталышынын себеби да көп кырдуу, сырдуу, табышмактуу. Келиңиз, сиз деле Нарсулуунун бир-эки ырынын даамын татып көрсөңүз.

Ушул жашоо... **талаа** болуп күнөстүү,
**Калаа** болуп... Бекет болуп башталып,
Капыс анан **өчкөн** эле жүрөктөн,
Мени ээрчиткен, мен ээрчиген **ак жарык**.

Жүрөктөгү ошол жүрөк өчкөндөн
Өзүм кошо **өчпөйүн** деп тырыштым.
Терезеден тиктеп жашап көнгөндөр
Терезеден мени тиктеп турушту.

Жандагандар караңгыны эп көрбөй,
Башка жактан **жарык** издеп кетишти...
Балким, мага керек эмес кеткендер.
Балким, мага **өчкөн жарык** жетиштүү.

Караңгыда **өзүмдү өзүм** жетелеп,
**Өзүмдү өзүм** издедим да, жоктодум.
Теңир менин сылаган жок бешенем,
Өзүм дагы бешенемди тосподум...

Билгенимден биле элегим көп эле,
**Жарыгы жок** көптү көрдүм, түшүндүм.
Мен кагылган ушул эски көчөлөр
**Бүгүн менден чейрек кылым кичүүдүр...**

Ушул жолдон, уюп калган муң-зарга,
Буюктурган бурганактар, куюндар.

Үңүлүшүп үнү бүткөн жылдарга,
**Мени көрөт мен көрбөгөн кылымдар.**

Үңүлүшүп жарыгы өчкөн жылдарга,
Бизди көрөт биз көрбөгөн кылымдар...

Нарсулуунун ырларын жеке керт башынын таржымалы же ой-санаасы, касирет-кайгысы катары кароого болбойт. Өзүн айтып отуруп, бүтүндөй бир доордун, тактап айтканда, эгемендүүлүк алгандан кийинки чейрек кылымга жакын мезгилдеги кара жанды багуунун муктаждыгынан жеринен, элинен тентип кеткен кыргыздардын, кыргыз жаштарынын кечээги, азыркы жана эртеңки тагдырын таамай таанытты.

«Биринчи келгенде билген жерим Арбат менен Кызыл аянт болчу. Москва мүнөзүмдү бышырды. 2007-жылы окуп жүргөнүмдө, кыргыз диаспорасынын кеңсесинде бир айча иштеп калдым. Кыргыздар бир проблема менен келчү. Бир эже бар эле, өзү жалал-абаддык. Москвада баласын жоготуп коюптур. Экөөбүз издедик, полицияга, ооруканаларга бардык, барбаган жерибиз калбады. «Единной бюро» деп коёт, өлүктөр бир жерге чогулат экен, ошерге да бардык. Бала февралда жоголгон, силер майда келдиңер деп, колубузга 10 сүрөт альбом берди. Союлганы, жанчылганы, тебеленгени, буту-колу үзүлгөнү бар экен... Ар бир өлүктү бирден карап чыктык. Эже орусча билбейт экен. Мен которуп, түшүндүрөм. Баласынын калынан, кийиминен таанып калды. Мойнунан бууп туруп, сууга ыргытып жиберишкен экен. Бир полковникке түз эле кирип барып: «Тууганыбыз жоголуп, эч ким жардам бербей жатат!» – дедим. Ал киши камырабай туруп: «Биз өзүбүзгө жетишпей жатабыз», – деди.

Элчиликтен эч ким жардам бербей койду. Бул 2008-жылдагы окуя эле. Бир тууган инисинен ДНК алдырдык. Агасы деп чыкты. «Груз-200» деген сөөктү

мекенине жеткирүү өтө кыйын, өтө машакаттуу иш. Элчиликке кайрылсак 120 миң рубль сураган. Депутаттар келди деп калышты. Мен элчиликке атайын дагы бардым. Жок дегенде 10 миңдей берсе, калганын элден чогултабыз деп ойлодум. Баланы жерге бериш керек экен. Эзгумизация кылыш керек. Кабинеттен чыкыйып, жасана кийинген сымбаттуу бирөө чыгып келатыптыр. Алдынан тосуп алып:

– Токтоңуз, буерде бир проблема бар. Чечпесеңиз коё бербейм.. – дедим айлам кетип. Болот Чепелеков деген бизнесмен жигит экен. Жардам берди. Өлгөн баланын таэжесинин документи жок экен коштоп барганга. Жолго, полицияга 20 миң сом акча бердик. Туугандары жаш адам өтүп кетти деп жай казып, даярдап турушуптур. Шыркыраган суу кара пакетке ороп, көмүшөт экен. Апасынын чачы куудай агарып кетти... Менин жашоом өзгөрдү. Жашоо кайдыгер кылды кыргыздарды дегеним, өлүмгө деле көнөт экенбиз...

Чочун жерде аза болгон мекендештериме, алардын өмүрүн кыйгандарга, алардын өмүрүн кыюуга мүмкүнчүлүк бергендерге...

**Груз-200**

Жүк-200.. Жүз? Эки жүз? Мүмкүн, миң
Каргыш тийгир, канчанынчы табытсың?
Кимдин азыр чарт айрылып күлкүсү,
Кимге өчтү жанып турган жарык Күн?

Ушул жерге **кан сураган, жан алган,**
Кандай максат сени апкелди жетелеп?
**Камгагым** ай, калдаңдаган шамалдан,
**Көчөтүм** ай, көөнө бакка көчө элек..

Ким элең сен? Атасыңбы? Энесиң,
Же баласың үйдө жалгыз чырактай...

**Кимдин азыр өрттөп жатат денесин,**
**Тирүү калган айыбы өзүн чыдатпай?**

**Тирүү калган...Сени тирүү билгендер**
**Эзет өзүн, эчен жылдар эсин жейт...**
**Сени апкелген кул жолдорду бул жерге**
**Сени апкеткен жолдор эми кечирбейт!**

**Эл бийлеген бектин, байдын, жакшынын,**
**Катасы сен, бирок алар билишпейт.**
**...Өз кайгысын көрбөгөндөр бактылуу,**
**Төмөн турган төмөндүктү бийик дейт.**

**Жүк-200.. Жүз? Эки жүз? Мүмкүн, миң**
**Каргыш тийгир, канчанынчы табытсың?**
**Кимдин азыр чарт айрылып күлкүсү,**
**Кимге өчтү жанып турган жарык Күн?**

(Акындын жогорудагы эки ыры менин **«Өлбөй туруп өлүп көрүү чоң эрдик!»** деген макаламда талданган – Р.И.)

«Менин ырларымды Алёна Каримова деген котормочу кыз 2004-жылы которду. Өзү биздин Кызыл-Кыя шаарында туулган татар кызы, экөөбүз адабият институттун поэзия бөлүмүндө бирге окудук. Бир башкача кыз. Аябай жакшы көрөм. Мени менен тең окуду. Сабактарды мага түшүндүрүп, айтып деп, көп жардам берген. «Куттуу үйгө айтпай, чакыртпай...» аттуу ырым түрк тилдүү котормочулардын «Ак турна» деп аталган эл аралык фестивалында сүйүү лирикасынан биринчи орунду ээледи. Алина өтө күчтүү котормочу, түрк тилдүү акындардын ырларын, араб поэзиясын которду. Ошол кезде өтө таанымал акындардын бири эле. Энесине арналган ыр циклдери бар, абдан жакшы жазылган, оригиналдуу. *(Нарсулуунун айткандары)*

театрлардын бири Вахтанго театры менен атактуу В. Цойдун дубалы жаштардын сүйгөн жайына айланган.

Азыркы Арбат менен эски Арбатты салыштырып болбойт. Москванын борбордук көчөсү легендарлуу Арбат учурга жараша бизнесин оожалдыргысы келгендер үчүн дарбазасын болушунча кең ачып таштаганын байкадым. Кадам сайын аларманын күткөн маркеттер, кадам сайын тамак-ашты жарнамалаган кафе-ресторан, барлар жайнайт. Кымбат баадагы, наркы асман чапчыган Батыш Европанын модалуу коллекциялары мода кууган айымдар менен мырзалардын сүймөнчүк жайы...

Нарсулуу экөөбүз суукка чыдабай, бети-башыбыз алоолоп кызарып, жарым саат баскандан кийин эле «Теремок» жана «Крымские каникулы» деген кафелерге кирип, шам-шум этебиз. Мындайда ысык кофе деле жардам бергидей эмес. Шамал бурганактаган ак кардан бороон көз ачырбай, кыштын кычыраган мезгилинде Арбатты ушинтип айландык.

* * *

«Кеминде да, керкисинде да бар» деген кыргыз. Кээ бир ата-энелер кыздарын элге окшоп иштеп кел деп, Москвага жиберет. 16–18 жаштагы айылда өскөн баёо, билимсиз, куулук-шумдук менен иши жок, турмуштун ачуу-татуусун тарта элек жаш кыздардын алданганы канча...Ата-энеге, үй-бүлөдөгү тарбияга жараша болот, үйдөгү тарбиясы деле чала, адеп-ахлагы деле чала. Жаштыктын өзүнө мүнөздүү жыргалчылыгын башка жактардан издегендерди көрсөң үрөйүң учат... Кредит алып, эл-журтка дүңгүрөтүп той берип, тойдон кийин кредитти төлөгүлө деп жаш жубайларды иштегенге айдайт. Кыз-келиндердин сексен-токсон пайызы бөйрөктөн, жатындан суук өткөн, өнөкөт оорулардан жабыркайт. Айрымдар 18–20 гемоглобин менен ооруканага

## ОН БИРИНЧИ БӨЛҮМ

### К. Артыкбаевдин сын макаласынын артында эмне бар?

#### Өзүмө

*Бул турмуштан коркок өтсө не калат,*
*Кылым суусу тазарта алгыс көө калат.*
*Арбагы да даңкка толо үйлөрдүн,*
*Азап тартат босогосун сагалап.*

*(Акындын жеке архивинен)*

Жолон Мамытовдун «Отту сүйөм» деген биринчи ырлар жыйнагы 1969-жылы жарыкка чыгат, китептин мукабасынын ичиндеги басмакананын жазганында: «Басууга 28-октябрда берилди» – деп жүрөт. Китеп дүкөндөрүнө сатууга жылдын этегинде акыркы эки айда түшкөн деп болжолдосо болот. Ал эми белгилүү адабиятчы Качкынбай Артыкбаевдин **«Ой ачык, сөз так болсо..»** деген сын макаласы 1970-жылы «Советтик Кыргызстан» гезитинин 24-майдагы санына жарыяланат. Сын макаланы толук окуп чыгууга аргасызбыз, анткени бул макаланын ачуу даамын таткан ыр жыйнактын авторунун пикирин, замандаштары жана калемдештери жаш акынга сындын зыяны тийип калбагай эле дегендерин (анткени «Советтик Кыргызстан» гезити КП БКнын органы эле да) жашырууга болбойт. Макаланын түп нускасын издеп, борбордогу китеп-

каналардан таппай, акыры Ош облусунун архивинен араң тапканымды да айта кетейин. Эмесе, макалага толук орун берели.

«Жаш акын Жолон Мамытовду басма сөздө аябай мактап жатышкан кезде анын али бир да ыр китеби жарык көрө элек болучу. «Бешиктен бели чыга элек» жаш акынды журналга жарыяланган үркөрдөй ырын көрө салып минтип мактоо анын бактысы деп эсептесе да болор эле. Анткени мактоо чындап түшүнгөн акынга кошумча жүк артканга барабар болуп, аны көп нерсеге милдеттендирип, жоопкерчилигин ого бетер күчөтүп салат эмеспи, ошондой эле жылуу пикирлерди ыйгаруу андан аркы чыгармачылыкка дем берген сүрөөндүн да ролун аткарары бышык. Кээде мактоо кур менменсинүүгө алып келип, «мен эмне жазсам баары тең ордунда болот» деген сыяктуу жалган ишенүүчүлүккө жетелеп, өзүнө өзү сын көз менен кароодон алыстатып коёт.

Жолон Мамытовдун «Отту сүйөм» аттуу биринчи ырлар жыйнагын («Мектеп» басмасынан 1969-жылы чыккан) мен дал ушул көз караш менен окуп чыктым. Чынын айтуу керек, жыйнак жалпы жонунан жакшы таасир калтырды. Жаш акын дүйнөнү өзүнчө көрүүгө дилгирленет, мурда белгилүү ойлорду да өз сөзү менен айтууга далалаттанат. Ырларынын синтаксиси да, сөз курулмаларынын өз ара байланыштары да анын өзүнө таандык сыяктуу, бирок ошого карабастан алар ыр мени чочуркатпастан, кандайдыр бир жагымдуулук менен кайра өзүнө ылымсынтып тартып жатты.

Баарыдан мурда жаш акындын ой жүгүртүүгө көп аракеттенгендиги кимди болбосун алымсындырбай койбойт. Поэзияда ой айтуу, образ түзүү кээде бир эле сөздөн, же бир-эки эле саптан да байкала калат. Мындай учурларды шап илип алып, аны пайдаланып калуу чынында да кыйын машакат. Ал үчүн акындык көз керек.

*Тиктесем түн ичинде көлдү кырдан,*
*Ай анда көпүрө салат аппак нурдан.*
*Мен качан оттуу ырдан көпүрө салам,*
*Элдердин жүрөгүнө өтө турган...*

Бул строфа, менин оюмча, поэзиянын күйөрмандары гана эмес, жалпы окуучуларга да жаман таасир калтырбайт. Же болбосо араба менен талаага жер семирткич тартып жүргөн адам тууралуу жазылган мына бул строфаны окуп көрөлү:

*Арабакеч токтоо адам аттар жай,*
*Шашпайт үйгө, күткөнүнө бат барбай,*
*Ар кимдердин чөнтөгүндө эскирип,*
*Ээлерине кеч жетишкен каттардай.*

«Кайгыга Африкалык комментария» деген ырында жаш акын элдин тагдыры жөнүндө ой жүгүртүүгө аракеттенип мындай дейт:

*Алдан тайып жыгылганың кайгы эмес,*
*жашооң бүтүп көз жумганың кайгы эмес.*
*Сүйгөн кызга жетпей калсаң кайгы эмес,*
*Турмуштагы майда, же зор кемчилик,*
*жардычылык – мунун баары кайгы эмес.*

*Эң зор кайгы – тууган элдин тагдырын*
*таштап коюп бөтөндөрдүн эркине-*
*көңүлүң түтүп тирүү басып жүргөнүң*
*ааламдагы эбегейсиз зор күнөө...*

Жыйнакка киргизилген «Кышкы кыштак», «Үмүткө чакыруу», «Ойлой берем», «Алыкул», «Издейм сени», «Улуу күндөр», «Өлгөндөр сүйлөшөт» жана аты жок бир катар ырлар акындын алгачкы чыгармачылык кадамындагы ийгилик катары бааланууга тийиш.

Ошондой эле «Кызыл өлүм» аттуу чакан поэма да эмоциялуу жазылган.

Эгерде жаш акындын алгачкы жыйнагы жалаң жогоркудай сыяктуу дурус жазылган ырлардан турган болсо, анда адеп сөздү баштаганда эскерткен мактоо жөнүндөгү пикирге кылчайбаган бойдон шыдыр өтүп кеткен болот элек. Айла канча. Жыйнактагы кээ бир ырлар **какап-чакап окууга, ысыган денени муздатып, жыйрылтып** салууга аргасыз кылды. Булар жөнүндө эскертпей, жаш акындын адисине (адресине болуш керек – Р. И.) мактоо дифирамбасын айта берүү анын келечегине пайда алып келбесе керек. Анткени алгач эскерткенибиздей, ашыра мактоо жаш акынды анча-мынча менменсинтип, өзүнө өзү ишенүүчүлүктүн калпыс жолуна сүйрөп кеткендей түрү бар. Болбосо анын сезимтал каламынан мына мындай саптар жазылбайт эле го деп ойлойбуз.

*Кыскартышат*
*редакторлор*
*биздин жазган саптарды,*
*Ательге*
*үч сом берип*
*тарыткандай жаңы шым.*
*Анда сынып*
*бутактары,*
*мөмөлөрү, шактары*
*Сезбейт алар*
*бүтүн дарак*
*майып болуп калышын.*
*Ысмайылдар,*
*Осмонжандар*
*армиясы жүрөт поэзияда*
*Кумдан, күлдөн*
*курабыз деп,*
*эң бир бийик имарат*

*Коммунизм*
*жорго сөздү*
*сыйлайт, бирок кыязы*
*Жалыны жок*
*умтулууга,*
*эч убакта чыдабайт!*
*Поэзия «Ала-Тоого»*
*же «Ленин жолуна»*
*Үзбөй чыгып*
*туруу эмес.*

Бул үзүндү жаш акындан менменсинүүнүн илеби келип турганын көрсөтөт. Анткени редакторлордун баарын бирдей даражага коюп, аларды жакшы ырларды билдирүүчүлөр катары баалоо, **ошону поэзия аркылуу жалпылаштырып жар салуу**, менимче, туура эмес. Ырас, редакторлордун арасында Ж. Мамытов айткандай «бүтүн дарактын майып болуп калышын сезбегендери» да болушу толук мүмкүн. Бирок жаш акын айткандай, алар жалпы редакторлор эмес, арасындагы кээ бирөөлөр болушу ыктымал. Жакшы редакторлор дайыма авторго жардам берерин биз эч убакта эстен чыгарбообуз керек.

Ал эми жаш акын айткан Ысмайылдар, Осмонжандар жана алардын поэзиядагы армиясы кимдер? Калыбы, автор мында басма сөздөргө ырлары жарыяланып,аздыр-көптүр белгилүү болуп келаткан Ысмайыл Эшмаматов, Осмонжан Абдылдаев аттуу жаш акындарды айтып жатса керек. Эгер андай болсо, алар деле Ж. Мамытов сыяктуу талаптанып жүргөн жаштардан эмеспи. Демек, алардын ой максаты деле жакшы чыгармаларды жазуу, тагыраак айтканда, алар Ж.Мамытов айткандай, поэзиянын «эң бир бийик имаратын кумдан, күлдөн курабыз» деп, жүрүшпөсө керек. Минтип **бирөөлөрдүн ички ак ниетин бурмалап поэзияга жалпылап** көрсөтүүнүн жаш акын үчүн кандай зарылчылыгы болуп кетти экен?

Жаш акындын «Ала-Тоо» журналына, «Ленин жолу» газетасына жарыяланган ырларды **поэзия эмес деп бүкүлү бойдон ой жүгүртүүсү да, менин оюмча, бир беткейлик** болуп эсептелет. Кыскасы, автор оозеки аңгемелешүүлөрдө айтыла калуучу субъективдүү пикирлерди атайы поэзиянын көркөм **жалпылоо объектисине** айландырам деп отуруп жаңылыштык кетирип койгон. Менимче, жаш акындын кээде ой жүгүртүүлөрдүн дүйнөсүнө сиңип кетип, андан суурулуп чыгууга, чыкканда да конкреттүү ойлорду таап чыгууга чамасы келбей, **абстракттуу (жалпы)** ойлордун туманына чулганган учурлары да бар. Ал эми **абстракттуу ой жүгүрткөн** жерде сөздөр да так болбойт, көп учурда кош маанилүү, же жалпы бирдемелерге окшоп калуу да кездешпей койбойт.

*Өз боюна кир жугузбай көк көлдөй,*
*көрүп турат тоолор ийип баштарын:*
*Сөзү менен кылган иши төп келбей,*
*моралдардын чирип бара жатканын...*

Ырас, «сөзү менен кылган иши төп келбей» туруп мораль айткан адамдарды кездештирүүгө болот. Бирок **алар «моралдар» болуп көпчүлүккө айланып, биздин коомдун чирип бараткан орчундуу көрүнүштөрүнөн болуп** алганына ишенүү кыйын. Поэтикалык ой кээде ушинтип бир эле көптүк «лар» мүчөсүнүн туура колдонулбагандыгынан да бузулуп, чаржайыттуулукка өтүп кетиши мүмкүн.

Жаш акындын «Пискарёв мүрзөсүндө» деген ыры бар. Анда согушка каршы ойду өзүнчө айтууга аракеттенет. Мүрзөлөрдө жаткан адамдардын өлүшүнө күнөөлүү болгон душмандар жөнүндө айтуунун ордуна автор минтип ой жүгүртөт:

*Эй, заман, бакта турган жигит-кызга тийген аткан огуң.*
*Жоокердин жүрөгүнө баткан огуң.*
*Аял менен эркектердин көөдөндөрүн тыткан огуң,*
*Бөбөктүн жер астына каткан огуң.*
*Жооп бер!*
*Кимди илмекчи кароолуна*
*күндөп-түндөп жасап жаткан огуң? (13-бет)*

Мындагы «Эй, заман», «Жооп бер!» деген кайрылууларды кандайча түшүнсөк болот? Советтик жоокерлердин, балдардын, кыз-жигиттердин фашисттер тарабынан өлтүрүлүп, Пискарёв мүрзөсүнө мезгилсиз көмүлүп калганын көрүп туруп, эмне үчүн биз сөөмөй менен чукуп көрсөтүп, заманды жемелеп, андан жооп берүүнү талап кылууга тийишпиз? «Заман», «Мезгил» деген түшүнүктөрдүн колдонула турган өз ордулары бар го. Бул жерде жаш **автор абстракттуулуктан** качып, конкреттүү, ачык ой жүгүртсө болмок.

*Эр жүрөк тоолуктун балдары,*
*Өлүмдү тепсеген эстелик кургула.*
*Ала-Тоо чындыктын мекени десеңер,*
*Ордуңардан тургула,*
*Отургула.*
......................................
*Олтургула.* (10-бет)

Бул ыр түрмөгүнүн биринчи-экинчи сабынан эч ким күмөн санабайт. Андан кийинки саптарын **поэзиядагы экиленүү** деп атасак болор эле. «Ала-Тоо чындыктын мекени эмес» деп, жүргөн кыргыздарды азырынча көрө элекпиз. Андай болсо, муну биздин учурдун маанилүү проблемасы катары күн тартибине коюп, анан аны колго салып, «ордуңардан тургула, олтургула» деп **экилентип жазуунун** ким үчүн кажаты бар? «Менин доорум» деген ырда:

*Татаал ойлоп, эң бир татаал жашаган,*
*Менин доорум сезгич, сергек жаш адам (3-бет)*

деген саптар бар, татаал ойлогонуна макул дейли. Жаш акындын доорунун «эң бир татаал жашаганына» кандай түшүнүүгө болот? Баарыдан мурда автор кимдин доору жөнүндө айтып жатат. Советтик адамдардынбы, же жалпы эле адамзаттынбы? Социалисттик системадагы көпчүлүк жаш адамдарды эң бир татаал жашайт деп айтууга негедир биздин дитибиз барбайт, анткени алар башкача жаңы доордо жашап жатканын азыр дүйнө жакшы билет. Албетте, мен мында автордун ойлорун бура коёюн деген максаттан таптакыр алысмын. Бирок анын «эң бир татаал жашаган» доору бизди ар кандай ойлорду ойлоого аргасыз кылып олтурат. Менимче, сөздөрдү өз ордуна койбоо, так эмес **абстракттуу ойлорду** ойлоо дегендин өзү ушул болуу керек.

Айтор, эмнеси болсо да жаш акын Ж. Мамытов **абстракттуу ой** жүгүртүүлөрдөн алыстап кете албаган. Муну жогоруда мисал кылып келтирген ыр түрмөктөрү толук элестете алат го деп ойлойм. Ой жеткиликтүүрөөк болсун үчүн дагы бир-эки мисал келтирели.

«Улуу күрөш» деген ырында (6-бет) автор «ишеним өзгөрсө коом өзгөрөт» деген ойду айтат. Менимче, бул ой да так эмес. Коомдук турмуштун өзгөрүшү өтө татаал процесс, **маркстик-лениндик** көз караш менен алганда ишенимдин өзгөрүшү менен эле коом өзгөрө койбосо керек. Анткени коомдун өзгөрүшүнүн адамдын аң-сезимине баш ийбеген өзүнчө закон ченемдүүлүктөрү бар эмеспи.

*Үмүттөр таңды жандап турушууда,*
*Адамдар ааламдарды курушууда.* (20-бет)

Бул эки саптагы «ааламдарды адамдар куруп» жатканына ишенүү кыйын. Адамдар табияттын, аалам-

дын сырын ачып, коомдун өнүгүшүнүн закондорун түшүнүп, чоң иштерди иштеп жатышат, бирок алар ааламды эч убакта кура албайт. Аалам деген аалам. Муну өз орду менен поэзияга колдонуугa тийишпиз. Аалам деп үндү бийик чыгаруу менен эле поэзия бийик, масштабдуу боло калбайт.

Ж. Мамытовдун ырларында олдоксон салыштыруулар, метафоралар («кусалык – рак шишиги» – 49-бет), ыксыз зордолуп киргизилген диалектизм сөздөрү («Серап» – 64-бетте, «мелжелдеп» – 55-бетте, «күнгечең», «кезгечең» – 68–69-беттерде) кездешет. Албетте, булар поэзияга ачыктык, тактык алып келбейт. Ошондой эле «Кудай» деген сөз ыгы келген да, келбеген да жерлерге киргизиле берген. («Тоскум бар ыйык сөзүн Кудайымдай», же аны Кудай кылып баратабы – 53-бетте, «Жок, Ильич акын Кудай...» 6-бетте).

Мен мында Ж. Мамытовдун жыйнагындагы айрым бир мүчүлүштүктөрүнө гана токтолдум. Андай мүчүлүштүктөр жалаң гана ага эмес, кийинки кездерде изденүүгө талпынып жүргөн бир катар жаш акындарга да мүнөздүү. Ошондуктан поэзиябыздын таза, тунук болушу үчүн сөз козгоп жатканыбызда жаш акындар мындан өздөрүнө оң жыйынтык чыгарып, туура түшүнүп, чыгармачылык иштеринде эске алышса жаман болбос эле. (Р.И.)

*Качкынбай Артыкбаев,*
*филология илимдеринин кандидаты*

Качкынбай Артыкбаев кыргыз адабиятында белдүү адабиятчы, акын, сынчы, публицист катары белгилүү. Ал гана эмес, кыргыз адабияты боюнча жогорку жана орто окуу жайларына, мектептерге окуу китебин жазган авторлордун бири. Адабиятка жаңыдан аралашып келаткан жаш акындын чыгармаларын сындап, пикирин билдирүү тууралуу ак ниетине карабастан, жогорудагы сын макаласы бир тараптуу, кимдир бирөөлөрдүн

атайын буйрутмасы менен жазылганы ачык билинип турат. Ошол кезде «Советтик Кыргызстан» газетасы Кыргызстан коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин органы болгондуктан, болуп көрбөгөндөй таасирдүү күчкө ээ болгону жалпыга маалым. Гезитке чыккан сын макалалар саясий органдын көз жаздымында калган эмес. Ал тургай, сынга кабылган конкреттүү фактынын же субъект адамдын өзү соо калган эмес. Жоопкерчилиги каралган, партиянын катарынан чыгарылган же башка жазаларга кириптер болгон. Саясий трибуна катары каралган гезитке жарыяланган сындын жообу болушу керек да... Мына ушул нерсе ошол кездеги көптөгөн адамдарды, айрыкча, адабият, маданият жана искусство тармагындагы интеллигенттердин жүрөгүнүн үшүн алган.

Сынчынын макаласы өзүн зордоп жазгандай таасир калтырат. Баш жагында өзү жакшы деген ырлардын эмнеси жакшы, кандай жаңылыгы, артыкчылыгы бар же жаш акындын стилдик өзгөчөлүгү жөнүндө таптакыр сөз болбойт. Китеби чыкпай жатып, Жазуучулар союзуна мүчө болгон, ырлары борбордук басылмаларга такай басылып, жакшы деп мактаган пикирлерге терикkенин, ич күйдүлүгүн байкатпаганы менен, акырын аты чыккан сынчынын дымагы аркылуу «бешиктен бели чыга элек» жатып менменсинбесин дегендей какмалап да коёт. Макаланын тонуна караганда, атайын бир максат менен жазылганы, адабий талдоонун принциптеринен тайып, китептин ар жеринен чокулап, сөздөрдү контексттен ажыратып, ырдын айрым саптарын жалпы мазмунунан бөлүп, (Жыйнактын 67-бетиндеги «Алайдан жолдош С. Кулуевге кат» деген ырын) чоюп, «абстракттуу» деген ойдун тегерегинде кыйлага тепкилеп көрөт. Кургак ойлору ыр тизмегинин ички мазмунуна үңүлүүнүн ордуна, сырткы эффектине карап, жалпылама-обзор сыяктуу макаласы аркылуу, мына бул сөзүнөн эле: «**Бул үзүндү**

**жаш акындан менменсинүүнүн илеби келип турганын көрсөтөт»** – деп, жаш акындын жүрөгүнө кол салып койгусу келген ниети да байкалбай койбойт. Анткени ырдын темасы айтып тургандай, Жолон Мамытов өзү курактуу теңтуштарына жана замандаштарына деңиз деңгээлинен үч жарым миң метр бийиктиктеги Алайдын тоосунда туруп, досуна кат аркылуу өзүнүн ички сезимдерин ыр жаратууда түйшүктүү ой-толгоосун, жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген ой-сезимдеринин карама-каршылыктуу абалын, күрөшүн, түп нускага салыштырыңыз.

*Көңүл болсо,*
*сенин укмуш ойлоруңду алпарып,*
*арзыбаган,*
*майда-барат*
*сүйүүң менен тушатат.*
*Башталса деп*
*каалайм анан*
*сенин ички дүйнөңдө,*
*согуш, согуш,*
*аябаган*
*эң зор майдан тезирээк, –*

деп, жакшы чыгарма жаратуунун майданына, жакшы идеялардын чордонуна чакырып, чынчыл, таасын, поэзиянын күч-кудурети, таасири жана тазалыгы жөнүндө оюн жар салып отурат.

Эң кызыгы, тексттен зордоп жулуп алган ыр саптарына астейдил бүшүркөө, акмалоо, божомолдоонун кесепетинен адабиятка жаңыдан аралаша баштагандарды аста-секин бири-бирине тукуруунун да жышаанасы байкалбай койбойт.Сынчынын өзүнүн оозу менен айтказалы: **«Ал эми жаш акын айткан Ысмайылдар, Осмонжандар жана алардын поэзиядагы армиясы кимдер? Калыбы, автор мында басма сөздөргө ырлары жарыяланып, аздыр-көптүр белгилүү болуп келаткан**

**Ысмайыл Эшмаматов, Осмонжан Абдылдаев аттуу жаш акындарды айтып жатса керек»** – деп, жогоруда өзү кайра-кайра айткан менменсинген деген сөзүн далилдеш үчүн «ырында силерден кыйын экенин өзү айтты» силерди «поэзияда кумдан, күлдөн эң бир бийик имарат курабыз» деп шылдыңдап жатат дегендей, эки тарапты кайраштырууга ымдайт да, кыргыздар айтмакчы бөйрөктөн шыйракты алеки заматта чыгара коюп, кайра жаш акынга таңыркаган кишиче мындайча суроо таштайт: «Минтип **бирөөлөрдүн ички ак ниетин бурмалап поэзияга жалпылап** көрсөтүүнүн жаш акын үчүн кандай зарылчылыгы болуп кетти экен?» Ал эми К.Артыкбаевдин: «Жаш акындын «Ала-Тоо» журналына, «Ленин жолу» газетасына жарыя болгон ырларды **поэзия эмес деп бүкүлү бойдон ой жүгүртүүсү да, менин оюмча бир беткейлик»** – деп, наараза болгонунун өзү орунсуз. Айрыкча гезит-журналдардын башкы редакторлору менен акын-жазуучулардын ортосундагы пенделик мамиледен улам саптары кыркылып, оңдолуп, кыскартылгандан айтайын деген ою өзгөрүлгөн, бурмаланган, оңдолгон «чолок саптардан» канча калемгерлер жабыркаганы жалганбы? Биринчиден, ырдын түп нускасында жогоруда аталган гезиттерге чыккан «ырлар поэзия эмес» деген ой жок, ал асмандан алынгандай, акындын айтканын кайра эле кайталап:

*Поэзия «Ала-Тоого»*
*же «Ленин жолуна»*
*Үзбөй чыгып*
*туруу эмес,*
*Түшүнүгүмдө менин*
**(так ушул сап түшүп калган)**

деп каяша айтуу, чындыкка дал келет, ынанымдуу деп ойлойбуз. Экинчиден, кеп сиз байкагандай, поэзияга жан-дилин берип кызмат кылуу милдети, вазыйпасы жөнүндө айтылды.

Сынчынын дагы бир какмалаган сөзү: акынды эки жүздүүсүң деп түз айта албаганы менен, **«поэзиядагы экиленүү»** деп, «Менин доорум» деген ырдагы шаңдуу пафоско, бийик духка жана бекем ишенимге ширелген, окурмандарга дем, шык берген, эртеңки келечектин куруучуларын эмгекке, күрөшкө үндөгөн маанисин таныл, же сезгиси-көргүсү келбейт. Ж.Мамытовдун поэзиясында адамдын духун көтөргөн ырай, динамикалуу ыргак, бар же жок кылууга ынтызарлык, чындык үчүн чычаладай күйүп-жануу, фактыга түз кароо мүнөздүү. Жашоого суусагандык менен жаратмандыкка чакыруу жеке стилге айланган.

Дасыккан сынчы **«абстракттуу ойлор»** деген сөздү макаласынын беш жеринде кайра-кайра кайталоодон тажабайт. Абстракттуу деген конкреттүү эмес, чындыкка коошпогон түшүнүк дегенди билдирет. Демек, автордун ою боюнча Мамытовдун поэзиясында чындыкка коошпогон, дал келбеген ойлор арбын, көпчүлүк ырларынын берейин деген мазмун-мааниси кургак, супсак, чаржайыт дегени эмеспи. Бирок ошол оюн, куру жалаасын сынчылык призмасынан ишенимдүү, болгонун болгондой аныктап, тактап, башкысы – далилдеп бере албайт.

*Татаал ойлоп,эң бир татаал жашаган,*
*Менин доорум сезгич, сергек жаш адам*

деген сапка сынтаккан сынчыга, акындын вазыйпасы эмне деген суроону чечмелөө жетиштүү деп эсептейм. Анын: **«Жаш акындын доорунун «эң бир татаал жашаганына» кандай түшүнүүгө болот? Баарыдан мурда автор кимдин доору жөнүндө айтып жатат. Советтик адамдардынбы, же жалпы эле адамзаттынбы? Социалисттик системадагы көпчүлүк жаш адамдарды эң бир татаал жашайт деп айтууга негедир биздин дитибиз барбайт, анткени алар башкача жаңы доордо жашап жатканын азыр дүйнө жакшы билет»** деген чечмелөөсү турган турушу менен акылга сыйбайт. Үстүртөн, жал-

пылама ойдун кургак риторикасы. Бул ырдын түпкү тереңинде, ички маңызында ойдун уюткусу камтылган, ар бир куплетинде салаа-салаа ой-чабытынын тутамдары чатырап турат. Азыр да ушул ыр биздин коомго, кыргыз коомчулугуна жетишпей тургансыйт...

Ал эми диалект сөздөргө келсек, кылымдар бою түштүк кыргыз эли менен жашап, эл менен жуурулушуп, калың элдин тили катары карым-катнаштын, байланыштын ал гана эмес ой дүйнөсүнө, жашоо образына, менталитетине киндиктеш, тиргилинен ажырагыс кызмат кылып келаткан диалектизмди эч ким, эч качан жокко чыгарганга акысы жок. Советтик идеологиянын таасиринде калган айрым бир тилчи-окумуштуулардын диалектилерди танган, жериген көндүм мамилесинен, трайбалисттик психологиясынан арылууга мезгил жетти. Улуттук тилибиз - ата-бабаларыбыздын маданий мурастарында, түндүк-түштүк диалектилеринде, говорлорунда, оозеки жалпак тилинде жатат. Тил казынасынын түпкү кыртышы алиге чейин казыла элек, оюла элек. Эне тилди байытыш үчүн элде, фольклордо, архивде чаң басып жаткан сөздөрдүн түпкү насилине баа берип, түпкү чыгыш тегине (этимологиясына) саресеп салып, коркпой-үркпөй эле колдонушубуз зарыл деп эсептейм. Кыргыздын төл сөзү эсептелүү эле, башка тилдерден, айрыкча арап, монгол тилдеринен кирген сөздөрдү эмнеге жерибейбиз да, айрыкча түштүк диалектисин чанып, тебелеп-тепсеп, кордогондон эмне таптык? Кыргыз тилинин сөз кору мындан байып, толукталып, элибиздин тарыхы, тили көөнөрбөйт.

Качкынбай Артыкбаевдин сыны боюнча көз карашыбызга чекит коюп жатып, мурдагы бөлүмдөрдө Жолон Мамытовдун биринчи ырлар жыйнагынан конкреттүү сындалган ырларынын бир канчасын талдап-анализдеп, идеялык көркөмдүк нарк-насилин, тарбиялык маанисин мисалга тартканыбыздан улам, кай-

ра-кайра аларды кайталоонун кажети жок экенин эске сала кетейин.

Жетимишинчи жылдары кыргыз адабий сыны дуулдап иштеп, сынга болгон мамиле да калыптанып, аздыр-көптүр белгилүү сынчылардын армиясы өсүп чыкканын, сын боюнча талаш-тартыштар газета-журналдарга сандан-санга жарыяланып турганы белгилүү. Кептин баары абройлуу гезитте ырларына жеме уккан акындын абалы кандай болду, катуу айтылган сындын реакциясына кантти, сындан сынып, ырдан көңүлү калдыбы же сын акынды чыйралтып, бышырып, мыкты ырлары менен каяша айттырдыбы деген соболдор окурмандарды кызыктырары шексиз. Кайрадан акындын жеке архивине үңүлөбүз...

**P.S. «Сов Кыргызстандагы» Артыкбаевдин сынын окудум. Абдан кыжаалат кылып, жинимди келтирди. Ал сын эмес, жаманатты, саясий айыпкер кылуу. Андан коргонуп алууга чама бар. Жакында съезд болсо, ошондо көрүшөрбүз...** *(Жолондун Меңдиге жазган каты. Датасы, күнү катта жок)*

К.Артыкбаевдин сын макаласы жарыкка чыкканда, Жолон Мамытов Москвадагы адабий курста окуп жатканы мурдагы бөлүмдөрдө айтылды. Кийинки жылдагы жазуучулардын съездинде ушул маселе боюнча сөз болгону же болбогону таптакыр белгисиз. Акын күндөлүгүнө төмөнкүдөй көз карашын жазып калтырган: **«24-майда «Советтик Кыргызстан» газетасына: «Ой ачык, сөз так болсо...» деген сын макала чыкты менин жыйнагыма. К. Артыкбаев деген неме жазыптыр.**

**Чынын айтсам, бул карасанатайлык менен менин саптарымды бурмалоого аракет кылган статья зээнимди кейитти. Мага чыныгы, поэзиянын маңызына жете талкуулаган статья, сын болсо, пайда гана болбойт беле. Ал эми Артыкбаев партиялык газетанын**

бетинен пайдаланып, эптеп эле көө сыйпоого аракеттенгени айдан ачык эле статьянын тонунан буркурап турат. Менин элди, өз өлкөмдү сүйгөнүмө шек келтиргиси бар. Эгер Мекен керек десе, учурунда эң алдыңкы чекте мен, мага окшогон миңдеген жаштар болушат. Ошондо Артыкбаев кайда болоор эле? Бул менин жекече пикирим...

*(Акындын жеке архивинен. Күндөлүк «Эчтеке жаза алган жокмун», 1970-жыл, апрель-май айы)*

## А. Камаловдун Жолонго жазган каты

«Оштон, Абдимиталдан, үй бүлөсүнөн салам, Жолон!

Өзүңдүн жана өзүң ылым санаган курдаштарыңдын ден соолугун суроо менен бирге ичимде туталанган ой-пикирлеримди жөнөтмөкчүмүн!

Жыйнагыңа бир сынчы «катуу пикирин» арнаптыр. «Сындын» авторун окуганымда эле студент жылдарымдын акыркы кварталындагы бир окуя «жылт» этип өттү. «Жаштык сапарга» алгачкы рецензиям («Адам болгум келет») чыгып жатканда «Ала-Тоого» талкуу болуп, мен кыйынсып, кыйынсып эмей эле өз оюмду бырбыйып жашырып отурбай, «Артыкбаевдин А. Токомбаевдин чыгармаларына арналган сыны сын эмес, сынчы чоң акындын алдында желпип олтурган адам катарында гана кызмат аткарган» деген пикирди айткан элем. Ал (К.А.) өзү да бар болчу. Кийин Чернышевскийде жүрсөм, Т.Арыков айтты «сеникин алып таштады терүүдөн» деп.

Ошол автор эми дагы минтип өз мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланган экен (чыныгы сынчылык кудуретинен эмес). Ошол автор дагы минтип, мага болбосо дагы биздин жамааттан (менин) кыска аралыкта көкүрөк көтөрүп чыккан бирөөбүзгө карөзгөйлүгүн көр-

**сөтүптүр. Бирок мокогон орок, дат баскан орок күзүндө бышкан чөптөрдү кандай шилтесе да, оро албайт эмеспи, өтпөйт эмеспи. Дал ошондой сезилди мага. Аны окуган соң, бир эсе кыжырдандым, бир эсе кубандым. Кыжырданганым, бир беткейлиги, гадик[1] сынчылык дабдыратып коёр чыныгы дооматтан алыстыгы. Адабий сындын алдында сөз козгогондугу, гадик сенин акындык атыңды чыгаргандыгы. Жоке өзүмдүн чыгармачылык баамымда бул бакыт! Мен ушундай эсептейм.**

Филология илимдеринин кандидатынын алгачкы жыйнак жөнүндө ошончо сөз козгошу, партиялык газетанын мындай бир беткейликке, шыкалган материалга орун беришинин өзү күлкү келтирерлик, дармансыздык. Анткени анда «Дыйкандардын» караманча душманы олтурат (К.У)

Адабий сындын ар бир фразасына чубалжыган ынанарлык жоопторду жазууга болор эле. Бирок ага эч жерден жылчык жок, ал эмес өзүм иштеген «чоң» газетадан да шайтандын шапалагынча орун жок экендигин билемин! Албетте, мында автор өзү акынды өйдө тургус кылып коём деп чындыгын айтып, кубаттап жазган бир жарым колонка да бар. Ушунун өзү сынчынын атайын, кайсы бир группалардын пышаң[2] көтөрүүсү менен карөзгөйлөнгөндүгү көрүнүп турат.

Автордун акынды шалдайтып коёрлук дооматтарын табууга болбойт. Саптардын артынан сая түшүп, жеңил-желпи кара справкалар берип, эптеп насаат айтымыш болгонуна жаным ачыды. Сыягы, Осмонжан үч күн, үч түн ыйлап,«сынчынын» босогосуна жатып алса керек...

Ишканада адаттагы ыбырсыган иш менен анда-мында бир аттап шашылып баратсам, Райымберди аке коридордо элтеңдеп сурайт:

[1] *Гадик* – чоңойбой калган, сүткө тойбогон мал.
[2] *Пышаң* – көкүтүү.

– Жолондун китебин «талкалаптыр» деп, жатышат го, кайсы гезитте?

– И, «Советтик Кыргызстанда», биздин кабинетте.

– Эмне дептир?

– Чепуха!

– Эми эмне болот?

Кол шилтедим.

– Катырат экенсиз, эмне болмок эле? пок баспайт, ит үрө берет... Билесизби?

Күлүп басып кетти. Тууган да...Ойлодум: «Аны менен отургандар башкача өрдөк учурса керек» – деп.

Расул акенин бир сөзүнө ичимен да, тышыман да аябай тан бергем. Аны азыр да кастарлай берем. Мүмкүн ал сөздөрдүн биерде таптакыр чатагы жоктур. Ошентсе да аны келтирмейин кычуум канбайт. Ал Пушкинге бир жагы тан берип келип, анан айрым саптары үчүн иттей кыжырданат. Пушкин: «Смирись Кавказ: идёт Ермолов!» – десе, Расул акем: «Десятки лет и Ермолов, и другие царские генералы, кровавые палачи малых народов, не могли ни огнём, ни мечом покорить Кавказ. Нас покорила волшебная поэзия Пушкина, нас пленили ум и талант великого сына России...» – деп атпайбы. Мен дайыма ушул сөздөрдүн кулумун. Муну келтирүү менен эмне демекчимин: адабияттын мокок ороктуу баскынчылары да тунук поэзияны багынта албайт... Мен аны баскынчы дештен тайбайм. Башка сөз жок, кошумчалоо артыкбаш! Буларды айтуу менен мен сенин алдыңда көңүл айтымыш, калп эле жан күйгүзгөн бир жан катарында көрүнүп коюуну максат кылган жокмун.Отту сүйгөн жаның ого бетер алоолонсун деп айтып атам! Отуңду ичкертип кой деп атам! Ого бетер күйсүн деп атам!!!

Катты жазуудагы негизги максат бул болду. Өгүнү өзүң барган чайканада ошо алигилер болуп отуруп, калган мүнөттөрдө «Ленинчил жашка» чыккан «Кыймылдагыс саптарыңды» окудум. Эң жакшы! Тан бер-

**дим. Аябай суктандым. Айрыкча анын формасына. Ушундай кылып жазса да болот турбайбы деген ойдо калдым. А мен: «Качике эмне кылып жүрөм өзүмө өзүм убада берип коюп?» – деп, апси[1] жедим...Колуңду кысамын! Анда эч кандай аффектация жок. Жөн гана акын акын жөнүндө, поэзия жөнүндө кыйкырык сүрөөнсүз мамиле көрсөтүлгөн. Жанга тиет, ынантат. Автордун да, акындын да ички дүйнөлөрү кашкайып жатат. Акырында «ушундай кылып жазса да болот турбайбы» дедим... А мен «Отту сүйөмдүн» алдында каламын деп даабагам... Бул – жан сырым. «Талантка айла жок турбайбы!» – дедим акырында. Ошонуң үчүн да дагы бир ирет колуңду кысам!**

**Сен кеткенден көп узабай, Гүлүмкан менен Зулпия Меңдиге барып, айылчылап келишкен. Ошондон бери дарегин уга элекмин. Өзүм ыбырсып бир нерселер менен алек болуп жүрөм...**

**Иш болсо ошо. Азыр өзбек декадасынын убагы. Баягы котормону жибербедиң. Эптеп толтурдук. Күн тартибинде кыскартуу (иштеги) бүтө элек. Өзүңүн ырыңдай. Анткен менен атмосфера дагы өзүңө айткандай.**

**Ден соолугум түзүк. Дагы ирденүү үчүн, бир жагы жер көрүү үчүн Кавказга путёвка алдым. 25теринен кийин кетип калуу кубанычы башымда.**

**Адабий журттагы жаңылыкты сен тараптан кулак түрөм...**

**Кадыркул, Кайырга дуба деп кой!**

**Оштун аптабындай саламым менен Абдимитал».**

*(Абдимитал Камаловдун Жолонго жазган каты. Ош. 30-май. 1970-ж.)*

[1] *Апси жедим* – көңүл калуу.

## ОН ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

### Тумандуу ой жаадырып кабагына

Орустун улуу акыны А. С. Пушкиндин чыгармаларын Ж. Мамытов жакшы көргөн. Анын «Пушкин аянтында» деген үч куплет ыры буга күбө. Мезгил, турмуш, коомдук өнүгүүнүн түрдүү формациялары да Пушкиндин поэзиясын эскирте албаганын, тескерисинче, мезгил өткөн сайын ага болгон сүйүүнүн, тартылуунун күчөшүн тарых далилдеп келет. Москванын борбордук аянтында курулган эстелик улуу акынга гана эмес, сөз өнөрүнө, өлбөс-өчпөс поэзияга тургузулгансыйт.

*Гүл коёт сыйлагандар тамаанына.*
*А гений алик албай саламына,*
*Тушалып пьедесталдан сүрдүү тиктейт*
*Тумандуу ой жадырып кабагына.*

*...Боюнда кыжыр кайнап жеткен чекке,*
*Оопалуу доору менен келбей кепке.*

Үчүнчү куплеттин эки сабында акын кандай маанайда турганы көрүнөт. Мынчалык ичтен түтөп, кыжыр кайнаган чекке эмне жеткирди? Олуттуу себеби барбы?

Петербургда декабристтердин козголоңу ырайымсыздык менен басылып, падышачылык менен крепост-

нойлукка каршы чыккан революционерлер тобунун башчылары дарга асылып, калган көпчүлүгү сүргүнгө айдалганы тарых барактарынан маалым. Ошол кубаттуу каршылыктан үч жыл өткөн соң А. С. Пушкин:

Сибирде кең казган кишилер,
Намыскөй, чыдамкай болууңар.
Тек кетпейт азаптуу ишиңер,
Бийикке умтулган оюңар –
*(Пушкин А. С. Лирика. – Фрунзе: Мектеп, 1983. -95-б. Которгон С. Жусуев)*

деп, «Сибирге кат» деген ырында сүргүндө жүргөн тилектештерине өзүнүн белгилүү ырнаамеси менен кайрылган. Бул ырнааме адресатка жетти. Декабрист акын А.И. Одоевский ал ырга мындай жалындуу саптар менен жооп берген.

Наш скорбный труд не пропадает,
Из искры возгорится пламя
*(Жогорудагы китептен: 93–94-бб.)*

Ооба, «учкундан жалын тутанды». Бул козголоң ордунан чыкпай калган кандуу таймаш эзилген, жакыр Россиянын жүрөгүндө эркиндикке умтулуунун түбөлүк өчпөс оту болуп калды. Ал тамызгы бара-бара кандай алоолонгонун кийинки мезгилдер да көрсөтпөдүбү.

Орус адабиятынын классиги А. С. Пушкин кыргыз адабиятынын өсүп-өнүгүшүнө, ал гана эмес дүйнөлүк адабияттын өркүндөшүнө да таасирин тийгизип келатканы талашсыз чындык. Улуттук адбияттын калыптануу, өсүү-өнүгүү этаптарында улуу классиктин чыгармаларына кайрылбаган, окуп таасирленбеген бир да акынды издеп табуу кыйын, ал эми аны кыргызча сүйлөтүүгө аракеттенгендер кыргыз акындарынын ичинде саналуу. Мезгилдин ташка тамга баскандай жо-

горку баасына татыктуу болгон чыгармалары кылым оошкон сайын маңыз-маанисин тереңдетип, көркөмдүк наркынын ачылган-ачыла элек, бааланган-баалана элек сапаттары менен окурманды тамшандырып келатат. Түбөлүк поэзиядагы жалпынын сүймөнчүлүгүнө айланып: «Алысты матап турат Улуу ырчы...»

## Акындын бир тууган жеңеси Якут Маметованын эскерүүсү

### Ардактап баккан балдарың, атасыз кантип жетилээр?...

Өзүм төлөйкөндүкмүн, ушул айылда туулуп, ушуерде өстүм. Алтынчы класста окуп жатканда,чамасы, он беш-он алты жашта болсом керек, эрге тиесиң дешти үйдөгүлөр. Ал маалда азыркыдай сүйлөштүрбөйт эле. Кайнагам кыз танда десе күйөөм мени тандаптыр. Мен аны кайдан билейин, кыздын тагдырын ата-энеси эле чечип коюшчу. Ата-эненин айткан-дегени закүн эле да... Ойноок кезим эле, кимге баратканымды деле элес албагам. Азыркы акылым болгондо, окуйм-чокуйм десем ким кой демек? (Мударис болосуңбу дешип, кыз баланы окутуш кем эле кишинин оюнда болгон.) Жаңы келин болуп келгенде, жашы жете электе күйөөгө беришиптир деп, милийсадан кишилер келди, прокурорго суракка бардым. «Ата-энем карып калды, турмуштан кыйналганыман өз каалоом менен күйөөгө чыктым» – деп айткын дешти. Ошенттим. Абжапар кайнагам (атын айтпады) райондо инспектор, Кудайберди кайнагам мектептин деректири болсо, ошолордун кадыры менен «чатак иш» басты-басты болду. Кыз бала бирөөнүн эшигин бир аттагандан кийин эки жакка басып кетиш, өзүм билемдикке салганы өтө калтыс, уят иш эле агезде...

Күйөөм Райымберди Маметов (документине ушундай жазылган) 1926-жылы Төлөйкөндө туулган. 1944-жылы он сегиз жашында кан күйгөн Батышка аттанат, согуштан кийин да ошол кездин талабы менен үч жылдык аскер кызмат өтөшү шарт экен, ошого карабай жеңиштен кийин да беш жыл, жети айда айылына келет. Жолдошум кичи пейил, жумшак мүнөз, намыскөй, сөзгө чечен, жакшы адам эле. Мен келгенден кийин эле дарты (кургак учук оорусунан) козголуп, жарасы колтугуна түшүп, ооруп баштаган. Ыраматтылык апам жарасы жугат деп ажыраштырганга көп аракеттенди. Атам ынабай койду көгөрүп: «Мындан да оор жара берсе эмне кыласың? Кудайдын берген мээнети... Ооруйт, айыгат. Бешенеге жазылгандан качып кете албайсың», – деп туруп алды. Арадан үч ай өткөндөн кийин кайын журтум ата-энемди үйгө чакырып, келин алгандын шаанисин жасап, сарпай кийгизип жөнөттүк.

Эримдин оорусун айыктырганга эмнелерди гана кылбадым? Күчтүү деген табып-молдолорго барып, эмне эм болот десе, баарын жасадым. Таш бака, жылан, кашка баканы сайдан тутуп, көпкө чейин кайнатып, шорпосун берем, өзүм да кошо ичем. Балдарымдын атасынын эрки бекем эле, кургурумдун... Ооруп турса да билдирбегенге тырышып, ишине барып келет. Облустук «Ленин жолу» гезитинде гезит чыгаруучу болуп иштеди, гезит чыгарган жердеги ар кайсы боёктун, темир-тезектин иси дагы дартына кошумча болдубу деп коём өзүмчө. Кээде гезитке кыска макалаларды жазып, тарткан сүрөттөрүн чыгарып, фотокабарчы да болуп жүрдү. Мээнеткеч эле. Өзүбүз кыйналып турсак дагы, балдардын билимине, бой-кубатынын жакшы жетилишине аябай маани берген. Балдарыбызды кичинесинен спорттун түрлөрү: күрөшкө, бокска жана музыкалык кружокторго жиберген. Жакшы окусун, балдарым элдин керегине жараган адамдар болсо деген

тилекти көп айтып, чын дилинен ниет кылган. Ушунчалык сөзмөрдүгүнөн жакшы тилек-ниеттүү кепти тизмектеп, батаны да узакка айтчу. Жумуштан келери менен менин атымдан чакырып: «Апаң үйдөбү» – деп, турат.Кир жуусам, суумду ташып берет, бирдемелерге кол кабыш кылат, тынч тура албайт эле. Бекер отуруп деле, суусун ташып албайт деп айтат деп коңшулардан уялам. Балдарына талапты катуу коюп, сабагын текшерип, кокус артынан жел чыгарып койсо: «Ата-энеңдин алдында уялбай ушинттиңби?» – деп эшикке чыгарып жиберчү. Акырын сүйлөгөн, улук-кичикти урматтаган, оор-басырыктуу, адамдын көңүлүн караган пакиза жан эле.

Күндөрдүн биринде ооруп жүргөн киши бир алдың жакшына болуп кетти. Сүйүнгөнүмү айт... Тамакты да жакшы жеп, өңү-башы бир жакшына, көздөрү нур чалып, жаткан ордунан туруп, эшик-эликке чыкканын көрүп, Кудайым мага боору ооруп, күйөөмдү айыктырып берди деп, чечекейим чеч болду. Мээнетим кайтты деп коңшу-колоңдорго, туугандарга жетине албай айттым... Кайраттанып кеттим, көрсө, адам наркы дүйнөгө кетер алдында боюн түздөнөт окшойт, короого чыгып эшик-эликтегини, алыстагы Олокондун чокусун, Кайырманы биринчи көрүп аткандай, тамшанып-таңданып көпкө карады. Таң алдында, созулган бойдон узап кетти.... Жети балалуу болгондон кийин эски оорусунун айынан күйөөм кырк төрт жашында ааламдан өттү. Мен отуз жети жашымда бир этек жети бала менен жесир калдым.Чоң балам Рахманберди 8-класста,эң кенжеси Рашид эки жашта болчу. «Күйгөн аял кошокчу» деген сөз чын экен. Көз жашымды көлдөтүп, эртели-кеч чоң оромолду чүмкөнүп, төрдө отуруп алып кошок кошом, үйүмдүн ээсин жоктойм... Коргонум жылан сыйпагандай аңгырап, үйдүн устуну, шыбы, дубалы, баары эле көчүп түшкөндөй гуулдагансыйт...Жанымды коёрго жер таппайм. Балдары жаш

калды, эми кантип багам буларды, кичине-кичине кол арага жараганы менен ата-энесинин койнунан чыга элек балапандарымдын күнү кантет деп эле безилдейм.

Жыйырма жыл ичинде,
сен дебедим, сиз дедим.
Аттиң...жигит жаш мырзам,
эми сиздейди кайдан издедим.
Дарактарың көгөрүп,
мөмөгө эми киргенде.
Ойрон болдуң жаш мырзам,
ошонуңа күйөмүн.

Балдарың калды чоңоюп,
колуңан ишиң алганда.
Ойрон болдуң жаш мырзам,
Бирибиз эмес баарибиз,
бара турган жайыбыз,
Өлгөнүңө күйөмүн...
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!

Айылыбыз бир Кудай берген бейиштей жер да! Кайырманын боюна түшүп же иштен келатканда дөңдө отуруп, ичимди сары суудай эзген муңдан өксүп-өксүп ыйлап алам да, көкүрөк дартымды жан кишиге билдирбеш үчүн өзүнөн өзү оозума келе калган уйкашкан саптарды үн чыгарып, кошок кошом. Кичинелерим бутума оролошуп, каякка барсам ээрчип алат. Көрбөсө экен деп балдарымдан, айыл-ападагылардан корунам. Бир келген өмүрдө аз жашап, бир этек чыт курсак балдарды жалгыз мага таштап кетсе, эртеңи кантет, кантип окутуп-чокутам деп, жалгыз жанымды кыйнаган кайгымды күйөөмөн башка кимге арманымды айта алмакмын? Ичке салсаң дарт, жамандын кулагына түшсө, табаа болбойбу деп кымырылам. Бирге жашаган күндөр көз алдыман өтүп жаштыктын, жалын-

дуу куракттын элестери эске түшүп, ичимди өрттөйт. Аз жашаганы менен ымалабыз келишти, ынтымактуу «сизиң, бизиң» менен жашадык. Аялга кол көтөрмөк тургай, жаман сөзүн укпадым.Тал чыбыктай кезимде келип, ушу катта[1] катын болуп, очор-бачар болгондо да, кайын журтумун авлатинан бир ооз жаман сөз укпадым. Шүгүр дейм, окуган илимдүү адамдар башкача болушат экен.

Алтын бир балдак салдыңыз,
Айтканымды алдыңыз.
Алтындан салган балдагың,
Ай өткөн сайын кетилээр,
Ардактап баккан балдарың,
Атасыз кантип жетилээр?

Күмүш бир балдак салдыңыз,
Күлпөттөп бизди бактыңыз,
Күмүштөн салган балдагың,
Күн өткөн сайын кетилээр.
Күлпөттөп баккан кыздарың,
Өзүңсүз кантип жетилээр?
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!

Жаш мырзамдын барында,
Алтынга базар барганым,
Айтканымды алганым.
Жаш мырзамдын барында,
Ош базарына барганмын,
Ойдогуну алганмын.
Жылан бир келет из менен,
Убайым тартып жүргүчө,
Бирге эле кетпей сиз менен...
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!

---

[1] *Катта* – чоң.

Аа-а, дүйнө түшкүрүң, жети баланы чоңойтуп, эрезеге жеткиргиче не күндөрдү көрбөдүм... Амалаки, алып сатарлык кылбадым, бирди төрт кылам деп чайкоочулукка барбадым.

Өзүмдүн атам көп жардам берди. Балдарың актан кыйналбасын, айран-сүт ичсин деп, жашыраак кунаажын алып берди. Ал маалда турмуш оор, оокат-аш деле тартыш. Элдин колунда мал-калы аз, дыйканчылык менен жер тырмалап, күн өткөргөн. Эптеп-септеп балдардын оокат-ашынан ашырып, эки кана кылып, кам гувала менен там салдык. Балдардын бешик той, сүннөт тойлорун алыбызга жараша өткөрүп, элден бата алдык. Күйөөмдүн эски костюм-шымын бузуп, балдарга чактап, шым тигип берем. Балдар деле ыймандуу экен ошондо, чоңунун кийим-кечесин кичинеси кие берет эле, «сеники», «меники» деген өзүмчүлдүк жок бекен дейм. Балдарым бейчеки иш кылышпады, «сен сала, мен сала»[1] дебей, кимиси болсо колдон ишти алып, кыла берет болчу. Бул да атасынын тарбиясынан, кичинесинде атасы кулагына куйганынан да.

Кайгыдан кайышып отура бербейин деп, белимди бекем бууп, эшик алдындагы чымдарды чаап, түбүнөн жулуп, огород кылдым. Мурда жолдошума ишенгенсип, беймарал жүрчү элем... Күч байлагансып, эрдемсинип бүт тиричиликке керегин өз колум менен жасадым. Мектептен алган эмгек акымы – 60 сомду эптеп, үлөштүрүп жеткиргенге аракеттендим. Оокат-ашка керектеген жашылчаларды, көк-сөктү бүт эшик алдына эгип, жер-жемиштүү бак-дарактарды өстүрдүм. Мектептин полун жууйт элем. Класстык канаалар көп, тун уулум Рахманберди, Расул, Равшандарым мектептен чыгары менен чуркап келип, арыдан-бери полдорду жууп чыгышат.Балдардын чоңойгон сайын кулк-мүнөзү өзгөрөт экен, ойлонбой туруп бейбаштык жасайт, бейуруксат бир жакка басып кетет, ошондой

[1] *Саласал* – бир ишти ар кимге түртөө салуу.

маалда өпкөм-өпкөмө батпай күйөөмдү эстеп, ансайын минтип муңканам.

Кызым бир чыкса он бешке
Ошондо ойрон болбойбу...
Өзүм бир чыксам кырк бешке,
Уулум бир чыкса он бешке
Ошондо ойрон болбойбу...

Жайдак атка мине албайт,
Жайылган малын жыялбайт.
Барып базар кылалбайт,
Сенден калган жаш балдар.

Эсен болсо, эр жетээр,
Эр жеткиче, эс кетээр.
Эзилгенден не пайда?
Эшикке келген дос кетээр...
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!

Үйдөн бир карыш эч жакка чыга албайм. Алыскы айыл-апага, тууган-урукка каттоо да тыйылды. Балдар мектепке кетет, кетсем кимге таштайм? Кечинде мектепти тазалашым керек деп, эч жакка деле барбадым. Ошентип, балдарды чоң кыйынчылык менен чоңойттум. Балдарымдын бардыгы мектепти «эң жакшы» деген баага окушту, жогорку окуу жайларын да өз күчү, мээнети менен аякташты. Атасынын керээзин аткарып, баарын жогорку билимдүү кылдым. Окушту-чокушту, атасын жаман сөзгө калтырбай элдин жүгүн, кызматын кылган балдар болду. Энеге мындан башка эмне керек? Уулум Расул Райымбердиев атасына куюп койгондой окшош: кебетеси да, мүнөзүнүн жумшак майиндиги, боорукерлиги, мээримдүүлүгү жагынан кудум атасынын өзү. Элде айтылган «Өлгөндү тууган жеңет» деген накыл сөздүн мааниси ушунчалык терең

экен, өз башыман өткөрдүм, киндик кан тамган туулган жеринде атасынын атын өчүрбөй конушун кеңейтип-байытып, элдин ишинде жүрүшсө, «кимдин уулу» дедирген сыймыктуу кепке татыктуу эр жигиттерден болушту.

Тун балам Рахманбердини өз ээсине бердик, арабыздан кеткенине көп болду. Расул Райымбердиев эмгек жолун катардагы милиция болуп иштөөдөн баштаган, бир катар райондордо ички иштер бөлүмүнүн башчысы кызматынан Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигине чейин көтөрүлдү, министрдин орун басары болуп эмгектенди, генерал-лейтенант. Маметов Равшан – кесиби дарыгер, медицина илимдеринин доктору, облустук балдар ооруканасында бөлүм башчы, Ош шаардык аймактык ооруканасынын башкы директору болду. Маметов Рустам – бир нече райондо ички иштер бөлүмүн башкарды. Маметова Гүлсара – медсестра, Маметова Бүбүсара – мугалим, Маметов Рашид – банк тармагында көп жылдар бою үзүрлүү эмгектенди. Кудайга шүгүр, балдарым баары турмуштан өз ордун таап, бала-чакалуу, очор-бачарлуу болушту, ошолордун ысык чайын ичирген, ошолордун жашоодогу ийгилик-жетишкендигине ортоктош болгон тагдырыма ыраазы болом...

Акын бала жөнүндө айтсам, сөз көп... Фрунзеге жолум түшүп калса, анын үйүнө сөзсүз тие келчүмүн. Адамга жакын, жөнөкөй, адамгерчилиги бир башкача, барсаң эле бир зерикпей-эринбей, көчөнүн ылдыйынан тартып, башына чейин эч кимди калтырбай айылдаштарынын аты-жөнүн айтып, ал-жайын сурап чыгат эле.Кызматы чоңоюп кеткенде деле ошол жөнөкөйлүгүнөн жазбады.

Кайсы бир жылы борборго барсам, шаардын четирээгиндеги Беш-Күңгөй деген жерде жашап жатышкан экен, сүйлөшүп отурсак:

– Жеңе, мен сизге тан берем. Жети баланы жалгыз тарбиялап өстүрдүңүз, баарын жогорку билимдүү кыл-

дыңыз. Бала башташ кыйын экен. Өзүм көрүп жатпайынбы... Сиздин эркиңизге, тарбияңызга өтө ыраазы болом, – деди.

– Кайсы иште иштейсиз? – дедим, мен дагы атагы дүңгүрөгөн акын кайнимдин ишине кызып.

Ана иште, мына иште деп, иштеринин баарын санап берди. Айлыгына кызыктым, ушунча чоң кызматтарда турса, айлыгы да очойгон пул, паланча сом болсо керек деп коём ичимен.

– Айлыгыңыз аз го?..– дедим, уккан кулагыма ишене бербей.

– Жеңе, мен айлык үчүн иштеген жокмун. Сөзүм калсын, ырым калсын, ыр окуган эл атымды айтып жүрсүн, даңкым калсын деп жазып жүрөм. Балдарга, бизден кийинки муундарга мээр чөптөй дарылыгы бар жакшы ырларым, китептерим калсын деп жашап жүрөм. Эмнегедир ыйлагым келип кетти...Үй курам, үйдү толтурам, машине алам дебеди. «Дүйнө колдун кири» деген нерсени далилдеди өзүнүн жашоосу менен. Ал гана эмес, бирөөнүн байлыгын, оокаты, кызматы жөнүндө сөз кылганын уккан эмесмин.

Үйүнүн ичи бүт эле тирелген китеп экен. Кайнимдикиндей чоңдун үйүнөн көз күйгүзгөн кымбат нарктагы мебелдер, хрусталь идиш-аяктар, бут тийсе көк шибердей жайпаган майин, жупжумшак, кооз килемдерди көрүп эле жүрбөдүмбү.

– Үйүңөрдүн ичи бүт эле китеп го? – дедим

– Биздин байлык ушул да, жеңе...

Жаңы жерге көчүптүр, үй көрдүсүнө деп чайнек-пияласы менен сатып алган элем. Ыракматын айтып, колума «жол кире кылып кетиңиз» деп, ой-боюма койбой, 30 сомду карматты. Көрсө, ошондо шашып, көкүрөгүндөгү жаңы жазыла турган ырларын кагазга түшүрүп калайын деп, ашыгып иштеп жүргөн кези экен. Ишинен колу бошобой, ырларын жазууга убак-

тысы тар болуп атканына кейип-кепчип, айтканы да эсимде. Ошол акыркы көрүшкөнүбүз болду. Көчөгө узатып чыгып, бир топко чейин аялдамага басып келип:

– Жеңе, менден айылдын башынан аягына чейин баарына салам айттыңыз, – деди.

Акын кайнимдин пейили кенен, чынчыл, ак көңүл эле. Биринчи класска баргандагы элеси азыр да көз алдымда. Кичинесинде колу-буту узун, ипичке, желкеси көтөрүлгөнсүп турар эле, кулагы чоң делдейген, шоктугун айтып түгөтө алышпайт. Туугандарына абдан мээримин чачып, бооруна тартып турар эле. Уулум Рустам бокс боюнча республиканын чемпиону болгондо, маңдайы жарыла кубанып, ата-бабанын мурасы колдой жүрсүн деп комузду белекке деп берген экен.

## Ууру Шерби, тууру Шерби,
## аты аңызга айланган Шер

Төлөйкөнгө бет маңдайлаш турган Озгурга барып калсаңыз, өрүктүн кеминде беш-алты сортун табасыз. Азыркы жаштар анча маани бербегени менен өрүктүн таржымалы Шер тагама байланышат деп калды озгурлук **Матканова Сапакан эне.**

Илгери-илгери мындан канча жыл өткөнүн ким билсин, Озгурга адам буту тиелек кези, же эл азыраак отуруктаашкан маалындабы, айтор, Шер деген тагам өткөн. Эски кишилердин көбү билишкен, бирок жылдар айлампасында Шердин окуясы унутулуп, аны эстеткен, анын эстелиги катары бекиталган бир гана Шердин өрүктөрү калды. Жазда ак шоокумга армансыз оронгон өрүкзарлар гүл ачканда бир көрүңүз да, жайында даам кирип, горосу чоңойгон сайын бети-башын агала, кызылала, пушту, чийкил сары өңгө

боётуп, боору менен төшүн кызыл, сапсары, маласары, кыскасы, күн санап бышкан сайын түсү өзгөрүлгөн мөмөсүн бир караңыз!.. Даамычы!

Шер айылда атына чаң жукса төбө чачты тик тургузган, жакшылык кылса боор-этиңди эреркетип көңүл жибиткен, бир ааламат киши болуптур. Балдар ыйлаганда «Шер келатат» десе, коркуп ыйын токтотуп, жек-жаатынан бирөө-жарым зөөкүрдүн же каракчынын колуна түшүп калса, Шердин чоң муштумун ортого салып, кутулуп кетишчү дейт. Айылындагыларга анын атынан чочуган кисабирлер[1], уурулар да батынып кол салган эмес экен.

Шаарда таң сүрүлүп, үрөң-баранда бирин-серин кыймыл башталат, соодагерлер, базарчылар таң атпай жөнөшөт эмеспи. Айтылуу Оштун базарындагы илгерки-илгерки кербен сарайга төөлөрүнө жүк артынган кербенчилер алыскы сапардан келип түнөшөт. Таң куланөөк атканда, кербен базардын оро-парасынан дүрбөлөңдүү, үрөй учурган үн угулат:

– Ууру, ууру, кармагыла!

– Вай-да-а-аат!.. Белимдеги пулду чечип кетти!

Соодагерлер жаткан жеринен ыргып туруп, сыртка атып чыгышты. Кимдин ким экени таанылбай, бакырык-кыйкырык, ызы-чуудан эл ары сүрүлөт, бери сүрүлөт. Уурусу ким, соодагери ким таанылбайт.

Шер баштаган эки-үчөө ай-койго келтирбей, сарттардын чапанын чечип алып, качып жөнөйт. Чапанын чечтирип алганы аз келгенисип, пайтобосунан, белиндеги курунан (чаарчыдан), чапанынын ички көкүрөк чөнтөгүнөн пулун алдыргандары да болуптур. Базар башчысы, базарчылар менен ханга арызданып барып, Шерди барса-келбес жакка айдадып жиберишет.

Бир-эки жыл дайыны жоголуп, элдин эсинен чыга баштаганда, кайрадан базарда имиш-имиштер шимшилеп жүрөт. Кароолдун мылтыгын тартып алып,

[1] *Кисабир* – чөнтөк ууру.

Кашкардан шаарга жакындап келаткан соодагерлерди ай-талаада тоноп, бир төөгө жүктөлгөн куржун-куржун газмал, истамгүл деген матанын түрүн, бир төөгө артынган куржундан кант, шекер, набатты, кербендин үчүнчү-төртүнчү катарындагы төөнүн курсагында шыңгыр-шыңгыр этип, жылаажындуу дабыш чыгарган тилла тыйындардын баарын тартып алып, хандын алдына келет. Оңой олжого туйтунган хан алдындагы дүр-дүйнөгө көзү кызарып, Шердин ниетин сурайт.

– Оштун Күн чыгыш тарабындагы Ак-Бууранын наркы өйүзүндөгү Озгурду жердегим келет, ханым! – дейт Шер.

Хан макул болуп, Озгур Шердин карамагындагы жер болсун деп, буйрук чыгарат. Ошентип, Шер тагабыз бир табак тилласы менен келип, Озгурду мекендеп отурукташып калат. Жер иштетип, бак-дарак тигет, болгондо да Анжыян, Маргалан тараптан өрүктүн түркүн-түмөн сортторун алдырып отургузат.

## Алмакан эжем

Жолондун апасы Алмакан менин жакын эжелеримен болот. Жолондун көзү, мурду-башы кудум апасыныкы, куюп койгондой окшош. Эжем жаагын жанган кошокчу эле. Сулуулугунан бактысы келишип-келишпей жүрүп,үч-төрт эрге тийди, тагдыр экен Мамыт акеге тийгенде, ошол согуш башталган жылы Жолон туулду. Каттообуз жакшы эле. Эжемсиз эч бир ишти жасаган эмеспиз. Масилеттешип, анын айткан-дегенин угуп, калган кыздар ишке киришет элек. Илгери да, илгери болбогондо качан? Басмачылар жортуп жүргөн маалда эжемди Папандын алыскы жайлоосуна ала качып кеткен күйөөсү өлүп, бектин мурунку байбиче-токолдорунун мүлк талашмайы башталганда түнү акырын чыгып качып баса берген экен. Ошон-

дон кийин көпкө чейин бой жүрдү. Биз эже-сиңдилери азилдешип: «Эже, карыганда жаныңа караан болот, эрге тий, бир-экини тууп ал?» – десек, «Ырсалаңдаган биттаны[1] туусам кана эле (оюнда кыз тууп алсам дегени). Көз чекчейгенде, бел бекчейгенде эрмек болор...» – деп калат эле нетеремишке[2], кургурум. Канча жуучулар келип, ортого кадырлуу кишилер түшкөнүнө карабастан,«сувайлыгым–султандыгым» деп эч кимисине ынабады.

Күйөөм балакеттүү пашисттер (фацисттер) басып киргенде, согуш башталган жылы армияга чакыртылды. Биз айылдагы катын-калач колхоздун талаасында таң атып, күн батканга чейин иштейбиз. Бир туруп буудай оробуз, бир туруп пахта теребиз, бир туруп жашылчаларды жыйнайбыз, тыным жок. Иштебесең ачка каласың, үйдөн бир адамды табыш кыйын эле шол маалда. Касалдап[3] жатып эле калбаса, катындардын баариси бала-чакасы менен талаада.

Күндөрдүн биринде, бригат мени жанына чакырып, сол чөнтөгүнөн бирдеме алар-аламаксан болуп:

–Үйүнө бара бер, эриңе куран окутабыз кечинде... – деди.

Жер жарылып, айланкөчөктөн башы-көзүм тунарып, кулагым дымып, ылдыйлап эле баратам... Эмне болгонун сезбедим. Көзүмдү ачсам, үйүмдө жатыпмын. Алмакан эжем бир оор үшкүрүндү да, бетиме тике карап туруп:

– Өзүңдү карма, эрден айрылган бир эле сен эмессиң. Айылдагы катындардын канчасы кан жутуп отурат, жаш келиндерчи.. Белиңди бекем буунуп, түздөнүп отуруп, эриңдин жакшылыгын ырга кош... – деди.

Өмүрүмдө кошок кошкон жан эмес элем. Кечинде эл жыйылып келет, келин кезимди уурдаган, жанше-

---

[1] *Битта* – бирөө.

[2] *Нетеремишке* – көз көрсөтүш үчүн иш жасабай кожоюп турган адам.

[3] *Касал* – оору, дарт.

ригимди жалмап кеткен согушка наалат айтсамбы, же орозгеримди чачып, балдарымды жетим калтырган жесирлик тагдырымды ырдаймбы?

Нес болуп, отуруп калдым. Оозума бир сөз келсе эмне? Алмакан эжем төшөктү төрт бүктөп, алдына салып, кыбыланы карап алып, чоң оромолунун эки жагын жайып таштап коёп, бир азыраак тынымдан кийин үнүн жасап, не бир муңдуу, не бир кайгылуу кайрыктары менен үн салды:

Ак зоодон түшкөн тамчы элең,
Акылын билген тууганга,
Ак мүйүздүү камчы элең.
Көк зоодон түшкөн тамчы элең,
Көңүлүн билген тууганга,
Көк мүйүздүү камчы элең.
Айлансам үкам күйөрүм,
Күйбөй кантип жүрөйүн
Оо-уу, оо-уу, өх-өх!

Жан дүйнөм түтөп кетти, баданимди[1] шыла чапкан камчынын уусун сезгенсип, чыйрыгып-чыңалып боюмду түзөдүм. Ат бакканды жакшы көрөт эле, шордуум. Улак тартмай, ат чабыш, ат оюндары каерде болсо, калбайт эле. Бир жакка жөнөрдө атына минип, короздонуп койкоё жакшына кийинип алчы эле. Алдыман бир «жарк» эте өткөндөй болду, оозума келе калган (мурда уктумбу же укканымды кураштырдымбы, билбейм), атчандар аскерлери менен согушка кирдик деген каты эсиме келе калып, каңырыгым түтөп, кайгынын уусуна какаган жаным:

Кара жорго үстүндө,
Кайып болду жоомартым.

[1] *Баданим* – денеси, бүткөм бою.

Кайрылбастан үйүнө,
Шейит болду жоомартым.
Оо-уу, Оо-уу, өх-өх!

Тору жорго үстүндө
Кайып болду урматым.
Торулуп үйгө келбестен,
Шейит болду урматым.
Оо-уу, Оо-уу, өх-өх!

Менин үнүм чыкканда эжем тык токтоду. Баамымда ал менин кошогума маани бергенсиди. Эгер көңүлүнө туура келбесе: «Мына бул жерин мындай, андай айт» – деп оңдоп-түзөп кыраатына, авазына келмейин «канчык иттин каңшылаганындай», же «бырбалаңдап мурдуң менен айттың» деп катуу сындачу. Таң атып-атпай эримдин кыркылыгына чейин төрдө тескери отуруп, балдарымдын атасын жоктоп жүрдүм. Салт катуу эле. «Атаңарды эртелеп эле эсиңерден чыгардыңарбы» – деп, кемпирлер балдарга эмес, мага тийиштирип айтканынан чочуйт элем.

Келди-кетти батачылардын аягы эл жатарга чейин тыйылбады.Күндүзү өкүматтын иши деп, жамандыкты шаанисин-тажыяны да эл иштен бошогондо жасаганбыз. А-а, ал күндөр келбесин, эл тынч болсун....

# ОН ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

## Бейдаректик, сени менен күрөшөм

Жолон Мамытовдун экинчи китеби «Жашыл аалам» («Мектеп», Фрунзе, 1971) деп аталат. Ошол китебинде «Бир жаралып ушул тунук турмушка» деген ырында автор акындык өнөр жөнүндө өзүнчө ой жүгүртөт.

*Ыр сабынан шаты жасап, өйдөлөп*
*Шашып чыгып баратамын жылдызга –*

деп, өзүнүн ыр шатысын жасап жаткан акын толук элин жөлөк тутуп, толуктун рухун ырдап өтөөрүн максат кылганын айтат. Ушуга үндөш, маанилеш жазылган «Өмүрдө», «Акындык», «Кыш босогосундагы сезим», «Мен бүгүн зор дүйнөнүн бүгүнүмүн» деген ырлары акындын көркөм сөз өнөрүнө болгон мамилесин билдирет. Ушул сапат белгилер китептен китепке өткөн сайын бекемделип, дагы салмактанат.Мунун ишенимдүү мисалын кийинки жыйнактарынан дапдаана байкоого болот.

*Айлуу түндө айды тиктейм айбыга,*
*айланчыктайм ай көңүлүм кармалбай.*
*Бирөө туштап табитимди кайгыга*
*Ай бетиндей чамбыл кылып салгандай.*

*Күндүз болсо көкүрөгүм жагжайып,*
*нурду тосом мейкиндиктен келаткан.*

*Колдоруна кармап алып ак жарык,*
*денге батпай бийлейт бардык клеткам.*

*Бейдаректик, сени менен күрөшөм,*
*Жаш өмүрдү үлөштүрүп ырларга.*
*Жүрөгүмө толкуп кирип бир өзөн,*
*жүрөгүмдөн мөңкүп чыгат бир дайра.*

*Качандыр бир жаралам деп ойлоном,*
*бул чеги жок табигаттын колунан.*
*Аалам кезип айланыштуу жол менен*
*кайра баштан мен жашоого жолугам...*

Ырдын поэтикасы көркөм туюндурууларга анчалык деле бай эмес. Текстинен лирикалык «мендин» ыр жаратуу түйшүгүнүн ар кыл жагдайда: башында басмырт, жүрөкзаадалык сезилип (бардык эле ыр жазгандарда ушул абал болобу же жокпу?), кайра чыңалып («денге батпай бийлейт бардык клеткам»), психологиялык абалы баяндалгансыйт. «Айды тиктөөдөн айбыккан» лирикалык каармандын табият менен байкалбас ички байланышы мына бул «ай бетиндей чамбыл кылып салгандай», «нурду тосом мейкиндиктен келаткан» деген саптар аркылуу туюнтулат. Дал ошол табият көрүнүшү менен үн алышкан тереңдиги туюмдун ньюанстары ырдын көркөмдүк түзүлүшүн кармап турат.

*Бейдаректик, сени менен күрөшөм,*
*жаш өмүрдү үлөштүрүп ырларга.*

Бул саптардан негизги идея даапаланат, автордун көркөм сөз менен иштөөдө поэзияда өзүн өзү таанууга болгон умтулуусу айкындалат. Башка акындардан айырмаланып, Жолон акындык өнөр тууралуу ички сезимдеринин ар кыл абалын, түрдүү ракурстагы се-

зим-туйгусун кылдат анализдеп, ушул темага көп кайрылган акындардын бири.

Мезгил, убакыт – адам үчүн табышмак. Эзелтеден бери канчалаган акындар менен акылмандар анын жандырмагын издеп келатышат. Түмөндөгөн түшүндүрмөлөр, божомолдор, концепция-теориялар түзүлгөн. Философиялык ой жорууга ынтызар акын да бул табышмактын тегерегинде көп ойлонуп, көп толгонгон. Мезгилди адам эркине багындыруу, андан өлбөстүктү жеңип алуу куру кыял, азгырылма ой болгону менен пендезат өмүр-өлүм жөнүндө кыял жүгүртө баштагандан жашап келаткан идеялар акындын акыркы куплетинде жаңырып турганы бекеринен эмес.

***Аалам кезип айланыштуу жол менен***
***кайра баштан мен жашоого жолугам...***

Ушул оюн толуктап, байытып, дагы бекемдеп, алдына койгон мүдөөсүн айкындап турган «Максат» деген бир ыры бар. Ошондогу:

*Чимирилип бийлеп чексиз мейкинде*
*кайра артыма жангым келет былдырап, –*

деп башталган акындын ой жүгүртүүсүнүн стихиялык жаңы, кубаттуу илеби жакшы эле сезилип турат. Дүйнөнү көркөм кабылдоонун кубулуштары көндүм формада берилгени менен ойду туюнтуунун өзүнчө ыкмасы байкалат жана поэтикалык айырмачылыкка ээ образды жаратат.

*Жарым түндө бурганактын алдында,*
*калгым келет жылуу тонго оронуп.*
*Чырмоок сымал өскүм келет асмандап,*
***чап жармашып Күн нуруна оролуп,***
***Кичинекей өмүрүмдү керилте***
***эспандердей чойгум келет кол менен.***

*(Баса белгилеген – Р. И.)*

гоп, ошол суроолордун жообун өзүнөн издеп келгенин ар бир жыйнагы айтып турат. Ушул суроонун жообу жыйнактан жыйнакка тамырлап, бир бүтүн өзөк сыяктуу өсүп келет. Буга «Башталуу алдындагы ыр», «Акын жолдо», «Актёрго ода», «Өзүмдү эгер кыстасам» деген ырларын кошууга болот.

Учурда социалдык желелерде: ФБ, инстаграм, одноклассник, вотсапта ж.б. ырлар жайнап чыгат, элестүү айтканда, талаага тамырлаган ар түрдүү гүлдөр сыяктанат. Гүлдөр табияттын туундусу, алардын ар биринин биологиялык артыкчылыгы бар, канткен менен табигый түрдө, табигый тумсак абалында жыты да ар башка, форуму да, түсү да ар кыл. Бирок ырларга келсек уйкаштыкты кууп, көзүнө көрүнгөн-илинген нерселерден ыр курап, айтыла берип, кулакты жыдыткан саптардын сөзүн, тексттеги ордун, темасын, жолун, абзацын, муунун алмаштырып койгондон эч нерсе өзгөрүлбөсүн билсе да, жамактатып жазган ырлардын селин ким токтотот, поэзиянын мынчалык деңгээлде тепселип-тебеленишине жол бергендерди тыя турган күч жокпу деген ой келет. Адабияттын майданына таланты бары деле, жогу деле кенен-кесири бастырып кирүүдөн, акындык-жазуучулук жоопкерчилик эмне деген сезимдин жоголушунан, же таназар алынбаганынан ыр китептери, прозалык жыйнактын авторлору (кечириңиздер, орой айтканым үчүн) эшек жайлоого чыгып кетишти.

Акындын ырларына экскурсия жасап баратып, акындын жакын досу, Ош шаарында бир нече жылдар бою чыгармачылык байланышта болгон талanttуу акындардын бири **Кармышак Ташбаевдин** катына орун берсек жаман болбос. Ошол мезгилде адабиятка аралашкандардын дээрлик барында өзүн өзү аңдап таануу, өзүнө сынчыл мамиле курч болгону байкалат.

**«Жолон! Саламатсыңбы! Ден соолуктар жакшыбы? Окууң ийгиликтүүбү? Албетте, Оштон жөнөткөн чоң**

жана ысык саламыбызды кабыл ал! Кайырларга да салам айтып коёрсуң.

Биз жатабыз, Жоке. Демек, түшүнүктүүдүр: баягы өзүң көргөндөй түгөнбөгөн түйшүктүн артынан кыбырап, ага-буга алаксып, «чатагы жокту» ооздон түшүрбөй, кээде көк чайга ээрчише жөнөп кыбырап жашоодобуз. Күн жылып, жаздын алды кирип келди. Балдар болсо жатышат. Көңүлдөрү куунак уккандырсың, Ажикең куулуп, Кара-Сууга барып түштү «топ» этип. Ордуна Бөрүбайдын баласы келип, кайыш тиштеген иттей тырышып иштеп жатат. Өзгөрүү азырынча жок. Болжолдоолор боюнча анча чоң эмес орун алмаштыруулар болот окшойт. Токтобай болсо кайра ишке алынып, таштакка салган такалуу аттай катыратып иштеп жатат. «Чекист» болсо «мындан ары эмне иштер болмокчу жана эмне кылуу керек» деген тезистердин үстүндө ойлонуп жүрөт.

Өзүм баякы өзүң көргөн иште эле чобур аттуу арабамды кылдыратып айдап жүрөм. Дагы бир жаңылык – жеңелүү болдуң. Камбаралы акең кеминдик кызга үйлөнүптүр (сүйүнчү). Абдимитал азыраак чикерттеп ооруканага кечээ күнү жатып калыптыр. Эмне себептен жатып калды, барып сурай элекмин. Момушка көптөн бери жолуга элекмин. Зайыбың 15-марттан отпускага чыгат экен деген сөздү Зулфия менен Гүлүмкандын аңгемелешүүлөрүнөн угуп калдым. Башка жаңылык жок, баары өзүң көргөндөй, билгендей.

Чыгармачылык боюнча эч жаңылык жок, бир гана баягы поэмамды бүтүрүмүш болдум. Сөз ушул, Жоке! Саламат бол! Көрүшкөнчө...Кармышак». *(Кармышак Ташбаевдин Жолонго жазган каты. 9-март, 1970-ж. кечки саат 9.20)*

Акындык вазыйпанын салмаксыз, өлчөөсүз экенин туюнткан мына бул саптар, инсан катары ыймандай сыры экени шексиз.

*Басылып кусалыкка толгон денем,*
*баратам барик үчкан жолдор менен.*
*Акынга бир тынымдык кайгы да оор,*
*дүйнөдө күндө майрам болгон менен.*

*Күн күлөт түбөлүктүү бийигинен,*
*оордук колун тартпайт ийинимен.*
*Ыйлагым келип кетет эмнегедир*
*бирөөнүн салбыраган кийиминен.*

*Ойлоном ойлоп жүргөн өктөрүмдү,*
*качанкы отко салган дептеримди.*
*Ачууда ким бирөөнү ыза кылып,*
*бирөөгө катуу айткан кептеримди.*

Жогорудагы сыпатталып өткөн ырлардагы ойду **1987-жылы Кыргызстан жаштар сыйлыгынын лауреаты** болгондо акындын чыгармачылыгына арналган телекөрсөтүүдө алып баруучу:

– **Поэзия деген эмне? Кандай адам акын болушу мүмкүн? Акындык изденүү дегенди кандайча түшүнөсүз?** – деген суроо узатат.

– Билесизби, сиз берген соболдордон улам, анан да мына бул телевизиондук студияда отуруп, мен азыр мындай ойлорго кеттим. Мен азыр сиздин суроонузга жооп берүү менен бирге телевизор тиктеп отурган миңдеген, он миңдеген адамдардын да суроосуна жооп бергени отурам. Бул болсо, өзүнчө эле бир сыноо, өтө жооптуу иш...

Поэзия да ошондой. Ыр жалгыз адам үчүн жазылбайт. Жалпы окурман журтуна багышталып жазылат. Бир жагынан караганда көпчүлүккө арналып жасалган тамакка да окшошуп кетет. Ошол тамактан таңдайда жакшы даам калдыбы, клиент сиздин ыр кухняңызга кайра да кайрылып келеби? Бул бир жагы. Экинчи жагы болсо, көркөм чыгарма, анын ичинде поэзия, бир

**жана ысык саламыбызды кабыл ал! Кайырларга да салам айтып коёрсуң.**

**Биз жатабыз, Жоке. Демек, түшүнүктүүдүр: баягы өзүң көргөндөй түгөнбөгөн түйшүктүн артынан кыбырап, ага-буга алаксып, «чатагы жокту» ооздон түшүрбөй, кээде көк чайга ээрчише жөнөп кыбырап жашоодобуз. Күн жылып, жаздын алды кирип келди. Балдар болсо жатышат. Көңүлдөрү куунак уккандырсың, Ажикең куулуп, Кара-Сууга барып түштү «топ» этип. Ордуна Бөрүбайдын баласы келип, кайыш тиштеген иттей тырышып иштеп жатат. Өзгөрүү азырынча жок. Болжолдоолор боюнча анча чоң эмес орун алмаштыруулар болот окшойт. Токтобай болсо кайра ишке алынып, таштакка салган такалуу аттай катыратып иштеп жатат. «Чекист» болсо «мындан ары эмне иштер болмокчу жана эмне кылуу керек» деген тезистердин үстүндө ойлонуп жүрөт.**

**Өзүм баякы өзүң көргөн иште эле чобур аттуу арабамды кылдыратып айдап жүрөм. Дагы бир жаңылык – жеңелүү болдуң. Камбаралы акең кеминдик кызга үйлөнүптүр (сүйүнчү). Абдимитал азыраак чикерттеп ооруканага кечээ күнү жатып калыптыр. Эмне себептен жатып калды, барып сурай элекмин. Момушка көптөн бери жолуга элекмин. Зайыбың 15-марттан отпускага чыгат экен деген сөздү Зулфия менен Гүлүмкандын аңгемелешүүлөрүнөн угуп калдым. Башка жаңылык жок, баары өзүң көргөндөй, билгендей.**

**Чыгармачылык боюнча эч жаңылык жок, бир гана баягы поэмамды бүтүрүмүш болдум. Сөз ушул, Жоке! Саламат бол! Көрүшкөнчө...Кармышак».** *(Кармышак Ташбаевдин Жолонго жазган каты. 9-март, 1970-ж. кечки саат 9.20)*

Акындык вазыйпанын салмаксыз, өлчөөсүз экенин туюнткан мына бул саптар, инсан катары ыймандай сыры экени шексиз.

гармачылыгына арналган телекөрсөтүүнүн планы, 1987, «30»)

Акындын «Ырлар» (Фрунзе, «Мектеп», 1975) жыйнагы «Сен – оңой жол күйгүзөсүң көзүмдү...» деген ыры менен ачылат. Асыресе, бул сырдуу сапты түрдүүчө түшүнүүгө да, түшүндүрүүгө да болот. Мында тымызын кыйытылган сын жатат, кыйыр айтылган ирония бар. «Чыгармачылыктагы оңой жол, көзүмдү көп күйгүзбөгүн, менин жолум караманча сенден башка» деп, акын чыгармачылыктагы оңой жол, турмуштагы оңой жолду жектейт. Аны эш туткандарды күлүмсүрөп мыскылдуу карап, «Татаалдыктын арт жагынан даңгырап, сен – оңой жол күйгүзөсүң көзүмдү» – дейт.

Элде «арзандын шорпосу татыбайт» деген макал бар. Чындыгында эле даяр жол менен, оңой жол менен жүрүү, турмуш чындыгын тайманбай тереңдеп изилдеп, татаал ички сырларын ачып чыгуудан алаксытат, поэтикалык күчтөрдүн ачылышына тоскоол болот. Жаңыча эксперименттер жасап, жаңы ыкмаларды табуудан калтырат. Анда өзүнө алымсынбоо, өзүн сындоо, дайыма өзүн өзү талдап, такшалдырарын төмөнкү саптар ишенээрлик айгинелейт.

*Сен – оңой жол, козгойсуң да сезимди,*
*багындырып бардык акыл-эсимди.*
*Ирим болуп соруп бара жатасың*
*күтүрөгөн күчкө толо кезимди.*

* * *

*Сага алпараар лабиринттер каңгырап*
*мен түгөтүп алчудаймын өзүмдү.*

* * *

*Кандай кыйын сага жетпей сарыптап,*
*орто жолго чачып салуу өмүрдү.*

Жолон Мамытовдун ырларына мүнөздүү дагы бир касиет – лирикалык чегинүүнү канчалык жасабасын, өз чечимин, мүдөөсүн билдирбей койбойт. Ушундай оптимисттик маанай чыгармаларына өзгөчө боёкту, мамытовдук үн, мамытовдук стилди камтып, поэзиясына мүнөздүү чеберчилигин аныктайт. Ырдын акыркы куплетин мындайча бүтүрөт.

*Жаңы нуктан баштаймын деп ырымды,*
*мен бул ирет Мекенимди ойлоном.*
*Өмүр сүрүп дүңгүрөтүп кылымды,*
*сапар тарткан саябандуу жол менен...*

Советтик доордогу таланттуу акындардын көпчүлүгүндө чыныгы поэзия жаратуунун түйшүгү басса-турса оюнан кетпей, акыл-эсин туткундаган күч сымал жашоосунун, тактап айтканда, тиричилигинин күндөлүк режиминдей болгону **К. Ташбаевдин** дагы бир катынан байкалат.

**«Жолон!**

**Ассалоому алейкум! Кат аркылуу болсо да саламды кабыл ал, Жоке. Ден соолугуң мыктыбы? Окууң ийгиликтүү өтүп жатабы? Чыгармачылык иштериң ойдогудайбы? Башка дагы эмнелерди сурамак элем. Иши кылып күндөрдү өз максаты менен өткөрүп турсаң болгону.**

**Эми бизден сурасаң, жалпы сөз менен айтканда жатабыз. Ош өзүң көргөндөй. Пахта планы толгуча балдар менен көрүшө да, жолугуша да алган жокпуз. Эми чайга түшмөй, редакциянын С. Маматалиев отурган бөлүмүндө маектешмей адаты кайра башталды. Дагы бир жаңы маек чыккан, ал – бильярд. «Кабиш» же «Кабишин туураладынын» термини боюнча «бб» деп аталат. Ошого байланыштуу «дакан», «зор» деген сөздөр чыккан.**

Жаңылыктар ушулар. 28-октябрда жаш жазуучулардын республикалык пленумуна бардык. Шабданбай аке, Исраил аке, Таш аке баш болуп, Алымкан, Сабира, Бүбүнисаж болуп. Пленум дурус өттү. Эрнис Турсуновдун сөзү баарынан өттү. Бир сөз менен айтканда, эң мыкты.

Жакында 17-ноябрда Абдумомунов менен Каимов келип кетишти. 30-ноябрда союздун 7-көчмө пленуму Ракманжан атындагы (Ленин району) колхоздо өтмөк болуп жатат. Ошого карата Ош телестудиясынан адабиятчылар сүйлөдүк. Ичинде өзүм да бармын. Пленумга райондордон секретарлар, колхоз жетекчилери, алдыңкы адамдар, адабиятчылар катышмак болуп жатат. Фрунзеден жазуучулардан 30га жакын адам келет экен.

Эми өзүмөн сурасаң: жатам... Жалкоолук моюнга минип алганбы деп да ойлоном. Күнүгө эртең менен кетмей, кечинде келмей. «А кайда жүрдүң?» – «палан жолугуп, пустан жолугуп...»

Баякы поэманы бүтүрдүм, жыйырма чакты ырларды кошуп, «Айыккан жараттар» деген ат менен «Кыргызстан» басмасына Маймуловдун колуна тапшырып келдим. Азыр колдо эч нерсе жок. Ээндикте жалгызсырап калдым. Эки-үч күндөн бери ээрди кесе тиштеп, эч жакка чыкпай, майда-чүйдө иштердин үстүндө олтурам. Бир ой келип, мектеп жашына чейинки балдар үчүн иштесемби деп калдым. Бирок чыгабы-жокпу белгисиз. Балдар адабиятын бир-эки ай окуп, изденип көрүп анан киришсемби деген да ой келет.

«Мектептен» жыйнагым чыкты. Өзүңө жөнөтөйүн десем Ошко түшө элек.Фрунзеге түшүптүр. 2, 65 учеттук басма табак, тиражы – 4000, баасы 27 тыйын. «Мен көргөн жаздар» деген ат менен эле чыкты. Бети 80. Кээ бир ырлар алынып калыптыр. Кээ бир куплеттер кыскарыптыр. Каталары, алмашкан саптары да бар. Бирок көркөмдөлүшү дурус. Ошко түшөрү менен жөнөтөрмүн.

**Момушка көптөн бери жолуга элекмин. Токтогулга жолугуп калам. Ош радиосу өзүнчө комитет болот деп жатышат. Каражат, гонорар маселелери мурункудай эле. Чечиле элек дешет уккандарым боюнча. Болгон жаңылыктар ушул. Ошко быйыл күн жаабаганы менен абдан суук болуп жатат. Сөзүм да түгөнүп бара жатат. Эми саламатта бололу. Жакын санашкан жолдошторуңа салам айтып коёрсуң. Колуңду кысып, Кармышак.** ***(Кармышак Ташбаевдин Жолонго жазган каты. 27-ноябрь. 1970-ж.)***

Элементтердин кошулмасынан жаңы затты ойлоп тапкан химия илимине таандык кубулушка окшотуп, лирикада сөздөн-сөз жасоо менен поэтикалаштыруу идеясын «альхимик» деп коюшат.

*Сөздү сөзгө кайраштырам, бүлөймүн,*
*майдалаймын, суюлтамын, куямын.*
*Сезим серпкен ишеничтен дүлөймүн,*
*өлбөс бир ыр бар экенин туямын*

деген лирикалык «мен» өз өнөрканасында сөз менен каалашынча узанып, сөздөн сөз курап, өлбөс ырын жараткан соң табигат менен аралашып, жуурулушуп, миң түрлөнүп, шыңгыраган нур болуп чыккысы келет. Акындын жан дүйнө иш-аракетинде бул касиет куру кыял эмес, мээнеттен жаралган романтика экенин ал таланты, чеберчилиги менен далилдеп, окурманды сөз күчүнө аргасыз багындырып барат.

*Кулакка үй, көзгө асем боёкту,*
*сезимге нур, магдыроону денеге*
*тартуулаймын.*
*Жасайм сөздөн жомокту,*
*алоолонткон сөздөн өчпөс кемеге.*

*Багышталгыс Күн аптабы, борошо,*
*өзгөргүс да, нагыз дагы, чылк дагы*

*тек түзөмүн*
*мен сөздөрдөн обочо*
*мезгил менен мейкиндиктен сырттагы.*

Жолон Мамытовдун поэзия, көркөм өнөр жөн
жазган чыгармаларындагы бир өзгөчөлүк – лирика
сезимдер менен ой жүгүртүүлөр диапазонунун ке
гинде деп атайын басым жасап айтып өтөр элек.
кошумча, акын ар бир сабын чын жүрөгүнөн өтк
эмоциялык эргүү менен жазат.

Акын деген ардактуу ат болгону менен, акы
жолдун касиети анын ырахаты менен түйшүгүнд
сөзгө айланып, жүрөк отуна каланып, сезим ыра
боёлуп, саптарга тизилгенче акын канча түйшүкт
азаптанат. Ошол үчүн **«Биз – ыр талаанын дыйк
бул ишке ыктыяр келгенбиз, мээнетибизди башкаг
ласал кылбайбыз. Окурман менен убакыт – сотубу**
дейт акын. Мезгил менен жарышып, андагы
өмүрүнүн ыры менен муңун, күлкүсү менен ы
жеңиши менен жеңилишин, жыргалы менен арма
өзүнө чөгөргөн «албарс ойду тамчылатса калеми» а
дын «келер муунга жете бермек дареги». Ушул ж
керчиликти баалап, барктаган акын гана түбөлүк
дырын поэзияга байлап салып, бүт өмүрүн берет.

*Мен өмүрдү барактадым санаттай,*
*эрк өзүңдө алсаң, койсоң жаратпай.*
*Ар бир жыйнак эң акыркы жыйнактай,*
*ар барагы эң акыркы барактай...*

Мына ушундай мазмундагы чыгармаларына «
түрдүү ноталарда калкып ойноймын», «Өлбөстүктүн
лунда», «Өзгөн мунарасы», «Аз шаңшып, зор са
эрте карып» аттуу ырларын кошууга болот. Алар
рин бири толукташат. Баары бир чындык уюлга
лушуп, бир зор максатка кызмат өтөшөт.

*тек түзөмүн*
*мен сөздөрдөн обочо*
*мезгил менен мейкиндиктен сырттагы.*

Жолон Мамытовдун поэзия, көркөм өнөр жөнүндө жазган чыгармаларындагы бир өзгөчөлүк – лирикалык сезимдер менен ой жүгүртүүлөр диапазонунун кеңдигинде деп атайын басым жасап айтып өтөр элек. Буга кошумча, акын ар бир сабын чын жүрөгүнөн өткөрүп, эмоциялык эргүү менен жазат.

Акын деген ардактуу ат болгону менен, акындык жолдун касиети анын ырахаты менен түйшүгүндө. Ой сөзгө айланып, жүрөк отуна каланып, сезим ыраңына боёлуп, саптарга тизилгенче акын канча түйшүктөнөт, азаптанат. Ошол үчүн **«Биз – ыр талаанын дыйканы, бул ишке ыктыяр келгенбиз, мээнетибизди башкага саласал кылбайбыз. Окурман менен убакыт – сотубуз»** – дейт акын. Мезгил менен жарышып, андагы адам өмүрүнүн ыры менен муңун, күлкүсү менен ыйын, жеңиши менен жеңилишин, жыргалы менен арманын өзүнө чөгөргөн «албарс ойду тамчылатса калеми» акындын «келер муунга жете бермек дареги». Ушул жоопкерчиликти баалап, барктаган акын гана түбөлүк тагдырын поэзияга байлап салып, бүт өмүрүн берет.

*Мен өмүрдү барактадым санаттай,*
*эрк өзүңдө алсаң, койсоң жаратпай.*
*Ар бир жыйнак эң акыркы жыйнактай,*
*ар барагы эң акыркы барактай...*

Мына ушундай мазмундагы чыгармаларына «Мен түрдүү ноталарда калкып ойноймо», «Өлбөстүктүн жолунда», «Өзгөн мунарасы», «Аз шаңшып, зор сапары эрте карып» аттуу ырларын кошууга болот. Алар бирин бири толукташат. Баары бир чындык уюлга куюлушуп, бир зор максатка кызмат өтөшөт.

*Сен убакыт бүтпөстүккө шайланып,*
*Кометадай аалам кырын айланып*
*Кайтканыңча,*
*байыркы өрөөн ордуна*
*Жатып калат деңиз мелт-калт шайланып.*
*(Мамытов Ж. Жүз жашка тол, кылым. – Фрунзе: Кыргызстан, 1987.-59-б.)*

Мезгил менен элдешкиси келбеген, ага туруштук берер «Миң жылдарга өзгөрбөгөн бир караан – Атчан гана, алдындагы ат гана» деп адамзаттын жашоосунун бүтпөстүгүнө кубанат. Элге жетип, элдин жүрөгүнөн туруктуу түнөк тапкан ырлар гана экинчи өмүргө ээ-дер болот. Тынымсыз изденүү менен жашаган таланттуу акын Жолон Мамытов да буга бекем ишенген, ал бекеринен минтип ырдабаган чыгар.

Миллиард жылдап ташыйт менин рухумду
Ар бир ирет бөлүп алып денемден.
Унутулуп
    жашаганым
        качандыр
Кайталанам,
    тирүүлүккө келем мен.
Качан,
Кайдан бүткөн мындай ишеним?
(Ушул эле китептен, 58-б.)

Чындыгында Ата Журт, туулуп өскөн жер, өз элинин бүгүнкүсү, эртеңкиси жөнүндө жазбаган акынды издеп табуу да кыйын. Ушул жазбай коюуга болбой турган теманы, ырдала берип кулакка жат болуп бүткөн ырды ким кандайча алып чыгат? Улуу акын Алыкул Осмоновдун «Ата Журт» деген чыгармасынан ки-

йин жүрөккө жакын бул теманы жазуу кимге болбосун оңойго турбай калганы баарыбызга белгилүү.

*Жылуу кийин жолуң кыйын ушурсуң,*
*Кыш да катуу, бороон улуп... кар уруп.*
*Суугуңду өз мойнума алайын,*
*Жол карайын токтой турчу, Ата Журт!*

*Жазда башка, жел тийбесин абайла,*
*Көпкө турбас мобул турган сур булут.*
*Бүт дартыңды өз мойнума алайын*
*Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!*

**(«Ата Журт» Алыкул Осмонов)**

Ата-Журт үчүн арналган өмүрдүн мааниси, ага арналган эң бир назик, ыйык сезимдин гармониясынан поэтикалаштырылган саптардын маани-маңызы билгенге тереңге кетет. Ж.Мамытов өзүнүн «Ата Журт» деген ырында түн бир убак болгонго чейин Ата Журт жөнүндө ыр жаза албай кыйналганын, лирикалык чегинүү менен ырдайт.

*Түгөнгөндөй ойдун таза, асылы,*
*элестердин ыраңдуусу, жашылы.*
*Сен тууралуу ыр жазалбай, Ата Журт,*
*Алсызданып мыкчый берем башымды.*

Акындын түшүнүгү боюнча мурдагыларды кайталай бербей, штампка айланган даяр ыкмалардан качып, сөздөрдүн тазасын, эч ким мурда айтпаган ойлордун асылын табыш керек.

*Келди мына аймагыңа жаз кайра,*
*Тилге кирди кышта суусу аз дайра.*
*Биз узаттык кыздай сулуу бир жылды,*
*Дагы бирге өйдөлөдү жаш кайра.*

*Далайлары баш кошушат теңине,*
*Сапарынан кайтты көбү элине.*
*Ушинтип эле кезигүүлөр арбындап,*
*Айрылуулар токтоп калса эмине.*
*(Мамытов Ж. Жашыл аалам. – Фрунзе: Мектеп, 1971.-6-б.)*

«Ата Журт өз айылыңдан башталат» деген накыл кеп бар. Ырдын текстинде туулган жерге жаз келип, жаздын келиши менен бүт тирүүлүк, жаратылыш, жан-жаныбар ойгонуп, кыш бою суусу аз дарыяга тил бүттү. Демек, тоо башында мөңгүлөрдөн сызылып аккан суулардан дарыя толуп, күкүктөп ага баштады. Жыл өткөндө жаш өйдөлөйт, ага контрасттуу боёк сүртүлүп: «кыздай сулуу бир жылды узаттык» – дейт. Акын жаратылышты адам жашоосунан бөлүп карай албайт. Ырдын мазмунун идеясы менен органикалык түрдө байланыштырып турган өзөк-турмуштун уланышы.

*Далайлары баш кошушат теңине,*
*Сапарынан кайтты көбү элине.*
*Ушинтип эле кезигүүлөр арбындап,*
*Айрылуулар токтоп калса эмине*

деген өкүнүчтө жаратылыштын төрөлүү жана жоготуу мыйзамына каяша айткысы келет. Ал акындын өз эрки, ага ошондой мүмкүнчүлүк берилген.

Автордун «Ак-Буурам» деген пейзаждык лирикасынын мыкты жетишкендиги – *анда логикалык жактан* бирин бири толуктап, ыраттуу өнүктүрүлгөн конкрет идея, элестүү салыштыруулар, окуганыңда көңүлгө кыт куйгандай орноп кала турган төмөнкүдөй куплеттер бар.

*Көз чендебес көк жамынып үстүңө,*
*Күч чендебес таш төшөнүп астыңа.*
*Көбүк чачып, көк менен жер койнуна,*
*Күүлөр чертип аккан кезиң жакшына.*

* * *

*Канча жанды куштар кылып күүңө,*
*Канча жылды тиздиң экен жибиңе.*
*Капилеттен карай коюп карааңды,*
*Канча жылдыз кадалды экен түбүңө?*

*Таасирленип таңың менен кечиңен,*
*Суу алганы келе калса четинен.*
*Ташка тийген тамчы болуп күбүлүп,*
*Канча кызды өптүң экен бетинен?*

Жайкысын Ак-Буура жылжып агат. Ош шаарын аралап өткөн дарыя тартылып, бөксөрүп калгандай сезилет. Бирок мунун ырда ачык айтылбай калган себептери бар. Ак-Бууранны эл ар жактарга буруп кетишет. Өрөөндөгү эгин-тегиндин көпчүлүгүнө ушул Ак-Буура өмүр берет. Суусуз элге нан кайдан келмек? Жаз алды чоң суунун башатында элирип кээде толкуп, кээде тынчып, таштан-ташка урунуп-беринип, ак толкундары жыбырчыктап, акын айткандай:

*Күз болгондо суун мөлтүр тунат да,*
*Кыз күлкүсүн алып келет кулакка.*
*Арылдаган атан болуп кетесиң,*
*Ак мөңгүлөр тийип турган убакта.*
*Буркулдаган буура болуп кетесиң,*
*Тоо булутту кийип турган убакта.*

Мындагы бир деталь – символикалык салыштыруулар фольклордук мүнөзгө ээ экенине карабастан, ырдын идеялык-көркөмдүк мазмунун байытып турат. Дарыя менен лирикалык мендин сырдашуусу, башкача айтканда, «Канча жылдыз кадалды экен түбүңө? Канча кызды өптүң экен бетинен?»деген саптар ийкемдүү пайдаланылган.

Пейзаждык лирика – поэзияда кеңири таралган жанрлардын бири. Аталган ырда адам менен табияттын органикалык байланышы кылдат чагылдырылып, жаратылыштын колго кармалбас ажайып кереметти адамдын ар кыл маанайына жуурулушуп кеткен. Акындын «Ак-Буурасы» дарыянын накта турмуштагы кооздугун сүрөттөйт да, жыйынтыгында киндик кан тамган жердин өзгөчө кымбаттыгын эки сапка сыйдырып кеткен.

*Айырса да ден соолуктан башкадан...*
*Туулган жерден айырбасын адамды.*
*(Жогорудагы китептен, 26–27-беттер)*

Автордун туулуп-өскөн жерге арналган чыгармаларына: «Сагыныч», «Кыргызстан», «Ала-Тоо», «Кайра төрөлүү» ж.б. ырларын кошо атап өтөр элек.

*Мен жазамын потенция деген ыр,*
*Күн кубатын калайм анын ичине.*
*Көп нускада анан тартуу кыламын*
*Ата Журтка ошол күндү кичине.*
*(Убакыт. – Фрунзе: Кыргызстан, 1973. -5-б.)*

Потенция – кыргызча которгондо мүмкүндүк жана жетишээрлик күчкө ээ болгонду билдирет. Күндүн кубатына калап, Күндөй баарына тегиз тийсин деген ниетте автор ырын тартуу кылгысы келет. Романтикалык маанайды турмуш чындыгына айландырыш үчүн саптарын поэтикалаштырып, Ата Журтка тартуу кылат. Бул – кыялый, бирок аруу тилек, ак ниет.

Өзүнчө «жаңы дүйнөнү ачуу», сүйкүмдүү элести сүрөткө тартуу жагынан акындын көркөм ойлоосунун күчтүүлүгү «Ысык -Көл» деген ырында айтаарлык даражада жакшы көрүнгөн. Көл кыргыз адабияты үчүн жаңы тема эмес. Ага кайрылбаган акын жок. Бирок

чыныгы поэзия, жаңыча мамиле аны дайыма жаш бойдон көрүп, жаш бойдон кабыл алат.

*Сен бир балык,ортосуна тоолордун*
*түшүп калып, өзүн сайды шимирип,*
***арбын кылым алдын тороп жоолордун***
*Түбөлүккө туруп калган тирилип.*

*Күзгү болгон миң-миң жылдык турмушка*
*Мөлтүр кашка эбегейсиз денесиң:*
*Сен Бешинчи ОКЕАНСЫҢ кыргызга*
*берип турган ОКЕАНДЫН элесин....*
*(Убакыт. – Фрунзе: Кыргызстан, 1973.-5-б.)*

Акын Ысык-Көлдүн керемет келбетин жекече образдуу ойлоонун кудурети менен кайталангыс көркөм күчкө салып түшүрүп берген. Мында турмуш чындыгына караганда көркөм чындык алда канча жандуу туюлуп да кетет. Дүйнө сулуулугун ача билүүнүн бир сыры, бир мисалы ушул. Акындын көшөрө изденүүсүнөн табылган көркөм табылга, ырдын ички формасындагы саамалыктан, таасирдүү элестерди табуунун жаңылыгынан кадимкидей кабар берет.

Улуттун өткөндөгү тарыхына кайрылуу, патриоттук духту даңазалоо менен жаштарга өз эли-жерин сүйүү, Ата Мекенге кызмат кылуу идеясы «Бүркүт» деген ырында жеткире айтылган. Акын мында диалог ыкмасын ийкемдүү пайдаланып, берейин деген оюн ата менен баланын суроо-жообу аркылуу ишке ашырган.

*– Ата, не бүркүттөрдү жактырасың?*
*– Сактаган Ала-Тоосун душмандардан*
*Эр Манас минип алып Акуласын.*
*Акырет кетеринде күнү бүтүп*
*Жүрөгүн Ала-Тоого таштаган да,*
***Бүркүттөр – эр Манастын чоролору –***

*Калкалар ал жүрөктү канат менен*
*Түбөлүк жашап калган аскаларда.*
*Жүздөгөн жылдар жылып өтсө дагы*
*Бүркүттөр шамал жиреп, жол чалышат.*
*Сынашып алгырлыгын алар кээде,*
*Кайтпастан арстанга да кол салышат.*

*(Жашыл аалам. – Фрунзе: Мектеп, 1971. -37–38-б-бб.)*

Ырдагы автордук конкрет ой ички поэтикалык мазмундан табигый өнүп чыгат. Анда курулай шаңдануучулук же жасалма дидактика жок. Фольклордук ойлонуунун көндүм формасындагы «эр жүрөк», «тайманбас», «баатыр», «алгыр» сыяктуу эпитеттер таандык болгону менен, тоо элинин эр жүрөк балдары Ата Мекенин коргоп, көздүн карегиндей сактап келгенин, бул салт ата-бабалардын мурасы катары урматталууга тийиш экендиги айтылат.

Ж.Мамытовдун «Суунун өмүрү» аттуу ыр жыйнагында «Ташкент» деген ыры бар. Акын аны «эскиздер» деп бекеринен атабаса керек. Акын-сүрөтчү Ташкент шаарынын көркөм элесин көз алдыңа кыл калемдин шилтеми менен тартып олтурат.

Биринчи эскиз: реактивдүү замандын көзгө илешпеген кыймылы («ак балыктай курсагын жалтыратып, түйүнчөккө бек түйүп сан тагдырды») тыным билбейт. Ырдагы «алтын колдуу ашпоз калаа», «базар-натюморт», «ашкабактар аяштардай, ичке белдүү, этектери делбирек», «автор-дыйкан» өңдүү салыштыруулар өтө элестүү, мазмундан форманын ийкемдүүлүгү, кыска көркөм сюжет аркылуу ырдын конкреттүүлүгүн, предметтүүлүгүн жана образдуулугун арттырган.

*Автор-дыйкан!*
*Ашкабактар аяштардай*
*ичке белдүү,*

*этектери делбирек.*
*Боёктордун мында ар кылы,*
*ушунда кел, сезим жыйсаң!*
*Тигиниси – Күн саамайы.*
*А мунусу – Ай алкымы...*
*Ала чапан дарбызындай*
*Автор-дыйкан!*

* * *

*Периштедей бир сулууну*
*Суктанып ээрчип бастым.*
*О, табигат!*
*Ыраазымын көз берип койгонуңа!*
***Ээрчип алмак мен сымак,***
***эгер эле***
***көзү болсо көчөдө жаткан таштын!***
*(Баса белгилеген – Р. И.)*

Ырдын чыныгы эстетикалык маанисин ушул акыркы саптар ого бетер арттырган. Көркөм сезим эмоционалдык күчкө ээ болуп, жандуу таасир этүүчүлүк (ал гана эмес, лирикалык «мендин» «кыз» артынан баратып трамвайга урунуп ала жаздадым...» дегенине ишендирет), кудурети күчөйт. Мындай сапатка жетиш – нагыз поэзиянын шыбагасына бүтөт.

# ОН ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

## Чынчыл ырлар арыш керген аргымак

Туулган жерге деген жалындуу сезимин эч нерсеге айырбаштап, алмаштырбай өмүрү өткөнчө таазим этип өткөн акындын пейзаждык лирикасында Ош менен Төлөйкөндүн, Ак-Буура менен Олокондун (Ак-Бууранын башындагы тоолордун бири) кадимки элестери чөгүп жатат. Киндик каны тамган жердин чөп-чары, там-ташы деле акындын жүрөгүн толкутуп, ырга айланып кеткен.

*Сенден ийген сан булакка суктанам,*
*Ырын ырдап өрөөн көздөй жүгүргөн*
*Учтарына этектерин айрытып,*
*Алыс кетпей ак булуттар сүрүлгөн.*
*Миң жылдарга ойгонбостой уктаган,*
*Селт дейм кээде айбаты зор сүрүңдөн.*

«Тоо» деген лирикасында семантикалык маанилери байланышпаган сөздөрдү поэтикалык тил менен данакерлештирип, «учтарына этектерин айрытып», «сен уйкуңдан ойгоно элек дүйнөдөн», «жерге баткан суюк тоодой чалкыйт Көл» деген өтмө маанидеги курулманы пайда кылган.

Туулган жери акындын бүт кан-жанын кыймылга келтирген кан тамыр сыяктуу бүт тулкусуна сиңген өмүр шериги, таянаары, жөлөнөөрү. «Туулган айы-

лым, туйлап аккан булагың, жашыл талааң менин жаштык курагым» – деп ырдагандай, акын туруш-турпатын Төлөйкөндөн бөлүп карай албайт.

*Турмушуна кадам койгон жаш балаң*
*бүгүн дарак мөмө бере баштаган.*
*Болот анын шагы ийилген чагы да,*
*учуру да мөндүр күбүп таштаган.*

## Жубайынын эскерүүсү

Төлөйкөндөгү үйгө жоро-жолдоштору, чогуу жүргөн калемдештери көп келише турган. Майрамдарга карата, же жөн-жай эле топтолуп отуруп калышканда кимдир бирөөлөр жөнүндө сөз болуп калса, анан экинчисине өтүшкөндө чыдай албай Жолон дайыма тыйып койчу.

– Койгулачы, бир күндө бирөөнү жакшылабас бул кандай? Кантип эле ошондой болсун, адамдардын жакшы жактарын айталычы... – деп.

Ушак-айың кеп башталганда эле жолдошторун ээрчитип, Ак-Буурадан балык уулаганы же жөө басып сейилдегени кетип калат. Анын табиятына бирөөнүн дүйнө-малы, үй-жайы, кийген кийими жөнүндө кеп кылуу жат, таптакыр кызыктырбайт эле. Жашаган үйүнүн короосунда, жака- белинде, тегерегинде, дегеле айылында анын жакшы көргөн дарагы, гүлү, чөбү, ал гана эмес, таштары да боло турган. Аларды менчиктеп алат эле. Сүйлөгөндө да табият тартуулаган нерселерди ушунчалык сүйүү, мээрим, куштарлык менен кеп кылат.

Үйгө киши келбей калган күндөрү, өзүнчө бушайман болуп: «Меңди, биздин пейилибиз бузулуп калды, карасаң, үйгө киши келбей калды» – деп тынчсызданат.

Жийде гүлдөгөн маалды ушунчалык жакшы көргөн. Айылга баш бакканда керимсел жел менен айма-

лашып, каңылжаарды жарган жийде буррактын жытына элөөрүп, өрөпкүп кетет. Ош шаарындагы областтык телекөрсөтүү жана радио уктуруу комитетинде башкы редактор болуп турганда айылдан шаарга каттап иштеди. Шаардан үйүнө чейин бир жарым километр аралыкты басып жөө келет.

Жумуштан кайтканда, кээ бир күндөрү алагүү болуп келатканы басканынан байкалып калат. Андайда энеси алыстан карап эле, качан келет деп күтүп жатканын билдирмексенге салып:

– Анауң, кырк жылкы айдап келатат... Тамагын бер, үстүн жылуулап жаап жаткырып кой, үшүп калбасын, – деп, үйгө кирип кеткен бойдон чыкпайт эле.

Энеси акын баласынын ачуу ичкенин жактырбаса да, бетине батынып айта албады. Дайыма эле ичип жүрбөсө деп, көрсө да көрмөксөнгө, билсе да билмексенге салып коёт эле. Канча жолу бетине салып айткысы келгени менен, кандайдыр бир күч жол бербеди. «Иши оор, достору менен анча-мынча көңүл ачышса, кызматы деле жаман эмес, чоң жерге барат, кичине жерге барат, чоң-кичине менен мамилелешет майрамдарда бирөөлөрдүн көңүлүн калтыргысы келбей ууртап койгондур» – деп өзүн өзү жооткотот.

Кыйла эле кызып алган Жолон чым менен топурак аралаш, катыган чоң кетмен менен чаап алган чабындыны колуна көтөрүп алып:

– Бир ит ээрчип келди мени. Мас болуп калды, жыгылып калбасын дегендей коруп, үйгө чейин узатып келди... Карачы! – деп, колундагы чамындыны итке салыштырып айтканы кызык эле. Канткен менен акындарга тиешелүү болгон фантазия, кыялкечтик, аруулук жаш баладай кыялдары анын жан дүйнөсүнүн алпейимдигинен кабар айтып турган. Ушундай алагүү кезинде элестетүү, кыялдануусу ээ-жаа бербей аргымактай арышын керип, бардан жокту, жоктон барды апыртып айтуу өнөрү да күчөп кетээр эле.

– Жөө келатсам, айылдын кире беришиндеги Коргон-Дөбөдөн айланып учкан куш чыкты да, улам мени карамалайт, бассам басып, токтосом токтоп, айланчыктап жанымдан карыш жылбай коруп келди. Каргабы десем, ага да окшошот, башка кушпу десем кушка да окшошуп кетет. Төлөйкөндүк экенимди билди да, мага шерик болуп үйгө чейин жеткирип койду...

Айрым убактарда чындап эле көчөдөгү бир жарым башка ит ээрчип келсе аны куру кетирбей, нан же башка бир нерсе бердирип коёт. Үйгө кирбей туруп, тээ алыстагы бир туруп кушка, бир туруп башка бир канаттуула окшош караанга кол булгалап, кош айтышат да, шашпай кадамдайт.

Эртеси турганда, эки бутун эки жакка керип таштап көкүрөгүн далдайтып, тээ алыстагы ак кар кетпеген тоо чокуларына суктануу менен карап:

– Олокон тоосунан келаткан шамал туура эле биздин үйгө келет... Байкасаң, жазда муздак ичиркенткен абасын жылыта албай шашкалактай, жайында сергүн, жанга жагымдуу илебине жаныңды магдырата, кучагын толтуруп алганын карачы! – деп кубанчу жетине албай.

Айрыкча дем алыш күндөрү айылдын тоо тараптагы капчыгайлуу Даңгеге чейин барып келип, үйгө кирери менен: «Биздин элдей эл барбы! Биздин жердей жер барбы!» – деп болочок жаза турган ырларына тема тапканына кубанат.

Балдарын ээрчитип алып, Ак-Бууранын жээгине барышат да, таштарды дарыяга ыргытып коюп, суунун тайыз аккан жери менен терең жерине кантип чумкуганына байкоо салып, жылаңайлак таштан-ташка секирип басып баратып, кол сунуп суусунан ууртап, чачын сылап койчу да: «Атаңтөрү, туулган жердин таштарында жатат го кубат...» – деп калчу, көз алдындагы сулуулук менен жуурулушуп кеткендей элирип, кубанып.

Төлөйкөн шаарга катарлаш, ирегелеш болгонуна карабай, электр энергиясы өтө кеч тартылган, атам за-

мандан тамтыгы чыккан эски мектеп, клубу, маданият үйү, мончосу жок айылдын элине боор тартып, совет мезгилиндеги колхоздун башкармаларына, айылдын чоңдорунун бетине айтып: «Буларга айылдын гүлдөп өнүгүшү керек эмес, пахтанын планын толтуруш гана керек» – деп жаман көрүнүп, элинин рухий жактан жардылыгына жаны кейийт эле.

– Көр тиргилик деп, тепкедей жерден термелеп оокат кылган, мал-сал кармоого мүмкүнчүлүгү жок менин айылдаштарыма Гапар Айтиевдин сүрөтү менен менин ырларымдын анчалык кызыкчылыгы жок... Түркөйлүк үчүн элди күнөөлөөгө болобу? Жок, болбойт! Колхозго жетекчилер, чоңдор башка элден келет. Аларга айылдын гүлдөп өсүшү керек эмес. Пахта планын бериш керек. Планды толтуруш керек. План берип сыйлыгын алып, жээрин жеп кете берет. Бири кетсе, башкасы дагы келет. А өзүбүздүн жөндөмдүү, таланттуу балдарыбыз шарттын жоктугунан, көңүл бурулбаганынан баш оогон жакта жүрүшөт. Элдин жашоо деңгээли төмөн, ошон үчүн балдар шаарга качат. Төлөйкөндүк балдар шаарга барып алып, милийса же шофёр болуп алат. Таланттуу боло туруп талантынын үзүрүн көрө албагандар канча?.. Өнөрчүсүн сыйлабаган элдин өзү кор... – дечү кабыргасы кайышып.

Акындын туулуп-өскөн жер, Ата Мекен жөнүндөгү ырларын «Кыргызстан», «Тууган жерге ыр», «Ата Журт ысык койнуң бизди тапты», «Ата Журт», «Биздин эл», «Ак чач өмүр» деген чыгармалары толуктап турат. Буларда жалпысынан адам-табият проблемасы салттуу сүрөттөлүшкө негизделген. Анда табият көрүнүшүнө суктануу, анын ажайып кереметин даңктоо, ишкер, жоомарт элдин эркин эмгегин, ак калпактуу кыргыздын «тоолору ойчул тартып, ак чач күткөн капкачан» өңдү даңазалоо тенденциясы басымдуулук кылат.



Айтназаров Мамыт уулдары Кудайберди жана Раимберди менен. 1943-ж.



Апасы Алмакан.



Турат Ражапов жубайы Сардал үй-бүлөсү менен.



Момуш Жумабаев.



Маметов Раимберди. 1950-ж.



Якутхан Маметова.



Бир тууган агасы Мамытов Кудайберди.



Классташтары Абдимиталипова Ирсалат, Рысбаева Меңдиайым. 1957-ж.



Мектепте окуган классташтары,
агай-эжекелери менен. 1956-ж.



Жаштык кези.



Абдуллаев Берди.



Сайдулло Анаркулов.



Жолон досу Сайдулло менен.



Эргешов Абдулла.



Берикбаев Аданбай.



Жолон Мамытов классташтары менен.



Жолон Мамытов, эң жакын досу
Токтогул Аматов жана башкалар.



Жолон Мамытов апасы Алмакан, агасы Турат,
карындашы Урмат, достору Момуш, Сайдулло.




Студенттик кези.



Ж. Мамытов Фрунзеде достору,
классташтары менен.



Ж. Мамытов Ош радиосунда иштеген учуру.



Ж. Мамытов жубайы М. Мамазаирова менен.



Жолон Мамытов Мухтар Шаханов менен.



Ж. Мамытов, О. Көчкөнов, А. Кошоев менен.




Кашка-Жол орто мектебинин директору
М. Байымбетов *(солдон экинчи)*
акын-жазуучулар менен.



Ж. Мамытов СССР эл сүрөтчүсү М. Гапаров менен.



Ж. Мамытов кинодраматург, прозаик Эркин Борбиев, художник, мультипликатор Сагын Ишенов.



Ж. Мамытов акын-жазуучулар, журналисттер менен.



Ж. Мамытов диктор Улукбек Мамытов менен (четте).

Акындын «Сапарда» деген ырында алыскы Төлөйкөн айылында калган эң жакын адамы жөнүндө ушунчалык жылдыздуу, назик сезим менен энесинин мээнеткечтигин, теңдешсиз эмгегин эстеп, өзүнүн наристе балалыгы өткөн коломтосун кошо сүрөттөйт.

*Алыскы ак чокулар булут кийди,*
*Апаке, эске салып сени, үйдү.*
***Жөө туман каптап кетип жанбай калган***
***Дүрбөлүң түндөрдөгү чырак күйдү.***

*(Баса белгилеген – Р. И.)*

Ушул строфадагы акыркы эки сап акындын балалык мезгилиндеги оор күндөрүнүн бир элесин эске салат. Күйөөсү согушка кеткен карапайым айылдык аялдын тыным билбеген тиричилик түйшүгү айтпаса да түшүнүктүү. Согуштан келген шум кабар, кара кагаз, жөө туман сыяктуу айыл аралап, ар каяктан чыккан өкүрүк, аялдардын муңдуу кошокторун акындын балапан чагы өз башынан өткөргөн, бекеринен дүрбөлөң түндөрдөгү деп айткан жок. Ошол оор кездин эшикке чыкса эркеги, үйгө кирсе аялдын милдетин жон тери менен көтөргөн апанын элеси көз алдыңа келет.

*Сен чыдап ач-тогуңа жайдын, күздүн,*
*тандырдан он миңдеген нандар үздүң.*
*Өзүңдүн он миңдеген ак күнүңдү,*
*арнапсың өмүрлөргө ушул биздин.*

*Аргасыз ак боёкко тосуп башты,*
*сен, апа, карылыкка ийдиң башты.*
*Көзүңдүн нурун бизге бериптирсиң,*
*көп жашап, көрүшсүн деп бардык жакты.*

*(Жашыл аалам. – Фрунзе: Мектеп, 1971.-7-б.)*

Энесинин коогаландуу күндөргө берген жаштыгын, түгөнбөс түйшүгүн «сен чыдап ач-тогуңа жайдын, күздүн, тандырдан он миңдеген нандар үздүң» деген элестүү саптарга сыйдырып, эч нерсе менен иши жок бейкапар балалыгын сагынып, ошол кездин элестерине ичтен сызып, энеге болгон чексиз мээримин «көзүңдүн нурун бизге бериптирсиң, көп жашап, көрүшсүн деп бардык жакты» айтып, акыркы куплетин пендечиликтин драматизми менен бүтүрөт.

Балалык – ар бир адам үчүн кымбат. Ал өзгөчө кийин бааланат. Жеңижок менен Барпынын ырларын эле эске салалычы. Дегинкиси акын үчүн анын баасы теңдешсиз, өмүр бою жазып бүтпөс төл чыгармасы. Балалык-башат, дүйнө кабылдоонун жасалма боёгу жок, нукура табигый, тумсак абалында турган таберик кези.

*Балалык таштап кеткен жашыл коргон,*
*Эми да эске түшөт асыл бойдон.*
***Күз күчү жетпей калган беде аңыздай,***
***Көмүлгөн кар алдына жашыл бойдон.***
*(Жогорудагы китептен. 7-б.)*

Баёо, кирсиз наристеликти «күз күчү жетпей калган беде аңызга» салыштыруусу маанилүү да, элестүү да, өмүрдүн күзү менен табияттын күзү ичкертен жуурулушуп турат. Адам баласы карыганда деле балалыгын эстейт, «беде аңыздай» жапжашыл калыбында...

*Ким билет, алда канча ашуу жатат,*
*Ченебей ойлой берем, башым катат.*
*Жылдыздар тез корошконсуйт ушунчалык,*
*шашылып жаткансыйбыз бачым жашап.*
*Ой каалгыйт деңиздеги мунарыктай,*
*Таңдарда тоону кезген тунарыктай,*

*Шартылдап кылым ачат барактарын*
*Биз шашып көз жүгүрткөн жумалыктай.*
*(«Ойлоймун жашап өткөн замандымды»)*

Акындын бул ырынын түпкү мааниси ушул: эч нерсеге баш ийбеген мезгилдин учкулдугуна, баш-аягы менен узун-туурасын ченеп-өлчөп болбос, акылга сыйгыс мейкиндик жана алиге чейин табышмак бойдон келаткан табият, ошолордун борборунда турган адамдын биримдиги жөнүндө аналитикалык ой жүгүртөт. Дүйнө таануу түшүнүгүнүн алкагы кеңейип отурат. Өткөн менен бүгүнкүнүн өзөктүк байланышы, жер үстүндө доордон доорго токтолбой, агып келаткан адам көчү, акын айткандай «ооругуч, кырсыктарда кырылгыч, бир гана жакшылыктан үмүтү үзүлбөгөн көч» жөнүндө талдап караштырат.

*Бул жылдыздар качан эле бар эле,*
*Дале бар!*
*Бул тоолордун качан пайда болгонун*
*Билбейт эч ким.*
*Бул тирчилик эбак эле башталган,*
*уланат.*
*(Мамытов Ж. Ырлар.–Фрунзе: Мектеп, 1975.-31-б.)*

Табияттын жаралуу, өсүп-өнүгүү, өлүү, талкалануу деген мыйзамына адамзат пендеси гана эмес, бүтүндөй өсүмдүктөр менен жан-жаныбар, курт-кумурскаларга дейре баш иерине үрөйү учат: «Перпетум мобиленин» (түбөлүк кыймылдаткыч – латын сөзү) алигүнчө табылбаганына ичим күйдү, балким ал табылып калса өлбөстүк илими да эбак ачылмак деп кейидим» (**Акындын үй архиви. 1987,08, «Эр ортонуна карай жолдо» деген делодон)** – деп, адам баласынын табият алдындагы алсыздыгына, кудуретсиздигине кейисе да, жашоодон үмүтү үзүлбөй минтип кыялданат:

*Апа-а...*
*Сени алып калчу болсом*
*тирүүлөрдүн үчүн алган ажалдан бу:*
*Перпетум мобилени*
*эң биринчи түзгөн болуп калбас белем!*

Акындын түшүнүгүндө адам организми Менделеевдин мезгилдик системасындагы элементтерден турат. Албетте, бул илимде далилденген чындыктын адам жанын түбөлүктүү, өлбөс кылып койбогонунун себеби кайсы? Жаратылыш мыйзамынын алдында адам алсыз, күчсүз. Ошондуктан ар бир адам өзүнчө формулага ээ. Ал азырынча табыла элек, ачыла элек...

*Апа-а...*
*Алып калчу болсом сени ажалдан:*
*Заттан заттын айырмасы зор экени жөнүндө,*
*сенин, менин, баарыбыздын денебиз*
*улуу заттан экендиги турарлыгы жөнүндө*
*Чыкпайт беле жаңы илим!*
*Каршылашып, бирин бири*
*Өлтүрүшө албаса*
*Болмок согуш керексиз*
*Коргошун ок бизге тийген*
*каңк деп кайып кетмек, же*
*Түшүп калмак тып деп жерге.*
*Өлө турган жанга деп*
*Өчү бардай ичкендер да тыйылмак*
*Ким билет?*
*Чексиз өмүрдү баштан кечирүү –*
*Ал да чексиз машакаттыр...*

«Андай болсо жердеби же аалам мейкиндигиндеби, же башка бир тирүүлүккө ээ планетада болобу, кыскасы, менин формулам качандыр бир азыркысындай кайталанса, демек, менин кайра пайда болгонум

ошол!» – деп жан дилинен жаңшанат. Бүт жер бетине (планетага) жар салып, мына мындай каалоосун айтат:

*Биз кечирип баштан жашоо санатын*
*кош дешели келген күнү болжолу.*
*Планетам, сенин гана канатың*
*шилтенүүдөн талыбаса болгону...*

*Сен бар болсоң жашыл Жерим, түнөгүм*
*акылман да, акын дагы табылат.*
***Сенин гана дүкүлдөгөн жүрөгүң***
***кагышынан токтобосун, Табият!***

*(Баса белгилеген – Р. И.)*

Жогорку ырда айтылган ойлор илимде жаңылык деле эмес, бирок акын үчүн аңдап-билүүнүн ошол чегине жетип алыштын өзү жаңылык эмеспи. Мындай оптимисттик ой жүгүртүүлөр, тагыраак айтканда, акын жашоосун дайыма жандап жүрүүчү, жанып жана өчүп турган кыял чабыттары, поэтикалык дүйнөдөгү ар бир калемгер басуучу (дареметине жараша) баскычтар, дүйнө таануунун айрым бир абалдары болуш керек.

Жолон Мамытов үчүн поэзия кесип эмес. Ал үчүн поэзия – тагдыр! Ошондуктан көпчүлүк ырларынын ички өзөктүк лейтмотивин бийик граждандык пафос, атуулдук ыйык парз түзөт. Албетте, Ата Журтту, анын асылдыктарын ырга салгысы келбеген акынды табыш кыйын. Кеп ошол асылзаадалыктарды өздүк таанымга айлантуудагы устаттыкта, таланттын кудуретинде эмеспи. Ушул жагынан атуулдук темадагы ырларында Мамытов көркөм дүйнөсүн түзүп алууга жетишкен акын. Ал ар нерсени бөлүп-жарып карабайт: Ата Журт, ата-эне, аял-эне, сүйгөн жар, адабият же турмуш, жашоонун өзүнөн чоң сүйүүнүн жүзөгө ашырылышын башкы максат катары образдуу баяндайт. Мисалы, «Туңгуч сүйүүгө ода» деген ыры бар.

*Туңгуч сүйүү – Ата Журт бул,*
*туңгуч сүйүү – Революция!*
*Туңгуч сүйүү тунуп калган*
*адамдардын көзүнө,*
*туруп калган жүрөгүнө*
*жарк-журк жанган таш болуп*
*коштошууга*
*эң акыркы минутада*
*Туңгуч сүйүү!*
*(Мамытов Ж. Мезгилдин элеси. – Фрунзе: Кыргызстан, 1976.-4–5-бб.)*

Акындын сезимин козгой алган, жашоосун жагалдантып, түркүн боёкко түрлөнткөн сүйүү сезимдеринин ичинен арзуу ырлары, тагыраак айтканда, махабат темасы кандайча чагылдырылыганына азыраак көңүл бура кетели.

*Бул кай сезим чабалактап күтпөгөн,*
*Чамгарактап барга-жокко түтпөгөн, –*

деп баштайт акын «Жаштык сезим» деген ырын. Сүйүү сезиминен жүрөгү алып учуп, бирде «кум салаадан куюлгандай» житип, бирде «кан тамырдын оромунда чыңалган» психологиялык абалын кылдат кынаптайт да, жаштыкка мүнөздүү бул жагдайды «баш-аягы чогулбаган сезим» деп таамай белгилейт.

*Ойлор менен түмөндөгөн, сандаган*
*Келдим сага, сүйүү сундум жанбаган.*
*Ызырынган суук ойноп чекемде,*
*алоолонгон от бетимди жалмаган.*

***Уй тилиндей бодур күнгө сүрүлүп,***
*мизилдеген курчум кетти бүлүнүп.*
***Жылдыз курттун жарыгында шыкаалап,***
*алакандай катың окуйм үңүлүп.*

*(Баса белгилеген – Р. И.)*

Бул лирикалык ырда поэзияга тийиштүү көркөм каражаттар толук камтылгандай сезилет, саптар элпек окулат, жаштык сезимдин түрдүү абалы, ысык-суугу көркөм туюндурулат, уйкаштыгында кемтик жок. Поэтикалык ой ачык, сезимдин чыңалып, күтүүдөн зарыккан учурун «уй тилиндей бодур күнгө сүрүлүп, мизилдеген курчум кетти бүлүнүп» деп жарыкты (ал асмандабы, чыракпы) «жылдыз куртка» салыштыруусу ички сезим абалын туюнтуунун экспрессивдүүлүгүнөн кабар берет.

Ал эми «Катыңа жооп жазгым келбейт сенин» деген ырында акынды бейтапка салган, ошол сүйүүдөн көңүлү калган «мен азыр күзгө сала дымып калган, булактай сызыламын тереңимден» деген чыныгы пенделик сезимин аңдоо оңой.

## Султан Ибраимовдун камкордугу

Күндөрдүн биринде иш кабинетинде отуруп, акын Ош облустук партиялык комитеттин биринчи катчысынын кабылдамасына телефон чалат, орусча семичке чаккандай тырсылдап, так-так сүйлөгөн аялдын назик үнү облустук радиоуктуруу жана телекөрсөтүү комитетинин башкы редакторун кайсы күнгө келерин, саатына чейин айтат.

Белгиленген күнгө жеткенде, агыш көйнөк, жаңы бозгуч костюм-шымын кийип, өңдөш галстугун байлап, үстүн-башын тыкан жасап-түзөп, колунда кара портфели менен бийликтин имаратына келет. Кыпкызыл түстө, ар кыл саймалары көз жоосун алган жумшак килемдин үстүн басып, биринчиден экинчиге тепкич аркылуу шашпай көтөрүлөт да, үчүнчү кабаттын эң ылдыйкы жагындагы «Кабылдама» деген эшикке жетип, оор дем алып, кайра демин жыйып, демиккени басылгыча бир саамга туруп калды.

Бурчтагы отурган катчы аял фамилиясын сурап, ичкеридеги киши чыгаары менен киргезерин айтты. Орто жаштагы катчы отурган столдун үстүндөгү беш-алты телефон тынымсыз шыңгырап, жарашыктуу кийинген, сулууча такылдаган аял кыска-кыска жооп берип жатты. Обкомдун имараты коридордун башынан аягына чейин жамыраган эшиктердин кабинеттери жылан сыйпалагандай жымжырт экен. Бул жердин ушунчалык тынчтыгына таң калды. Чыкыя кийинген, чачын артына улам сылап коюп, мышыктай жыла басып келген маданият бөлүмүн тейлеген башчы катчы аялга колундагы кагаздарын акырын берип, шыбырап бирдемелерди айтып, артына кайтты да, эшикти кандай шыбыртсыз ачса, так ошондой жаап чыгып кетти.

– Кириңиз, жолдош Мамытов,– деди катчы аял эшикти жаңсап.

Эшик эки кабаттуу экен, карагайдын жылма кесилген тактайынын өзөгүндөгү табигый ички оймо-чиймелерин өңүнө чыгарган боз түстүн татынакай ыраңы түссүз лактан ансайын көркүнө чыгыптыр.

– Саламатсызбы, Султан Ибраимович!

– Саламатчылык...

Төрдө отурган биринчи катчынын жүзүнөн жайдары мүнөзүн, адамга жапакеч мээримин жүлжүйө караган көзүнөн сезип, өзүн эркин кармады. Султан Ибримов «отур» дегендей кол жаңсап, өзү ордунан шашпай туруп, келгендер отурчу орундукка келип, бет маңдайлаша отурду.

– Кел, жигит, кандай маселе менен?..

– Султан Ибраимович, сизге биринчи китебимди белекке берейин деп келдим.

– Оо-хо, кандай жакшы. Куттуктайм!

Биринчи катчы колуна китепти алып,бир азга чейин окуп жаткандай барактап көрдү да, көздөрү балбылдап жанган жаш акынга кунт коюп карады.

– Султан Ибраимович, уруксат этсеңиз ушул китебимдеги бир-эки куплетти жатка айтып берейин.

– Жакшы, кана угайын?..

Акын ордунан жай туруп, ант бере турган жоокердей боюн түздөп, колдорун жаңсап, коңур, жагымдуу үнү, уккулуктуу дикциясы менен:

*Менин доорум – ойлор Күндү чапчыган,*
*менин доорум – көз ирмебес чакчыгай, –*

деп, «Менин доорум» деген ырынын үч куплетин токтолбой айтып берди.

Биринчи катчынын жүзүндөгү жылмаюунун тамырлары таркап, көздөрү ого бетер жалжылдай түшкөнсүп, чын дилинен кубаттаганы, колдогону сезилип турду.

– Кайсы айылдансың?

– Төлөйкөндөн

– Каерде турасың?

– Айылдан барып-келип иштейм.

– Кайсы окуу жайын бүттүң?

– Айыл чарба институтунун зооветеринардык факультетин бүтүп, Катта-Талдык совхозунда ветврач болуп иштедим. Чыгармачылыкка кызыгып, биротоло акын болууну максат кылып, Москвадагы Горький атындагы адабий институтунан окуп келдим, азыр радиокомитетте иштеп, үй- бүлөм менен шаарда турганга үй жагынан кыйналып жатам.

– Шаарга каттап иштесең кыйналасың го?Жакшы ырларды жазыш үчүн чыгармачыл адамга шарт түзүп беришибиз керек. Силер, акындар, элди руханий жактан агартасыңар, жакшы ырларыңар менен элдин духун көтөрүп, эмгекке, жашоого болгон дем, күч-кубат бересиңер. Билгенге, силер калемиңер менен журтту башкарган, коргогон, ээрчиткен жоокерсиңер, жан дүйнөсүнө азык бере турган чоң күчсүңөр...

Султан Ибраимов креслосуна барып отурду да, чоң калың тыштуу дептерине чиймелеп жазып, мукабасын жаап жатып:

– Бир жуманын ичинде үй маселесин чечип берем, жолдош Мамытов, – деди жайдары күлүмсүрөп. Мындайды күтпөгөн акындын жүрөгү атып чыкчудай аптыга туйлап, маңдайы жарыла, көөдөнүндө туйлаган кубанычтын шарынан тулкусуна кош канат бүткөндөй делбиреп, өзүн коёрго жер таппай жатты...

Ош обкомунун биринчи секретары **Султан Ибраимов** жаш акынга шаардын борбордук бөлүгүндөгү «Бакыт үйү» турган көп кабаттуу турак үйдөн үч бөлмөлүү батир бердиртет. Төрт баласы менен шаардагы жаңы квартирасына көчүп келген күн акындын өмүр бою эсинде калды...

## «Арноо»

Ж.Мамытовдун көпчүлүккө белгилүү **«Арноо»** деген ыры махабат лирикасында жазылган кыргыз ырларынын алгыларынын катарына кирет. Бул ырга белгилүү обончу Асанкалый Керимбаев обон чыгарып, мукамдуулугу, ырдагы тембр менен тондун көп кырдуулугу, сырдуулугу, көкүрөктөн сызылып чыккан арзууну, аруу сезимди даңазалоо идеясы жетик иштелген. Аруу сезимдин кол жеткистиги, кайталангыстыгы, жекече индивиддин жан дүйнөсүнө гана таандыктыгы, кайсы бир деңгээлде чыныгы сүйүүнү баштан өткөрүү адам табиятына мүнөздүү экенин жар салат. Ырды үзөмөлөбөй, толук бойдон окуп көргөн жакшы.

*Кезигип жылдардын бир жылдарында*
*Кайырсыз айлардын бир айларында.*
*Кайдадыр алып кеттиң жаштыгымды*
*Жер чийген чачтарыңа байладың да.*

*Тирүүлүк бүтүн бойдон тушап алып,*
*Түшүүдө өмүр менден ушаланып.*
*Узун түн элесиңди унута албай*
*Унчукпас болуп кеттим кусаланып.*

*Коноктой күндөр өтөт алчыланып,*
*Күмүш сап камчы менен камчыланып.*
*Бой таштап тегирмендин парасына*
*Кээ күнү калгым келет кайчыланып.*

*Көз бүтүп көк көйнөкчөн убагыңан*
*Арбын жыл атың кетпей кулагыман.*
*Түшүмө киришиңди күндө тилеп,*
*Уктаарда угузбастан дуба кылам.*

Жогорку ырда лирикалык «мендин» качандыр бир кезде кезигип, кезикkenде да жан дүйнөсүнө бүлүк түшүрүп («кайдадыр алып кеттиң жаштыгымды, жер чийген чачтарыңа байладың да»), көкүрөгүндө көлкүлдөп уюп турган түрдүү абалын; сагынычын («түшүмө киришиңди күндө тилеп, уктаарда угузбастан дуба кылам»), кусалыктан эзилген өкүнүч-арманын («бой таштап тегирмендин парасына, кээ күнү калгым келет кайчыланып») даана көркөмдүктө ачып берген. Ырдагы лирикалык каармандын көңүлү суз тарткан маанайын элестүү, өтүмдүү формада жандуу, таасирдүү туюнтат.

***Тирүүлүк бүтүн бойдон тушап алып***
***түшүүдө өмүр менден ушаланып.***

***Коноктой күндөр өтөт алчыланып,***
***Күмүш сап камчы менен камчыланып.***
*(Баса белгилеген – Р. И.)*

Бул ыр бүтүндөй алганда сырткы жабдылышы жагынан да жеткилең иштелген, ойду көркөм туюнтуу

чеберчилиги жогору, сезим кылдарын кылдат черткен арфадай, көңүл арзуусун көкөлөтө шаңшыткан комуздай, сүйүү дареметинен бирде муңканып, бирде делбиреткен пианинодой, кай тарабынан алсаңыз да махабатка жолуккан ашык жардай аруу, таза, үлбүрөк, кыялкеч жана өзгөчө обонго салынган, терең мазмундуу, көркөмдүгү тунук, таасирдүү чыгарма. «Арноо» кыргыз поэзиясынан өз ордун качан эле тапкан, ал калың элдин оозунан түшпөй ырдалып келатат жана дагы узак жылдар бою ырдала берерине шек жок.

## Тынчтык темасы

Тынчтык темасы акындарды эч качан кайдыгер калтырган эмес. Жер жүзүндөгү тынчтык үчүн алмустактан бери акындар үн кошуп келатышат. Муну тастыктаган чыгармалар көп. СССРдин убагында борбордук «Правда» гезитине ТАССтын төмөнкүдөй кабары жарыяланат: «Америкалык «Скайлеб» орбиталык станциясынын жерге кайсы мезгилде кулап түшөрүн Аэронавтика жана космос мейкиндигин изилдөө боюнча улуттук башкармасы (НАСА) тагыраак билдирди. Бул окуя НАСАнын айтуусу боюнча 1979-жылдын 11-июлунда Гринвич убактысы менен 20 саат 30 мунутада болот. Бирок НАСАнын окумуштуулары «Скайлебдин» сыныктары Жер шаарынын кайсы конкреттүү районуна түшөрүн так көрсөтүп, ачык айта албай тургандыктарын кабардашты». *«Рейтер» агенсттиги.*

Салмагы 77,5 тонналык «Скайлеб» Жерге жакын орбитага 1973-жылдын май айында чыгарылган. Анда астронавттардын үч экипажы болуп кайткан. («ТАСС»)

«Скайлебдин» кабары акындын оюна бүлүк салып, дээринде эли-жерине эбегейсиз сүйүүнү көтөрүп жүр-

гөн таланттуу адамдын жан дүйнөсүнө дүрбөлөң түштү. Ал үчүн Жер жүзүндөгү тынчтык кымбат, ал үчүн жер да, эл да бөлүнбөйт. Алааматтын айынан бөтөн тагдыр, бөтөн эл, бөтөн жер да болбойт эмеспи, «эми алаамат качан, кайда түшөт» деген сарсанаа ырга айланды.

«Скайлебдин» сыныктары
кайда түшөт?
Ушул бүгүн
бүт жер шаары
аны күтөт.
Кайда түшөт
«Скайлебдин» сыныктары?!
Ушинтип темир жамгыр башка жаайбы?

Тандаса экен
адамсыз, ээн
башка жайды.
Уккан кулак аны күтөт
дымып каны
Кайда түшөт «Скайлебдин» сыныктары?
*(Суунун өмүрү. –Фрунзе: Кыргызстан, 1981. -22-б.)*

Акын кыялында ошол коркунучтуу апаат балким бүгүн же эртеңби түшүп, океандагы кемеге, талаадагы баба дыйканга же жалгыз үйлүү чалга тиер бекен деп тынчы кетет, алардан өзүн бөлүп карай албаган үчүн минтип айтат:

*Бул кырсыктан*
*мен да кыя өтпөстүрмүн.*
*Бул ырымдын акырына жетпестирмин?!*
*(Ушул китептен, 23-б.)*

Ырас, автор жашап өткөн мезгилде океандын аркы жагындагы Америка өлкөсү менен саясат башкача болгон. Тымызын ички күрөшүү жүргөн. Көп маалы-

маттар элдин сесин алуу, чочутуу үчүн да айтылып, жазылганын эске алган оң. Азыркыдай ички-тышкы саясаттан кеңири маалымат, кабар да жок доор эле (гезиттердин гана жазганы эле). Экономикалык-социалдык жактан бүгүнкүдөй карым-катнаш чектелген болчу. Идеологиялык тымызын күрөш, саясий атаандаштык, каралоо жана башка мамилелердин күрөшү бүт барьерлерин кармап турган. Ошондуктан акын:

*Ач көздүктөн айыга албас*
*кол да үзбөс*
*Америка*
*кайгыдан да жасайт бизнес, –*

деп зор кейиш тартып жатпайбы. «Скайлеб» – заманбап техниканын жетишкендиги. Ал адамзаттын өмүрүнө канчалык коркунуч алып келбесин, жексур болбосун, аны өз пайдасы, кызыкчылыгы үчүн колдонгон кылмыштуу топтор (мафия) бар. Ошол себептүү аны дүңгүрөтө жарнамалап, атын ичимдикке коюп, кийимдерге тартып, заман модасына кийирип, кыздар чачын «скайлебче» түйүп жатпайбы. Акын кыялындагы дүрбөлөңдөн дүйнө өз огунан чыгып, тең салмагын жоготчудай тынчсызданып, көкүрөгүндөгү сарсанаадан жаны ачып күйүп-бышат.

*Кумарчылар:*
*«Скайлеб» – деп чабат карта,*
*дүйнө бир пул*
*эртең алар өлүп калса!*
*Учат доллар:*
*– Сага тиет!*
*– Мага тиет!*
*– Кимдин жары аза күтөт, кара киет?..*

Канчалык кыжаалат болгону менен, акын бүдөмүк ойдон бүдөмүк күнгө кыялы алып учуп, жакшылыкка жоруп, эртеңки күнгө ишенимдүү карап, оптимисттик тыянакка келет.

*Чекке түшсө жазмышынан көрөт ар ким,*
*Жылып барат эртеңине сопсоо, аман*
*космосунан,*
*темир жерге жааган заман.*

Акындагы сезимталдык, интуициянын күчтүүлүгүнө балким алдын-ала көрө билүү, көз ачыктык касиети дейбизби, келечектеги апааттын болорун сезген, туйган **«темир жерге жааган замандын»** айынан жүз берген окуяларга таң бербеске айлабыз жок. 2020-жылы, тагыраак айтканда, 2019-жылдын күз айында Кытайдын Ухань шаарынан чыккан «таажывирусу» адамзатты кандай түйшүккө, кандай азапка салганына өзүбүз күбө болдук. Экономикалык жактан кубаттуу, менсенсинген АКШ, Жапон, Батыш Европа мамлекеттери да айласын таппай калды... Жер жүзүндө куралсыз согуштун айынан канчалаган өмүрлөр бейсаат кыйылды.

Жыйынтыктап айтканда, учур табиятына, саясий абалдарга кайдыгерлик, кош көңүлдүк акын дүйнөсү үчүн таптакыр жат, элдешкис нерсе, Гейне айткандай: «Жерден жаракка кетсе, ал акындын жүрөгү аркылуу өтөт» эмеспи. Ушул ойго үндөш, согуш жана тынчтык темасына арналып жазылган чыгармаларына: «Июнь, 1970», «Тыюу», «Россия тууралуу ойлордон», «Сапар саптары», «Хиросима», «Пальма дарагы», «Куба негрлеринин ырынан», «Мылтык жана ок» жана башка көптөгөн ырларын кошууга болот.

Акындын атуулдук, медитативдүү жана арзуу лирикасынын дээрлик көпчүлүгүндө поэтикалык ойду берүүнүн өзүнчө ыкмасы, көркөм сөздү туюндуруунун каражаттары кыргыз поэзиясына өз үлүшүн кошуп турат.Таланттуу акындын поэзиясы күчтүү эмоция, динамикалуу ыргак, атуулдук бийик үн, философиялык-публицистикалык маанай, лирикалык сезимдер, ой жүгүртүү диапазонунун кеңдиги менен аныкталган өзүнчө баалуу дүйнө катары улуттук жана дүйнөлүк адабияттын тарыхынан орун алды.

# ОН БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

## Бейиштин бир үзүмү...

Май айынын бир күнүндө Лейлекке Фрунзеден акындар келишти. Мен анда райкомдо элдик контролдоо тобунун төрагасы болчумун. Лейлек жергесинин кулуну, чыгармачылыгы бышып, гүлдөп келатканда, өмүрдөн жаш кеткен Курбаналы Сабыровдун жылдыгы өткөрүлмөк. Жолон Мамытов достору Сүйөркүл Тургунбаев, Орозбай Көчкөновдор менен келди. Ошондо Жолон акени биринчи жолу көрдүм. Мурдатан гезит-журналдардан ырларын окуп жүргөнүмдөн поэзиясына ынтызар болчумун. Баарынан да мага «Ата Журт» деген ырынын акыркы куплети көкүрөгүмө жат, көөдөнүмө кыттай уюп калган эле.

*Эр жүрөк тоолуктун балдары,*
*Өлүмдү тепсеген эстелик кургула.*
*Ала-Тоо чындыктын мекени десеңер,*
*Ордуңардан тургула,*
*Отургула.*

Жашоого кумарлуу, Ата Журтуна кайдыгер эмес, өзүнө ишенген акын гана ушинтип ачык, бетке айта алат. Бул ыры жаштар арасында тез оозго алынды, айрыкча жаш акындар, поэзиянын эшигин ачмакчы болгон ыр ышкыбоздору, ыр күйөрмандары, чымыны барлар топтолгон жерде, кечелерде, отуруштарда гимн

сыяктуу ырдалып жүрдү. Биринчи көрөрүм менен ушул ыры эсиме түштү.

Ошол мезгилде үч миң сомдук кызыл граниттен жасалган эстеликти борбордон алыскы районго алып келиш оңой беле? Кишинин көзү өткөндөн кийин кимдин ким экендиги билинет деген ырас окшойт. Көзүңдүн тирүүсүндө колуңдан иш келип турса дос-жарды издеп, убара тартпайсың. Көртириликтин жакшылык-жамандыгында дос, теңтуш болгондун баарысы жылдан-жылга иргелет, эсеби туура чыкпаганы, колуңда жок болсо, пайдаң тийбесе өзүнөн өзү алыстайт, чыныгы дос гана сени кандай билсе, ошол бойдон калат, өзгөрбөйт. Башыңа иш түшкөндө жаныңда болот. Анын үстүнө Курбаналынын акындыгы, талантынын анчейин таназар алынбаганы, ыр жыйнактарынын кеч жарыкка чыгышы, бир сырдуу, ыр жандуу, намыскөй, ардуу, аруу дүйнөсүнө жол салынбаганы ырас эле. Азыркыга чейин Курбаналы Сабыровдун кыргыз поэзиясындагы мурасын изилдеп-иликтеп, дареметин аныктап, баасын таразалаган колго аларлык эмгек жок. Ал мамлекеттик А.Осмонов атындагы жаштар сыйлыгынын ээси болгону менен, кыргыз поэзиясындагы акындын чыйырын, изин, стилин аныктап, жалгыз таман жолдон чоң жолго кантип чыкканын кашкайта ачып берген ким бар?

Көрсө, Жолон жана анын достору Курбаналынын жылдыгына инсандык парызын аткарыш үчүн эле эмес, бирге жүргөн теңтуш курбусун сагынып, поэзия майданындагы акындык милдеттин оор-жеңил түйшүгүн кошо көтөргөнүн эстеп, «жарк» эткен өмүрүндө Лейлектин илегилегиндей келип, кайра кайдадыр учуп кеткен караанын издеп достукту, адамгерчиликти туу көтөрүп барышыптыр. Эстеликти акындын туулган жери – Гордой айылындагы мүрзөсүнө алып чыктык. Ошондо райкомдун биринчи катчысы Мейраждин Зулпуев да бирге чыкты. Мүрзөсүнүн башында куран

окуп, эстеликти орноткондон кийин гүл койдук. Эстеликке жазылган мына мындай деген эпитафия:

*Ай төккөн алтын нурдан бир сындырым,*
*Күн төккөн күмүш нурдан бир сындырым,*
*Сындырып өлгөнүмдө ажал жетип,*
*Түбөлүк түн дүйнөнүн кучагына,*
***Кучактап жаткым келет ала кетип... –***

деген саптары мээге жебедей сайылып, жүрөктү сыздатып-эзип, Жолон жазгандай: «Максатынын оордугуна чыдабай, тытылдыбы кайран акын жүрөгү», же акындын ажалына эмне себеп болгонун, жаш өмүрүнүн кыйылышынын күмөнү ачыкталбай, кайсы жазмыш туңгуюк түпсүздүккө түрткөнүн билбей, кабыргабыз *кайышты*, «түбөлүк түн дүйнөнүн кучагына кеткен» акынды жоктодук...

Курбаналы акын атыкканы туулган жеринен кол үзмөк түгөл, Ошто, Бишкекте жашаса да, ага мурдагыдан да жакын, баштагыдан да башкача жан тартып жүрдү. Ырларынын дээрлик көпчүлүгүн туулган жерине, туулган айылына арнаган акындын көзү менен көрүп, жүрөгү менен сезгенге ошондой туйгу, сүйүү, айкөл жүрөк керек эле. Өмүрү өткөнчө, акыркы деми сууганча илегилек үйүрлөгөн Лейлек жергесин ырдап бүтө албай, туулган жерине болгон чексиз сүйүүдөн жаралган «Өрүкзарын» аягына чыгарбай, армандуу кеткен жаштыгын, поэзиядагы «өзүн» ырдап бүтө албай кеткен акынды аяп турдук...Баарынан да энесинин жоктогону жаныбызга батты, баарыбыздын көзүбүзгө жаш алдырды...

«Түш көрдүм. Уулум өлөөргө жакын түшүмдө алп кара куш асмандан кайкып учуп келип бир көтөрүлүп, бир ылдыйлап, бирде шаңшып, бирде үнсүз канаттарын калдайтып, же конорун же асманда сызып учуп кетерин билбегендей, алдастагандай, кыжабасы кай-

нап, өзүнүн шоруна көзү жеткендей, каршысындагы аскага барып бир урунду... Кыйкырып ойгонуп кетсем, түшүм экен. Эртеси күнү эле суук кабар келди. Эми кантейин, солкулдаган жаш чынардай сынып, жубарымбегинде жайрап, мени күйгүзүп кетти... Эми кантем?..» деген апасы али карылыкка моюн суна элек эле... Мүнөзү ачык айрым, бирөөгө үргүлүп-кагылып сүйлөгөн, гезитке уулунун ыры чыгып калса, үймө-үй көтөрүп окутуп, мактанып жүрөр эле. Акын уулунун ырына канат байлап, акын деген атагына демденип, башын бийик көтөрүп жүргөн эненин үмүтү соолуп, тилеги таш каап отурса... Энесинин көз жашы жүзүнөн ылдый салаа-салаа куюлса жанында карап отура албайсың...

Энеси баарыбызды ыйлатты. Ошондо Жолон акенин ыйы да бөлөкчө экенин, башкача ыйлаарын байкадым. Көзүнөн жаш чыкпай, олбурлуу турпаты бүт титиреп, ичинен буркурап ыйлап, ичинен сызып силкилдеп, жердей оор күрсүнүп, жердей үшкүрүнүп, сөөк-саагы кайышып тургансыды.

Күндү таап күрөштөрдүн ичинен,
күнүм-энем, сага келем кайрылып.
Кемитпестен мээримиңди жүзүмөн,
гүлүм-энем кыштарыңды жай кылып...

Айды таап, келем айлар ичинен,
айым-энем, аргымагым алкынтып.
Пиалада чайың болуп ичилем,
багым-энем, маңдайыңды жаркытып...
*(К. Сабыров. «Энеке», «Сабыр», – Бишкек, 1999,31-б.)*

Курбаналы эрте жашында атасынан айрылган, балалыгы сагырчылыктын ич-ичинен эздирген муңдуу күндөрдүн азабын тарттырды, жаш эне ата ордуна ата, эне ордуна эне болуп, перзенттерин чоңойткон эле. Тагдыр-

дын жазыгы менен «өлсөм топурак салат» деген уулунан айрылган эненин күйүтүн жазганга кагаз түтөбү?..

**«6–9-июнда Лейлекке маркум курбубуз Курбаналы Сабыровдун айылына Сүйөркул Тургунбаев, Орозбай Көчкөнов болуп барып, жылдык ашына катышып, эстелик орнотуп кайттык. Кайран бала, он гүлүнүн эми бир гүлү ачылганда, кете берди... Козу-Баглан дарыясынын жээгинде түнөдүк. Ал жактан Дастан Бердиев, Икрам Абдиев, Акжол сыяктуу жигиттер менен тааныштык. Ашым Артыков деген жигит «Өзгөрүш» совхозунда директор экен. Коргон, Патаң жана Катыраң айылдарында болдук. Эртеси Ленинабаддан Фрунзеге учтук».** *(Жолон Мамытов, «Күндөлүктөн», 12-июнь, 1982-жыл.)*

Жолон Мамытов Курбаналы Сабыров менен поэзия күйөрманы болуп жүргөн кезде таанышкан, үй-бүлөлүк катышы бар жакын досу эле. Лейлектик акын Ош облустук радио уктуруу редакциясында 1974-жылга чейин иштеген. Акындын өмүрлүк жары Гүлчакан Сыдыкова Менди Мамазаирова менен студент кезинде жакын курбулардан болушкан. Кыргыз мамлекеттик университетинде (КУУ) М.Мамазаирова экинчи курсунда окуп жатканда, Г.Садыкова биринчи курска кирип, экөө ынак болуп калышат. Бир жылдан кийин Г.Садыкова Москвадагы полиграфия институтуна которулат. Айылда өскөнүнө карабай орусча сүйлөгөн, орус мүнөз, оюн тайманбай бетке айткан, чынчыл, адилеттүү, билимге кызыккан кыз болгон. Атасы көп жылдар бою сот болуп иштеген, апасы балдарын тарбиялаган үй кожойкеси болгон. Кызы бой жеткенде туш-тараптан ала качмакка артынан аңдыгандар, ар кайсы жактан жуучулар келип тындырбайт. Бейтаанышбирөөлөр ала качып кетишмекчи болгон күнү кыз үйүнөн качып чыгып, Фрунзеге окууга келет.

**«Гуляжан эсиме түшкөндө, анын сүйүктүү элесин узакка ойлоп отуруп (эх, сүйөм да!), сен өңдүү кыйышпас досу да ирети менен эстелип өтөт. Ооба, анын досу мага да дос, менин досум ага да дос деп сезем. Гуля өзү да менден мурдараак мага бу сөздү өзү жазган эле. Ошондуктан бул сөздүн автору ал.** *(К.Сабыровдун 1965-жылы 29-мартта М. Мамазаировага жазган катынан.)*

Оштогу таланттуу жазуучулар Шабданбай Абдыраманов, Абдимитал Камалов, Мырзаш Ашырбеков, акындар Кармышак Ташбаев, Курбаналы Сабыровдордун мамилеси жакын болгон, дем алыш күндөрү бири-биринникине каттап турушкан. Ар бир жолукканда көбүнесе адабият, искусство, маданият жаңылыктары жөнүндө аңгемелешип, ырларын окушкан, кичинеден «сеп» этип алганды да жакшы көрүшкөн.

К. Сабыров табиятынан назик көңүл, бардык нерсени жүрөгүнө жакын кабыл алган, өз чындыгын эч кимге тебелеткиси келбеген жумшак, өжөр, таарынчаак, кыялы болор-болбос катуу-жумшак сөзгө деле сынып-чачырап турар эле...Аны менен бирге иштеген акын Сабыралы Кулуев экөөнүн мүнөзү эки башка, мамилеси такыр келишпейт, түшүнүшө алышпайт, экөөнүн териси бирин бири сүйбөйт дагы, жактырбайт дагы эле. Жолон Мамытовго экөө тең жакын болгондуктан кызганыппы, же «менин сырымды айтса керек» деген пенделик ойдонбу, досунун досун Сабыралы сиңире албайт дагы, Курбаналы болсо «жанындай көргөн досуна» С.Кулуевдин дос болгонун каалабаган. Ал эми Сабыралы менен Жолон жашынан бирге өскөн, достошуп ысык-суугу сиңишип калган жакын достордон болчу. Алардын чатагы, кайым-айтышуусу дайыма радиого материалдарды кетирүүдөн, талкуудан жана бири-биринин сөзүн көтөрө албаган, түшүнбөстүктөн чыккан. Курбаналынын материалы же ырлары эфирге

кетпей калса, себебин экөөнүн бут тосконунан деп ойлогон. Көз караштары карама-каршы, «чү» деген жерден кайым айтышып, урушуп кетише турган.

**«Радиокомитетте деле мааниге ээ болорлук өзгөрүү жок. Телевидение келди. Жакында иштей баштайт. Азия менен Сабыркулунун заманы. Жеке бийлик. Сабыркулу экөөбүз баякы бойдон жакшы болбой калганбыз. Азиз экөө эки жолу рапорт жазам деп, иштен чыгармак болуп коркутуп да көрдү. Ишим менен гана жеңип келе жатам. Орду келгенде өзүң айткан стратег да болуп, иши кылып иш жүрүп жатат. Сабыркулу эми Оштон жалаң гана өзүм болсом деген бюрократтык идеясы менен жашаган адам да».** *(К. Сабыровдун 1969-жылдын 11-октябрындагы Жолонго жазган катынан)*

Жолон Москвадагы Адабият институтунда окуп жүргөндө бир топ акын-жазуучулар менен кат жазышып турган. Айрыкча Курбаналы Сабыров аны жанына жакын көрүп, ички сырларын баяндап, өзү айтмакчы **«менин өсүшүмдүн (албетте, поэзиядагы) жандуу эволюциясы сени менен бирге бүткөндөй..» (Ош шаары, 29-ноябрь, 1970-ж.)** деп, чын-дилинен төгүлүп, сырдаш каттарды жазган. Тилекке каршы, Ж.Мамытовдун досуна жазган каттары бизге жеткен жок. К. Сабыров Жолонго көбүнчө ишиндеги бут тоскон ар кандай тоскоолдуктар жөнүндө, өзүнө жакпаган кишилердин пейил-кулку, мамилеси жана чыгармачылыктагы жаңылыктар жөнүндө айткан.

**«Ленин жолунда» болсо адабият, поэзия аябай аксап калды. Камаловдун сунушу өтпөй калыптыр. Жаңы редактор өзү акын сөрөй да турбайбы. Ырларды ж.б. чыгармаларды каалагандай өзү оңдоп, кыскартып, бир колун же бир бутун, же болбосо бир көзүн оюп алып, качан гана өзүнүн купулуна толгондо гезит-**

**тин бир бурчунан орун берип жатат. Сенин Cооронбай акеңин китебине берген рецензияң да кыскартуулар менен темасы «Күйөрмандар» деген шылдыңдуу ат менен чыккан. Оригиналын Камаловдон окуган болчумун. Менин бир топ ырларым «Керме тоо кайрыктарына» чыгып жаткан жеринен алынып ташталды. Бирок бул орусча айткандай «это не беда, пусть играет как как мальчишка».** *(К. Сабыров, 27-март, 1970-ж.)*

Курбаналыны акын катары тааныткан, чыгармачылык чөйрөдө өзүн ишенимдүү алып жүрүүгө, чыгармачылык шыгын көтөргөнгө тирек боло ала турган нерсеси алгачкы ырлар жыйнагынын жарыкка чыгышы эле. Басмага тапшырганга чейин гезит-журналдарга анча-мынча жарыяланып жүргөнү менен, таланттын дареметин ачыктаган ырлар жыйнагы сүдүрөлүп, жарыкка чыгышы кыйын болгон. Акындыгына талапты катуу койгону, жоопкерчиликти мойнуна алганы, ошол кезде «биринчи китеп» деген тилектин туткунунда калганы ар бир катынан баамдалат.

**«Көңүлдө көп нерсе жүргөн менен көзгө көрүнгөнү жок. Баягы чалажан жыйнак болмушум көптүн көңүлүнө анча толо бербей калды. Сен Кармыш экөөңөр калп эле мактаган окшойсуңар. Анын үстүнө өзүмдүн да басмага жөнөтөр дитим калбады...** *(К. Сабыров, 27-март, 1970-ж.)*

Акындын жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген таптакыр башка нерсе эле. Ал ыр дүйнөсүндөгү жеке абалын жазгандан тартынган эмес, жакшы ыр жаратуунун машакатын жон териси менен сезгенин, ойлорун каалагандай шыр, ыргактуу айталбай, жаңы ой, жаңы мазмун жамынып, «жарк» эте көзгө түшкөн саптарды жаратуунун машакаты бир жагынан, эргүү, илхам чакырган чөйрөнүн, дилдеш, санаалаш, идеялаштарынын жоктугу экинчи жагынан кыйнаган. Кыялы жумшак, мүнөзү каакымдын гүлүндөй үлбүрөк акын-

ды өзүнөн башка эч ким түшүнө алмак да эмес. Кээде пессимисттик ойлорго чөмүлүп, эки колу шалдырап бошой түшкөнү, депрессияга учураганы байкалат.

**«Жолон!**

**Кандай мазмунда экени мага табышмак болсо да, сенден келүүчү ушул катты мен күн сайын күтүп жүрдүм эле. Каттагы маанилүү маселелер мага белгилүү бир өлчөмдө катуулук менен кесе, кесе айтылса да, үчүнчү беттеги кийин жазылган жумшак, мээримдүү сөздөрүң көңүлүмдү өрөпкүтүбүрөөк койду. Ал эми жалпысынан катың үчүн чоң ыракмат. Чындыгында, өзүң айткандай жана «андан кийин көкүрөгүм бош калды, театрдай, көрүүчүлөр тараган...» Жыйнагымды тапшыргандан кийинки абалым ушуга туура келет. Анын жарыкка чыгышын күтүп жүрүү менен бош калган көкүрөктө:**

Билбейм, ушул менин кемтик, айбымбы?
Көп күндөрдө жоготуп өз дайнымды:
көп түндөрдө чылым болуп эрмегим,
калем сабым тең бөлүшөт кайгымды.

Кайгым менин ушул гана жан досум:
ыр жаза албай мен Доорумду кубантар,
өтүп барат өрткө айланып, жалындап,
таштан дагы от чыгарчу убактар.

Үмүтү чоң акын эле Алыкул:
Келечегин таштап кеткен биздерге.
Жаралат деп менден дагы алдуу кул,
Кумир болуп мен жазбаган сөздөргө.

Жагып жатам, жагып жатам отторду...
Бирок мага бир да жарык нур тийбей:
уучума мыжыгамын чокторду,
Акын болуп кетпегенге Пушкиндей!

Жакшы ырымды жан апамдай сагынып,
жаш баладай мен өңүмдөн көп аздым.
Тең учам деп мезгил менен закымдап,
дирилдеймин канатында Пегастын.

Досум, сени сагынгандай, сагындым
Сенин! – карааныңдай ырларды.
Адам деген атым үчүн күрөштө
ак көңүлүм көп өксүдү, кыйналды.

Өмүрүндө перзент үчүн зар болгон
ата-энедей, мен жакшы ырга зарыктым.
Тилсиз көлдүн ортосунда калгансыйм,
күчүм жетпей калагына кайыктын.

Ооба, досум, мен ушинтип зарыктым,
зарыккандай достун чыны мээрине.
Жакшы деген бир ыр жазсам-айыктым.
Жаман үчүн, сагызгандай
илдет конуп сээриме, –

Билбейм, ушул менин кемтик, айбымбы?
Көп күндөрдө жоготуп өз дайнымды:
көп түндөрдө чылым болуп эрмегим,
калем сабым тең бөлүшөт кайгымды.

**деген ушул сыяктуу ойлор. Жакшы ыр – ар бирибиздин эле акын деген атыбызды актоодогу башкы максатыбыз эмеспи. Бүгүн дем алыш күн. «Кыргызстан маданиятынын» жаңы санындагы сенин ырларыңды окудум. Бир бетин арнашыптыр. Эң сонун! Ал эми «Бир жаралып ушул тунук турмушка» деген ыр мурда эле мага идеал болуп калган болчу. Бул менин окуучу катары айтып жаткан оюм. Биз акын болуудан мурда окуучу болууга тийишпиз.** *(К.Сабыровдун каты, Ош шаары, 29-ноябрь, 1970-ж.)*

Акындын ушул катына кененирээк токтолуп өтпөсөк болбойт, анткени ыймандай сырын айтып жатпайбы.

**«Албетте, бүтүрүп койгон таш балээ жок. Ойлоп турсам, биз Сакем менен эмне үчүн мындай стычкага келе калабыз? Кыязы, ал да түшүнбөй жүрсө керек мен сыңары. Чындыгында, ушунун өзү арзыбаган иш. Ал ушу жөн эле чоңдук кылгысы келсе керек. Бирок мен ага такыр баш ийе албай койдум. Ырас, башкалардын көзүнчө ийип жүргөн учурларда төбөгө чыгып кетет экен. Бул жөнүндө башка сөз жок. Болууга да арзыбайт. Анан сен айткандай жолугушууларды уюштуруу кыйыныраак иштей көрүнөт. Анткени олтурган соң, бир аздан ичүүгө туура келет. Ичип кызыган соң (бир-эки жолу баштан өттү го), ар кимибиз өз оюбузду далилдөө үчүн умтулабыз. Арадан бирөө буга макул болбостугун билдирип, өз дегенин бербейт. Бул учурда сөзсүз эле кагылышуу келип чыгары бышык. Ушундай болот деп эле ар кимибиз өзүбүзчө чүмбөттөнүп жүрө беришибиз да жаман болуп баратат. Мисалы, мен Баткенде жүргөндө жалгыздыктан аябай жалкыган элем. Идеялаш достордун кругуна абдан куса болгон элем. Эми болсо ошондо эңсеген шартка жетип, азыр баркына жетпей олтурам... Канткен менен да, сенин каникулга келишиңе чейин биз абалды оңдоп коюшубуз мүмкүн. Бул жакшы нерсе. Мындан улам, Маяковский, Блок, Есениндердин Москва, Ленинграддагы уюшулган кругдары эске түшөт. На самом деле, биз үчүн мындай иштер табигый керектүүлүгүн азыр да көрсөтүп турат. А биз болсо, кээ бир майда-барат кылтак ойлордун таасиринен чыга албай, бири-биризбиздин ички дүйнөбүзгө ишенбей, мүнөз күтө басып жүрөбүз. Бул жерде тымызын көрө албастык да жок эмес. Ал менден өтүп кетип, калып калат окшойм деген низкий педантизм да жок эмес. Ушуну үчүн да бириге албай келебиз. Бул боюнча азыркы сөз ушул».**

Жолон окууга кете электе бирге жүрүп, ара-чолодо сырдашып жүрүшкөнүнүн орду да жоктолот, Курбаналы Москвага Оштогу редакциядагы ишин, адабияттагы, маданий жаңылыктарды жана өзүнүн ыймандай сырларын жазып турган. Анын бала кыял мүнөзү, тез таарынганы менен кайра тез жазылары, өзүн таразалап, тегерегиндеги окуяларга сын көз менен адилет караганы байкалат. Жаш таланттар үчүн адабий чөйрөнүн зарылдыгын, орус поэзиясынын алптарынын адабий кечелерин элестетип, суктанышканы да жашыруун эмес эле. Ага муундаш, замандаш, талапташ жаш калемгерлердин дээрлик баарында Алыкулдун поэзиясына болгон сүйүү, суктануу, берилгендик бар эле. Аны сокур тууragандар, ага окшошкусу келгендер четтен чыккан. Алар купуя да, ачык да Алыкулга өздөрүн «карыздай» сезишкен. Курбаналы да кыялында Алыкул менен теңтайлашкысы келген, андан мыкты поэзия жаратууга белсенген.

*Үмүтү чоң акын эле Алыкул:*<br>
*келечегин таштап кеткен биздерге.*<br>
*Жаралат деп менден дагы алдуу кул,*<br>
*кумир болуп мен жазбаган сөздөргө.*

*(Жогорудагы каттан)*

деп ырга кошконунан баамдайсыз.

Жакшы ыр жаратууга болгон куштарлык, табиятта ымыркайдын энесинин эмчегин эмгенге кандай куштар, кандай зар болсо, так ошондой эне сүтүнө болгон кусалык менен барабардай туюлуп кетти. Акындык жоопкерчилик деген ушул! Күндөп-түндөп бир гана поэзиянын машакатын тартып өмүр кечирүү чыныгы акынга гана таандык тагдыр. К.Сабыров жан дүйнөсүндөгү ыр жазуунун түйшүгүн, кыйынчылыгын, туталануусун, кейишин, кыскасы, жанын кайчылаган түркүн абалдарын жазган жок. Ал ырдын ысык-суугу менен жашап көнгөндөрдүн, ырды пир туткан акын-

дардын ички толгонуусунун тогуз тоомун аңтарып айтты…

Акындын жогорудагы катын аягына чыгаралы, окурманым…

**«Жарытылуу жаңылык болгон жок. Ленин районунда болуп өтүүчү кеңешме 25-ноябрда болбой, кийинкиге калтырылыптыр. Ага чейин областтык радио, телевидение адабий берүү, көрсөтүү уюштуруп өткөрдү. Албетте, Сакем өзү уюштурду. Телеге жыйырма гана мүнөт убакыт берип, кененирээк планда болбосо да, дурус өттү. Ырды акындар жатка окуса деген сөз болуп кетип, Шабданбай аке: «Атаны, азыр Жолон болсо кана!..» – деп өкүнүп алды эле, Карыпбай аке: «А-а, ал такыр башкача баштамак көрсөтүүнү!..» – деди. Ушуну айтпасам болор эле, бирок… Күлбөй, туура эле кабыл алып кой, Жоке?! Эч нерсени тымпыйып жашыра албаган оорум бар экенин билерсиң. Деги, сен качан бүтүп келесиң?**

**Ишенсең, сен келгенден кийинки жашоо мен үчүн өтө маанилүү болуп туруп алды. Ошко эле келип иштесе деп тилейм. Дайыма бирге болгум келет. Эгер Фрунзеге кетсең, мен да кетем. Менин өсүшүмдүн (албетте, поэзиядагы) жандуу эволюциясы сени менен бирге бүткөндөй… Азыр да жалгызсырап жүрөм десем ишенер белең?**

**Ошто кыш айы болсо деле катуу суук да жок, кар да жок. Москвага салыштырганда жаз дечи. Келгичең, жоош жазарсың…Кадыркулга бир кучак салам айтып, менин атыман ден соолук, ийгилик каалаганымды билдирип кой…Өзүңө да дал ушундай саламым менен, досуң Курбан-Али».**

Курбаналы Сабыровдун биринчи ырлар жыйнагынын өтө кечигип, бир топ жылдан кийин жарыкка чы-

гышы ошол кездеги басмакананын чоңдору, редакторлордун жеке мамилесинен планга шылтап кутулушкан.

**«Баягы чалажан «жыйнагым» болсо дале ар кимдин колунда жатат. Бир-эки жолу бөлүмгө кирсем, Шабданбай аке унчукпай койду. Ошону менен мен деле көңүлүм үшүп, таштап салдым. Кыязы, болбойт окшойт».** *(К. Сабыровдун каты, 25-февраль, 1970-ж.)*

Үмүттүн шооласы акынды чымырканып иштөөгө мажбурлаган. Алгачкы жыйнагы анын тагдырын биротоло чечкен «өкүмдөй» сезилген белем... Тунгуч жыйнагы кечиккен сайын ал кол куушуруп, күтүп отургусу келбеди. Ошто жашап жүргөндө айлык акы аз, көрүнгөн өзбектин батирлеринде квартирант болуп көчүп жүрүп, өмүр өткөргөн...

**«Азыр болсо кийинки жазылган ырларымды топтоп, «Жаңы горизонттор» деген жыйнак түзүп жатам. Буга албетте жазылуучу ырлар да кирет. Анткени тиги жыйнак чыкканча али канча.. Чыгармачылыгым анча жемиштүү эмес азыр, квартира жана материалдык жактан кыйналып жатам. Баягы үйдөн (Ош шаары, М. Горький-52) чал чыгарып ийди. Бир жылдан ашык отургузбайм деп, такыр тынчтык бербеди. Азыр бир өзбектин тар үйүндөбүз. Эптеп эле жашоо өтүп жатат».** *(К. Сабыровдун каты, 8-ноябрь, 1970-ж.)*

Союз кезинде турак үйлөр аз курулган, азыркыдай эки-үч айдын ичинде бүтүрө салуу түшкө да кирбейт эле. Өп-чап турмуш, айдан-айга тыйын санаган күндөр билинбей өткөнү менен чыгармачылыкка баш-оту менен кирген акынды аксатып, көңүлүнө көк таштай тийген ач калган, ток жүргөн кыйын, санаалуу күндөр этектеп турган. 1970-жылдын 29-октябрында Фрунзеде акын-жазуучулардын кеңешмеси өтүп,627 Оштон К. Ташбаев экөө, дагы үч аксакал барышат. Ошол 8-но-

ябрдагы катында борбордогу кеңешмени мындайча маалымдайт.

**«Кеңешме бир гана күн болуп, талаш-тартыштуураак өттү. Бирин бири мактоо, анан бир аз кемчилигин да кошо айтуу традициясында башталды эле, бирок Эрнис Турсунов жарыш сөзгө чыгып, бул атмосферага бүтүндөй капысынан жанган чагылган болуп, бүлүк түшүрдү. Ал биздин адабияттын бүгүнкү күндөгү абалын бүтүндөй сынга алып, эмне үчүн өспөй жаткандыгынын критерияларын аудиторияда ачык айтты. Айрыкча, котормо маселесине көбүрөөк токтолуп, таасирдүү замечаниелерди айтты. Бир мисал: Керез Ырсалиев бизде бир топ жогорку дарованиедеги котормочу эмеспи. Анын азыркы учурдагы жашоо шартынын жана ден соолугунун начардыгына токтолду. Межелайтис аны бир нече жолу Литвага келип-кетүүсүн өтүнүп чакырса да, акчасы жок баралбаптыр. «Эгер сиз келе албасаңыз, анда сизге мен барайын, макулбу?» – деп кат жазса аны күтүп, коноктошко Керездин үй-шарты да өтө начар экен. Ушул себептен улам котормочу советтик чоң акын менен чыгармачылык жакын байланыш түзө албай келе жатыптыр. Муну укканда кеңешменин ар бир катышуучусунун көңүлү оорубай койгон жок. Кыргыз поэзиясы Алыкулдан кийин өсүшүн дээрлик токтотту деген идеяны айтуу менен бүгүнкү күндүн талабына жооп берерлик ырлардын жаралышында жалгыз гана Омор Султановдун аты аталып, анын ырларынан цитаталар Эрнис тарабынан толкундануу менен бир эмес, бир нече жолу келтирилди. Омор жөнүндө талаш жок, бирок андан башка дагы өз үнүндөгү акындар бар эмеспи. «Кыргызстан» жана «Мектеп» басмасына чоң-чоң дооматтарды койду. Кыскасы, баш-аягы болуп, отуз бетке жакын сөз жазган экен. Албетте, көп жакшы пикирлерди айтуу менен аша чапкан жерлери да болду».**

Акын кеңешмеде К.Ташбаевдин поэзиясы жөнүндө Ж. Мавлянов, М. Жангазиев, Т. Абдумомуновдор жакшы пикир айтканын белгилейт. Мынча болду Фрунзеге атайын ат арытып келе албашын ойлойт да, ыр жыйнагын алып, жазуучу Исраил Сулайманов экөө «Кыргызстан» басмаканасына кирет. Басмакананын директору «жетимишинчи жылга» деп, жазып бергенин Т. Кожомбердиевге тапшырып чыгып, «калганын ким билет, бир күнү чыгар...» деген үмүткө жетеленет. Ал акын Турарды көптөн бери көрө электигин ойлоп, балким, өзгөргөндүр деген ойдо бушайман болот.

**«Экөөбүз эки-үч саатча бирге болуп, көп нерселер жөнүндө сүйлөштүк. Студенттик кезибизде Турар чыныгы, жаңы поэзия үчүн жүрөгүн колуна кармап, же мен же сен, же болбосо кыргыз акын эмес, тиги Африкадан бир акын жаратса да ошого жетип, колундагы жүрөгүн карматууга даяр турган калыс акын эле. Бул жолу мага да андагыдан да күчтүү турпатында көрүндү. «Эмне үчүн экиге бөлүнөбүз? Сен бул ойдо болбогун. Жолон, Кармышак, Исраил, анан Турдалыдай калыс болгун» – дейт мага. Сенин поэзияңа өзгөчө куштарлыгын билдирди».**

Жолон поэзияда бардык акындардын башкы максаты - жакшы ыр жаратуу деп эсептеген. Акындын тагдырынын баасын мезгил, убакыт өлчөйт деген.

**«Ыр майданында көзүбүз өткөнчө бири-бирибизге эргүү, эмоция берип, моралдык жана духтук таянычта болуп туруш абзел. Акындардын достугун турмуштагы майда-барат нерселер түзбөстөн, дал ошол жогорудагылар түзүшү зарыл. Мындай милдетти аткарууда дайыма калыс жана таза сезимде жүрсөк кандай жакшы! Ким канчалык калыс жана ак ниет болсо, ал өсүүгө тийиш. Идеялаш, оюу, жүрөгү таза адамдар дайыма бирин бири табышат окшойт».**

Курбаналы Сабыров Оштон тапкан досторунун чөйрөсүнө кошулганына ушинтип кубанган.

Жазуучу **Шабданбай Абдырамановдун «Дыйкандар»** деген романы талаш-тартыш пикир жаратканы окурмандарга маалым. 1970-жылдын 30-мартында Ош педагогикалык институтунда талкуу боло тургандыгы жөнүндө «Ленин жолуна» кулактандыруу жарыяланат. Чыгарма жөнүндө чындыкты айтуучулар аз экенин, ар ким башын жерге катып, романдын идеясы жөнүндө ачуу чындыкты айта албаганы тууралуу К. Сабыров мынтип айткан: **«Институттун каалгасына илинген кулактандыруунун өзү эле эмнегедир турган-бүткөн жалаа жыттанып, көзгө суук учурайт. Мен чыгып сүйлөйүн десем, журналдарды таппай койдум да, даярдана албай калдым. Камалов чыгам демиш болот, бирок ал коркок да...»**

Жолондун жаңы басмадан чыккан китеби Ош шаарындагы китеп дүкөнгө келип түшкөндө, Курбаналы сатуучунун жанында туруп алып бир-эки сааттай сатышат да, акчасын досуна почта аркылуу салып жиберет. Алардын достугу жашоонун кем-карчында да кыйышпас, кол үзүшпөс болгон.

## Бердиев Дастандын эскерүүсү

Райондогу «Өзгөрүш» совхозуна боз үй тиктирип, меймандарды коноктодук. Эрте мененки саат алтыда турсам, тоо тараптан жоодон кайткан алптай болуп Жолон аке түшүп келатыптыр. Акындар куш уйку болушабы же ошол түндүн табият керемети уйкусунуучтап ала качып кеткенби, таң калдым... Жайдары маанайынан бирдемеге толкунданып, толуп-ташып тургансыйт. Чындыгында, май айында биздин чөлкөмдөн Өзгөрүштөгүдөй жаратылыштын жаңы туулган баладай тумсак сулуулугун, айдарым жел менен каңылжарды кытыгылаган ууз жытын башка жактан табуу кыйын. Гүлдөрдүн, чөптөрдүн, толукшуган кыр-кырлардын

аңкыган жытычы... Аалам жаңы жаралгандай, жаңы эле көз ачкандай баары тумсак, баары жашыл, жашылдын түрлөнгөн, жагалданган, жалындаган кези...Мындай таберик жерди атайын акын-жазуучулар үчүн тандаган элек, ал жерди сүрөттөп айтууга менин тилим жардылык кылат...

Жолон аке тоодон түшүп келип:

– Ай, Дастан, кандай кооз жерлерибиз бар ээ! Кыргыздын маңдайына бүткөн ушундай сонун жерлери бейиш турбайбы!.. Карачы! – деп канатын жайып, толкунданганын жашыра албай турду. Көрсө, ошондогу акындын жан дүйнөсүн козгогон көркөмдүк, сулуулук ыр түрмөктөрүнө айланып, «Суктануу» деген ыры жаралыптыр.

*Лейлектин «Өзгөрүшү»*
*Май түнүндө.*
*Сайда суу, бакта булбул,*
*Ай тигинде.*
*Күүлөрүн табигаттын угат кууналп,*
*Кулакты биз төшөсөк кайсы күүгө?*
*Кыз-келин кыткылыктап, кыяк чалат*
*Десек биз,*
*Шоокум салган булак тарап,*
*Курчалган жашыл тоого ушул өрөөн,*
*Бейиштин бир үзүмү сыяктанат.*

Жолон акенин бул ыры биринчи жолу «Дастан иниме» деген ат менен райондук «Алга» гезитине басылып чыккан. Лейлектин «Өзгөрүшүн» узун-кыска өмүрүндө жаш-кары, чоң-кичине дебей «мен» деген кишилер көргөн. Бирок акындын көзү менен көргөн, акындын жүрөгү менен туйган башкача болот турбайбы. Жолон Мамытовдун ушул ырынан кийин адамдардын «Өзгөрүшкө» мамилеси өзгөрдү, мурдагыдай салкын, демейки көз караш менен эмес, суктануу, сүйүү менен

карашчу болду. Акындын акындык артыкчылыгы-көргөнүнө жан киргизип, тил бүткөртүп, табияттын сулуулугун көчүрүп алып, элдин көкүрөгүнө салып берет тура...Алыстан келгендер Өзгөрүштү: «Бир көрүп кетели» – деп суранып, мажбурлай турган да болушту.

Жолон аке менен тез эле тил табышып, дилибизден куюлушкан ойлорду бөлүшүп, баштадан ымаласы ысык кишилердей жакын болуп кеттик. Кырк жыл жакын жүрүп, жүрөгүңөн жол таба албай, орун ала албаган адамдарың болот. Айрымдары менен бир көргөндө, сүйлөшкөндө эзелтеден тааныштай имериле бересиң. Деги, жакшы адамдын пири ким? Жолондун көзүндө адамды өзүнө тартып турган мээри болор эле... Жакшы деп айтканга жеңил, оңой. Жакшы экенин жүрөгүң менен сезгенде, айтканга жеңил болбой калат. Эмнеликтен? Жакшыны жеткириш жеңил болбойт, ооз учунан айтылганы менен чын жүрөктөн чыккан сыпаттаманын айырмасы чоң. Кулактын сыртынан кетсе, сезимиңди серпилткен мааниге оролбосо, көңүлдө уюп турбаса, айырмасы не?.. Бирок Жолон акени эч кимге салыштыргым келбейт. Эч кимге окшоштура да албайм.

*Уккан күү, көргөн көрктөн ошондогу,*
*Сезимдер кийин деле бошонбоду.*
*Жүрөктө бир жылуулук уюп калды,*
*Бир болгон чоң-кичүүгө ошондогу.*

Эне баласынын досторуна өз колу менен чай бергенди макул тапканынан көңүлүн кыя албай, түштөн кийин Курбаналынын апасынын үйүнө бардык. Айылдагы карапайым адамдын орозгери: айванчасы бар эки-үч бөлмөлүү тамдын алды-артын жылтырата шыпырып, сөөрүнүн кашына суудан сээп, кармаган-тутканы тыкан, ийне-жибине чейин өз ордунда кармаган аялдын бүйрөлүгү, пакизалыгы дароо эле байкалат. Эне уулун

эстеп ыйлап, дос-курдаштарынын ат арытып алыстан келгенине жетине албай турду. Жашоодо кубанычты ый коштоп, ыйды кубаныч кубалап, экөө тизгин талашкандай ээрчишкени эриш-аркак келе бергени кызык... Баргандардын көңүлүндө поэзиянын түйшүктүү, машакаттуу ааламынан өз жолун таап, асыл ой азыктары менен салымын кошуп кеткен акындын туулган айылындагы жаздын толуп турган кереметти азгырып жатты.

Курбаналынын апасы очоктун жанында күйпөлөктөп, чайын кайнатканча Жолон аке экөөбүз сүйлөшүп турдук.

– Эх, Дастан, балапейил досубуз бар эле. Козу-Багланга, өрүкзарга көп чакырган. Тагдыры менен таймашып жүрүп, өмүрүн ырга арнап келген акындын өзү жокто эли-жерин көрдүк. Кандай өкүнүчтүү! – деп, бир тынымга тунжурап турган соң, өзүнө жарашыктуу, укулуктуу үн, кубаттуу дикция менен бир эсе толкунданып, бир эсе досун жоктогондой ырын жатка окуп берди.

*Китептериң «Козу-Баглан», «Нур булак»,*
*Элге тарап, «Өрүкзарың» гүл бурап.*
*Турган чакта өчтүң «жалп» деп, биз калдык*
*Ыр дайраңдын жээгинде тунжурап.*

Жолон аке курдашын эстеп, досунун туулган жерин көрүп, жетине албай кубанып, эки сезимди кайчылаштыра көкүрөгүнөн өткөрүп, өрүкзарлуу кең Лейлек жергеси бекеринен назик, үлбүрөк, тунук лирикалуу акынын жаратпаганына тан бергенсип турду...Туулган жер, анын тоосу, жери, суусу, топурагы, кала берсе жолдо жаткан томуктай ташы деле акын үчүн бүтпөс, түбөлүктүү тема болуп калганы ушундан го.

Акындар эртең жолго чыгабыз деген күн суу чарба кызматкерлеринин күнү эле. Кечинде салт боюнча майрамды белгилеп коюуга чогулуп, дасторкон үстүн-

дө отуруп калдык. Мурдагы республиканын суу чарба министри (ошол кезде райкомдун биринчи катчысы болчу) Мейраждин Зулпуев суу анын теңдешсиз баасы жөнүндө айтып, ушул кесипти аркалап келаткандарды куттуктады. Сөз кезеги келгенде, Жолон акенин бир айтканы эсимде калды.

– Сиз суу чарбасы боюнча адис экенсиз. Көрсө, ар бир кесип өзүнүн артыкчылыгы менен пенде өмүрүнө азык болот тура. «Медицина адамды дарыласа, ветеринария адамзатты дарылайт» деген учкул кептин өзүндө канча маани жатат...Ар бир кесип ээси өзүнүн жупуну эмгеги менен адам турмушун жеңилдеткенге, жашоосун жакшы жагына өзгөрүшүнө түрткү боло турганын эсинен чыгарбаш керек деп ойлойм. Суу ресурсуна бай мамлекет катары Кыргызстан келечекте суудан өлчөөсүз пайда табарына ишенем, – деди. Поэзия майданынан кадыресе орун-очок таап, чоң акын болгонуна карабастан, тун турмуштук чыйыры, ветврачтык кесиби жөнүндө куштарлана, эргүү менен сөз кылганына, ушул турушунда дале мал доктурлук кесибине кайдыгер эместигин билдим. Эртеси конокторду Ленинабадга узатканы бардык.

– Дастан, мен нан алып алайынчы.. – деп, шашып калды.

– Мен азыр алып келем, – дедим.

– Кой, кой, мен өзүм алам!..Балдарыма алып алайынчы... – деп ошол жердин ырыскысын өз колу менен алды. Нан алганы – кешик алганы. Нан алганы– ошол жердин элинин ырыскысына ортоктош болгону, ырыскысын бөлүшкөнү. Кыргыз менен өзбек ээлтеден бери тиричиликтеги майда-баратынан тартып, бардык керектөөсүн ортодо бөлүшкөн. Базардан даам алганы – элге болгон урматы болду. Ниет кылып, бардык ырыскыдан нанды ыйык тутканы.

Бир көргөндөгү адамдын мээримиби же жан дүйнөңдүн буйруксуз жибиненби, биз кийин абдан ынак

болуп кеттик. Ал киши менен сүйлөшкөндүн өзү кызык эле. Ичиңе кирип чыккансып, көкүрөгүңдө уялаган нерселер төгүлүп, чериң жазылып, моокумуң канат. Кайраттанып, жеңилдеп, канат бүткөнсүп каласың адам...

Кийин бир республикалык жыйналышка барып калдым. Түшкү тамакты божомолдоп, жумушуна телефон чалдым. Барып, учурашкандан кийин:

– Жолон аке, ресторандан чай ичели, – дедим.

– Болуптур, ичебиз... – деп, чайнегин көтөрүп, сыртка жөнөдү.

Столунун үстүнө колдо бышырылган беш-алты туурамдай нан, төрт кесим эт, үч-төрт чакмак кантты коюп:

– Мен дайыма ырыскыны эки кишиге ала жүрөм. Кимдин ырыскысы кошулса бирге жейбиз. Шаардын тамактары да болбой калды. Меңди эжең мага газдын духовкасына нан бышырып, ушундай тамак даярдап берет, – деди.

Чер жазыла көпкө сүйлөшүп отурдук.

Ошондо бир таң калганым, ушунча көп китептери чыгып, атак-даңкы алыска тараса да, өзүнө канааттанбай, ырларына ичи чыкпай, кыжаалаттангандай, эч ким көрө элек, эч ким басып бара элек чыгармачылыгынын жаңы, таберик аралдарына жете албай жаткансып:

–Мен эч иштей албай жатам. Ушул ишимди таштап, чыгармачылыкка биротоло отурсамбы деп көп ойлоном,– деп кейиди.

–Быйыл, билесиңби, үйгө бардым Төлөйкөнгө. Быякка келгенден бери, инилеримден бирөө жашап жүргөн. Балдарды бүт алпарып, көргөн адамдар: «Жолондун үйүнүн морунан түтүн чыгып жатат» – деп айтышсын деп алоолонтуп, отту улуу жактырдым... Туулган жердин түтүнү да башкача сезилет экен. Асманды көздөй уюлгуп, чубалып бараткан түтүндүн түсү, жыты, иси

эс-тутумдун түпкүрүнө чөгүп бараткан балалыгымды эстетти, апамды эстедим, аталаш туугандарымды, коңшуларды көрүп, сагынычым таркагансыды.. Бирок сагыныч Фрунзеге кайтып келгенде, туулган айылымдын кире беришинде мени ээрчип калганын сездим... Ошентип, кайра келе бердим...

Ушул ойдун бекеринен айтылбаганын, ушул ойду дегдетип турган туулган жерге деген түгөнбөгөн сагыныч менен кусалык сезими адамга түбөлүк энчиленген шыбага экенин кийинчерээк туйдум.

Адамдарды жакшы көрүп жүрүп, бир нерсеге ынандым. Бул кишинин жүрөгүндө такыр жасалмасы жок эле. Башкалардан таптакыр башкача, дүйнөнү өзүнүн таанымы менен байкап кабылдаган, көр оокаттын көйгөйүнө малынгысы келбеген, адамдарга жакшылык кылсам, жарыгым тийсе деген тилекти туу тутуп жашаган, дүйнөсү таза, тунук адам болчу. Бирге жүргөн кырк жылыңдын кыркынын бирөө эсте жок, элеси эч нерсеге татыбаган, бир сапаты же касиети менен эсиңде калбаган адамдардын жанында Жолон менен жолугушкан кырк мүнөттүн кадыры ушинтип көкүрөктү уялап калганы чын...

Адамдын көзү өткөндөн кийин эмнегедир биринчи же акыркы кездешүүнү эстейт. Ошондо Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин кайсы Пленуму экени эсимде жок. Жолон Мамытов текшерүү комиссиясынын мүчөсү катары трибунага чыгып сүйлөдү. Көбүрөөк сындап, аёосуз сынга басым жасаганы эсимде.

Кыш мезгили беле...Пленумдан кийин биринчи кабаттагы кийим иле турган жайдан пальтомду алып жатсам, Жолон аке келатат. Өңү кубарып, арыктап калганбы, маанайы суз, эч нерсени кыртышы сүйбөгөнсүп, мени менен суз учурашып эле тез-тез басып кетти. Мен таң кала түштүм, мурда азыраак, чала тааныш болсок мейли эле... Дастан, Дастан (атымды көп

кайталачу...) деп турчу, бүт дилибизден берилип, эбиреп-жебиреп сүйлөшөт элек? Мындай кайдыгерлигибиз жок эле... Же мага таарынып калдыбы? Таарынтып алдымбы? Эмнеден? Күн бою ушул суроо кыжаалат кылып, маземди кетирди. Ошондо бир нерсени байкадым. Алибай деген бөлөм бар эле. Мени аябай жакшы көрчү. Мен деле аны сыйлап, көргөндө төбөм көккө жеткендей сүйүнүп кетчүмүн. Боор тартканды мындай кой, тек гана бири-бирибиз үчүн тикеден-тике туруута (өлүмгө чейин дейт элек) даяр элек. Адам баласы өлөөрдө адамды каалабай, эч кимди көргүсү келбей калат окшойт. Өзү менен өзү алпурушуп, сенек, муздак, коркунучтуу ойлорго басылып калабы, билбейм...

Анын да жарыкчылык менен кош айтышардагы абалы көз алдымда турат. Жан дүйнөсүн, туйгусун гана эмес, бүт турпатын муунтуп келаткан ойдон кутулбай, эч нерсе менен алаксый албай, түпсүз мунарыкта адашкан армандуу жолоочудай ою тунарып, өзү менен өзү кармашып калат окшойт..

Мен аны алаксыткым келди, акыркы кебин угуп, акыркы демин сезгим келди, тагдыр менен бет келишкенде, аз да болсо жакшы сөз, жылуу жылмаюу, жаралганына шүгүр келтиришин каалладым... Же жарыкчылыктын отун пир туткан Жолон акын өзү:

*Түбөлүк бүткөнүбү кызыл дүйнөм,*
*Мен эми кетем элден, кетем үйдөн, –*

деп жазгандай, акыры келип тирүүлүктүн улуу мыйзамына баш ииерибизди, мындан эч ким качып кутула албасын сездирген «сары ойлордун» туманынан ушинтип калабы деп кийин ойлодум.Ошол биздин акыркы кездешүүбүз болду. Көрсө, оорунун чеңгелинде калган акын ар бир саатын, ар бир мүнөтүн аяп, ыр дүйнөсүнө шашып, ыр жаратууга ашыгып бараткан экен!..

Ошондогу жылуулук Лейлекти Фрунзеге, Фрунзени Лейлекке магниттей тартып турган. Жогоруда айтыл-

гандай, акын «Суктануу» деген ырын арнаган инсан 1996–1998-жылдары Баткен райондук администрациясынын башчысы болуп иштеген Бердиев Дастан.

Жолон өзүнүн жакын адамдарына атайы арнап саналуу эле ырларды жазган. Ал чыгармаларынын өзөгүндө экөөнө гана маалым маани, өзгөчө бир маанай, тереңдеп кеткен сыр жаткансыйт. Сыр демекчи, өмүр көчүндө кезигишкен адамдардын баары эле эсте калбайт. Алардын кемде-кеми, же көз карашы менен мүнөзү дал келип, же төп келген жылдызы тартылып, же турмуштагы кызыкчылыгы окшошсо, акын жүрөгүнөн түнөк табат. Ошол тереңдик калемгердин ыр дүйнөсүнүн тегирменинде көркөм туюнтмалардын таасиринен түс кубултуп, мазмуну байып, жекеликтен жалпылыкка өтүп, көпчүлүктүн менчигине айланат. Улуттук адабияттагы арноо ырларынын басымдуу көпчүлүгү апыртып мактап, Ай менен Күндөй колго кармалбас заттарга теңеп, атам замандан бери ашмалтайы чыккан, кулакка жат болуп бүткөн, коёндой окшош метафора, салыштыруулар менен чектелип келатканын жакшы билебиз.

Бир көргөндөгү жылуулуктун илеби ыр болуп төгүлгөн акындын өмүрү өткөнчө өчпөй, ал эми өз чөлкөмүн башкарып келаткан жетекчинин, абройлуу инсандын өмүрүнүн унутулгус көз ирмеми катары көкүрөгүн уялап калган.

Дастан Бердиев өмүрү өткөнгө чейин Жолон Мамытовго болгон сый-урматынан кайткан жок. Кайсы жерде иштебесин, Баткен жана Лейлек райондорунда аким болуп турганда жаш таланттарды материалдык жана моралдык колдоосун улантты, чыгармачыл адамдар менен болгон байланышын үзбөй, турмуштан кыйналгандарына колун сунду. Өзү да поэтикалуу инсан болгону үчүнбү, жакшы ырларды жата калып окуп, жаттап алып, адабий кечелерде, жаштар менен жолугушууларда окуганына күбө болгом. Кең дарылуу, пастек бойлуу,

бакырайган кош сурмалуу көзү жайнап, адамга ынтызарлуулугу, мээрими, ыкласы менен жылдыздуу ажары сүйкүмдүү жүзүнөн дароо байкалчу. Бир көргөндө жылдызы келишкен адамына жанын да берүүгө даяр турган айкөлдүк сезилчү. Поэзияны өзгөчө урматтаганынан адабият боюнча терең билимдүүлүгүнөн сөздү баалап, сөздүн баасы менен наркына таазим кылган. Өзү да сөзмөр, маңыздуу чечен, сөз менен аудиторияны багындырып, сөз менен «муунтканды», кылычтай кыя чапканды жакшы өздөштүргөн инсан эле.

Кийин Ош облустук мамлекеттик администрацияда аппарат башчысы болуп иштеп турганда, Төлөйкөн айылындагы Жолон Мамытов атындагы орто мектептин алдындагы акындын бюсту да дал ошол кишинин демилгеси жана материалдык колдоосу менен орнотулганын баары эле биле бербесе керек.

# ОН АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

## «Сепил» – биримдиктин символу

Токтогул атындагы мамлекеттик жана Кыргызстан жаштар сыйлыгынын лауреаты, кыргыз элинин «от жүрөк» акыны Жолон Мамытов 48 жылдык өмүрүндө мамытовдук стилге, мамытовдук үнгө, мамытовдук натурага таандык көөнөрбөс поэзиясы менен катарда эпикалык чыгармаларды да жараткан. Анын «отчул поэзиясынын» керемети жөнүндө көзүнүн тирүүсүндө, көзү өткөндөн кийин да адабий коомчулукта, мезгилдүү басылмаларда жана илимий-теориялык адабияттарда жылуу пикирлер, жакшы ойлор айтылган, нарк-насилине жараша баа берилген. Биз **«Жолон Мамытовдун лирикасы» (Ош, 1998)** аттуу биринчи эмгегибизде акындын поэтикасынын бөтөнчөлүгүн ар тараптан иликтөөгө аракеттенгенбиз. Акындын баалуу мурасын окуп, талдап, анализдеген сайын поэзиясынын нукуралыгы, чеберчилиги, асыл баалуулуктары жана таасирдүү табылгалары менен улам жаңыра берет экен.

Эпикага акын калеми төшөлүп, чыгармачылыгы такшалып калган мезгилде кайрылганын эске алсак, **«Эпикалык чабыттар» (Ош, 2001)** деген экинчи китепте бардык поэмаларынын ар бирине өзүнчө токтолуп, талдоого алган элем. Андагы чыгармалардын деңгээли, көркөм табылгасы, салмагы менен бирге таалим-таасири, эстетикалык сабагы, тарбиялык мааниси жана

ириде поэма жанрынын өсүп-өнүгүшүнө кошкон салымы жөнүндө кененирээк кеп кылганбыз.

Көпчүлүктүн сүймөнчүлүгүнө ээ болгон, поэзия сүйүүчүлөрдүн кумири, талапкер жаш таланттардын сүйүктүү устаты, улуттук адабиятта татыктуу орду бар инсандын, чоң акындын өзүнүн сөзү менен айтканда «ырталаанын дыйканынын» калемине таандык «түшүмдүн» даамы тамшандырып, «миң тамырлуу тирүүлүктүн, миң тамырында тең алоо поэзиясынын» ширесине, дегеле акындын дүйнөсүнө кайра-кайра кайрылууга аргасыз кылат. Мамытовдун мектебинен таалим-тарбия алган, акындын поэзиясы таасирлентип-куштарланткан шакирттеринин өткөндөгү, учурдагы жана келечектеги жаңы муунунун талабы да ушинттирмек...

Акындын элдик мотив, сюжеттерге кызыгышына түрткү болгон факторлор: ошол кездеги жалпы калемгерлер жабыла киришкен өткөнгө кайрылуу, жаңы бийиктиктерге умтулуусу, оозеки жашап келаткан көркөм дөөлөттүн азгырыгы, элдик чыгарманын негизинде жазылган лиро-эпиканын жана лиро-романтиканын накта үлгүсү болгон «Ак Мөөр» сыяктуу чыгармалардын таасир болгон. Мүмкүн, Жолон Мамытовдун өмүрү кыска болбогондо, айрым поэмаларына кайрадан кайрылып, алгачкы тажрыйба, эксперимент түрүндө жеткилең иштелбей калган чыгармаларынын багы ачылат беле...

Акындын эпикалык чабыттарында оозеки айтымдагы элдик идеялар, ойлор, элдик бүтүмдөргө өзүнчө мамиле жасоого жетишкени – «мамытовдук стилди», «мамытовдук үндү» жаңырыктатып, жаңыча өң-келбет, жаңыча түс-боёкторду бере алганы менен баалуу. XX кылымдын экинчи жарымында союздун аймагында өкүм сүргөн адабий өнүгүүнүн алдыңкы өкүлү, улуттук поэзиянын жаңы жээктерин ачкан лирик Жолон Мамытов менен эпик Жолон Мамытов бир баскыч-

ка тең чыга алдыбы? Мына ушул суроолордун башын ачып алуу – ушул бөлүмдүн негизин түзөт.

## «Сепил»

Кыргыз адабиятында поэма жанрынын өз орду бар. Ал жөнүндө атайын изилдөөлөр жазылган. (Даутов К. Проблемы традиций и новаторства в киргизской советской поэме: Автореф. дис... канд. филол. наук. – М., 1973.-14 с.) Окуу китептери менен адабият тарыхында сөзгө алынган. (Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Фрунзе: «Илим» 553–568-бб.) 20-жылдарда элдик белгилүү сюжет, мотивдерди пайдаланып, поэма деген ат менен көлөмдүү чыгармалар жаза башташкан. Айрымдары тарыхка кайрылышкан. Көркөм чыгарма катары окула турган поэмалардын бири деп, Касым Тыныстановдун «Жаңыл мырзасын» бөлүп көрсөтүүгө болот. 30-жылдардан Жусуп Турусбековдун «Энеме» деген поэмасы калды. Ал эми 40-жылдары Алыкул Осмоновдун «Жеңишбек», «Өлүп тирилгендер», Аалы Токомбаевдин «Майлыбай», «Менин метрикам» аттуу поэмалары жанрды профессионалдык деңгээлге көтөрүп чыгышкан. Ошол жыйырманчы, отузунчу, кыркынчы жылдарда жаралган поэмалар эң алгач улуттук көркөм сөз өнөрүндө реалисттик поэма жанрынын жаңыча салтын жаратты, эстетикалык сабагын калтырды. Мына ушунусуна караганда деле профессионал улут адабиятыбыздын жаралуу, калыптануу этабында пайда болгон поэмалардын көркөм ойлоонун өнүгүшүнө таасири болгон.

Ал эми 20-кылымдын 50-жылдарда поэма жанры кыйла кеңири кулач жайып бараткапына А. Токомбаевдин «Өз көзүм менен», С. Эралиевдин «Ак Мөөрү» жакшы эле далилдүү мисал болуп берет. Элүүнчү жылдардагы поэма жанрынын айтарлык өсүү баскычтарына

көтөрүлүшү, 60-жылдардагы жалпы кыргыз поэзиясынын активдешине, анын ичинде эпиканын өнүгүшүнө түздөн-түз жандуу таасир тийгизип турганын эч ким таналбайт. Ошентип, 60–70-жылдардын аралыгында кыргыз лирикасы да, поэмасы да мазмун жана форма жактан жаңы сапаттык белгилер менен өзгөчөлөнгөн жылыштар жасоого жетишти. Коомдогу социалдык, нравалык курч проблемалар, улуттук жана жалпы адамзаттык идеялар камтылган поэмалардын катарына С. Эралиевдин «Уяң жылдыздар», «Жылдыздарга саякат», «Ак жыттар», «Көк сулуу», Б. Сарногоевдин «Ачык кат», С. Жусуевдин «Үмүт», «Сагыныч», «Тирүүлөргө», Ж. Садыковдун «Калча», М. Абылкасымованын «Эстелик сүйлөйт» өңдүү эпикалык чыгармаларды коюш ылайык келер.

Негизинен, 60–70-жылдар кыргыз поэзиясы үчүн активдүү изденүүлөр менен көзгө урунарлык табылгалар берди. Аалы Токомбаевдин ыр менен жазылган «Таң алдында» романы, Сүйүнбай Эралиев, Сооронбай Жусуев, Майрамкан Абылкасымованын атап өткөн чыгармаларынан башка да Байдылда Сарногоевдин «Ак калпак» Рамис Рыскуловдун «Ак чынысы», Омор Султановдун «Отузунчу станциясы», Турар Кожомбердиевдин «Кызыл алма», «Таңкы симфониясы» дал ушул мезгилде жарык көрүп, поэтикалык өнүгүштүн сапаттык белгилерин аныкташты. Ошол эле жылдары «ак ыр» менен «эркин ырды» өнүктүрүүгө бир топ аракеттер жасалып, Р. Рыскулов, С. Эралиев, М. Абылкасымова, Т. Кожомбердиев, Ж. Мамытов, О. Султановдор жаңычыл атка конуп жүргөнүн жакшы билебиз. Муну айтып жатканыбыз, изденүү бардык жанрда, жалпы эле поэзияда болду деген ойду билдирели дегенибиз.

Бирок поэма жанры сапаттык утушка ээ болбостон, сандык жагынан өсүп, кургак сөздүүлүккө, фотобаяндоого кызыгуунун кесепетинен арабөк, чалажан, калың (көп тираждуу) поэма-китептер көбөйүп кеткенин

айтпай коюуга болбойт.Мындай көрүнүштөр «Кыргызстан маданияты» жумалыгында, «Ала-Тоо» журналынын беттеринде адилеттүү сындалып турган.

Союздук масштабда поэма жанрынын спецификасы, өнүгүү тенденциялары жөнүндөгү талаш-тартышка чакырган борбордук «Литературная газетасындагы» кызуу талкуу болот. Айрыкча М. Арачконун «Поэма: кризиспи же жандануубу?» деген курч мүнөздөгү макаласынын айланасындагы дискуссия ар түрдүү пикирлерди жаратты. Буга мурдагы союздун алкагындагы белгилүү акын-жазуучулар жана сынчылар да үн кошту. Алардын айрымдары поэманын өзгөчө касиети катары психологизмди эсептешсе, экинчилери лирикалуулукту, дагы башкалары аналитикалуулукту, историзмди, эпикалуулукту, мазмундуулукту белгилешти.

Ошол 60–70-жылдарда поэтикалык чыгармалардын көлөмдүү формасы болгон поэма жанрын улуттук адабиятыбызда ар тараптан өнүктүрүүгө, форма жана мазмун жагынан жаңылоого аракеттенген акындардын бири Жолон Мамытов болгон. Анын биринчи «Сепил» аттуу драмалык поэмасы эпикалык жанрда калемин сынаган алгачкы кадамы эле. «Сепилдин» жазылышына эл ичинде айтылып жүргөн Коргон-Дөбө жөнүндөгү легенда түрткү берген. Коргон-Дөбө орто кылымдагы кыргыздын майда хандыктарынын ордосу болгон деген идея чыгарманын башкы өзөгүн түзөт. Ал эми Кан Шырылдаң жөнүндөгү белгилүү уламыш ар кайсы региондордо ар түрдүү айтылары да маалым.

## Коргон-Дөбө уламышы

Илгери-илгери өткөн замандарда Кан Шырылдаң деген атагы алыска тараган эр жүрөк, баатыр, каардуу хан болуптур. Күн чыгыштан калмак-кытайлар кара куюндай түтөп, түмөндөгөн аскери менен чамынып

келип, кез-кез кол салып турушат. Канча жолу душмандары баатырдын сепилине кирип багындыра албай айласы куруйт.

Ошондо душмандары кандай айла кылсак болот деп ары ойлонуп, бери ойлонуп баш катырат. Сепилге кирип-чыгып турган бир кексе кишинин акылы менен акыры хандын аялына кат жазып киргизишет. Катты дайындаган кишиси эч кимге билдирбей, ханышанын колуна тапшырат. Катта: «Ай чырайлуу ханзаада, ханың сени эмне менен сыйлайт? Кадырыңды кантип көтөрөт?» – деген собол болот. Сулуулугуна келберсип маашырланган аял койкоңдоп, кожоюнунун мартабасына маарып, эртең эмне болору оюна келбей сырттан ашык болгон бирөө го дегендей эркелеп, чоёңдоп, көргөнүнө каниет кылбастан, напсисин агызып, минтип жооп жаздырат: «Хан мага кырк кара койдун чучугуна аш демдетип берет. Кырк саба пахтанын үстүнө жаткырат».

Анда душмандары ичинен жымыйып, ханзааданын сырын тартуу жеңил экенине көзү жеткендей шыпшынып: «Биз сизди сексен кара койдун чучугуна аш демдетип, сексен саба пахтанын үстүнө жаткырып аздектейбиз. Сепилге кантип кирсек болот, ханышам?» – деп сурашат. Айлакерлик менен карөзгөйлүктүн тузагына чалынганын эрөөн-төрөөн албаган эрке катын: «Кан Шырылдаңды багынтуу үчүн Кайырма арыктын башатындагы сууга саман салгыла. Саман кайсы жерге келип төптөгөрөк болуп, айланкөчөк атып туруп калса ошол жерди бекиткиле. Сепилдегилер суусу түгөнгөндө өздөрү багынып беришет», – деп жооп берет. Ушундай амал менен Кан Шырылдаңдын аялы душманга сепилдин дарбазасын ачып берүүгө элди аргасыз кылат. Душман сууну токтотуп, сепилдин ичине кирип, канды баш кылып өлтүрүп кетишет.

Кан Шырылдаңдын Коргон-Дөбөдөгү урабас, кебелбес, багынбас деген сырдуу сепилин багындырган кал-

айтпай коюуга болбойт.Мындай көрүнүштөр «Кыргызстан маданияты» жумалыгында, «Ала-Тоо» журналынын беттеринде адилеттүү сындалып турган.

Союздук масштабда поэма жанрынын спецификасы, өнүгүү тенденциялары жөнүндөгү талаш-тартышка чакырган борбордук «Литературная газетасындагы» кызуу талкуу болот. Айрыкча М. Арачконун «Поэма: кризиспи же жандануубу?» деген курч мүнөздөгү макаласынын айланасындагы дискуссия ар түрдүү пикирлерди жаратты. Буга мурдагы союздун алкагындагы белгилүү акын-жазуучулар жана сынчылар да үн кошту. Алардын айрымдары поэманын өзгөчө касиети катары психологизмди эсептешсе, экинчилери лирикалуулукту, дагы башкалары аналитикалуулукту, историзмди, эпикалуулукту, мазмундуулукту белгилешти.

Ошол 60–70-жылдарда поэтикалык чыгармалардын көлөмдүү формасы болгон поэма жанрын улуттук адабиятыбызда ар тараптан өнүктүрүүгө, форма жана мазмун жагынан жаңылоого аракеттенген акындардын бири Жолон Мамытов болгон. Анын биринчи «Сепил» аттуу драмалык поэмасы эпикалык жанрда калемин сынаган алгачкы кадамы эле. «Сепилдин» жазылышына эл ичинде айтылып жүргөн Коргон-Дөбө жөнүндөгү легенда түрткү берген. Коргон-Дөбө орто кылымдагы кыргыздын майда хандыктарынын ордосу болгон деген идея чыгарманын башкы өзөгүн түзөт. Ал эми Кан Шырылдаң жөнүндөгү белгилүү уламыш ар кайсы региондордо ар түрдүү айтылары да маалым.

## Коргон-Дөбө уламышы

Илгери-илгери өткөн замандарда Кан Шырылдаң деген атагы алыска тараган эр жүрөк, баатыр, каардуу хан болуптур. Күн чыгыштан калмак-кытайлар кара куюндай түтөп, түмөндөгөн аскери менен чамынып

айтпай коюуга болбойт.Мындай көрүнүштөр «Кыргызстан маданияты» жумалыгында, «Ала-Тоо» журналынын беттеринде адилеттүү сындалып турган.

Союздук масштабда поэма жанрынын спецификасы, өнүгүү тенденциялары жөнүндөгү талаш-тартышка чакырган борбордук «Литературная газетасындагы» кызуу талкуу болот. Айрыкча М. Арачконун «Поэма: кризиспи же жандануубу?» деген курч мүнөздөгү макаласынын айланасындагы дискуссия ар түрдүү пикирлерди жаратты. Буга мурдагы союздун алкагындагы белгилүү акын-жазуучулар жана сынчылар да үн кошту. Алардын айрымдары поэманын өзгөчө касиети катары психологизмди эсептешсе, экинчилери лирикалуулукту, дагы башкалары аналитикалуулукту, историзмди, эпикалуулукту, мазмундуулукту белгилешти.

Ошол 60–70-жылдарда поэтикалык чыгармалардын көлөмдүү формасы болгон поэма жанрын улуттук адабиятыбызда ар тараптан өнүктүрүүгө, форма жана мазмун жагынан жаңылоого аракеттенген акындардын бири Жолон Мамытов болгон. Анын биринчи «Сепил» аттуу драмалык поэмасы эпикалык жанрда калемин сынаган алгачкы кадамы эле. «Сепилдин» жазылышына эл ичинде айтылып жүргөн Коргон-Дөбө жөнүндөгү легенда түрткү берген. Коргон-Дөбө орто кылымдагы кыргыздын майда хандыктарынын ордосу болгон деген идея чыгарманын башкы өзөгүн түзөт. Ал эми Кан Шырылдаң жөнүндөгү белгилүү уламыш ар кайсы региондордо ар түрдүү айтылары да маалым.

## Коргон-Дөбө уламышы

Илгери-илгери өткөн замандарда Кан Шырылдаң деген атагы алыска тараган эр жүрөк, баатыр, каардуу хан болуптур. Күн чыгыштан калмак-кытайлар кара куюндай түтөп, түмөндөгөн аскери менен чамынып

келип, кез-кез кол салып турушат. Канча жолу душмандары баатырдын сепилине кирип багындыра албай айласы куруйт.

Ошондо душмандары кандай айла кылсак болот деп ары ойлонуп, бери ойлонуп баш катырат. Сепилге кирип-чыгып турган бир кексе кишинин акылы менен акыры хандын аялына кат жазып киргизишет. Катты дайындаган кишиси эч кимге билдирбей, ханышанын колуна тапшырат. Катта: «Ай чырайлуу ханзаада, ханың сени эмне менен сыйлайт? Кадырыңды кантип көтөрөт?» – деген собол болот. Сулуулугуна келберсип маашырланган аял койкоңдоп, кожоюнунун мартабасына маарып, эртең эмне болору оюна келбей сырттан ашык болгон бирөө го дегендей эркелеп, чоёңдоп, көргөнүнө каниет кылбастан, напсисин агызып, минтип жооп жаздырат: «Хан мага кырк кара койдун чучугуна аш демдетип берет. Кырк саба пахтанын үстүнө жаткырат».

Анда душмандары ичинен жымыйып, ханзааданын сырын тартуу жеңил экенине көзү жеткендей шыпшынып: «Биз сизди сексен кара койдун чучугуна аш демдетип, сексен саба пахтанын үстүнө жаткырып аздектейбиз. Сепилге кантип кирсек болот, ханышам?» – деп сурашат. Айлакерлик менен карөзгөйлүктүн тузагына чалынганын эрөөн-төрөөн албаган эрке катын: «Кан Шырылдаңды багынтуу үчүн Кайырма арыктын башатындагы сууга саман салгыла. Саман кайсы жерге келип төптөгөрөк болуп, айланкөчөк атып туруп калса ошол жерди бекиткиле. Сепилдегилер суусу түгөнгөндө өздөрү багынып беришет», – деп жооп берет. Ушундай амал менен Кан Шырылдаңдын аялы душманга сепилдин дарбазасын ачып берүүгө элди аргасыз кылат. Душман сууну токтотуп, сепилдин ичине кирип, канды баш кылып өлтүрүп кетишет.

Кан Шырылдаңдын Коргон-Дөбөдөгү урабас, кебелбес, багынбас деген сырдуу сепилин багындырган кал-

мак-кытайлар: «Ушунча аздектеп сыйлаган күйөөңө жакшылык кылбаган сен бизге жакшылык кылмак белең» – деп, чоёңдогон эрке катынды чачынан байлап, атка сүйрөтүп өлтүрүшкөн экен.

* * *

Төлөйкөн айылына кире бергенде (шаардан баратып), сол кол тарапта беш-алты чакырымдай жол бассаңыз мурдагы «Кооператор», кийин «Автодорожник» деп аталган санаториянын имараты бар. Эс алуу жайынын жанында айланасы бүт ылай дубал менен коргондолгон, ортосунда олчойгон чоң дөбө болгон эле. Ошону жергиликтүү эл «Кан Шырылдаңдын ордосу» деп айтышат. Канча жылдар турганы белгисиз, жылдан-жылга эски дубалдын орду жерге сиңип, урандылары анчалык билинбеген дөңсөөлөргө айланды. Коргон-Дөбө жөнүндө жазылып калган тарыхый так маалыматтар жок, бирок анын орду бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган калдыктарынан, коргондун урандыларынан улам легенда түрүндө айтылып келатканынан белгилүү. Акын чыгармасынын бет ачарында:

*Элибиздин өткөн күнү санжыра,*
*Адам даабас, акыл сыйбас зор тарых.*
*Сансыз болмуш жирей берген алдыга,*
*Сезимдерден сезимдерге жол салып,* –

деп, поэма элдик санжыра, уламыштын таасиринен жаралганын айтып өтөт.

Жолон Мамытовдун «Сепил» аттуу алты бөлүмдөн турган драмалык поэмасы 1968–1971-жылдары жазылган. Кийинчерээк «Ырлар» (Фрунзе: Мектеп, 1975) жыйнагында жарык көргөн. Адегенде автордун сөзүнө кезек берели.

**«Сепил өмүрүнөн» деген ыр менен жазылган легенда-драмамды либреттого айландырып бүттүм.**

**Бул экинчи варианты. Бул либретто менин адам мүнөздөрүн ачууну өздөштүрүүдөгү башталгыч мектебим болуп калды.**

*Ала-Тоодо зоодон зоого кайкыган куштар көп.*
*Кылымдан кылымга калкыган аскалар арбын.*
*Замандан заманга көчкөн болмуштар бар.*

**Өткөндүн санжыраларын биздин бабаларыбыз этият көкүрөгүнө сактап келген, мезгилден мезгилге ташыган. Ал баяндар арбын жол басып, биздин ымыркай кыялыбызга түшкөн. Жаш тилегибизди алоолонтуп, сезимибизге жар боорундагы чымчыктардай уялашкан. Эми алар биздин заман жолунда артынган жүгүбүздүн бир бөлчөгү. Биздин аз, бирок албарс элибиздин оозеки таржымалынын главалары. Бүгүн сиздерге баяндалчу легенда ошол тоолук элдин өткөнүнөн «жарк» эткен элес. Мен ага «Сепил өмүрүнөн» деп ат койдум».** *(Акындын үй архиви. Күндөлүгү, 7-март. 1971-жыл.)*

Мурдагы бөлүмдөрдө акын Москвадагы СССР Жазуучулар союзунун алдындагы жогорку адабий курста окуп жүргөндө эле либретто жаза баштаганы катынан белгилүү: **«Либреттону жазып жатам. Бул либреттону баштаганга чейин бир топ либреттолорду окуп чыктым, мен үчүн жаңы болгон бул жанрдын закончонемдүүлүктөрүн аз да болсо изилдегенсидим».** Акын жаңы чыгармасы тууралуу Фрунзедеги таланттуу композитор, досу Сатылган Осмоновго кат аркылуу билдирет. Досу илгиртпей жооп берет.

**«Жолон!**

**Салам катыңды алдым. Ошентип, ден соолукта болушуңа, чыгармалар жаратып жатканыңа тилектешмин жана кубанамын. Өзгөчө либреттону бүтүргөнүң үчүн**

**чоң ыракмат! Либреттону жөнөтсөң кана, мен чыдамсыздык менен күтүп турбаймынбы, кымбаттуу досум. Анын үстүнө азыр министерстводо либретто жөнүндө олуттуу маселелер козголуп жатат (ар бир композиторго бирден либретто керек болуп калды).**

**Сенин либреттоң менин колума тиери менен художест. Советке окутам. Анан бир жыйынтык чыгарабыз. Ошону үчүн мүмкүн болушунча тезирээк жөнөткүн.** *(г.Фрунзе-49, ул. Каширская 4, кв 3, Осмонову С.)*

**Либреттого көңүл бурулуп кетип, ахывалыңды биринчи сурабаганым үчүн кечирим сурайм. Ден соолугуң, окууң жакшыбы? Биздин тилек – ден соолугуң темирдей бекем болсун! Себеби андан кийин чыгармачылыгың күчтүү жана элге жагымдуу болот.**

**Сага ден соолукту, ийгиликти каалап Сатылган. 6-декабрь 1970-жыл».**

Аталган драмалык поэма – Ж. Мамытовдун биринчи көлөмдүү чыгармасы, операга айландырылган, сахнада ийгиликтүү коюлган, поэма жанрындагы алгачкы чыйыры, алгачкы сыноодон өтүшү эле. Анда эмесе ошо чыгарманын тагдыры кандай болду экен?

Кезегинде орус элинин улуу сынчысы **В. Г. Белинскийдин** «Драматическая поэзия не полна безсценического искусства: чтобы понять вполне лицо, мало знать как оно действует, говорить, чувствует, надо в и д е т ь и с л ы ш а т ь, как оно действует, говорить, чувствует» *(Белинский В. Г. Собр.соч.: в 3 т..т.1. – М., 1948.-с.351)* деген таамай аныктамасы бар эмеспи. Орустун атактуу жазуучусу **А. Н. Островский** *(Островский А. Н. Полн. Собр.соч.т.12. -М., 1952. -с. 43)* да «Только при сценическом исполнении драматический вымысел получает вполне законченную форму» деген эмес беле.

Чыгармага киришерден мурда анын жазылыш таржымалы, операнын олуттуу тагдыры жөнүндөгү конкрет фактыларга токтолуп, акындын өз күндөлү-

гүнөн окусак. Окурмандарга даана, түшүнүктүү болушу үчүн кыскартууну эп көрбөдүк.

**«Сатылган Осмонов бүгүнкү күндө кыргыздын көрүнүктүү, таланттуу композитору. Өзгөчө музыкалык шыгы, өз үнү, жазмасы бар бул искусство ишмери жөнүндө бүгүн музыкалык коомчулук азыраак сөз кылып, көмүскөдө кармалып жаткандай туюлат. Мен Сатылган менен Ошто 1967-жылдары акын, хоровик Сүйүнтбек Дүйшөналиев аркылуу таанышкам. 1968-жылы «Сепил» аттуу драмалык поэмамдын алгачкы вариантын окуп бергем. Ошондон баштап биздин чыгармачылык байланышыбыз үзүлбөй келатат».**

«Сепил» поэмасын операга айландыруу ниети Сатылган Осмоновдо 1970-жылы пайда болгон. Муну композитордун акынга жазган каты да тастыктайт. Анда чогуу окуйлу:

**«Ассалоомалейкум, Жоке! Ден соолук, окууң жакшыбы? Чыгармалар жаралып жатабы?**

**Албетте, мен ден соолукта болушуңду, окуудагы ийгиликтериңди жана залкар чыгармаларыңдын пайда болушун каалайм.**

**Айылдагы ага-туугандарың, бала-бакырaң, аяш аман-эсен турушабы? Аман-эсен турушса болду, калган иш учурунда бүтө берет эмеспи. Эми, дос, баягы либреттобузду чыдабастан сурап баштадым. Анын ахывалы кандай, тездетсең жакшы болор эле. Баягы талкуудан кийин сууп калбасаң эле болду. Куттубаевдин (гл. редактор) байкоосу боюнча мен төмөнкүчө түшүнүп калдым: Анын оюу – эгер башынан билгенде сени башка тематикага макулдашып, башка либретто жаздырып алсак болмок экен дегенсип калды. Бул либреттонун тематикасына уюбагандай болуп турганы байкалып турду. Бирок театрдын кишилери (мыкты-**

лары) балким жактырып, кызыгып калышар, анысын убагында көрөбүз. Мен болсом, сенин жазып жатканыңды ойго салып коюп жүрөм. Мүмкүнчүлүгүң болуп жатабы же болбой жатабы, дос? Көпкө созсоң, созула берет, тездетсең тез эле бүтүрөсүң. Кол жазма болсо да жибере бер. Мен быяктан бастырып алам.

Азыр театрда Уркуя Салиева жөнүндө либреттонун камын көрүп жатышат. Байтемиров да жаңы турмуштан алып жазып жатат окшойт. Башка либретто жөнүндө эч кабар угулбайт. Эми менин суранарым тездетсең, тездетсең, тездетсең, дос!

Эми өзүм жөнүндө бир-эки ооз сөз айтайын. Үй бүлө аман-эсен, турмуш жакшы, чыгармадан болсо, үн жана оркестр үчүн концерт жазып бүтүрдүм. Эмки очередь балдар үчүн кантата жазам. Ананкысын билбейм.

Баса, сага бир заказ кылайын. Өзүң билесиң, сага экинчи романстардын циклин жазып беришиңди сурайм. Кандайча жазылышын өзүң жакшы билесиң, тематикасы болсо сүйүү, а түгүл трагедия кылсаң да болот, бу жолкусунда Хусейин Мухтаровго жазам (үнү бас). Же болбосо мындай кыл, «Жыл мезгилдери» деп ата: 1. Кыш, 2. Жаз, 3.Жай, 4. Күз. Шуберттин (немец композитору) «Зимний путь» деген вокальный цикли бар, айтор, өзүң пландаштырып көрчү. Сенин сборнигиңден байкап көрдүм, көп айкалыштыра албадым. Атайын жазганга жетпейт да. Эгер мүмкүнчүлүгүң болсо, өтө тездик менен салып жиберсең мен сага чоң ыраазы болот элем. А-а, баса үй алдым, кенен-кесир болуп жакшы болуп калды, үч комната. Адресим: Фрунзе-73, 6-микрорайон, дом №22 кв. 93.

Ысык саламым менен ден соолукта болушуңду жана чоң чыгармаларды жаратышыңды каалап Сатылган. 12-апрель, 1971-жыл».

Жолон Мамытовдун архивинде жазылганын улантып окуйлу.

**«Мен Москвада окуп жүргөндө опера үчүн вариант да жазып бергенмин. Ошондо Маданият министрлигинде иштеген А. Куттубаев аксакал (ыйманы жолдош болсун ылайым): «Жаш балдарга тарыхтын не кереги» – деп, биздин бул ишке көңүлдөнгөн эмес. Балким, биз өзүбүз да даяр эместир элек... Бирок Сатылган ошондо эле операнын айрым музыкалык темаларын иштеп, пианинодо ойноп калаар эле. 1970–80-жылдар аралыгында менин сөздөрүмө ондон ашык романстар, ырлар, хор жазды. Өзгөчө «Сенден алыста» деген романстар цикли Салима Бекмуратованын аткаруусунда ушунчалык музыкалык адептин, маданияттын белгиси катары сезимибизге кирди. Дарика Жалгасынова ырдап жүргөн «Жалгыз чынар», «Апам», «Сен» сыяктуу романстар да музыканы кыйындык менен түшүнгөн мага окшогондорго чейин жетти белем.**

**1978-жылы Сатылган экөөбүз Ошко бардык. Апам тирүү эле, колунан даам таттык. Анан биздин айылдагы Коргон-Дөбө деген сепилдин урандысына чыктык. Мен бала кездеги чалдардан уккан уламышты Сакеме айтып бердим. «Сепил» поэмасынын жазылган жана оңдолгон учурларын эске салып өттүм. Сепилдин кырында басып жүрүп, «мына бул жерде хан туруп, мобул сөзүн сүйлөгөн» деп, кейипкерлердин монологдору менен речитативдерин айтып жаттым. Таң калдык, ошондо көзүбүзгө элестеген болумуш турмушка. Биз ошондо чыгармачыл адамдар катары өтө бактылуу элек...**

**Сатылган ошондон кийин «Сепилди» опера кылып жазууга чындап бел байлады. 1982-жылы мен ага либреттонун жаңы вариантын жазып бердим. Ал киришти, өтө катуу, ылдам иштеп жатты. Кээде текстти, айрым саптарды телефондон оңдоп берген учурларым болду. Жарым жылда опера жазылып бүтүп калды.**

Конкурска катыштык. Композиторлордун баасы жогору болду. Бирок жолубузга эки адам бөгөт болду (М.Д., А.С.). Бул композитор менен жазуучу экөөнө биз не жаздык, билбейм. Жаратпай салышты. Ошондо Сатылгандын күйгөнү ай. Үч күн бою үйүндө сүйлөбөй, тамак да ичпей жатып алыптыр. Жамыйла муну көпкө айтып жүрдү. Мен барып: «Саке, жакшы нерсе жерде калчу беле, опера дурус жазылды, буюрса, жаркырап бир күн коюлуп калганда баарысы унутулат. Кайгырба!» – дедим.

Ошол жолку конкурста уткан чыгармалардын баары калды да, опера жана балет театрында «Сепилди» коюу маселеси келип чыкты. Биз аябай сүйүндүк. «Таланттуу адамдардын да Кудайы бар, ал – таланты жана көркөм чындыгы» – деп көңүлүбүз жайлана түшкөнсүдү. Азыр Сатылган оркестровкалап бүттү. Опера даярдалып жатат, болгондо да Улуу Октябрь революциясынын 70 жылдыгына арналып даярдалып бүттү. Мунун өзү символикалуу. Бир замандарда бириге албай айласы куруп, ички жана сырткы душмандардан кордук тартып келген кыргыз эли улуу биримдиктин өлкөсүндө минтип өз элинин өткөнүн өзүнүн борбор шаарындагы академиялык опера жана балет театрынан көрүп жатат. Бул чыны да суктанарлык тагдыр!

Сатылган назик, чынчыл адам. Поэзияны акындардан да мыкты түшүнөт. Текстти тандай билет, көңүлчөөк. Адамгерчилик пейилинде кылдай көлөкө жок. Ишке берилгич, ак ниет. Ошону менен бирге мактаттуу, өжөр. Биздин чыгармачылык байланышыбызда мен ушуларды байкадым. Баарыбызда эле жетишпеген турмуш көп болот эмеспи. Ага ноюбайт, биз бири-бирибизге бел болуп, адабият менен искусствонун тегерегинде кеңири пикир алмаша алабыз. Турмушка, чыгармачылыкка болгон принциптерибиздин тектештиги бизди жакын адамдардан кылып салгандай болду. Мен өз досумдун талантына ишенем, эл үчүн, улут-

**тук маданият үчүн көп нерсе жасап берерине ишенем, кыргыздын ушундай жаркын уулу менен сыймыктанам. Алигүнчө наам ала элек. Жупуну гана иштеп жүрөт. Бирок анын чыгармачылыгы өзүнчө күрпүлдөгөн дайра. Ал дайранын шары менен шапатасына эчендеген эл серүүндүк алат. Мен бул пикирди өзүмдүн архивимде сакталып жүрсүн деп жаздым. Убагында жазылбай, көп нерсе эстен чыгып кете берет экен бул учкул заманда.** *(Ж. Мамытовдун үй архивинен. «Замандаштарым» циклинен. 15-август, 1987-жыл)*

Акын агынан жарылып, ыймандай сырын архивинде калтырганы либреттону операга айландыруу, аны сахналаштыруу оңой-олтоң боло койбогонун айгинелейт.

Сатылган Осмоновдун «Сепил» аттуу операсы кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрында 1987-жылдын аягында «Жаңы жылдык жарнаманын бет ачары» катарында чоң ийгилик менен коюлганын ошол кездеги коомчулук, асыресе театр адистери, сынчылар, күйөрмандары республикалык басылмаларда байма-бай жазып чыгышкан. (**Кузнецов А.** «Сепилге» баам салганда... ll Кыргызстан маданияты, 1988, 28-янв.) Хандын партиясын Республиканын эл артисти Э. Касымов, Даанышман – СССРдин эл артисти Х. Мухтаров, Ханыша – СССРдин эл артисти К. Сартбаева, кошун башчы – Э. Шамурзин жана башка ролдорду театрдын солисттери чеберчилик менен аткарышкан. Келечектеги спектаклдын ийгилиги мына ошол либреттонун деңгээлине жараша болот.

Музыка изилдөөчү **Кузнецов Андрей «Сепилге» баам салганда..»** деген макаласында операнын ар тараптан кылдат талдап, ийгилиги менен жетишкен жактарына көбүрөөк басым жасайт, 60-жылдардын орто ченииндеги улуттук ири опералык спектаклдердин *(Мукаш Абдраевдин «Олжобай менен Кишимжан»*

*операсынан кийинки)* орчундуусу, республиканын маданий турмушундагы чоң окуя деп белгилейт. Ж. Мамытовдун либреттосу композиторго бай материал берген. Мында баары бар: жогорку идеялуулук, жаркын окуялуу көрүнүштөр, чатакташуу, карасанатайлык, митайымдык, өч алуу, чыккынчылык, сүйүү, күрөш, акырында зирек акыл-ой менен жакшылыктын жеңиши... Башкача айтканда, кызыктуу, жаркын жана таасирдүү спектакль жаратууга негиздер бар. Композитор да, театр адистери-коюучулар да ушул мүмкүнчүлүктөрдү колдон келишинче толугураак пайдаланууга аракет кылышкан.

Операнын эң эле орчундуу бөлүгү – музыка. Ал абдан укулуктуу, колориттүү, терең, элестүү. Музыкалык материалдын баары автордуку. Композитор фольклор темасын колдонбойт, бирок ошентсе да, анын музыкасынан улуттук элементти даана сезсе болот. Аны обондон, ыргактан, гармониядан, материалды өнүктүрүү ыкмасынан, кала берсе оркестрлөө усулунан укса болот. Мисал катары, Даанышмандын темасын жана анын операдагы увертюрада өнүктүрүлүшөн келтирсе болот деп жазган.

Поэма-драманын сюжеттик негизи мындай: хандын жанындай көргөн ханышасынын ою бузулуп, айлакерлик менен өз мүдөөсүнө жетүүгө аракеттенет. Ал эң алды, жеткен ырайымсыз жана кекирейген кошун башчыны өзүнө имере баштайт да, анын жардамы менен күйөөсүнүн көзүн тазалоону эңсейт. Андан соң жалган жалаа жаап, ордонун акылманы, чынчыл жана айкөл кишини, Ата Журтунун тагдырына жаны күйгөн Даанышманды курутат. Хандын буйругу менен аны зынданга таштатат.

Эми ханышанын жолуна эр жүрөк, тайманбас кол башчы Туйгун баатыр жана анын сүйгөнү, хандын карындашы Ганызак (Бийке) тоскоол болушат. Алар да хандын каарына калышат. Өч алсам деп түтөп жүр-

гөн ханыша өз элинин душманы – чабуулга камданып жаткан Жунгар ханы менен кат алышып, ага сепилдин сырын ачып бермек болот. Ганызак кокусунан бул жөнүндө билип калып, ханышанын чыккынчылыгынын бетин ачат. Кызды канжар менен сайып өлтүрүп, ханыша жардамчысы Чабарман экөө качмак болушат. Драманын соңунда хан жан-жөкөрлөрү менен өлүп, кыргыздын баш кошкон, бир туунун астында бириккен уруулары душмандарды жеңип чыгышат. Соңку сөз: жакшылык жеңет, себеби элдин күчү биримдикте деген идея даңазаланат.

Окуя жүзүнө тор туткан ханышанын айланага серепчилеп, далдоо жерде Кошун башчыны күтүп турган эпизоддон башталат. Кошун башчы ханышага жөн карабайт, ага карата башкача сезим менен жашаганы мына бул сөзүнөн эле билинет:

**Кошун башчы:**
*Ханышам, күн чырайың отко салып,*
*Дегдесем көкүрөктө толот жарык.*
*Өзүңө учуп жеттим канат бүтүп,*
*Ушундай күтөөрүңдү биле салып.*

Кошун башчы бийлик орду боюнча ордодогу эл бийлегендерден, ханга эң жакын киши, анын саясатын жүргүзөт. Бекеринен ханыша буга жан тартпайт. Чыныгы арзуу сезими барбы-жокпу, же өз кызыкчылыгы үчүн кылдат иштелип чыккан айласыбы, кантсе да биринчи уккандар ишенгендей эле болуп турат.

**Ханыша:**
*Билемин мени көптөн сүйөрүңдү,*
*жылыткан ошол ышкың жүрөгүмдү.*
*Жашыруун өзүң менен*
*Жанаша өткөрүүгө*
*жактырып арнап койгом бул өмүрдү.*

*Тынчымды алат мени сансыз санаа,*
*көп болду көздүн жашы салаа, салаа.*
*Карөзгөй айла кылып*
*оюмду дабдыратты,*
*башымды тоорул калды катуу балаа...*
*(Мамытов Ж. Башат жана мухит. – Бишкек: Адабият, 1990.-131–132-бб.)*

Ханыша айткан «оюн дабдыратып, башын тооруган катуу балаа...» – акылдуу да, айлалуу да Даанышман деп эсептейт. Ал ордого тыңчы койдурган. Эртеби-кечпи кас тараптын ханы менен кат алышып жүргөнүн билип калат. Ошондуктан анын көзүн тазалоо керек деген ой тынчытпайт. Кошун башчы экөөнүн арам оюнун ачыкка чыгышы менен биринчи бөлүм бүтөт.

Туйгун баатыр баштаган кыз-жигиттердин селкинчек оюну ошол кездеги жаштардын шаан-шөкөтүнөн кабар берет. Селкинчекте ыр ырдашып, көңүл ачуу салт болгон. Автор алардын курагына мүнөздүү түс, боёк берүүгө аракет жасаган.

**Жигиттер:**
*Жаштык деген жашыл өткүн жаздагы,*
*Алтын курак азоо дагы, мас дагы.*
*Чартылдаган чагылгандай жүрөлүң,*
*Чал болгончо кылтылдаган баштары, –*
деп ырдашса,
**Кыздар:**
*Кыз кезектер кызыл өткүн, арман бул,*
*Кызуу күнгө кыяпташкан майрам бул.*
*Чал болсоңор кандай чара кылмакпыз,*
*Каалабайбыз кемпир болуп калганды.*

Айтыштын акыркы куплеттеринде кыйытылган жагымдуу тамаша жатат. Жаштардын оюн-зоогунда

бири-бирине көз артышмай, сөз айтышмай аркылуу сезимин билдирери адат. Туйгун баатырдын көңүлү түшкөн сулуудан жооп алалбай, сарсанаага батып турганы «чынжыры кусалыктын, чырмаган бүт денеми...» деген психологиялык абалынан билинет. Сүйгөнү Ганызак бийкеч салтты кармап, жооп ордуна жең учунан аземдеп сайган кол жоолугун берет. Бул көңүлү бар экенин билдиргени.

*Махабат жайса торун*
*чама жок кетээр артка.*
*Айтпайт кыз ачык жообун*
*жигитке көөнү тартса*
*бир белги берет салтта...*

Ышкы отуна түшкөн кыздан оң жооп алган Туйгун баатырдын ошондогу ички сезим-туйгусу, кубаныч-шаттыгы фольклордук сүрөттөөгө өтө жакын, негизинен, ошонун алкагында калган.

*Өзүнчө. Туйгун баатыр:*
*Чыдай көр жаш жүрөгүм*
*бактыңан жарылбагын.*
*Алооло көкүрөгүм*
*Шаттангын, жалындагын.*
*(Мамытов Ж. Башат жана мухит. – Бишкек: Адабият, 1990.-136-б.)*

Ушул эле ойду драмадагы ырчы Ныяздын оозунан чыккан саптарга да айтууга болот. Анда реалдуу чындыктан чыккан оригиналдуу ойлор учурабайт. Көбүнчө эле фольклордук даяр туюнтмалар кетет.

**Нияз ырчы:**
*Эй, Ай тийген тоонун астынан*
*Ак жоолук салып чыкпадың,*
*Акылы таза жакшынам*
*Арманым айтсам укпадың.*

*Күн тийген тоонун астынан*
*Күзүндө күлүк чаппадым.*
*Күлгөнү таза жакшынам*
*Күйөөлөп барсам таппадым.*

Поэма-драманын **экинчи бөлүмүндө** Даанышманды кермурут Чабарман жигит кантип жазгырганы алда канча ишенимдүү чыккан. Тоо артындагы бир уруу хан ишенген Даанышман кат берди, «жоо келсе, душманга чогуу салгылашабыз» дешти деп алдайт. Ханышанын тукуруусунан улам, Чабарман жигит хан менен Даанышманды кайраштырып жатпайбы. Ал шарты келип калганда арам оюн ишке ашырып калыш керек да.

*Хан:*
*Ал өжөргө үйрөтөм мен*
*хандын жолун тосууну.*
*Хандын элин бөлөк элге*
*бириктирип кошууну.*
*Бул жөнүндө кеп салганын*
*үнчүкпагам, кечиргем.*
*Азыр эле орго салбасам*
*хан атымды өчүрөм!*
*(Мамытов Ж. Башат жана мухит. – Бишкек: Адабият, 1990. -143-б.)*

Чагымчылык үчүн жаздырып алган катты Чабарман тебетейинин четине кыстарып, атайылап таштын үстүнө койгону, хан менен келаткан Кошун башчынын таап алышы – фольклордук даяр мотивдерден айтарлык даражада өзгөчөлөнбөйт. Каармандардын кыймыл-аракети бири экинчисинен алып кетпейт, баары «өз милдетин аткарып жаткандай» бир сызыктын айланасында тегеренет. Окуяга түздөн-түз жандуу катышып, активдүүлүгүн көрсөтө албайт. Кыскасы, кайталангыс индивидуалдуу сапат белгилери менен жаралган көркөм образды табыш кыйын.

Ал эми **үчүнчү бөлүмдөгү** дүрбөлөң түшкөн учур бир кыйла таасирдүү. Сепилдин ич тарабы да, айланасы да тынчсыз. Жарчылар добулбас кагып, жар чакырып, алдыда боло турган жоонун кармашынан кабар айтат. Автордун ошол ирмемди элестүү, так, кыска монолог аркылуу сүрөттөшү оңунан чыккан. Ата Журттун эртеңки тагдырына тынчсыздануу, бушаймандык, эгер жоого каршы даяр турбаса, «кибиреген бейпаян, аландаган нымтырак» (деген сыпаттоолор) аттар менен жоону чабыш кыйын, азоодой туйлаган аргымактардын такасын кагып, жоокерлерди жоо-жарагын камдоого чакырык жатат.

*Эй, калайык, кулак сал*
*хан буйругу жар кылат.*
*Алты тоонун ар жагы*
*арбын айза, арбын ат.*
*Жергебизде желуцдө*
*душман минген аргымак.*

*Кибиреген бейпаян*
*кас колуна кабылат.*
*Кумуш ордо кул сепил*
*Кун батканда жабылат.*

*Аландаган нымтырак*
*жат колуна кабылат.*
*Алтын ордо ак сепил*
*Ай чыкканда жабылат.*

Душман астанада турат. Сепилди коргош керек. Аны менен эл тагдыры чечилет. Чачыранды кыргыз урууларынын кайгысы бириге албагандыгында эле. Туйгун баатырдын ошондогу көңүлү чөгүп, эртеңки күндүн сарсанаасын ойлоп, душмандын босогодо турганына тынчы кетип тургандагы монологу драманын таасирин кыйла арттырат, маанилүү жүктү көтөрүп,

эр көкүрөк баатырлары менен элинин күчү сыналат, элинин духу сыналат деген ой айтылат.

*Ачык айт бир боорлорго азыбызды,*
*Бирок биз – ийбестикти башыбызды.*
*Бирок биз – таш жазданып каларлыкты*
*душманга тепсеткенче ташыбызды.*

*Айт баарын, жүрөк эркти сүйгөндүктү,*
*Кабылдап чабуулдарда күйгөндүктү.*
*Кастарга эркегибиз жапырт чыгып*
*Катындар жылда кара кийгендикти.*

*Айт баарын, баш кошпосок бул дүйнөдөн*
*Түбөлүк жок болорду житип, сиңип.*
*Баш кошсок алакандай Ала-Тоодо*
*Тураарын Күндүн ысык нуру тийип!*
*(Мамытов Ж. Башат жана мухит. – Бишкек: Адабият, 1990. -145–146-бб.)*

Туйгун чын жүрөгүнөн эртеңки күндүн камын жеп, Чабарманды тоо артындагы элге жиберет. Экөөнүн сүйлөшкөнүн Ганызак угуп алат. Чабармандын арам оюн Туйгун баатыр кайдан билмек? «Тоолук эли турганда, душманга орун болбойт» – деп, ак жүрөктүн бет кабын кие калган куйту арамзалыгын ичине катып жүрөт. Алдыдагы жамандыктын, карасанатайлыктын, чыккынчылыктын четин сезип калган Ганызактын оор психологиялык абалы дароо баамга урунат. Жеке интуициясынын күчтүүлүгү, көз алдына келе калган алааматтын дүбүртүнөн жанын коёрго жер таппагансыйт...

**Ганызак:**
*Баатырым издеп жүрүп таптым араң,*
*бөгөтсүз дарыядай ташты санаам...*
*Байкалбас коркунучка кирип барам...*

**Туйгун баатыр:**
*Гүл үшүйт булут басса Күндүн көзүн,*
*Күн бирок чыгат сөзсүз, жаркыйт сезим.*
*Көөдөнүңдө не дүрбөлөң асылкечим?*

Сүйүшкөндөрдүн бири-бирине болгон ысык мамилеси, сезимдери сүйлөшкөн сөздөрүнөн айкын эле сезилип жатпайбы. Ганызак кыраакылыгынан ханышага кара кийинген адамдын кат сунганын байкап калат. Кандайдыр бир жамандыкты сезет, туят. Элдин түшүнүгүндө кара ээлтен жамандыктын белгиси катары келет. Ганызак көргөнүн көргөндөй эле минтип баяндайт.

**Ганызак:**
*Ооба, ошол.*
*Көшөгөгө жашынып мен*
*Өзүн көргөм, сөзүн уккам.*
*Жунгар хандын белеги деп*
*Каухар шакек суурул чыккан.*
*Жана дагы Ханышага кат берген.*
*(Мамытов Ж. Башат жана мухит. – Бишкек: Адабият, 1990.-147-б.)*

Туйгун баатыр Даанышмандын кырк күн зынданда кармалып, акылдан адашып калганын угат. Албетте, ал андан жакшылык иш бүтөрүн күтчү, ошого ишенчү. Анын акылына, алысты көрө алган даанышмандыгынан кам саначу эмес. Бирок хан аялынын тилине кирди, чагымына ишенип, ордонун акылманын зынданда тизе бүктүрүп сыздатпадыбы... Ызасынан токтоно албай, сүйүнгөнүнөн мына муну сурап айтып жатпайбы. Маселенин чоо-жайын сөзсүз билүүгө тийиш.

*Сезимден учуп турган чагылганым,*
*от болуп жүрөгүмө жагылганым*

*Эгер сен каалабасаң ушул элдин*
*жер менен жексен болуп чабылганын,*
*жет кайра, байка кайра ханышаны.*

Демек, эки санаалаштын максаты бир. Тууган жердин тагдыры үчүн экөө тең күрөшкө аттанышты. Туйгун баатыр элин, жерин коргогон, эл ишенген кишиси болсо, анын сүйгөн жары ага тилектеш, аялдык кыраакылыгы, сезимталдыгы, акылдуулугу менен баатырга көмөктөш болгон сүйүктүү жар. Колунан келгенин эч аябайт. Баарына даяр. «Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» дегендей, бир тууган жеңесинин чыккынчылыгын сезип, тайманбай күрөшүүгө чыкты. Ханышага төрт тараптан карама-каршы турган антиподдук образ.

Поэма-драмадагы каармандардын аттары шарттуу түрдө коюлган. Алар элдик оозеки чыгармалардагы персонаждарды эске салышат. Даанышман (демек, акылдуу элдик образ), Чабарман (терс образ) менен Туйгун баатырдын баатырдыгы да окуянын өнүгүшүнөн билинбестен, мурдатан коюлган. Кошун башчынын образы кыйла деңгээлде ишеним туудурат. Митайым, арам оюн жүзү каралык менен ишке ашырып, хандын ордун ээлеп алгысы келет. Так талашууга тымызын, айлакерлик менен кылдат даярданат. Ханыша менен ошол максатта көңүлдөш болуп жүрбөйбү. Ал эми калган Нодар баатыр, Кайкы баатыр деп монологдо айтылганы болбосо, алар башкы каармандын образын ар тараптан толуктоого кудуретсиз.

Башкы каармандардын бири болгон Даанышмандын образы толук кандуу чыкпай калган. Даанышман деп айтылганына жараша ар кыл турмуштук кырдаалда акылман, билермандыгын көрсөтүүгө жарды. Элди бириктирүүгө болгон аракети жакшы. «Көп түкүрсө, көл болот» дегендей, сепилди сактап калыш үчүн бүт кыргыз уруулары баш кошуш керек болчу. Ханыша-

нын максатына тоскоол болгон үчүн атайылап жасалган тузактын торуна түшүп, зынданга камалды. Кырк күндүн ичинде акылдан азды да калды... Эрктүүлүк сапаттары бошоңдук кылдыбы? Анын зынданда отургандагы ой толгоосу, кайгы-муңдан сызылган сезиминин берилиши психологиялык ички лиризм анчалык ишеним туудурбайт. Муну анын өз монологунан эле апачык билсек болот.

*Сен дүйнө денелерден жылып өтүп,*
*ууңду бүткөн бойго таратасың,*
*а бирок ошол бойдон житкен жоксуң,*
*билемин, сен бир жайда баратасың.*
*Билемин, сен бир жайдан келүүдөсүң,*
*кайдандыр кай тарапка желүүдөсүң,*
*байкалбай ырыскымдай кемүүдөсүң.*
*(Мамытов Ж. Башат жана мухит. – Бишкек: Адабият, 1990.-148–149-бб.)*

Автордун айтайын деген ою ийине жеткире иштелбей калган. Түрдүү татаал кырдаалдарга туш келди дегени менен, ошол учурлардагы психологиялык абалдары жакшы көрүнбөйт, ичкертен тереңдетилип ачылбайт. Поэма-драмадагы өзөктүү ойдун бири – адилет менен адилетсиздиктин күрөшүн чагылдырган монологдун таасири бир кыйла ишенимдүү, жандуу. Адилетти зынданга отургузуп жазалаганы менен адилетсиздин жашоосу ишенимсиз, эртеңкиси күмөн. Бул турмуштун сабагы эмеспи.

*Хан өлүмү мында Кудай буйругуна барабар.*
*Адамдарды бар да, жок да кыла алат.*
*Бирок ошол хан ар дайым*
*бир нерсеге кыжаалат.*
*Тагдыр анын тартып кетсе хандыгын,*
*өлүм анын кесип кетет өмүрүн.*

*Ушул эки нерсе ханды ойлонтуп,*
*бул эки күчээзет анын көңүлүн.*
*(Мамытов Ж. Башат жана мухит. – Бишкек: Адабият, 1990.-149–150-бб.)*

Сепилдегилер согушка даярданып жатышты. Усталар найза, кылыч жасап, ат баккандар аттардын ээр-токум, ат жабдууларын оңдоп-түзөп, жоокерлер жоо-жарагын камдашты. Сепилди душман басып алса не кылабыз деп, хан пирлерге кайрылат. «Байыртан кыргыз журтунда багынып берүү болбогон» – дешет алар. Сепилди тегеретип, ким каерин кайтарарын даййындашып, сергек, сезгич болууга чакырашат.

Туйгун баатырды санаа басып, канткен менен байкаган чыккынчылыкты ханга айтууну туура тапты. «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» – дейт эмеспи, тайманбай ханга тике карап, ханышадан шектенерин айтты. Ушул монологдор чыгарманын ажарын ачып, бир кыйла чыйрак, ынанымдуу чыгып, образдардын сапаттык деңгээлин жогору көтөргөн.

*Урматтуу хан, ачык сөздү айтайын,*
*моюн мына, каарың келсе башымды ал.*
*Ишеничтүү бир бийкечтен шумдук уктум,*
*сак бололу, Ханышадан шегим бар!*
***Хан селтең этет.***
*Кандай шек ал?*
*Туйгун баатыр:*
*Караңгыны жамынып*
*Кара сөлөкөт кириптир үйүңө ханым.*
*Кайра дароо житиптир*
***кат, белек берип гүлүңө ханым.***
***Пейилин жатка бериптир***
***Курбалың ханым.***
*Ачпасын жатка сепилдин*
*сырларын, ханым.*
*(Мамытов Ж. Башат жана мухит. – Бишкек: Адабият, 1990.-156-б.)*

Хан таң калат. Кошун башчы кепти төгүнгө чыгарганча шашат. Ал эмес муну чыгарган «ит Ганызак» деп шылдыңдап, ханышага жан тартат. Хан экөөнүн кимисине ишенээрин билбей, өкүмдүгүнөн жазбай: «Көзүм тирүү турганда, сепил сыры менде болот бир гана» – деп каарданат. Окуя чиеленет. Окуянын логикалык ыраакты ишенимдүү чечмеленет. Ханды ой басты. Ички дүйнөсү дүрбөлөңгө түштү.

*Башым катты. Ишенгеним ким менин?*
*Ак-караны албан жылы иргедим.*
*Кантип билип, кантип алам чечмелеп*
*бул ааламды көзүндөгү ийненин?*

Арамза ишинин шыбышы ханга жеткенин ханышага Кошун башчы шыбырайт. Алдастаган ханыша бир айласын табууга жан талашат, күйөөсүнө ак экендигин, берилгендигин билдирмекке көңүлүн минтип жайгарып, түлкүдөй кууланып, экилене жагалданат.

***Ханыша:***
*Айбатың кас колуна бүлүк салсын,*
*ааламга узай берсин атак-даңкың.*
***Хан:***
*Барында баатыр журтум кайышпасмын,*
*сынбасмын турган кезде сендей алтын.*
***Ханыша:***
*Болсом дагы атым аял, бири кундун,*
*өзүңө өчпөс сүйүү нурун сундум, –*
деп эки жүздөнүп, акыйкат кепти төгүнгө чыгармакка өзү төгүн жерден жалаага калгансып, жан далбастайт.
*Кабылдап капчыгымдан жараландым,*
*айыккыс ак жеримден караландым.*
*Мени эми айың эмес, күнүң эмес*
*кайдагы Ганызакка барабармын...*
*(Мамытов Ж. Башат жана мухит. –Бишкек: Адабият, 1990.-163 -б.)*

Хан ачууланат. Бул сөз буга кайдан жетти? Ким жеткирди? Жанын жеп, аксынган ханыша минтип долуланат.

***Ханыша:***
*Агөрөк кыйгын мени колуң менен*
*Сепилде таза бойдон калсын денем!*
*Ичине кара каткан күйөө менен*
*канткенде жашайм эми?..*

Жогорудагы эпизоддон ханышанын образы алда канча ачыла түшөт. Айлакер, ар кандай амал-айлага, арамза иштерге шыктуу, өз кызыкчылыгы үчүн түрдүү жан кечтиликке даяр турганы ишенерлик даражада берилет. Элде айтылган «Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» деген макалдагыдай болуп, жалган сүйүүгө алданып, жунгар хандын байлыгына азгырылган, көр дүйнө үчүн өз элин саткан, куулук-шумдуктун кулу болгон аялдын терс, жек көрүндү образы катары поэманын жүгүн көтөрөт.

Чыгарманын кульминациясы – ханыша менен Ганызактын бетме-бет келишиндеги окуя. Экөөнүн диалогунан каармандардын кыял-мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрү кылдат байкалат. Кимдин ким экени таасын ачылат. «...Ханыша «селт» артын карап, каалганын четинен бийкечтин үкү топусун көрөт. Учуп жетип билегинен сүйрөп кирет.

*Көрдүңбү? Баарын угуп турдуңбу?*

**Ганызак:**
*Эмнени ханышам*
*эч нерсе уккан жокмун.*

**Ханыша:**
*Жеңинин учунан канжар суурул*
*Айт чыныңды арам күң,*

*аман калгың келсе*
*Менин артымдан аңдыттырып койгон ким?*
*Туйгун шермендеби? Айт, айт!*

**Ганызак:**
*Боюн түзөп,*
*Энеси эмес белең ушул элдин*
*эмнеге жүрөгүңдү жатка бердиң?*
*Ур, мына жап жаш күлгүн көкүрөгүм*
*үчүнан канжар суурул чыксаң жеңдиң!*

**Ханыша:**
*Эй, бейбак өзүң ким да, сөзүң ким,*
*кай себеп карайлашың шимшип мында?*

**Ганызак:**
*Күнөөнү өз башыңа үйүп туруп*
*сен мени күнөөлүүдөй сурак кылба!*

**Ханыша:**
*Бул заманда бейбакка да доо кеткен!*

**Ганызак:**
*Ханышасы арамдыкка жөө кеткен!*

**Ханыша:**
*Токтот!*
*Канымды кызытпа.*
*Сендей секелекти бир бурдап коёорумду билбейсиңби?*
*Ханыша бийкечти канжар менен сайып өлтүрүп, ары сүйрөп таштайт.*

*(Мамытов Ж. Башат жана мухит. – Бишкек: Адабият, 1990.-165–167-бб.)*

Ганызактын өлүмү кадимки эпикалык өлүмдү эске салат. Өз элин саткан чыккынчынын эки жүздүүлүгүн ашкерелеп, өзүнүн адамдык бийик парзын даңазалоо ар кимдин эле колунан келбейт. Автор ак жүрөк, сат-

кынчы менен келише албас, элинин ар-намысы, күнкорсуздугу жана эркиндиги үчүн өмүрүн кыйдырууга жалтанбай барган эр көкүрөк кыздын образын түзгөн. Анткени эли-жери үчүн жанын берүү сыймык катары эсептешкендиги кичине эпикалык чыгармалардан баштап, «Манас» эпосуна чейин даңазалангандыгы белгилүү. Алмустактан бери жакшылык менен жамандык, өмүр менен өлүм катары жашап, ак менен кара тынымсыз күрөшүп келаткандыгы – жашоо мыйзамы. Чындыкка жетүү оңой эмес, ал ар кандай курмандыкты талап этери белгилүү.

Жолон Мамытов бул поэма-драмасын биринчи ирет жазганына карабастан, бир топ ийгиликке жетишкенин, ошондой эле айрым мүчүлүштүктөр кетиргенин жогорудагы талдоо аркылуу белгилөөгө аракеттендик. Кантсе да акындын эпикалык жанрда жасаган алгачкы дебюту, биринчи кадамы, баштапкы аракети бекер кетпептир.

Поэманын идеялык мааниси чоң. Ал аркылуу өткөн доордо кыргыз элинин башынан кечирген коогалуу, кан жыттанган доорлорду көз алдыга келтиребиз. Эли-жерин көздүн карегиндей сактап, душмандын бутун бастырбоо үчүн өлүмгө башын байлап, күлгүн өмүрүн арнап келгенин, «Эр жигит жоо бетинде, эр жигит Мекен чегинде» дегендей, жигиттерден кем калышпаган Кыз Сайкал, Жаңыл мырза, Уркуя Салиевадай кыздарыбыздын эрдиги элдин эсинен чыкпайт. Элдин биримсиздиги, чачыранды, бөлүнүп-жарылгандыгы эч убакта жакшылыкка алып келбесин, душманга оңой олжого турарын «Чептен эрдин күчү бек» деген накыл кептин философиялык маанисине дагы бир жолу ынандык. Азыр да «Сепилдин» ханышасындай элдин тынчтыгын бузган, анткор, элдин материалдык байлыгын талап-тоноп, жердин кең байлыктарына суук колун салган шылуундарга, чет элге сатып кетүүгө ниет кылгандарга сабак болот деп ойлойбуз.

# ОН ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

## Поэзия айылы сагынтып туруп алды...

Ош облустук телерадиокомитетинде иштеп турганда, Жолон өзүнүн айлана-тегерегиндеги акын-жазуучулардын чөйрөсүнө анчалык алымсынбай, достору менен жолугушканда же чыгармачыл кечелерден кийин «адабияттын кайнаган жерине барыш керек» деген сөздү көп айтаар эле. Эмнегедир борбордогу аты чыккан чоң акын-жазуучулардын чөйрөсү, анда өткөрүлгөн адабий кечелер, басма сөз беттериндеги адабий маселелерге арналган талкуулар, адабий кеңешмелер акынды көп эңсетти. Акын-жазуучулар Ошко келип-кетип турган кезде таанышып, ара-чолодо сүйлөшүп турганына карабай, Жолондун борборго баруу жөнүндөгү ою жанына тынчтык бербейт.

Жакын досу, жазуучу, сценарист Эркин Борбиев Кыргызстан киночулар союзунда жооптуу катчы болуп иштеп жүргөндө, Жолон КП БКда жооптуу кызматка чакырылат. А кезде чыгармачылыктан бактысы ачылып турган улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов Кыргызстан киночулар союзунун төрагасы болчу. Ордуна жакшы иштеген, ишенимдүү адамды таап берсең деген жазуучунун сөзүнөн кийин Э. Борбиев биринчи ырлар жыйнагынан кийин аты чыгып, оозго алынып калган акын Жолонду сунуштайт. Ошентип, Жолон үй-бүлөсү менен 1974-жылы борборго көчүп келишет.

Ригалык акын жана журналист **Л. Ковалдын** орус тилинде Ош областтык «Ленинский путь» деген газетага Кыргыз ССРинин Компартиясынын жана республиканын 50 жылдыгына карата «Журналисттин блокнотунан» деген рубрика менен «Две встречи. Аксакал Анарбай...и Чингиз Айтматов» аттуу («Ленинский путь» гезити, 1973-жылдын 5-декабрында) макаласы жарыкка чыгат. Автор Кыргызстанга журналисттик иш сапары менен келип, күнөстүү түштүк жергесине барганын, Ош облусундагы бир катар райондордо болгонун жазган. Кыргызстандан жаңы эле Мекенине кайтып келсе, атактуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов Латвияда чыгармачылык сапарда жүргөн болот. Журналист жазуучу менен латвиялык окурмандардын жолугушуусунда кездешип, экөө аңгемелешет.

«Биздин маегибиз интервью эле эмес, өтө кызыктуу жана унутулгус аңгемелешүү болду. Биз адабият жана андагы жазуучунун вазыйпасы, кыргыз эли менен латыш элинин адабий байланышы, эки элдин салт-санаасы, өткөн тарыхы, азыркы жетишкендиги жөнүндө ой бөлүштүк. Ч. Айтматов ошол кезде биздин республиканын борборунда өтүп жаткан улуттук жана салттык ыр майрамынын күбөсү болду. Мен залкар жазуучуга Кыргызстанда болгонуму, командировкада көргөн-билгендеримди, алган таасирлерим жөнүндө толкунданып айттым. Анын көздөрү күлмүңдөп, жүзүнөн кубанычтын нуру чачырап: «Ошто болсоңуз, Жолон Мамытов деген жаш акын менен жолугушпадыңызбы? Ал таланттуу жана келечегинен көптү үмүттөндүргөн акын!» – деди. Мен болсо учурашмак түгүл, Жолон экөөбүз достошконго үлгүргөнүбүздү, анын ырларын ырдап укканымды айтып бердим.

Жолон Мамытов ага чейин Чыңгыз Айтматов менен жолугушуп, жазуучунун сын көз карашын билүү максатында «Мезгилдин элеси» деген поэмасын жиберет. Эки-үч айдан кийин залкар жазуучудан жооп келет.

Тагдыр акынга атактуу жазуучу менен бирге иштешүү шыбагасын буюрат. Жолондун бүлөсү Оштогу «Бакыт үйүнүн» үстүндөгү үч бөлмөлүү батирин Фрунзедеги эски типтеги хрущевкага алмаштырууга аргасыз болот. Өмүрлүк жары Меңди Мамазаирова «Мугалимдер газетасына» кабарчы болуп ишке орношот. Төрт баласы менен бөлмөлөрү тар, бийик дубалы сырдала берип боёк албай калган үйдө күн кечиришет. Балдары борборго анчалык көнө албай айылды сагынып жүрүп, кайра тез эле жаңы мектепте, жаңы чөйрөдөгү достору менен тил таап кетишет. Акындын жаңы жазган ырлары борбордук басылмаларга байма-бай чыгып турду. Ал жаңы ишине тыкан, бүйрө, өтө жоопкерчилик менен мамиле жасады. Колу бошой калганда чыгармачылыкка баш-оту менен киришип, мыкты чыгармаларын жаратат.

Күндөрдүн биринде Чыңгыз Айтматов акын жашаган эски типтеги үйгө келип, анын жашоо-шартын өз көзү менен көрүп кеткенден кийин, көп узабай борбор калаадагы «Миң түркүн» дүкөнүнүн үстүндөгү көп кабаттуу турак үйдөн үч бөлмөлүү батир алууга түздөн-түз жардамдашат. Жаңы алган үч бөлмөлүү батир аларга аябагандай кең, жарык, күн нуруна бетме-бет тургандай сезилди. Ушул акжолтой, кенен, меймандос үй чыгармачыл жубайлардын жакшы чыгармаларынын жаралышына себепкер болгон. Жолон уктоочу бөлмөсүндө баш көтөрбөй иштеп жатканда, жубайы балдарын акырын ашканасына жетелеп кирип, тамактандарып, сабагын текшерип, ызы-чуу түшкөнүнө жол берчү эмес, «атаңар иштеп жатат» десе балдары бутунун учу менен басып, катуу добуш чыгарбаганга, чуру-чуу түшпөгөнгө, бирдемени талашпаганга аракеттенишет эле.

Үйдөн мейман үзүлчү эмес. Ошол кезде жаамы журтка аты чыгып калган таланттуу акын-жазуучулар, акындын жакын достору: Турар Кожомбердиев,

Сүйөркул Тургунбаев, Курбаналы Сабыров, Орозбай Көчкөновдор тез-тез келип турушат эле.

Салабаттуу боюна кийген костюм-шымы куюп койгондой жарашкан, мээримдүү көзү, кара тору жүзүнөн алпейимдиги, адамгерчилиги сезилип турган Турар: «Кечке басып узун буттун азабын тарттым» – деп, келери менен диванга узунунан түшүп жатып калчу. Диван оор салмактан кычырап-качырай түшүп, онтогондой бир саамдан кийин үнү басылат. Мени келген меймандарды тейлөө менен алек. Ашканада күйпөлөктөп, канча саат болсо да кабагым-кашым дебей үйдө болгон азыктан түрдөп тамак жасап берет. Достору эч качан тамак тандашчу эмес, палоо жасап берсе деле, картошка, макарон кууруп, же көк шорпо кайнатса деле иче беришет. Тамактанып алышып, сен кандай ыр жаздың, мен мындай жаздым деп, жаңы жазган чыгармаларын окуганга ашыгышат. Алар өздөрүн өтө эркин сезишкен, бири-бирине кылдай кара ойлору жок экени чын дилден чыккан мамилесинен кашкайып сезилип турчу. Алар ыр окуп жатканда көз алдыга театр элестеп кетет эле, бири тура калып,экинчиси ордунда чалкалап отуруп, дагы бири терезеге келип жестикуляциясын кубултуп, ырларын окушат. Кээде үйгө келген бирөө-жарым болсо, же туугандардын студент балдарынын бирин «Каберное» виносун алып келүүгө дүкөнгө чуркатышат. Черлери жазылып, винону аз-аздан татып коюп, үйдү башына кийип алчудай шаңдуу, майрамдагыдай кечелер көпкө созула турган. Өздөрүнүн окуганына алымсынбагандай: «Сенин дикцияң уккулуктуу, ал гана эмес, ырдын кан-тамырын кармап тургандай, үтүр-чекитине чейин сездире тынымды туура коёсуң. Андан калса үнүң да жагымдуу»,– дешип, Жолонго окутушат. Ушундай отуруштарда акындардын ырлары талданып, анализденип, айрым саптары жамааттык редакциялоодон өткөндөн кийин гезит-журналдарга, күндөлүк басылмаларга беришчү.

Күндөрдүн биринде Меңди эже кайниси Кубаныч, жердеш иниси Сүйүнбай Капаров менен чүчпара түйүп жатышса топурашып, дайыма келчү достору кирип келишти. Жолон ишембиликке кетип, үйгө келе элек. Келинчеги досторун тосуп алып, дасторкон жайганга камданып жатканда үйдүн ээси да келип калды. Акын меймандарын көрүп, жаш баладай кубанып кетти:

– Оо, жоролор, келдиңерби! Саламатсыңарбы достор, жакшы болбодубу келгениңер. Мен бүгүн «Мергенчи» деген ырды жазайын деп күүлөнүп турам. Ыр саптары денеме батпай калды! – деп, толкунданганын жашырган жок.

– Анда жазып чык тиги бөлмөңө кирип, – Турар Кожомбердиев Жолонго иштей турган бөлмөсүн көзү менен көрсөтүп, кайра сурап калды:

– Денеңе батпай жаткан ал кандай мергенчи экен?

– Мындай эмесе! Ишембиликте колумдагы тырмооч менен жерди тырмалап тазалап жаткам. Кайра-кайра тырмап кыртышты оодарып жатам, жалбырактарды бир тарапка чогултуп койдум. Бир учурда уйдун жампасы чыкты, уйдуку экен дедим. Кийин койдуку жылкыныкы, эчкиники, анан иттики...Анан мени ой басты. Эгер күчтүү, көздүү мергенчи болгондо, текенин тезегине карап эле канча жашта, кайда жайлайт, үйүрүнө камкорбу, сезимталдыгы кандай, күчтүүбү же жалкообу бардыгын билип коймок. Мергенчинин мыктылыгы: жаратылыштагы жаныбар дүйнөсүн рентгендей эле көрүп турат да. Ушул ой «кылт» этип, мээме кирип алып, «Мергенчини» жазгын деп жатпайбы.

– Жакшы, өтө кызык жана терең мазмундуу ой экен. Жолон го тезектерди билет. Шаардык балдар билбей жатышпайбы, – дешти беркилер. Анан досторунун бири айтып калды: «Керек болсо өздөрүнүкүн да билбей калышты, азыркы ажатканалардын жабык чычтымканасына олтуруп алышып!..» – деп. Ойдо жок жерден айтылган тамашага баары каткырып күлүп ка-

лышты. Достору тынбай келе беришет, бири болбосо бири келип, ырларын окуп, чери жазыла сүйлөшөт, аларды бириктирген максат: улуттук поэзиянын сепилин чогуу куруу жөнүндөгү аруу тилектери баш коштурганын элес албагансып....

Кээ бирде Жолондор үйгө өтө урматтуу, азиз конокторду чакырышат. Андайда бир-эки күн мурда даярдык башталат. Меңди буту-бутуна тийбей басып эмес, учуп жүргөнсүп сезилет. Ашканадагы даярдалып жаткан тамактардын, салаттардын түрүнө, айрыкча колдо жасалып, колдо кесилген бешбармакка маани берилет. Кыргыз адабиятынын гана эмес, дүйнөлүк адабиятта шедеврлерди жараткан тирүү классиктерди көрүүнүн өзү бакыт эмеспи! Адабияттын дөө-шаалары менен дасторкон үстүндө чай ичип, көзмө-көз оозунан сөз угуп асиреттешүү чанда кезиккен оомат да. Баарына эле ушундай тагдыр буйруппу? Чыңгыз Айтматов, Төлөгөн Касымбеков, Түгөлбай Сыдыкбековдордун астана аттап, үйгө киришин Жолон менен Меңди кут киргендей жогору баалашат, өзгөчө урмат-сый менен кадырлашат. Үчөө тең кем сөз болгону менен, алар айткан ойдун омоктуусун дароо аш кыла албай, чайнала түшөсүң...

Сыйлуу коноктор чогуу отурганда эмнегедир эч качан саясат, өлкөнүн саясий турмушу, саясаттагы кишилер жөнүндө сөз кылышчу эмес. Кыргыздын тарыхы, тарыхтын ачылбай жаткан барактары, дүйнөлүк сөз чеберлеринин тагдыры, кайсы бир таң калыштуу окуясы жөнүндө узун жана кызыктуу маектер уланаар эле. Ушунчалык аурасы таза жана кадыр-баркы бийик кишилердин келгендеги кербези жагымдуу, суктанаарлык болчу. Ал кишилердин олтурганы, сөз тыңшаганы, жооп айтканы, эгер маек жагып калса, жүзүнөн жылт эте байкалган эмоциясы, алтургай кантип тамактанганы, илме кашыктарды (вилка) этият кармап, өздөрүн сыпаа жана токпейил кармаганы да сыйлоого аргасыз кылат эле.

Ал эми достору менен отурушканда мындай сыпайы пауза, мындай илбереңки этияттык эмес, идиш-аякты калдыратып-шулдуратып, чайды өздөрү куюп, өздөрүн өздөрү тейлеп, бака-шака түшүп, күжүлдөп бак-бак сүйлөп, үндүн тонун көтөргөнү көтөрүп, пасайтканы пасайтып, айрым сөздөрдү кагазга ороп, сүйлөгөндө шыбырашып, Жолондун үйүндө өздөрүн эркин куштай беймарал сезишчү. Жакын достордун ушул отурушу, ушул тилектештиги, ушул боор батырышуусу, ушул асиреттешүүсү алар үчүн жыргалдын жыргалындай эле. Акындар борозун каңтара айдап, эрте жазда себилген үрөндүн түшүмү кандай болот деген дыйкандай, жаңы жазылган жана жазыла турган ырлардын, прозалык чыгармалардын түйшүгүн тартып жүрүштү.

1975-жылы Жолон Мамытов КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынат. Ошол кездеги партиялык саясаттын талабына ылайык, биринчи ырлар жыйнагы жарыкка чыга электе СССР Жазуучулар союзуна мүчөлүккө кабыл алынган, жарык жана жагымдуу ырлары менен эл оозуна алына баштаган акындын партиянын алдыңкы катарында болушу мыйзамченемдүү көрүнүш болчу. 1976-жылдан 1980-жылга чейин Кыргыз ССР Министрлер Советинин Киночулар союзу боюнча мамлекеттик комитетинде башкы редактор болуп иштейт. Так ошол жылдарда улуттук Киночулар союзунда Төлөмүш Океевдин «Айсулуунун талаасы», «Каныбек», «Качачылык», «Улан», «Алтын күз» ж.б; Ж. Соодонбектин «Квартет», «Аманат», «Процесс» жана Болот Шамшиевдин «Эрте жазда келген турналар», «Жазгы каникулдар» жана башка бир катар мыкты-мыкты көркөм кинотасмалар тартылганы элдин эсинде.

Ж. Мамытов кыргыз адабияты, искусствосу жана маданиятынын өсүп-өнүгүшүнө өзүнчө бир доорду, өзүнчө бир этапты кийирген, улуттук адабияттын кыртышында Батыш Европадагыдай «Кайра жаралуу» (Ренессанс) доорунун жаралышына, өнүгүшүнө жана

оожалышына түрткү берген уникалдуу феномен Чыңгыз Айтматовго арнап, «Өлбөстүк жолунда» деген он куплеттен, эки бөлүктөн турган салттуу, верлибр, аралаш формасында ыр жазган. Ары жак, бери жагы беш-алты жылдын аралыгында чогуу иштеген кесиптеши, замандашы катары улуу жазуучунун жанында жүргөн, турмуштагы пендечилигине күбө болгон киши катары ар кандай кырдаалдагы мүнөзүн, пейилин жакшы билеринде шек жок. Улуу калемгерге аталган Жолондун бул ыры башка акындардын арноо ырларынан кескин айырмаланат. Анда түздөн-түз улуу жазуучуга симпатиясын билдирген суктануу, таң калуу, тамшануу, көкөлөтүү, кулакка жат болуп бүткөн салыштыруулар, метафора, эпитет, аныктамалар, кыскасы, көркөм туюндурмалар дээрлик жок эсе. Келиңиз, ырды окуйлу.

*О, Чоң турмуш,*
*сырдуу, сулуу окшодуң*
*Сурайылдай сестендирген адамды.*
*Көзүңдөгү көрүнбөгөн окторуң*
*жүрөгүмө жебе сыңар кадалды!*

*Кайдан-жайдан тиктей койдум сени жалт?*
*Аягымды шилтей албай калдым да*
*(эр көкүрөк берендигим эми калп)*
*бир бечара болуп турдум алдыңда.*

*Ох-хоо, сенин кармашыңа кабылган*
*таш болсо да жешилмек же эримек.*
*Боштук сымал бетмаңдайдан жаңырган*
*Карп-күрп келе жаттың берилеп.*

Дегеле адам пендеси айрыкча чыгармачыл адамдардын жан дүйнөсү жашоонун өйдө-ылдыйында, жакшылык-жаманында, ак-каранын күрөшүндө чыйралып, кубаттанып, жаңырып отурат. Турмушта дайыма теңтайлашып, дайыма карама-каршылыктан тажабаган

жеңиш менен жеңилүүдөн сабак алат. Алар рух менен духтун кармашын, абийир соту менен ыймандын бүтпөс күрөшүн ырдап даңазалашканы менен, өздөрү ошондой курч кырдаалда жаратман катары кантээр экен? Адабият айдыңында марага түшкөн күлүктөрдөй арышын керген сайын төрт туягы ай чапчыган асыл аргымак сымал өз муунундагы жазуучулардан айырмаланып, Айтматовдун жарк этип бөлүнүп чыгышында мандем барбы? Ал башкалардай эле кыргыздын турмушун, айрыкча адамзаттын башына түшкөн дүйнөлүк апааттын запкысын, согуш менен тынчтыктын элдешкис карама-каршылыгын, сүйүүнү, туулган жерди, андагы өзү көргөн-билген адамдардын тагдырын жазды. Жазганда кара сөздүн көркүн чыгарып, ажарын ачып, маңыздуу, окуган сайын окугуңду келтирген, ой дүйнөңдү байыткан мезгил, жашоо, өмүр, өлүм, тагдыр, адам деген түбөлүктүү категориялардын тирүүлүктөгү түпкүлүктүү нарк-насилин, кадыр-баркын, салмагын таразалап, ташка тамга баскандай таасын тааныды. Проза жанрынын дүйнөсү мурда-соң болуп көрбөгөндөй жаңы алкактарын, жаңы бийиктиктерин, жаңы каарман менен жаңырган образдар галереясын ааламга тааныды. Акын ырында:

**«Жүргөн тура толгоо тартып кыйналып,**
**мени жаңы тууп салды ушул күн!»** –

айткандай бардык чыгармаларынын борбордук өзөгүн түзүп, адам баласынын эмгеги, акылы, күчү, дареметти, күрөшү, максаты, акыл парасаттуулугу менен даанышмандыгы теңдешсиз экенин жар салды.

Сергек акыл менен маңыздуу ойдун көрүнүктүү кемеңгеринин жеке турмушу, жашоо ибараты сыдыргыга салгандай тегиз, жылма, түз сызык сымал даңгыр жолдо жыргалдуу турмуш кечирдиби? Атасы Төрөкулдун «эл душманы» деп репрессияга кабылган каргашалуу учуру, адилетсиз бийликтин каарынан какшаган жылдардын заары болочок жазуучунун жаш жүрөгүнө кара так калтырганы кандай арман, кандай муң!..

Турмуштун запкысынан, каарынан, кордугунан мертингендер канча? Ордунан тура албай сынгандар, баш көтөрө албай тагдырдын соккусунан жарым жан болгондор нечен? Бул улуу турмуш, бул оопасыз турмуш...Улуу инсандын тагдырын кайталоонун кажети жок экенин моюнга алып, кыргыздын бактысына жаралган таланттын эмгеги алгачкы кадамынан баштап, өлбөстүктүн жолуна чыйыр салганы, ошол чыйырды даңазалуу чоң жолго чыгарып, Айтматовдун кебелбес, урагыс Хан-Теңирдей чокусун жаратканга чейинки ооматтуу, жылдыздуу өмүрү кылымдан кылымга алтын тамгалар менен жазылып калары айныгыс чындык.

*Сөз баягы, көрчү,*
*кандай салмактуу!*
*Кыйрын чалам*
*кудуреттүү өнөрдүн*
*мен куйруктуу жылдыз болуп кайыган.*
*Бул жарыкка*
*кайта жаңы төрөлдүм*
*Сурайылдай бир максаттын айынан!*
*Кайта жаңы төрөлдүм*
*Сурайылдай бир максаттын айынан!*

Жолон Мамытов Киночулар союзунда иштеп жүргөндө ишинин көптүгүнөн, оордугунан эмес, жүрөгүнүн түпкүрүндөгү өчпөс каалоодон адабият деген өз айылына биротоло кетүүнү көздөп, иштен бошонуу жөнүндө Чыңгыз Айтматовдон уруксат сурайт. Чыгармачыл инсан эмеспи, чыгармачылыктын ышкысы кандай болорун түшүнгөн үчүн канчалык кыйылганына, кетиргиси келбегенине карабай, араң макул болот.

1980–1984-жылдары Ж. Мамытов «Кыргызстан маданияты» жумалыгында поэзия бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалат. Акын адабият деген айылдын тартылуу күчү ушунчалык күчтүү экенин, адабияттын поэзия деген аралынын кадыры канчалык көздөн

учуп, карегине байланып калганын сезет. Чыгармачылыкка жан дүйнөсүн арнап, ыр дүйнөсүндө жоготконун таба албай жүргөн кишидей кадалып эмгектенет. Акын жүрөгүнө тынчтык бербеген ойду, көңүлүн кытыгылаган сапты, тизмекти ээрчип отуруп-турганда, басып бараткамда же сейилдеп жүргөндө да тынымсыз Сөз издей берди...

*Адымдайт турмуш өзгөрөт.*
*Сөз жөнү, бирок өзгөрөөк.*
*От керек мисал Сөз керек,*
*Аба, суу мисал Сөз керек,*
*Нан керек мисал, Сөз керек.*
*Турбаса сөздө тушунук*
*Канткенде жүрөк, көз көрөт?*

Жолондун бир тууган агасы **Кудайберди Мамытов** мындай деп эскерди: «Чыгармачылыгынын аркасы менен Индия мамлекетине сапарга барарын угуп, Фрунзеге атайын жолукканы үйүнө бардым. Эмнегедир жүзүндө бирдемеге кыжаалатчылыкпы, же сарсанаабы, айтор, түпөйүл бир нерсени туйгандай сурадым.

– Э-э, Жолон, эч жериң оорубайбы?

– Кандын анализдери жакшы эмес экен. Тезирээк жатып дарыланышыңыз керек экен дешти врачтар... Бир саамга ойлонуп туруп калды да, башын бийик кармап, өзүн өзү жубаткандай:

– СССРден үчөөбүз эле кетип жатсак, өмүрүмдө биринчи жолу чет өлкөгө чыгышым болсо, кантип барбай коём? Мамлекеттик деңгээлдеги жолугушууга бараттпайбызбы. Келгенден кийин деле дарылансам болот,– деди кайраттуулугуна салып. Жолонду көндүрө албасымды, айтканынан кайтпастыгын билип, эч нерсе дей албадым. Мени жүк баскандай, келгенге чейин санаам тынчыбай койду. Индияда эки жума жүрүп, ушунчалык эргип, толкунданып, көңүлдүү кайтып келген эле».

# ОН СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ

## Оозун ачса жүрөгү көрүнгөндөй, пейили талаадай кең, жоомарт досум эле

Илимий ишимдин түйшүгүн тартып жүрүп, акындын үй архивинде иштеп жаткан күндөрдүн биринде, 1995-жылдын 30-апрелинде Меңди эже мени Казакстандын Кыргызстандагы толук жана ыйгарым укуктуу элчиси, Казак Республикасы менен Кыргыз Республикасынын эл акыны, Казакстандын эл жазуучусу, ошол кезде атагы таш жарып турган акын, жазуучу, драматург, көрүнүктүү коомдук ишмер Мухтар Шахановдун үйүнө алып барды.

Бишкектин көчөлөрүндө беш көкүл жаздын керимсел жели ойноп, тоо тараптан жер көпкөндөгү кыртыштын жыты аңкыйт. Жазды сагынган жаратылыш эреркеген секелектей чечинип, сергип, көктөмдө бүр байлай турган жаңы көйнөгүнө ашыккан түрү бар. Майсаң чөптүн көзү бөйтөйгөн бүчүрү менен эми эле желекчесин ачып келаткан гүлдүн түркүн түмөн исине элжиреген абанын тунуктугу, тазалыгы көңүлдү сергитип турду. Куштардын күнөстөгөн тобу шактан шакка секирип, чурулдап сайраган мукамдуу авазы делебе козгойт. Көгүлтүр асман багы ачылган жигиттей кучагын кере жайып таштап, бактысына магдырап тургандагы кербезине көз тойбойт.

Мухтар Шаханов менен сыртынан ары илберенки, ары жылдыздуу өмүрлүк жары Канышай эже бизди кучак жайып тосуп алышты. Чай ичип, мейман каадасына ылайык тамактанып бүткөн соң, Мухтар агай каякка бaратканыбызды деле айтпай бизди кызматтык машинесине отургузду да, жолдо баратып айтып калды:

– Жолондун ырларынан ырдайлычы?..

– Кайсы ырын?

– Популярдуу ырын – «Издейм сенини»...

Баарыбыз ырга кошулдук. Алдыңкы орунда ырдап бараткан Мухтар агайдын шатыра-шатман, шашкалак үнүнөн досуна болгон купуя сагынычы менен кусалыктын илеби сезилип, үч аялдын үнүн басып кетти. Моссоветтен өтүп баратканда машинасын токтотту да, төрт көчөнүн кесилишинде гүл сатып отурган улгайган орус аялдын жанына барып, эки-үч букет алды. Кайра артына кайрылып барып, гүл идиште турган бир кучак гүлдүн баарын сатып алды. Ар кимибизге эки-үч боодой гүлдөрдү тутамдап карматып койду. Короодо өстүрүлгөн чымкый кызыл, ак, сары, кызгылт түстүү кулпурган гүлдөрдүн буркураган жыты машиненин ичине толуп, Меңди эженин жүзү албырып, сулуу каректери жайнап, ырды кемелине келиштирип ырдап баратты.

Ала-Арча көрүстөнүнө келдик. Мен ал көрүстөндү биринчи жолу көрүшүм. Кыргызстандагы бирден бир Ата Мекенине ак кызмат өтөгөн атактуу адамдардын сөөгү коюлган ыйык жер. Адам пендеси баарын ойлойт, баарын пландаштырат, бул – табияттан берилген мыйзам. Эч ким ушул жерге ашыгып келүүнү каалабаса да, кайсыдыр бир учурда, кайсы бир жылдардын бир жылында өлүмдүн ак экенине моюн сундурган акыркы сапар ушул жерге алып келерин билет. Атакдаңк, сыйлык, кызмат деген ташпиштин артында ушу жерге алып келүүчү жолдун учу жатат. Аны көзүнүн тирүүсүндө канчалык танбасын, канчалык моюнга алгысы келбесин, «атактуулардын сөөгү да ардакталуу-

га тийиш» деген жазылбаган мыйзам эсептештиртет. Адам баласынын табиятында өлбөстүккө умтулуу сезими күчтүү болорун, артымда из калсын деген изги кыял-тилекти ар бири өмүр көчүндө тартып жашарын кеч туйдум.

Жаздын толуп турган мезгили болгондуктан айлана жапжашыл, көктөмдүн бешенеси тердеп турган учур. Чөп баскан, чым баскан катар-катар коюлган мүрзөлөрдөгү таштардан тааныш-бейтааныш ысымдарга көз жүгүртүп, түтөгөн, буулугуп ыйлагыңды келтирген кайгылуу сезимден бошоно албай бараттым... Унутта калган бул ааламды, арбактар жаткан мүрзөнү ушунчалык тынчтык менен жымжырттык бийлеп, бир ооз үлп эткен желге чөптүн башы кыймылдаса да байкалат. Мухтар агай досунун эстелигине көпкө тигилип туруп, кол менен сүрөтүн жумшак сыйпап, ичинен эзилип турганын байкатпагансыды. Жолон Мамытовдун мүрзөсүнө гүл койдук. Мухтар агай досуна атап куран түшүрдү. Улуу манасчы Саякбай Каралаевдин мүрзөсүнө келип, андан кийин Чыңгыз Айтматовдун ата-энесине атап элчинин уулу Жоомарт куран окуду.

Эмнегедир менин эсиме акындын архивиндеги төмөнкүдөй саптар келе берип, ушул ыры кийинки үч томдугуна киргенби же кирбей калганбы, айтор, билбейм.... кулагыма жаңырып туруп алды. Кайсы мезгилде, кандай ойдо жазылса да, акындын жан дүйнөсүн жарып чыккан саптар...

*Мен достордон кетем көпкө*
*дайынымды билгизбей.*
*Аралашпай сөзгө-кепке*
*ордугум тийгизбей.*

*Тажап кеттим дуулдаган,*
*тамашадан, үлпөттөн.*
*Мага сүйкүм шуулдаган*
*шамал же жел үлп эткен.*

***Жаштык духун бойго катып***
***обочодо күн көрөм.***
***Түбү жоктой ойго батып***
***Тиктеп турмуш түрмөмөн.***

*Максат эмес майдаланып*
*бул жарыктан жоголуу.*
*Улам жаңы кайталанып*
*Иргелбесек болобу?*

Бул ырлардын жылы, айы, күнү да белгисиз. Архивинен таап окугам. Акын өзүнүн оорусунун диагнозун жакшы билген, бирок ага кейип-кепчибептир. Балким, кыжаалат болуп, сарсанаа тартса тарткандыр? Ким кейибейт? Ким азаптанбайт дейсиң? Бирок дартынын айласын табууга жан үрөп, врачтан врачты издеп, ал жак, бул жакка урунган эмес. Анын ошол кездеги жүрөк кагышынан сөгүлүп чыккан мына мындай сырдана саптары айгинелейт.Ал дартын жеңерине өзүнө ишенген... Оору менен бетме-бет тиктешип, бетме-бет кармашып, таймашып отуруп, жалгыздыктын жападан жалгыз арманындай удургуган ойлуу, санааны кемирген саптар терилген.

*Бул сүйүү чындап жинди кылат окшойт,*
*акыры жарга каптап урат окшойт.*
*Мен качан кутуламын бул азаптан,*
*жүрөгүм кагуусунан качан токтойт?*

* * *

*Издетип, кумарлантып кылат делбе,*
*чачтырат сезимимди бошко, желге.*
*Кутула тургансыймын бул кыйноодон*
*жоголсом адам баргыс алыс жерге.*

*Өрттөнөт жүрөк күйөт, өтөт доорум.*
*Кайрылат кошкөңүлдүк, кармайт оорум.*

*Кутула тургансыймын бул азаптан*
*тезирээк бүтүп калса өмүр жолум...*

Акын машинкада басылган бул ырына «Өлүм тилөө» деп тема коюп, эмнегедир кайра аны көк сыясы менен өчүрүп таштаптыр. Бул архив акындын кан-жанынан, көз майынан, жүрөк толтосун жарып чыккан саптардын сыр сандыгы. Ойлорунун маанисин ойкутуп-кайкытып бурмалабай, калемине гана сырын төккөнү көрүнүп турат.

...Акыл-эсти бушайманга салып, көкүрөктү «тыз» эттирген акыйкатты моюнга алгандай, Ала-Арча көрүстөнүнөн акырын чыгып, жеңил машинеге отурдук. Анан шаардын Горький көчөсүндөгү Ботаника багына кирдик. Мухтар агай досу менен кантип таанышканын айтып отурду. Ушунчалык тынчсыз, бир жерде тура албай шашкалактаган адам экен, бизден озунуп бактын ар жак, бул жагына басып кетип, кайра келет. Керимсел желге серпилген дүпүйгөн бак жашыл түскө оронуп, шактардын учундагы жылтылдаган күмүш сымал күн желелери көз тайгылтат. Ошентип, Мухтар ага Жолон досу жөнүндө сөзүн баштады.

– Биз, Жолон экөөбүз 1968-жылы Украинада өткөн жаш акындардын фестивалына барганда тааныштык. Кең далылуу, узун бойлуу, көздөрү балбылдап жанган, адамды мээрим менен караган менден эки жаш чоң акын менен мамилебиз тез эле мамыр-жумур болуп, канча жылдан берки ээси тааныштардай жакын болуп кеттик. Мекенинин жылаңач баатырларындай түпкү тамырын аздектеген, рухун-духун элинин тарыхына, тагдырына байлаган кыргыздын карапайым кара баласы бир улуттун менчигине сыйбастыгын ошондо туйдум. Алтургай турмуш, жашоо, коом жана поэзия жөнүндөгү ойлорубуз, көз караштарыбыз да төп келип, сүйлөшсөк сөзүбүз түгөнсөчү... Биздей жаш акындарга канат байлаткан маанилүү да, таасирдүү да фестиваль

бүткөндө, Жолон күн мурунтан Ошко алып койгон учактын билетин тең бөлүп, айрып таштап, досумун ой-боюна койбой Чимкентке ээрчитип кеттим.

Анын жашоого кумарлуу көздөрү жолдо бараткан-да биздин куму эшилген чөлдөр менен кырка тоолорго суктана карайт, алардан кандайдыр бир окшоштуктар-ды таап, көркөм салыштыруусун айтса таң калып ку-баттайм. Биринчи жолукканда эле тубаса баамчылды-гы менен сүрөткерлигин байкадым. Экөөбүз тең жүрөк элжиреткен кубанычыбызга кучак толтуруп, кезек-ке-зеги менен ырларыбызды окудук. Ошондо биринен сала бири көркөм, биринен сала бири маңыздуу поэзия кай-рыктары достугубузду ширелтип, мүнөзүбүздүн, пейи-либиздин окшоштугу да бизди бир туугандай жакында-тып таштады. Экөөбүздү поэзиянын керемет күчү, көз караштарыбыздын кайсыл бир деңгээлдеги жакындыгы бириктирип, темпераментибиздеги окшоштугу, жашоо-догу адилетсиздикке, кара ниеттикке жана кошомат-чылыкка каршы турган принциптерибиз да бирдей эле.

Казак менен кыргыз бири-бирин тилмечсиз да-роо түшүнөт эмеспи, биз болсо көз карашыбыздан, интуициялык берилүү, талпынуу жана умтулуудан түшүнүштүк. Ар бир жолукканда өзүбүзгө чакан май-рам уюштурган болор элек. Поэзия чалкыган деңиз болсо, эки жээктеги эки бир тууган элдин жаш акын-дарын кайыксыз бириктиргендей сезилээр эле. Ар бир жолугушууда ыр окуп, божурашып, түн кирип, таңдын кандай атканын билбей да жүрдүк. Биздин сүйлөшөр-гө темабыз толтура болчу, кайсынысынан баштаарды билбей, ашыгып турчубуз. Кат аркылуу да, телефон-дон да тез-тез сүйлөшүп турдук.

1969-жылы Москвадагы эл аралык М. Горький атындагы эки жылдык Адабият институтуна бирге бармай болдук. Казакстандан – мен, Кыргызстандан –Жолон бара турганы маалым болчу. Ал кезде ар бир республикага бирден гана орун бөлүнөт эле. Бирок ме-

нин жолума бөгөт болгон жагдай пайда болду. Жолон Москвадан утуру-утуру чалып: «Качан келесиң?» – деп сурайт. Казакстан Жазуучулар союзунда төрага болуп иштеген неме менин ордума каш-кирпиги төгүлгөн, ырына көркү төп келген сулуу келинди жиберүүнү эп көрөт. Менин бара турганым жөнүндө бир жыл мурда Казакстан Жазуучулар союзунун секретариатында чечилген эле. Мен иштен бошонуп, даярданып, чакырууну күтүп Чымкенттен Алма-Атага келип алгам. Орун бирөө, талапкер экөө болуп, талашка түшүп калды. Казак поэзиясынын тирүү классиги саналган, чоң акыныбыз Абдылда Тажибаев менен «Жазушы» басмаканасынын директору Илияз Есенберлин СССР Жазуучулар союзунун жетекчилерине кат жазып, улам телефондон болгон чындыкты айтканына карабастан, эки жактын тирешинен улам орунду Монгол Эл Республикасына алдырып жибердик. Ошондо барбай калганымды айтканымда, Жолон ыйлап жибере жаздады...

Жолон экинчи курсту аяктар маалында Москвага иш боюнча командировкага барып калдым, жатаканасынан өзүн таппай, кат жазып кеткем. «Россия» мейманканасынан орун алдым эле. Түн бир оокумунда эшикти тыкылдаткан үн угулду. Барып ачсам Жолон менен кыргыздын атактуу актёру Сүймөнкул Чокморов турат. Кучакташкан бойдон бөлмөгө кирип, алжай сураштык. Ошол эле чоң мейманкананын бир бөлмөсүндө казак элинин сүймөнчүк чоң жазуучуларынын бири Илияз Есенберлин жайгашкан болчу. Түн ортолоп калганына карабастан, кыргыздын таанымал эки жигити атайын издеп келгенин айтсам, ал киши да бизге келип кошулду. Так ошол мезгилде анын «Алмаз кылыч», «Каар», «Жанталаш» аттуу үч томдон турган «Көчмөндөр» трилогиясы жарыкка чыгып, атын атак-даңкка бөлөп турган учур болчу. Орто бойлуу, ак жүздүү, буурул чач, тыкыйгын боюна тыкандык ме-

нен интеллигенттүүлүк сапатын аёосуз сиңирген атактуу жазуучубуз тарыхка сүңгүп киргендей, мурда-соң биз билбеген, биз укпаган тарых барактарынан санжыралап айтып берди. Мен толкунданып, адатымча отуруп-тура калып казакча ыр окусам, Жолон буттарын тарбайта сунуп, ырларын кыргызча жатка окуду. Экөөбүз алмак-салмак ыр окуп, поэзия кечесине айландырып жибергенсидик. Сүймөнкул болсо, ошол кезде аты чыгып калган таланттуу режиссёр Болот Шамшиевдин «Ысык-Көлдүн кызгалдактары» көркөм тасмасында Карабалтанын ролун кантип жаратканын айтып берди. Мунун өзү эрдикке тете үлкөн бийиктик болчу. Сүймөнкул менден сурап калды:

– Өмүрзак Айтбаев деген казак окумуштуусун билесиңби?

– Билгенде да кандай! Келишимдүү келбети айкөл мүнөзүнө төп келген, ырды илгерки төкмөлөрдөй төгүп ырдаган, ыр пиринин колунан бата алгандай өнөрлүү инсан. Анын талантын гана эмес, адамгерчилик сапаттары жагынан азаматтыгын да жогору баалайм! – деп шатыратып эргип келатсам, Сүймөнкул сөзүмө аралжы боло калды.

– Эмесе, ошол Өмүрзак агаңдан мен Биржан чалдын «Темиртас» аттуу ырын үйрөндүм. Кинотасмадагы эң таасирдүү, эң бир маанилүү эпизод үчүн домбура менен казактын жүрөгүнөн атылып чыккан өлөңүн ырдашым керек болду. Эмне деген керемет ыр! Эмне деген керемет үн! Комуздун же домбуранын кылдары эмес, көкүрөк кылдарың чертилип жаткандай дирилдейсиң гой...Канчалык аракеттенгениме карабастан, Өмүкеңдин үнүндөй кайдан болсун! Өмүкенин үнү меникине караганда ачык, ары укулуктуу, ары жагымдуу, ары таасирдүү болгондуктан, фильмде анын ырын жаздырдык. Мен жөн гана эринимди кыбыратып турдум, бирок көкүрөгүмдү ырдын магнити ээлеп турду. Кино тартуунун ушундай куулуктары да болот, – деп

тамашалады. («Ысык-Көлдүн кызгалдактары» тасмасында Карабалта ошол ырды домбура менен аткарган.)

Темиртас, Асыл, Акык карактарым,
Чечсеңчи билегиме аркан батты-ой-ой!..

Сүймөнкул кадимкидей роль аткарып жаткансып, ырды оболото созгондо, анын коңур добушунун канжаныңды дүрбөткөн таасири бөлмөгө батпай бараткансыды...Не деген ажайып мукамдуу, жүрөктүн толтосун козгогон, сезимдин жибин толгогон кайрыктар! Аңгемелешүүбүз кызуулана уланып, кыргызга бир боорундай болуп калган акын, жазуучу, агартуучу, окумуштуу, улуу инсан Мухтар Ауэзов жөнүндө Сүймөнкул мындай деп калды:

– Бул адамдын кыргыз элине жасаган жакшылыгын, кылган эмгегин эч бир заттын, алтындын да салмагы менен өлчөөгө болбос. Азыркы замандын кейпи бул... Айылга тооккана салыш үчүн да Москвадан уруксат алабыз. Бирок акыр түбү кыргыздар эки элдин сыймыктуу уулу Мухтар Ауэзовго эстелик тургузууга тийиш!

– Мен өзүмдүн очогумда Мухтар агага арнап, эстелик тургузуп койдум! – деди Жолон барбаландап.

– Кандайча?

– Кызыма улуу жазуучунун зор эргүү менен сүрөттөп, аялзатынын үлгүсү катары бааланган Абайдын сүйүктүү жары Айгеримдин атын койдум.

– Баракелде! Бир чоң тосттун кезеги эми келди бейм! – деп Илияс ага жетине албай сөзүн улады: – Эмесе, Айгерим сулуунун тал чыбыктай солкулдап, бойго жетип келаткан кезинде улуу акын Абайды ашык кылган асыл касиеттери, аялдык назы, аялдык шаанисн, аялдык бактысы бүгүнкү наристе Айгеримдин да тагдырына ыроолонсун!

– Рахмат ага! Сиз да казактын касиеттүү уулусуз, айтканыңыз келсин! – деди Жолон толкунданып.

*«Абалкы замандардан келаткан бабаларыбыздын, аталарыбыздын ортосундагы касиеттүү туугандык көпүрөнү ириде Мухтар Ауэзов менен Чыңгыз Айтматов жалгаштырган аёолуу достук салтын биз да улоого тийишпиз»*, – дечү эле Жолон досум. Ал өз сөзүнүн өтөөсүнөн чыкты, анын казак топурагына, казак маданиятына деген туугандык ыклас сезими өзгөчө эле.

Ошол күнкү отурушубуз, чын дилден айтылган каалоо-тилектер, эки элдин адабият, маданият жана искусствосуна түбөлүк из калтырып кетишкен инсандардын көкүрөгүн жарып чыккан ак дилдүү асиреттешүүсү болду. Чыгармачыл адамдардагы мындай тилектештик, өз ара түшүнүшүү жана дилдердин куюлушкан кездери чанда болот эмеспи. Биз ошунубуз менен бактылуубуз...

Мен Жолондун Сүймөнкулга арнап жазган ырын жатка билет элем. Мүлдө кыргыз журтунун, кыргыз улутунун эр көкүрөк уулунун, эр азаматынын өңү-түсү Сүймөнкулдун өңүндөй деп айткан эки сабы эталон болуп калбадыбы! Мындай аныктаманы өз элин чын дилинен сүйгөн, элинин тарыхын урматтаган акын гана кыска-нуска таап айта алат. Ушул сөзү ошон үчүн учкул сөзгө, канаттуу афоризмге айланып кетти.

**Сүймөнкул Чокморов** 1968-жылы Мухтар Ауэзовдун чыгармасы боюнча режиссёр Болот Шамшиев тарткан «Караш-караш окуясы» аттуу тасмада Бактыгулдун, «Көк серекте» башкы каармандын, «Жамыйлада» Даниярдын, «Көк мелжиген тоолордо» Байтемирдин, «Дерзу Узалада» Чжан-Баонун кайталангыс, индивидуалдуу образдарын жаратты. Айтылган каармандардын ар биринде Сүймөнкулдун актёрдук чеберчилигинин түрдүү кырлары түркүн алкагынан ачылган. Ошол образдарды ачып берүүдөгү жеке руханий казынасы, эрки, чанда кезиккен адамдык касиети, дүйнө таанымы ар тараптуу ачылып, көркөм тасманын көркөмдүк деңгээлин эки эсеге көтөрүп таштады. Кыр-

гыз эли ушундай таланттуу, ар тараптуу өнүккөн, өз мезгилинен суурулуп чыгып кинодо, сүрөт искусствосунда ажайып бир керемет образдардын галереясын жараткан талантка табият да берешендик кылып, чырактай өң-келбет менен келишимдүү турпатты, акыл менен талантты, эр жигитке таандык сапаттарды аябай бериптир. Бактыгулдун ролун ойноп жатканда эки бөйрөгүнө тең суук тийгизип алып, актёрлук өмүр жолунда 1982-жылдан тартып, он жыл аралыгында элүү алты операцияны болоттой бекемдиги менен көтөргөн Сүймөнкул эле.

***Бийик болсо алга койгон максаты***
*эр жигиттин элге тараар жакшы аты.*
*Андай атты ойлой калсам, негедир*
*эске түшөт Сүймөнкулдун ак чачы, –*

деп, Жолон Сүймөнкулдун ак чачынын ар бир талы бекерге агарбаганын, ошол ак чачында опол тоодой эмгек менен мээнеттин үзүрү бар экенин жөнөкөй саптар менен туюндурган.

*Ак чачтары кара кезде көмүрдөй,*
*кыдыр даарып, талант муңбай, төгүлбөй*
*Элестелип дүйнөгө бүт таркалды*
*Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй.*

Талант даарыган тагдырына жазылган жолду ташыркабай басып өтүп, тоодой тоскоолдуктарды жеңип чыккан тагдыр Сүймөнкулга насип этиптир. Ал өз тагдырынын чыныгы ээси боло алган. Акын айтса-айтпаса, «Кыргыздар кандай болот?» деген суроого Сүймөнкулдун сүрөтүн көргөзсөңүз жаңылышпайсыз, Сүймөнкулдун образын тартып берсеңиз күмөндөтпөйсүз. Дүйнө элине кыргыздар Сүймөнкулдай болот десеңиз ишенет.

***Салып сан миң окуяга сарасап***
*өткөн күндү биз кылчая карасак:*
*Эрди тууган эл өз баркын билгенче*
*агарыптыр далай уулда кара чач...*

Мухтар Шаханов досу Жолон Мамытов жөнүндөгү эскерүүсүн Москвадагы чогуу болгон күндөрүн, өзү жакшы тааныган искусство адамдары тууралуу кепке Ботаника багынан чыгып, Ала-Арча капчыгайына бет алганыбызда чекит коюп, тыным жасагансыды. Жолду катар Жолондун башка ырларын ырдадык, жаздын айжаркын боёкторго кучагы толуп, жаркырап турган кези ушунчалык кооз, ушунчалык сулуу да эле. Айтылуу капчыгайдын жашылы жайкалып, көл үстүндө термелген майда толкундардай шыбырап, кымырылып, ийменгенсинген ирмеминен көөдөн керип, каңылжаарды кытыгылаган жытына магдырадык. Ала-Арчанын борбор калаадан анчалык алыс эмес жерде жайгашканы да өзгөчө. Алыскы-жакынкы чет өлкөлөрдөн келген конокторду кыргыз жери менен тааныштыруу да ушу жерден башталат эмеспи.

Жеке баамымда эки акындын окшоштук жагын мындайча тариздедим: ачык-айрымдыгы, көкүрөгүнүн кеңдиги (ааламды батырып алууга куштарлык); табиятка жакындыгы (экөө тең жаратылыштын ар бир ирмеминен энергия алып жыйнап, көңүл эргүүсүнө азык ала алган); сүйүү деген чоң теманы, чоң жоопкерчиликти моюндап (сүйүүнүн түрү көп: Мекенге, элге, туулган жерге, адамга ж.б. айбанаттарга жана башка ушул сыяктуу), поэзия деген деңизде калаксыз сүзүп өтүүгө маашырлануу (ырларга чын дилден мамиле кылуу); поэзия деп суусап, поэзия деп жутап, поэзия деп өмүрүн сайып коюуга дилгир акындык стихия; марттык, колу ачыктык, берешендик, көр оокаттын азгырыгынан оолак жашоо; албуут сезим, бала кыял мүнөз, токпейилдик экөөнө тең мүнөздүү сапаттар болгон үчүн алар акыреттик, аккан достордон болушкан.

Ошентип, Мухтар Шаханов аңгемесин кайрадан улады: «Бул окуяны кыргыздын көрүнүктүү уулу, XX кылымдын улуу ойчулу, дүйнөлүк маданияттын өнү-

гүшүнө эбегейсиз салым кошкон философ-агартуучу, улуу классик жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдон уккам. Сүймөнкул бөйрөк оорусунан жапа чегип жүргөн кезде Ч.Айтматовдун «Жамыйла» повестинин негизинде тартылган «Жамыйла» аттуу көркөм тасмадагы башкы ролду ойногон Наталья Аринбасарованын мурунку күйөөсү, атактуу режиссёр Андрей Кончаловский бөйрөктү тазалай турган аппараттан үчөөнү сатып алып, «Кожожаш» аттуу фильмин Голливудга алып барган белгилүү кинорежиссёр Төлөмүш Океевден берип жиберет. Ал аппараттарды Сүймөнкул өзү үчүн эмес, бирин Белорусов башкарган борборго, экинчисин өзү менен бир палатада жаткан грузин жигитке берип, үчүнчүсүн өзүнүн тамырына тиктиргени менен анысы көпкө узабайт... Сүймөнкулдун бийик адамгерчилиги, марттыгы, кең пейилдиги аңызга айланып кетпедиби... Жолон менен өмүрүнүн акыры мүнөттөрүнө чейин байланышып турдук. Чыгармачылыгы гүлдөп турган кезде, анан айрыкча ак кан оорусу күчөп турганда чымыркanып, көп иштеди. Күндөрдүн биринде мен жаңы жазган «Махабатты коргоо» аттуу ырымды телефондон окуп бердим. Кимибиз жаңы чыгарма жазсак, биринчи окуп бергенге ашыгып турчубуз. Кимибиздин ырыбыз жатка окулбасын, анын ар бир сабы, кайрыктары эмнегедир толкундантпай койчу эмес. Мунун сыры эмнеде экенин билбесек да, поэзиянын сыйкыры биздин бир туугандык, достук сезимибизди көкүрөккө биротоло уютуп таштаганын сезип-билип, туюп турчубуз.

Жолон ырды мыкты окуйт эле. Үнү коңур, кубаттуу, дикциясы так, анан калса жагымдуу болчу. Текстти окуп жатканда негизги ойдун, негизги сөздүн кан тамырын кармап тургандай, басымды ошого коюп, ырдын ритми менен рифмасын жуурулуштуруп, жипсиз көктөп салгандай сезилчү. Көркөм окууну облустук радиотелевидениеде иштеп жүргөндө жакшы өздөштүрсө

керек. Мен ырымды окуп бердим, эки-үч күн өтпөй ал кыргыз тилинде мындайча жаңырып турду.

Баладай алма уурдаган, сүрдөнүүгө
Туш болуп, жапан сезим бул көңүлдө.
Тынч албай турган чакта кезиктиң сен,
Отуздун токоюнда жүргөнүмдө.

Сүйүүнүн түшүп калып кемесинен,
Арылбай өткөн күндөр элесинен.
Ызалуу баратканда «келгин» дедиң
Кол булгап жыйырмаңдын белесинен.

Селт эттим мен үнүңдөн чочугандай,
Жүргөндөн күйүт өртүн өчүрө албай.
Жыйырмада алдап кеткен махабатты
Күнөөсүн алигүнчө кечире албай.

Жандырган кусам менен сагынчымды,
Маңдайга жазган таалай-багымсыңбы?
Бир кезги мендеги өчкөн махабатты
Кайтадан алоолонтчу жалынсыңбы?

О, анда колуңду сун, жүр карагым,
Сен барган жерге мен да бир барамын.
Көл элем ташыбаган, ташыттың го,
Өзүңө өзүмдү бүт ыйгарамын.

Эми мен жалыныңа жалганамын,
Жалгыздык эмес, өзүң жандаганым.
Өмүрдө мени алдаган адамдар көп,
Тек гана сен эч качан алдабагын!

Досум ырды ушуналык толкунданып, бат эле которуп таштаганын айтты. Ыр турмуштан алынган жаш кездеги сүйүүнү туу көтөрүп жүрчү эр көкүрөк курак-

та жазылган, жеке тагдырым менен кандайдыр бир ички байланышы бар лирикалык толгонуу эле.

Мен кыргыз элин улуу сүрөткер Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары, кийинчерээк көп жылдарга созулган бекем ага-инилик достугубуз аркылуу терең билсем, ошону менен бирге кан досум, залкар акын Жолон Мамытов менен бир кесим нанды бөлүп жегенге даяр турган достук мамилебиздин артынан билдим. Кыргыз элин ого бетер тереңдин тереңине сүңгүп киргендей тааныдым, билдим, кадырладым жана аларга ортоктош болдум. Өмүрүмдүн акырына чейин бул сезимдер мени менен жашарына бекем ишенем.

Мен Жолон Мамытов аркылуу кыргыз жерин өз жеримдей сүйдүм. Кыргыздын баатырдык эпосу «Манас» башында турган уникалдуу, кайталангыс чоң жана кенже эпосторун, элдик оозеки көркөм чыгармаларын билдим. Бир канча көрүнүктүү акын-жазуучулары, искусство ишмерлери, маданият кызматкерлери менен чыгармачыл байланышта болдум, кадырлаштым, сырдаштым. Кайсыл мезгил экенине карабай, качан барсаң жылдын төрт мезгили төрт тарабыңды аргасыз караткан жаратылышына суктандым, ажайып кооз пейзажынан кубат алдым, демдендим. Пейили казактын керилген талаасындай кең, көңүлүнө жаккан адамга боор этин кесип берүүдөн кайра тартпаган кыргыздын кең пейил, жоомарт, таланттуу акыны менен акка моюн сунгуча дос болдум. Аттиң, эми калган өмүрүмдө алп Жолондой досту тапмак кайда...

Анын көзү өткөндө дубан бузган күлүктү, октос берген омоктуу акынды касиеттүү кара жердин койнуна ыраа көрбөй, жүрөгүмө алда кимдер канжар согуп жибергендей ачыштырып, эсим эңгиреп, кайгыдан жанымды коёрго жер таппай, жазгандагы ырым төмөнкүчө:

Кыргыздан алгач дос колун созгон сен элең,
Кубанчу элем, мактанчу элем сен менен.
Манастын ырын мен сенден угуп сүйүнгөм,
Кыргыздын даамын таткамын сенин үйүңдөн.

Өчпөстөй болуп көзүмдө отуң жаркыны,
Кыргыздын пейлин сездим мен өзүң аркылуу.
Бул кандай болду, миң гүлүң толук гүлдөбөй,
Жандосум Жолон, а дүйнө кеттиң үндөбөй.

Жетимиш жашта боломун деген тойбашы,
Тилегиң кана, тийбеди неге пайдасы?
Өлбөйсүң, досум, мактанам дайым сен менен,
Акыны өлбөй жашайт дайым эл менен!»

Ушул айтылган эскерүүлөр Чыңгыз Айтматов менен Мухтар Шаханов биргеликте жазган «Аскада калган аңчынын ыйы («Кылым кыйырындагы сыр ачуу)» деген китепте да айтылат. («Учкун» АК, – Бишкек 2001-жыл) Бул китепти Мухтар Шаханов кол тамгасы менен 2002-жылдын 13-июлунда мага белекке бергенин айтып коюшум парз.

та жазылг
ички бай
Мен
дун
га

# ОН ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ

## Поэзия уйкаштыктан эмес, доордун прозасынан жаралат

Акын жана анын коомдогу орду, ролу тууралуу олуттуу маселе улуттук адабиятта 20-кылымдын 60–70-жылдарында курч темага айланган. Ошол кезде актуалдуу сөзгө алынган акын жөнүндөгү теманын бүгүнкү күн үчүн зарылдыгы барбы? Эгемендүүлүк алган жылдардан бери ыр жазгандардын китептери жайнап (кой дээр кожосу жоктугунан), ыр эмес эле, «пырга» айланып кеткенин, прозада автобиографиялык баяндоого жакын, өз уруусунан чыккан кишилер жөнүндө мемуар сыяктанган чыгармалар батпай баратканы коомчулукка белгилүү эмеспи. Качан жазылбасын, кайсы мезгил, кандай коомдук түзүлүш чагылдырылбасын, акындык өнөр атам замандардан бери келаткан нарк-насили, касиети менен таза, бийик, көркөм поруму менен сакталып каларын мезгил далилдеп, айкындап койду. Анын айкын бир мисалына, Жолон Мамытовдун **«Асирет»** деген поэмасын көрсөтүүгө болот. Автор поэзияга карата мамиле, акындык вазыйпа жөнүндө көп эле жазган. Ал оюн байытып, тереңдетип, китептен китепке алып өткөнүн мурунку бөлүмдөрдө белгиледик. Бул поэма ошол ойлордун бүтүндөй жыйындысы, бүтүмү деп айтаар элек. Алгач поэмада акын мүнөзү көркөм жалпыланып, типтештирилгендигине назар салалы.

*Биз акынбыз.*
*Ойдогуну арийне*
*түз айтабыз жымсалдабай, кууланбай.*
*Бизге андыктан*
*күтүү кыйын мамиле*
*доско достой, а тууганга тууган.*
*(Ж. Мамытов. Суунун өмүрү, – Ф., «Кыргызстан», 1981, 162-б.)*

Акын бул поэмада замандаш акындарын «бизге» типтештирип, мүнөзүн башка жанрдагы (проза же драма) чыгармадагыдай эволюциялык процессте чагылдырбастан, дилиндегисин болгонун болгондой айтып, бир-бирден санап көрсөтүүгө аракет жасайт.

*Эл уйкуда жаткан кезде түш көрүп,*
*биз дүйнөнүн сарсанаасын желкеге*
*артып алып,*
*терден-тепчип,*
*бой урабыз ой чендебес нерсеге.*
*Акын калкы эмне келсе оюна*
*иштей берет деп калышат.*
*Ал туура.*
*Ал тийиштүү тиги менен мобуга*
*жана буга,*
*тынбай жазган халтура!*

Поэмада лирикалык каарман – «биз» ыймандай сырын жашырбайт. «Биз» – ак ниет, таза, жан дүйнөсү менен эл жүгүн көтөрүүгө даяр экендигин жар салат. Ал сезгич, баамчыл, турмушка жоопкерчиликтүү карайт. Жалтанбай оюн ачык, түз айтарын моюнга алат.

*Сезгич жанбыз, көп нерсени сезебиз,*
*зор сапарга керектигин тазалык.*
*Чыдай албай көкүрөктү эзебиз*
*Жаткан кезде кыңыр иштер жасалып.*

*Жашоо мүмкүн курсагың ток, оопасыз*
*бизди бирок кыйын ага кыстамак*

*Жөн күнүң жок, ой баспаган, капасыз,*
*деги сага эмне керек, кысталак?!*

Курсагы ток, кийими бүтүн болсо, күн көргөнүнө шүгүр этип, жашоо ушул экен деп жатып алуу акын мүнөзүнө жат нерсе. Ошон үчүн акын да. Акын тарткан машакат айтканга оңой. Анын жүрөгү «тынч жашоого көнө албайт, ыңгайлашпа, жеңмейинче күрөш» дейт. Ырынын тагдырынын алдында өз тагдыры тыйынга турбайт. Акын бактысы – түйшүгү менен азабынан жаралган ыры.

*Биздин күндөр арылдаган арыстан,*
*жел жетпеген желмаяндай күлүк ал.*
*Анын ошол тездигинен калышсаң –*
*артты көздөй сүрүлгөнүң!*
*Билип ал!*

Акын мезгилдин (аны арыстанга, желмаяндай күлүккө салыштырып жатпайбы) кан-тамырын сезбесең, заманыңдын үлүшүнөн куру каласың деп өзүн милдеттендирет. Акын – алдыңкы адам, табият, тагдыр аны ошондой жараткан. Акын сөзү,ою, башкалар сезбегенди сезгени, башкалар айта албаганды айтканы менен айырмаланып турат. Сөз анын куралы.

*Биздин күндөр мухит өңдүү уюган*
*ойчул күндөр,*
*козголо элек ордунан.*
*Бирок*
*анын тереңинде уюган*
*Сезим жатат катмарлана оргуган.*

Акын дүйнөсүн күүгө келтирген бул саптардагы сезимдердин гаммасы олуттуу жана калбаат, татаал жана карама-каршылыктуу.

*Кайсыл жайда*
*калк кайгыдан мертинсе,*
*дал ошол Жер*
*Ата Журтка айланат.*

Чыныгы акын мындан башкача боло албайт... «Биз», өжөр, чынчыл келебиз, «калпка каршы төрөлгөнсүп» кичинекей чындык үчүн чыркырап, жаныбызды кыюуга даярбыз, андан баш тартпайбыз дейт. Дегинкиси акын турмушу контрасттуу. Бөлөктөрдөн айырмасы: байлыкка, мансапка умтулбаган токпейил, жөнөкөйлүгү. Анысы – асылдыгы. Анткени дүйнөнүн түпкүлүгүн жөнөкөй адамдар түзөт деген учкул кеп бар...

*Шыгыбыз жок ар нерсеге жакындык,*
*шартыбыз жок алдууларга теңелээр.*
*Кесибибиз жөпжөнөкөй акындык*
*Эсептешпес мансаптагы немелер.*

Жолон Мамытов ушул поэмасында акындын турмушун, мүнөзүндөгү өзгөчөлүгүн санап гана өтпөстөн, акындыкты пир туткандарга таандык жан сырынын четин чыгарат. Чынында акын деген биринчи кезекте адам. Башкаларга эмне таандык болсо, ал да ошолор менен жашайт.

*Биздин дагы шарап ичкен,*
*шаттанган*
*күнүбүз бар махабат деп ырдаган.*
*Кезибиз бар эркеген, мактанган,*
*түнүбүз бар*
*эч ким жокто ыйлаган.*
*Дүйнөдөгү сан миңдеген сулуунун*
*ээлеп алган сыяктанып биз баарын.*
*Кумарына кабылганда сүйүүнүн*
*унутабыз ак чилденин ызгаарын.*

Жеңил атак-даңк акындын трагедиясы. Аны менен эч нерсеге жете албайт. Чыныгы атак эмгек менен изденүүдөн гана келет. Жалган даражага азгырылуу, өзүнө өзү корстон болуу, маашырлануу акындын жан дүйнөсүн тушап, талантын жипсиз бууп, жолуна бөгөт

болот. Бул ой Жолондо кандайча ырга салынат, ошону чогуу окуйлу.

*Бизди кээде атак деген каргышың*
*чымчык кылып жалгыз данды чокуткан,*
*бир ууч даңкка бүт өмүрдүн жартысын,*
*сак турбасаң, бере салат кокустан.*

* * *

*Ошондуктан эл ичинде байкалбай*
*дурус окшойт бир милдетти өтөгөн.*
*Акынга оор, өз салмагын тарта албай*
*таланты арып, болуп турса көтөрүм.*

Айыл адамдары түпкүлүгүндө талантты сыйлап, урмат менен мамиле кылышат. Алар жоомарт, сый-урматын акындардан аяшпайт. Көңүлүнө жаккан ырларды жатка айтып жүрүшөт. Акын үчүн мындан өткөн сыймык барбы! Акын бул саптарында сени сыйлап, кадырлаган кишилерди шартка жараша сыйлай албайсың деп кейийт. Ыйбаа кылып, аны кемчилик катары сезиши – гумандуулугу.

Салттуу болуп, кыйласынан сый көрүп
айыл жакка түз айтабыз саламды.
Бирок кээде, жалтайлайбыз ийменип
калаабызда сыйлай албай аларды.

Алар жоомарт, чын дилинен ырга ашык,
муюп угат тартып коюп чылымды.
Сени менен бир боорундай сырдашып
эстеп алып айтып жүрөт ырыңды.

Акын дээринде гумандуу. Ал турмушта активдүү позициядагы адам экендиги, эл-журтунун башына келген жамандыктын баары өзүбүзгө тийсин, жакшылыгы Ата Журтубузга тийсин деген тилекти туу тутуп жашап өтөөрүн төмөнкү саптардан билебиз.

*Бул турмуштун өйдө-ылдыйы көп болот,*
*далай ирет баш да оорутат кур санаа.*
*Чындык үчүн*
*жанды кыйса эп болот,*
*алды жакта жашаар күнүң турса да!*
*Акынына*
*эл көңүлү ийисин да*
*алга кетсин*
*деми менен жакшы ырдын.*
*Жакшылыгы Ата Журтка тийсин да,*
*жамандыгы*
*бизге тийсин*
*тагдырдын!*

«Асирет» поэмасында белгилүү бир окуя, аты-жөнү бар каарман да жок. Окуяда сюжет жок. Бирок анда жазган акындын өзү бар. Чыныгы акындын жан дүйнөсү бар. Ал талантты, анын милдетин ак дил, аруу сезим менен таза баалап турат, акын жана анын мүнөзүн терең, ар тараптуу көркөм жалпылоо бар.

Акын жана анын коомдогу орду менен ролун кашкайта ачык айтып, элге жеткирген акындын чыгармачыл жолу кандай болду,үйдө кандай адам эле деген суроо менен акындын өмүрлүк жары, Кыргыз эл акыны, жазуучу жана драматург Меңди Мамазаировага кайрылдык.

### Эскерүү

*Жолон 1984–1986-жылдары Кыргызстан Жазуучулар союзунун катчысы болуп иштеди. 1986-жылдан тартып, өмүрүнүн акырына чейин Кыргыз ССРинин Жазуучулар союзунун башкармасынын төрагасынын орун басары болду. Өмүрлүк жары, чыгармачыл инсан катары мен Жазуучулар союзундагы ал-абалды, турмушту, кимдин ким экенин, пендечиликке байланышкан көп эле жакшы-жаман окуялардын күбөсү*

*болдум. Жолондун чыгармалары Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгына көрсөтүлгөндө, адабий процессте макталып, жогору бааланып, адабиятчылар, сынчылар асыресе, окурмандар тарабынан колдоого алынганына карабастан, ошол кездеги калеми менен тагдыр чечкен чиновниктердин, аттуу-баштуу чыгармачыл адамдардын бут тосууларынан, тымызын каршы турган көралбастыктан, марага жакындап келатканда байкатпай тузак тартып, жолун тороп, бут тоскондун айынан он жыл кечигип, 1981-жылы алды. Жолонго теңтуш, калемдеш, замандаш саналуу, мыкты акындардын баары алып бүткөндөн кийин беришти. Төраганын орун басары болуп иштеп турганда, ошол кызматты ага ыраа көрбөй, ойсоңдогон айрым кыз-келиндердин кылтагы, жетекчилигине сугун арткандар акырын тоголок арыздарды партиянын Борбордук Комитетине тоголотуп турушту. Анын аябай нервине тийген, кыжаабасын кайнаткан, канын кызыткан жалган жалаалардан жаны кашайып, менин мойнумду кучактап алып: «Акын деген, жазуучу деген адамдар да ушундай болобу? Жазганы башка, сүйлөгөнү башка, көмүскөдөгү көңүл ооруткан кылыгына, эки жүздүүлүгүнө эмне деш керек?...» – деп, руханий дүйнөгө жамынган жалаакорлордон өксүп ыйлаган күндөрү болду...*

*Ошол убакта канчалык белге тээп, духун түшүрүп, сындырууга аракет кылган, ириде жигердүү чыгармачылыгына, күндөлүк турмуштагы иш-аракетине тоскоол болгон адамдардын көбүнүн көзү өтүп кетти. Менимче, алардын атын атоонун да кажети жок. Мезгил баарын өз ордуна коюп келатат... (2021-жылдын, январь айы).*

# ЖЫЙЫРМАНЧЫ БӨЛҮМ

## Мамытовдун поэзия мектеби

Жалпы эле дүйнөлүк адабиятта жана улуттук адабиятыбызда чыгармачыл адамдардын карым-катышы, байланышы, мамилеси жөнүндө фактылар арбын. Кыргыз адабиятында К.Тыныстанов, А.Осмонов, Т.Сыдыкбеков, Т. Касымбеков, Ч. Айтматовдордун мектеби жана окуучулары жөнүндө чоң сөздөр айтылып келет. Айрыкча совет мезгилинде кыргыз адабиятынын өнүгүү этаптарында бул маселе көңүл борборунда турган. Адабият айдыңына эми кадам таштагандар кимдир бирөөнү кумир тутушу, анын мектебинен сабак алышы табигый нерсе эмеспи.

Жолон Мамытов аты таанылгандан баштап, калемдеш шакирттерине астейдил көңүл буруп, кеп-кеңешин аябай, чыгармаларын редакциялап, жакшыларын ылгап, китебинин жарык көрүшүнө жардамдашкан. Алардын адабий турмушуна устат катары сөзгө аларлык, айтарлык таасир эткени, акын Мамытовдун поэзия мектебин түптөп кеткени замандаштарынын каттарынан, эскерүүлөрүнөн маалым болду. Кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал Кыргыз эл акыны Эгемберди Эрматовдун жаш кезиндеги бир нече каттарына үңүлүп көрсөк.

**«Саламатсызбы, Жолон аке!**

**Саламым менен иниңиз Эгемберди. Кандай аке, каникулду көңүлдүү өткөрүп, аман-эсен барып, окуп**

жатасызбы? Жолон аке, сиз каникулда жүргөнүңүздө убакыт таап эч сүйлөшүүгө мүмкүндүк болбой калды, жолуга албадым. Биз практикага кеткенибизде, сиз кетип калыпсыз. Биз бир айлык госпрактикага чыктык. Практика ийгиликтүү аяктады, жыйынтыгы «беш» болду. Чынында мугалим болуп иштөө кыйын экен. Бир айда 3 кг арыктап кетипмин. Андан кийин бир жума каникул болду. Бул жактагы жаңылыктарды өзүңүз көрүп кеттиңиз.

«Ленин жолу» газетасына жаңы редактор келиптир, Асылкан Бөрүбаев деген. Айтууга караганда, адабияттын күйөрманы дешет. Кудай жалгап, адабиятка көз салып, «адабият бетин» берип турар деген үмүттөбүз. Сиздин китебиңизди таппай жүрөм. Бирок бирөөлөрдүн колунан көрүп калам. Окуп да чыктым. Чынын айтуу керек, мага бул китеп поэзиядагы жаңы бир ревоюция катары, жаңы ачылыш катары сезилди. Жыйнак тууралуу эң жакшы ойдо калдым. Ушундай китептерди өмүр бою чөнтөктөн түшүрбөй окуур элем. «Отту сүйөм» менин ошол идеалымдын негизи, башталмасы болуп калды. Кыргыз поэзия сүйүүчүлөрү сизден ушундай жыйнакты дагы чыдамсыздык менен күтөрүнө ишенем.

Жолон аке! Менин дагы үмүтүм – поэзия ааламында аздыр-көптүр эмгектенип, жакшынакай мезгилдин талабына жооп бере турган ырлар жазуу. Ал колдон келеби же жокпу, аны мезгил өзү көрсөтөр. Чынын айтуу керек, сиз менин эми башталып келе жаткан кичинекей талантыма чоң таасир тийгизип, мен үчүн революция жасадыңыз. Туура жол көрсөттүңүз. Ооба, жардамыңызды аябадыңыз. Дайыма кеңеш берип турдуңуз. Бул үчүн чексиз ыраазычылыгымды билдирем жана чоң ыракмат айтам.

Жолон аке! Москвадагы Горький институтуна барам деген ойдон кайта элекмин. Ал менин азыркы негизги максатым, идеалым болуп турат. Мага жардам

**берсеңиз. Ырларыма «подстрочка» жасатып бериңиз. Мен даярдап туруп, кат аркылуу бир 20 ырымды берип жиберемин. Кандай дейсиз? Жолон аке, иниңиздин өтүнүчүнө макулсузбу? Шабданбай аке менен да сүйлөштүм. Ал киши дагы макул болду. Документтерди азыртан даярдай берейин.**

**Жолон аке! Жаңы жазган ырларыңыздан салып жибериңиз. Окуп туралы. Ден соолуктарыңыздын чың болушун, 23-февраль Советтик Армиянын күнү, майрамыңызды куттуктап, иниңиз Эгемберди Эрматов.**

**Кат күтөм, саламым менен колуңузду бек кысып, суусунга кыргыздын кымызын кошо салган (колу коюлган)».**

**(23-февраль, 1970-жыл, Ош шаары. Жаш акын Эгемберди Эрматов ошол учурда педучилищанын 4-курсунун студенти болгон.)**

Төмөндө Жолон Мамытовдун жаш акындардын областтык кеңешмесинде Ош пединститутунун кичи залында сүйлөгөн сөзүн айрым кыскартуулар менен берүүнү туура көрдүк.

## Жаш поэзиянын эртеңки өмүрү...

Мен акын болуп, акындыктын түйшүктүү татаал жолдорун али басып өтө элекмин, кубаныч менен кайгысына курдаш болуп, чыгармачылыктын чыйырында кадам шилтесем деген тилектемин. Сынчы болууга кудуретим да жетпес... Эмесе, өз сөзүмдү «саясий баш кийимсиз» эле жүрөк каалаган темада баштай берүүгө уруксат этиңиздер!

Маляр келди, бир чоң үйдү майлады,
Кабак түйгөн капалыкты айдады.
Ушул адам, ушул сырдуу кийимчен
Бул дүйнөнүн үстүндөгү каймагы.

Бул саптарды биздин кыргыз поэзиясына саресеп салып жүргөн ар бир адам билет. Мындай темада жазылган бөлөк ырларды арбын эле окуп жүрөбүз. А бирок жогорку саптардын адамдын сезиминде орноп калуусундагы өзгөчө касиети эмнеде?

Поэзия мына ушул суроолорго жооп берүүгө тийиш! Биздин бүгүнкү аңгемебиз «Жаш поэзиянын эртеңки өмүрү...» деп аталат.

Жаш поэзия дегенибиз – бүгүнкү күндө тегиз бүрдөп, аздыр-көптүр мөмө бере баштаган жаш бакча болсо, анын эртеңки өмүрү дегенибиз, ошол жаш дарактардын тамыры тереңдеп, көп жылдар бою туруктуу, арбын түшүм берип тура алууга жөндөмдүүлүгү да. Ошол мөмөлөрдүн данегинен жаңы көчөттөр чыгып, дагы жаңы жаш бакчаларды пайда кыла алууга жарамдуулугу да! Демек, жаш поэзиянын эртеңки толук баалуу, мазмунга бай өмүрү сөздүн толук маанисиндеги ПОЭЗИЯнын пайда болуусуна алып келет.

Поэзия дегенибиз – кайсыдыр бир пенденин бечара турмушунун корутундусу да эмес, кайсыдыр бир адамдын өлүм алдында айткан керээзинен да турбайт. Ал адам коомунун өнүгүп-өсүү процессинде адамдарды (массалык түрдө) кайгырткан же кубандырган сезимдердин коргошун уюткусу, ал уютку коргошун мисал гана көлкүлдөп кала берүүгө укуксуз, анын ысыгы жүрөк нервдери аркылуу ойноктоп өтүп, бир «алааматтын» (жан дүйнөдөгү) башталышына себепкер болуп төрөлгөн. Чыныгы поэзия өз доорунун бийик чыңалуудагы сезгич нерви, өз доорунун жакшысы менен жаманын таамай айтып, прогресс үчүн, теңдик, эркиндик жана таза сүйүүгө үндөп турган кудурети бийик күч экенине эчен кылымдардын тажрыйбасы ынандырып отурбайбы.

Бир маселе тууралуу кеңешип алалы. Мисалга, жаш акын...Сизди эле алып көрөлүчү. Орто мектепти, анан жогорку окуу жайын бүтүрдүңүз. Кайсыдыр бир кесиптин ээсисиз. Турмуш шатысынын паканалары

менен бийиктөө жолундасыз. Жүрөгүңүздө ырлар, уйкаштыктар, койчу деги, мүмкүн болгон бардык поэтикалык каражаттар уюлгуп туруп алды. Ансыз деле анча-мынча ырларыңыз райондук, облустук, республикалык мезгилдүү басмада жылт эте калып жүрөт. Демек, акын болуунун көк жээги көрүнүп калды. Ансыз деле айылыңыздагы «бир ууч журтуңуз» сизди өздөрүнөн чыккан акын катары сыймыктана аңыз кылышат. Колго калем алып, ыр жазууга келбеттүү түрдө кириштиңиз. Ошондо эмне тууралуу жазмакчысыз? Темаларыңыз кайсылар болот?

Сиз качандыр бир убакта кемпири өлүп жесир калган чалды, же болбосо махабат деп аталган нерседен көңүлү калып, үй-бүлө күтүүдөн безген кызды, жалгыз уулу кандуу казаттан кайтпай калган энени, алардын туптунук көз жаштары менен жалт-жулт эткен үмүтүн көрдүңүз беле? Ак жеринен айыпталган адамга арачы түшүп, жыйынтык чыгара албай башыңыз катканбы? Балким, Мекенге коркунуч келип, бүгүн-эртең кандуу казатка жөнөлчү маалыңыз туулгандыр... Мындай нерселерди санап түгөтүү кыйын. Поэзия адам коомунун татаал маселелерин көркөм аспектте жыйынтыктап, ар бир сап аркылуу акындын позициясын тез эле белгилеп коюучу өнөр. Ошондо сиздин темаңыз кайсы болот? Жаш калем Б. Абдыкадыровчо «Жерим Кааба» деп, же И. Исаковчо пионерлер үчүн оңой продукция жаратуу менен алек болууңуз керекпи?

Жер үстүндө 3,5 миллиард пенде болсо, анын бир миллиону ыр жазып жүргөнүнө күмөн санабайм. Демек, үч жарым миң адамга бирден акын! Ошол үч жарым миң адамдын эсинде Осмонжан Абдылдаев жараткан саптардан жарым жартылайы же ысымдары калаар бекен? Калаарын Кудай билет. Ал эми Пушкиндин, Шекспирдин, Гетенин окуучулары кылым санап геометриялык прогресс менен көбөйүп жатышкандыктарына ким шек санай алат?

Мисалы, сиз акынсыз. Бир эмес, кырктан ашык китепке авторсуз дейли. А бирок акыретке жетпей туруп эле акындык тагдырыңыз чечилип калган болот. Өмүр бою жаныңызды сабап кылган мээнетиңиз талаага кетет. Жакшы чыгармаларды жазуучу өзү тандабай, доор өзү тандап алат турбайбы. Кантмек элеңиз, тагдырга тан бересиз да! Ал эми 37 ыры менен Бараташвили, же 2 томдугу менен Алыкул Осмонов адабият дүйнөсүндө тирүү жүрө беришет.

Москвадагы же Калифорниядагы университетти бүтүрүү акындыкка алып келбейт. Ала-Тоодо же Кардильер тоо кыркасында туулуп-өскөн эле улан дүйнөлүк масштабдагы акын же жазуучу болуусу толук мүмкүн да. Демек,маселе кайсыл жерде туулгандыгында, же ким төрөгөндүгүндө эмес. Мен муну эмне үчүн айтып жатамын? Кул ээлөөчүлүктөн арыла элек Америка Уолт Уитменди берсе, падышачылык Россия Лермонтов жана Маяковскийди, феодалдык Түркмөн журту Мактымгулуну берсе, социализмге секирик жасаган Кыргызстан Осмоновду берди го. Эмне үчүн буга ынанууга болбосун.

Эмне үчүн Сүйүнбай Эралиевдин поэзиясын сынчы Бобулов «Кыргызстан маданияты» газетасында куру, негизсиз жемеге алса, акын Маликов «Ленинчил жашка» берген интервьюсунда ал ойду тактайт? Мен бүгүнкү күндө кыргыз поэзиясында Эралиевден аша изденген акындарды абдан аз жолуктуруп жүрөм. Эралиевге айтылган сындар айрым учурларда «башкаларчылап начарыраак эле жазсаңчы» дегендей жанытмага окшошот. Мунун биздин темабызга кандай байланышы бар деген ой туулбай эле койсун. Жаш поэзиянын тамыры жамгыр менен көлчүктүн суусуна эмес, минералдык заттардын эритиндилери кошулган ширелүү шар сууга муктаж.

Ырас, алтымышынчы жылдары жаңылык сыяктанып сезилген айрым жолдоштордун ырларын бүгүн

окусак куру кыйкырык менен жалган пафос экендигине көзүбүз жете баштады. Бүгүнкү күндүн поэзиясы эстрадалык чуулгандуулуктан жаа бою качпаса да, улам алыстап, күчтүү ички сезим менен социалдык чебер ой жүгүртүүнүн поэзиясына айланып барууда. Саптардын потенциалдык күчү артууда. Жаш поэзия бир учурда кургак сюжеттүүлүктөн четтеп, улуу сезимдерди камтыгансыган саптардын чогундусун сунуш кылган болсо, бүгүн ал катасын сезип, кайра жогорку көркөмдүүлүк менен деңгээлдеги сюжеттерге кайрылууда.

Жаш поэзиянын өсүүсүндөгү бул өзгөчөлүктөрдү алыска барбай эле областтык Жазуучулар уюмунун айланасына баш кошкон жаштар: К. Ташбаевдин, К. Сабыровдун, С. Кулуевдин, К. Калдыбаевдин, С. Дүйшөналиевдин жана башкалардын чыгармаларынан баамдоого болот. Бирок тилекке каршы, бул чыгармачылык жактан кыйла жетилип калган жаш акындардын китептерин көп эле сүрсүтпөстөн коомчулукка тартуулоо иши жокко эсе жүргүзүлүүдө. Бул жаштар үчүн басмаканалардын эшиктери темир менен капталгандай...

Албетте, жакшы ыр жаратуу жагында иштин баары ойдогудай деген ойду айтуудан оолакпыз. «Мектебим», «Кара-Суум», «Өзгөнүм», «Пахтачы келинге» деген темадагы ырлардан бир-эки дептерден жазып алып, өзүн өзү тарбиялап, ой жүгүртүүдөн эбак калган, дүйнө жүзүндө гана эмес, өзүнүн конушу эсептелген поэтикалык дүйнөдө кандай жаңылыктар болуп жатканы менен кымындай эсептешпеген, же өзүнүн ошол депрессия абалынан көңүлү да калбаган жолдоштор жок эмес.

Генрих Гейненин «Жерде жарака кетсе, ал сөзсүз акындын жүрөгү аркылуу өтөт» деген сабы немец тилинде кандай бай мааниге ээ болсо, менин эне тилимде да дал ошондой бай мааниге ээ. Демек, уйгурдун, япондун же литванын акыны деп аталуу менен бүткүл дүйнөнүн акыны да болуп жүрбө?

**Сенин өз улутуңдун кылымдар бою пайда болуп келаткан спецификалык өзгөчөлүктөрүнүн, таза духунун, асыл адаттарынын мөл булагын же күчтүү дайрасын башкалар сенин чыгармаңдан сезе алышабы?** Мейкиндиктин бир чети болгон Жер шарынын келечек тагдырын ойлоо жаш поэзиянын келечеги болуп жүрбөсүн?..

**Ушул күндөр укмуштугун жүрөк сезет.**
**Эпкиндеген эки нерсе сезимди эзет.**
**Так төбөмдөн өлүм турат атом кезеп,**
**Бет маңдайдан сүйүү жайнап көйнөк чечет.**

Атомдук коркунучтун кулусуңбу, же келечек чечкен турмуштун жалындуу күрөшүүчүсүңбү, прогресстин, коммунизмдин иши үчүн жашап жана керек болсо жан кыюуга даярсыңбы, же тим гана акындык ичиктин ичиндеги жаш мансапкорсуңбу, бул жооптуулукту акын атанган күндөн тартып эле автоматтык түрдө моюнга илгенсиң.

Акынга турмуштагы чынчылдыктан, өмүр бою жыйнаган көркөм каражаттардын синтезинен башка дагы идеялуулук, арымдуулук, эр жүрөктүүлүк, өзүн өзү анализдөө жана адамдык карапайымдуулук керек өңдөнөт. Ал эми кыргыз чөйрөсүндө ак ыр, салттуу ыр жөнүндөгү талаш-тартыштар эбак эле эскирип бүткөнүн, маселенин маанисин формадан издеп, аны улак кылып өйдө-төмөн тарта берүү гонорардан башка «сорун» алып келбестигин айрым агайларга айтып коюу парыз.

Биз жашпыз. Биздин поэзиябыз да өзүбүздөй эле жаш. Жаш поэзиянын бүгүнкү абалы, анын эртеңки ишмердигине пропорционалдуу. Мейкиндиктин бир чекити болгон Жер шарынын келечек тагдыры тууралуу үн салуу жаш поэзиянын келечеги экенине ишенем. *(Акындын үй архивинен. 1969-жылдын 19-августу, Ж. Мамытовдун сүйлөгөн сөзү)*

Кайрадан жаш акын Э. Эрматовдун кийинки катына назар таштайлы.

**«Саламатсызбы Жолон аке!!! Саламатчылык жайында болуп, окууларыңызды ийгиликтүү өткөрүп жатасызбы? Көптөн бери кат-кабар жазышпай турган болуп кеттик го. Жолон аке, менден сурасаңыз деним таза, иштеп жатам. Ишим өзүмө жагат, жаман эмес. Бирок жакынкы күндөрдө армияга кеткени жатам. Мага дагы энчисин салып койду. Куда кааласа дагы бир айдан кийин армиядан кат жазам го. Эмнеси болсо да тынчтык болсо болду. Насипке карайт экен. Сиздин айткан кеңешиңиз да өзүнүн жакшы жактарын берди. Мында иштеп, аз да болсо кээ бир карама-каршылыктарды түшүндүм. Жолон аке, бирок менин идеям башка эле. Кандай гана болбосун Горькийге өтүү эле. Ал жактан шарт болобу же жокпу?**

**Жолон аке, мына иштеп жүрүп аз-маз ыр жаздым. Өзүмдүн купулума толбойт. Ош башка эле. Эмнеси болсо да, анда адабий чөйрөбүз бар эле. Бири-бирибиздин ырыбызды бирибизге сындап, жакшы-жаман жактарын айтып турчу элек. Эрмамат аке менен анчалык батына албайм, антишке. Себеби кандайдыр кызык абалда боло берет экенсиң. Эрмамат аке мен үчүн бир кыйла жакшы нерселерди кылды. Ырымды басып берди сүрөтүм менен. Материал жазышка жардамдашты. Бат-бат командировкага жиберип турду. Элди-жерди көрдүм, конечно өзүбүздүн районду. Анан кээ бир улуу акындардын чыгармалары менен тааныштым. Мисалы: Рубен Дорио, Павло Неруда, Рафаиель Алберти. Орусча кыйналсам да окудум. Эми армияга барсам ал жагынан анчалык кыйналбасмын.**

**Жолон аке! Чынын айтайын мага дагы кеңешиңизди берсеңиз. Мен эми гана поэзиянын эшигин каккылап жүргөндө, кайтып кеткенсийм...Баарынан да ара жолдо, сиз айткандай «чаң арасында» калып кеткен жаман окшойт. Жолон аке, кээ бир жолдошторуңуз**

**менен тааныштырып, кат аркылуу мени байланыштырып койсоңуз. Жолон аке, бая күнү «Ленин жолунан» акеңиз жөнүндө көңүл айтууну угуп, барып бата кылып да келе албадык. Куда рахматылык кылсын ылайым!**

**Эми, Жолон аке, катымды кыскартсам.Саламатта бололу, кол берип көрүшкөнчө.**

**Саламым менен иниңиз, Эгемберди.** *(Акындын үй архивинен. Э.Эрматовдун каты. 1970-жылдын 29-октябры)*

## Жазсаң жазгандай жаз, жаза албасаң илешпе!

1969-жылы Жалал-Абад зооветеринардык техникумуна тапшырарым менен Жолон акеге 18 ырымды почта аркылуу жөнөттүм. Көп өтпөй жооп кат келди.

**«Абдилаатбек, ырларыңды ынтаа коюп окуп чыктым. Поэзияга болгон далалатың айрым ыр саптарыңдан байкалып турат. Сага кыргыз, боордош адабияттар менен чектелип калбай, орус, дүйнөлүк адабиятты терең окуп үйрөнүүнү сунуштар элем».**

Бара-бара кат алышуубуз калыңдай баштады. 1978-жылы Фрунзеде (Бишкек) Кыргызстан Жазуучулар кошунунун демилгеси менен жаш акын-жазуучулардын республикалык фестивалына катыштым. Ага биздин райондон мен, Атакул Жакыпов, Айдаралы Жапаровдор барганбыз. Атакулдун ырлары фестивалдын лауреаттыгына татыды. Кечинде «Арашан» жазуучулар үйүндө чай берилип, өргүдүк. Бильярд залына кирсек Асан Жакшылыков менен Жолон аке ойноп жатыптыр.

– Келгениңер жакшы болбодубу, – деди Жоке, – эки-экиден ойнойлу, талапкерлер көп. – Анан бизге карап мындай деди: – Эй, алтынбешиктик үч талант. Жазганыңарда жазык жок. Бирок бир кемчилигиңер бар, аны кийин айтам...

1979-жылдын күзүндө Кыргызстан Жазуучулар кошунунун түштүктөгү бөлүмүнө Кармышак Ташбаевге бир топ кол жазмаларымды көрсөтүп, кеңеш алууну туура таптым. Экөөбүз бир сааттай олтурган соң, чачын устара менен кырдырган Рыспай Абдыкадыров кирип келди. Ысакем жаштыгы өтүп, чачынын суюлуп бара жаткандыгына бир аз кейип сөздөдү. Аңгыча, капилет эле ошо кезде баш калаадагы Жокем бөлмөгө кирип келсе болобу! Мына биз күтпөгөн сюрприз!

Кубанычым койнума батпай, улуу үч инсанды түшкүлүк чайга таклив кылдым. Агалардын макулдугун алган соң, «Ак-Буура» ресторанына бардык. Экинчи кабатка көтөрүлүп жайгаштык. Музыкант жигиттер бизден сурап-нетпей эле «Издейм сенини» сыбызгытып күүлөп да, ырдап жиберишти. Оо, кыйладан кийин Жолон аке Рыспайга карап: «Ушул ырдын текстин жазуу үстүндө менин эки жылдык өмүрүм короду. Канча ыр, поэма, китеп жазууга үлгүрмөкмүн...» – десе Ысакем: «Жолон, бул ыр сени миң-миң жыл жашатат!» – деди. Кармышак аке экөөбүздү чыныгы чыгармачылыктын шаалары шайыбызды оодарып, «лам» дебей отуруп калдык. Чын эле «Издейм сениде» миң-миң жылдар жашай турган маани-маңыз, дем, күч, сыйкыр, сыр жаткандыгын жыл өткөн сайын жашоо мыйзамы ырастоодо...

Чарбанын чаң-тозоң ишинде жүрүп, 1979-жылы болсо керек, Госкинодо башкы редактор кезинде Жолон акенин иш ордуна атайы издеп барып жолуктум.

–Чыгармачылыгың өспөй калып, кайра артка кетипсиң, үка. Жазсаң жазгандай жаз, жаза албасаң илешпе! Поэзия азил-мазак оюн эмес. Мен сенден мынчалык төмөндөөнү күтпөгөнмүн!.. – деди. Ошондо туура сөздүн бычак мизиндей өткүр, ачуу даамын таттым да, жакынкы аялдамага жетип, көкүрөк түймөлөрүмдү ачып, көпкө дендароо абалда ой басып, олтуруп калдым.

1982-жылдын январында Бишкекке айыл чарба институтунун зооинженер адистигине тапшырууга барган болчумун. Жубайым токуган килемди сатып, капчыгым калың. «Ала-Тоо» мейманканасынын биринчи кабаттагы люкс орунундамын. Шам караңгы кирип калганда мейманкананы тейлеген кызматкер эки аял: «К вам гости!» – дешти. Карасам, Жолон аке, Дайырбек Казакбаев, Сүйөркүл Тургунбаев, Ильгиз Гилязетдинов, Эгемберди Эрматов, Маркабай Ааматов, Абибилла Пазыловдор коридордун кире беришинде каз-катар турушуптур. Кызматкер аялдардын алдына бир коньяк, бир шампанды муздаткычтан алып чыгып койдум да: «Пропустите мои гости?» – дедим. Күтүлбөгөн коноктордун келишин Күн чыккандай кубануу менен тосуп алдым. Түн бир убакка дейре сукбатташтык, ыр окудук.

Бир учурда Жокем айтып калды: «Оболу, дүйнөлүк сөздү мен өзүмдөн күткөнмүн. Жаза албадым. Абдилаатбек эми мен сенден күтөмүн...» – деп. Жокемдин мага жолдонгон бул күтүүсүз сөзү ариет-арыма чабылган камчыдай тийди. Кийин-кийин аңдасам кашкөй Жокем капкачан эле дүйнөлүк сөздү өзү жазып салган турбайбы. *(Акын А. Дооровдун эскерүүсү. «Эркин Тоо» гезитинин №121 саны, 2015-жылдын 18-декабры)*

## «Эй, дүйнө кезген журттар, баарыңа ак жол, ак жол!»

Жолон Мамытовдун жакын шакирттеринин бири, таланттуу акын Өмүрбек Тиллебаевдин «Мугалимдер газетасына» жарыяланган «Эй,дүйнө кезген журттар, баарыңа ак жол, ак жол» деген макаласына назар таштайлы (кыскартылып алынды).

– Окуп койдум. Келип алып кет, – деди кыска гана. Кулагымда телефондун үзүк-үзүк үнү калды. Барсам, үстөлүнүн бир четинде жиби байланып, алып кетүү-

гө даяр туруптур. «Бир айдын ичинде кайрадан оңдоп алып кел», – деди кетеримде. «Кантип окуду экен?» деген кызыгуу менен туура жатаканага келип, аптыгып папкени ачтым. Карандаш менен жазылган сөздөргө көзүм түштү. Айрымдарын келтирейин: **«Өзүңдү зордоп ыр жазба, кургак акыл, кургак насаат көңүл калтырат. Жүрөккө от толтуруп, анан бүрк! Ырды семичкедей эле майдалап чагып кете берүүгө болбойт. Ар бир ыр өзүнчө тагдыр күтүп тургандай болсун, ошого умтулуу чыныгы акындык жолго алып чыгат. Ак ыр болсо ак ырдай, уйкаш ыр болсо, уйкаш ырдай болсун. Оңой жолдон кач!»** – деп жазып коюптур.

Ошентип, мен бир ай эмес, бир жыл да эмес, эки жылдан кийин 1983-жылы мамлекеттик экзамендерди тапшырып бүтүп, эртең үч айлык аскер кызматына кетебиз деген күнү алдастап алып барып бердим. Үч айдан кийин келип сурасам, окуй электигин айтты. Алты айдан кийин сурасам да, ошол жооп болду. Шаардан иш чыкпай, Ошко барып, «Ленин жолу» гезитинде иштеп калдым. Күн алыс телефон чалам. Антип-минтип бир жылдай убакыт учуп өттү. Бир күнү телефондон мындай жооп алдым:

– Эй, мен сени канча күттүм, билесиңби?! – деди акындын ачуу аралаш үнү. – Бир айдан кийин алып кел десем, эки жыл ойноп жүрдүң го! Эми сен да эки жыл күт! Мындан кийин телефон чалып тынчымды алба! – деп, трубканы шарт коюп койду. Мен кичине таарына түштүм. Ошол жылы эле жай айынын акырында Мургабга барам деп камына баштаганым жөнүндө кулак кагыш болгонбу, акыры оштук сатирик акын Сатыбалды Кадыровдон: «Мага телефон чалсын» – деп айттырып жибериптир. Акын ал учурда Кыргызстан Жазуучулар союзунун секретары болуп иштеп жаткан. Ал жетине албай кабарлады. Мен баягы таарынычым жазылбай жүргөн эле, коңгуроо кылбадым да, алыскы Мургабды көздөй сапарга аттандым.

Ата Журттан арылап,
Кеткен сайын ар убак.
Адам майда-бараттан,
Жаман ойдон арылат –

деген өзүмдүн ыр сабымдай, Памирге барып, баштагы таарынычымдын жөнү жок экенин туюп, акынга кат жаздым. Бир күнү эле машинка менен басылган жоопкаты барып калды. Ошондогу кубанычымды айтпа! Жаш баладай сүйүнүп, кат алаарда 5-класска сабакка кирип бараттым эле, окуучуларды бир азга тапшырманы бышыктап окуп отуруусун суранып, катты журналдын ичине салып алып окуй баштадым. Бел ашып алыска кеткен мен үчүн акындын ошол каты дем, кайрат болгонун эстегенде, азыр да жигерденип кетем. Табериктей аздектеп катып жүргөн каттын мазмуну мындай эле.

**«Иним Өмүрбек! Жазган каттарыңдын экөөн тең алгам. Мына бүгүн гана кичине кол бошоп, жооп жазууга отурдум. Аварияидан аман калганыңарды угуп сүйүндүм, Кудай жамандыктын бетин ары кылсын! Көкүрөктө жанган от, эл үчүн кызмат этсем деген зор талап, адамдык пакизалык – мунун баары акынды ар кандай кырсыктардан сактап өтсүн ылайым. Акын да ошол кайыптан жаралган талантынын, эргүү-шыгынын алдында ак болсун. Ошентип, алыс, бирок бир боор журттун арасында иштеп, жаш муундарды тарбиялап, өмүр сүрүп жаткан экенсиң. Кыйырдан келаткан кыргыз журтчулугунун дагы бир байыркы бутагынын саябанында чыгарма жазып жүргөн экенсиң. Бу да акындын жолундагы кезиккен өмүрдүн жакшы жылдары болуп,өмүр бою сезимде кошо жашоочу чырак сыяктуу күйүп турган таасир болуп берээр. Эл деген улуу, сыйчыл, чынчыл, түптүү. Эл арасы жайлуу келет. Кезинде карапайымдыктын далдасындагы улуулукту сезбей калган кездер да көп эмеспи. Сен көкүрөгүңө дагы бир зор сүйүүнүн отун – Памир кыргыздарына болгон те-**

рең урматтоонун отун жандырып кайтаарыңа, өзүңдүн отуңдан аларга да бөлүшүп кайтаарыңа ишенем.

Бизде жаңылыктар анча-мынча бар. Фрунзеде кыш бою кышты күтүп жүрүп, жаз чыгып келатат, жарытып кар да жааган жок, бир кызыктай ырай болду. Жакында республикалык коммунисттердин XVIII съезди өттү, келечекке ишенимдүү жана тике караган, ар бир нерсени өз аты менен атаган маанай дагы күчтөндү. Жаңы умтулуунун, жаңы мамилелердин шамалы элдин боюн сергитип, дилгирлигин арттырууда. Мунун баары бир эле өлкөдө, анын адамдарынын ой-максаттарында болуп жатпайбы. Демек, ар бир чыгармачыл адам да жакшылап бир силкинип, жаңы эргүү, жаңы дем менен өз ишине киришүүгө милдеттүү болуп отурат. Жакында 50 миң нуска менен Т. Касымбековдун «Кел-кел» романы жарык көрөт. Бирди алып, салып жиберүүгө аракет кылам. Жаш акын досторуңдан К. Кулуев, Ч. Турсунбеков, А. Пазылов, М. Бапаков ж.б. алгачкы бир басма табак көлөмүндөгү китептери жарык көрдү. Шайлообек Дүйшеевдин да китеби чыкты окшойт.

Сен 1988-жылдын планында турасың, буюрса ал да алыс эмес. Менин алгачкы китебим отуз жашымда жарык көргөн, азыр кырк алтыдамын, ошол он алты жылдын ичинде канча нерсени жасоого үлгүргөнүм сага дайын го. Демек, жазганың таланттуу болсо, ал жерде калбайт. Баса, Кыргызстан Жазуучулар союзунун Алыкул Осмонов атындагы республикалык сыйлыгынын жобосу «КМга» чыкты, бир убакта сен да ушул сыйлыктын эгедери болчу, андан бийиктерге жетчү, эл атыңды ардактап айтчу күндөр келет. Жаштардын алдында зор келечек туру, ага өз күчүнө ишенип, ар бир кадамды өз кубатың менен жасап отуруп жетүү керек. Оңой келген бакыт, даңк оңой кетет, оңой өчөт, эл аркылуу, эмгек аркылуу келген нерсенин өмүрү узун.

Эл-жерди, шаарды, досторду сагындым депсиң. Жөнү бар. Айтаарым, бир кезде ойноп окубай, жасабай калгандарыңдын ордун толтур. **Китепти көп оку, адабият менен маданияттын тарыхынан баштап изилдеп окуп чык, өзүңдү чоң иштерге, зор максатка даярда. Бир жолу, беш жолу оң келбесе, андан кийинки жолу ийгилик болот, мүңкүрөбөй, токтоо болуп үйрөн, жашоону сүй, үй-бүлөгө үлгү бол, ынтымак деген улуу нерсени колтуктап жаша, алган теңиң сенин зор максатыңы кошо түшүнүп, кошо күйүшсүн, барды-жокту баштан өткөрүп, адам ошентип бышат. Бирөөнү бактысына көз артпай, бирөөнүн кайгысын табалабай, өз тагдырыңды өзүң жасай турган абалга жетиш.**

Баса, Т. Бостонкуловдун жакшы бир ыр жыйнагы чыкты. С. Раев «КМга» которулду, искусство бөлүмүнө, Пазылов комсомолдук кызматка кетти, булар сенин курбуларың эмеспи, алардын жаңылыгын менден ук. К. Белекова да «КМда». Кыскасы, турмуш өз нугу менен өтүп жатат.

Сен Мургаб райгазетасынын редактору Жумабаев Миталип деген жигитти тааныйсыңбы? Ыр жазат. Районго барганда кирип таанышып ал, ырларыңдан райгезитке чыгарып тур, Кара-Суунун «Эмгек майданына» да подборка кылып жөнөтүп тур. Оштогу газеталарга, радиого жөнөт, республикалык басма сөз менен байланышта бол. Ыр куштары аркы-терки учуп турсун. Миталип өткөн жылы биздин семинарга катышып кеткен, жакшы жигит.

Азырынча ушул, иним. Көбүрөөк акыл айтып жиберген болсом, айып этпе. Биздин курак ошого жакындап баратат, сен тоом жолдо турасың. Келинге салам айт.

Өткөн жылы менин «Жарышкан суулар» аттуу китебим чыкты. Москвадан «Ток» аттуу китебим орус тилинде жарык көрдү. Азыр «Жүз жашка тол, кылым!» деген публицистикалык поэманы, «Олоңбайыр» деген

**дастанды, ырлардын циклин жаздым, жаңы китебим 1987-жылы чыгат. Маяк, Улан армияда, быйыл күздө келишет. Эки кичине мектепте окуп жатышат. Меңди эжең болсо прозасы менен алпурушууда.**

**Сак-саламат болгула. Билекти түрүнүп жакшы иште. Жакшы ырларды жаз. Биринчи китебиңден эле биздин адабиятка таланттуу жаңы адам келгендей болсун. Мен буга ишенем. Ысык саламым менен акын агаң, Жолон Мамытов.** *(1986-жыл, 9-февраль, Фрунзе шаары. «Мугалимдер газетасы» жума, 30-март, 1990-ж.)*

Советтик Армияда кызмат өтөп жүргөн солдат, жаш акын Э.Эрматовдун каты.

**«Саламатсызбы Жолон аке!**

**Саламым менен иниңиз, Эгемберди. Кандай, Жолон аке, саламатчылыгыңыз жакшы, окууларыңыз ийгиликтүү, Москвадагы студенттик күндөрдү ийгиликтүү өткөрүп жатасызбы? Кандай жаңылыктар болуп жатат?**

**Жолон аке, мен сизге алыскы Кыргызстандан эмес, тээ Ыраакы Чыгыш жактан орун алган Чита шаарынан жазып жатам. Мен азыр солдатмын. Элим жана Мекеним ишенип, мага солдаттык милдетти такты. Мына бүгүн бул жерге келгенибизге 10 күндүн жүзү болду. Алты айлык курста окуп жатам. Сержанттарды даярдап чыгарат экен. Азырынча служба өз агымы менен өтүп жатат. Кыргыз балдар көп. Китеп окууга, кат жазууга убакыт аз. Эрмамат аке иштен салып жибердиңиз эле алдыңызбы? Үйдөн чыкканга да кыйла убакыт өттү. Бир канча сагындым Ата Журтумду. Бир гана службаны бүтүрүү калды. Жолон аке, мага пайдалуу кеңешиңизди айтып, каттан көп жазып туруң. Адабий чөйрөдөн алыстадым, кеңеш бере турган эч ким жок. Кээ бир окуй турган жакшы китептердин тизмесин салып жибериң, мүмкүнчүлүк болсо.**

### Эңсөө

Нан жыттанып күздүк эккен талаалар,
Өзөндөрдө суулар агып туптунук.
Өрүкзардын өңү чайлап сарыга,
Алтын болуп жатты бекен Ата Журт.

Булут ороп тоолорумдун денесин,
Жылдыздарды төгүп алып башына.
Ата Журтум бал уйкуга киргендир,
Сулуу айды коюп алып кашына.

Кусалыкка чыдай албай жазыпсыз,
Кат алалбай менден моокум кандырган.
Ата Журттун койнундагы назик кыз,
Нандар үзүп жатса керек тандырдан.

**Жолон аке, саламатта калың. Саламым менен солдат Эгемберди Эрматов. Жообун жана сизден кеңеш күтөм, 27-ноябрь, 1970-жыл.** *(Чита облусу, Чита шаары, 126 «в» аскер бөлүгү.7.7.)* Акындын дагы бир ыры кошо салынган.

СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү, акын, Кыргызстан киночулар союзунун секретары Жолон Мамытовдун 1983-жылдагы жаш акын-жазуучулардын фестивалында сүйлөгөн сөзү.

### Алдыбызда 2000-жыл...

«Муну менен мен бүгүн илимий-техникалык революция адамзаттын жашоосундагы бардык сфераны кучагына алган, Адам буту Айга жеткен замандын күбөлөрү экенибизди, бүгүн биз Адам ою ааламга чабыттаган өзгөчө мезгилде жашап жаткандыгыбызды баса белгилегим келет.

Магеллан өзүнүн кемеси менен 3 жыл дегенде тегеренип чыккан Жер шарын космонавт бүгүн 90 минутада гана айланып коёт. Бул өнүгүүнү, өсүүнү дагы таасыныраак ачыш үчүн «Новый мир» журналына жарыяланган бир материалдан мына бул үзүндүнү келтирер элем: Француз экономисти Лайбери акыркы гана он жылдыкта, байкаңыздар, акыркы гана он жылдын ичинде адамдын Жер үстү менен жүрүүсүнүн ылдамдыгы жүз эсеге, ал эми Жердеги табигый ресурстарды пайдалануу, эксплуатациялоосу миң эсеге, ал эми согуш жүргүзүү кудурети миллион эсеге өсүп кеткендигин эсептеп чыккан.

Демек, биз бүгүн эң татаал да, эң укмуш да, укмуштуудай ылдамданган дүйнөдө жашап жатабыз. Ошондуктан, өз адабиятыбызды, поэзиябызды, искусствобузду илимий-техникалык прогресстин доорунун көзү менен, ошол доордун талабы менен кароого, чыгармаларды ошол талаптын деңгээлин туюп жаратууга өзүбүздөн өзүбүз мажбур болуп калып олтурабыз.

Бир убактарда өзүнүн космикалык ырлары менен элге түшүнүксүз деп эсептелинип, көп сандаган окуучулар жана сынчылар тарабынан четке кагылган Уолт Уитмен сыяктуу улуу гуманист, улуу акынды бүгүн өз эне тилибизде окуп жатышыбыздын да, демек, жөнү бар сыяктанат. Албетте, мен мында бардык акындар эле Ай менен жылдызды жазып, абада калкып калсын деген ойдон ат чабым алысмын, анын үстүнө улуу Уитмен бир гана жолу кайталанаарын да эске салып өтүш керек!

Леонид Мартыновдун буюмдардын, кубулуштардын ички кабыктарын сыйрып, тереңге карай сүңгүгөн поэзиясын, Андрей Вознесенскийдин архитектордук жана живописчи-художниктик көз менен эркин мейкиндикте каалгый алган ырларын, Олжас Сулеймановдун тарыхчыл, изденгич сапатын, Эдуард Межелайтис менен Сүйүнбай Эралиевдин бурама айланма сыяктуу жогор-

ку деңгээлде элдик мотивге кайтуусун, Иван Драчтын, Рамис Рыскуловдун жана башка акындардын поэтикалык эксперименттерин, жалпы эле биздин зор адабиятыбызда болуп жаткан жылышты айтпай коюуга болбойт. Бүгүн бул жөнүндө сөз козгобосок, көп улуттуу Совет поэзиясынын акыркы он жылдар ичиндеги өсүүсүнүн окуучулар үчүн да, жаш акындар үчүн да кызыктуу тарабын айтпай койгон болоор элек.

**Ар бир доор, ар бир мезгил өзүнө керектүү подукцияны, өзү иштеп чыгаргандай эле поэзиясын да өзү жаратат. Бүгүнкү жаш акынды тоо боорунда кой кайтарган чабандан баштап, жатып ичер жанбактынын шылуундугу, бүткүл элдик улуу курулуштардан тартып, илимий жаңы ачуулар, жаштык сүйүүдөн баштап, Чилиде, өз турагында азап чегип жаткан патриотторго чейинки диапазондогу окуялар, тагдырлар кызыктырып, жүрөгүн оорутууга тийиш!** Бүгүнкү жаш акынинтернационалист, ал уруучулдук менен жердешчилдиктен алыс болуп, биздин элге эң сонун ыр жазып берүү жөнүндө, өз ыры, жүрүм-туруму менен кызмат кылууга тийиш!

Коммуникациянын өнүккөн, массалык информациянын өскөн доорунда фактыларды тизмектеп коюу көп жактуу, кеңири түшүнүктүү окуучу үчүн акындын аброюн абдан төмөндөтөт. Гезитти же журналды окуп: «Ай, мындай ырды мен деле жазам» – деп жүргөн окуучуларын акын биле жүргөнү оң. Антпесе, айрым халтурщиктер эл алдында өзүн Кудайдын уулундай сезгенин көргөн көзүм бар.

Өз окуучусунан алдыда болуу үчүн эмне кылуу керек? Бир эле жол...

Бүгүнкү жаш акын билиминин, ой жүгүртүүсүнүн байлыгы жагынан өз окуучусунан алда канча жогору туруп, таланты жагынан бардык таланттуулардан бийик болушу керек! Мынакей, бүгүнкү жаш акындын портрети!

Мына ошондо гана анын чыгармалары балким өр тартып, биз өзүбүздүн башында эскерип өткөн 2000-жылдын окуучу колуна тийип калаар. Бул туурасында Байдылда Сарнагоев: «Биз өлгөндө, ырыбыз кошо өлбөсө болгону...» – деп, кашкайтып айтып салган.

А турмушта болсо ыры өзүнөн мурда жарык көрөрү менен эле эч ким окубай коюп, ырлары өлгөн акындар толуп жатат.

Сөздү «чү» дегенден эле акындан, акындыктан баштаганыбыздын жөнү бар. Адам бир гана ирет туулат! Ошол бир гана жолу берилген турмушунда өзүн абайлап, тактап билбей туруп, ишине жоопкерсиздик менен караган, же тааныш-туунуштуктан арыла элек редактордун колуна түшүп, анан «мен акынмын» деп төшүн кагып жүрүп өмүрүн коротуп алып, же акындыктан, же башкадан жок болуп калганы трагедия эмей эмне?

Бая күнү ушул фестивалды кандай өткөрүү жөнүндө жумушчу топ комсомолдун Борбордук Комитетинде талкуулашып калдык. Тизмени окуп, бу жашпы, бул картаңбы дедик. Ошондо Сабыралы Кулуев деген фамилия окулду. Канча жашта деп сурашты. Ал жигит отуз алтыга чыкты. Ырды 1956-жылдан бери жазат. Эң сонун акын. Окуучулар балким эсинен чыгарган эместир, «Регистан», «Тиктейм көзү менен солдаттын» деген мыкты ырлары «Ала-Тоо» журналына чыккан. Жакында «Кыргызстан маданияты» анын ырларынын подборкасын жарыялады. Ушул жаш акындын китебин чыгаруу тозок болду.

Себеби анын ырлары Бакай Сексенбаев деген биздин адабият жана поэзиянын тагдырын чечүүчү адамга жакпай калган имиш. 1971-жыл! Ким ал Сексенбаев? Андай жазуучу да, акын да жок. Кайсыл колдун күчү менен ал адабиятты, болгондо да көркөм адабиятты чыгаруучу басмада иштеп калганына элдин таңы бар.

Ал эсен болсо дагы көп жазуучунун, көп акындын тагдырын чечет. Мындай мисалды четтен айтууга болоор эле. Мына ошондой адамдар жаштардын таланттуулары менен алсыздарын иргей алышпайт.

Сүйүүнү кайра баштан баштаса болот. Бузулган, ураган турмушту оңдоп кетүүгө мүмкүн. Ал эми өмүрдү кайталап жашай албайбыз да. **Поэзия – бул өмүр! Өмүр болгондо да бүтүндөй өмүр! Башка эч нерсеге коротулбаган, ылайланбаган, булганбаган таза, эрктүү, көкүрөгүнө умтулуу рухун жана изденгичтикти каткан өмүр».** (Кыскартылып алынды – Р. И.)

Чыгармачыл адамдарда айрыкча акындардын мүнөз, табиятында бир өзгөчөлүк бар: сезгич, сезимтал, таасирленгич жана баамчыл болушат. Ошол сапатты өстүрүү үчүн адабий чөйрөнүн таасири, көмөгү чоң болгонун жогоруда айтып өттүк. Өз ара баарлашуу, асиреттешүү, сырдашуу, ырларын, прозалык чыгармаларын окуу менен астыртан теңтайлашуу, атаандаштык да мүнөздүү. Бири-бирине таасирленип, билбеген нерсесин билип, жазгандарына карата жакшы ой, кемчилигине берилген туура баа, адилет пикирден туура жыйынтык чыгаруу менен алар алдыга жылып отурат. Ошон үчүн адабий кечелер, жолугушууларда мыкты чыгармалары менен окурмандардын сүймөнчүгүнө айланган акын-жазуучулар өнөрканасынын сырларын, ыр жаратуудагы тажрыйбасынан бөлүшүүнүн жакшы жагы көп.

Ош облустук радио жана телекөрсөтүү комитетинде диктор болуп иштеген, ыр жазып жүргөн Улукбек Мамытовдун замандашы, устаты Жолон Мамытов жөнүндөгү эскерүү-эссесин ортоңуздарга таштасам деп турам. Эскерүүдөгү ыр саптырынын бардыгы Улукбек Мамытовдуку.

## Чоң Мамытов ошентип, кичине Мамытовго окутуучу болуп калды

«1968-жылдын май айы да кирип келди. Төртүнчү күнү үйгө барып келип, 5-майда Ош радиосуна барсам, мен атын мурда угуп жүргөн Жолон Мамытов ошол радиоуктуруунун адабий кызматкери жана диктору экен. Мени столунда кымыз ичип олтурушкан эки киши менен арык чырай, шыңга бойлуу, чачын бир капталына оодара тарап таштаган, кырдач мурун, чап жаак, сулууча келген кең далылуу жигит жылдызы жаркып тосуп алып, биринчилерден болуп учурашты да, баары менен саламдашкандан кийин: «Кел, баатыр» – деп орундук коюп, кымыз сунду. Жакшылап таанышкан соң,текст окутуп көрүп: «Сенин ордуң дикторлукта экен, келсең эле орун бошотуп берем!» – деп кубандырды. Жанындагылар тамашадай көрүп, коштоп күлүп калышты. Жолон Мамытович олуттуу түрдө: «Ушул жерге келгин, окууңду бүтөрүң менен келгин!» – деп айтты.

Ошол күнү практикада жүргөн жерим Ноокат райредакциясына – «Колхозчуга» жетип, Жолон акеге жолугуп, эмне жөнүндө сөз болгондугун газетанын адабий кызматкери Бедел Молдобаевге айтып мактандым. Ушундай атын алыстан угуп жүргөн таланттуу акынга жолугуп, анан жакшы пикирлерди угуп, көңүлүм эргип кайтса, мактанбай коё турган ишпи?» *(Күндөлүктөн: 1968-жыл 6-май)*

*Арман бекер, бекер санаа муң-кайгы,*
*өмүр сенде өтө кыска турбайбы.*
*Жашоо чиркин жакшы адамдын өмүрүн,*
*талантындай өлбөс узак кылбайбы.*

Жолон акенин өзүнүн мурдагы убадасындагыдай болуп, 1970-жылдан кийин бирге иштешип калдык. Анда радио редакциясы (радиотелекомитет боло элек кез) сандык жана сапат жагынан өсүп бараткан убагы. Чоң Мамытов ошентип, кичине Мамытовго окутуучу болуп калды. Мен ал кишиден көп жакшы сапаттарды үйрөндүм (ыр жазган мындай турсун). Окутуучу дегениме бир-эки мисал айтайын.

Кошо иштешип жүргөн мезгилде өзүмчө аябай катуу даярданып, бир олчойгон ыр жыйнакты окуп бериңиз деп, Жолон акенин алдына кыйраткансып таштап койдум. Таштап койгонум жок,ары сүрдөп, ары жүдөп, көп жакшы сөздөрдөн үмүт кылып сундум. Ал кезде ал киши мен баскан жолдон он жыл мурда өтүп, таптакыр башка жолго түшүп, өзүнүн үнүн издеп жүргөн кези экен. Менин «шедеврлеримди» он күнчө окуп жүрүп, акыры колума берди. Жөн берген жок, жанына отургузуп алып көп божурап, анан сунду. Биринчи бетине өз пикирин жазып коюптур.

Шашып-бушуп үйгө жетип карасам, машинкага басылган жүзгө жакын ырымды үч топко бөлүп коюптур. Эң көлөмдүү тобунун бетине минтип жазган: «Кимдир бирөөлөр тарабынан мурда айтылган ойлорго колдон келсе кайрылба. Көрүнгөн нерсенин баарын ыр кылба, ыр жасаба, эргип жаз. Эргиген ырларың бар, ал жөнүндө сөз башка. Мындай чалажан жана ортосаар ырларды башы-көзүнө карабай, өрттөп сал». Экинчи топто мындай жазуу бар: «Жаңы ойлор бар. Чала иштелген. Ырдын техникасын өздөштүрүп алгансың. Куюлуштурсаң кете бергидейсиң канча болсо. Айрым ыр саптарың кайра ойлонуп кароону, бышырууну талап кылат. Сөздөргө терең маани бер. Кайра карашың керек, баатыр». Эң аз, болгону жыйырмадай ырга минтиптир: «Жакшы ырлар экен. Ушул ырларың үчүн эле сени акын десе болот. Ушундай ырларды жаз, баатыр, Жолон».(1972-жыл, 14-июль)

*«Жүз жашка тол» дедиң биздин кылымды,*
*өлбөс кылып калтырдың көп ырыңды.*
*Эмне үчүн жүзгө өзүң жетпедиң,*
*Кыска жерден кайрып, өмүр сырыңды.*

Күн алыс эртең менен редакцияда ыр окуйбуз. Бирде Курбаналы Сабыров, бирде Сабыралы Кулуев, бирде Курманбай Калдыбаев. А Жолон аке ат башында. Анын ар бир жаңы ыры жаңы ачылыш болуп туюла берет да, мен эмнеге ошондой ыр жаза албаганыма ичимден бушайман болуп, менин оюмдагыны дал өзүндөй кылып жазып салгансып туям. Көрсө, улуу, таланттуу жазылган ырлар ар бир адамдын ыры болуп калат тура. Ошонусу менен талант бааланат экен. Бара-бара көнүшүп кеткенденби, мен да кээде алар менен (чоң акындар) талашып-тартышчу, ал тургай биртке ыстакандашып калгандан кийин сын-пикиримди айтчу болуп калдым. Ошондой масчылыктын биринде Курбаналы Сабыровдун эң сонун бир ырын Рыспай Абдыкадыровдун үйүндө туура эмес баалап коюп, «ушул да ырбы» дегеним үчүн Жокемден жаакка бирди жегенмин. Жолон аке башымдан сылап, арак берип жаткызып коюптур. Кийин ал ырды соомдо жакшы түшүнүп, Курбаналы акеден кечирим сурадым. Кайран мастык, жаштык...

О, жарык Күн, көргөн элең Жолонду,
кайда учту, кайсы жакка жоголду?
Адам эле, акын эле, ага эле,
өмүрү анын эмне болуп торолду?

Айрыкча анын улуу-кичүүгө бирдей адамгерчилиги, сезимталдыгы, жөнөкөйлүгү, тамашакөйлүгү, өсүп келаткан ал кездин жаштарына таалим-тарбиясы, таасири жөнүндө кеп башка. Экөөбүз кээде кошо ичишип да калчубуз. Анан меники көбөйүп бара

жаткан окшойт, минтип айтканын күндөлүгүмө жазып коюптурмун, ошону өзгөртпөй берейин. **«Эй, баатыр! Сен аябай эмгекчилсиң. Бирок ошол эмгектериңди, талантыңды арак менен кошо ичип аласыңбы деп чочуйм. Талантың бар, изденгичсиң, анан жаш адамга тиешелүү болбогон үтүрөйүп жүрүшүңдү да токтот! Ошондо ички жаркылдаган сезимиңе тышкы көрүнүшүң айкалыша түшүп, жаштык жалын дагы да ажайып көрүнөт. Ичкилик ичип коёт баатыр...** *(1972-жыл, 11-октябрь).*

Уладың сен аккан суунун өмүрүн,
элдик элең, элдик сенин көп ырың.
Ырдан көрөм эстүү караш көзүңдү,
Ырдан угам ыр канаттуу сөзүңдү,
көрбөйм дешке эч ынанбайт көңүлүм.

Ал кездерде чыгармачыл адамдардын борборго умтулуусу «модага» айланган. Ал тургай Жолон өзү да Фрунзеге кетүүгө аракет кылып, Курбаналы Сабыровду да сүрөгөн. Борборго бармайынча, чоң казанда кайнамайынча чыгармаларыңдын чыгышы, жайылышы кыйын дечү. Акын Турсуналы Бостонкуловду да Москвага жөнөткөн ушул Жолон Мамытов эле. Канчалаган жаштарга ал туура жол көрсөткөнү да маалым. Андай көптөгөн окуучулары Жолондун чыгармачылыгын да, адамгерчилигин да эстеринен чыгарышпаса керек.

Жолон Мамытовду Чыңгыз Айтматов Кыргыз Кинематография союзуна иштөөгө чакырганда, мен комитетте баштапкы партиялык уюмдун секретары элем. Обкомдогу звонок боюнча (ал кезде партиянын Ош областтык комитетинин биринчи секретары Ибраимов Султан Ибраимович, үчүнчү секретары Рыспаев Барпы Рыспаевич эле) Мамытовду партиянын катарына кандидаттыгын алуу үчүн үч коммунисттен рекомендация

жана баштапкы партиялык уюмдун токтому даяр болду. Ошентип, Жолон Мамытов заматта эле КПССтин мүчөлүгүнүн кандидаты болуп учуп кетти. Канетсе да чыныгы маанисинде таза, ак ниет, чынчыл, таланттуу Жолон аке анын катарында болууга акылуу жана татыктуу эле. Көп жылдар бою радиопрограммасында акын К.Ташбаевдин «Ордендүү Ошум Мекеним» (обону А. Алымовдуку) менен Ж.Мамытовдун «Менин доорум»деген ырларынын тексттери кайра-кайра окулуп жүрдү.

*О дарыя, жазган суунун өмүрүн,*
*сүйгөн отту, сүйгөн өңдүү тоо гүлүн.*
*Жолон кана, кана акын Мамытов?*
*Жетимсиреп таппай турам мен бүгүн.*

1970-жылдын 12-сентябрында «Ош телекөрсөтүүсү» сүрөттөр менен коштолгон өзүнүн биринчи көрсөтүүсүн эфирге чыгарды. Бул күн оштук радиотележурналисттер үчүн кубанычтуу, эстен кеткис тарыхый күн болду. Анын операторлору Айдаров Кубанычбек болчу, ага Иманкулов Кеңеш Фрунзеден жардамга келген. Режиссёру Сүйүналиева Зоя болду. Ошол күндөн баштап, ордолуу Оштун тарыхына телекөрсөтүү кирип, ага болгон талап күн сайын өсүп баратты. 1973-жылы адаттагы «летучкада» ошол кезде бир азга убактылуу төрагалык милдетти аткарып турган Жолон аке мындай деди:

– Мен азыркы «Кедейкан» учурумдан пайдаланып, телекөрсөтүүгө жакшы бир жаңылык киргизсекпи деген ойдомун. Биз кемчиликтерди сындап, андан натыйжалуу тыянак чыгарыш үчүн, чыныгы элдик экранга айлана турган бир сатиралык тележурнал таап, жаңы теманын үстүндө иштеш керек болуп турат.

Ошондон кийин Жолон Мамытовго такшалган режиссёр Кумар Жумабаев менен сатирик журналист

Аташ Култаев жардам кылып, үчөөлөп «Кытыгы» сатиралык тележурналын жаратышты. Аны төрага Таш Мияшев да колдоду. «Кытыгы» эл үчүн көпкө үзүрлүү жана жемиштүү кызмат кылды. Аталган көрсөтүү элге тез эле алынып кетти, көптүн сүймөнчүгүнө айланды.

---

# МАЗМУНУ

**Биринчи бөлүм.**
Алмакан сулуу....................3
**Экинчи бөлүм.**
Берикбай жамакчы....................36
**Үчүнчү бөлүм.**
Эстейм, жууп салганын сүрөтүңдү....................76
**Төртүнчү бөлүм.**
Ай чүмкөнгөн Чулдук....................87
**Бешинчи бөлүм.**
Башаттагы алгачкы чыйырлар
же жаш калемгердин манифести....................121
**Алтынчы бөлүм.**
Окутуучулары жана устаттары....................148
**Жетинчи бөлүм.**
Сагынганда жетпесе,
саргайып кетсин ушул кат....................184
**Сегизинчи бөлүм.**
Байрон сымал бир күнү эрте
менен эле таанымалга айланды....................219
**Тогузунчу бөлүм.**
Оңунан чыкпаган эксперимент....................246
**Онунчу бөлүм.**
Эх, Арбат, Арбат... кыргыздын да
өз Арбаты болсо кана?....................261

**Он биринчи бөлүм.**
К. Артыкбаевдин сын
макаласынын артында эмне бар?..................290
**Он экинчи бөлүм.**
Тумандуу ой жаадырып кабагына..................309
**Он үчүнчү бөлүм.**
Бейдаректик, сени менен күрөшөм...........326
**Он төртүнчү бөлүм.**
Чынчыл ырлар арыш
керген аргымак............................................348
**Он бешинчи бөлүм.**
Бейиштин бир үзүмү...................................368
**Он алтынчы бөлүм.**
«Сепил» – биримдиктин символу................394
**Он жетинчи бөлүм.**
Поэзия айылы сагынтып туруп алды...........423
**Он сегизинчи бөлүм.**
Оозун ачса жүрөгү көрүнгөндөй, пейили
талаадай кең, жоомарт досум эле..................434
**Он тогузунчу бөлүм.**
Поэзия уйкаштыктан эмес,
доордун прозасынан жаралат.......................450
**Жыйырманчы бөлүм.**
Мамытовдун поэзия мектеби.......................457

*Көркөм-адабий басылма*

**ИСМАИЛОВА Ризван**

**ҮНҮ КАТКАН УЛАР**

*Көркөм-даректүү баян*

Бишкек, «Турар» басмасы
*Кыргыз тилинде*

Редакторлору *Рахат Аманова, Жакин Теңирбергенова*
Дизайнери *Сүйүн Дастанов*
Компьютердик калыпка салган *Рустам Атабаев*



**Исмаилова Ризван Ураимова** – журналист, жазуучу, адабиятчы, филология илимдеринин кандидаты, ОМЮИнин доценти. «Жолон Мамытовдун лирикасы» (Ош, 1998), «Эпикалык чабыттар» (Ош, 2001) илимий-усулдук, «Европанын берметтери» (Б., 2011), «Сырдуу Италия» (Б., 2012), «Ак өрүк» (Ош, 2012), «Кайрымдуу жүрөк карыбайт» (Б., 2013), «Дүйнөсү түгөл Швейцария» (Б., 2014), «Күн жамынган аска» (Б., 2017), «Кучагын ачпаган өлкө» (Б., 2019) жол очерктеринин, адабий-көркөм китептердин автору.

